Скиф
М34

Абдиламит Матисаков

Баткан кунду аяйтын...





Скфг
М34

Абдиламит МАТИСАКОВ

БАТКАН КҮНДҮ АЯЙМЫН...

Повесть, аңгемелер, эсселер,
публицистикалык очерктер

Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 118376

Бишкек – 2022

УДК 821.51 – 3
ББК 84(5 Кир) – 44
М 34

Матисаков А.
М 34 **Баткан күндү аяймын...** *Повесть, аңгемелер жана публицистикалар.* – Б.: «Турар», 2022. – 608 б.

ISBN 978-9967-35-087-8

Белгилүү жазуучу, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, СССР Журналисттер союзунун жана КР Жаштар сыйлыгынын лауреаты, Эл аралык «Руханият» сыйлыгынын жана ТҮРКСОЙдун эл аралык сыйлыгынын лауреаты, КР "Даңк" медалынын ээси, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин ардактуу профессору, Кыргыз мамлекеттик И.Арабаев атындагы университеттин ардактуу профессору Абдиламит Матисаковдун таланттуу калеминен жаралган колуңуздардагы китебинде окурман журтчулугуна резонанс жараткан тандалмалуу повесть, аңгемелери, эсселери, белгилүү инсандар тууралуу публицистикалык очерктери жана адабий портреттери жыйналган.

Автордун көп кырдуу публицистикаларындагы терең философиясы, ар бир чыгарманын өзөгүндөгү эскирбес актуалдуулук Матисаковдун өзүнө гана таандык кайталангыс стилиндеги саптар менен окурман жүрөгүнө сүртүлүп, биз жашаган турмуштагы ар кыл тагдырды жонуна көтөргөн жөнөкөй, пакиза, ак жарык дүйнөсү бар каармандары окурмандарды соңунан ээрчитип жүрүп олтурат.

Ал эми жазуучунун ЖМКда жарыяланган интервьюлары жана автор тууралуу замандаш-каламдаштардын изги пикирлери дагы окурмандар үчүн табылгалуу, саресептүү кызыгуу жаратарары шексиз.

УДК 821.51 – 3
ББК 84(5 Кир) – 44

ISBN 978-9967-35-087-8

© Матисаков А., 2022

УЛУУЛУКТУН ЖӨНӨКӨЙЛҮГҮ ЖАНА ЖӨНӨКӨЙЛҮКТҮН УЛУУЛУГУ

Чыныгы жазуучунун калеми чийсе теманын майда-чоңу, окуянын болгон-болбогону, каармандын оң-терси жок. Нукура сүрөткер чындыкты издейт, чындыкты көрсөтөт. Ал эми чындыктын чоң-кичинеси болбойт, чындык – бардык жерде, бардык убакта чындык. Майда-барат нерседен улам калп айтылып, чындыкка доо кетсе, бул жалпы эле чындык дүйнөсүнө доо кеткени.

Роман жанрында жаңы чыйыр салган атактуу француз жазуучусу Марсель Пруст "Сиз майда-барат жагдайды таасын баамдайсыз, деталды бадырайтып сыпаттайсыз, калемиңиз микроскоптой" деп мактагандарга: "Жо-ок! Менин жазыш куралым микроскоп (кыпындай, көзгө көрүнбөс нерсени чоңойтуп көргөзгөн шайман) эмес, телескоп (өзү чоң, бирок алыстан кичинекей көрүнгөн нерсени, планета-жылдызды жакындатып, чоңойтуп көргөзгөн шайман)" деп жооп берчү экен (Мамардашвили М.К.1995).

Кепти алыстан баштаганыбыз – Абдиламит Матисаковдун жазуучулук өнөрүнө мүнөздүү негизги өзгөчөлүктү баса белгилеш ниетинен улам. Колубуздагы жыйнакта Абдиламит Матисаковдун чыгармачыл таланты эки кырынан даана көрүнөт: биринчиси – прозачы катарында, экинчиси – журналист катарында. Албетте, дагы бир капталы – калемдештеринин чыгармалары тууралуу жазган макалалары. Булар да өзүнчө сөз кылууга татыктуу. Авторду "адабий сынчы" деп атабай эле коёлу – адабий сындын жөнү башка, жолу башка. Бирок, бул макалалар да жазуучунун көркөм-эстетикалык жол-жоболорун, ой-түшүнүктөрүн, көркөм сөзгө жасаган мамилесин, адабий дараметин айгинелейт. Ал эми чындай келгенде талант эмнени жазбасын, кайсы жанрга кайрылбасын, түбүндө бир чыгармачыл акыл-эс турат, демек, теги – бир, деми – бир.

Эгер жалпылап чулу мүнөздөсөк, ток этээрин айтыш керек болсо, мындай десек ылайык болот деп ойлойм: Матисаков прозасында жөнөкөй нерсенин улуу маани-маңызын сүрөттөйт, журналистикасында (очерк, эссе, макалаларында) улуулуктун жөнөкөйлүгүн көрсөтөт. Арийне, бир сүйлөм менен жазуучунун бай дүйнөсүн айгине кылыш мүмкүн эмес. Биз калемгердин дүйнө түшүнүм өзгөчөлүгүнө мүнөздүү бир касиетти баса белгилегибиз келди. Бул касиет Матисаковдун көркөм сөзгө жана дүйнөгө карата күткөн мамилесинин өзөгүнө байланышкан деп ырастагыбыз бар. Дүйнө улуу жана жөнөкөй. Сөз дагы.

"Турмуштан тамган тамчылар". Жыйнакта ушундай аталган серия бар. Жыйнак түзүүнүн, китеп мазмунун иреттештин өзүнчө мадарияты, жүйөөсү, тартиби болот. Ар кыл чыгармаларды бир түндүктүн алдына бириктирген максатка шайкеш келсе – жакшы. Автор кепти минтип баштайт: "Күндө болбосо да күн алыс өзүбүз күбө болуп, этибар албай жүргөн, сезимге жылт эттирип оттук учкунун жандырган турмуштук жагдайлар күндөлүк сыңары кагазга чиймеленип жүрөт. Сезимтал окурман көңүлдү куюндай көтөрүп кеткен ошол чырымтал ойдон чоң ой ултарып аларына кудуреттүү деп ойлойм".

Бул сериядагы этюд, икая, кыска аңгемелер кадимки эле турмушубузда кезиге калчу, тигил же бул кыязда ар кимибиз эле күбө болгон же баштан кечирген окуя, жагдайларды сыпаттайт. Мындай "окуяларды" баарыбыз эле ыңгайы келе калса, бири-бирибизге жобурап айтып жүрөбүз, бир-бирибизден сөз талашып, кайсы бир жагынан окшош же үндөш окуяны эстеп, ар ким алына жараша, сөзмөрлүк усталыгына жараша баяндап берет. Матисаковдун калеминен ушундай жөпжөнөкөй окуялар назар салып окуй турган чыгармага айланат. Сөз саманын сапырбай автор ток этээрин сүрөттөп, кыска сапка чоң мазмун батырып, чакан аңгеме тартуулайт.

Атактуу семиотик жана жазуучу Умберто Эко көркөм чыгарманын маани-мазмунун чечмелөөдө окурмандын кызматын бийик баалап, анын мээнетин авторду "коштогон чыгармачыл интерпретация" деп аныктайт (Эко У. 2005). Ал сунуштаган "ачык чыгарма", "ачык текст" деген түшүнүктөр адабият теориясынын кыйырын кеңейтти десек жарашат. Матисаков да окурманга ишеним жүктөп жатканы, "тиши чыккан балага чайнап берген аш болбойт" демекчи, окурман да мээнет этип, акыл-ой калчап, чыгарманы чечмелеп өзү түшүнсүн деген

ишараты анын жазуучулук кредосунан келип чыгат жана Эконун оюн колдосок, биз кеп кылып жаткан чыгармаларды "ачык тексттердин" катарына кошконубуз орундуу. "Жабык тексттер" окурмандын ойкыялын жээрийт, "бөтөн" маанини жолотпойт. Ал эми "ачык тексттер" интерпретация жолдоруна жана чектерине кеңири мейкиндик калтырып, ошонун эсебинен маани-мазмуну байып, кеңейип отурат.

Матисаковдун прозасында кимдер каарман? Далдалчы, дубалчы-ылайкеч, почточу кыз... Биз менен эле аралашып жашап, иштеп, сүйлөшүп жүргөн адамдар. Айрыкча бир эрдик кылган же аңыз кепке айланчу жорук жасаган деле кишилер эмес. Бирок, жазуучунун өнөрү ушундай экен, ошол демейки эле адамды "каарманга" айлантат экен, эсте каларлык өзгөчө бир образ түзөт экен. Кадимки эле турмуштун бир үзүмүн көркөм баянга көчүрөт экен. Атактуу австриялык жазуучу Робер Музиль минтип жазат: "Биздин турмуш өтө эле жөнөкөй. Ал өзүң жөнүндө ойлогондо гана баш-аягын тапкыс чиеленишкен нерсеге айланат. Ал эми өзүңдү ойлобой башканы ойлосоң, башка адамга кантип жардам берсем деп суроо койсоң, турмуш өтө эле жөнөкөй". Чынында эле адам жардам аркасында адам. "Жардам" сөзсүз эле бирөөгө акча карматыш же табагына аш салыш эмес. Жардам адамдын ар бир кадамына, башкалар менен карым-катышынын ар бир ченемине байланышкан.

Базарга барбаган киши болбосо керек. Бирок, "Палван" жана "Далдалчынын уулу" сыяктуу аңгемелерди окуган соң, базар деген эмне экенин жаңыча түшүнөсүң, базарды базар кылып турган эмне экенин ойлоносуң. Базардын көркү чыгып, ажары ачылат. Ата-эне деген ыйык жана бийик. Муну баарыбыз билгендейбиз. "Тандыр" же "Атамды көргөн өлбөсүн..." аңгемелерин окуп, ушул кайталана берип кулак көнгөн, айтыла берип жылмакай тарткан чындыктын маанимаңызын кайтадан баамдап-баалашка аргасыз болобуз. Кеп "ата-эне деген ыйык" деп айтып коюшта эле эмес. Кеп аны жүрөктөн өткөрө, мээге сиңире түшүнүштө, сай-сөөгүңө жеткидей сезиште. Жазуучунун сөздөн-сөз тандап, окуядан-окуя чубап, жаны тынчыбай далбас урганы ушундан улам. Аңгемелер ар кыл мүнөзгө, ар кыл тагдырга ээ каармандарды окурмандын көз алдына алып келет. Алардын жоруук-жосунун, кылган ишин, айткан кебин окурмандын назар салышына, татыктуу көркөм образдар дүйнөсүнө жалгаштырган касиет-

адамгерчилик. Адамгерчилик – Матисаковдун чакан аңгемелеринин чоң каарманы. Бул чыгармаларды окуган адам (“сезимтал окурман”) адамгерчиликти “тематикалык” деңгээлде сезет, ойлойт. Адамгерчиликтин деми анын аң-сезимине жылжып кирет. Матисаковдун көлөмдүү чыгармасы – “Ак коргон” повести. “Ак коргон” – бул Мадимар курган коргондун боз топурактан турганы эле эмес. Ал махабаттын, жаштыктын, ар-намыстын, адамгерчиликтин “ак коргону”.

Атагы таш жарган адабий сынчы Абдыганы Эркебаевдин алгачкы макаласы – “Очерк майда жанр эмес” деген ат менен жарыялануу, адабият жанрларын талдоонун жаңы доорун ачкан эле. Белгилүү жазуучубуз (ал кезде “жаш жазуучу”) Султан Раев Кыргызстан жазуучулар союзунун чоң жыйынында жаш очеркисттердин тажрыйбасын талдап баяндама жасап, очерк жанрынын бийик вазийпасын белгилеп, уу-дуу кепке айланган ойлорун ортого салган эле. Азыркы айтарыбыз – бул жанрдын кадырын көтөргөн, беделин бекемдеген калемгерлердин алдыңкы сабында тургандардын бири – Абдиламит Матисаков. Колубуздагы жыйнакта “Жакшы жазган – жакшылык” деп аталган макала бар. Анда автор публицистика жанрынын табиятындагы тууралуу ой толгойт. “Он беттик макаланын сүрөөр доору саратандыкынча болбосо, анда беш жүз беттик романдын көрөр күнү узак деп ким айта алат! Пенде баласына белгилүү чындыктын эки тарабы болбойт, эгер он беттик макаланы дагы таланттуу калем жазса, кайсыл кылым колуна албасын, кулпуруп, окуганды өзүнө азгырганы- азгырган. Бул чындык! Аны бизге аты өчпөс кылымдар калтырган!” – деп жазат. Айтса-айтпаса, төгүнбү?!

Ыраматылык Советтер Союзунун учурунда Москвадан “Чет элдик көркөм публицистика жана даректүү проза” деген серия чыгар эле. Анда Герман Гессе, Томас Вульф, Андре Мальро сыяктуу даңазалуу жазуучулардын публицистикалык чыгармалары, алардын арасында бул жанрдын оош-кыйышы, ысык-суугу тууралуу ой-санаалары да жарыяланчу. Ошолордун бири Гилберт Кит Честортон өзүнүн “Гезитте иштеген жазуучу” аталган китебинде “публицистиканын жакшыжаманы болот, адабиятта деле, футболдо деле” деп келип, “начар журналистиканын” мамлекеттин (Англиянын) өнүп-өсүшүнө канчалык кедерги болуп жатканын кейип-кепчип жазат (Честертон Г.К. 1984. 171-бет).

Анысы кандай, Абдиламит Матисаков да публицистикалык макалаларына бар талант-шыгын арнап, окулуп-окулбай күнү бүтчү материал эмес, окурмандын акыл-эсине, жан дүйнөсүнө азык болчу чыгарма катары карап, калемгерлик чоң жоопкерчилик менен жазат. Ошондуктан жазуучунун аңгемелери очерктей, журналисттин очерктери аңгемедей. Арасы алыс көрүнгөн бул эки жанрдын чеги жоголуп, бири-бирине өтүп, турмуш чындыгы бир экенин, аны сыпаттоонун ар кандай жол-ыктары бар экенин айгинелейт. Армияда жүргөндө кырсыкка дуушар болуп, баспай калган жигиттин тагдыр-таржымалы, арыз-арманы мыкты жазылган аңгеме (“Күзгү”), ал эми айылына келип, маркум атасынын теңтуштары менен учурашып турган жигит тууралуу аңгемеси (“Атамды көргөн өлбөсүн”) жакшынакай очерк.

“Элестелип дүйнөгө бүт таркады,
Кыргыз өңү Чокморовдун өңүндөй”.

Бул саптар айтылуу акын Жолон Мамытовдун калемине таандык. Акындын көрөгөч баамын, курч сезимин, таамай сөзүн айныбай тастыктайт. Ал эми окурман журттун кеңири катмарына тааныш “Кыргыз өңү Чокморовдун өңүндөй” деген сап Абдиламит Матисаковдун калемине таандык. Акындын айтканын кайталаганы менен, журналист өз Чокморовун тапкан. Баланча кинодо бастанча роль аткарып, анан аны түкүнчөлөр түрө мактаган деп, эл билген маалыматты тизмектеп отурбай, кыргыз элинин сүймөнчүк актёрунун эч ким билбеген дээрлик ой-санаасын, уйгу-туйгусун, жорук-жосунун ачып берген. Эгер Матисаковдун макаласы болбогондо, улуу актёрдун адамдык жана атуулдук бийик касиеттери көп жагынан көмүскө бойдон калмак. Ушул эле ойду улуу комузчу Болуш Мадазимов, атактуу актёр “Момун чал”, белгилүү жазуучулар Кубатбек Жусубалиев жана Мурза Гапаров туурасындагы очерк-маектерге карата айтсак жарашат. Эл-журтка аттын кашкасындай белгилүү адамдардын көпчүлүккө беймаалым жактарын жарыкка алып чыгып, алардын улуулугун айгинелеген чыгармачыл тажрыйбасын күтүлбөгөн жана таң каларлык ракурстан карап, өнөр ажарына жаңы боёк сүртүп, окурманын кубантып, рахат тартуулайт.

Албетте, Абдиламит Матисаковдун бул жыйнагынан окурмандын моокуму канып, көркөм канагат алып, көп нерсеге жаңыча караганга үйрөнөт деген ойдобуз. Ошондой эле бул жыйнактын дагы бир маанилүү сабагы: эмне жазсаң да – аңгемеби, очеркпи, калемди сыйласаң, окурманды сыйласаң мээнетиңдин акыбети кайтат.

Жамгырбек Бөкөшов,
философия илимдеринин доктору,
профессор (КТМУ),
Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер.

1-БӨЛҮМ

ЭССЕЛЕР, ПУБЛИЦИСТИКАЛЫК ОЧЕРКТЕР ЖАНА АДАБИЙ ПОРТРЕТТЕР





“КЫРГЫЗ ӨҢҮ ЧОКМОРОВДУН ӨҢҮНДӨЙ”

“...элестелип дүйнөгө бүт таркады,
кыргыз өңү Чокморовдун өңүндөй”.
(Жолон МАМЫТОВ)

СҮЙМӨНКУЛ АБАНЫ жазам деп оолукканым качан...

Өзүнө учураганымда шаарыбызды саратан куйкалап, газдалган сууга турган элдин кезегин бир-бирине уласа, кербейчойбой калааны бир курчаса жете турган. Мезгилиң тутумга илинбейт экен, минтип жалбырак күбүп, күз да кирип келди. Эртең эле буйруса кыш... Бурч-бурчта тигилген боз үйлөрдүн биринде бутунду узун сунуп, көздү жумуп, суу кошулган кымызды ууртап отурганда түндүктөн жай жылган булуттар бейпайда кеткен күндөрдү сызылтып, жүрөктү “зырп” эттирип жүрдү го!.. Кайып болуп кеткен күндөр!..

Чыгармачылык алакасы бар ашыналарым да маал-маал “бүттүңбү” деп, кулак кагыш кылат. Шылтоо даяр, “баш кашырга чолоо жок, гезит тушап койду”, – дейм. “Жазам дегениң качан... Көздү жумуп жазып салбайсыңбы”, – дейт дагы бир үмүтү бар.

Эх досум, сен ойлогондой бу көздү жумуп, жазып салчу иш болсо кана!..

* * *

Ойлорго “төө бастымын”. Жумушка келатып да, сегиз саатты түгөтүп, кетип баратып да автобустун бир бурчунда “Асанбай” көрүнгөнчө (автор баш пааналаган микрорайон) очеркти эмнеден баштаарымды чече албай башым катат. Калемиң түшкүр, мынчалык мукураган эмес!.. Элине беш колдой таанымал адамдын кулак чала элек кайсыл тарабын иликтесем окурманым арзыган табылгага туш болом же жыл

сайын биринен кийин бири чыкчу коёндой окшош очерктерден айрып алгыс жазылып, окуганга кол көтөрүлбөй мезгилдин бүктөмүндө калып кетеби? Чочуган жайым ушунда!..

Чынында Сүймөнкул абаны билбеген кыргыз барбы? Союздук кинофестивалдарда эркектин ролун жакшы аткаргандыгы үчүн байгесин беш ирет жеңип алган жападан-жалгыз актёр туурасында өзүбүздө, өзүбүздөн калса, борбордук басма сөздөрдө аз жазылдыбы?

Кайриет, мага да айтчу кеп бар экен, көп экен, бетме-бет сүйлөшкөндө билбедикпи, чети да оюлбаптыр!.. А очеркти болсо, минтип жазмак (жазылса!) болдук. Сүкөмдүн актёрдук (аны менден жакшы билесиз), сүрөтчүлүк маштыгын мындай коюп, өзүбүз күбө болгон пенделик жашоосундагы периштесин кылаң көрсөткөн турмуштук жагдайларга токтолсом. Мүмкүн, маалымдуулуктун мартабасы ашып турганда сиз экөөбүздү көбүрөөк кызыктырган ошол нерсе болуп жүрбөсүн, окурман?..

* * *

Күндө чалам үйүнө. Телефонго колу жетпей жүрдү. Кудай жалгап, онунчу күн дегенде шыңгырагым үстүнөн чыкты. Чагылайы келбей жүргөндө шашкан киши болуп, түз эле "Сизге азыр эле оро-пара болом" дедим. "Процедурадан жаңы келдим эле, бир-ар саат эс албасам...", – деди Сүкөм.

...Иш бөлмөсүндө отурдук. Толгон сүрөт. Дубалда илингени канча. Көбү жерде, биринин аркасынан бири шыкаалап, бизди карап турушат. Маңдай-тескей отурганда он күндөн бери ичибизде жүрүп, эскире түшкөн сөзүбүздү айттык.

– Ааламга аты кеткен Чокморовду эмес, Сүймөнкул абамдын бүгүнкү карапайым образын, пенделик кадимки турмушунан жазсам деген оюм бар эле.

– Колундан келеби? – деди Сүкөм капыстан. Маселени кабыргасынан коюп, чапанын желбегейленип, маңдайымда далдаят. "Манастын ролун экранга алып чыкканда го, атаганат..." деген ой бир жактан чыга калды.

– Жазам, – дедим Манастын оттуу көздөрүнөн көзүмдү албай, – сиздин "сырды" айлап болсо да, аркаңыздан түшүп болсо да билишим керек.

– Ага каршы эмесмин. Бирок, билип кой, ушуга чейин эч ким мени толук биле элек, биле да албайт деп ойлойм...

– Көрөбүз.., – дедим да чөнтөгүмдөн блокнотумду суурудум. Калемимди унутуп калыпмын...

Акындын сырттаны, элине жылдыздуу поэзиясын таберик калтырып жүрүп кеткен маркум Жолон Мамытов Сүкөмдүн портретин эки ооз сөз менен ташка чегип коюптур... "Элестелип дүйнөгө бүт таркады, кыргыз өңү Чокморовдун өңүндөй..." Акындан ашырып айтыш кыйын го! Биз очеркти Жокемдин ошол көөкөр таштай көрчөгөлөнүп түшкөн сабы менен атап койдук.

* * *

Кетээримде Сүкөм китеп текчесинде турган таш баканын жону түспөл эки чоң үлүлдүн бирин мага сунду: "Тыңшап көрчү". Кулагымдын түбүнөн деңиз шарпылдады. Деңиздин шоокуму! Үлүлдү кулагымдан албай сурадым: "Кайсыл деңиз?", "Индия океаны. Жээгинде жүрсөк, бир карыган балыкчы белек кылган эле. Мунусунан таза угулат". Отуз эки жашыма чейин океанды телевизордон көрчү жаным алыста-алыста, жердин аркы четинде мелмилдеген океанга чөгүп бараткан кызыл күндү өзүмчө элестетип, а Сүкөм жээк кыдырып, көрүнгөнгө үлүл таберик кылган балыкчысын өзүнчө... Аны Хэмингуэйдин өлөрман балыкчысына окшотуп, колумдагы тоо текенин мүйүзүндөй үлүлдүн кайсыл бир жылдары океандын жашыл түбүндө, сырдуу дүйнөдө түнөгөнүн, тегерегинен супура боор, араа тиш акулалар түркүм түс балыктарды кууп каршы-терши сүзгөнүн, анан касиеттүү үлүл кайсыл бир күнү толкундардын эпкининен козголуп жээк издеп, баданин күн жеген, калак шилтеп булчуңдары таштай каткан алиги балыкчыга насип болгонуна таң калам. А бечара балыкчы табылгасын даңазалуу киноактёрго тартуу кылганын ошондо билди бекен...

Сүкөмдүн жумушчу бөлмөсүндө сакталган эстелик буюмдардын ар бирин чекеден сөзгө кошсок, анын өмүрүнүн жылдыздуу учурларынан маалымат чубалып чыга бергидей. Мексикадан, Каирден келген пирамидалардын мынабу эле колумда турган табышмактуу ак кесектери адам баласынын ою жеткис алыс-жуук сапарынын күбөсү. Байыркы Египеттин Хеопс пирамидасынын чүкөдөй кесеги билгенге баа жеткис таберик, алыскы жолдон кошо келген акжолтой табылга (ак кесектин жайын өзүнчө угабыз) .

Сүкөм түлөк маалынан атлас картадан Арабстанды издеп, байыркы пирамидаларды көрөр бекем деген үмүт көкүрөгүндө бутактаган. Ал тилеги кийин, башынан ысык-суук өтүп, кино өнөрүнүн үлкөн

адамы болгон кезинде, 1982-жылы ишке ашып, делегациянын тобу менен Каирге (а чынында Сүкөм төгөрөктүн төрт бурчунда болгон) жөнөйт. Каран калган ошол күн!.. Жер көрөм, эл тааныйм деп келип, Хеопс пирамидасын, адамзаттын нечен мууну күбө болгон тарыхтын көзгө сүртөр жерин мына-ана көрөм деп турганда, Каирдин мейманканасында капыстан биринчи ирет бөйрөгү сайгылашты. Таң атса пирамиданы тамаша кылганы жөнөйбүз деп турганда, бөйрөгү жанын көзүнө көрсөттү го! Чукул арадагы самолётко билет алынып, түн бою кирпик көзүн какпай чыккан Сүкөмдү Москвага учуруунун камылгасы көрүлдү. Бирок, ал теңирден тескери иш кылды. "Хеопс менен Хефрен, Микрин пирамидаларын көрбөй, көзүмө бир сүртпөй туруп, Каирден кетпейм" деп койду. Келме-кетме өмүрдө насип буйруп, дагы мындай жерлерге келемби-жокпу, ким билет. Ооруп жүргөн жан чыдаармын деп бөйрөктүн пристубун тиштенип, баягы өжөрлүгүнө салып чегиндирет.

Окурманга кыйла далилдүү болсун үчүн, саякатчынын өз сөзү менен баяндайлы. "Каирдин мейманканасында чабалактап, таң атканча оору жанымды жай алдырбай, кирпиктүү көзүм илинсечи. Тагдырдын кырсык-саатына мынчалык нааразы болгон эмесмин. Эртеси эки-үч жолдошумду жөлөк тутуп, пирамидаларды көргөнү кете бердим. Адамзат колунан жаралган, нечен-нечен доордун элин тамшандырган, көрсөм дегендерди ак эткенден, так эттирген төбөсү булут челген Хеопстын түбүндө туруп, ишенесиңби, өзүмдү ушунчалык бактылуу сезип, пирамиданын муздак бооруна кол тийгиздим да: "Эми өлүп кетсем арманым жок, ээ" деп жиберипмин. Жанымдагылар таштан-ташка секирип, пирамидаң тепкич-тепкич болот экен, өйдө чыгып кетишти, мен ылдыйда калдым, ооруп жатсам менде дарман-ал болобу. Тегеректин тазалыгын бир айтасыңбы, миң айтасыңбы, кирпигине кир жугузбайт экен. Утуру мизилдетип шыпырып-сыйрып турушат, анан кадам сайын бирден сакчы. Көздөрүн ирмеп койбойт. Анткени келген-кеткен туристтериң жөн кетпей пирамиданын борчугунан бармактай болсо да ала кетсек дегенде эки көздөрү төрт экен. Карындан май кескендей кесип, кынаптап тизген чулу таштарды кыркалатып, зор усталык менен төшөп чыккан убалы жок кулдардын кара күчүнө айран калып басып жүрсөм, ушул сенин колундагы ак кесек мындай жерде жатат. Арбап, бура бастырбайт. Эңкейсем эле эки кадам наржакта турган сакчы шекшигидей. А кесек көздү бир күйгүзөт. Айла куруганда, бет аарчымды түшүрүп жиберимиш болуп, көздү кычыштырган Хеопстын ак кесегин кошо илип

кеттим. Менин ордумда актёрдук өнөрдөн алыс жүргөн адам болсо, сакчынын колуна түшүп, көздөрүн жалдыратып турмак..."

Хеопстын ак табариги чөнтөгүндө келген жердешибиз бөйрөгүнөн катуу ооруп, Москвага жатып калат. Ооруканада эс-учун жоготсо да, бир сөзүн кайталай бериптир. "Мени Кыргызстанга жеткиргиле, тууган жеримди көрүп калайын..."

* * *

Бир күнү бет маңдай отурганда: "Сүкө, эл аралап калганда Карабалтанын ролун ойнойм деп эки бөйрөгүнө суук тийгизип, азабын тартып жатыптыр. Азыр табы кантип калды?" деп сизди сурагандар көп. Ал тургай папкечен байкелеribиздин эле ичинен оозу-мурду кыйшайбай, кудум көзү менен көргөндөй "өрдөгүн учургандарды" кездештирип, чын эле "эл оозунда элек жок" турбайбы деп калдык. Пайгамбар жашынан өтүп калган ноокаттык бир чалдын сөзү кулагымда. "Сүймөнкул баатырды (эмнегедир баатыр деди!) кинодон көрдүк. Ооруканада жатыптыр. Ошо шаарда жүрөсүңөр, билсеңер, дени-башы сакпы?" дегенде эч нерсе дей албай – "Эл катары иштеп жүрсө керек" деп ийин куушурдук. "Журтунун бешенесине жаралган шондой шердин аяк астынан шамал өтүп турсун (сөзүн сөздөй келтирип жатам) оору-сыркоодон тышкары, ылайым, көңүлүбүздү курсант кылып жүрө берсин, Кудай ага күч-кубатын аябасын!" – деп алакан жайып дуба кылды десем, Сүймөнкул аба күлүп жиберди. Айтканы "элден айланса болот" деген гана бир ооз сөзү болду.

– Сүкө, учурунда айтылбаса, сөздүн куну кетет дейт. Чалдын суроосуна...

– Аны айтса да, айтпаса да болот эле, – деп козголду эле алдындагы кресло кычырады.

– Оору менен алышып жүрсөңүз да, эки ийиниңизде төө көтөргүс милдет – жүк бар. Кыргыз сүрөтчүлөрүнө жетекчилик кыласыз, бош убакыт боло калса, кыл калемиңиз тыным билбей зор максаттардын эскизин түшүрөт. Ким кандай ойлойт, таразалай албайм, бирок мага сиздин өжөр эмгегиңиз Н.Островскийдин эрдигин эске салат. Бир чети бүгүнкү жараны жашырбаган маалда, сиз менен ийиндеш иштешип жатканыбызга сыймыктанабыз. Сиз баштан кечирген тагдырдын оош-кыйыштуу жактарын элибизге түгөл жеткирүүгө бел байлагандан кийин...

Сүймөнкул аба ийининен ылдый качкан чапанын мүрүсүнө сер-пип, о кыйла тунжурады. Бир нерсени катуу ойлонгондой.

– Жазайын дейсиңби? – деп чоочугандай сурады.

– Эл билсин. – Мен да тыбырап, укканымды, көргөнүмдү калың кыргыз укса экен, чындык сөз калптын казанына от жаккандардын таңдайына тикенектей сайылса экен дейм.

– Жакын отурчу, сага бир нерсе көрсөтөйүн, – деп Сүкөм эки билегин түрдү. Бүткөн боюм "дүр" деп чочудум. Билегинен тартып булчуң этине чейин каршы-терши тилинип, тигиштин темгилдери... Булчуңундагы дөмпөйгөн жерге сөөмөйүн сайды.

– Басып көрчү, ысык бекен?

– Ып-ысык.

– Каным... Өзүмдүн вена кан тамырыма ийне сайыла берип жа-рактан чыгып, болбой калганда бир аялдын вена кан тамырын са-лышкан.

– Аялдын?

– Ии, кан азыр манжаларыма жакшы жетпейт. Кист кармаганга, калем кармаганга болот, а комуздун кылын мурдагыдай манжала-рым тере албай калды...

Жоон саны билегинен кем калбайт. Операциялардын тактары... Санына Англиядан алып келинген жоондугу сөөмөйдөй түтүк салын-ган. Кан ошол түтүк аркылуу айланат. Ал кийинки беш-алты жылдын аралыгында биринен бири татаал жыйырма үч операцияны башынан өткөрдү. Ар бири вена кан тамырына жасалып жатпайбы... Жыйырма үч операция деп жазгандан көрөк, жыйырма үч фильмде башкы рол-ду ойноду деп жазсам гана, атаганат!..

– Эки бөйрөктүн иштебегени ырас. "Сыркоосун киного тарты-лып жүргөндө суукка урунуп күчөтүп алыптыр" деп жүрүшкөнү туура эмес. Тукум кууган илдет кыркка чыкканымда козголду. Врачтардын божомолунда ал жыйырма жашымда эле азап чектирмек экен. Актёр-дук тыным жоктук, ар бир мүнөттүн кымбаттыгы ооруганга да мүм-күнчүлүк берген эмес экен. Спорттун өмүргө күлазык экенин ушун-дайда билет экенсиң (Сүкөм волейбол, чуркоо, узундукка секирүүдөн биринчи разрядчы болгон).

– Операция жасатып, бөйрөгүн алмаштырып деле күнүн көрүп жүргөндөр толуп жатпайбы.

– Операцияга нечен курдай макулдугумду бердим эле. Бирок, ал-дын-ала изилдөөлөр өпкөмдөгү эски так (Сүкөм жаш чагында кур-

гак учукту да жеңген турбайбы) операция учурунда жарылып кетиши мүмкүн деген жыйынтык менен токтотуп коюшту.

Сүкөм үч күндүн биринде кардиология институтунун нефрология бөлүмүнө каттайт. Бир барганда төрт-беш сааттан жатып, боюндагы болгон канын тазалатып (алиги чалдын Сүкөмдү ооруканадан көрдүк дегени чын экен) кайтат. Үч күндө бир жолу! Бир күн кемитпейт, бир күн кечиктирбейт! Темирдей бекем режим, темирдей бекем эрк! Ой-лоп көрүңүзчү, ар бир күндө (процедураны жеңил дегендер жаңы-дашат) бир жолудан жатып, бир же эки жыл эмес, 1982-жылдан бери да-рыланып келет. "Азырынча бул рецепт Чокморовго өмүр бою керек" деди элдин кадырлуу врачы, кесибинин устаты, Сүкөмдүн дарыгери, нефрология бөлүмүнүн башчысы Роза Гапаровна Мемешова.

Ооруканага күн көтөрүлүп калганда келдим. Ооздон Сүймөнкул абанын "Волгасын" көрүп, "Саат сегизде келсең, кошо алып кирем", деп сүйлөшкөнүбүздү эстедим. Кечиккенимди карачы! "Терезенин түбүндө жатам, келген-кеткендер көрүнүп турат" деген эле деп, те-резеден-терезени карайм. Ошентип турсам, бир кара каш кыз тере-зенин биринен башын чыгарып, кыргызча:

– Кимди издеп жүрөсүз? – деп калды. Сүйүнүп кеттим, кыздын кыргызча сүйлөгөнүнө. Кээде кызык эле, бири-бирибизди көзүбүз-дөн таанып эле турабыз, ага деле болбой "болсо, болбосо" деле өзү-бүздү кыйнай беребиз. Мына кыйналбай эле сүйлөшүп турабыз.

– Сүймөнкул абага келдим эле, чоң кыз, дарыланган жерине алып кирем деген.

– Биз бөлөк-бөтөндү киргизбейбиз, – деди кара каш кыз. "Киргиз-бейм" десе деле кыргызча сүйлөп турса, көзүңө бир жакшы көрүнөт экен. Жакшы көрүп турганымды, "киргизбейм" десе ага деле кайыл болуп кете берээримди туйдубу, чунак кыз жумшарды.

– Бөлүм башчыбызга айтып көрөйүнчү, гезиттен келсеңиз, – деп терезеден көрүнбөй калды.

* * *

СҮЙМӨНКУЛДАЙ азаматтарыбыз көп эмес. Киносу турат, сүрөт-чүлүгү турат чети оюлбай. Жазып кыйратып жибердиңерби? Сиз деле анын оорусун жазам дегенден көрө... – Роза Гапаровна мага халат, ак топу издеп жүрүп, – оорунун жакшысы болчу беле...

Үн катпайм, табылган халатты нарыдан-бери жамынып, ак топу-ну бөлүм башчынынкындай боосунан байлап кийдим эле, чокчоюп тө-

Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош
ИНв 483776

бөмө түзүк отурган жок. “Мейли, отурушунча. Эми баштаган жагына жүрө берем” деп каякка десе эле ынтылганы турам.

– Жүрөгүңүз түшпөйбү, баягыда Эралиев деген жигит киного тартам деп болбой жатып, сизге окшоп кирип алып жаман болгон.

– Коркпойм, – дедим. “Ушинтип кирсем, ал мени таанып бекен” – деп күзгүдөн өзүмдү карап коём.

Залды бойлото эки катар коюлган керебеттерде адамдар колундагыларын окуп, көбү шыпты тиктеп жатышат. Түтүк аркылуу жылган кандан көз айырбай медсестралар Жыпар менен Чынара отурат. Көз айнек тагынып алган Сүкөмдү аз жерден өзүм да тааныбай кала жаздадым. Газета окуп жатыптыр. Керебети чын эле айнек тушта экен. Бизди байкаган жок. Роза Гапаровна:

– Сүймөнкул Чокморович, акыбалыңыз кандай? Сизди журналист издеп келиптир, – дегенде гана бизди карады.

– А силер белеңер, келдиңерби? – деп мага колун сунду да, – ырахмат, Роза Гапаровна, акыбалыбыз жаман эмес. Биз анча-мынчаны көрмөмүш болуп коёбуз... А бул жигит менин эл биле элек турмушум болсо таап жазам деп жүрөт. “Колуңдан келбейт деп койгом”, – деп тиштерин кашкайта күлдү. Ушул тиштери менен жайдын ысык күндөрү муздаткычка атайын тоңдурган муздарды качыратып жегенин өз көзүм менен көрбөдүмбү. “Ошого көнүп алды. Муз деген суусаганын басканы менен, түндөсү жөтөлүп чыгат” деп кабатырланган Сүкөмдүн өмүрлүк жары Салима эже. Сүкөм менен турмуш жолун бир басып, анын кубаныч, жакшылыгын тең бөлүшкөн Салима Шабазова азыр Кыргызстан мамлекеттик сүрөт музейинин директору болуп эмгектенет. Экөөнүн 1972-жылы төрөлгөн Бактыгул аттуу баласы бар.

– Көрөм дейт, бизде көрө турган эч нерсе жок, – деди Р.Г.Мемешова.

А мен дароо эле көрдүм. Сүкөмдүн кыйгылы жок, чайыттай тунук көздөрүн, саал-паал тер чыбырчыктаган жылдыздуу жүзүн, аскадан аскага эликтей түйүлгөн, азоолорду теминген узун буттарын, домбураны зар какшатып, Темир таздын баянын төктүргөн шадылуу билектерин көрдүм. Керебетинин жанынан ачык асмандын алакандай көгүш үзүмү көрүнүп турат экен.

– Көрөсүңбү? – Сүймөнкул абам билегин жапкан сүлгүнү көтөрмөк болгондо баш чайкап жибердим. Ал ушул жатышында сүрөт тартып, суй жыгылган кыястуу, түтүк аркылуу жүгүргөн кыпкызыл кан эртеңки күнгө эмгекчил билектин бөксөөсүнө кубат ташып жаткансыйт...

– Ушундай... – деди Сүкөм... Жанагы мен көргөн асмандын көгүш четин тиктеп алыптыр. Күндө тиктейт окшойт. Бирин-экин камдаган суроолорум бар эле, бере албадым. Бул жердин тынчтыгын бузуп койгонумду сезип калдым, адамдар улам бирден баш көтөрүп, бизди карай баштаган. Кетиштин камын кылып:

– Сүкө, баягыдай жумуштан жолугалы, – дедим.

– Биринчи телефон чал, убара болуп калба, – деп шадылуу колун сунду. Ким менен болсо да кол алышып коштошконду жакшы көрөт экен, анысы жагып калды мага. Залдан аста чыгып баратып, баягы асмандын көгүш үзүмүн Сүймөнкул абамдын кайсыл бир эмгегинен учуратканымды, бирок, кайсынысынан экенин түзүк эстей албадым.

– Сүймөнкул Чокморович алты жылдан бери бизде дарыланат. Бир сапар режим бузганын же бирөөбүзгө тике карап сүйлөгөнүн укпадык, – деди коридордо күтүп турган Роза Гапаровна. – Өтө кичипейил, кыйын учурларда солк этпеген сабырдуу мындай адамды биринчи көрүшүм. Оорусун билет... Бирге жаткандардын көңүлүн көтөргөнүчү. Ишенесизби, процедурага келгендер, айрыкча жаштар кирелек жатып, Чокморовду издешет, анын жатканын көргөндөн кийин жашырганда эмне, кадимкидей маанайлары көтөрүлө түшөт. Көпчүлүккө таяныч-жөлөк, караан болот деген ошо экен да. Анын карапайым, жөнөкөй адам экенин ушундан билиңиз, сыркоосу башталып, биздин клиникага каттай баштаганда Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты катары өзүнчө бөлмөгө жаткыралы десек, туйлап: “Эл менен болом, аралашып эл жаткан жерге жатам” деп бизди кайра осол кылган. Эрктүүлүгүнө таң калабыз. Али да “Киного тартылып бериңиз” деп, Союздан бери келип жүрүшкөнүн угуп калам. Бир казак режиссёр, “Менин фильмиме ойноп берсеңиз”, – деп суранып жүргөн. Каршы эмеспиз. Эгерде шартын түзүп (Алматынын өзүндө режимин бузбай дарылана турган болсо) берсе, анын толук мүмкүнчүлүгү бар.

...Ооруканадын халат, топусун чечип берип, жалгыз келип, жалгыз кетип баратканымабы, өзүнчө эле кусаланып кеттим да жанатан бери баарлашып, ылым саналуу түшкөн Роза Гапаровнаны кадимкидей жакынсынтып: “Эже, Сүймөнкул абам кургак учукту жеңген адам, ушул оорусунан айыктырып бериңиздерчи! Эл аны экрандан издеп атышат, эл Сүкөмдү сагынып калыптыр!..” дедим.

Ооруканадан чыгып, күн тийген, таптаза көчөлөрдүн бири менен (анын жарашыгы менен деле, жадыраган күнү менен деле ишим жок) умсунган бойдон келатып, ак көңүл акын Алыкулду эстедим. Ырында

калган жакшылыгы, алоо табы али күнчө жылытып келет. "Победасын" айдатып, көркөм шаарына кумары канбай кыдырып өткөн көчө менен келатып, адамдарга замзамдын дарысын берем деген адамзаттын айкөлүн эстеп, көңүлүм ачылды.

– Тамекиң барбы? – деди бирөө аркаман. Желкеме бир койгондой болду, аста дагы сурашпайт. Килейген эки улан эки жагыман чыгып, тамеки сурашты. Үрпөк чачтардын билегинде күч чатырайт, көрүп турам. "Жок" – дедим. Менден бойлору пас болгондо сатып чеккиле дейт элем. Жол күзөтүп кала бериштн, мен бербесем (чынында тамеки тиштеп көрбөсөм) дагы бир пендеси ширеңкесин кошо күйгүзүшүп берет да... Билегиндеги өгүздүн күчүн каякка жумшаарын билбеген (өмүр бою тамеки сурап өтүшпөсө экен дейм...) уландардын курагында Сүймөнкул абам волейбол, узундукка секирүү боюнча шаардын курама командасында ойноп, кечкурун көмкөрөсүнөн түшүп сүрөт тартчу экен.

* * *

Качан башбакпайын бош эмес, үстүндө эки-үч кишинин башы биригип маселе чечип жатышкан болот же жалгыз болсо (чанда эле болбосо) сол колунда телефон, оң колунда ручка. Анысы менен "Кире бер" деп жаңсап коёт. Келгенимди билгендей телефондор (дайыма ушундай) кычап бирин койсо, бири "чыркырап", Алматыдан чоң көргөзмө сүрөтчүлөрдүн жаңы эмгектеринен сурады, Ашхабаддан жаш сүрөтчүлөрдүн семинарына киши жибергиле деп өтүнүштү, анан жооптуу секретарь экөөлөп бүгүнкү башкарманын заседаниесине коюлчу маселелерди бышыктап чыгышты. Отурганыма жарым саат болду, кол алышканыбыз болбосо, бир ооз сүйлөшө элекпиз. Кирген-чыккан көбөйдү, жарым барак кагаздын маселеси жарым саатты алып жатса да чоң ишпи, майда ишпи Сүкөм кабагым-кашым дебей маңызына жетип, сергек отуруп чечип жатты. Түшкү саат бирге жакын калганда ордунан турду.

– Коош, бүгүнкүгө кандай суроолоруң бар?

– Чарчадыңыз го.., – дедим баятан былк этпей отурганга өзүмдүн да денем талый түшкөн.

– Чарчадым деп айттымбы?..

– Жок, көрүп турбаймынбы, тындырбайт экен.

– Башыбызды байлагандан кийин, бошоңдотконго акыбыз жок. Көп максаттар бар алдыбызда, эсенчилик болсо...

– Ден соолукту караганды эстен чыгарбаңыз.

– Аны ойлоп отурсак, ишибизди бирөө келип жасап береби, элдин ишеними отургузбайт экен.

– Негизгиси режим эмеспи...

– Режим дегенде... Мисалы үчүн азыр катуу суусап турам. Болгону ошо. Кулагыма мөл булактын шылдыры угулат. Туптунук, муп-муздак. Бассам-турсам, бирөө жарым менен сүйлөшүп атсам да, атүгүл телефондон да булактын шылдырын угам. Билесиңби, врачтар мага суткасына үч стакандан ашык суу ичпейсиң деген. Суткасына үч гана стакан! Ашыкчасы зыян. Азыр түшкө жеткизбей үч стакан суумду, нормамды ичип салдым (саатыма карасам туп-туура бир болуптур). Эми эртеңки күнгө чейин чыдашым керек. Бир ууртам суу режимге балта чабат. Суусаган сайын төө жаныбарды эстейм. Бир айлык суусун бир ичет экен да, тикенегин жеп, жыргап чөлүн кезип жүрө берет экен, а биз төө эмес экенбиз... Бир жолу тамагым какшып, жаным көзүмө көрүнгөндө болушунча болсун деп үч литр сууну бир көтөрүп ичип салдым. Булактын шылдыры тып басылды. А курсак чыгып кетти. Эртеси басалбай калдым. Врачтарга сууну көп ичип алганымды айттым. Арыдан-бери жаныма адам кошуп, Москвага учурушту. Опрациялык жол менен баягы тик туруп ичкен суумду сордуруп алышты. Ошондон кийин режимди такыр бузганым жок. Маа демектен күйүп баратсам да, чыдап жүрө берем. А булактын шылдыры дагы эле кубалап жүрөт...

Каарманым үйүнө кетти. А мен көнгөн чайканама өттүм (аман болсун жалгыз чайкана!..). Чайкор ашыналарым тердеп-кургап, Бакир аканын чайынын адебин берип жатышыптыр. "Өзүңө пиала ала кел" дешти, киргенимде эле. Пиаланын чоңураагынан тандап келип, олтура электе "Толтура, толтура куйгула" дедим. Пиала аркасынан пиала бошотом, суусун канбайт, кулагымда Сүкөмдүн "Булактын шылдыры угулат" деген сөзү жаңырып турат. "Куйгула" дейм, пиаланы мыкчып, өзүм чала-була тердеп чыктым. Кулагыма мөл булактын шылдыры угулат...

* * *

Ишемби күнү Чоң-Ташка, Сүймөнкул абамдын айылына барып, "Көчөт ала кетели" дегенинен, Ош базарына бурулдук. Көчөт

көп экен базарда. Күндөн жашырып, көчөттөрдүн тамырына чолок тон, жаман-жуман чүпүрөктөрдү таштап, мүрүсүнө чейин баткакчыла болгон кемпир-чалдарды, мойсопут адамдарды (бирин-серин көк баштар да жүрөт) аралап, шабдаалынын көчөтүн издеп жүрдүк. "Апорт, эки жылда түшүмүн үзүп аласыз, алып кеткиле!", "Гиласти-ки бар, гиластын көчөтү керекпи?", "Өрүктүкү мына, кагын, кыямын жеп мага ыракмат айтасыз", "Мажүрүм талдын көлөкөсүндө отурдуңуз беле, алпарып сайып коюңуз, өзү эле өсөт, арзан берем..." Көчөт саткандар кардарларын этектеп, бу базардын мындай кызыктуу болорун мурда билген эмесмин. Шабдаалынын көчөтү учураган жок. Узун катардын аягына чыгып, Сүкөм көчөт саткандарды тиктеп туруп калды. "Жаңы сюжет тапты го" деп турсам, Сүкөм мага бурулуп мындай деди:

– Карачы, мынабу элди, ден соолук болгондо көчөт сатып эле оокат кылмакмын...

Айылга жетпей күн жүрүш тарапта созулуп жаткан кең талаанын четине келип токтодук.

– Балалыгым ушул талаада өттү. Ортосунда килейген кулач жеткис жоон дарак болор эле. Талаада иштегендер анын чоң көлөкөсүндө түштөнүп укташчу. Чоңдор анын көлөкөсүндө уктап жатканда, биз балдар анын тарбайган шактары менен кылда учуна чыгып барып, алыс жактарды тиктеп, өзүбүзчө кыялданып көкүрөккө максат түйчү элек. А кечинде, күн уясына батып баратканда биз, балдар, жалгыз даректан көз айырбай отурчубуз. Куштар келип конгонун көрсөк, көз байланганда даярдап койгон узун бакан, чыректарыбызды көтөрүп жүгүрүп жетчүбүз. Чыракты жандырып, бакандын учундагы илмекке илип, коноргосунда отурган кыргыйды шырп алдырбай издечүбүз. Бечара парандалар чыректын жарыгында эч нерсе көрө албайт. А биз бакандын учундагы илмекти шашпай мойнуна илип, ылдый тартар элек... Ошол дарак биз үчүн жомок эле... Аркы айылдык бир араккор шериги менен ичкиликке тоюп алып, бир тракторго учкашып келет да, айылдын тумардай көргөн дарагын түбүнөн кесип, жүктөп кете беришет. Эл эртеси уйкудан туруп сыртка чыкса, баягы дүпүйгөн дарак көрүнбөйт. Ошондогу элдин нааразычылыгын сөз менен айтып бере албайм го. Карасаң, бир ою пас, өзүмчүлдүн караөзгөйлүгүнөн эки айыл көздөй көргөн дарагынан айрылды. Бул го мындан нечен жылдар илгери болгон иш, азыр андан оңолуп калдыкпы?.. Оңолсок кана... Бирөө-жарымдын көзү көрбөсө болду, колго киргенди чаапжыгып, маа демектен тукуму курут болуп кетсин. "Бул жердин бай-

лыгы мага бүгүн керек, эртеңкисин эртеңкилер өздөрү ойлонсун" деген ичи тардык ашынып кетти... Арал деңизиндеги трагедияны уккан сайын, окуган сайын башыбызды чайкап коюп, андан кем эмес жапа чегип жаткан Ысык-Көлүбүз менен ишибиз жок. Ден соолукка бычак болуп кадалган түштүктүн тамекисин жазып түбүнө жеттикпи, бу турат. Арстанбаптын токоюн чекесинен кыйып, көмүрдүн ордуна жагып, кыштан жан сактап чыккандар жөнүндө ооз учунда сөз кылабыз, а жок дегенде кол учунда көмөк көрсөттүкпү, жок бу турат. Ушундай Кудайдан коркпогурлардын табияттын керемети, касиеттүү сулуулугу менен иши барбы?!. Андайлар босогосунан аркыны көрө албайт, – деп баш чайкайт.

Сүкөм төрөлгөн, жерден боорун көтөргөн жомоктогудай кичинекей үй азыр жанындагы заңкайган чоң тамдын көлөкөсүндө калыптыр. Саар-кеч эрбеленде, эшик-сырттан көк муштум болуп тоңуп кирип, баса калчу мештин орду небак бузулуптур, көк чыгып кетиптир. Калган жери күнү бүгүнкүсүндөй, мезгил ага тийбей айланып өтүп кеткендей... Мен дагы өзүмдү ушул үйдө чоңойгондой, ушул мештин боюнда (баары куду биздикиндей!) кыпкызыл боорун кучактап, кыштын узакы түнү терезеден иттердин абалагы, алыс жакка бараткан атчандардын аяздуу түндө жаңырган доошу, үзөнгүлөрдүн кагышканы, жаныбар аттардын бышкырганы кулагыма илине калып жатпайбы...

– Ар кимибизге айылыбыздан өткөн куттуу жер жок. Айылым, алтын казыгым дептир го. Жумушум болбосо алтынчы, базар күндөрү шаарда калбайм. Иштейм десем, айылда деле өнөрканам (аны да шашпай көрүп чыктык) бар. Бу жерден мен айылдын тарбиясы жөнүндө айткым келет. Бизди алып көр мисалга, жети-сегизге чыга элек колубуз тизгинге жетип, аттын жонунан түшкөнүбүз жок. Эс тарткандан ат токуп, мал жайдык, кой кырктык, уй саадык, казанга да каралаштык. Ушулар тарбия экен... Айылда өзүң билесиң, саатка карашпайт, күн чыктыбы батканча иштешет. Мына, чачыма ак кирип калды, балалыгымды эстесем көкүрөгүм тыбырайт... Балалыкты эстегидей да бир нерсе болуш керек турбайбы... Азыр айылда көп мал кармабай калышты. "Биздин көңгө, чылага оонаганыбыз жетет, балдарым кичине адамга окшоп жашашсын" деген ата-энелер балдарынын айылдагы тамырын үзүп, көп өнөрдөн кол жуугузуп койду. Мындай үйдө чоңойгон балдар көң чеңгелдемек турсун, өзүнө калааны калканч кылып, жылына келсе бир келип, ата-эненин эт-ашынан,

мөмө-чөмө кыямынан чогултуп жонуна көтөрөт да, келээрки жылга чейин кайыр-кош деп жолуна түшөт. Күйүмчүлдүк, адамга эбиз-жабыздык (жакшылык кылуу) өзүнүн тактысынан ушундайда тая баштайт экен. Карачы, кеселдин баары өзүбүздө..,-деп Сүкөм сөзүн аяктады.

* * *

Сүкөмдүн бир тууганы Бакыя аба (алар тогуз бир тууган) үйүнө чакырды. Сүкөм дубалда илинген комузду алдырып, тээк, буроолорун көпкө чейин кармалап, бир аз чертимиш болду. Сары кумурскалардын уюгу бар дөбөчөнү да ошол күнү көрдүк. "Колума сөөл чыгып, көбөйүп кетти. Ыраматылык энем талдын башына чыгарып, чыбык кестирди да кабыгын таза аарчытып, ырымдамыш болуп ушул дөбөчөгө, кумурскалардын уюгуна таштап койду. Макулуктар кечке кара комок болуп, чыбыкта үймөлөктөшүп жатты. Кечинде энем көк чыбыкты алдырып, мага жалатты эле ишенесиңби, сага жалган мага чын, баягы бадырайган түрү суук сөөлдөрдүн качан күбүлүп түшкөнүн өзүм да билбейм. А кезде ошентип эле өзүбүздү-өзүбүз дарылай берчү экенбиз. Жашымдан оорукчан болуп өстүм. Жыландын териси да миңдин бири болот деп, энем нанга кошуп жедирген имиш. Мектепке бараар жылы суук өтүп, катуу оорудум. Колу-бутум кыймылдабай өмгөктөп калгам. Шаарга, Намырбек агамдыкына көп келчүмүн. Анда бечара Роза Рыскелдинова жеңемин көзү тирүү (телевидениеде диктор болуп иштеген). Үйрүлүп түшүп, тапкан-ташыганын оозума кармап турчу. Өздөрү бир дунгандын көчүк айланбаган үйүндө акы төлөп жашашчу. Ошол катуу оорудан жанда жок боорукер, бирөөнү-күн өзүнүн баласынан кем көрбөгөн В.К.Гуревич деген врач аял дарылап айыктырды. Умай энем менен катышып турам. Тээ илгери "Россия" кинотеатрында "Караш-Караш" фильминин премьерасы болуп, биз, башкы ролдо ойногондор көрүүчүлөр менен жолугушмакпыз. Ошол күнү издеп жүрүп В.К.Гуревичти таап келдим да, кинотеатрдын алдыңкы катарына олтургузуп:

– Азыр баягы "оорукчан" балаңызды көрөсүз... – дедим. Мага тийген чоң кучак гүлдестени сахнадан көтөрүп түшүп, кургак учуктан аман алып калган умай энеме берсем, эл дүркүрөтө кол чапты. Алар дагы, менин бала кездеги врачым да күтпөсө керек, бекем кучактап алыптыр, жашып жүрөт, менин да көзүмө жаш тегеренип... «Миң мертебе ырахмат, Вера Константиновна, сиз болбосоңуз киного

тартылат белем, ким билет...» десем, "Мээнет-запкыны сен көп тарттың, Сүймөнкул! Сен дагы эл көргөндү көрүшүң, көгөрүп-агарышың керек!" – деген эле ошондо кыргыз дегенде өпкө-жүрөгүн кошо чаап жибергенден кайра тартпаган адам.

Боору менен сойлоп калган балакайдын бүлбүлдөгөн билигин жалындаткан, кыргыз элине тандырдын алоосундай мээрими, жүрөгүнүн толтосунда түгөйлүк зыйнаты бар, эки элге тең жылдыздуу, саамайы сары алтын Вера Константиновна Гуревичтин алдынан Сүкөм менен кошо барып, терең тамырлуу улукман энеге таазим кылам деп ичимден убада бердим. Ошондо улукман энебиз менен бир шаарда жашап, бир арыктан суу ичип, бирок көбүбүздү "баштамыш" болгон келегей ойлуу макаласы менен "көк бөрү" тарттырып, бир башына отуздай макала "багыштаткан" баягы эсирген эжебизди да арга жок-тон эстээрмин...

* * *

Бакыя байкенин чакан багында, тээ Эне-Сайдан бери келген балбан таштардын маңдайында Сүкөм экөөбүз сөөмөйгө сайылган тикенектей көкүрөктө уюп жүргөн көп маселенин учугун чубап отурдук.

– Өзүм курактуу бир адамды билем, маал-маал учурашып калат. Бакыбат, аркасынан карасаң спортсмендин тулкусу. Ошого жараша чеке тердетип, жалчытып иш кылганын көрбөдүм. Теңирим андайга ден соолукту да аябайт экен, чүйгүндөп курсак кампайтып, туш келген жерде кайсынысынан болсо кылкылдатып, оору деген түшүнө да кирбесе керек (ылайым эле, алты саны аман жүрсүн?!) Бирок, качан көрсөм, ыргыткан ташы өйдө кулаган адамдай башына жүн чыгып муңайып көрбөгөндөй уйкусу бөлүнбөй, санаасы түйшөлбөй, жылжыган суудай өтүп жаткан өмүрүнө каниет-тоол кылып, керилип басып жүргөнү ойлондурат. Жок эмес, жаттап алган философиясы бар: "Бу жарыкчылыкка кайтып конок болбогондон кийин өкмөттүн кызматы деп, чыркырап тогуз тоголонсок, өзүбүздү эрте күндө түгөтүп албайбызбы, байкебай! Жакалашпасак деле бүтүп келген иш, бүтө берет..." деп калат. Заманыбыздын адилдиги үчүн бир жеңден кол, бир жакадан баш чыгарып, жапа тырмак күрөшүп жатканда тигинтип, ааламды сел алса, согончогунан келбеген "ток пейил", өзгөнү коюп өзүн ойлогон өзүмчүлдүк өлкөнүн арымына бут тоскондук. Кээде карап туруп, ушу "кутудагы" адам өмүрүндө бир жолу маңдай тердин кубанычын татып толкубаса да керек, өмүрүндө бирин-экин чечкин-

дүүлүк кылып, жаздым басып, жапа чегип томсорбосо да керек, тек гана "сен тийбесең, мен тийбейм" деген ылык-ысык принципти ык тутуп, күн кечкиртип, а жашоонун ширин-ширин бактылуу мүнөт-төрү болоруна баамы да жетпесе керек. Андайлардын дүйнөсүндөгү жакшылык менен кайрымдуулуктун үрөнүнө суу жетпей калган...

– Сүймөнкул аба, кайрымдуулук, күйүмчүлдүк жашообузду жылытып келет. Ансыз жан дүйнөбүз серт, сенек, а коомубуз кедей... Чын-чынына келгенде, жылуу сөзүбүзгө, дилгир мамилебизге муктаж, жакшылыктан көзү учуп тургандар арабызда жокпу?!.. Азыр кайрымдуулуктун таңкыстыгы адамзаттын зор мамилесине айланып олтурат.

– Албетте, мунуң туура. Өзүң эле калыс болчу, канаттууга кактырбай алаканында бөпөлөп, бой жеткизген баласы тиши түшкөн ата-энесин кан-какшатып, түндүгүн түшүрүп каралашпай басып кетсе, күнөөнү кимден издейбиз? Шыпааканада (ооруканада) жылуу сөзгө зар болгон оорулууну, тейлөө мекемесиндеги ыймانына камчы чапкандардан көз көрүнө кагуу жеп, калчылдаган кары-картаңдарды, аягы суюк "алтын тиш" аялдардын "ойноп жүрүп" тапкан бейкүнөө наристелеринин жетимдик кайгысын, көп балалуу эненин төө көтөргүс түйшүгүн, күлгүн курагын керебетке таңып, жазмыштын күнүн көргөн майыптардын эстен чыккан тагдырларын канчага чейин көрсөк да көрмөксөн, билсек да билмексен болобуз. Чындыктын чынарлары – күмүш сакал карыялардын сөзүн уктуң беле? "Мурда адамдар бири-бирине кыйла жапакеч, күйүмчүл болчу эле. Жетишкен сайын уучубуз карышып, кунарыбыз учуп кетип баратат. Жарым түндө эшик каккан жолоочунун жөнүн сурабай киргизип, бар тапканыбызды алдына коюп берчү элек, азыр дарбазаны аттай элек, итибиз абалап, өзүбүз ичкериден: "Ким бул, эмне керек?!" деп доош кылып, сурачу болдук... Билгенге бул – өзүбүздү-өзүбүз жекиргенибиз, кайрымдуулук дөөлөтүнөн аздыр-көптүр кемигенибиз. "Жакшылык өлбөйт, ал эртеби-кечпи, ээсине кайтат" деген илгеркилер.

– Сүкө, адамдарга жакшылык кылуунун кылымдардан берки сабагы бар. Мындай асылзаадалык адам баласынын көчөт кезинен тамырлап, көкүрөккө барат деп жүрүшөт. Кооздукка, сулуулукка көз ачылып, туюмдун поэзиясы да ошондо түптөлөт. Сократтын "Кооздукту түшүнүү көкүрөккө жараша" деп айтканы бар го.

– Кооздукту түшүнүү – анын эстетикасына кумарлануу бармактай кезден түйүлөт дегениң да туура. Мисалы музыканын, көркөм полотнонун лирикасын, философиясын скульптуранын пластикалык тилин түшүнүү да кырчын кезден калыптанат. А деген талант. Моцарттын "Реквиемин" угуп жаткан тили бөлөк, дили башка адамдар да чыгармадагы улуу композитордун жашоосу токтоп калган эпизодго келгенде кадимкидей жашып кетишет. Сезимдердин түгөйлүгүн, музыканын сыйкырын караңызчы! Ошол эле угармандардын арасында ооз көптүрүп айта жүрүш каада-касирети үчүн гана кошулуп калгандардын чыгарма "жибите" албаган жарды дүйнөсүн бир эсе аяйсың... Искусствого болгон мажирөөлүктүн тамырын кайтып эле балалыктан издегенибиз дурус. Мектепте ыр, сүрөт сабактарына (өзгөчө айылда) алиге чейин жеңил-желпи карашат. "Ырды мал баксаң, тоо-түздө ырдасаң болот, а сүрөтчү болуп жалчып кеткендерди да учурата элекпиз. Эсиң болсо, математика менен химиядан баш көтөрбө, азыр ошол илимдердин заманы" деп, балдарынын кулагына куюп, өткүр сезимине жөргөмүштүн желесин тарткан ата-энелерди да көрүп жүрөбүз. Алардан мугалимдер ашып түшөт. Көп жерлерде сүрөттөн, ырдан адистиги жок, эптеп-септеп "саатка жеткен" мугалимдер билгенинче сабак өтүшөт. Сааттар аз. Аягы эмне болот? Кулунчак кезден искусствого кайдыгерлик жаралат.

"Симфония – жан дүйнөмдүн төгүлүүсү" дептир Чайковский. Немче, "Дон Кихот", "Король Лир", "Согуш жана тынчтык", "Кыямат" сыяктуу классикалык чыгармаларсыз, Рембрандттын атактуу полотнолорусуз, Бетховендин музыкаларысыз биз жашаган дүйнө алда канча жарды болуп турмак. Александр Ивановдун "Христостун элге келиши" аттуу картинасы дүйнөдөгү теңдеши жок чыгарма. Көп өлкөлөрдө болдум, ар кайсы доорго таандык живописти шедеврлерин көрдүм. Бирок, мага композициясы, тартылыш чеберчилиги, философиялык тереңдиги, адамдардын психологиясынын берилиши жагынан ага теңдеш чыгарма чалдыккан жок. Третьяковкага кирген эл бул ажайып картинанын маңдайында сааттап турушат. Дагы бир сөз, Брюллов, Левитан, Перов, Айвазовский, Крамской, Репиндин полотнолоруна арбалган көрүүчүлөрдүн ой-сезими сүрөтчүнүн бай дүйнөсү менен жуурулушуп, ортодогу узак мезгил көз ирмемге айланып, кадимкидей "сүйлөшүп" турушат. Рембрандттын сүрөттөрүн карап көрчү, ар бир чыгармасын жүрөк каны менен жазган. Бир кызык нерсе, борбор жакта жүрүп, жаңы ачылган көргөзмөнү аралап калдым. Белгилүү эл сүрөтчүнүн полотносунун алдында турган тестиер бала атасына карап: "Мындай сүрөттү тартыш менин да колумдан келет" дебедиби. Мындай сөздү Рафаэль, Леонардо да Винчи, Ван Дейк, Рембрандт, Энгра же Гоянын полотнолорунун жанынан угасыңбы?

Жок. Тилекке каршы, бизди айтпайлы, ошол борбордун өзүндө жарым-жан чыгарма жаратып, аны үнүнүн жетишинче жар салып, кудуретсиздигин эл көзүнө көшөгөлөгөн сүрөтчүлөр жолугат. "Кечирип коёт экенсиз, сиз зоотехниксиз, мен деген сүрөтчү болом. Сиз биздин профессионалдардын полотносун түшүнүп, талдап-сындаганга акыл азууңуз чыга элек. Мен сүрөтчүмүн, сиздин койлорду кандай урук-тандырып жатканыңызга киришкеним жок го. Сиз дагы көргөзмөнү көрдүңүзбү, үндөбөй кете бериңиз" деп көрүүчүлөрүнө наалыгандык, акылдуусунуу узакка алып барбайт. Ошо зоотехниктин айткан пикирин сүрөтчү билсе, алтынга барабар эле. Акыл чөйчөгүбүздү толуктай, мелт-калт кылып турбасак, кыл калемдин кудурети (ал болсо) качат. Пушкинсиз сүрөтчү жашай алабы, Толстой, Достоевский, Тургеневди боюбузга сиңирбей, Карамолдо, Саякбайдын кереметтүү дүйнөсүнөн чаңкоо кандырбай жаткан чыгарман кимди өзүнө тартат?! Жаракөздү каныктырсак, ошондо туйган-сезгенден, суктануудан чыныгы тылыш менен адамды тартаардан мурда ага суктанганды үйрөнсөк, эмгек жаралат.

– Сизди алыс-жуукка киноактёр катары көп чакырышат. Бейтааныш өлкө, алыскы сапар сүрөтчүгө көп табылга туш кылат деп жүрүшөт.

– Каирде Азия жана Африка өлкөлөрүнүн кинофестивалы өтүп калды. "Шератон" мейманканасы Нилдин так эле боюнда экен, ошондо жашадык. Анча алыс эмес жерде журт сураган илгерки падыша Рамзестин эстелиги турат. Нилдин каякка карап акканын билбейсиң, өтө тунук эмес, бозгумтул. Каир эрте ойгонот. Мен да көнгөн адатымча таң атпай этюднигимди көтөрүп, Нилди бойлоп кетем. Кинофестивалдын катышуучуларын автобус менен ташып атты. Мен жөө барып, жөө келем. Бир күнү Нилди бойлоп кетип баратсам, бир жерде жап-жалгыз, кооз пальма өсүп турат. Этюднигимди жайгаштырып атсам, бир канаттуу келип конуп калды. Мындай карасам, биздин эле ала карга. Бечаранын уясы бар экен. Ысык аптапка биз, адамдар араң чыдап жүрсөк, быкпырдай кайнаган эли бар Египеттин чоң шаарынан алыс кетпей күнүн көргөн бу кургурдун өжөрлүгүнө таң калдым. Дагы бир күнү Нилдин жээгинде сүрөт тартып отурсам, жаныма толкун мүлжүп, эскилиги жеткен анча чоң эмес кайык келип токтоп калды. Кайыкта бир үй-бүлө жашайт экен. Кырк-кырк бештерге келип калган эркек, жээкке секирип түшүп, казык кагып, кайыкты байлап койду. Балдар көп, баары майда экен, жээкке чыгып кубалашып ойной башташты. Эчкилери бар экен, өздөрү эле кайыктан түшүп, бал-

дардан алыс кетпей аны-муну искемиш болот бечаралар. Тоок кармашат экен, алары да бир чекеге жайылып... Эркек бир жакка кетти. Аял бала, тоок, эчкилери менен деле иши жок, жээкте турган калдык таштоочу ящикке бир нерселерди ташып, төгүп жүрдү. Бир маалда аркасына бир нерсе көтөрүп, баягы эркеги келди, келээри менен аял жээкке карап кыйкырды эле, ишенесиңби, ойноп жүргөн балдар, жайылып жүргөн баягы тоок, эчкилер (таза үйрөнүшкөн экен) бирден чубап кайыкка чыгышты. Анан мен бир үзүм жашоосуна күбө болгон кайыктагы үй-бүлө Нилдин агымы менен сүзүп кетти. Көрсө, Нилди туур кылып, кайыкта күн көргөн, жакырчылык белге тепкен үй-бүлөлөр жылдын төрт мезгили дарыянын башынан аягына, аягынан кайра башына сүзүп өмүр кечиришет турбайбы...

– Чет өлкөлөрдө жүргөнүңүздө Кыргызстанды сурамжылагандар көп болобу?

– Чет өлкөлөргө барганда мени советтик киноактёр деп тааныштырып жүрүштү. Билип алгандар Кыргызстан жөнүндө, элибиздин турмушуна, салт-санаасына кызыгышат. Англиядагы бир жолугушуу эсимде. Биздин туристтик топто бир канча кыргыздар бар элек (*тамождук* кагазыбызды толтурганда улутуң деген жерге орус деп жазарбыз), билип алышканбы, "Чыңгыздын тилинде сүйлөгүлөчү, үнүңөрдүн музыкалуулугун угалы, ырдап бергилечи" деп бура бастырбай коюшту. Чогуу ырдайлы десек, кыргызча бир ырды толук билбейбиз. "Кыргыз гимнин ырдайлы эмесе" деп, бири-бирибизди астыртан карайбыз, аны да толук билбегендер бар экен. Бир, экөөбүз ырдап бердик. Баш бармагын көрсөтүп жан-алы калбай кол чабышты.

Ошондо жан терибиз менен туйдук го, элди тил сактайт экен... Расул Гамзатов "Бүгүн тилим өлсө, эртең өзүм жок болууга даярмын" деп кандай акылмандык менен айткан. Тил маселесин бир шилтөө менен чечүүгө ык койгон макалалар көбөйүп кетти. Бир-экөөсүн окуп алып, авторлорунун козгоп жаткан маселесине анча күйбөгөндүгүн байкадым. Кош тилдүүлүк – каалагандай жазып, туш келген тарабынан жиреп кетчү маселелерден эмес. Угушума караганда, басма сөз жөнүндөгү мыйзам кабыл алынат дейт, анда "Ойноп сүйлөсөң да ойлоп сүйлө" дегендей, утурумдук чуу чыгарууга гана чамасы жеткен макалалардын тизгини тартылып, ою терең, эртеңибиздин камын жеген калыс, кайра курууга кызмат өтөгөн материалдарды көбүрөөк окуйт экенбиз. Тилге байланыштуу бир кеп. Биздин үй Панфилов паркынын четинде. Дискотекадан бир күн кур эмес. Айла жоктон түндүн бир оокумуна чейин тыңшап жатам. Кавказ элинин "Лезгин-

касын" кайра-кайра коюшуп, үйдү солкулдатып бийлешет. Кыргызча бир музыка укпадым. Же кыргыздын ыр-күүлөрүнө бийлөөгө болбойбу? Эралиева ырдаган ошол эле Штраустун музыкасына бийлеген вальсты неге бийлөөгө болбосун? Болот. Жаштарга интернационалдык тарбия берүүдө аз эмес жерде жаздым басып алышыбыз мүмкүн. Эмне үчүн дискотека уюштурган адамдар эмоция менен эмес, акыл менен иштешпейт? Бул чу дегенде эле оозго илинген мисал...

Бир күндө эки жолу кеч кирбейт, өзүңдүн изиңди өзүң кайра баспайсың, бир эле адамды эки жолу ачпайсың...

Сүймөнкул аба күлгүн жаштыгын, кыл чайнаткан кыйынчылыктарын, маңдай жарган кубанычын бир ысып, бир муздап айтып отурду.

– Биз адамдар кээде эртели-кеч ишибизден баш көтөрүп, "Тооба, күндөр мынча тез өтөт!?" деп айран калабыз. Сааттын жебеси өмүрдү уурдаган душмандай көрүнүп кетет. Илгерки акылмандардын бири Сократ: "Эй адамдар, силер күндөр тез өтөт деп муңайбагыла, күндөр эмес сенин өмүрүң тез өтүп жатат!" деген. Турмуш калыс, баарын ылгап, баарын орду-ордуна коёт экен. Өмүр бою өзү менен өзү жашынмак ойноп (өзүн-өзү түшүнбөй жүрүп өтүп кеткендер канча), карылыктын табагына кол салып калганда "Тагдыр мага далысын салып кетти, элге атаган ырыскысынан маңдайыма жазбаптыр..." деп өз башын өзү муштагандар да болот. Эгерде өзүң жашаган өмүрдү өзүң түшүнбөй, уясына ылдыйлап кеткенде наалыганың бир тыйын, күнөөнүн баары өзүңдө. Атаганат, бактылуу болуунун искусствосу болгондо барбы... Искусствосу болбосо да, жарым-жартылай устакасы... Адамдар ошол жерден чыкпай, бактылуу болуудан эч нерсесин аяшпайт эле. Ал тургай, кылым карыткан карыялардын ичинен бакыттын мүрөк суусунан көзү кыйбай чака менен сузуп алам деген-дер чыкмак. Жашоонун кумарына кандым деп айтыш кыйын экен го. Адам баласы эзели түбүнө жетпеген бу жашоонун табышмактуулугу ошондо бейм. Жер каймактагандан берки адамзатты изилдеген канча китеп жазылды, канча баш ак мөңгү болуп агарды, акыл чөйчөгү бүз менен баарын эле туйгансыйбыз, анан эртеси эле болор-болбос жерден жазып-тайып бир бурчекте камалып, "Тооба, бул эмнеси?" деп желке кашып, башыбыз маң болот. Биздин айылда Сарку деген абышка болор эле, ошо киши айтчу: "Бу адамзатың башынан өткөргөн азап-тозогунан сабак алган болсо, атом бомбасын жасаганга колу көтөрүлмөк турсун, атын оозанган пендесинин катыгын колуна берип коймок. Кана эми ошенткени?!"

* * *

Чоң-Таштан чыккандан дыбырап баштаган жаан жол ката күчөп, терезеден жолду көрүш кыйын болду.

– Акырын айдап кете берели, – деди Сүкөм "Кичине басылсын, күтө турбайлыбы" дегениме болбой, көлчүк сууну бизге жаба чачып, жеңил машиналар куушуп өтөт.

– Каякка шашышат экен? Коңшулар болот, "куушкан". Ал "Жигули" минсе, мен "Волга" минем, ал "конверт" үй салса, мен кош кабат салам деген. Атаандашуу, көрө албастык пенде баласын билгизбей байлыктын кулуна айландырып коёт...

– Сүкө, бүгүн таңкыстыктын (дефицит) азабын тартып, "жок издеген" адамдарды чекеден учуратчу болдук. "Тааныштык" деген сөз кулакка көп угулчу болду. Күчтүү дарылары текчесинен үзүлбөгөн аптекаларды, жарашыктуу кийимдер үстү-үстүнө жыйылган дүкөндөрдү канчага чейин издейбиз?..

– Жаш кезиңде окуган жомокторундун аягы эмне менен бүтчү эле, эстечи? Алса алдым, көрсө көрдүм дебеген ач көздүгү ашынган дүйнөкор көзүнөн учкан казынага жетип жыгылчу, анан оңой олжодон ченгелдеп, өзүнөн-өзү кызганып олтуруп, байлыктын сормо сазына батып кеткенин билбей калчу. Ошол акылдуу жомоктун

секирип берсин", "Кокуй аттан жыгылбайм", "Колумду музак сууга салбайм!" деген чын тийбес "жылдыздарды" да көрдүк. Алар азыр дагы бир эле маалда эки фильмге тартылып, театрдын сахнасынан телефильмге чейин "таскак" салып жүрүшөт. Жүз ролду сунуш кылса, жүзүнө тең ойнойм дейт. Албетте, андай актёрлордо акча болот, бирок ачылыш болбойт. Эсептегенге жакшы. Жүрүшпөйбү, "Мен алтымыш, жетимиш ролдо ойнодум эле. Ушуга чейин наам тургай, көкүрөгүмө сыйлык илише элек" дешип нааразы болгондор. Чыгыштын акылманы Жами "Чындыктын көзүнө дайыма тике кара" дептир. Мына, мен он алты жылдын аралыгында болгону (бардыгы өзүм жактырып, көңүлүмө толгон ролдор) он жети фильмге тартылыпмын. Ролду тандаарда алдымда бир гана суроо турчу. "Бул менин турмушума жаңы ачылыш алып келеби?" А ойногонго келгенде режиссёр эки метрден ыргы десе, мен үч метрден секирчүмүн, чаап баратып, үзөнгүдөн бутуңду чыгарбай жылмыш десе, мен аттын башынан ала салып, тоголончумун. Ар качандан бир качан коюлган талаптан ашырып ойногонго аракеттенээр элем. Азыр киного тартылбай калдым, а баягы кол учун муздак сууга салбаган, өздөрүн сактаган "назик" актёрлор дагы эле фильмден фильм кубалап жүрүшөт. Муну менен эмнени айткым келет, актёрлук кесипке башыңды байладыңбы, Кудай сага кубат берсин, чоң гонорар үчүн эмес, чоң сүйүү, элдин урматы деп ойно, мүмкүнчүлүгүңдөн ашырып ойно, кадыр-барктын баасын ошондо билесиң.

Сүймөнкул абамдын ушул сөзүнөн кийин дагы бир эрдиги эсиме түштү... Кырсык каш-кабактын ортосунда дешет го, ошо чын окшойт. Ал "Жалаң эр-азаматтар" фильмине тартылып жатканда аска боорунан буту таят. Бийик жерден далай учкан "жаны оорубас" актёр азыр дагы жеп-жеңил туруп, кайра аскага жармашат деп турган режиссёр. Операторлорду таң калтырып, Сүкөм жыгылган жеринен козголбоду. Катуу жараат алган (бөйрөгүнө кан куюлган экен) Чокморовду чукул арада шаарга алып кетүү үчүн "Тез жардам" чакыртылат.

Вертолёт учуп келгенче, кино тартылып жаткан жерге айыл эли, куруучулар, малчылар толуп кетет. "Кантип эле Сүймөнкул ооруп калсын" деп таң калышып, биринин сөзүнө бири ишенбейт. Качан гана келип конгон вертолётко аны колмо-кол көтөрүп жөнөгөндө көпчүлүк толкуп берди! Сүкөм тегерегиндеги жайнаган элге башын зорго көтөрдү. "Күткүлө, келемин" деди. Эриндери гана кыбырады. "Көрөсүңөр, асканы багындырам" деп эрдин кырса тиштеди. Вертолёт көтөрүлгөндө анын эпкинине, шамалына термелген эл азыр дагы Сүкөмдүн көз алдында! Ошондогу садагасы кетейин, көпчүлүктүн

камтамасы, "Тезирээк айыгып кет, Сүймөнкул!" деген акактай тунук тилеги ага табылбас дары болбодубу...

Режиссёр фильмдин башкы каарманы Касымдын ролуна бөлөк актёр чакырып, киносун токтотпой тарта берсе болмок, бирок антпеди. Сүкөмдүн айыгып чыгышын эки-үч ай бою күттү. Фильмдин башкы каарманын, көңүлүндө кылдай карасы жок, кимге десе жакшылыгын тең бөлүшкөн адамды жалгыз Чокморов гана ойной турганына А.Витдугирис да бекем ишенген. Сүкөм убадасын аткарды, асканы багындырды. Көп жердин кыйырын басып, куржун көзү толгон байгелер менен кайткан "Жалаң эр-азаматтар" фильмин айтып отурбайлы...

Жаанды ээрчитип шаарга кирип келдик. Ошол күнү кечкурун, эртеси да булуттар биз келген тоолорду чүмкөп турду.

* * *

Додолонгон сүрөттөрдөн Сүкөмдүн өмүрүн кайра башынан көргөндөй болом. Тигиниси, мунусу да турмуштук тасманын токтоп тургандай элесиндей сезилет. Анан өнөрканасына алып өтүп, "Кожожаш" эпосунун негизинде тартып жаткан "Мергенчинин өлүмү" аттуу чыгармасы менен тааныштырды. Ал "Жаралуу эчки", "Мергенчинин өлүмү" жана "Жашоо түбөлүктүү" деген шарттуу аталыштагы үч бөлүктөн турат экен. Жалама зоонун боорунан жаралуу Сур эчки бизди кектүү тиктейт, андан бери мылтыгын мыкчыган, көздөрү чанагынан чыккан Кожожаш аскадан кулап, жерге күм-жам болгону учуп келтат. Бер жакта Күн жадырап тийип турат, желге термелген жашыл жалбыректар... "Жаратылыш да, адамзатың да дүйнөгө түркүк болбойт, баарыбыз өтөбүз бу дүйнөдөн. Бирок, Күн тура берет, нурун чачыратып. Күн өлбөйт, Күн түбөлүктүүлүктүн символу", – деди сүрөтчү. Саякбай Каралаевдин портрети өнөркананын так төрүнө илинген. Качан тартып баштаган, дагы эле бүтө элек. "Дагы жүз жылдан кийин Саякбайдын даңкы таш жарат, аны бөркүндөй көр. Ошондо бул уникалдуу инсандын феномени изилденет, нака баасын ошондо алат", – деди Сүймөнкул аба.

* * *

– Ке, сага Карабалтанын ырын ырдап берейин, башы кандай эле. – Ал диванга жөлөнүп турган домбураны колуна алды, – өткөн бир заманда казак элинин баш-аягына аттын кашкасындай таанымал

Темир таз деген ак таңдай ырчысы өткөн имиш. Өкүмү зор адамдар домбурасынан бөлөк байлыгы жок кембагалды көпчүлүккө жолотпой, “Эл алдында дагы бир ырдаганыңды көрсөк, таңдайыңа коргошун куюп, доошуңду өчүрөбүз” дешип кубалашат. Кордукка чыдабай, башын өлүмгө сайып, кыл чайнаган бечара домбурасын күүлөп эл алдына чыгат...

«...Өгүздөй өргө тарткан акең өлсө,
Күндөрүң не болады, шыракгарым?!.»

Сүкөмдүн коңур үнү жүлүндү сыздатат-ов. Сүрөттөр да ыр угат тунжурашып... Казактын мейкин талаасы, жылкылардын дүбүртү, домбуранын армандуу доошу... Төртүнчү кабаттагы чакан өнөркананы терметкен обон терезеден шарт секирип, талаа кезет... Жанымда домбурасын сыздаткан Карабалта, көкүрөгү арманга чыланган кадимки Карабалта! Сүрөттөр мага кошулуп ыр угушат, сүрөттөрдүн көзүнөн жаш куюлат...

“...Күндөрүң не болады, шыракгарым!..”

* * *

СҮЙМӨНКУЛ ЧОКМОРОВИЧ лифтиге чейин узатып чыкты да “Кыял дегениң күлүк экен” деп жылмайды. “Кээде бир ой келет. Мына, бармактай кезимен карама-каршылык менен алышып келем. Эгерде деним сак, дүйнөм түгөл, жыргап-куунап тирилик өткөзгөн болсом, өзүмдү эч качан жолдуумун деп эсептебес элем. Бу заманга керек экенинди билген сайын, күрөшкөн сайын өзүңдү бактылуу сезет экенсиң...”

Чын эле, ал үчүн бул жашоонун сыры да, ыры да ушул акыркы сүйлөмдө айтылгансыды...

Соңку сөз

Турмушу чоң романга татырлык адам жөнүндө бир шиңгил очерк жазуу баарынан кыйын экен. Бүтөөрүн бүтүп, “дагы чала-чарпыты калдыбы, сынаакы көзгө бир сыйра окутуп алсам” деп бир аптача буйдалдым. Чынын айтсам, редакторума берээрден мурда тобокел деп Сүкөмдүн өзүнө, баягы кычыраган креслосунда отурганда окуп

бердим. Өзүнүн эки-үч ай мурдагы айтып бергендерин унчукпай угуп отурду.

– Окутпай эле чыгара берсең болмок экен... – деди аягына чыкканымда. Башка ак да, көк да дебеди. Тизесине келип конгон чымынды бир шилтеп уучуна кысты да, туруп барып форточкадан ары коё берди...

Кол жазмамды, жайдын саратаны жеп, кичине саргая түшкөн баракгарымды колтугума кысып, билинээр-билинбес кыңылдап: “Эсенчилик болсо, өзүң окуп сынаарсың” деп жеңилденип, сага келатам, окурманым!

* * *

Жакында эле эки күн болуп калды, Сүкөм редакцияга телефон чалыптыр. Жөн-жай эле. Ал-акыбалды сурашкандан кийин: “Эми ишим бүттү деп, жоголуп кетпе” деди. “Колум бошосо эле барам” дедим.

А бирок, ал кишинин колу бошоор бекен, аны түк ойлобопмун...





“АК ЖУРТЧУ АМАН – ЖУРТ АМАН”

Жусубалиев жөнүндө “жүргөнү кызык, жазганы андан кызык” деп жүрүшөт окурмандары... Ал мага мындай элестейт (көп укканыман эмес, көп көргөнүмөн...).

... Таң сүрүлүп, жер жээгине жакындаган агыш шоолага чайынып, термелеп түбүндө түпкүчтөй ийилген Кубат аке кечээтен бери терметерезе леген табылгасын дептерине (эки тыйындык дептерди тең белинен бөлүп, жартысына жазат) сөөмөйдөй кембагал калеми менен жазып, аркүн чыкканча кажынганы кажынган... Оо, арбыганда да кандай бийт!.. Желбегейленген бейкасам чапаны шыргыйдай боюнан паска качып, бир жактан түн оодарган бактектер терезе кашегин чокуп, бечара “ашынасынан” сүйүнчү сурайт. “Кутман таңды чогуу тостук, жазуучум!” Терезе шарт ачылат. “Карга пок чокуй электе соргок жемсөөңөр өзөрүп кеттиби, о жарамазан айткан кошоматчылар!” Шилбидей ничке, упузун манжаларынан бадырап дан чачылат. “Оо, какой чудесный день!” деп коёт дагы аркасынан. Али күндүн көзү көрүнө элек...

Ал мага ушундай элестейт. Көп уккандан эмес, көп көргөнүмдөн...

Кубат Жусубалиевдин үйүндө таштан көп неме жок. Ишенбесеңиз, өзүңүз билиңиз. Уюм туудуга кылданган сакадайынан тартып, кош колдоп көтөрчү таштарга чейин табасыз. Сурадык: “Сүйлөшпөймүнбү...” дейт. “Буларда сыр катта...” дейт. “Алайдан келгени, Енисейден табылганы, дагы бир көрдөн термелеп, эптеп чөнтөк үйгө куру келбейт, старик...” дейт. Залалы тийбесе тура берсин, сүйлөшсө сүйлөшөр... Кооз таштарга кардар түшкөн мындай кишини көрө элек элем. Муну карагыла, акебай, бир кулач дүмүр бу үйгө каяктан келген?! “Ээ, үка, жер-сууну кыдырып келатсам бул жаны жок, какшыган сайдын таманында жатыптыр. Арчанын дүмүрү экен. Көтөрүп алдым. Элди өзүң билесиң да, сатып аткан окшойт дештиби, оро-пара чыккандын баары сурайт. “Тапкан тапалактыкы” деп коём аларга. Мындай дү-

мүр ар кимге эле учурай бербесин түшүнүштүбү, “жолдуулугума” баш чайкап коюшат, бечаралар”.

Окурмандарынан бирин-серин кат алат: “Аңгеме, повесттериңизди ным окубай калдык. Жазгандарыңыз каякта?” десе, “Толубай сынчыдан” бөлөгү колуңуздан келбей калдыбы?!” деп какшыктагандары да бар. Туура түшүнөлү, алар тыбырчылап таланттуу жазуучунун өнөрканасынан кабар алгысы келишет. “Не иштеп, не бүтүрүп жатат?”, “Оюнда жүргөн не санаасы бар?..”

Алыс барбайлы, “али-пали” дешип, кол алышып, учурашып жүргөн биз дагы сөздүн чыны, жазуучунун колу жетип, жетпей жаткан иштеринен бейкабарбыз. Кезинде Бакай жазуучубуз Т.Сыдыкбеков анын “Күн автопортретин тартып бүтө элек” деген повестине жазган баш сөзүндө “таланттуу” деп атаган Жусубалиев кайра куруу күрдөөлүндө калемгерлик милдетин кандай өтөп жатты экен, окумал журчулукту кызыктырган чыгармачылыгындагы оош-кыйыш учурларынан кеп салып берээр бекен деген үмүттө кайрылганбыз:

– Асман менен жердей унчукпаган, аты жакшы бир куш бар, сөздү ошондон баштайлы. Сураштырсам, көп жерде билишейт экен. Алайда Ак Журтчу деген куш болот (атыңдан айланайын!). Бүркүттөн айырмасы жок. Канатынын жартысы ак, жартысы кара. Унчукпаган момун куш. Бала болуп, үнүн уга элекмин. Жаз менен кошо учуп келет да, күздө кайтып бир көргө учуп кетет. Учушунда жер менен асмандын бейкуттугу, беймаралдыгы бар. Ак Журтчунун уясы биздин үйдүн аркасындагы Кызыл аскада. Темир канат балапандарын жылан, накаан-да[1] бир учуроочу чөп-чардын тамыры менен багат. Төбөбүздөн учуп өтүп калса, бутуна чырмалган, жанталашып тыбырчылаган жыланды көрүп калчубуз. Бир сапар үйдө китеп тиктеп отурсам, инимдин баласы Улан жүгүрүп кирди: “Аба, Үч-Чаттан эки-үч киши Ак Журтчунун уясын аңдып, атып алабыз деп жүрүшөт” деди. Ишенгеним жок, Ак Журтчунун имнесине кызыгат? Күүгүм талаш чып этменин үнүн уктум. Жүгүрүп чыксам, төбөмдөн шуу этип, Ак Журтчу учуп өттү. Мен караңгы баскан Кызыл аскага карап, кыйкырып, кыйкырып наалып кала бердим. Элдин айтымында, эки-үч адам кыйладан бери Ак Журтчуну аңдып жүрүшүптүр. Ак Журтчу аларды эч жанына жолотпой, аттырбайт экен.

Муну караңыз, чымчыктар, майда куштар баягы ниети бузуктар келатканда эле Ак Журтчуга кабар берип, качырышат имиш. Көрбөйсүзбү, периштелүү кушту парандалар өзү да билет турбайбы... Чынбы-жалганбы, Ак Журтчунун өтү, эти рак оорусуна миңдин бири –

[1] *Накаанда – сейрек.*

дары имиш. Дагы бир күнү баягы Улан (ананайын өмүрү узун болсун, жанда жок боорукер) тердеп-тепчип чуркап келди: “Аба, Ак Журтчунун уясына адам түшүрүп, балапанын алганы атышат!” Жылаңайлак, жылаңбаш түз эле Кызыл аскага жүгүрдүм. Карасам, арканды белине байлап, бир бала үңкүрдөгү уяга түшүп келатыптыр. Асканын башында экөө арканды чиренип тартып турушат. “Эй адамдар, о куштун убалына каласыңар, койгула!” десем болушпайт. Бири: “Э, үйүңдө отура берсеңчи” дейт. Жаман жиним келди: “Эй, силер билбейсиңер, бу куш кызыл китепке кирген, законду бузуп атасыңар, кушка катылдың дегиче ар бириң миң сомдон штраф төлөп, эки жылга түрмөгө кетесиңер!” – десем дагы тоотушпагандан кийин, жүгүрүп барып эле оозума ак ит кирип, кара ит чыгып сөгүнүп киripмин. Мен түшүндүм, менин айтканым аларга мастын айтканындай, апендинин айтканындай угулду.

Буга чейин койгула деп аларга эч ким айтпаса, жолун бирөө тоспосо... Алынып-жулунуп жүгүргөнүмдө күйгөнүмдү билип-сезиштим бир, арканын сүйрөп, сызып ийишти. Ак Журтчунун уясын кайтарып күүгүмгө чейин отурдум. Ошондон кийин уйкум бузулду. Баягы аркан сүйрөгөн бакылдар түшүмө да кирди... Бул бир жөнөкөй эле факт. Чынында асманда учкан бир куштун бары-жогу менен кимдин иши бар. Бирок, ошол кушту коргоп калуу эл-жердин, дүйнөнүн проблемасы экенин түшүндүм. Элге жакынсынып, Кызыл асканы башпаана кылган момун кушта не айып? Айып ачкөздүктө, карөзгөйлүктө! Табияттын сулуулугун тоноп, жүрүп-жүрүп ушерге келдик. Ушинтип жүрүп, Кожожаш да аскада калбады беле?! Бизге эч нерсе сабак болбойт экен...

– Кубатбек Жусубалиевич, жазуучуну кайра куруунун жарчысы деп аташууда. Жаңылануу желаргысы экономикабыздан маданияты бызга чейинки айдыңды текши кучагына алган күнү жазуучулар кантип кол куушуруп отурат. Антүүгө моралдык акысы жок. Мына, көп калемгерлерди көкөлөтө мактап, бир беткей баалап келгендик ушул жоопкерчиликтүү күндөрдө байкалууда. Ал ошондой эле чыгаан экен, жумурай-журтка кашкөй калемгер экен, оозуна талкан куюп алгансып эмнеге унчукпайт? Таң азандан туруп, киоска оозун аңдыган эл газета-журнал бетин ачып, жазуучунун учурдагы өзгөрүүгө үн кошкон, ачык айтып, ак сүйлөгөн сөзүн окубаса, кечирип коюңуз, ал жазуучунун калк арасындагы кадырмандыгы кайсы?

– Аккат сөз. Эгерим жазуучу бечаранын жонуна уштаптагыдай жүк түшпөс. Бул революциячыл өзгөрүүлөр өнүгүүбүздүн бышып, шагында как болгон маселелери. Мындай шартта жазуучулар туурачылдык

позициядан кылчалык тайбай, адамдардын мүдөө-муктаждыктарын илгиртпей туюп, ыймандык жактан арууланууусуна үн кошуудан тартып, саясий салмагы төө көтөргүс публицистикасы менен кызмат өтөөсү керек. Алыс барбайлы, сөз тизгинин жакшы китеп менен начар китептин мамлекетке (адамдарга) тийгизген залакасына бурсак.

Акыйкатчылыкка умтулган таланттуу китеп чала бышкан, жарым-жан, шордуу китепке канчалаган жылдар бою жеңилип келди. Алып келген кирешесин кеп кылбай эле коёлу, жакшы китепти окуган адам көз жашын агызып арууланып отурбайбы, көкүрөгүн күлкү кытыгылап, куштарланып отурбайбы. Башындагы тагдырын, кечирген жашоо-турмушун күзгүдөн сыңары көрүп турбайбы... Мындан өткөн коомдук кенчти, байлыкты табабызбы, акебай?! Жазуучу Юрий Казаковдун айтымында: "Ар кимибиздин калемибиз, жазуу столубуз, жазуу ыгыбыз бөлөк-бөлөк. Бирок, бир нерседен, турмуш сүрөтүн чындык менен сүйлөтүүдөн жаңылбашыбыз керек..." Насип экен, түштүктө жүрүп бир чарбаны аралап калдык. Бир карап эле раистин тамаркасын тааныдык. Кенен-кесири, окчун жерде бак-шакка чүмкөлүп, көздү күйгүзөт, түгөнгүр. Шаар жеринде андай тамды болду-болбоду дегенде отуз минден кем сурабайт. Короосунан жеңил машина-нын тумшугу чыгып, дарбазасы кайкалайт. Угуп жүрдүк, курорттон калбайт экен. Чарбанын иши күйсө да, путёвкам күйбөсүн деген жетекчи турбайбы. Эми ошол жетекчи өзүнүн таламын элдикинен өйдө коюп, кирпич үйдө пенсияга чыккычакты жылуу-жумшак жашай берет. А чарба "карызга" белчесинен баткан. Ким жабыр тартып жатат? Албетте, карапайым эл. Айлыгы колдоруна маалында тийбесе, ушуну социалдык адилеттүүлүк деп айтууга болобу? Дүкөндөн айлык алгыча деп, насыяга "атаң жакшы, энең жакшы" менен майда-чүйдө алып оокат кылышат. Жетекчилерди азыр шайлоо жолу менен эл өздөрү кылдап[1] калды. Мына, журтчулук менен алака, масилеттешүүнүн турмушта акталган жолу.

Илгери көктөм жуук тээ түштүк тарапта өйүз-бүйүз конгон айыл өзүнүн аксакал башчысын дайындашчу экен. Кыйын делип кылданган адамды алма түбүнө жетелеп келишип, жабылып бата беришчү дешет. Ишенимге татыган адам жер сырын билсе, ошол алма гүлдөп, башын жегендей түшүм берчү экен, а башчы эл оозуна алынчу деп айтылат аңызда. Кызыгы мында, акебай, ал көпчүлүккө калыс адам болбосо, баягы алма бечара кашайып гүл ачпай коёт имиш. Жаңылганын билген эл кийинки көктөмдө алма түбүнө бөлөк адамды алып келишчү экен. Карабайсызбы, эл оозундагы ошол кепти бүгүнкү күн

[1] *Кылдап – тандап.*

менен салыштырсак, жердин сырын эмес, элдин сырын билбеген нечендеген ноктоосуз жетекчинин айынан канча алмабыз гүл ачпай, мөмө байлабай калды...

– "Уккан кулакта жазык жок" дейт. Сиздин чыгармачылыгыңыз туурасында ар кыл пикир угуп жүрөбүз. Мисалы, "чыгармасын чактап жазат, сары майдай сактап жазат", "жазгандарынын тагдыры тайкы, пешенеси кууш, ыкыбалсыз...", "эзели жазган нерсесинин танабын талашып, келеге[1] түшпөгөн", "жоок, о натуру кеп, кыл чайнашып жүрүп ушуга чейин, өз стилин, Жусубалиевдин прозасын сактап кележатпайбы... Андай туурачыл жазуучу бу чөлкөмдө беш манжа менен саналат..." деген. Кыскасы, ар кимдин оозуна ар кыл кеп, "Жетинин бири кыдыр", кайсы бирине ишенебиз?

– Эл оозунда элек жок. Ошого ишен! Анан көрөк, сөзгө кулак сал. Чындыкты моюнга албаска чара жок, окурмандарыбыз жакшы чыгармага али туйтунуша элек. Жакшы идея, жакшы ой калемге оңой илинбейт. Сары изине түшүп, жыл коротуш керек, өмүр коротуш керек, ашына. Ал пайлап жүрүп, жамбы атып алгандай иш эмес. Өзүнүн кара башы үчүн эмес, окурмандын дарди деп табылга издеп, ошонун көңүл кушу деп өмүр короткон калемгерлерибиз аз эле. Бир басма табакка жетпеген "Айгүл тоо" деген аңгемесин жазыш үчүн М.Гапаров бир-эки айын коротуп, быягы Баткен, тажиктердин Сок, Исфара шаарларын, аягы Ысык-Көлдөн бери айланып, табылгасын бечара бир чымчымдан термелеп жүрдү го. Кайриет, чыгарма түштүктүн аптабына бышкан экен, көлдүн салкын желине тотуккан экен, жазуучу дагы окурманым дегенде кара башын садага чаап жибере турган кемде-кем учуроочу сапатын далилдеди. Жумурай-журттун көңүлүн кушубак кылган, кыргыз прозасына жаңылык алып келген аңгеме ушинтип жаралган. Чыгарма жаратуудагы чеберчилик деген – калем учтап коюу эмес го. Элестүү айтсак, бирибиз калбай ысык көөрүктөн өтүү. Көөрүк боюбуздагы акыр-чикирдин баарын күйгүзүп, күл кылат, азап-тозогун көрсөтөт, аягында таптаза алтын кылып, элге сунат. Көөрүктөн өтүү – чыныгы эрдик. Көбүнүн колунан келбейт. Айрымдарыбыз, катуу тийсе кечирип коюшсун, адам болбой туруп эле жазуучу, акын болуп алганбыз. Муну аздыр-көптүр адабият турмушуна аралашып калганымдан айтып отурам. Көрүп эле жүрөбүз, айрым колунда калеми бар адамдар кичине эле турмуш кыйынчылыгында сынынан ыдырап, жөнөкөй адамдан төмөн туруп калат. Садагасы кетейин, адабият базардагы соодагер эмес да. Суктанып жүргөн классик жазуучулар өлбөс ой, өчпөс идеясын, тирүүлүк

[1] *Келе – жарыш.*

түн ой-мүдөөсүн тамырында жүргөн каны менен жазышкан. Албетте, ким болсо да, казанына жараша чөмүч тандайт. Шүгүрчүлүк, кыргыз прозасынын наркын бийиктеткен Ч.Айтматов, Т.Сыдыкбеков өңдүү соңунан азбы-сазбы көз ээрчиткен балбылдаган жылдыздарыбыз бар, бактылуу экенбиз. Бирок, ийгиликтерибизге илик жүргүзгөндөн көрө, турмушубуздун али калем учу тие элек тараптарын сөз кылуу артык. Китептердеги "оң каарман" проблемасы ойдогудай эмес. Илгерки "табылгабызды" саан уйдай саап жүрүп, кунун учуруп ийдик. Жаңыча өңүт издеп, идеянын сулуулугу, поэзиясы жөнүндө ойлогон адам жок. Ой артында ой катылчу эле, сөздүн көркөм улуу касиети болчу эле... Мындан келди, "оң каарман" калемгер "көтөрүп жүргөн" эле ыймандык категориялардан ашып түшпөй, өзүнө "окшоп" калып жатпайбы. Көбүбүз жазсак эле кара башыбыздын кыяпатын ойлойбузбу билбейм, баягы көндүм коомайлануу көлөкөсүнөн коркпондук кала элек. Терең психология, адамдагы ыймандыкты, асылдыкты издөөнүн басмайылы бошоп, кургак дидактикага азгырылып кеткен жагдайлар көп жолугат.

– Туура сөздү козгодунуз. Бүгүнкү учкул турмушту чала бышкан чыгармаларда чагылдыруу адабиятыбыздын максатына кирбейт. Ошентсе да, жазуучулардын жаңылануу учурундагы үн кошууларында (ал кана, каякка чыгып жатат?!) бизди, жалпы элди камтама кылган нерселер көбүрөөк айтылышы керек эле...

– Менин оюмча, кайра куруу – жазуучу үчүн адамзаттын ички дүйнөсүн терең аңдап-билүү. Биз көпкө чейин кыйпактатып жазып жүрдүк. "Үркүнчөөк" адаттын айынан чымындай нерседен пил жасап, "бул тааныш эмес тема, билдирүү керек", "кеңешип-таңашуу керек" деп айрым көлөкөсүнөн коркпон жетекчилердин тайыздыгынан айдай китептерибизден "айып" табылды. Ошол биз колго алсак эле "колуң күйөт" деген маселелер, мисалы, борбордук газета-журналдардын беттеринде нечактан бери эле түшпөй келатат. Саясатчылар, публицисттер телеберүүлөрдө тынбай эле кеп кылышат. Тааныш эле тема бизге жеткенде "жат" болуп чыга келет. Же болбосо "Жусубалиев жазса эле ал "жөн жазбайт", "Жусубалиев айтса эле ал" "жөн жатпайт..." имиш. Мисалдатайын, "Амбар китеп" аттуу повестимдин ("КМга" үзүндүсү жарыяланды) жазылганына он жети жыл болуптур. Окурмандардын колуна тиймеги тозок болду. Атынан "өөн" табышты. «Маната» "Амбар толо алтын бар" деген жакшынакай сап бар. Майда-чүйдөгө эле социалдык маани берип, көбүрүп-жабыртуу кимге пайда алып келди, акебайлар?!. Мезгил жетип, повесть үстүбүздө-

гү жылдын январь айында "Ала-Тоо" журналына чыкмак. Дагы "кемтик" табылып, 7–8-сандарга сүрүлдү. Журналдын редколлегиясынын он эки мүчөсү түгөл окуп чыгып, чыгарманы жактырды. Ал журналдын 8-санына "Күздүн акыркы күнү" деген ат менен чыкты. "Муздак дубалдар" аттуу романым да курулай шектенүүлөрдүн атайын басмалардын сейфинде камалган. Азыр бири калбай жарык көрдү. Жакында "Ала-Тоо" журналынын окуучулары менен болгон жолугушууда (телеге тартылышкан) жаш жазуучуларга айткан кеп-кеңешим бар эле, бул да белгисиз себептер менен кесилип калыптыр. Кийин телевизордон өзүмдү көрдүм, отурамын. Сөзүм жок... Көпчүлүктүн "эсин чыгарайын" деп деле эч нерсе айткан эмес элем. Өкүндүм, жалпы окурмандарга багыштаган, чын дилимден багыштаган сөзүмдүн жерде калганына жазуучу, гражданин катары өкүндүм...

– Биринчи интервью беришиңизби?..

– Э, аны дагы бирөө кызыкса берет экенсиң... Муну жакшы айтпаган. Буга менин бир оюм бар. Күн алыс саарлап коңшу-колоң менен узун кезекке туруп, бир кемпирдин колунан сүт алабыз. Менин он литрлик челегим бар. Ага кемпирлердин баары кызыгат. Бир жолу кезегим (канча өмүрүбүз ушул кезекке короду!..) жетип калган. Чыканагымдан бирөө эле түртөт. Карасам, бир абышка он литрлик челегиме көз ымдап, "о, сиз бизге сүт калтырбайсыз го" деди. Көпчүлүк челегимди тиктеп калыптыр. Ыңгайсыз абалда калдым.

"Ичиңизди кең салсаңыз, баарыбызга жетет" дегичемди, баягы сүт саткан тааныш кемпир бурулуп, имне дейт десеңиз: "Это хороший мужик. Эгер сүт аз экенин билсе, челегин толтурбай дайыма жарымынан алат. Это хороший мужик" дейт мени. Адамдар ишенип калышты. Менин эсим ооп калыптыр. Мындай факт болгон эмес, сталик! Болбосо да ошентип айтканы таң калтырды. Сүт түгөнмөктөн какшып калган күндө да, челегим бир жолу да бөксө кеткен эмес. Кемпир ошентип койду эле, садагасы кетейин көпчүлүк ишенип калды... Биздин бул маегибиз да ошондой кемпирдин мактаганындай болуп калбасын...

– Сөздүн нугун чыгармачылыкка бурсак...

– Таң ата электе туруп иштейм. Адам баарына көнсө болот. Кеэли-кечке окуйм. Жөө жүргөнгө бала кезден машмын. Колум саалпаал бошоду. "Кубат жок, Кубат көчө кыдырып кетти". Бул безерилик эмес. Басып жүрүп ойлонгон кыйла жакшы. Фрунзенин мен баспаган көчөсү калбаса да керек. Бир сапар темир жолдун үстү менен көчө-

гө кирип алып, айланып чыга албайм. Көрсө, көчөнүн аты "Круглая" экен. Бак-шактуу, чудесная улица! Азыр ошо көчөгө атайлап барып, атайлап "адашам"... Жазганымды үч-төрт сапар көчүрүп иштейм. Бир мисал, "Толубай сынчы" аттуу аңгемемди сегиз вариант менен жаздым. Бири да жакпады. Чыгарманын сиздер окуган варианты бир отурганда 5–6 сааттын ичинде жазылды. Эрнест Хемингуэй "Кош түбөлүк, куралым" романынын биринчи бөлүгүн элүү сыйра көчүрүп иштептир. Ана, мээнет деп ошонукун айт! Биздики анын алдында шоона эшпейт. "Сүйүүм менин чымчык болуп сага учат" аттуу романым жазылып бүтүп калды. Чыгарма "пешенеси катуу" жазуучунун катаал тагдыры жөнүндө. Анын жарык дүйнөдө бар экени, жок экени менен эч кимдин иши жок. Бар кылган иши – жазат. Бирок, эч жерде басышпайт. Мукураган жазуучу сөөмөйү менен асманга жазат. Кагаз коротпоюн дейт. Чыгармачылыгынан баары үмүт үзүшөт, аялы да кетет. Жалгыз гана жети жашар кызы кыйбайт. "Я люблю его! Я всегда буду слушать его. Пусть пишет свои романы! Ичээр суусу түгөнгөнчө жанынан карыш жылбайм!" дейт. Тырнактай кызы жакшылыктан күдөр үзбөйт. Атасынын мыкты романдары али алдыда экендигине ишенет...

Оюмда дагы бир тема жүрөт. "Одинокие заметки" деген романды баштап койдум. Мага бир кол жазма тийди, он эки кил чыгат го. Авторунун аты-жөнү жок. Айыл жеринде жашаган аял башынан өткөргөнүн жазат экен. Эми окусаң, баш көтөрө албайсың. Оо, кандай турмуш, кандай гана тагдырлар жок анда! Тубаса талант деп калдым. Мейли, о романды басышабы, басышпайбы, ишим жок.

Кол жазманы Алайга ала кетип, ошол жактан жазып бүтүрөм... Ара-чолодо шаар жөнүндө кыска аңгемелер жазылып жатат. А публицистика жөнүндө кеп башка. Колубузду көкүрөгүбүзгө коюп айталычы, ушу бүгүнкү күнгө чейин учурдун учтуу проблемаларын калайыкка жар салган, керек жерде күйүнгөн, бардар жерде сүйүнгөн публицисттерибиз (кээде Кеңеш Жусуповду ырымга атап жүрөбүз) таңкыс. Айрансың, бул күжүрмөн жанрдын тагдырын жазуучу, акын, драматургдар эмес, журналисттер чечет деген жеңил-желпи түшүнүк кайдан келип чыккан?!. Коом баштан кечирген калба-камтама калем көтөрүп жүргөн баарыбыздын "көкөй кестибиз". "Соң-Көл булактарынын ыры жана ыйы" деген публицистикалык очерк жаздым. Жатайгылткан көлдүн атарабин, жайытты чегиртке каптап кетиптир. Чегиртке тийген жердин тозоңу чыгат экен. Шашкан бечара адистер "чегирткенин тукумун курут кылабыз" деп бит дары чачып киришет.

Жаандын суусу менен дары көлгө куюлуп, керемет форель балыктарына зыяны тийди. Бул алаамат эмей эмне?!..

Соң-Көлдүн тегерегин көрүп жүрсөк, бир кары алдыбыздан чыкты. Анын да көкүрөгү толуп жүргөн экен. Сүйлөшүп калдык. "Чегирткелердин адебин жылкычы чымчыктар берчү. Тумшугу менен баркылдатып, кырып жок кылышчу. Дары деген ойго келчү эмес. Кийин мөңгүлөр эрип кетип, тоо булактары тып токтоду. Ошондо чегирткелерге Кудай берди. Үйүрү менен адамга айбат кылганычы, тооба. Бул песке чымчыктардын алы жетпей калды. Көрсө, чокуй берип тумшугу чегирткенин ширесине чапташа баштаган бечара чымчыктар учуп барып, тумшугун утур мөлтүр булакка малып алышчу экен. Көрдүңүзбү, табияттын бирин-бири кыйбастыгын. Бири-бирине көз карандылыгын! Жанынан корккон чымчыктар мурдагыдай чегирткелерге катылбай "багынып" берди. Арты эмне болду, көлдүн көркү бузулду, байлыгы кемип отурат. Очеркте көп проблемалар козголгон. Соң-Көл жөнүндө жазылган "Саламатсыңбы, жайлоо", "Кымыз", "Койчу менен жөө туман" аттуу сценарийлерим боюнча өмүрлүк жарым Клара Юсупжанова фильм-трилогия тарткан. Ал эми "Дүйшөндүн көпүрөсү" деген сценарийим боюнча тартылган даректүү фильм Краков шаарында өткөн эл аралык кинофестивалдын "Алтын ажыдаар" баш байгесин жеңип алган. Чынында көпчүлүк мени жазуучу эмес, киносценарист катары билишет.

– Кубатбек Жусубалиевич, сынга болгон мамилеңиз кандай? Сөздүн чыны, чыгармачылыгыңыз жөнүндө сын аз жазылды...

– Силер окубай калдыңар го. "Күн автопортретин тартып бүтөлек" аттуу повестим жөнүндө сынчылар жылуу пикирлерин айтышкан. Өзүм жөнүндө жазылган сынды калтырбай, издештирип болсо да окуп жүрдүм. Бара-бара аты-жөнүбүз тигил же бул катардан аталганы болбосо, чыгармачылык жөнүндө а-бу деген сынчы чыкпай калды. Менин прозамды туура түшүнүүгө аракеттенген эки сынчы бар. А.Токтогулов менен А.Токтомушев. Сын аз жазылды деген дооматызга жараша өзүбүз да арбытып же "кыйратып" жазсак экен. Андай дейин десең, В.Распутиндин үч басма табак көлөмүндөгү "Өрт" аттуу повестинин тегерегинде борбордук газета-журналдар бири калбай кеңири сөз кылды го... Кыскасы, жазганың жакшы болсо, сын сени оңой эле табат. Сынчыларыбызда да айып жок эмес. Көбү сөзгө чоркок. Жазганын ташыркап, өзүңдү зордоп жатып окуйсуң. Кээде элдир-селдир ойду кубалап, чыгарманын сюжетин кайта башынан "жоруп" кирсе, көлөм дегенге Кудай берет. Мындай жалпылама сындын жазуучунун чыгармачылыгына тийгизген пайдасы барбы? Өзүнө ба-

гытталган сынды “чымын чакканчалык” көрбөгөн ардем кыял айрым жазуучуларыбыз бар. Сынга ишенишпейт. Калыс, көңүлү түз айтылса да карөзгөйлүк менен кабыл алгандар жок эмес. “Эгерде бүгүн жақыл-желпи жемелесең, эртең эле мактайсың” деп ичине котур ташын катып, антип “өзгөчөлөнгөн” сындын душманы. Сынчы жазуучу менен эмес, анын чыгармасы, анда – чагылдырылган турмуш чындыгы менен сүйлөшүүсү керек.

– Аксакал жазуучубуз Түгөлбай Сыдыкбеков менен ата-баладай ээрчишип жүргөнүңүздү серап көрөбүз...

– Ээ, Түкөмдүн жакшылыгын көп көрдүм. Жакшылыкты жашырат белек. Бир сапар калемиме эч нерсе илинбей, илинсе да “ана чыгат, мына чыгат” дешкен убадакөй кызматкерлер тил эмизип, чөнтөк жукарып, калаада эптеп оокат өткөрүмүш болуп жүрсөм, Түкөм оро-пакыы цирктин күн батыш тарабында маңдайында латын тамгасы менен жазылган сактык кассасы болор эле, ошол жакка баштап келди. Мен солдоюп касса оозунда калдым, ичкери кирген Түкөм о кыйлада аткулактын жалбырагындай жүз сомдук кагазды көтөрүп чыкты. “Кубат, үстү-башыңы оңо, түзүктөп оокат ич” деди... О кезде жүз сому бар адам жер баспай калчу. Түкөмдүн кайрымдуулугун көбүбүз көрдүк го. Болбосо, бешенемден сылагандай мен ошондо ким элем. Аңызгече ошо жүз сомун кайтара албайм... Аны кыргыздын залкар романчысы, карапайым адамы, акылманы катары терең урматтайбыз. Маал-маал Мурза, Кеңеш үчөөбүз Түкөмдүн алдына барып, алтын чөгөргөн кебине кумар таркатып келмейибиз бар.

– Чыгармачыл жаштарга көрүлгөн камкордук жылдан-жылга өсүүдө. Өткөндө союзга мүчө болуп кабыл алынган жаш акын-жазуучуларга күбөлүктү доордун залкар жазуучусу Чыңгыз Айтматов тапшырбадыбы...

– СССР Жазуучулар союзуна мүчө болуу – жаштар үчүн улуу зыйнат. Союзга жаңы кабыл алынган жаштардын аты таанымал, жазгандары дадил эле. Көптү үмүттөндүргөн ысымдар. Ошол эле учурда далай жаш таланттар союзга мүчө болуу быякта турсун, басмага тапталанттуу адам жазарын жазат, бирок, “коюн-колтукка” шып кирип, шырчу кол жазмаларына ээ боло албай жүрүшөт. Эсибизде болсун, ашпештегиче прозасын прозадай, ырын ырдай чыгарып алган айрым “жел тамандардай” напси агытпайт. Тилекке каршы, дал ошол нысаптуу авторлордун саябалуу багы жок, жазган китеби, журналга жарыялаган чыгармасы жок. Ошентип отурган бечаранын союзга өтүү түшүнө киреби?.. Биз, жазуучулар, колубузду көкүрөгүбүзгө

коюп сүйлөйлүчү, кимибиз мүнүшкөрдүк милдетти мыктылап аткаруудабыз? Жаштар үчүн жаңы күйүп, өзүнүн беш-он табак китебин кийинки жылга калтырып, ордун жаштардын жыйнагы чыксын деп, ким жар салып чыкты?! Садагасы кетейин, илгерки чыгыштын философ-акылмандарынан айланса болот го! Көкүрөгүндөгү асылдыкты, дилинде көргөн өнөрдү, көөнөргүс кенчти келечектүү бирөөгө өткөрүп, о дүйнөгө сапар тартуу үчүн шакирт издеген, кайырчы болуп, чөл кезген, журт безген! Өнөрү түбөлүк жер үстүндө жашашы, адамзатка кызмат өтөшү үчүн шакирт издеген! Шакиртинен өзүнүн эртеңин, келечегин, өлбөс-өчпөс илимин көргөн. Биз дагы адабиятыбыздын эртеңин, келечегин ойлой жүрүшүбүз керек. Өнөрүбүздү өткөрүп алар таланттуу жаштар табылбайт бекен? Жүда табылат! Мүмкүн, аттуу-баштуу жазуучу-акындарыбыз көзөмөлүндө жүргөн жаш калемчилерди тартынбай эле союзга кабыл алууга сунуш кылышса. Кийин түлөгүнүн чыгармачылыгына өзү жооп берсе. Мисалы Москванын Жазуучулар союзунда мындай иш-чара өзүн актап жатат. Биздин оюбузча, ушундай болгондо жаштар баштагыдай китеп чыгарууга анчалык жанталашпайт эле, кайра жазган чыгармасын шагындап как кылып, анан окурмандарына сунушаар эле.

– Кубатбек Жусубалиевич, Ак Журтчу жөнүндөгү аңгемеңиздин аягын уксак да, маекти тамам кылалы...

– Жүда саз болот, Ак Журтчуну айта берсек эми узак сөз. Кечээ түштө Алайга бардым. Ак Журтчунун караанын көзүмө сүрткөнгө зар болуп, жолдун чети менен кетпаратсам, Сөпө сугатчы макага суу куюп жүрүптүр. Али-палиден кийин, “Сөпө, Ак Журтчу жүрөбү?” деп сурадым. Десем, беймарал туруп: “Аа, Ак Журтчу айылчылап жүрөт...” деди. Анын мага ушинтип айтканы жакты. Жөнөкөй десең жөнөкөйлүк бар, терең десең тереңдик, поэзия десең поэзия бар... “Ак Журтчу айылчылап жүрөт...”. Бу бечара айыл аралап, үймө-үй учуп, ооокат кылат, балапан багат. Бу журт аралаган ак жолтой куш. Кубат берсин ага, Ак Журтчу аман болсо, журтум да аман...

– Баш эсен, боор бүтүн, бардем[1] туруңуз, чыгармачылыктан барака табыңыз!

– Силерге да ыракмат.

[1] *Бардем – бакыбат.*



ТЫҢШАЧЫ, ДАРЫЯ ШООКУМУ УГУЛБАЙБЫ?..

АЗ ЭЛЕ ЖЫЛДАР мурда Мурза Гапаров Ошто иштөөчүдө, биз газетанын жумушу менен, а тарапка оголе көп каттачуда ары-тар сапарыбыздын алыс-жакынына карабай паитин таап, Ош шаарынын бир жеринен телефон чалып калчу элек. Үйүндө болсо трубканы өзү алчу. Көпчүлүк учурда кыйылып, жазуу үстөлүнөн үзүлө албай чарчаңкы турганын доошу айтып турчу. Тааныр замат үнүн-дөгү мукуроо чегинип, доошу куунак чыкчу. “Куш келипсиң, ука! Аз-маз иш кылып аттык эле, үйгө келчү жолду өзүң билесиң да...” Бирок, бирар саат шаарды айланып, анан жол улап кете берээримди укка-да: “ага ынабасаң, Оштун базарын аралайбыз. Кеп-сөз болсо, чайка-надан бышырабыз” деп калчу.

Бозгумтул аккан Ак-Бууранын боюндагы эгиз сөрү, салкын чайка-на. Садагасы кетейин, базар күүсүнө арбалган кара-комок эл... Зире себилген тандыр нанды, шиңгил-шиңгил жүзүмдү, ооздон-оозго көч-көн кептин кызыгын айт! Ушу маалда жан-жагынан базар күү чалып, Мурза аке түндүн тээ бир оокумуна чейин ой кубалап, жүз түйшөлгөн бадан-боюн жеңилдетип, жан дүйнөсүн жыргал өрдөгөндөй ыраңына чыгып, тегерегинде андан өткөн сөзмөр жоксунат. Ошондон уламбы, таланттуу жазуучу жараткан кейипкерлер мага мынабу кара-комок элди аралаган жөп жөнөкөй, жан дүйнөсү жакшылыкка бай-дөөлөт, бирөө-бирөөнө: “о, базарыңдан береке тап!” деп баш ийишкен, кем чыкса бүтөшкөн, ашыгы болсо бөлүшкөн ынтымак-ырыстуу адам-дардай, а жазган чыгармасы издегениң табылчу, береке-паиздүү, төгүл-чачыл ажайып базар сыяктуу элестейт.

Ал базарды жанындай жакшы көрөт...

А жазды эч нерсеге теңебейт, ага барабар керемет ал үчүн бу дүйнөдө табылбайт.

Жазга жуук Мурза акенин иш кабинетинен гөзө идишке өндүрүлгөн буудайды-майсаны көп көрөм. Эки кочуш дан бөйрөгүнөн жарылып, көгү кулпурган сайын бул үйгө кош майрамды жакындата берет. Бири Нооруз майрамы – жаз майрамы, а жашыл буудай бул майрамдын тээ илгертен келаткан символу, экинчиси үй ээсинин, Мурза акенин туулган күнү. Дал бүгүнкү жыйырма экинчи мартта күн менен түн теңелген күнү ал жумшак диванында көзүн жуумп, Ноокат менен Оштун ортосундагы адырлардын бетин бербей чатырап гүлдөгөн бадам гүлдөрүнөн, туулуп-өскөн Нойгут айылындагы ак мөндүр гүл ачкан өрүкзардан элес кармап, жаз шарапаты делебесин козгоп чыгат дүүлүктүрүп... Ал чоң, картаң өрүкзарда туулуп, өрүкзарда чоңоюп өстү. Бу кишинин айылында тээ илгертен эле эл күтүнүп, Нооруз майрамын тосушчу. Чоң-чоң казандарга сүмөлөк кайнатышып, а топураган балдар ак чөлмөк издеп, аппак гүлгө чүмкөлгөн өрүкзардан-өрүкзарга кубалашып, айдын сүттөй шооласы төгүлгөн түнү кубанычтуу ызы-чуу алыска угулуп турчу. Жыл сайын үйүндөгү жамынып жүргөн Мурза аке түштүккө жөнөп берет. Ал дейдилик адатка кошулбайт. Кайсыл жерде өрүк, шабдоолу эрте гүл ачса, ошол жактын жазын кубалап кете берет. Уккан улама, көргөн көсөм дегендей, чыгармасын жолдо жазат, каармандарын жолдон табат. “Айгүл тоо” аңгемеси дагы жаз кубалап жүргөндө тапкан “олжосу”. Эрте жаздын күкүгү сымал, калаадан-калаага көчүп, жаздан-жазга өтүп, быягы Кара-Алма, Арсланбаптын жаңгак токою, аягы Фергана, Исфара, Кокон, Маргаланга чейин ооп, ар жердин жаратылышына, табиятынын кайталангыс сулуулугуна азгырылып, насип буйруган жерден ырыскы таткан, чайкана келеби, мейманкана туш болобу, Кудайы конок түн өткөрөт да, таң азандан туруп, сапар улайт. А жазылчу чыгарма аздан көңүлдө түптөлүп, бутагынан бутак уланып, аптапта кызарган анардай ичинен бышып жетилет...

М.Гапаровдун мейли аңгемесин, мейли повестин кайталап окуган сайын, кайра эле ошончолук өзүнө имерип, байкалбаган жактары

ачылып жүрүп отурат. Аягына чыкканчакты улам аз калып бараткан барагына ичиң ачышып, бир эсе жазуучунун көлөмгө болгон сараңдыгына кыйылганыңчы. Кез-кез баш көтөрүп, сөздөрдү жарашыгына, наркына жараша чебер урунса, жан дүйнөңү эргиткен касиеттүү күчкө ээ болоруна көзүң жетип, жазуучунун талант-кудуретине тан бересиң. Калк алдында калыс айтканга келеби, окурмандар көркөм сөз устатынын жарык көргөн ар бир жаңы чыгармасынан кийин “Гапаровду окудуңбу?” деп, биринен-бири озунуп сурашканы, тегерегинде кызуу талаш-тартыш туудуруп, анан таразаланып жүргөнү жазуучунун чыгармачылыгына болгон кызыгууну аттын кашкасындай көргөзүп отурбайбы.

Баамчыл окурмандар М.Гапаров түзгөн диалогдор ар качан жөнөкөй, уккулуктуу, чегерген жеринде ак дилден армансыз кызмат өтөп турганын айттырбай эле билет. Чыгармаларында диалекти сөздөр, говор ар бир беттен кезиккени менен, ал сүрөткердин угуттуу баянлуу адамдарынын өзүмдүк сөздөрүнөн не бир кулпурган, ширелүү кептин тизмегин токуп берип жатпайбы. Шагы ийилген андай сүйлөмдөргө чөгөрүлгөн ой да көпөлөктөй көңүлгө коно калат.

Ушул жерден бул жазуучунун чыгармачылыгына байланыштуу жаш прозачыларга керектүү мисалды келтирүүнүн кыябы келип турат. Чейрек кылым чеке терин чакан-чакан аңгемеге төгүп, чыгармачылык дидарын ушу жанрдан көрсөткөн М.Гапаровдун эстетикалык табылгаларга бай, баарын бир жыйнакка бириктирсе, бир элиге чыктаган чыгармалары сөз кадырына кыраакы, сюжет тандай билүүгө, курууга зергер жазуучуга кадыр-барк алып келгени көркөм сөзгө кунту бар адамга дайын эле го.

– Кыска аңгеме жазганды жакшы көргөнүмдүн себеби, мен турмуштук ар кыл жаңы ачылыштарга, кызыктуу жагдайларга жолдуумун, – деди чыгармачылыгы жөнүндө ар кимге эле коюн-колтук ачканды жактырбаган жазуучу. – Көлөмдүү роман жаратууга көңүлүмдүн тартпаганы, анда күн мурунтан чыгарманын окуяларын, сансыз сюжеттик курулуштарын ирген-ырастап албасаң болбойт.

Кептин кыскасы – жүзгө жакын тагдырды күүжүм[1] бир китепке киргизип, анан ар биринин тагдыр-таразасын тактап отургандан көрө, дурус билген эки-үч тагдырдын таржымалын көкөйдө калгандай нуска баяндап берүү мага көбүрөөк жагат. Баткенде жүрсөм, тааныштунуштар Айгүл деген гүл өсчү тоо бар дешип калды. Көргүм келип, кызыктым. Ошо жердегилерден жакшылап сураштырсам, андай гүл апрелдин башында ачылат экен да, көпкө турбайт имиш. Кийинки жылы апрелдин башын көздөп, гүлдү көрмөккө Баткенге жөнөдүм. О болуп, бу болуп, барганым-келгеним бекерге кетпеди. "Айгүл тоо" аттуу аңгемем жеңил жазылды... Табиятта сейрек учуроочу гүл көп ойду айттырууга себепчи болду. Азыр оюмда "Сага жалган, мага чын" деген шарттуу аталыштагы аңгемелердин циклин жазуу идеясы жүрөт. Мисалы үчүн "Аскадагы адам, айылдагы аял", "Жыландын мүйүзү" деген аңгемелерим жазылып калды. Мени "кыбыр иштейсиң" дегендер да чыгат. Шашканды башынан эле жаман көрөм. Мага койсо, ар бир сүйлөмдүн сөздөрүн, анын обон-ыргагын издеп көрөм. Мен үчүн ар бир сөздүн маани-күчү, аткарар кызматы бар. Мисалы бир эле сүйлөмдө бир сөздү эки-үч сапар кайталап жиберем. Айрым редакторлор мунумду жактырбайт. Жакпаса кантейин, "кызыл чеке" талашып да көрөбүз. Ар бир сөздүн обонун тыңшаган адам билет...

Акыйкатта эле М.Гапаровдун кыргыз прозасындагы өзүмдүк өзгөчөлүгү биринчи кезекте, тил менен жан үрөп иштөөдөн, ойдун масштабдуулугуна умтулуудан, булактай тунук, ары жөнөкөй тилдик каражаттардан, канаттуу фантазия, поэтикалуу дүйнөсүнөн көрүнөт. Ой менен тилди терең айкалыштырууга жетишкен ыкыбалдуу жазуучу ошол эле учурда чыгармасына философиялык ой чөгөрөт да, аны окурмандар чөйрөсүнө жыйнактуу түшүндүрүп кутулат.

Таланттуу жазуучунун бүгүнкү элүү жылдык тоюна багыштаган чакан макаланы жазып болуп, кагаз-калемибизди жыйнаштырып атып, кокустан эле "Дарыянын шоокумундагы" жер астында агып жаткан дайраны тыңшап, эртеби-кечпи сайга толуп чыгарынан күдөр үзбөй кумурасын тазалап отурган Дербиш менен тегирменге суу келчү арыкты чаап аткан Ормонду көрүп калдым. Алар маал-маал

[1] *Күүжүм – чогуу.*

иштерин токтото элейе калып, бири-биринен сурап коюшат. "Тыңшачы, дарыянын шоокуму угулбайбы?.."

Биз дагы, жазуучунун окурмандары, жер астында агып жаткан дайра шоокумун угуп, эртеби-кечпи сай-сайга толуп, күркүрөп агып чыгарынан күмөн кылбайбыз.



ЖАКШЫ ЖАЗГАН – ЖАКШЫЛЫК

ЖАЗЫШ ДЕГЕН өзүңү-өзүң үстөлгө матасаң, өрөпкүп-мокоп, чама-чаркым майышканда туруп кеттим. Балконго калемди кармай чыгыпмын. Таң сөгүлүп баратат, ошого жарыша кыйраткан же иш кылсамчы. Эч кимге кереги жоктой ай жаныбар бозоруп күндөгү жолунда, тогуз кабат аска тамдын төбөсүндө шоола сын жерден үзүп-үзө албай... Эки түн короттум, а он беттик макала али бүтө элек. Көп болсо да бир жөн, наяти он бет... Жазылды дейли, жарык көрдү дейли, шону дагы он, жыйырма жыл өткөрүп бирөө-жарым колуна алып, пашарт, окуп калса “а бечара, түзүк жазган экен” деген сөз шо пенденин ниетинен чыгар бекен?.. Же гезит бетинде күнүмдүк өмүр кечирип, эч кимдин көңүл саздесине илинбей күкүктөп аккан мезгил шарында кайрылгыс агып кетеби. Он беттик макаланын сүрөөр доору саратандыкынча болбосо, анда беш жүз беттик романдын көрөр күнү узак деп ким айта алат! Пенде баласына белгилүү чындыктын эки тарабы болбойт, эгер он беттик макаланы дагы таланттуу калем жазса, кайсыл кылым колуна албасын, кулпуруп, окуганды өзүнө азгырганы-азгырган. Бул чындык! Аны бизге аты өчпөс кылымдар калтырган!

Мынабу сүрүлүп бараткан танда, аска тамдын балконунда туруп алыста-алыста калган биздин тамды, үрүл-бараңда биз жаткан төшөктүн аягында багымдат намазын окуп отурган атамдын сезимге түбөлүк түнөгөн аваз-кырааты, дуба кыларда ар бирибиздин атыбызды атап, кимдир-бирөөгө муңайым жалынып-жалбарганын угуп жатып, өпкөм-өпкөмө батпай шо доошту укпаска жуурканга чүмкөнүп алганымды эстейм... “Ата, балдарыма береке-паиз, нысап бер деп кимге жалындыңыз? Аны өзүңүз бере албайсызбы?..” деген күндөрүм болду. “Сен апенди, имнени билесиң...” дечү закзал. “Кудай барбы?” деп нечен сурадым. Сураган сайын чоочуп кетчү. “Бар эмей, төбөңдөн кыраам ишиңди да, адал жакшылыгыңды да көрүп турат” дээр эле. Мүмкүн биз, журналисттер, жалган-жашыктан арылып, ма-

шакат-мээнет менен мандай-тер тамызып жазганыбыз азыркыларга эле эмес, аркы кылымдын адамдарына да кылган адал жакшылыгыбыздыр.

А биз кандай жазып жатабыз... Кимибизди албайлы, калем кармаарда биз жетпес наркы кылымдарды, төбөбүздөгү ак-каранын калысын ойлойбузбу?! Каяктан...

Максатыбыз – маселенин ушул өңүрүнө, таза гезиттик макала, публицистика жазып күн көргөндөрдүн бүгүнкү абалына байырлагыбыз келди. Жашыруун эмес, журналисттер бир жагы шашма эл, ансыз дагы болбойт. Шашмалыгын учкул мезгил өзү кечирээр, а окурманы-чы... Ага бу "макала апыл-тапыл жазылды, көңүлүңүзгө төп келбесе кечириңиз" деген кыйбас шерт эки ортодо коюлбайт да. Жазаарга келгенде ал ошол шашмалык кылгылыкты кылат, "өндү-дөңдү карабаган" макаланын таасир-кызыгы болобу? Непада өзүнүн жазганына өзү окурман болуп көрбөгөн авторлор үчүн "ар кимдики өзүнө ай көрүнөт көзүнө"...

Дегеле илгери-кийин кыргыз журналисттеринин өнөрканасына бирөө-жарым башбагып, кур дегенде "барын бар, жогун жок" деген иликтөө жарыялабагандан кийин "күжүлдөгөн күнүмдүк дандын" тагдыры өзүңүзгө белгилүү да... "Алыбек алына жараша" дегендей, жазышка келгенде ар кимдин "жугуму" ар кыл. Бири чогултат десе фактыларды саман-топондоп, анан кайсынысына токтолорун билбей шыгыраган цифрага "кампайган" көлөмдүү макала жазса, көрүп жүрөбүз, дагы бири болор-болбос фактыны "эски тегирменине" салып, көз чуркатып өткөнгө жарарлык он бетти чампалай калат.

Кагазга түшүрүп, кол жоорутканды жактырбай алакандай блокноту менен түз эле машинкага отуруп "жат айтканга" кынык алгандатутунган принциптерин да түшүнсөк болот... Жаман жери, мындай "оңой оокатка" качыруу – жаңыдан жазам дегендердин табитине зака салып, гезит беделин белге тепкенин бир Кудай билбесе, өздөрү али туя элек сыягы... Жок эмес бар, ошо болгонуна да шүгүр, гезитжурналдарыбызда алакандай макаласын алтымыш беттик очеркке садага чаппай турган, журналисттик өнөрдүн арпин алган, жазганын окурмандары кууп жүрүп окуган аты жалпыга нуска калемдештериме каниет кылам.

Мага ар бир гезиттин өң-турпаты, анда эмгектенген ошо үркөрдөй журналисттердин образы менен айкалышта элестейт. Эмнегедир алардын очеркисиз, публицистикасысыз, макаласысыз а гезит-

тер мага супсак, жашырбайм, өзүмчө кылдап жүргөн авторлорумдун жазганынан дайыма табылга издейм. Таң калганым, эмне үчүн алар жетээрлик мүмкүнчүлүктөрү болсо да өзгөлөрдөй сандан-санга чуурутуп, коёндой окшош макала жарыялашпайт. Көрсө, аларың жазаар темасын атып алчудай ай болбосо да апталап, ар өңүттөн аңдып-аңдап, сомдоп жазат тура. Кай бири менен ой бөлүшкөндө көзүм жетет. Алар жазып жаткан макаласын окуган окурмандарынын кумардуу жүзүнө чейин туят, сезет турбайбы. Көрүңүзчү, ошондон кийин ал журналист ой келди калем шилтейби... Бул журналистикадагы таңкыс касиет – профессионалдуулук! Ал деген калемгердин ички бай ыйманы, камылга-деми, керек болсо, окурман дегенде алмашкыс ыйык шерти! Жана бир сапар белгилегим келет, кайсыл гезитти алба (мейли, борбордук гезиттерден байкап көрүңүз), алган багытын, өзүмдүк жүзүн, журт арасындагы кадыр-баркын ошол аптадан-аптага ой-идеясын чымчымдан ак баракка себелеген, окурманым дегенде жубардай тунук сүйүүсү бар журналисттер аныктайт. Жогорудагыдай кашкөй азчылыктын "көпчүлүк" алдындагы артыкчылыгын калыс баалоо – адатта, коомайланып, капка катылган бойдон калып жаткандыгы да көңүл чөгөрөт.

Ырас, маалымдуулук кыргыз журналисттеринин чыгармачыл дарбазасын кеңири ачты. А тургай үч-төрт жыл аралыгында адабияттагы көркөм туундулар колго илинбей, окурман журту жалаң гезиттерден баш көтөрбөй "тили буудай кууруган" публицистикага арбалып кеткен сыяктанды. Ал дагы чын, буга чейин айтууга ой жеткен менен, тил бурулбаган коомдун өткөнү менен азыркысы шыкалган каптын оозу ачылганда да кандай ачылды дейсиз, эски жарааттын картын сыйрыган "чуулгандуу" макалалардын "жогорку сортуна" кыныктырган гезит-журналдардын нускасы Кудай бетин салбасын, кийин-соңу кагаз каатчылдыгы асмандап тизгиндеп калбаганда, барбы...

Жаңылбасам, кайра куруу журналисттердин катарын дагы бир кыйлага көбөйттү. Мурда-кийин калемине оңдуу тема илинбей, илинсе да түзүк ийленбей жүргөндөрдүн чырагына май тамды, экиүч жылдын аралыгында фактылары "кол күйгүзгөн" макалаларды биринен-бири жарышып жазышты. А жаандан кийинки козу карындай "көз ачкан" гезиттерди айтпаңыз, алардын супурасы курук болуп жаткан соң "ой, тез бүтүрүп колго тийгиз, кезектеги санга уруп жиберебиз. "Калемпир мурчу" болсо болду" деп жар салып жатса, халтурага жол ачылбаганда анан качан ачылат. Мурда, саналуу гезит чыкчуда "басмайылы бош" материалдар өзүнөн-өзү сүрүлүп турган болсо,

азыр андай чийки продукция “жогорку сорт” менен кабыл алынып, гезиттердин төрүнө чыгып жатканына акылың айран. А тургай, кээ бир кычыктуу, мурдагы бийликтин жогорку лигасынын лидерлерин “чапчыган” жеңил баа ушак-айыңды бир гезиттен бир гезит көчүрүп басып, басма сөздөгү “уурулуктун” эрөөн-терөөнү болбой калганына жакаңы кармайсың.

Эсибизде, бир-эки жыл мурда шашкеге жетпей күркөлөрдө гезит калбай жайдак калчу. Азыр гезиттен баш адашат. “Таңкыс” делип жүргөн гезиттерден тартып, “Правдага” чейин кабат-кабат. Аты кулакка өөн учураган, баасы бир сомдон асти кемибеген кооператив гезиттердин керек болсо, биринчи санын таңгагы менен табасың. Республикалык баш гезиттердин көпчүлүгү кагаздын таңкыстыгынан күркөлөргө түшпөй, ошол эле кезде айрым “чала сабат” гезит сымактардын нускалары үйүлүп турса, бу кагазың түшкүр чөнтөктүүлөргө табылып, а учредителдердин “оозун аңдыгандардын” ырыскысы кыйылып калабы деп ага да камтамасың... (тулкусуна элибиздин мадарына эки айга кечигип келишине да кооперативдердин жоктон бар ний мурастарынын уюткусун каткан “Мурас” журналынын окурмандыкылган “сыйкыр таягы” калака болуп жүрбөсүн...).

Барып-келип эле “мезгилден өткөн сынчыны” көрбөдүк. Маалы келгенде керектүүсү менен керексизин окурман өзү айырмалап, өтүмдүүсүнө өткөөл берип, а гезит атына жамынып, кумар черди козгоого ылайыкташканы мезгил элегинен өтпөй супурасы куруганда, маа демектен, “шумдуктуу укмуштар” менен арбаса да, окурмандарынын “апатиясы” андан ары жылдырбайт.

А окурмандардан айланса болот. Гезитчи катары, өзүмдүн тармушуман бир үзүм мисал келтирейин. “Жаныш басып кеттиби?”, “Сүймөнкул абанын абалы кантип калды?” деп оро-пара учураган, кат салып же телефон аркылуу сураган да ошолор. “Жаныш жөнүндө даректүү повесть жазсаңыз”, “Сүкөмдүн искусствосу чоң китепке арзыйт эле” деген сунуштар да окурмандыкы. Өгүнү КМУда журналисттер менен болгон жолугушууда бир студент кайрымдуулук – түбөлүктүү тема, кайсыл доор болбосун, ага муктаж болуп келген жана келе берет деген ой айтты. Болочок журналисттин теманы туюнганына дилимден ыраазы болдум. Өз темасын табуу – журналист үчүн чоң олжо, “изденген калемгер – олжолуу” деген сөз гезитчилер арасында бекеринен айтылбайт...

Окурмандардын күсөгөн мүдөө-талабын талдап-тастыктап алгандай эле болдук. Макала, очеркти колдон келсе, жогорку көркөмдүктө, турмуш чындыгын эмоция деми менен чагылдыруу, негизги-

си автор менен каарман ортосундагы “мамилелер баштан-аяк сыр жашырбас кыраат менен жазылышын баалашат. Көркөм сөз, философиялык чабыт, элдик ой менен асыралган калем гана авторуна ашык атат. Бирок гезиттик макаланы көп эле көркөмдөбөй маселени туура көтөрүп, бүтүмүн так чыгарып жазыш керек дегенди тээк туткандар да көп. Канткен менен ал алардын гезитине, кесибине болгон мамилеси. Мындайда, журналист бир ордунда “селкинчек тээп”, жазган сайын өзүн-өзү кайталап, окурманын оюнан чыгарып, “көндүм механизмге” өтүп баратканын сезбей-туйбай калып жатпайбы...

“Гезит деген тегирмен, күндө жазганыңды күндө жеп турат” деп коюп, гезиттин күнүмдүк ташпиш-бийлигине тизе бүгүп, төрт-беш беттик материал иштеп, күн кечкирткен жалакайлыгыбызды качанга чейин бечара гезитке шылтайбыз! Атаганат, калемиң табында, окурман менен бөлүшөөрүң көкүрөк-көөдөнүндө туйлап турса, ал сөзүбүз айтылбас эле...

Бирин жазсаң, бири көңүлдө демекчи, кысталаң шартты баштан кечирип жатып да келээрки жылы жазылуучуларыбыздын бирин митпей кантип жыйнап алабыз деген суроону иш билги жамаат ждынан чыгарбайт. Чындыгында мында бирден-бир ишенимдүү пайрымы аз. Жаман жери, техникалык жасалгасынан тартып, идеялыккөркөм бийиктиги, тарбия-таасирдүүлүгү бир кылкалуулукка жетишмейин, эртеңки күнгө үмүттөнүү эртелик кылат. Айрыкча рынок мамилелерине баратканда ар бир гезит-журналдын тагдыры мурдагы “даража-тактысы” менен эмес ири алды тарбиялык күч-кубатына, мазмун-кенчине жараша бааланарын бөркүбүздөй көрөлү. Ошондуктан, жаңы ачылган гезиттер да, эски кемегесинен түтүн булаткандар да элден мурун ой-өрүмү кенен, калеми кайсы маселени козгобосун туура жиреген, талант, шыгын эл тааныган, күмүш сап журналисттерге “жуучу түшүп”, а тургай астыртан өз жээгине азгырган учурларга өзүбүз күбөбүз. Анын эч эрөөн-төрөөнү жок, ким эле гезитими, журналымы эл окубасын деп тилек кылсын.

Кызык жери, эртеби-кечпи, таланттуу журналистти таап, таптап, күүгө келтирген гезит-журнал түлөгү конуш которуп, ооп барган дакциялардан компенсация төлөтүп (ооба, бир клубдан бир клубга өткөн футболисттердин андан эмнеси артык?..) алууга жетишкен маал келээрине да ишенем, керек болсо, бул – талант көзүн ачып, туура

тарбиялап, жөндөмдүүлүгүн арттырган гезиттин аракетин акыйкат баалоо, бир жамааттын бир жамаатка ыраазычылыгы. Канчалык баш чайкабайлы, ошо "кадр баарын чечет" деген ураандын чыныгы маани-маңызын турмушта айкын көрсөтөөр күн босогобузда турат...

Айтмакчы, учурдагы кырдаалдын удулунанбы, мага публицистиканын тили мурдагы сылык-сыпаа маданиятынан бир аз тайып, каткалаң тарткансып кетти. Мындайда редакция кызматкерлерине оппоненттердин "буркан-шаркан" жаакташуусу баяндалган материалдарды камырдан кыл сууругандай этият, калыс редактирлөө гана аброй алып келээрин көңүлдөн чыгарбаганыбыз оң. Болбосо келген материалдарга кол тийгизбей машинкага таштап, анан типографияга айдай берсек, гезит-журналдарда отуз-кырктап отурганыбыздан не пайда. Ошол эле "Саясий трибунага" чыккан "Ачык каттын" ордокойгон сүйлөмдөрүн "бутап", "одоносун" оңдоп койгондо ал макала окурмандарды анчалык "солк" эттирмек эмес. Көптөгөн авторлордун (анын ичинде өзүбүздүн даанышман жазуучубуз Ч.Айтматов да бар) дубасын алган "Новый мир" журналынын илгерки редактору А.Твардовский деле редактор болуп төрөлгөн эмес. Замандаштарынын айтымында, редактор катары анын үлкөн артыкчылыгы – авторлордун ой-мүдөөсүн илгиртпей илип, акылгөйлүк менен иштеше билгендигинде, "капасталган" чыгармаларды да не бир алака-аспиет менен аман алып калып, жарыкка чыгарганында, чебер редактирлөөсүндө турбайбы.

Гезитчи болгон соң жашырбайын, көп жазуучуларга (алардын ичинде көпчүлүгүбүз аваз кылган акындарыбыз да бар) көлөмүнө деги чек койбой темасын тандап, макала жазып берсеңиз деп жүрүп тилибиз тешилди. Сүйлөшө калсаң моокум кандыра кеп салып, сен сезе элек маселелерди чубап, жаңгактай чагып турса Кудай буйруса ушулардын тегерегинде бир макала бажарып берсеңиз" деп баштасаң эле "чолоом тийбейт, планда китебим бар, убакыт алкымдап турат" деп карматпайт. Же эки эли, үч эли китеп жазып жүрүп, эки-үч беттик макалага алымсынбай калышабы... Журтуна аттын кашкасындай таанымал инсан журтунун сыздооктой жан сыздаткан учур маселерине ооз учунда эмес иш жүзүндө, басма сөз бетинде күйүп-бышканда го, атаганат деп, эки ачакей позициясына арга жоктон алакан жаясың да...

Сөз чынынан бузулбайт, бул сапар сөөккө сиңген көнүмүштөн – публицистиканын ана башыларын бир баштан санап, айткан-дегендеринен кынап-кыпчып кебибиздин мартабасын көтөрүүдөн

атайлап качтык. Кудаага шүгүр, ичибизди кең салсак кыргыз публицистикасынын жүзүн жер каратпаган, калың журт окурмандардын улуу-кичүүсү ызааттаган узун тизмебизден деле табылат. Узун көчтүн башында сапар таасирлерине сезимтал, жол очерктеринин чебер акыны Кеңеш Жусупов, татым-тарбиясы нарктуу публицистикалардын сериясын өргүтпөй, бир кунунда жазган Советбек Байгазиев... Кемирчек ийнине коомубуздун төө көтөргүс жүгүн арткан, калеми деги бир калп айтпаган канча-канча кесиптештерим туурасында буйруган күнү узун сабак сөз кылаарбыз...

... Баягы башында айткан макаламы али бүтө элекмин, күндө жаңы бактар кошулуп калат, чынын айтсам, анын бүтүшүн өзүм да каалабайм...





БАТКАН КҮНДҮ АЯЙМЫН.., же турмуштан тамган тамчылар

(эсселер)

Күндө болбосо да күн алыс өзүбүз күбө болуп, этибар албай жүргөн, сезимге жылт эттирип оттук учкунун жандырган турмуштук жагдайлар күндөлүк сыңары кагазга чиймеленип жүрөт. Сезимтал окурман көңүлдү куюндай көтөрүп кеткен ошол чырымтал ойдон чоң ой ултарып аларына кудуреттүү деп ойлойм. Көз күбө болгон, кулак чалган микро-икаялардын "Турмуштан тамган тамчылар" деген темасы бар. Эмесе, ошондон шиңгилдер...

* * *

"Э-ээ, мейманканаңды дагы көрдүк. Эртең кетем деп сатып алган көр-жеримди тор баштыктарга бөлүштүрүп атсам, эшик тыкылдап калды. Оюмда эч нерсе жок ача койсом, босогодо бир катын турат. Жылаңач үстүмө костюмумду иле койдум. Ого болбой эле катын сүзүп кирип келди. "Ашырсыңбы, эмне талып калдың, киши көрдүң беле? Дүкөндүн баарын көчүрүп кетейин дегенсиң го, кайран оштугум" дейт. Акылым айран калды, бу мени каяктан билет деп. "Ким болосуң?"- дедим. "Ширин эже жөнөттү, буфетчи... "Табыңыз" деген турбайсызбы, мына, биз кызматыңыздабыз. Кана, бу дүйнөңдү жый!" – деп четте жаткан кичи уулумдун таңкеткасын бир тепти эле, жаным чыгып кетти. "Айланганы кирдиңби, ким чакырса, ошонукуна бар! Ашыр-Пашырыңды билбейм, менин атым Пусур!" деп кыйкырып ийдим. "Оо, бечарам десе, ошо Ашыр мен болом десең бир жериң кемип калат беле, дагы эркек имиш корсулдап" деп эшикти тарс жаап чыгып кетти. Чачылган буюмдар чачылган жерде, өзүм дал болуп отуруп калдым. "Мейманканаң түшкүр десе, ушундайың да бар беле"

деп түнү бою көзүм илинсечи. Саар менен кабатта отурган дежур аялдан күндө бир маал колунан шам-шум этип жүргөн буфетчинин атын сурасам: “Күлүйпа” дейт. Капырай, баягы көзүн көөлөгөн катынга мени Ашыр деп анан ким айтты?.. Шу күнгө чейин күмөндөр жүрөм. Айланайындар, алыс-жуукта мейманканага башпааналап калсанар эшигиңерди катуу жаап, бирөө-жарым черткилесе, ичкериден туруп “бу ким?” деш керек экен. Алар “Ашыр барбы?”, деп калса, “бу жерде Ашыр жашабайт” дегиле. Уйкуңар тынч болот (аравандык алысыраак тагам түрмөдө отурган бөлөсүнө учурашканы келип, мейманканадагы көргөнүн азыркыга чейин отурган-турган жеринде айтып жүрөт имиш. Мүмкүн, аныкы да туурадыр...)

* * *

Базарга келгенде күндөн-күнгө кымбаттаган нерселерге кейип-кепчип, ансыз дагы кыска өмүрдү кыскарткандан көрө кыдырып жүрбөй эле четинен алып, тезирээк кетиштин амалын кылган оң. “Эй бала, ке, өрүк ал, эки сомдон берем” деди базарга кире бериште жалгыз отурган кара мойлоо. “Каяктыкы?” дедим ишенбей. Себеби, как өрүктүн жаман-жуманы эле Фрунзеде сегиз сом эмеспи. “Баткендин аптабына бышкан, таңдайыңда эрийт, алып кет, киласын эки сомдон берем” деди мойлоо. Жаңгактай-жаңгактай саргайган, сүйрү өрүктөр... “Мынча арзан?” Базардан (базар-базар болуп жаралгандан бери) бир дагы аларман минтип сураган эместир. “Ээ балам, ушундай болуп калды. Ырасын айтсам, бу өзү Ат-Башыга бара турган өрүк эле. Кызым ошоякка түшкөн, бала-чакасына атап бараткан элем, насип кылбаптыр. Минтип, базарга коюп сатып отурам. “Манастан” аптабакзалга келип, кассага турдум дагы белет алайын деп эле колуму салсам, пул жок. Чөнтөк алка-шалка тилинип жүрөт, кисабир куруткан экен, бүдүр тыйын койбоптур. Бу өрүктү сатып, жол кире кылып үйгө жетип алайын, кызыма насип кылбаптыр, ал балам, сага эки сомдон берем, канча кила аласың?. Баткендин аптабына бышкан, таңдайында эрийт...”

* * *

Биз менен шыпааканада жаткан элүүдөн өткөн кишинин жүрөгү түндөсү токтоп калыптыр. Ыйдан ойгонуп кеттик. Ыйлаган окуусун

жаңы бүтүп келген медсестра экен. Бечара не айласын таба албай жарганаттай палатага учуп кирип, учуп чыгат... Таң атып, врачтар сөөктү студент-практиканттарга көтөртүп кеткичекти биребиз калбай коридордо жүрдүк. Орун жетишпей, коридордо жаткандар көп эле, качып бири да баягы бошогон керебетке жатпай койду. Ошондо Надя деген врач: “Эмне мындан жийиркенесиңер, керек болсо буердеги керебеттердин ар биринен өлүк чыккан” дебеспи. Ошондон кийин аны баарыбыз жаман көрүп жүрдүк...

* * *

“Токточу, балам”, – деди бирөө эле аркаман. Түшкү тыныгуу маалында бир жерден эптеп шам-шум этип, кимдин жаңы китеби түшүптү экен, кабар алайын деп дүкөнгө бараткам, карасам бир мойсопут адам турат. Зайыбы дагы мени тиктеп, бульвардагы орундукта отурат.

– Кечиресиң, ука. Жүзүң жылуу учураганынан токтоттум. Бир кызык иш болуп турат... Жакын ортолукта дараткана барбы, айылдан келип түзүк...

– Мына, маңдайыңызда турбайбы, жердин алдында.

– Ого болбойт, суу агып турса дитиң баргыдай эмес... Суусу жок болсо... Чоң шаар, бардыр бирди-жарым...

Китеп дүкөн калды. Суусу жок жер издеп кеттик. Эптеп бирди тапсак, кулпу салып коюшуптур. Мукурадык. Аркамдан ээрчигендердин акыбалын ойлоп, өзүмө-өзүм батпайм...

– Баягыга эле кире бербейсиңерби, – дедим жер карап. Ээрчип келаткан киши мени кыйлага тиктеп турду дагы: “Балам, ата-энең барбы?” – деди.

* * *

Автобус жык-жыйма. Эл иштен чыккан маал. Бири-бирин күндө көрүп тажашкандай ачуусу мурдунун учунда... Биринин желкеси көрүнөт, биринин төбөсү, биринин сөйкөсү... Бирөө арт жактан талон берди. Тешкичтин жанында терезени тиктеп бараткан кишиге узаттым.

Ал талонду тешкичке салып, кайра тартты эле, айрылып, чыкпай калды, бирөөнүн чөнтөгүнө колун салып алгандай ыңгайсыздана

түштү да, колундагы өзүнүн талонун артка берип жиберди. Аны биз – үчөө-төртөөбүз көрүп калдык.

* * *

Эшик шарт ачылып, Ракем (Рамис Рыскулов) марш тээп кирип келди. Тизелери солкулдап, ламбадага чыкчу киши болсо, чарк чимирилчүдөй күүлөнүп алыптыр.

– Айткыла, киминерге карызым бар! – деди. Асман тикеленип дүркүрөгөн чачынан күлкү куюлат...

– Раке, бир жакка кетесизби? – дедик. Анда-санда кирип бизден сураганын алып турчу. Бир жерден калем акы тийген окшойт.

– Бу дүйнөдө менден бай киши жок. Рокфеллер чаңымда калат... Эки сүрөтүмдү, Сүрөтчүлөр союзу кабыл алды. Чөнтөгүмдө 300 сомум бар, киминерге карыз элем?!..

– Карызыңыз жок! – дедик бир ооздон.

– Анда "Ленинчил жашка" кеттим! – деп марш тээп чыгып кетти. Биздин жүзүбүздө күлкү ойноп, ишибизди улантып кала бердик.

* * *

Киоска жылан сыйпагандай. Гезит дегендин дареги жок. Макалам чыккан гезитти окуюн деп эртелеп чыкты элем. "Талап кетишти" деп күндөгүдөй колун жайды киоскачы аял. Базардан уулума жаңгак алдым. Мындай карасам, жаңгак өзүм издеген гезитке оролуп жүрөт. Макалам чыккан гезитти жаңгак менен кошо соодагердин колунан сатып алдым.

* * *

Чайнектеги чайдын түбүнө небак чыксак дагы талаш сөздүн түбүнө чыкпай өөдө турдук.

– Тойбой калдыңарбы? – деди баятан бери сөзүбүздү тыңшап, бир чекеде олтурган мойсопут. "Тойбой калдык деп буга кимибиз айтпайт" дегенсип, бири-бирибизди карадык.

– Бата кылбадыңар го анда, – деди ал. "Көрүп туруп унчукпай коюш мусулмандын иши эмес" дегенчелик жылмаят.

Үндөбөй орду-ордубузга кайтып чөк түшүп, жеген-ичкенибизге шүгүрчүлүк келтирип, дасторконго (дасторконубуз кагаз-гезит) бата кылдык.

* * *

Түштө аэрокассанын оозун пайлап, жоон топ адамдарга кошулуп, эртеңки жолдун билетин алмакчы болуп турабыз. Боюбуз, ырайларыбыз кыл. Алдымда турган сары плащ кийген кызга чачы тармал (калпы-чынбы, кээде химия менен тармалдатат деп жүрүшөт), көздөрү балбылдаган, мүрүсүнө илген кайыш калтасы бар жигит учурашып калды. Сурашкандарына караганда, көп жылдар бою көрүшүшкөн эмес.

– Турмушка чыктыңбы? – деди тармал чач.

– Каяктан чыгам, жигит жок болсо...

– Ой койчу, түгөнүп калгансыбай...

– Ошо мени ала каччу жигит, мүмкүн Афганистанда өлгөндүр, ким билет. Мен үчүн түгөнгөнү ошо да, – деди кыз. Селт этип чоочуп кеттим. "Мүмкүн, чын эле ошондойдур..." Тармал чач үндөбөйт. Аэрокассанын оозу ачылганда баарыбыз ичкери агылып кирдик...

* * *

Аэропорттон бир жак көзү майып, дудук адам көрдүм. Ар кимдин көзүнө жал-жал тиктеп, такалуу өтүгү менен күтүү залын карсылдата басып жүрдү. Маңдайыма келгенде "кем-карчыңыз болсо, жардам берейин" деп жаңсагыласам, "түшүнбөйм, кагазга жаз" дегендей ишарат кылганынан "пул-сулдан кемчил болсоңуз, кайрылышайын" деп жаздым. Ал башын чайкап кайтып колумдагы кагазга "каякка учсаң, кошо алып уч, күчүң жетсе..." деп жазып койду.

* * *

– Алайга кетем, билет алып келатам, – деди Кубат ака (К.Жусубалиев) алдыман чыгып. Келгенине бир ай боло элек.

– Жаңы эле келбедиңизби Алайдан.

– Э-ээ, имнени билесиң, ука, сен гезитиңди чыгарышыңы бил. Баягы кызыл таштын алдына үй салып атам...

– Убактыңызды ошентип жолго эле төгүп-чачып жүрө бериңиз. "Кургагынан" таштасаңыз, үйдү эки-үч киши колдон чыгарат эле го.

– Сен дагы кызыксың, чыгарма жолдо жазылат. Сен айткандай, "кургагынан" жыйып коюп, зарылда чекесинен кертип, беймарал оокат кылгандан кийин туулуп калсамчы... – деди жазуучу.

* * *

Наяти[1] бир күн жатты. Жанында элек. "Турдубай, О Турдубай, көзүңдү ач, бизди карачы, кантесиң!" дегенибизге такаат кылбай сузулуп кетип баратат. Алты саны аман, эти оорубай көшүп гана кете берди. Жашаарын жакшы жашады, бечара. Мындай өлүмдү сурап да алалбайсың, берекеси төгүлгөн күздүн күнү. Күндүн кашкайып тийип турганын айт, ушундай жадырап тийген күн биздин энчибизге тиер бекен... Жакшы өлүм болду, сексенге чыккан да бар, чыкпаган да бар. А кокус төшөк тартып жатып калса, өз убалы өзүнө эле да, миң жакшы келиниң да бир апталык, ашып барса бир ай алдыңды кургактайт, анан тили чыгат... Жакшы узады бечара, эти оорубай, алты саны аман, күздүн күнү, мындай өлүмгө жеткен да бар, жетпеген да бар...

Кален аба таяк учу менен сайгылаган жерди тиктейм. Күз. Күн жадырап жаныбар тийип турат. Асман көкмөк. Тике карай албайсың, кайтып жаз келип калгансыйт... Атаганат, шундай ажайып дүйнөнү кайсыл пендең ыктыяры менен таштап кетсин! Жакшы өлүм бар деген ишенбейм!

* * *

Бечара кат "Ала-Тоо" басма үйүнүн кире беришинде эшик кайтаргычтын үстөлүндө жатыптыр. Келгенине кыйла күн өткөнбү, топчусу үзүлгөн көйнөктөй кылып, колу туткак бирөө-жарым боору-төшүн ачып кетиптир. Күндө жанынан гезит чыгарганы же айлык алганы нары-бери өтүп жүрүп (журналисттер!), өзүбүз да көрбөппүз! Баратсам, жүз жолу ачылып, жүз жолу жабылган шордуу кат сүйлөп жиберди. "Жетээр жериме жетпей орто жолдо жатам, убал-сообумду ойлогон бирөө-жарым барбы?!" Сүйлөгөн жок деңизчи, эшик кайтаргыч үч

[1] *Наяти – болгону.*

маал окуп тажаганбы: "Эки аптадан бери жатат, тийиштүү редакцияга берип коюңузчу" деди. Орто жолдо мен дагы окудум. "Кымбаттуу редакция (гезит-журналдын аты аталбай), арыз салган элем, темасы – "Аксайдагы малчылардын көргөн күнү". Үч айдан бери дарексиз, тагдырын билип берсеңиздер?" деп жазыптыр автор...

* * *

Токмоктон автобуска кошо чыкты. Жашын болжоп айтыш кыйын, кыркма сакал, күңүрт түс көз айнеги бар, а колунда бүктөлгөн гезит. Алды-аркасын тегерете карап, бир жерге отурарына көз жетпеди. Арткы орундуктарды күүжүм ээлеген төрт-беш кыз жүдөп-какаган жигиттердин коюн-колтугунда бүрүшүп (той-пойдон кайтышкан го), түндөн калган уйкунун адебин берип келатышат. Туруп калган кырк ма сакал "Түү, болбой калдык" деп, гезити менен плащынын этегин бир чапты эле, жигиттердин бири чычаладай көзүн жыртайтып, дагы эле чала-була мас окшойт:

– Эмне, жеп ийчүдөй тиктейсиң, таанып турасыңбы? – десе болобу кыркма сакалды.

– О, бала болбой түшкүр, таанылбай да калыпсың, – деди берки жумшак гана. Чатак чыгып жүрбөсүн дедиби мага бурулуп, ошо жумшак добушу менен азыр адамдар түгүл, асманда жылдыздар да бири-бирине батышпай бир жылдызды жанаша турган бир жылдыз жарым-жартылай жеп койгонун, анын анык-бышыгын билген кайсы бир өлкөнүн астрономдору кадимкидей дүрбөлөңгө түшүп жатышканын жобурап келатты...

* * *

Нары өткөндө, бери өткөндө учурашып калам. Салаасы менен калын тарап, сексен үчүнчү жылын узатып отурат. Түбү кулжалык, иниси чакырткандан келээрин келип алып, кайтып кете албай туруп калат, бечара инисинин өмүрү кыска экен. Кайриет, дагы багына бир казак кемпирди жазып койгонун кара, экөөнө Төкөлдөштөгү инисинин короо-жайы бузулганда "Асанбайдан", кабат үйдүн бир бурчунан бир бөлмө там тийген. Кемпирин көрүп калдым. "Чалга ыраазымын, он алты жыл бирге өмүр кечирдик. Уруксатты бергем, Кулжага, урук-тууганына кетип калса болот эле. Документин чогулткан менен,

шылтоодон-шылтоо таап, жүгөндөп коюшту. Кулжадан келген каттарды кечкурун окутат дагы ыйлай берет...”

Бечара кемпири чалынын Кулжага кеткен-кетпегенин билбей о дүйнө салды. Өгүнтөдөн бери чалды бир секелек кыз жетелеп чыгып, үйдүн алдына отургузуп койчу болду. “Кемпиримдин небереси. Чайымды кайнатканы Семейден келип отурат...” деди мага. “Кулжага кетиш качан?” десем (журналисттик кийлигишүүдөн жыйынтык чыкпады), “Өлүш калды” деди чал... “Кулжанын топурагын жазданып жатсам деп намазда кудайдан күнү-түнү астейдил тилечү элем, болбоду окшойт, болбоду...”

Темир тор тагылган секиченин (балкон) нар жагында казак кемпирдин небереси кулжалык чалдын жуулган ак жегделерин күнгө жайып жүрдү...

* * *

Пенсияга чыгып, үйүнө камалды да калды. Бир айы бир жылга татыды го. Күндү-күн, түндү-түн дебей улуп-уңшуп турчу министрдин телефону да түшүнөн чоочугансып анда-санда шыңгырабаса, номерин бир айга жеткизбей унутушту көрүнөт... Чогулткан китептерин чекесинен алып окумуш болот же бир тартсачы, калың китеп окуп көрбөптүр... Эки-үч күндөн бери жака-белиндеги бульварды бойлоп, тамагы сиңгиче басат. Жөө-жалаңдап ишине бараткандарды тиктеп отурат. Кудайдын куттуу күнү баш-аягы түгөнбөгөн кезекти кабыл алып, түмөн маселенин желесинде туйлап, тарбаландап күн кечкирткен кызматын азыр, беймарал отурганда эстеп, өзүн-өзү аяп кетет. “Кыйратып ийчүдөй төбөң менен куп эле жер казган экенсиң” деп өзүн табалап да койчу болду.

– Көтөр бутту! – деди бирөө. Шыпыргысын чалгыдай кармап, жанында көчө шыпыргыч туруптур.

– Акырын айтса болбойбу, чоочутпай... – Министр көз айнегин ондоп, жини келгенин билгизбемиш болду. Себеби ал күн сайын учурашчу кишиси эле.

– Көтөр бутту деп атам, сенден кийин дагы бу жерге адам отурсун... Чоочуп кетиптир, жүрөктөрү эле назик, катуу сүйлөгөндү али көрө элек экенсиң... – деди да, эки аягын өйдө кылган министрдин алдын чалгы чапкансып, шыпыргысы менен эки-үч мерте шилтеп өттү.

Орундуктун бери четинде мен отургам...

* * *

Тапкан жери – дүкөндүн маңдайы. Жапшыйган отургучка кадап койгонсуп, карыш жылбайт. Өйдө-ылдый өткөндөр: “О, отурасыңбы, Абдилда?!” дешип коёт. Кыбыр эткендин баарын билет, айыл – анын алаканы... “Канторго барып убара болбо, директир Көкбелге өтүп кетти”, “Пусур үчүнчүдө айлык берип атат”, “Торпок бая казыгын сүйрөп ылдый өткөн”, “Надыр товарга кетти, магазини ачылбайт”, “Асан табыпты ушуну менен үчүнчү адам издеп келди...”

Айыл – анын алаканы. Бир күн көрбөй калса, элдин көзү таңылып, кулагы бүтөлөт. Ал ордунда отурса кожокеликтердин (үйүнүн алдында кароолчу отургансып) көңүлү ток. “О, отурасыңбы, Абдилда!” деп өтүшөт. Ар айылдын өзүнүн Абдилдасы бар...

* * *

Экөө акыйнек айтышып жаткан бейм, чоң шиңгил жүзүмдү сабагынан кармап алармандын көзүнө жакындатты:

– Көрдүңбү, шундай жүзүм кылыш колуңдан келеби?

– Башты оорутпачы, бир эле сен билсең дагы. Давай, эки сомдон бер, көбүрөөк алам.

– Сага үч сомдон да бербейм, сөз уккусу келбегендерге жүзүм жок, – деди да колундагы шиңгилди кайтып, кагаз жашыкке этият салды. Алармен кол шилтеп басып кеттти. Чакан базардын аягына чыгып, кайтып дагы баягы жүзүм саткан кишинин маңдайына келди. Кагаз жашык бөксөрүп, баягы чоң шиңгил көрүнбөйт.

– Ке, үч сомдон болсо үч сомдон, бир сомдон байысаң байып кет, – деди аларман тор баштыгын саздап, шиңгилдерди алып, таразага өзү коё баштады.

– Шашпай тур, бу качпайт. Сенден сөз сурадым эле, жүзүм кылыш колуңдан келеби?

– Жүзүм кылыш колумдан келбейт, болдубу? Бу таза тажээк неме го, – деп тегерегин карады.

– Бая эле ошентиш керек эле, жигит. Жүзүм багыш колуңдан келбегенден кийин баасын бычышты өзүбүзгө кой... Биз дыйканбыз, бирөөнүкүн сатып атканыбыз жок. Кана, ач торбоңу!..

* * *

Бүктөлгөн төрт баракты алдыбызга таштап, “өзүм кат тааныбайм, кызым жазды. Биринчи окуп чыккыла, сурачуну анан сурайсыңар” деди чүкөдөй болгон бүкүрү чал. Таластан бери келген терин сүртүп, дабышсыз үшкүрдү. Тумардай көргөн жалгыз кызын кордоп кетиширтир. Классташтары бирөөнүкүнө отуруш жасап, чакырса чалдын кызы барбайм деп бечара жакшы эле жандалбас кылыптыр, жолдош кыздары: “Жанынан карыш да жылбайбыз, жарым түнгө калтырбайбыз” дешет ата-энесинин алдында. Түнкү саат үчтө бычагын жалаңдаткан “күйөө бала” (ошо үйдүн баласы, кыздын классташы) отургандарды дыркыратып кууп чыгып, кызды төргө басат...

“Үйгө келгенде муунуп өлгүм келди. Оорукчан ата-энемди кыя албадым, өлүп кете берсем, булардын күнү эмне болот...” деп жазыптыр кордук көргөн кыз. Анын назик жүрөгү кыйбаган ошо бели бүкүрү, бүргөдөй атасы кызынын арман-күйүтүнө бизди кошо күйгүзүп, жаныбызда отурат...

* * *

Кээде болот го, жазгандарың өзүңө жакпай, апта-айлап чийгенинди кабаты менен айрып, ак мокоп, буга чейинки тапкан-ташыганың бир тыйынга татыбай, жаңыдан калем кармагансып кеткениңчи... Андайда дарманы качкан боюму диванга таштап, мындан сегиз жыл мурун магнитофонго түшүрүп калган атамдын авазын, “Бекарстанын” башынан коюп угам. “Жарыкчылыкка апкеген ушу жамандарым болсо-болду, бу жалгандын жыргалынан кечтим” деп коюп, жебей-ичпей перзенттерин бой жеткизип, убай көрөрдө өмүр кесеси какшыган кымбат адамыңдын доошун (“бирөөгө деген жылуу сөзү да – жакшылык, балам. Кимге сүйлөсөң да, жылдызың оттон ысык учурасын...”) эшиткениңде жүрөгүң тилинет, сызылган арман тамчыга айланат... Тамчынын даамын туя элек эки жашар уулум ага сөөмөйүн тийгизип көрдү...

Көчө жактан күпүлдөп, деми-демине батпай мезгилиң түшкүр, атам экөөбүз ажырашкан күндү тоголотуп, алыстатып, алып качып баратат...

* * *

Үй алганыбызга бешинчи жыл аяк басканда кеткенде бир дем алышты болжоп, аяк-башты жазганча илгерки патирге алып, алты жылча өмүр кечирген кепечебизди көзүбүзгө бир сүртмөккө, ынак болуп калган Коля байке, Надя жеңе менен учурашканы бардык. Надя жеңе жалгыз калыптыр, күйөөсүн эски астмасы акыры жыккан экен. Бизди көрүп жашып кетти. “Силер көчүп кеттиңер, аркаңардан Колям жүрүп кетти... Ларисама күйөө болсо болду да, мен небак эстен чыккамын. Силерден кийин эч кимди киргизбей бул бөлмөнү минтип, кампа кылып койдум... Коля байкушум, силерге болуша берчү эмес беле, өлөрүн билген адам кайрымдуу болуп калат окшойт, силердикине көп келишет эле го, а мен терезеден санап отурчумун. “Кууп чыгам буларды, үйүмө оштуктар менен нарындыктарды толтуруп ийишти” деп булкунсам, “Наденька, булар биздикинде түбөлүк турбайт, үй алышса кетет. Билсең, булар бизге конок, кыргыздарда коноктору кубалабайт...” деп тыйып турчу эле.

А мен эки кулач бөлмөнүн так ортосунда ушу кепечениң үстүнөн көзгө илешпей учуп кеткен жаз-жайларга, күз-кыштарга өзүмчө кусаланып, күлкүмү тыңшап, кайгым тамган, кубанычым уялаган үйгө арбалып, Надя жеңенин “кана, жүргүлө, даам сызгыла” дегенине болбой талып тура бердим. Бир бурчта андан-мындан кысып-кымтып патир акысы үчүн чогулткан пулубуз салынып турчу кофенин калай идиши жатыптыр...

* * *

Каяктан тыңшай калдым, автобуста бирге отуруп калгандан кызымтал неме экен, өзүнөн-өзү эле сүйлөнүп баратса, тирүү жанды тыңшабай да коё албайсың... “Дүкөндөн тааныш-пааныш күтпөсөң, шаарда жашаганың бир пул. Азыр ширеңкени дагы тааныш таап калды. Мына, өзүмдү эле алайын, бир дүкөндө жүк түшүргүчмүн, бирок билем. Өзүмө жетээрлигин билем, кантип алышты, кантип катышты, дүкөн башчыбыз бөлөк дүкөндүн чондору менен кантип сүйлөшөрүн, кантип жеткиришти, кантип алып кетишти... Ээ, сен сураба, мен айтпайм, демейдеги иш... Мурдалары бир аз чоочуп турчу элек, азыр “жок, жок” көбөйгөндө оңуп калдык. “Жок” деп колуңу жайсаң эле “а

дагы жокпу" деп үмүтү үзүлгөн бечаралар кете беришет. Оо, мурдалары кетишчү эмес, үчөө-төртөө текшеребиз деп, дүкөндүн төрүнө өтүп кетишчү. Азыр көнүп калышты, көндүрдүк окшойт, "Түкө, Түкө, бир мүнөткө, сөзүм бар эле" дейт, "сөзүн" билем. Колун карайм. Колунан түзүк чыкчу неме болсо, "өзүмө алып койдум эле" деп кыйлымыш болом, "жибигенде" "мейли, ал, ал, өзүмө дагы болуп калар" деп кармата берем..."

Дүкөнгө кирип баратканда ошол жүк түшүргүчтүн үнү кулагыма "шак" дей түшчү болду. "Жүк түшүргүчүң ошончо болсо, беркилериңе Кудай берип салган го" дейт бир оюм. Текчелер бош, сатуучулалөшпөйбүз...

* * *

Учталып жүрүп жартысы калган калемдей болгон өзүбүз жактык ашынам бар, окуган китебинин бирин да жактырбайт (окуганын да Кудай билет). Кимди болсо эле "койчу, ошонун жазганын, деңгээли жок" деп жактырбай, өзүн жердин киндиги сезет. Жазыштын азаптозогун билбейт го дейин десең, өзү дагы айда-жылда супсак, жайкурт тилге салып, тунук сууну ылайлап жиберип, эми балыгымды таап алгыла дегенчелик тумандаткан нерселерди жазып жүрөт. Бир сапар улуу-кичүү болуп Оштун чайканасында элек. Арабызга чакырып келтире албай жүргөн аты Азиз адам да отуруп калыптыр, баягы кажир, куюшканы бош ашынабыз жөндөн-жөн эле ошо атасындай адамга асылып, сөзүн-сөз ордуна көрбөй, жаакташып, көңүлүнө азар түшүрүп, осол кылганынан арабыздагылардын бири меймандан кечирим сурагандай: "Мунун оозу ошого көнүп бүтүптүр, буга сиз эмес классиктеribиз дагы жакпай жүрөт" деди эле берки өмүрүндө бирөөгө катуу сүйлөбөгөн, Асмандай бейпил, Жердей кенен адам жумшак биясын түзүк көргөн эмес экен..." деп койду.

* * *

Төө-Ашууну өрдөгөндө бурганак башталган. Бута атым жер көрүнбөйт. Машинанын оюна коюп, кыбырайм. Моторду өчүрө көрбө деп тилегеним эле ошо. Кудай жалгап, дөңгөлөктөрүм дагы жаңы. "Кузо-

вуңа чынжыр таштап кой, Төө Ашуу менен азилдешпе, энеңи Үчкоргондон көрүп каласың" деп ары-бери жүрүп, төбөсү агарган шопурлар жакшы эле айткан, кулак салбадым да. Кышка дагы көп бар делимби, а бурганакты кара. Ашуунун белине жуп жеткенде жүрөгүм "болк" деди. Жолдун так ортосунда бирөө эки колун булгалап, четке чыгар түрү жок. Жанынан тойгон немени сүзүп барып токтодум. Жолдун бир чекесинде токтоткон ак "Волганын" көчүгү эле кызарат. Ит өлгөн сууктун заарын эшик ачылганда билдим. "Ака, токтотпогонуңузда дөңгөлөгүңүзгө бой урат элем. Бир жан карагыдай эмес. Акумуляторум өлдү, эми эмне кылам деп чачым агарып кетти, ичинде кишилер бар. Өзүбүздүн райондун чоңдору самолёт учпагандан кыздарын Фрунзеге машинада таштайсың деп салып беришкен. Мындай болору кимдин оюна келиптир. Балдары бир назик немелер экен, бүржөлү тоңуп өлдү. Оштук экенсиз, жакшылык кылың, буларды сала кетиң, мен талаада калсам калармын, ушуларды шаарына жеткизиң, Кудай жалгагыр! Бир адиса болсо, догунда калам..." десе оозунан көк түтүн буралат бечаранын. Жашпы, терби жүзүнөн ылдый агып, тоңуп калыптыр. "Бол анда, чакырбайсыңбы, айтып коёюн, экөөнү салалбайм, өзүң билесиң, правадан ажырайм" дедим. "Жан ака, жол тоскон ГАИ да түшүнөөр, адам болсо мындай чапкында алардын тосоротоспосун Кудай билет" дегенинен үндөбөдүм.

Үлбүрөк-сүлбүрөк кийинген, балтырына чейин кызаңдаган, көзүкашы боёлгон, биринен бири чырайлуу эки кыз ээги-ээгине тийбей калчылдайт. "Эй бала, сен дагы кете бербейсиңби, эптеп батышабыз. Күндүн ырайын көрбөй турасыңбы, тоңуп өлөсүң. Шаардан аккумулятор чыгар..." десем, "Волганы" тоноп кетишсе төлөгүдөй алым жок, ака. Колумду караган алты балам бар. Буларды салганыңызга да кудайга шүгүр" деп, бечара каалганы жаап, ач бел, куу жондо кала берди. "Аа, шордуу, мерт болуп калбагай эле" деп келатам. Ашуудан ылдыйлап, бурганак артта калганда кыздар да жазылып, баштыксаштыгын аңтарып, күзгүгө каранышып, быдылдап тилдери чыкты. Сурасам, университетти жарымдатып коюшуптур. "Жарык-жаанда жетип жатаканаңарга таштап, өзүм да мейманкананын биринен жай издейин" деп катуу айдадым. "Шашпай жүрө бериңиз, менчик тамда турабыз. Машинаңызды короосуна алып кирип, ошол жерде түнөйсүз" деди жанымда отурган Гүлнура дегени. Кайриет, жолдо эч ким тоспой шаарга түз кирип бардык. "Жетип калдык, бу там биздики" деди Гүлнура. Шаардын чоң көчөсүндө элек. Токтогондон кийин нар-

кы четтеги кыз “азыр агам чыгып дарбазаны ачып, машинаны кандай коюшту сизге айтат” деди да жерге секирип түштү.

Экөө баштыктарын көтөрүшүп, төрт чарчы салынган чоң үйдүн булуңундагы эшикчеден кирип кетишти. Мен нары-бери кабинамдагы транзистор, кытай термосун, дагы майда-чүйдөлөрүмдү торго салып коюп, күтүп отурам. Жарым саат, бир саат өттү. Баягылар жок. Жиним келе баштады. “Имне болду же агасы машинаны үйүмө койдурбайм деп чыктыбы, антсе бири чыгып айтып коёт эле го, бул үйгө мурдум бүтсө дагы кетем. Бир сом берсем, кароолчу көз ирмебей машинамды кайтарып чыгат” деп коём өзүмчө. “Кеттим” дейм дагы, жыла берейин деп баягы кыздар кирген каалганы түртсөм, ачылып кетти. Ал көпчүлүк кирип-чыгып жүргөн эле эшик экен. Андан нары жалгыз аяк жол кетиптир. Берки тамга тиешеси жок экен. Ошондо барып мага жетпедиби... “Шаарда жашап үйрөнгөнүңөр ушу болсо, урдум ошо өнөрүңөрдү!” деп басып кеттим. Фрунзеге келгениме бүгүн төрт күн болду; жүктү алдым, эми кетиш калды. Таң атса эле эми Кудай ак жол бер деп калабыз. Бала-чакага себелеп, анча-мынча нерсе алдым. Баягылар учурап калаар бекен деп жакшылап карамыш болдум, жок. Мени көрүшсө алыстан эле качышат да. Олорду кагыпсилкип жинди болупмунбу, бир эле сөз айтат элем, калас. “Чоң болуп иштеген атаңар аз келгенсип, силер дагы жашабай жатып, алты баласын багалбай жүргөн бир шордуунун убалына калдыңар!” дейт элем да басып кетет элем. Шо айтылбай калды да! Мейли, сага айттым болду...

* * *

КӨКТӨН ЖЫЛДЫЗ УЧТУ... Кеч күздүн асманы жылдызга толуп-ташат. Шаардын оттору жымыңдашып, жылдыздардан көп көрүнгүсү келет... Дагы жылдыз учту! Тээ бармактайыбызда атамдын этегин кармап, түндөсү эшкеликке чыкканда жылдыз учса: “Я парвадигар, ыйманы саламат болсун. Арабыздан да бир жылдыздуу пендесин алып кетти...” деп койчу. Ана, дагы учту. Эми мен “ыйманы саламат болсун, дагы бир адамга кемидик” дедим. Ошо балкондо турган бойдон жылдызга мелт-калт асмандын бир жеринде илинген жылдыздарын боосу бек болсун!..

* * *

Казак экен, сүйлөгөнүнөн билдик. Суу кагазга оролгон калың, көк тыштуу дептерин баратап-баратап издеген жерин тапты да, мага берээрден мурда:

– Журналистсиз да? – деди.

– Ооба, – деп алып, анан редакцияда отуруп, бирөө-жарымга “журналистмин” деп бирдекиде айтпаганга өзүмдү кызыктай сезип кеттим.

– Эми окуңуз, – деди. “Чимкент калаасынан кат” деп коюптур текмасын (катын өзү жеткирип отуру). Конокбайды (биздин мейманды) чет өлкөгө кетем десе шылтоодон-шылтоо издешип, жылдардын бир жылдарында ата-бубаларынын бири күнөө иш кылып кесилип кеткенин, ошо дайын-оту менен жок бечара бубасынын келип-кетип чөбөрөлөрүнө кесири тийип, анын уругунансың деп кетем дегенди кетиришпей... Конокбай “барам деген жагыма барам, жердин түбүнөн болсо да уруксатты алам” деп жаныбызда олтурбайбы.

– Жашаган жериңиз Чимкент болсо, анан бизге кайрылганыңыз...

– Мен журналистке кайрылдым, – деди казагым.

– Туура, бирок бу гезит Кыргызстандан чыгып жатса, анан...

– Сурасам өзүңүз журналистмин дедиңиз го, – деп Конокбай таң калды. – Илгери жерибизге жоо келсе “жо-ок, ал кыргыздардын жоосу мага тиешеси жок деп, кол куушуруп отуруп калбай, тегиз аттанбадык беле, эми тынчтык маалда “меники”, “сеники” деп...

Мен калың көк тыштуу дептерди баратамыш болом...

* * *

КЕЗЕГИ ЖЕТКЕНДЕ кассир менен айтыша кетип (биздин кезекти өзүңүз билесиз го, ажыдаардын куйругу...), оюндагысын жасата албады окшойт, кызарып-татарып чыга берди. Бирөөбүз эле “сизге эмне болду?” десек, буулугуп турган неме кирпигин ирмебей жашын төгүп жиберчүдөй. Үндөгөн жокпуз. Анын артында тургандар болгонун болгондой айтып беришти.

“Студент бала экен, бечаранын аталаш акеси Фрунзеде операция болуп, операциядан өдө болбоптур. Мындай иш кимдин оюна келет, анын келиш-кетишине деп самолётко эртелеп билет алып коюшкан

турбайбы. Бала ошо “операциядан оңолуп айылыма кетем” деген талекте алынган билетти өткөрүп, пулуна оокат кылам десе керек “паспортун алып өзү келсин...” деп кассир жолотпой койду...

Кезек чарчап турган, шо сөздөн кийин тириле түштүк, биз дагы эртеңкиге билет алып жатпайбызбы...

* * *

Биз түшкөн автобус (№12 маршрут) түрмөнүн сол ныптасына сөйкөнүп өтөт. Тогуз паска коргондун кыры менен сойлоп кеткен тикенектүү зымдардын нар жагында бийик үйдүн капкактуу айнектеринен жакшылап караган адамга бүлбүлдөгөн үмүттөй жылтыраган жарык көрүнөт. Жашоонун жарыгы. Ошо жарыктан мага ой тепчилет. “Бечара пендем ай, жарыкчылыкка келгениңде сары май оозандырган эне бечара: “акжолтой болуп эл катмарынан калба, балам” деп, теңирден чын ыкластан тилебеди беле...

Азыр эрдиң “эркиндик” деп кебээрсийт... Мүмкүн, бир нече жыл илгери түшкөн ушу №12 автобуста баратып, тикенек зым чүмкөгөн саргыч боз дубалдын нар жагында автобусту добушунан таанып, таң атпай бири-бирин чыканагы менен жөөлөшсө да, турмуш деген опол тоону ордунан жылдырганы бараткан адамдардын кобуру кулагына жаңырыктап, өксүк өмүрүңдү чеңгелине мыжыгып, пешенеңе жазылган жазымышка “аттиң” айтып тургандырсың...

Түрмөгө жаңаша түшкөн үй куруу комбинатынын (он кабатка барабар) төбөсүнө чыгып алып, батып бараткан күндүн көз тайгылткан күмүш нурларын көрө албай түрмөнүн курчоосунда, кыбыраган роман, повесттердин каармандарын тиктей бергим келет...

* * *

Жерге жарык түшкөндөн бери жүгүрөбүз же ошого жараша түзүгүрөөк түштөнүп алалбайбыз. Мына, жарым саат туруп алган ашымы кай жерге коюп ичээрими билбейм, – деди ачуусу мурду учуна келген киши подносун көтөргөн бойдон столдорду аралап, өзүнө отурар жер издеп жүрдү. Орундук жылдырып, “аксакал, коңшу болуңуз биз-ге” дедик. Отургандан кийин да басылган жок. “Ушу дагы тартиппи, өзүңөр айткылачы! Же бу столдордун үстүн жетелеп келип тазалата-

лыбы, тооба. Былтыр Японияга барып калдык. Алдыбыздагы бошогон идиштерди жыйнап атып, табак табакка тийип кетсе бечара официант ийилип бизден кечирим сурап жүрөт, ага да болбой, шо кафенин директору келип, а дагы бечара кечирим сураса болобу. Мындай ызаат-урматка көнбөгөн жаныбыз уялып өлдүк...”

Коңшубуздун тамагы муздап, бети каймактай түшүптүр. Жапандардын колунан даам сызып калган неменин ага көңүлү чаппай калганын да сезбей коёбузбу...

* * *

– Куран билгениңер болсо окуп койгула, – деди батага келгендер тегиз олтурушкандан кийин, жанып кетпедиби дегенсип, утуру гүлдүү галстугунун түйүнүн кармалап коюп, төрдө отурган киши тегерегине. Тым-тырс. Мындай тынчтыкка көнө албай ойдолоктошкон экиүчөөнүн үстөлдөрү кычырайт. Көпчүлүк башын өйдө кылбай, дасторкондон бөлөк көзгө көрүнбөй кичине чыдасак, бу кыйноодон кутка-раар киши чыгып калаар деген үмүттө кам жебей олтурушту (мүмкүн, арасында куран билгени деле бардыр, бирок, билесиз го, намыс деген чеңгелин оңой менен коё бербейт эмеспи). Ушундай болорун күн мурун билген окшойт, үй ээси куткарып кетти. “Жээним куранды билчү эле, чакырайын” деп ашканага чыкты. Балакаттан жаңы өткөн, чекебели сүрүлүп, ыраңы өчкөн калпагын көзүнө түшүрө кийген айылдык бала сырттагы ишин таштап, галстукчандардын кашына, дивандын четине конуп алып, ботодой үнүнө салып, куранды кыраатына чыгара окуду. Билбейм, ошондо калганыбыз эмнени ойлодук... Мен бир нерсеге, эгерде ушу олтургандардан “жети атанды билесиңби?” десе чекеден шатыратып, айтып жиберээрине көзүм жетпей турду...

* * *

Базарга келсем, классташым отурат алма сатып. Базардын калбасы менен мени түзүк андаган жок, адеп алмасын чүпүрөк менен жылтырата аарчып, кыр-кырлап тизет. Кара күчкө эле: “алма канчадан?” десем, карабайт, алмаларына карап, “мунусу үч сомдон, а мунусу беш сомдон” дейт дагы башын көтөрбөйт. Билдим, сатылганынын ордун утуру толуктаганга шашып атат. Шыпылдап аарчыган сайын жанытыбар, алманын көзү ачылгансып, арбаганычы. “Саал арзандатпайсыңбы,

бы, көбүрөөк алам" деп кетпей туруп алсам анан көрдү. Көрүп эле чоочуду. "Э-ээ, каяктан дос!?" Алмасын койбой туруп, оң колун берди, оң колу кышкы алмадай муздак.

Ал калаада тирилик кылып жүргөндөрдү, мен айыл-ападагыларды сурашып туруп калдык. Ошол маалда кызык, ал алмасын сураганларга "ээси жок", "ээси бир жакка кетти эле" дей берди... "Алаксытпайын, алманы сата бер" деп үй-жайымдын дарегин колуна берип кете бердим. Экөөбүздүн ортобузда жаткан он эки жылга чамалаш мезгил бирибизди-бирибизден жатыркатып турду. Базардан чыгып баратып, бир короо классташ балдар-кыздар мектептен ылдый алма бакка кирип алып, кыздарга кып-кызылынан үзүп, тишибизди каныганча алма жегенибизди эстейм. Ошондо аарчыбай эле жей берчү элек. Анда алмаларды мынчалык жылтырата аарчыш кимдин оюна келсин... Эми арга жок, аарчып калдык, аарчыган сайын көздү арбайт турбайбы...

* * *

Учураштың, кылымдын суроосун узатышат. "Эмне жаңылык?.." Өзүбүз быякта калдык, өзүбүздү сураган пенде жок. Кол учун берет да "жаңылыгың кана?" дейт. Көзүндө мөлтүлдөп турат, сураганы: "Кандай жаңылык?" Күн жаныбар уясынан чыгып, коноргосуна конгуча бири-бириңден жаңылык такымай. Түндөсү "кандай жаңылык?" телефондон телефонго түйүлөт... Ансыз сөздүн тузу кем. Жаңылыгың болсо бейтаанышың бойлошот. Болбосо кайыр-кош, шашат. "Эй, досум! Жаңылыгым болбосо да бир паска ал-жай сурашалы, кантип атасың?!. Бул бир булуң-бурчеги көп дүйнө экен, чачып ийген насибиңди термелеп жүрөбүз. Бүгүн барбыз, эртең жокпуз..." деп аркасына кайрып, ким менен болсун, ак пейилден төгүлүп сурашкың келет (пейил төшөп, ал-жай сурашкан эки адамдын ортосунда агып аткан өмүр токтойт деген кеп бар). Көңүлгө кетпегендей бири-бириңе жылуу кеп багыштап, пенде башындагы бир ууч өмүрдү кимиң кантип коротуп атканынды, эл ичинде бекерден-бекер эле бирөөнүн күнөөсүн көтөрүп, жалган-жашыктын этегине жармашкан бечаралардан бирөөнүн ырыскысы жолунда жатса кол созбогон аты арыбас ак көңүлдөрүбүз алда канча көп экендигин айтып, шүгүрчүлүк келтирип, шашпай бир сурашкың келет...

Же чын эле "имне жаңылык?.." кылымдын суроосу болуп калабы?..

* * *

Мезгил сыныктарын билгизбей өзүнө катып алган сүрөттөрдү маал-маал алдыма жайып, жылдардын бир жылдарында калган көз ирмемдерге арбалып отурганды жакшы көрөм.

...Мынабу сүрөттө Жокемдин (Жолондун) жакасына Сүйүнбай Эралиев комсомол сыйлыгынын төш белгисин тагып жатат. Жокем өмүрүндө мындай ыраңына чыгып кубанбаса керек. Сүйүнбай агайдын бешенесинде да ыраазычылыктын аптабы жанат. Акындын акынга болгон ыклас-ызаатын күндө эле көрүп жүрөбүзбү... Эки таланттын ошол жылдызы жанган учурун турмушка айландырган зардделүү сүрөтчүгө ыраазы болом. А бу сүрөттүн өзүнчө таржымалы бар. Ыраматылык Сүймөнкул аганы сүрөткө тарталы деп, кеңсесине капилет кире калбайбызбы. Сүкөм кам жебей отурган экен, кыйыктангган жок. "Каяктан тартасыңар?" деди. "Эркиндик гүлбагына чыксак, түзүк го" деди Шекем ("Кыргыз Туусунун" маңдайга бүткөн сүрөтчүсү). "Анда эмесе сүрөткө түшүп болгуча галстугуңду бересиң. Муну жыйналыштарда, болбосо жогору жак чакырганда эле тагынбасам, өмүрү мойнума илбейм" деп мага жылмайды. Жылмаюусу бир башкача жылдыздуу эмес беле!

Сүкөмө бою барабар Шекербек Сартов Эркиндик гүлбагында жүн сабагансып, жалбырактарын сабап жаткан күзгө кошуп кыргыздын кылымдан кылымга жашай берээр кулунун "чык" эттирип тартып койду. Өткөндө ошо Сүкөм сүрөткө түшкөн жерден өтүп баратсам, баягы Сүкөм улам-улам тегеренип суктанган күздү, тутамдаган сары жалбырактарды шыпырып, дөбө-дөбө үйүп жатышыптыр. Шыпыргы учу тийсе, жалбырактар жаны бардай секирип кетишет. "Жалбырактарды эмне кыласыңар?" десем, шыпыргысына өбөктөй калган аял эриккендей: "Нанга кошуп жейт белек, шаардын сыртына жүктөп чыгып, көмүп таштайбыз да..." деди. Көңүлүм сыздап кетти. Жалбырактардын жаны бардай шыпыргы учу тийсе, секирип-секирип кетет. Кете албай буйдалганымчы. Ошол секирип бараткан жалбырактар мени көргөнүн Сүкөмө жеткирчүдөй сезиле бербедиби...

* * *

А бу сүрөттү көрдүм, көңүлүм ачылат. Күлкүсүн ууртуна катып, Кубат ака (Алайчы) турат да. Турбайт, "Кыргыз Туусу" гезитинин жыйналыш залында отурат, мыйыгын-аан күлүп. Куду Шабданбай ака жазуучулардын чогулушунда анын "Улакчы" аттуу аңгемесин ышкырта сындап атса, ага кулак түрүп отургандай момоюп отурат да. Анын үстүнө дубал боорuна секирип чыгып, секирип түшүп ойногон улактай адеп Кукеми тегеренген Айтакуновду далыга чаап: "Эй, каягынан карасаң дагы менин болушум ушу, жакшы кыла албайсың. Тарта бер да кембагал, туш келген жериңен. Мен чабан эмесмин, мүрүмө кар чачып коюп тарткыдай" дебеспи. Кийин ушу сүрөттүн соңунан экөөлөп канча кубаладык, жакшы, кийикке айланып кеткенде аңдып жүрүп, зорго атып алганбыз...

* * *

Мынабу сүрөттө колунда бир тал гүлү бар Темикем турат (Темиркул Үмөталиевди унуткан жокпузбу?). Окурмандары менен жолугушууга келишкен сыягы, Темикемден нар жагында Майрамкан эже, Сооронбай аба, андан ары Жолон ака бир катар болуп турушат. Баарысында бирден гүл. Кыбыла жакты карап тизилип турушат. Кыбыла жакта жаштардын бири ыр окуп, а акындар тизилип, ойго чөгөт. Темикем менен Жокемдин санаа чөмүлгөн жүзүн жүрөк менен түйбасаң, сөз менен жеткирем деш... Эмнеге экенин билбейм, сүрөттөн кийин алардын өмүр соңунда жазган ырларын кайра алып, шашпай эжелеп, жалгыздап отуруп окуй берем. Ошо кыбыланы карап катар тизилген акындардын сүрөтү колума да көп урунат... Кыбыланы тиктеп, алардын аркасында эле комузун тизесине коюп Током отурат...

* * *

Дем алыш күн, эшик шыңгырады. Ачсам, бир аксакал турат, эки жаш баланы козудай ээрчитип алыптыр. "Ичкери кириңиз" десем: "Ушу жерден эле кетели. Уулум, мынабу эки балага атаган кайыр-садагаңыз болсо бериң. Кудай өмүрүңүзгө барака берсин..." деп алакан

жайды. Ичкериден нан апчыксам албады. "Пул болсо" деп кыйылат да. Пулду алып, дуба кылды. Анан кире бериштеги бут кийимдерди таягы менен сайып: "Уулум, эми ушулардын арасынан бир-экөөнү буларга атап бериң, кийип алышсын" дейт. Эмне дээримди билбей калдым. "Булар балдарыңызга чак келбейт. Мынабу, пулга тандап туруп, чагынан өзүңүз сатып бериң" деп акча сундум. Кайтып дуба кылды.

Көздөрү каштай тунук эгиз козу биздин этажды солкулдатып ылдый жүгүрүп түшүп кетишти. Сунган нанымды албай, ооз да тийбей кетишкенине бушайман болуп, аркы үйдү көздөй ээрчишкен үчөөнү терезеден карап турдум...

* * *

"Балам, беш кол барабар эмес. Мен кыйынмын деп төшүн каккандан корк" дечү ыраматылык атам. Элге шыкалган автобус сүйрөлөт. Шардай чыңалган чыдамыңы жарып жиберчүдөй сүйрөлөт да. Ого кошул-ташыл жаныма дагы жаагы басылбаган адам отуруптур. Тааныбаган кишини кой деш дагы кыйын. Андайларга бөлөк бирөөнүн сөзү арык аттап, суу кечпейт, өзүнүкү чындыктын туу чокусу. Тереze тарапты карап алганыма болбой "угуп турбайсыңбы" деп атпайбы. "Угуп атам" демиш болуп баш ийкейм. Баш ийкесең болду... "... Эки уулума Бишкектин эки жеринен кайкалаган там сатып бердим. Тамдын азыркы баасын билээрсиң... Ортолукта кыз чыгардым. Түшкөн жери саал жукараак, зато күйөө баланы "жууруп" койсо, оокатын кылып кетет. Кудаларыма жалаң кайыштан кийит кийгиздим. Уктуң беле ушундайды?.." Баш чайкайм. Маспы дейин десең, көздөрү сопсоо. Кайтып көздөрү көздөрүмөн бир нерсе издейт. Издеп атат, суктансын дейт го пендебиз да. Суктангандар да бар, ошонун кумары тутат да. "...Турцияга барыш Токмокко баргандай эле кеп болуп калды. Аркы аптада Кытайга жөнөйм..." Бул жакын ортодо басылбасын билдим дагы, түшө турган аялдамам жуук демиш болуп өйдө турдум. Куру калбай "Тамың канча бөлмө, кирпичпи же..." деп калды аркаман. Кулагымы жапырдым да, шыкалган элди жиреп, ооз жакка жылып кеттим.

Түшүп баратып кылчайсам, менин ордума келип отурган узун жигит бечара коңшусунун сөзүнө кулак түрүп калыптыр...

* * *

Балык дүкөнгө бирөө жетелегендей эле кирип бардым. Каяктан кирдим, эмнеге кирдим?!. Же жыргатып балык жеген жан болсом, бир жөн. Той-топурдан, сый дасторкон үстүнөн көрүп калбасам атайлап үйгө балык апкелип, казан астырган жан эмесмин. Кокус, устукан баштыкта келип калса, бала-чаканын энчиси. Жо-ок, кесирлик эмес, анын бетин ары кылсын! Күндө жебесе жээрий берет деген туура окшойт... Дүкөнгө кирдим дебедимби, андан көрө ошону угуңуз. Мына, сага! Балык жечүлөрдү көрүп ал, жөө жыландай чубалган кезектин аягы кирген эшикке келип такалат. Билектей-билектей ак боор балыктар биринин үстүнө бири минип, кафелденген көлмөдө патырап, деңиздин туздуу абасы каңылжаар өрдөп, дүкөндө калкып турат. Бечара балыктар азайып баратышканын туябы, чабалактап, куйругун серпсе, тамчылар тээ кире бериште турган мага чейин чачырайт. Эл кайыл, кезекте кечке турганга да кайыл, эптеп колуна балык тийсе болду.

Пушкиндин тор жайган балыкчысындай көзү канталаган кара салкал өчү бардай темир сузгучу менен балык кубалайт. Анын иши балыктарды көлмөдөн сузуп, богогу саландаган сатуучунун таразасына оодарыш. Таразанын жебеси калтылдап, куду эле балыктын каккан жүрөгү... Тараза табагында пакилдап, дем тарта албай “союшка” жөнөгөн балыктар кезекте тургандарга карек кадап, көздөрү чачырайт. Жүзүндө кан-сөлү жок кезек алдына энеси келсе да артка кайтар түрү жок. Кара күчкө “каяктын балыгы?!.” деп, Оштун мал базарында жүргөнсүп сурамыш болдум. Кезек селейип унчукпайт. Сөз көтөрө албай калыптыр. Алдыга өтсөм эле шарт этегине жабышам деп өзүн этият кармап, таразанын түбүндө торго түшкөн балыктардын акырет-кейпин тыңша-ап турган жөжөдөй кемпир ооз учунан, “өзүбүз да билбейбиз” демиш болду. Ага желимдей жабышып турган толук аял, “биз жегенди гана билебиз” дегенсип үшкүрүп коёт, көйнөгүн уй жегир. Тараза табагында жанталпазга түшкөн балыктын көзү кокусунан эле мага кадала түшкөнүн сезип, кетенчиктеп кеттим.

– Эй, суудагы балыктай болбой, келип, кезегиңди тап! – деди арыкаман деңиздин шор жытына эс-мас болгон бир бейдаба. “Балык жеш да оңой эмес окшойт” деди бир оюм. “Балык түгөндү! Бир-экөөсүн

өзүбүзгө да алып калалы, бизде да кекиртек бар” деп кезек түгөл укусун дедиби, сатуучу аялдын үнү өктөм чыкты. Кезек чурулдап, тим эле боздоп ийди. Эки кулач ылайлуу көлмөдө өмүрүн дагы эки-үч саатка узартып калам деп жандалбас кылып, бурч-бурчка пысып калган балыктар эки кадам арыда кайнаса каны кошулбаган кезек калган-каткан балыктар колубузга тиймейин дүкөндөн кадам жылбайбыз деген жинурмасын жүрөктөрү канап, тыңшап туруштү... Баарынан дагы, таразанын түбүндө балыктардын керээз-мурасын эшитип турган жөжө кемпирдики жаман өттү. Нары-бери баскан Пушкиндин балыкчысына колун кезеп, эмне дейт дебейсизби! “Мага бир балык жетет. Жалгыз жашайм! Менин балыгым калды, кармап бер!” деп бүржөлү доошу бүтүп калды. Кара сакал эмнеге жибип кетти, билбейм, сузгучу менен көлмөнү шапшып, жөжө кемпирдин балыгын кубалап жүрдү. Балыктарды өлүм жазасына буйруган кан-сөлү жок кезек көзү кантылаган кара сакалдын сузгучунан көз жазгырбай, чечекейи агып кетчүдөй карап турушат, тоб-бо!..

Андан ары эмне болду, бир Кудай билет. Мен балык дүкөндөн чыгып кеттим. Жолдо баратып, тараза үстүндө жанталашкан балыктын өчүп бараткан карегинде калып калганымды эстеп, денем “дүр-үр” деп алды...

* * *

Кыш күрөөдө ким эле үйдө отургусу келсин. Мындайда Бегиш тагамы байласаң да турбайт. Күзгө зыктап, алмасын алмадай, кагын какtай, нагин нактай келген алып сатарларга күүжүм өткөзүп, өзү “айт” деп паска куйругун түйөт. Бегиш тагама пас тарап – Ферганна, Кызыл-Кыя, Ош... Өзгөнгө да каттачу, кийин саал айнып жүрөт. Сурасаң жообу ар кыл. Бирөөгө “биздикиндей эле базары бар” десе, дагы бирөөгө “бир мунарасын көрө берип чарчадым” деп кутулат. А Фергана десе азыр дагы шилекейи агат. Эмнеге андай, өзү билет. “Эй, алма апарасыңбы, нак апарасыңбы, тургузбайт, шо күнү жалынып-жалбарып колуңдан талашып апкетет. Бизге окшоп, сорттоп алам дешти да билбейт. Машинаңды туура токтотуп бересиң. “Тага, сиз паркты айланып, бир-ар саат тамаша кылып келиң, ого чейин балдар алманы түшүрүп, машинаңизди жууп-чайкап, жолго саздап коюшат” деп турат. “Тил билги жан деп ошолорду айт” деп жүрчү. Эми Ферганасы калды. Аякка алмасы эмес, өзүнүн өтүшү кыйын. “Бай-бай,

бай-бай, ушу турган Фергана келип-келип сырт өлкө болуп калат деп ким ойлоптур, эй, заманың түшкүр, эй!" деп кейиген менен колунан имне келет. Кийин Бишкекке каттачу болду. "Бишкек алманы жакшы жейт. Ашканын наркы казактарга кыймат сатышат экен. Колубуздан келбейт да, болбосо Ноокаттын алмасын кемирген шо казактарга ортомчусу жок өзүбүз өткөзсөк, теңгесине көмүлөт элек. Экинчи жагы, Нурсултан аканин журту менен катташтык кылсак, жаманбы?.." деп отурган-турган жеринде сагызган шакылык болуп жүрүп, эми Бишкекке алма жүктөгөндөр көбөйдү.

Өгүнү телефон чалыптыр. "Кыш ичи зеригип өлмөй болдум. Баягы алманын пулуна келген жүк машинаны айдап, элдин жүк-пүгүн алып, Бишкекке каттасам деп атам, имне дейсиң? Савет бер, имне кылайын?.." дегенинен, "Өзүңүз билиңиз, ак муз, көк муз, Төө-Ашуу деген бар, кичине чыдабайсызбы, жаз келет го" десем, "көргөнбүз ал ашууну" деп койгон. Бир күнү эле карасам, Бегиш тагам жүк машинасын эшик алдына токтотуп кирип келди. "Кыйналбай келдиңизби?" десем, "кебиң туура чыкты, Төө-Ашууда саал жүдөдүм" деди. Чайпайдан кийин, дене-бою саал жазылганда ачылды. "Ээ, таганың жүргөн жер абат боло беле, мен айтсам, сен ишенбейсиң. Кулак сал" деп бутун узун сунуп, кебин баштады.

– Сен айткан Төө-Ашууну өрдөгөндө эми бурганакты көрүп ал, бута атым жер көрүнбөйт. Машинанын оюна коюп кыбырайм. Мотордуу өчүрө көрбө деп тилегеним ошо. Кудай жалгап, балондорум жаңы. "Кузовго чынжыр таштап кой, Төө-Ашуу менен азилдешпе, энеңи Үч-Коргондон көрүп каласың" деп ушу жолдо жүрүп, төбөсү агарган шопурлар жакшы эле айткан, кулак салган эмесмин. Ашуунун так белине чыкканда, жолдун так ортосуна бирөө туруп алыптыр. Жанынан тойгон немени сүзүп барып, тормоз тептим. Жолдун наркы чекесине токтогон ак "Мерстин" көчүгү эле кызарат. "Ака, токтобосоңуз, машинаңызге боюму урганы калгам. Бир жан карагыдай эмес. Бу адамдар имне болуп калган!.. Аккумуляторум өлдү, эми эмне кылам? Өзүбүздүн райондун чоңдору самолёт учпай калып, окуштагы кыздарын Бишкекке таштайсың деп салып беришкен. Назик өскөн немелер экен, биржөлү тоңуп өлдү. Өзүбүздөн экенсиз, бир жакшылык кылып, сала кетиң, мен талаада калсам калаармын, ушуларды жеткизип сообунда калыңыз, ака" десе, оозунан көк түтүн чыгат. Көз жашыбы же териби, жүзүнөн ылдый агып, тоңуп калыптыр. Бечараны жүда аяп кеттим.

Жол азабын билген билет. "Бол анда, бирин ала кетейин, экөөнү сала албайм, эки правам жок" дедим. "Жан ака, жол тоскон ГАИ да адам болсо түшүнөөр, экөөнү тең сала кетпесеңиз болбойт" деп ач кенедей жабышканда аргам түгөндү. Үлбүрөп-сүлбүрөп кийинген, балтыры кызаңдаган, көзү-кашын боёнгон биринен-бири өткөн чырайлуу эки кыз ээги-ээгине тийбей калчылдап кабинага киргенде саар менен себинген атыр-упасынын жыты жанымы сергитип ийди. "Эй, бала, сен дагы кете бербейсиңби, эптеп батышабыз. Калсаң, тоңуп өлөсүң. Шаарга жетсек, аккумулятор табылар" десем, түк ынабайт. "Өкмөттүн машинасы, тоноп кетсе төлөй турган алым жок, ака. Колумду караган алты балам бар. Буларды салганыңызга да, кудайга шүгүр" деп бечара каалганы карс жаап, бозоргон бойдон ач бел, куу жондо калып кетти. "Аа, шордуу бала, мерт болуп калбагай эле" деп кыялым ар нерсеге кетти. Ашуудан ылдыйлап, бурганак артта калганда бүрүшкөн кыздар жазылып, баштык аңтарып, күзгүгө каранып, быдылдап тилдери чыкты. Сурасам, университетти жарымдатып коюшуптур. "Жарыкжаанда шаарга жетип, жатаканаңарга таштайын, анан тууганымды-кына өтөм" деп ылдамдыкты көбөйтсөм, жанымда баданы баданыма тийип кетсе, боюн тартышты ойлобогон кара каш кыз "шашпай эле жүрө бергиле, менчик тамда турабыз, сизге орун табылат, машинаны короого токтотосуз. Сиздин жакшылыгыңызды кантип унутабыз" десе, бечарага жүрөгүм жылыды. Кайриет, жолдо эч ким тоспой, түз шаарга кирдик. "Жетип калдык, бу там биздики" деди жанымда сүйкөнүп келген кыз. Чоң көчөдөн бурулганда, кирпичи көрүнгөн там эми заңгырайт. Колунда бар адамдын кыздары да деп коём ичимен. Токтогондон кийин наркы четтеги кыз, "азыр агам чыгып, дарбазаны ачат, машинаны кандай коюшту сизге айтат" деди да жерге секирип түштү. Аркасынан берки кыз түшүп, баштыктарын көтөрүнүп, баягы кирпич үйдүн булуңунда дарча эшик бар экен, кирип кетишти. Мен дагы майда-чүйдө буюмдарымды нары-бери жыйып, машинадан түшпөй күтүп турам. Жарым саат өттү, бир саат болду. Баягыларыңдан дарек жок. "Имне болду?" деп коём. Өзүмчө ар нерсеге жооруйм. Жиним келе баштады. Анан бечара жаным чыдабай түшүп барып, баягы кыздар кирген эшикти түртсөм ачылып кетти. Ар жагына жол кетет экен. А дарча болсо, көпчүлүк кирип-чыгып жүргөн эле эшик экен. "Мына сага, чала сага" деп, өзүмдү-өзүм ошоерден сөктүм дагы муздай түшкөн машинамды жүргүзүп кетип калдым. Ушундай да болобу?... Ушуга чейин өзүмө келалбайм: "Жашабай жатып, үйрөнгөн

өнөрүңөр өзүңөрдөн ашпасын” деп коём өзүмчө, анан бурганакта калып кеткен шопур баланы эстейм, балдарынын алдына аман-эсен жетти бекен, анын убал-сообу кимге?!.

– Ого көп кейибең. Ким болсо да пешенесине жазганды көрөт.. Насиби түгөнбөсө о бала дагы сизге окшоп балдарынын кашында ысык чайын ичип отургандыр...

– Ылайым эле, ошондой болсун бечара! – деп тагам колдорун жайып дуба кылып ийди. Эми Бегиш тагам жүк ташыган машинасы менен Бишкекке каттайбы-жокпу, ага акылым жетпей турду. Бирок, Төө-Ашуу окуясын оозунан түшүрбөй, о, кыйла жыл айтып жүрөрүн бөркүмдөй көрөм...

* * *

Жумуштан чыгып, адатымча Бишкектин бош көчөсү менен өзүмчө ой тербетип келаткам. Сүйрөгөн темир арабасын жол четине токтотуп, ак карга жайнамазын жайган мойсопут адам алысыраак жерде намаз окуп отурат. Арабасында алма, банан, мандарин жайнайт. Бетин далдаалап жаап да койбоптур мусурман. Ары-бери өткөндөр кылчак-кылчак карап коюшат. Кыбылага карап колун көкүрөгүнө алган Кудайы момунга ызаатым бутумду тушады да, жанынан кыя өтүп кете албадым. Анын үстүнө мектептен кайткан балдар сүрүлүп, түз эле араба турган жолго салышат.

“Коё турайын, намазын бүтсүн. Эптеп-септеп тапканын талап кетсе бечара дагы бирөөгө зарыгып, ташпиш тартып жүрбөсүн” дедим да, арабасынын жанында ары-бери басып турдум. Саартан кечке ушу чөбөгөдөй үйгөнү өтсө-өтпөсө да күнүмдүк орозгерине жараган мөмө-чөмөсүнө “кароолчулугум” көрсө, бейпайда экен. Намазды аягына чыккан неме өзүнө куп ишенген пенде окшойт, мени арабагысынан алат, ошого күтүп турат деди окшойт.

– Кана, кайсынысынан тартайын, – деп дадил сүйлөп жайнамазына жабышкан карды күүп, төрт бүктөп көк баштыгына салды.

– Намазын бүтө койсун деп бу арабаңа көз салып, алма-бананыңды бала-чакадан кооруп турдум, – деп мен дагы ачыгын айттым.

– Ээ, бекерге убара болупсуз, ава! Алгысы келген каратып туруп эле алып кетет, бизге о буйруганы жетет. Жолуңуздан да калыпсыз, – деп күлсө, чекесиндеги турмуш кетмендеген чийимдер азая түшкөнсүдү. Аркасынан: “Өзү бу арабадагы көр-жерди мага бир нысап-

туу адам насыяга берет. Мен саткандан кийин ага пулун санап берем. Бири-бирибизге ишенбесек, бул дүйнөнүн бүткөнү да...” – деди. Мен уялып кеттим. Бирөөнүн буюмуна кароолчу болгонума эмес, ишенич туурасында ушу кишичелик ойлобогонума өзүмчө осол болдум. Коштошуп жолумду уладым. Ой менен болуп Бишкектин бош көчөсүнүн аягына чыгып, тыгын көчөсүнө кантип өтүп кеткенимди аңдабай да калыпмын. Карачы, таппасаң сыйпалап кал, таап айтты, ээ!!!

Арабасын көчөмө-көчө сүйрөп, алмасын да сатып, беш убак намазын да калтырбаган адамдын, “бири-бирибизге ишенбесек бу дүйнөнүн бүткөнү да...” дегени бир эсе дене-бойду дүркүрөткөн, бир эсе эртеңки күнгө камтамалуу сөзү сезимге седеп болуп тагылып калды.



ЭСЕКЕМДЕЙ АДАМ ДАГЫ КЕЛЭЭР БЕКЕН!?.

Биз көрүп калдык, Эсенбай Калдаров менен сүрөтчү Шекербек Сартов катар басып келатса, кадимки биз сүйүп окуган М. Сервантестин узун-кыска каармандары элестей көңүл асманыбыз жарк эте күлүп жиберчүбүз. Эми ээрчишип жүргөнүн көрсөңүз эгиздер быякта калат. Гезит иши менен алыс-жуук командировкадан кайтышса да, чарчап-чаалыкканына карабай биринчи үйгө барбай түз редакцияга түшүшчү. Ошондо азыркы Абдумомунов көчөсүндө турган «Советтик Кыргызстан» газетасынын узун коридорунда жумалап журт аралаган кайрандардын азил-тамашасын сагына түшкөн кызматкерлер аския сөзгө жайлоонун желиндей сергишип, Эсекем менен Шакемди шакектей курчап алган күндөр болор эле...

Эсенбай ака жөнүндө качан, каерде сөз болбосун (азыр, ушул күндө да), кеп кылгандардын кабагы өзүнөн-өзү жазылып, жүзүндө жылмаюу пайда болот. Жакшы билгендер анын жагымдуу аурасын сезип турчу. Ишенсеңиз, Эсекемди тааныган, билген күндөн быякка бир жолу да ал жөнүндө кыйгыл кеп козгогон пенде баласын кездештиргем жокмун. Бирөө-жарым зарыгып, жок издеп келип калса жанында болгон акчасын үндөбөй кармата берчү, лекин, жок болсо отургузуп коюп, тегерек-четтен сураштырып таап бере турган. Бирок, аркасынан карызын сураганын деги көрбөдүм. Ал өмүрдү элге, адамдарга арнап, жакшылык кылууну өзгөчө туюнган адам болчу. Тирүүлүктө эч ким анын жорук-жосун, адат-салтын кайталагысы келсе да кайталай албайт. Адамдарды өзүнө бир туугандай жуурулуштурган, жашоо түсүн өзүнчө элестеткен, өзүнчө чыйыр-нук менен өзүнө таандык перишителүү дүйнөнү алып жүргөн жан эле. Жакшылык гүлүн кылымдарга өстүргөн, Эсекемдин өлбөстүк көчүрмөсүн, ишенсеңиз, алиүнчө бирөө-жарымдан көрө элекмин!..

Маданиятка эмгек сиңирген ишмер наамын алып, «Эркин Тоо» газетасында башкы редактор болуп иштегенге чейин кыргыз телесинде эки жылдай чогуу иштеп калдык. Чоң редакцияга башкы редактор эле. Бирге иштегендер бир ооздон: «Кечке иштеп, суй жыгылдынар. Эми үй-үйүңөргө жетип алгыла» деп кечкурун кызматтык унаасын алдыбызга туура тартып, өзү үйүнө жөө кетчү. Ушундай да кичи пейил киши болот экен" деп боор төшөгөн керемет кемелине азыркыга чейин тамшанып, бир айтып бир, эки айтып эки коюшпайт.

Окуу башталат деп Фрунзеге элден мурда келип алган биз жактык студенттердин көбү башпаанек издеп, жатакана алганча Эсекемдин шаар четиндеги Кузнечная Крепость көчөсүндө жайгашкан, жепирейсе да кут түнөгөн үйүнө үйүлүп, көп келишчү. Арасында туугануругунун, айылдаштарынын балдары, качандыр бир көрүшүп, учурашып, дарегин жазып алган бейгараздардын уул-кыздары да боло турган. Ошо бейгараз-бейтааныштын балдары Эсекемдин төркү үйүндө көрпө жамынып, а тууган-туушканынын балдары босого-ооздо калып, апталап жүрүшчү. Эсекемдин улуулугу ушунда эле, эч качан аларга бул мага жакын, бул мага алыс дебей баарына тегиз карачу. Оокат-ашка келгенде да өздөрү жебей үй толгон элдин алдына болгонун жайнатып, (Алтын жеңебизге да миң ирет алкыш!) маанайларын жайнатып турса, эл бул жакка сүрүлбөгөндө каякка барат.

Бир жылы мен да окуу башталып, бир жумага кеч келсем, эрте келген студенттер жатаканаңы ээлеп кетишиптир. Барар жагым жок, түз эле Эсекемдин эшигин какты. Мага окшогондор толтура экен. Кечинде жат-жатка келгенде Эсекеме орун калбай темир мештин үстүнө «Советтик Кыргызстан» газетасынын тиркемесин төшөп алып жатып алды. «Көнүп калгам, бул менин койкам» деп баарыбызды күлдүргөн. Эртеси таң атпай туруп, кетип жүрдү. Дагы бир жолу кудайы конок болуп барсам, ошо кезде даңазасы ташып бараткан жаш сынчы, кийин күүжүм үлкөн кызматтарды аркалаган академик агабыз Абдыганы Эркебаев жашап жүрүптүр. Ал калеми менен далайларды далыга таптап, шыгын ойготуп, канчаларды сын камчыга алып, адебин колуна берген мыкты макалаларын Эсекемдин көчүк айланбаган, узун-туурасы бир метр иш бөлмөсүндө жазды окшойт. Эсенбай аканын бир айтканы эсимде: «Ак үйдө, көк үйдө иштегендердин бир

тобу "Кузнечная крепосттун" квартиранттары болчу» дегени тамашадан да, чындыкка жакыныраак эле...

Жазган жагынан жөндөмдү Эсекеме Кудайым берген экен! Төрт беш беттик макаланы чай кайнамга жеткирбей машинкага өзү басып, редактордун үстөлүнө койчу. Адабият, маданият, спорт, сын, деги койчу, озунуп жазыш жагынан атка жеңил тайга чак деп Эсекемди айтсак жарашат эле. Кечинде «Алганын" оюнун элге кошулуп, стадиондо көрүп (оо, ал кезде «Алга» футбол командасы дүңгүрөп тепкен тобу көккө көкөлөгөн маал), оюн бүтөр-бүткөнчө алакандай блокнотуна төрт бет макаланы чие салып, түз элге гезит чыгып жаткан типографияга жеткирчү. Түнкү он экини оодарып, үйүнө кетчү. Эртеси гезит бетинен Эсекемдин репортажын окугандар; «оюн кечки саат 10до бүтсө, бу каяктан үлгүрдү?!» деп желке кашыганын өзүбүз көрүп жүрдүк. Спорт менен өнөр темасын кесипкөйлөрдөн артык билчү. Студент кезинде атактуу С. Иткиндин (кадимки Каныбек Осмоналиевдин машыктыруучусу) кол алдында штанга көтөрүп машыкса, ага чейин актёр, артист болом деп сахна төрүндө каршы-терши басып, бир кыйла ролдорду аткарган жайы бар.

КТРды эки жарым жылдай жетектеп туруп, насип экен, «Кыргыз Туусу» газетасына экинчи жолу башкы редактор болуп барып калдым. Баягы, биринчи келгендеги өзүм кураган «Кыргыз Туусунун" чыгармачылык күчү чачырап, гезитке күч берүүчү таланттар бириндей түшүптүр. Кемелине келип, толукшуп турган Эсенбай Калдаровду, Шекербай Сартовду, Төлөн Насирдиновду таптырып, жумушка чакырдым. Кийин табы алоолонуп келаткан Мундузбек Тентимишев, Самсак Станалиев, Бактыгүл Чотурова, Жыпара Исабаева, Абибилла Пазылов, Эрнист Турсунов, Дайырбек Мейманов, Папан Дүйшөнбаев, Барчынбек Бугубаев өңдүү жалындаган жигерин гезиттин эстетикалык көркөм деңгээлин жаңы бийиктикке көтөргөн таланттар менен «Кыргыз Туусун» чыгардык.

Кезинде «Советтик Кыргызстан" газетасынын легендарлуу жоопту катчылары Бексултан Карабаев менен Ажимукан Түркмөнов олтурган кабинетте Эсекем эки-үч жыл мага орун басар болуп олтурду. Каалгасын дайым ачык койчу. Бөлмөсүнөн дайым адам үзүлчү эмес. Кээ бирөө жумушу жок болсо да Эсекемдин мандайында олтурганды

жакшы көрчү. Билбейм, мен таң калчумун. Күнгө кактанган козулардай жаны жыргап, Эсекемдин баскан-турганын, кылган ишин, телефондон сүйлөшкөнүн телмире тиктеп, ошондон болуп көрбөгөндөй ырахат алышчу окшойт. Түштө аларды өзү менен кошо ээрчитип чыгат. «Жүргүлө, Бакир аканын чайын ичип келели» деп күндө өзү эки ирет барчу (түшкүсүн, анан жумуштан кийин) чайканасына үйүрү менен ээрчитип алат. Алар тыйын-тыпырын чыгармак болушса, чыйпыйы чыгып, «коё тургула, тамак менен чайдын акысы төлөнүп калган» деп озунуп, ал тургай, буфет тарапка чыдабай өзү басып кетчү. Пашарт, чайда чогуу олтурган төртөө-бешөөгө дагы бирөө-жарым келип кошулчу болсо (кыргызды өзүңүз билесиз, тааныш топ олтурса сүзө качырып кирет го), ордунан туруп, буфеттен келген кишиге ылайык балык же жумурткаңы наны менен пиаласын кошо алып келип коёт. «Ээ, Эсеке, өзүбүз алат элек го, убара кылдык сизди. Бизди жаман үйрөттүңүз!..» демиш болгондорго, «беймарал отургула. Баары бүгүн менен бүтүп калбайт» деп ыранду жылмаюусу менен ортодогу ыңгайсыздыкты жоюп койчу, пусурман. Эртеси да ошо, кийинки күнү да ошо, ошо бойдон кайталана берчү...

Эсекем адамдарга закзал күлүп карачу. Бирөө-жарым менен сүйлөшүп жатканда көзүнөн күлкүнүн учкундары чачырап, ичинде кайгы-муңу куюндап турса да, сүйкүм жылдызы мандайында турган адамды өзүнө имерип, жан-отун алоолонтуп ийген элпектиги бар эле. Кимдир-бирөөдөн жагымсыз кабар эшитсе да бир кунунда туруп: «ушунака деңиз...» деп адатынча сабыр сактап, иштин чоо-жайын билгенден кийин жагымсыз кабар айтып келген киши кетээринде жаркылдап-жайнап узачу. Ушундай айкөл касиет Эсекемде көлкүлдөп турчу-ов! Кайсыл бирин айтайын, айтсаң кээ бири ишенбей да кетет!..

Кеч күз. Эсекем «Кыргыз Туусунда» орун басар. Элди гезитке жаздыруу кызыган маал. Басылмага арбын жаздыруунун сыналган жолу бул – окурмандарга ширелүү жазылган шиңгилдерди байма-бай жарыялоо. Жашоо кандай кызык эле анда... Менин иш бөлмөмдө Эсекем, Абдимухтар Абилов үчөөбүз олтурганбыз. «Эсеке, – дедим, – өзүңүз сезип-туюп турасыз, окурмандарыбыздын көңүлүн ийе турган чыгарма жазыш керек. Бул иш сиздин колуңуздан келет. Сандан-санга

жарыялайлы. Ышкы козгогон материалды окурмандар кубалап окугандай болсун", - дедим. Эсекем сөздү көбөйтпөдү. Кийинки күндөрү убактысы тартыш болуп жатканын айтып, баш тартты. «Убактыңыз ды эмнеге коротуп атасыз?" – десем, кечинде бир-ар саат таксовать этип жүргөнүн жашырбады. Дароо сөздү илип кеттим. "Таксисттин күндөлүгү» деген сериалды баштай бериңиз, көргөн-туйган турмуштук окуяларды калтырбай көркөмдөп, кагазга түшүрө баштаңыз. Күнүмкүсүн күнүм өзүм окуйм» дедим. Абдимухтар да колдоп кетти. «Ии-ий, таксовать этип жүргөнүн мындай эле айтып берсе, эми угуп отура бере турган окуялар! Эсеке, ошолорду ачыкка чыгарып жазыш керек» деп бир жактан күүлөп жиберди. Бул жолу Эсекем кыйыктаган жок. Дароо пландаштырдык. Сериал «Таксисттин күндөлүгү» деп аталмай болду...

Биз пландаштырган чыгарманын алгачкы сериалдары кийинки жумадан баштап кете баштамак болду. Биз жума күнү эртең менен сүйлөшкөнбүз, Эсекем кечинде күндөлүктүн башталышын үстөлүмө таштап кетти. Окуп көрүп, кубанганды айтпа, теманын дал үстүнөн чыккандай, далайдан бери башында бышырып жүргөндөй кызыктуу жазыптыр. Жабалактап окуп жаткан эл көз алдыма элестеп кетти. Күндөр зымырап "Таксисттин күндөлүгү" сандан-санга уланып, окурмандардын кызыгуусун айтпа. Кубалап окугандар редакцияга чейин келип, гезит алып кетип жүрүштү. Жазылуу өнөктүгү да жакшы болуп, миндеген күйөрман, окурмандарга көбөйүп, "Туунун" нускасы өстү. Кайсыл бир жылдары Италиянын мафиясы жөнүндө "Спрут" атту сериал Россиянын биринчи каналынан күн сайын көрсөтүлө башталганда кечкисин шаардын көчөлөрүндө эл кадимкидей азая түшкөн. "Таксисттин күндөлүгү" чыккан сандар да гезит күркөлөрүндө калбай, сатуучулар редакцияга келип, кийинки сандан жүздөн, жүздөн заказ кылып кетип жүрүштү.

Элдин оюнда жүргөн көйгөйлүү турмушту жазып аткан Эсекем бир күнү келиптир. "Абдыке, муну токтотпосок болбойт, чыкпай калды", – деди аргасы түгөнгөндөй. Макул болгон жокмун. "Эсеке, эң кызыгына эми жеткенде эмне дегениңиз, элге кызык болуп жатпайбы! Сизди башка иштердин баарынан бошотоюн, жалаң ушул чыгарманын үстүнөн гана иштеңиз" деп, ак көңүл Эсекемди кайра жаңы дем

менен ишке салдым. Кайриет, чыгарма кайра чыйралып, мурункудан да кызыктуу жазылып, калем улам арылаган сайын көөмүш уйдай ийип берип турду. “Таксисттин күндөлүгү” ошол кезде гезит тагдырына таасирдүү роль ойногонун азыр да чоң канагаттануу менен айта алам. Кийин да жарым жылга чейин сандан-санга жарыяланып, кийин жарык көргөндөрүн топтоп, “Миң бир күн” деген аталышта эки китеп болуп басмадан жарык көрдү.

Адам көңүлү дегенде Эсекем үстүндөгү үйүн берип туруп кетчү. Ошондой эле болбодубу... “Советтик Кыргызстан” газетасында көп жыл иштеп, жеңебиз экөө эми-эми үй алабыз деп биринчи кезекте турушат. Ал кезде үй алуу бактысы, сизге жалган, мага чын, өмүр бою бир жерде иштеген адамга гана буйрубаса, башка жерден үй алуу тоңзоктун-тозогу эмес беле. Редакцияга Кудай жалгап, төрт бөлмөлүү үй бөлүнүп калат. Үй алуу кезеги жыйырма жылдап көчүк айланбаган батирде төрт баласы менен күн көрүп келаткан Эсекемдики болчу. Үйдүн ордери колуна тийип, “Кузнечная крепость, кайыр кош!” деп кубанычы койнуна батпай турган Эсекемдин алдына редакциянын сүрөтчүсү Марат Айтакунов келет. “Эсенбай, менин оорукчан балам бар, дарылаганга шарт керек. Кезегинди мага бер, үйдү мен алайын, менин шартымды сен гана түшүнөсүң” дегенде айкөлдүгү ааламда жок Эсекем колундагы ордерин үй-бүлөсүн таң калтырып, Айтакуновго кармата берет. “Биз чыдайбыз, кийинки тамды алсак деле болот” деп күтүүсүз чечим чыгарып, “Кузнечная крепостто” дагы кыла жыл күн кечиришет. “Советтик Кыргызстан” газетасы ошол кездеги Борбордук Комитеттин органы болсо да эки-үч жылда барып, бир үй бөлүнчү. Эсекемдин ошол жакшылыгы бүгүнкү күнгө чейин көбүн таң калтырса, көбүн жанда жок сыпайылыгы, сабырдуулугу, жапакечтиги суктандырып келет...

Ооруканын короосуна киргенде эки инисин ээрчиткен Эсекем алдыман чыкты. Баягы күнү Абдимухтар досум экөөбүз келгенибизден кыйла шайдоот көрүндү. Кучакташып көрүштүк. Палван көкүрөгү, чымыр денеси дарт азуусунда чайналып, шылынганы менен, көздөрү баягысындай эле күлүндөп, жашоого кумардуу. Эртең жүрөгүнө операция болорун, тез-тез кармап шайын оодарган приступтан биротоло кутуларын, «Кыргыз тили» гезитинин жаңы санын бейтапка-

надан эле даярдап койгонун деми кыстыгып, энтиккенсип айтканы камтама кылды. Күн тийген жер менен ары-бери бастык. Тизгиндеш жүрүп, жашоодон тапкан жылдыздуу учурлар, жеңген жылдар, жеңилген күндөр жөнүндө да кеп урдук...

– Эсеке, эртең операция болсоңуз энергияны сактаңыз, ичкери кириңиз, – десем адатынча тамаша-азилге салып:

– Жүрөктүн энергиясы жетет, азыр жасайбыз десе, азыр даярмын. Бул күндү жүрөгүм экөөбүз күткөнбүз... – деди.

– Кудайым бар, Эсеке. Жеңилинен берсин, – дедим. Эмнегедир Эсекемди кучактап коштошкум келди. Кучактап, «кумурскага зыяны жок асыл агамдын өмүрү өзүнө аманат. Өмүрдүн узагынан бере көр» деп ичимден жараткандан жалынып жибердим. «Төрт-беш саат жасашат деп айтышат. Эртең келем деп убара болбо, балакай» деди баягыдай бейгам күлүп. Кандай жайдарысыз, Эсеке!

Карачы, акылман Эсекем этият-шарт дегенби, операцияга кирип баратып «пашарт, ойдогудай болбой калса, мени Көк-Белге алып кеткиле, апамын жанына койгула» деген керээзин иниси Эркинбекке калтырганын кийин уктук.

Эртеси операция жасалып жатканда Эсекем саар-кеч басып жүрчү бейтапкананын бир капталында жоон топ, ак санаалаш достору Эсекемдин тубаса таланттуулугун, улуу-кичүүгө күйүмчүл, адамда жок асылдыгын, жаштык-мастыктын куунак күндөрүнөн ширелүү кеп салып, андан аваз-ыракат алып баарыбыз бейкапар элек.

Кайриет, Эсекемдин кайратынан жанбаган эстүү жүрөгү эчен жыл эзмелеген илдеттин башынан аттап, жашоонун ак жарыгына алып чыкты! Эртеси түштөн кийин палатасына баш баксам, соткеси менен (мени айран-таң калтырып!) бакылдап бирөө менен сүйлөшүп жатыптыр. Куштай сергек көрүндү көзүмө! Бирок, күчтөнүп, эмоциялуу сүйлөгөнү жаккан жок. Анан дагы аркасына жаздык койдуруп, керебетине олтургусу келип, келгендер менен жатып алып сурашканды өөн көрдүбү, «Эсеке, жата бериңиз, козголбоңуз!” дегенибизге болбой, тикеленип баамчыл, мээри төгүлгөн көздөрү менен алмак-салмак бизди карап, устара уусуна угуп турса да, мырзалыгынан жазган жок го, чиркин!.. Ошентип жатып да куудулдана күлдүрүп, а биз жетине албай сүйүнүп, тирүүлүктүн асыл баасын, алмашкыс кунун жан дүйнөбүз менен сезип турдук!

Көрсө, Эсекемдин эрдиктерге бышкан, күрөшчүл жүрөгү анын акыркы каалоосун аткарып, асыл агабызды дос-жарына, урук-туугана, көкүрөк күчүгү Амантурга жүздөштүрүп, бирок да, жашоого дилгир муштумдай жүрөгү арабыздан асылдарды терип алганына алымсынбаган кызыл көз ажалга алы жетпей чеңгээлинде тыбырап турганын кайдан билдик!.. Эх, тирүүлүк! Сенин улуулугуңду такай эстеп, эстүү жашап жүрө албаган биз кандай гана армандуубуз!..

Түз эле бейтапкананын короосунда Эсекемдин сөөгү салынган унааны ортого алып, алыскы Ноокаттын Көк-Белине жол тартаарда жүрөгүбүздүн күйүт жалынын төгүп алгыбыз келди. Аза күтүү митинги башталды... Күн жолунда тапкан курбу-курдаш, достору, инилери, туугандары ак эмгектен өсүп-өнгөнүн, буйруган кызматты ийинине чыгарып, артында кылымга калаар мүрөктөй мээнет калтырганын, таарынычка кечиримдүү, ырыскыга тамырлаш, жакшылыкка жарык мандай, бейчеки бирөөнүн көнүлүнө азар бербей, колундагы насибин тең бөлүшкөн айкөлдүгүн, бейкүнөө бирөөгө сын такпаган, назары чөккөн күнү да көөдөнү көктө жүргөн, санаадан тапкан сыркоосун жан адамга билгизбей алп Алыкулдай өлүмгө тике карап жаман ойго жеңдирбей, кайгыга алдырбай, өмүр бою сөз ырыскысына супарадай таза мамиле жасаганын айтып жатышты. Абдыганы, Абдыракман, Шерназар, Насыр акалардын, Абдыкадыр, Абдыганы, Абдимухтар, Таалайбек, Бактыбек достордун, Сакы, Асан, Мамат, Бакбур инилердин каректерин жаш чайып, Эсекемдин урук-тууганы, инилери, балдары, аяштары арман-күйүткө батышты...


Эсенбай Калдаров агабыз ырларын жогору баалаган таланттуу акын Тургунбай Эргешовдун төрт сап ыры көмөкөйүмдө кайталанып, карегимди жаш чаят.

«Жакшы кал, жашоо берген жарык аалам,
Жашагым келген эмес, сенде жалган.
Ыр менен ыйласа ыйлап, күлсө күлдүм,
Айырмам ошол эле башкалардан...»

Күн уясына кылкылдап батып баратканда Эсекемдин сөөгүн салган унаа Төө-Ашуунун белинен буралып, Ала-Белге ылдыйлады. Эсе-

кем бул жол менен эми Бишкегине экинчи кайтпайт. Тирүүлөр менен кайыр-мазир кылып, тууган жерине түбөлүккө калмакка Көк-Белге, ата жайга, көз көргүс келбестикке, акыретке сапар алды... Бул жарыктан жалганы жок жашадыңыз, Эсеке!!! Жакшылык менен жылуу сөзгө уютулган жаныңыз жаннатта жүрсүн, жан ака!!. Сиздей адам дагы келээр бекен!..





МАҢДАЙЫ ЖАРЫК МУФТИЙ

Дастесем азыр дагы бүткөн муунум чымырап кетет. Ал кезде Мураталы ажы кесел дегенди капарына да албай карсылдап сүйлөп, жаш болсо да даңканай дене-мүчөсү курагын билгизбей сөөлөттүү көрсөтүп, жоон топ элден өзгөчөлөп, эми Кудай Таалам ого оомат-дөөлөттү куп берген экен. Таксырды алды-артынан эл курчап, кыргыз мусулмандарынын мандайына жазган муфтийге Азия чөлкөмү тамшанып, “төгөрөгү төп келишкен мындай жан дүйнөнүн жылдызы бизге неге буюрган эмес” деп сумсайып, тымызын суктануусун жашыра албай канча жандар этек-жең болуп жанында жүрдү.

Куран-сүрөөн түшүрсө, бадан-бойду толкуткан коңур кырааты окулуп, бүтөр-бүткөнчө дем тарттырбай жака-белинде отургандарга бу жалгандан башка да ал-жай сурашчу, бейиштүү аалам бар экенин эстетип, келмеси бар пенденин карегине жаш тептирип турар эле. Дуба кылаарда дилинен мөндүрлөп, жүрөк супурасына бүлөгөн сыяпаттуу тилектери көңүлгө уюп, “адам оюндагысын ушунчалык жанына чыгарып, тунук айткан жанды биринчи көрүшүм” деп тооба кылгандарды да көрдүк.

Көз тийди, дарт тийди деп да жүрүшөт. Болбосо, бир ай мурда эле жакшы санаалаштар арасында ал-жай сурашып, бирге даам сызып, көзгө сүртүп, көңүлгө түйүп, алар менен мунажаттуу кеп козгоп, тамашакөй отурганы күнү бүгүнкүсүндөй эсимде. Көрсө, ошондо эле ичиндеги илдет муфтийдин өмүрүн ыдыратып, ай эмес аз калган күндөрүнө тиш салып баштаган тура. Анын үстүнө жашоонун жоор оорусуна айланган, кызмат куйтулугу күчөп, ошол кыйсыпыр түшкөн күндөрү Мураталы ажынын кабак-кашы бүркөлгөнүн бирөөбүз да көрбөдүк. Кайра Ноокат коомунун кезектеги жыйынында отурган элге карап: “Эй, журт жакшылар, айыл-апага каттап тургула, “канттип атасынар, орозгер кандай?” деп сурап туруш парз. Баарыбыз тең айыл жактан келгенбиз. Же жалганбы?! О тутамдап отурган ооматың бүгүн бар да, эртең жок! Кийин ал жакка кайтыш жагын дагы ойлой жүргүлө” деп жака-белди ойго салып койчу. Пайгамбар киши экен, сөзүндө турмуштун ыраңы көздүн жоосун алган асан-үсөндөй эле кубулжуп турчу билгенге.

Бир сапар кызык иш болду. Ак мээнет менен агарып-көгөргөн бир ноокаттык азамат илгери үмүт-жакшылыгына Мураталы ажыны баш кылып Бишкектин күнүн көрүп, суусун ичип жүргөн кыйла адамды кылдап, кафеге чакырып чай берип калбаспы. Муфтий төр тарапта аксакалдар менен олтурган. Бир маалда жанагы той берип аткан жигиттин достору келген меймандардын көңүлүн көтөрөлү дештиби, билбейм, ортого жарым-жартылай жылаңач бийчини чыгарып, кол чаап ийишти.

Чыгыш бийин бийлеп денесин титиреткен кыз төр тарапта сыйлуулар отурат дедиби, айтор, селде ордуна ак калпак кийип келген Мураталы ажынын (калпак өзгөчө жарашып калчу) алдына чыгып тим эле чимирилип, чиркин, адам тура алгыс маанайга жеткирип ийбедиби. Баарыбыздын тең эки көзүбүз бийчиде эмес ажыда. Муфтийдин жанына шынаарлап куймулчагын силккен сайын башыбыз жерге кирип кете жаздайт. Пендебиз да, бир эсе "муну каяктан таап келе калышты, муну муфтийдин алдына алып чыгып, не максат көздөштү?" деген да кыйгыл ойлорго жетеленип кеттик.

Мураталы ажы сыр билдирбей кыбыла тушту караган тейде зыңгырап туруп берди. Бийчи кыз да балакет неме экен, мени тоотпой жатат деп ажыны титиреген боюнча ороп кетчүдөй болуп түпкүчтөй ийилгенде отургандардын алды чыдабай тура калып, кээси күлүп жиберди.

Бий бүттү. Муфтий кол чапкан жок. Баарыбыз тең бийчинин кылганы ага жакпай калды деп калганбыз. Бир маалда элдин бийге болгон кызыгы суугандай болгон ченде жанында бийчиге жан-алы калбай кол чаап отурган, көп жылдар студенттерге дарс окуп жүргөн агайды карап: "Мен сиздерге аялзаты жөнүндө бир ыр окуп берсем болобу, таксыр!" деп калды.

Саал осолдукка кириптер кылган бийден ыңгайсызданып отургандар дароо жазылып, жаалап жиберди. Эми көрүп ал, Мураталы ажы коңур доошуна салып, аял тууралуу бир керемет ыр саптарын төктү деңиз, калп айтпасам, жыйырмадай куплетти бир дем албай айтты. Көз алдыбызга аялзатынын асылдыгы, сулуулугу, бүт ааламды жан дүйнөсүнө батырган айкөлдүгү, деги эле эне жөнүндө көкөйдү көзөгөн мындай ырды буга чейин укпаптырмын.

Муфтийдин аваздуу доошу өзүнө ылайык обон таап, көкүрөгүндө кайнаган ыйык сезим чайнектин буусундай сыртка атылып, каалагандай бир эргиди го, чиркин! Жакшылап абай салсам, көздөрү баякысынан да бакырая, түгөтө айтсам деген ышкысы ээ-жаа бербей толкундоонун добулу толмоч денесин билинээр-билинбес ыргап турду. Тообо, Саякбай манасчы көз алдыма тартыла түштү!

Бүткөндө тегиз кол чаап жибердик. "Кандай экен, жактыбы?!" деп жака-белинен сурап койду. Айран-таң калганым, жыйырмадай куплеттин бир мүдүрүлбөй ар бир сөзүн таптап, жеринен элди кошо тамшандырып айтканы болду. Пашарт жайнамазга жыгылбай жазуу ишинин аркасынан кеткенде шиңгилдүү талант арабызда отурмак. "Талантты кор кылып жүрүпсүз да..!" – деди баягы бийчинин аягына төшөлчүдөй жаны калбай кол чапкан агай эми поэзиянын керемет күчүнө шире мас.

– Жакса эле болду... – деди муфтий. Анан сөзүн башкага буруп кетти. Бирок, олтурган эл о кыйлага тунжурап, күмүш күндөрүн таныдыр боюнда, түмөн түндөрүн бешик түбүндө короткон энеге болгон таазим тегерек-четтин жүрөгүнө тамырлап, "шык-жөндөмду Кудай-Таалам аяган эмес экен" деп алдыбызга келген ысык тамакка алаксыбай, баарыбызды ой чырмап турду.

Оюндагыны окуп, жүрөгүндү туюп турчу. Улуу башын кичүү кылып, кимге болсун жакшылыгын ала жүгүргөн ак жүрөктүгүн айтсаң... Бир жерде Куран окутулуп, көпчүлүк менен чыгып, таркап атканбыз. Куран окуткандар Мураталы ажыны узатып чыгышты. Мени көрө калган муфтий элдин көзүнчө эле: "Абдиламит ака, каякка чейин барасыз, бизге отуруң, бирге кетели", – деди. "Жакын эле жерде турам, жөө кетем" дегениме ынабай кызмат унаасынын алдыңкы эшигин ачып: "Кана, олтуруңчу!", – деди. Муну күтпөгөн жаным: "Жо-ок, алдыга өзүңүз олтуруң, көргөндөр эмне дейт?", –деп туйласам: "Э-ээ, пусурман киши экенсиз. Муфтийдин машинесине эч ким түшпөйт бекен?! – деп таарынгандай болду. Эл да кызык... Муфтийдин машинасы жылып кеткиче моюндарын созуп, карап турушту.

– Бу кишини тааныйсыңбы? – деди муфтий шопуруна. Жылдыздуу жигит экен, мага карап, "көрүп жүрөм" деп жылмайып койду.

– Көрүп жүрсөң, эми жакшы таанып ал, бул акаң көп жыл өкмөт гезитин чыгарды. Телени да эки-үч жыл башкардыңыз окшойт?.. Жазуучу, китептериңизден бериң, окусун. Азыркылар бизнесмендерди эле жакшы таанышат, – деп күлдү. Анан: "Бу Эсенбай ака жакшы эле жүрдү эле. Эмне, ооруду беле? (о кезде Эсенбай Калдаров биз жашаган ааламдан кеткенине кыйла болуп калган).

– Кичине жүрөгүнөн кыйналып жүргөн, – дедим.

– Жүрөгү зор адам эле го?! Дайыма күлүп жүрчү, а?! Ондой адамдын душманы да болбосо керек. Оозунан бир жолу да "жок" дегенин укпадым. Зор адам эле...

– Ырас айтасыз, Эсекемдин душманы жок эле... – дедим.

Муфтийди ого бетер жакшы көрүп калдым. Менден Эсекемди көптөн бери эч ким сурай элек эле...



ФАРАОН

Досум Жусуп Тургунбаевдин жаркын элесине арнайм

Кызуу уйкуда жаткан Бишкектен суурулуп түнкү үчтү түштай "Манас" аэропортуна жете келсек, бу жердин таңы небак сүрүлүп, күнү көтөрүлүп кеткендей алыс жолдун азабына кайыл болгон узун кезек чампайган чемодан, түйүлгөн сумке көтөрүнчөктөрүн сүйрөп, каттоодон өтүү камылгасында жүрүшөт. А эрте келгендердин алды учак билеттерин текшертип, темир тосмонун нар жагында узатып келген жакындары менен кайыр-мазир жөрөлгөсүн кылып, кол булгалап турушат. Бир жылдан бери Египетке камданып, буйруса, Нил менен Пирамидаларды көрөбүз деп өпкөбүз көөп жүргөн, мына, бүгүн анын мөөрүтү келип аэропорттобуз.

Жусуп досум Жанара аяшым экөө бизден мурдараак келишип, чемоданларын жанына коюп отурушкан экен, бизди көрүп тура калышты. Жусукем адатынча эки колун жогору булгалап, каткырып келип, кучакташып көрүштү. Жанара аяшымдын, "аа, келдиңерби?" деген суроосунун нар жагында "кечиктиңер го..." деген камтамасы сезилип турду. Зирек досум аяшымдын сар санаасын туйду окшойт: "Эч ким кечиккен жок, жүргүнчүлөрдү жаңы каттап башташты, – деди ортону жумшактап. Анан, "кана, кезекке туралы, Айбийке каякта жүрөт?!" дегенде барып, Египетке жол тарткандар төртөө эмес бешөө экенибиз билинди. Айбийке жаркылдаган, мектепти жаңы аяктаган Жусукемдин небереси. Ага чейин Айбийке да келип калды. Баары ошондо башталды.

– Айбийке, паспорттурду чыгар, кызым, – деди Жанара аяш, – кире бериштен эле көрсөтүп, андан ары билеттер менен эле учакка кирет экенбиз.

Биздин тегерек-четти тиктеп, козголбой, беймарал турганыбызга Жусуп досум ойдолоктой:

– Абдыке, паспорттурду даярдап ал, жакындаганда таппай каласың, – деди. Эй, билгендей айтыптыр! Мен колумду чөнтөгүмө салган бойдон турган жеримде несейдим. Колума паспорттор урунбайт.

"Өлдү" дедим ичимден. Жаңылды карасам, ал мени бир кызыктай тиктеп калыптыр. Паспорттор жарым ай мурун билеттер алынгандан кийин төркү үйдөгү серванттын тартмасында жаткан, ошо жаткан бойдон калыптыр да, кашайгыр! Дагы эле ишенгим келбей:

– Паспортторду алган эмес белең?! – деп Жаңылдан жортеки, кандай жооп болорун билип турсам да сурап коём.

– Жок, конечно, сен албадың беле, акыркы жолу!.. – Жаңыл бир нерсени сезгендей үнү көтөрүңкү чыкты. Кулагыма эч нерсе угулбай көгүш түстөгү эки паспорт бизди сатып кеткен душманыбыздай көздү күйгүзүп, көкүрөктү куйкалап турду. Дароо Жусукеме бурулдум:

– Ээ-эй, иш чатак, досум, биз аппандилар паспортторубузду унутуп баса бериппиз! – дедим. Кыйкырып айткан окшойм, алды-артыбызда кезекке тургандар бизди аягандай карап калышты. "Манаска" келээр-келгиче алыскы Египет элестеп, ал жак мага (көп эле чет өлкөлөрдө болсом да) айрыкча бир сыйкырдуу көрүнө берген...

– Болору болду, эми кейигенде эмне!.. – дедим кайта өзүмдү-өзүм сооротумуш болуп. Досум шашпай мени кыйлага карап калды да:

– Кана, шашпай айтчы, баары жайындабы?! – Бизди тамашалап атабы дегенсип, Жаңыл экөөбүзгө алмак-салмак карайт. Ушу турушунда бу жалганда мага андан өткөн бактылуу жан жоктой сезилип кетти.

– Эмне дейт, паспортторун үйгө таштап келе беришиппи?! – Жанара аяшым биздин жаныбызда турса да, бизден эмес Жусуптан сурады да, өзүнүн паспорту калып кеткендей өңгөчүн тартып ийди.

– Жо-ок, кантип эле, жаш баласыңарбы?! Шашпай, жакшылап карагыла, сумкеге салган жок белеңер?, – деди саякатты жанындай жакшы көргөн досум дагы эле ишенбей. Маа демектен тигишине чейин тинтип карасак да табылбай турганына көзүм жетип:

– Жусуке, айып өзүбүздө. Биз калдык, силер уча бергиле, артыңардан барсак барып каларбыз, болбосо келээрки жылы деле барсак болот, – дегенимде, демим кайтып, үмүтүм үзүлө түшкөнүн иреңимен байкап түшүндү.

– Андай болсо көп трагедия кылба, досум! Такси турат, такси менен барып, такси менен кайра келесиң, керек болсо жарым саат, бир саат самолётту да токтотуп турам... Кана, досум, шалдайба, – деп Жусукем мени жаш баладай сыртка сүйрөдү.

– Жусуке, болбой калды. Бишкек каякта жатат, Бишкектен да нары барыш керек, үлгүрбөйбүз!..

– Көп сүйлөбөй, бас дегенде баса бербейсиңби! – Эч кимдин көңүлүнө бейчеки азар бербеген, айнектей тунук дүйнөсү бар досум мени кара күчкө жеме-жукага алды. Анан эмне кылат...

– Мүмкүн, жетип, келип каласың, – деди үмүтү дагы эле үлпүлдөгөн Жаңыл мусапырым. Кимдир-бирөө бу турмушта жаза турган ушундай жагдайлар да болот десе түк ишенбейт элем... Эми башыма келгенде минтип мукурап...

– Эрте күндү кеч кылба!, – дегенде Жусукемдин аркасынан ээрчибешке аргам калбады.

Алдыбыздан чыккан биринчи такси жүргүнчүсүн түшүрүп, эшигин жабаарда Жусукем каалгасын жаптырбады.

– Иничек, бир жакшылык кыл, бу аганың азыр Египетке учмак, паспортун үйүнө унутуп келе бериптир, самолёттун учаарына кырк мүнөттөй убакыт бар, жетесиңер, аласыңар, кайтасыңар, айткан жолкиреңи ашырып беребиз, – деп досум колун чөнтөгүнө сала койду.

Таксист жолоткусу жок. "Мен жогорку ылдамдыкта жүргөндү жаман көрөм" деди да каалгасын тарс жаап, газды басты. Бер жакта турган мага: "унутчаак адамды жаман көрөм" дегендей угулду. "Чала" дедим өзүмө-өзүм. Жусукем экинчи келип токтогон таксини тороп, тизгинден алды.

– Эй, иним, бир жакшылык кыл, паспортту үйдө унутуп келе бериппиз (досум өзүн мен бейдабага кошуп койду). Бишкектен алабыз, кайтабыз, бизде кырк мүнөт убакыт бар, жол киреңсен айткандай болот.

Жаш жигит жол кирени укканда сөзгө келди. Сураганы бул болду. "Бишкектин берки четиби же аркы четиби?" Кайриет, сөзгө келди окшойт, айнып кетпесин дедимби, оозума "орто ченинде үйүбүз" деп ийдим. "Египетке барабыз деп көптөн бери дегдеп жүргөнбүз..." деп баштаганымда баягы жигит:

– Сөздү көбөйтпөй отуруңуз, – деп алдыңкы каалгасын ачты.

– Мына досум, жакшы адамга жолуктук, аман-эсен барып, келип кал, биз күтөбүз! – дегенде мендеги үмүт оту чындап тутангандай болду.

Таксист ачкан алдыңкы эшикке эмес, эмнеси болсо да ушарлигимди карматып арткы орундукка боюмду таштадым. "Курду курчаныңыз!" Күнөөлүү адамга кайрылгандай мага буйрук берди. Француздар тарткан "Перевозчик" деген курч окуялуу тасма эсиме кылт этти. Ордунан ынтылганда эле билдим, эми учурат экен. Айткандай эле, машина ордунан атып кеткендей болду. "Бир жагына жыйырма

беш гана мүнөт берилиптир эми Кудай жалгап, жол ачык болгой эле, быякка келатканда гаи-паи көрүнбөдү эле, эми көрө жатабыз" деген гана сөзүн билем, башка эч нерсе угулган жок. Болушунча газды тебет. Мындай ылдамдыкта "Манастын" жолундагы ГАИ посту бир көрүнүп калып кетти. "Египеттин самолёту да мынча ылдамдыкта учпаса керек" деп коём өзүмчө. Бишкекке киргенде, таксист мага моюн буруп: "Он беш мүнөт өттү, кайсыл райондо турасыз?!" деп кыйкырып сурады. "Киргизия-1де" дедим мен да үнүмдү ошонукуна окшотуп. Кайриет, жигит кайтып унчукпады. Болбосо, Бишкектин ортосунда дегенсиз деп, ошо ортолукка түшүрүп койсо да, атын айры, изин ийри демек белем, нысаптуу неме окшойт. Курду бекем курчангам, жамбашыма өтүп кетсе да, эки колум карышып калса да бошотподум.

Бишкектен чыгып, Нариман салган жол менен биздин көчөгө бурулганда "келип калдык" деген сөзүмө: "Байке, биздин жыйырма беш мүнөтүбүз калды, эми тездеңиз, үйүңүздөн чыгарда унутпай нан ооз тийип, күзгүгө бир каранып коюңуз. Өткөндө да бирөө шу сизге окшоп, үйүнө паспортун унутуп кетип, аны да сиздей кылып жеткирген элем, бирок, а кишинин убактысы сиздикинен көбүрөөк болчу" деп күйгүзбөдүбү. Үйгө атып кирдим, карасам, бизди чаң-тополоңго салган көгүш паспорттор ар бири бирден билет кучактап жатат, кайрандар!!! Сыртка чыгып баратып, баягы жигиттин айтканын кылып, күзгүдөн өзүмдү карасам, өң-алеттен кеткен, мен тааныбаган бирөө аркаман карап кала берди...

"Манасты" көздөй учтук. Ылдамдыкка көнө түшкөн жаным, боюмду түзөп, курумду көп мыкчыбай бош койдум. Таксист аэропорттун экинчи кабатына чыгып баратканда, "мен бүгүн рекорд койдум. Канча жыл "Манаска" каттайм, Бишкекке кырк мүнөттө барып келе элек экем" деп агынан жарылды бечара. Ал да мени менен каттоо залына кошо кирди. Баягы узун кезек небак соолуп, эч ким калбаптыр. Берки бурчта бир нерсе карамыш болуп, Жаңылым жүгү менен калыптыр.

– Ушунча да кечигесиңерби?! – деди мөөрүн жыйнап, ордунан туруп кеткен кыз биз үчүн кайра келип отурду. Жол киресин ашыгы менен алган айдоочу жигит чоң жеңишти багындыргандай күлүп-жайнап менин аркаман калбайт. Күтүү залына киргенде гана артыман: "Байке, эми болгон стрессти чыгарып, бир жакшылап эс алып кайтыңыз. Мындан кийин паспортту сиз деп жүрө турган болдуңуз" деди.

Ушул тапта ага эмне деп айтса жарашмак. Мен "туура айтасың" дегенсип, биринчи жолу жылмайганга аракет кылдым. "Сага чоң ракмат, бала-чакандын күнүн көр, мындан кийин астараак жүр, ука"

десем, "биз минтип жүрбөсөк оокатыбыз өтпөйт, байкеси!" деп кол булгалап калып калды.

Күтүү залында жалгызсырап отурган Жусуп досум мени көрөрү менен, космостон кайткан космонавтты тоскондой залды жаңырта каткырып келип кучактады. Мен дагы досумду боорума бекем кыстым. Ошондо гана Египетке учаарыма көзүм жетип, досумдун шардыгына, көзү ачыктай жасаган чечкиндүүлүгүнө жетине албай, өзүмө-өзүм батпай турдум.

– Айтпадым беле, үлгүрөсүң деп! Самолётту учам десе да учурмак эмесмин, – деп коёт аркасынан.

– Көрүшпөй калышканына бир саат боло элек сагыныша түшкөнүн кара! – деп бизди тиктеп, Жанара аяшым биринчи жолу кыткылыктап күлдү.

– Болду, эми бизге тийбегиле, жүр досум, – деп Жусукем күтүү залынын чыгыш жагын ээлеп жаткан кофеге карай басты. Түшүндүм да, үндөбөй ээрчидим. "Мынаны алып ий, жеңилдей түшөсүң" деди камкор досум. Колундагы желим идишке мелт-калт куюлган коньяк. Карап турамбы, шыпкап алдым. Демейде, "эй, булар баягысын башташты" деп чуу көтөрүп жиберишчү байбичелер бизди көрсө да, көрмөксөн болуп отурушту...

Кийин байкадым, күтүү залынын төр жагында ортолук менен колду аркага алып, эки жердешибиз уйку качырып, аяк жазып басып жүрүшүптүр. Бири кадимки залкар жазуучубуз Түгөлбай Сыдыкбеков атабыздын калдайган караанын, төгүлгөн күмүш чачын элестеткен ары аалым, ары публицист Сулайман Кайыпов менен бою жагынан да, ою жагынан да сынчылдардын илгерки чыгааны Кымбатбек Укаевге окшош иним, кел-кели келип, китеп артынан китеп жазып кирген таланттуу жазуучу, "Жаңы Ордо" гезитинин кожоюну Бекен Назаралиев.

– "Оо, каякка жол алдыңар, баатырлар?!" – деген Сулайман аканын кулакка тааныш обондуу суроосуна:

– Египет тарапка буйруса, – дедим. "Буйруса" деген сөзгө негедир басым коюп айттым.

– Оо, анда силер алыс кетип атыпсыңар, Нил менен Пирамидаларды көрүп бир кумардан чыгат турбайсыңарбы, а биз мынабу турган Стамбулга, – деп биз сурай элек өзү ай-жылдарды калтырбай каттап турчу Түркиянын чүрөк шаарын атап койду. Ал-жай сурашып, бирибирибизге ак жол каалап бөлүндүк.

Бишкектин күнү чачырап чыкканда кыбыланы көздөй канат жайган самолётто стюардессанын "куруңуздарды курчанганды унутпа-

ңыздар” деген жарыясына күлүп жибердим. Баягы Шумахер инимди эстеп алдым. Жанымда уйкуга көзү илинген Жусукем. Жолум буулуп калган жерден ажаат ачып, өзү менен алыс сапар ырыскысына коштуп алган айкөл досумдун олбурлуу денесин оң колум менен өзүмө тартып: “Сен болбосоң, салбырап Бишкекте калмак элем, “жандооч кийик аттырат” деген ушу да деп, ийининен кучактап, өзүмө кысып койдум.

Бир апта болду. Египетте эл катары эс алып жүрөбүз. Жусукем эрте мененки нанүштө үстүндө бир ачылыш жасап жиберди. “Билесиңер, бүгүн Абдиламит Мурзаевичтин туулган күнү. Кечээ күнү аста барып эс алуу жайынын чоңдору менен акылдашып көрсөм, досумдун өздүк майрамын өзгөчө кылып, болгондо да бекер, италиялык ресторанда өткөрүп бермек болушту. Булар бул кааданы башынан бери сакташат экен”, – десе болобу.

“Бекер убара болупсуң да, Жусуке” дедим. “Убарасы болчу беле?! Андан көрө, сен туулган күнүндү кайсы жерде өткөрүп жатасың, ыйык Египетте, мусулмандардын Мекке-Мединасына жакын жерде, мындай шыбага ар кимдин эле маңдайына жазыла бербейт, муну билип кой..,” деп Жусукем өзгөчө шаңдуу. Адатынча дагы далымдан таптап коёт.

Кечинде “Хилтон” эс алуу комплексинде, италиялык ресторанда атайын жазуусу бар үстөлгө келип жайгаштык. Беш адамды беш официант тейлеп жүрдү. Дасторкон үстү толгон дүйүм тамак. “Быякка келгенден бери араб достордун пивосуна курсак айрылгандай эле болду. Бүгүн досум, италиянын виносуна бир суусун кандыралы, кандай дейсиң?!” деди жаркылдаган Жусукем. Кечебиз көңүлдүү өтүп жатты. Тамак артынан тамак келет. Бу отуруштун күнөөкөрү мен экеними официанттарга көзүн ымдап көрсөтүп койгонбу, менин эле кашымдан кетишпейт... Ресторанда эл көп. Көп эл болсо да, сыбызгыган музыка ойноп, үндөрүн аста чыгарып, жайма-жай сүйлөшүп отурушат. Жусукем “ушу отурган ар бир үстөлдө сендей болуп, туулган күнүн белгилеп отурган адамдар бар” деп күлдүрүп, биздин үстөлгө тамадалык кылып отурду. Кечебиз ортолоп калганда, орду-нан турду да: “Мен бүгүн досумдун туулган күнүнө арнап, бир ырдап бербесем болбойт” деди. Жанара аяшым эле эмес, биз да чоочуп кеттик. Себеби, көп эл отурса да зал жымжырт, ал тургай, кокус кашык-вилкаң кагышып кетсе да өзүңдү ыңгайсыз сезип отурганда, биздин тамадабыз ырдайм деп чыкса чоочубаганда... “Жусуп, кой, болбойт, отур, булар сени түшүнбөйт!” деп, Жанара отурган жеринде ойдолок-

топ ийди. Аркасынан дагы: “кызып алып ырдагандай бул жер сенин Бишкегиң эмес, сен Египетте отурасың, ону унутпа” деп бизге карап күлдү. “Жанаркан, сен маанайды бузба, булар да ырдаган эл, ыр дегенди түшүнөт, сен үндөбөй тынч, ыр ук, алтыным” деди да төр төөбүзгө ырдай турган ырын аста, “Ашыралы Айталиев, “Нарындан жазган салам кат” деп жарыялап койду. Жаңылга жага бербей калды, досума карап: “Жусуке бул ырын жылда досунун туулган күнүндө ырдайт, баарыбызга жагат” деп коштоп жибергенде Жусуке эки колун опера ырчысындай көкүрөгүнө кайчылаштыра башын чулгуп, көздөрүн жүлжүйтө ресторандын шыбына карап, бир саам тынч алып, анан баягы биз жактырган обонду созду дейсиң... “Кылкылдап поезд баратса, кылгырып көздөн жаш тамган” деген Ашыкемдин классикасы мында отурган беш кошкон элдин көңүл кушун жазып жибергендей болду. Анын үстүнө, досум бул жолу бир башкача эргүү, шык алып созду дейсиң, Ашыкемдин айтылуу кайрымасын өзүндөй кылып кайрыганда көзүмө алыс калган тууган жер элестеп, кыргыз ыры Египетте, көп эл отурган сыйлуу жерде көпчүлүктү магниттей тартып алганына жетине албай көзүмө жаш келди. Жусукем ырдап жаткан да аудитория өзүн кунт коюп угуп жатканын сездиби, бүтөөрү менен айлана-тегерегине ийиле калганда, эми кол чапкан элди көрүп ал! Бизге коңшу отурган чет элдиктер ордуларынан туруп келип, Жусукем менен чөйчөк кагыштырып, “каяктан болосуздар?” дегенде жүзү нурданып, ырдын ыракатына бөлөнгөн досум: “Кыргызстан! Айтмаңтов!” деп кыйкырып айтканда, “Оо-о, браво, браво!” дешип дагы кол чабышты. Мен да туруп келип досумду кучактап, “сенин ырдаганың ды Ашыкем өзү укса да, мендей келип сени кучагына кысмак, барақелде!” деп ушул мүнөттөрдө досума чексиз ыраазы болуп турдум.

– Жусуп Тургунбаевич, эми бул ресторандын ээлери сизди Кыргызстанга кетиришпей солист кылып алып калышпаса болду! – деп Жаңыл да аяшынын бүгүнкү сюрпризине жетине албайт. Досум орду-на отуруп жатып, жок дегенге бала кезинен көнбөгөн жоомарттыгына салып башын ийкегилей, “боло берет, боло берет” деп койду.

Ресторандан кеч чыктык. Керээли-кечке деңиз боюнда кактанган эл көчө-көйдө жык-жыйма. Досум экөөбүз алдыга кетип, илгерки бала кездегидей моюндаша кучакташкан бойдон өзүбүз жашаган корпусту көздөй бет алдык. Толгон ай Кызыл деңизге кызгылтым нурун төгүп, төбөбүздө. “Ак булутту аралап, ай баратат” деп созгон Жусукемди мен коштоп кеттим. Чагымда экөөбүзгө тең Ала-Тоону аралап, сүттөй нурун төккөн ай элестеп кетти окшойт...

Эйфель мунарасы Париждин туш келген жеринен көрүнүп тургандай Пирамидалар да Каирдин кайсыл тарабында жүрбөңүз, анын аалам челген чокулары сизди таап алат. Туристтерди салган автобус Хеопс пирамидасынын мандайына келип токтогондо элдин баары эстеликке буюм-тайым саткан жайма базарды аралап кетишти. Биз да кыя өтпөй бала-чакага деп белек-бечкек карап жүргөнбүз. Жусукем араб сатуучудан бир нерсе сурагандай болду эле, шыпылдаган жигит ошону эле күтүп тургансып, досумдун төбөсүнө арабдардын ала-була чарчы-чалмасын кийгизе койду. Тегерек четте турган туристтер кол чаап жиберишти. Чын эле досума ушунчалык жараша түштү: “Жусуке, сага куп келишти, башыңан албай эле жүрө бер” десем, баягы араб да балээ экен, онун үстүнө орус тилин да анча-мынча билет окшойт, “Настоящий фараон!” дебедиби, далысынан таптап. Чын эле Жусукем ушу турушунда цивилизация жараткан байыркы фараондорго окшоп калган.

Ошол ошол болду, кийин төөлөр тарткан кош дөңгөлөк арабалар менен жарышканда да, Хеопс пирамидасынын бооруна чыгып, сүрөткө түшкөндө да досум аны төбөсүнөн түшүргөн жок. Мен Жусукемди эми фараон дей баштадым. Өзүнө да жакты окшойт, кайрылган сайын, досум адатынча жүзүн жайнатып, каткырыгын салат. Чын эле досумдун Фараондон айырмасы жок эле. Биз билгенден, фараондор айкөл, айтканынан кайтпаган өжөр, чечкиндүү, элди адилет, калыс башкаргандар болгон. Жусукем да миң сырдуу талант, тарыхты казып окуган, ой чабыты кенен, акыл куржуну чатырап, жаңы идеяларга, асыл ойлорго оргуштап турар эле. Бизди артынан ээрчиткен гиддердин баянынын ала калган жерлерин түгөлдөп, толуктап, кошо жүргөндөргө “кыстырма” кыла коюп жүрдү.

Ошентип көздүн жашындай болуп, Египетте жүргөн он эки күнүбүз аттап-буттап аягына чыгып, быссымылла деп тууган жерге кайттык. Бизди салган самолёт Чүй боор менен сызып, “Манас” аэропорту көрүнгөндө “баягыларды” эстеп, Жусукем экөөбүз таза жыргап күлдүк. “Насип экен, сага кошулуп, Мисирди да көрүп келдим, сен болбосоң Бишкекте калып, туулган күндү өзүңсүз өткөрмөк экем” деп досумдун ак дилинен жасаган жакшылыгын дагы бир жолу эстесем, “Бу дүйнөң ошонусу менен кызык да...” деди Жусукем баягы сыпайылыгынан жазбай.

Жүктөрүбүздү алып, сыртка чыксак, досум Сейит аяш уулумдун машинасында Жанара, Айбийке болуп, небак эле отурушуп, бизди күтүп калышыптыр. Көрөрү менен: “Абдиламит Мурзаевич, үйгө болсо келдик, эми жолдон бир токтобосок болбой калат, не дединиз!?, – деди досум. Участа уктап келгенге бир топ сергек көрүндү. Токтой турган жер белгилүү, ал биздин айылдаш Мамат, Адыш агаларыбыз үй-бүлөсү менен көчүп келип туруп калышкан Лесное айылынын бир чекеси, бак-шактуу жер. Илгери кийин досум менен Ош тараптан бирге учканда ушул жерге токтоп, “ат жалына казан асмай” адатыбыз бар эле. Ошол адатын карматып, сурап атпайбы.

– Жусуке, кайта берели, жолдон чарчадык. Буйруса, о жерге дагы далай жолу токтоп өтө турган күндөрүбүз болот, – десем, баягы бирөөнүн көңүлүн калтырбаган жароокерим, “өзүң бил, анда. Үйгө аман-эсен жетип алалы” деп ат тизгинин шарт буруп, жөнөп берди. Азыр ойлоп, “аттиң” деп өкүнө берем. Досумдун саздасын сындырбай жол четиндеги бакка токтоп, чөйчөк кагыштырып, Египеттеги сонун күндөрүбүздөн чала-була болсо да эстеп алмакпыз. Мүмкүн, Жусукем жакшы көргөн Сыймыктын “Күзгү жалбырагын” досумдун Египетте, ресторанда ырдаган ырына жооп кылып ырдап бермекмин, атаганат!.. Адам баласы эртең эмне болорун билбейт тура...

* * *

Жанара аяшымдын айтымында, досум ичээр суусу азайып баратканын билгендей акыркы күндөрү шашып жашаптыр... Усталарды шаштырып, жаңы түшкөн үйүнүн үстүн жаап, “ТЭЦтин түтүнүнө ышталып бүттүк, эми тоонун абасынан бир кере-кере жуталычы... Күздү күтүп эмне кылабыз, үйүбүзгө кире берели деп эми карап отура бер-чү заңгыраган имарат-тамга көчүп киргенден көп өтпөй: “Жанара, айылга баралы, көз көрсөтчү, куран окутчу жерлер көбөйүп кетиптир” деп аяшыбызды ээрчитип, айылда бир жумадан ашык жүрүшөт. Өзү чоңоюп-өскөн Алтын-Казык, Уу-Төр тоолоруна, Котчан дарыясына карек кандырып, урук-тууган, айыл-апанын эшик-төрүн калтырбай шашпай сурашып (коштошуп!) кайткан экен, кайран досум, ай! “Жусуп досуң мурун айылга барса эки-үч күн зорго турат, болбосо туйлап, кетеличи деп адамды шаштыра берчү, бу сапар кайра өзү мени этектеп, кайненемдикине бир күн жатып кетели, көптөн бери жакшы сурашып, сүйлөшө элекпиз деп, апам менен түндүн о бир оокумуна чейин отуруп, батасын алып кайтты эле... Айылдан Ошко машинада келатканда эми туш-тарапка көзү чачырап, бир карайт дейсиң, келээр-келгенче тууган жеринин көркөмүнө көзү тойбой келди. Коштошуп аткан экен, көрсө...”

* * *

Ковид элдин үшүн алып турса да, Жусукемдин тажиясына эл батпай келди. Кенен короого шыкалып, аягы тээ көчө-көйдө жүрдү. Доско туу, бейтаанышка бел болуп жүргөн Жусукем менен коштошууга келген алака-катышы бар көпчүлүк арасында министрлер, депутаттар, жал-куйруктуу ишкана-мекемелердин жетекчилери да жүрүшкүйүтү жок кубалашкан күндөрүбүздү эстейм. “Бирөөгө кылдай кыянаттык жасабаган сендей адамдар бу асман астында көп эмес досум, өлчөлүү өмүр берген Кудуреттин күчү ушунда экен, кош дешээр убак келди окшойт, досум!..

Бешенеңе жазылган кандай иш, кандай кызмат болбосун, каниетчил кадырың менен адал жүрөгүңдү арнап, өзүңө кетпес дөөлөт оодардың, досум. Эгемен жылдары ооматтуу Ошто ишиң жүрүшүп, катары менен жети губернатор менен жигердүү иштештиң. Түштүк элинин каржы маселесин Ак-Буурадан агып чыккан тунук булактай таза кармап, күнүмдүгүн эмес түбөлүгүн ойлоп, эл алкышына татыдың. Ошо парасаттуу ишиңе карап, кийин өлкөнүн «Кыргызпочтасына» жетекчи болуп дайындалганында бул тармакты түп-тамырынан реформалап, тарыхта биринчи жолу кирешелүү тармакка жеткизбединби! Кыска өмүрдө эки тизгин, бир чылбырды колуңдан чыгарбай илим жаатында да суктанаарлык салым кошуп, экономика илимдеринин доктору, профессор, академик деген атак алдың, эл оозунда дагы далай мезгил санжыра болуп айтыларың бышык, досум! Кайтып эле, Египетке барганыбыз эсиме түшөт. Улуу пирамидалардын мандайына токтоп, “карачы, бу арабдар рассакам акылман эл болот экен, адамзат акылына сыйбаган анандай пирамидаларды тургузуп коюптур, булар кыламдар бою тура берет да!!.” деп тамшанган элең. Жусуке, сен дагы бу жашоодо өзүңө өлбөс-өчпөс пирамида тургузуп кеттиң! Алар сенин артыңда калган, эчен кылым аңыз болуп, эл оозунда айтылып калчу асыл эмгектериң, анан асман тиреген чынарларың: Руслан, Мелис, Сейит, Жылдыз, Акбермет жана убап-чубаган неберелериң! Ошо пирамидаңы кошо курган, жарым кылымга жакын жанында өйдөдө өбөк, ылдыйда жөлөк болгон, биз, достору дайыма “Курманжан датка аяшыбыз” деп терең урматтаган, жанда жок алпейим Жанара аяшыма Кудайдан узун өмүр тилейбиз! Жусуке, алтын досум, адатта, адам жактырган адамдар көп, а бирок да, Кудай-Таа-

лам жактырган адамдар аз болот дешет. Сен ошо Жаратканымдын жакшы көргөн пендеси элең, эми кайсы бирин айтайын!!! Өзөктү өрттөп, куса көрбөгөн жүрөктөрдү кусалыкка батырып, жарыкчылыкты таштап, акыретке узап баратасың, сенин жаркылдаган жанда жок жылдыздуу элесиң жүрөгүбүздө түбөлүккө сакталат! Жаның жаннаттан жай тапсын, кош эми, менин кыйбас жан досум!!.

Аза күтүү зыйнаты аяктап, досумдун жаназасы окулгандан кийин кылкылдаган элдин катарында Ала-Арча көрүстөнүнө бет алдык.

* * *

Өгүнү үйдө отуруп, сөздөн-сөз чыгып, оозума сала бергендей: “Египетке дагы бир барып келбейлиби.?.” деп калдым. “Фараон досуңду сагынган окшойсуң..” – деди Жаңыл дароо эле.

– Чындап эле Жусукем менен ойноп-күлгөн баягы жерлерди сагындым.., – деп, эртең эле жөнөп кетчүдөй агыман жарылсам, Жаңыл дагы жөн калбай:

– Буйруса, барып калсак, паспортторду унутпайлы... – деп адамды күйгүзөт.

– Эми өзүбүзгө ушар бололу, жаныбызда баарын баягыдай жайгарып кетчү Фараон досубуз жок, – деп сумсайыңкы айттым да, өмүр бүтөр-бүткүчө айтып жүрөр, Жусукем менен болгон күмүш сыргалуу күндөрүбүздү кайта баштан, шашпай эстеп кирдик...





“ТҮШҮМӨ НООКАТ КИРЕТ...”

“Достук эки башка дене болгону менен, жаны бир”
Аристотель.

Дсимде, Абдимухтар экөөбүз августтун аптаптуу күнү тааныштык. Фрунзе калаасын абитуриенттер кара таандай каптап, орус кемпирлер газдалган суусун тили оозуна батпай чаңкап, узун кезекте, унчукпай турган кыргыздарга жеткире албай эстери ооган маал эле. Жашаганыбыз беш кабат жатакана, жаттаганыбыз – Аалы Токомбаев, жазганыбыз – Мукай Элебаев. Маал-маал биз, тоодон-түздөн чогулган мадыра баш абитуриенттер уябыздан баш чыгарып, чабалекей канат кара каш, кыялкеч кыздарга чоктой сөз ыргытып, өлалбай жатып, өлөң айтканыбызчы... Эх, таттуусу таңдайда калган күндөр!..

Биз мектепти бүтүп келсек, Абдимухтар Кавказда кызмат өтөп келгенге кыйла дадил экен. Көзүндө оту жанып, чачынын тармалы акын агаларыбыз Жоомарт менен Табылды Мукановду эске салат. “Түшүмө Ноокат кирет...” деп, Камбаралы Бобуловдун ырына чыгаган обонун ботодой созгон, табиятынан алпейим агабыз Аким Жээнбайга окшоп, Абдимухтар экөөбүз да, адеп таанышканда өскөн айыл, бүтүргөн мектебибизге дейре сурашып, ал кашкалдактан, мен кожокеден, “бир суунун баш-аягын ичкен элден экенбиз, а-а?”, – дедик бири-бирибизге. Томуктайдан бир тамаркада өскөндөй жартыны бөлүп жеп, саар-кеч ээрчишип, көнүшүп кеттик.

Биз менен бир жатаканада солдат гимнастёркасын, моряктын көк тельняшкасын боюнан түшүрбөй жүргөн балдар да болду. Армиядан бүгүн келгендей каада сактап, ошо кийими менен экзаменге марш менен кирип, марш менен чыгып, насип экен, студент болуп кетишти... Бизге сабак берген, жылмаюу жүзүнөн кетпеген, бейиши болгур, Абдивали Камилов агай: “Адамдын дээринде болбосо бекер, эки бүктөм диплом ал бир кагаз да” деп койчу. Айтканынча бар экен, биз аны кийин турмуштан өзүбүз көрдүк...

Абдимухтардын амал-айлага усталыгы жок эле. Армиядан келген күнү эле инисин кайта-кайта кучагына кысса да, эки жылдык сагынычы таркабай турган Акбар ака, “келген-кеткен менен учурашасын, бир-ар күн үстүнөн чечпе, жөн кой” дегенине болбой, “биз дагы сиздей солдат бололу” деп эки жагынан чыгып жанын койбогон иниленинин бирине гимнастёркасын, бирине кончу тогуз кат бүктөлгөн кайыш өтүгүн кармата берген...

«Абдимухтар журналистика факультетине өттү» деген ректор Салмоорбек Табышалиевдин буйругу чыккан күнү азыркы Октябрь кинотеатрынын артындагы «Чынар» кафесинин экинчи кабатында студент болгонун кызыл вино менен жууду. Тарткылык да, эки беш, бир төрт алып, буйрукка илинбей калганымды укканда, менин ордума өзү өтүп алгандай болуп, солдаттан үйрөнүп келген “ё-ёлки десе!” деген көндүм сөзүн кайталап, “мындай болбойт, досум, сенден журналист чыгат, убактынды өткөрбөй ректорго кир, элдин баары “жакшы адам экен” деп айтышат, көрөсүң, сени колдойт” деп туйлап жиберди.

Эртеси Абдимухтар студенттер менен Таласка, жумушка кетти. “Ректор жакшы адам экен” деген досумдун сөзүн жөлөк кылып, райондук “Колхозчу”, областтык “Ленин жолу”, республикалык “Ленинчил жаш” газеталарына чыккан макалаларым салынган боз папканы колтугума кысып, Салмоорбек Табышалиевдин кабылдамасында он, он бештей бала болуп кезекте турдук. Кайриет, эл айткандай калыстыгы кашкайган, бир асыл адам экен. Баягы окуучулук курагымда жалындап жазып, жарык көрсө көкөлөп жер менен баспай калчу, Ноокаттын ысыгына саргайган макалаларым колумдан жетелеп, тагдыр жолуна алып чыкты. Папкадагы “архивимди” көрүп, “ушунун баарын өзүң жаздыңбы?” деди жылдыздуу ректор. “Дагы көбүн апкеле албадым, агай” дедим. Мээримдүү сөзгө эрээркеп, агайдын ордуна ата деп ийгим келди. “Бул бала даяр экен, албасак болбойт” дегени азыр дагы кулагыма жаңырат. Жанындагы декандын кабагына кар жаап, ашка жүк, башка жүктү көргүсү келбегендей кыйылды эле,“кантип кыраамдыкты жеңип, жетекчинин адилдик амири аркасында жарым жылдык сыноо мөөнөтү менен илиндим. Кийин билип жүрөм, ошол күндөрү Салмоорбек Табышалиевдин кабылдамасына турган узун кезекте азыркы кыргыз журналистикасынын дулдулу Мундузбек Тентимишев досум да турган экен.. Эки “кандидат” студенттик билетти калгандардан жарым жылга кеч алдык...

“Бизде эмне бар, студенттик күндөр бар!..” деп булбул үндүү Жолдошбек Мамажанов ырдагандай, Абдимухтар экөөбүз сүттөй тунук

студенттик жылдарга учкашып, келечекке далай кыял чаргыттык. Жылдызыбыз дал келген, кулун-тайдай оюн салган ошол айыбы жок күндөргө кайра баргың келет... Абдимухтар Рыспай менен Асанкалый агалардын ырларын муңайым созгондо канча кара көздөрдүн жүрөгүнө өрт кетип, эки жээк болуп ырдаша кеткен жер болсо намыска да жарап жүрдү. Жердигинен адептүү, көп окуп билимин кеңейткенди, мезгилди сезүү жагынан башкалардан баамчылдыгы дипломун алары менен, Кыргыз Совет Энциклопедиясына алып келди. Белгилүү адабиятчы, КСЭнин баш редактору Мухтар Борбугулов агайынын “пендени мансап даражасына эмес, жан дүйнө, адамгерчилик дараметине жараша мамиле туткула” деген накыл-насаатын жүрөгүнө түйгөн жаш журналист жазган макаласына, аңгемесине олуттуу карап, өзү дагы ыйман тазалыгын сактоого аракети күч эле. Кайсыл жамаатта жүрбөсүн, сабыр сактап, барга-жокко кейибей, аяш атабыз Райымжандын канимет мүнөзүнөн калганбы, ушак-айыңга сөз коротпойт, тушмалдап оргу-баргы кеп салганын да көрбөдүм. “Абдимухтар агам тоого окшош” деп журналист карындашыбыз Жазгүл Кенжетаева туура жазган. КСЭнин билим куту болуп, бизге жеткен алты томдугуна кирген кыргыздардын тарыхы, маданиятына байланыштуу алтынга алмашкыс маалымат-материалдарды ыгы менен жанр бөтөнчөлүгүн сактап жазууда Абдимухтар кыргызга жан күйөр калемгер катары көрүндү.

Ата Журт өзүнчө түндүк көтөрүп, улуттук валютабыз – сом киргизилген жылдары, эч кимди башынан сылабаган базар экономикасы таалайыбызга туш болуп, ары тарт, бери тарт заманда Абдимухтарды “Кыргыз Туусуна” чакырып, реклама бөлүмүн мезгил ырайымына ылайык түптөп бер деп өтүндүм. Улуттук төл гезит да эл көргөндү көрүп, өзүн-өзү каржылоо кадамын баштап калган. Дасыккан калемгер Кудайберген Исаев экөө жарнама саясатынын пайдубалын көтөрүп, далай жыл кут түшүрүп, тапкан мөөр ырыскыны түмөндөтүүнүн үстүндө болду. Аларды “Кыргыз Туусунун” реклама чырпыгын чынарлаткан көч башчылары десем, көкөлөткөндүк эмес. Өзөргөндө эле өкмөт оозун караган адаттан арылып, каражат табуунун майнаптуу мүмкүнчүлүктөрү редакциянын чыгым-төлөмүн жаап, а тургай, жамааттын айлык-сыйлыгынын өлчөмү да айлап-жылдап өсүү жолунда болду. Кыскасы, табышкердик талант-шыгына, тажрыйбасына таянган Абдыкең “Кыргыз Туусу” газетасында он төрт жылга жакын төбөсүнөн тер агызып, тажадым-ташыркадым дебей өрнөк болор ырыс-туу эмгек калтырды. Азыр досубуз “Эркин Тоо” газетасынын реклама

орозгерин чыңдап, бир Бишкек эмес, бүт жумурият боюнча ишканаюм, жеке ишкерлер жарнак-көрнөгүн көтөрүп, Абиловдун алдына келет.

Журналисттер журту гезитти тегирмен деп тергеп коюшат. Тегирмен уюлунда отуруп, Абдимухтар калемин кайрап, кумары козголгондо көпкө кайыл, азга тооп ак жүрөгүнөн аңгеме-эсселерди жаратып жүрөт. "Бейтааныш менен баарлашуу" деген темада окугандын жүрөгүн канаткан, бою кыска, ою нуска турмуштук новеллалары невак жарык көрсө да азыр окусаң, азыр дагы актуалдуу. Бул туурасында жаңычыл поэзияга талпынган "Найман" жыйнагын кемелине келтирип чыгарган акын Бактыгүл Чотурова ("Кыргыз Туусу" 10-декабрь, 2013-ж.) менен "чексиздиктин чен-өлчөмүн" таап, ажайып поэзияга айланткан кадимки Карбалас акын ("Эркин Тоо" 10-декабрь, 2013-ж.) аргамжыны алыс таштап, замандашы, калемдеши А.Абиловдун тагдырынан тапкан ырааттуу жана көп кырдуу жөндөм-талантына зирек бааларын берген. Ким менен гезит бетинде баарлашпасын, дилин төшөп, дыкат даярданат. "Жыландар канышасы" романын жазган Эмил Өмүракунов, белгилүү сынчы Кадыркул Даутов, даңазалуу олимпиадачы Каныбек Осмоналиев менен дил маектери адабият-маданият, спорт алкагында супарадай тазалык, эмгектин канимет үзүрү жана улуттук намыс үчүн кунарлуу күрөштөрдүн үлгү сабактары төрөң ачылган. Ал эми Абдимухтардын өзүнүн спортко болгон ышкысын көркүнө чыгара жазыш үчүн жазуучу Мамат Сабыровдун таланты керек ("Азия ньюс" газетасы, декабрь, 2013-ж.).

Жыл башында "Ноокат" ынтымак коомунун жыйыны өтүп, дасторкон үстүндө коом төрагасы, Ата Мекенге албан кызмат өтөгөн, "Жер Энеге суу берген" аттуу очерктин каарманы, кыргыздын кадырлуу аксакалы Мейражидин Зулпуев: "Абдимухтар инибиз "Кыргыз Туусу" менен "Эркин Тоо" газеталарында теппе-тең иштеп, жаңы муундун калемгерлерине эли-журтун даңазалоонун өрнөгүн көрсөткөн журналист экендигин далилдеп койду" деп эл алдында кайкаладордо аким болуп, калайык назарына коргошундай уюган, ушу тапта жайыт комитетинин төрагасы Абдималик Эгембердиев экөөбүздүн ортобузда Абдимухтар тууралуу сөз жүрүп калды. "Ээ, досуңуздун "Илбирс" деген аңгемесин окудум, зор экен! Ошонон кийин анчамынча мергенчилик кылчу элем, мылтыкты эгизге илип, "болду" дедим. Мергенчиликти таштадым. Ишенсеңиз, илбирс менен тиктешип турган түштөрдү көрчү болдум..." Мына, көркөм сөздүн күчүнө багынган мергенчинин кебин өзүңүз уктуңуз, окурман.

Майдын башы бекен, айтор жаз айы. Абдимухтар экөөбүз Ноокатка жол тарттык. Мурза Гапаров агабыз жазгандай, биринчи автобуска отурдук, анан Ошко самолётто учтук. Кожогелди акын ырынбыска да кыялдангандай, Бишкектен суурулган самолёт Сулайман тоосун бир айланып учмак тургай, Кара-Суунун боз адырын сүзүп алчудай аэропорттун жамаачылуу асфальтына өлдүм-талдым менен конду... Аэропорттун чыга беришинде эски ашынабыз "Ош садоси" газетасынын баш редактору Абдыгани ака Абдугапуров эки-үчөө болуп күтүп туруптур.

Жеңил машиналар Ноокат ашуусун этектей баштаганда май айынын көк майсаны көз жоосун алып, тээ көктө торгойлор ыр төгүп, көөдөндө туйлаган кусалык бизди унаадан кубалап түштү. Абдимухтар тууган жерге болгон керемет кусалыгын туйдубу, өмүрдүн өрүн көздөй баратканда чач десе калган өмүрүн чачып, садага чаап жиберчүдөй: "оо, тууган жер, сагындым, амансыңбы?!" деп эле жердин жүзүн сылагандай көк майсанга оонап-оонап, басып өткөн жолдорун бооруна басып, жерди өөп-өөп алганда мындайды күтпөгөн бүжердегилердин сезимине чок ыргып, досумдун тазалыгына күбө болуп турушту. Жалган дүйнөнүн жан чымыраткан чындыгына күбө болуп турган Абдыгани ака: "Боюн таштаганына караганда, Абдимухтар акам асыл турпагын ыраса-а сагынган экен! Каалаганча оонай бериң, ананайин ака, сизди көрүп, өзүмчө озондоп бир ыйлагым келип турат!" – деп жашый түшкөнүн билгизбей, айласы куругандай жерден майда таштарды терип ыргытымыш болуп, өлөр-өлгөнчө эстеп жүрөр окуяга элжиреп турду.

Күнөстүү ээн адыр мечиттин ичиндей мемиреп, тээ арыда кызыл-ала бөксөлөр, жайнаган кызгалдактар. Ушул ашууну ашып, үмүт көпөлөгүн кубалап кеткен боз улан кезимди эстеп селейип тургам. "Абдиламит ака, сиз имнеге турасыз, боюңузду таштаң да, бугуңузду жарың да, сагынычты жаңгактай чагың да!" Муну акын, котормочу Абдыгани ака көздөрү жашөөрүп зыркырап ооруп жаткан жүрөгү менен айтканын туйдум да, досумдун жанына, Жер-Эненин дукабадай шиберине кучак жайып куладым. Адырдын жел аргысы алаканымды, жүзүмдү сылайт, кытыгылайт... Кыйла жаттык.

– Кана, туруңуздар, сыз өтөт. Эми жайында келип жатасыздар, сиздерди таанып калды Жер Энебиз... – Абдыгани ака эми азил аралаштырып, чамасы көңүлүбүздү жазгысы келди. Абдимухтар жаткан боюнча Рыспайдын "Кусалыгын" мукам доошуна салып баштады. Мен ээрчидим. Торгой ырын токтотту. Ый жетпеген жерге ыр жетет

окшойт. Кайрымасына келгенде тик тургандар жаткандарга кошулуп ырдашты... Миң жашаңыз, кыргыз классиги Сооронбай ага, сагынычты сизден ашырып эч ким жаза албас, түбөлүксүз Рыспай ага, кусалыкты сизден өткөрүп эч ким ырдай албас!!! Ээн, жайкалган, күнөстүү адырды башыбызга кийип ырдай бердик, ырдай бердик, торгойго кезек бербей...

Мынча болду, дагы бир кызыкка кулак төшөңүз. Абдимухтар экөөбүз анда "Кыргыз Туусунда" иштейбиз. Жайкы дем алыш мөөртү келип, экөөбүз тең айылда жүрүп калдык. Бир күнү досум аяшым Береке экөө он-он беш чакырым бери, биздин айылга өтүп келди. Дасторкон четинде чеке тердетип, маңдай-тескей малдаш куруп, мейман зыйнаты кылып шарап куюлду. Экөөбүз тирүүлүк күндүн эңилбеген, жеңилбеген жылдыздуу учурларын кайта баштан эстегенден эринбедик. Кызуу кептин кыныгына кирип кетпей бир маалда аяк жазып, сыртка чыктык. Калың өскөн алма бак агамдын тамаркасын бооруна кысып, буруксуган абасын желпип турат.

Атам эккен көчөттөр минтип жетилип, түшүмү боюнан төгүлөт. Бак жээктей жыш терек. Ыргалып, учтары көрүнбөйт. "Аяш атаң тиккен теректер" дедим Абдимухтарга. Ал алма бакты бөлүп турган катар теректердин бирин кучактап алып, тулкусуна башын жөлөп, бирпаска тыңша-ап калды. Табият тилин билгендей: "Эй, досум, аяш атам бизге дубасын берип атат, бизге дубасын арнап атат!" деп жан дилинен жыргап айтканы кызык учурады. Күлүп койдум. Үйдөн ичкен чай-пай менин да боюмду "өрдөп" бараткан... "Чын айтам, тыңшасаң, мага окшоп кучактасаң!" деп табиятты жанындай жакшы көргөн досум ой-боюма койбой жүрөгүнөн чыккан ишенимдин күчүн кара, боппоз теректи кучактап, мен дагы жаагымды жөлөдүм.


Терек тамыры менен тамырым туташа түштү. Айдарым желге пабриктер шуулдап, атам комузун күүлөп жаткандай сезилди! "Уктуңбу, уктуңбу?!" деп көздөрү бойтойгон небереси Имаштыкындай баажырайтып, эми кыйкырды. Жан курбумдун ак жүрөгүнө эшитилген атамдын муңайым доошун укпасам да, ыйык сезимден денем дүркүрөп кетти! "Теректер! Аяш атам эккен теректер! Ал кишинин ак тилектери силерсиңер! Аяш ата, каяктасыз?! Сиз бизди көрүп, угуп атасызбы?!" Досумдун тамагы буулуп, күтүүсүздөн менин көзүмдөн да жашым агып кетти. Теректердин кылда учтарын карамыш болуп, жашымды көрсөтпөйм. Бирок, билдим! Ишендим! Теректердин ыргалган учтарында көк асманды тиреп, кайран атам аяш уулунун эт-жүрөгү эзилип, дили дирилдеп эстеп жатканына ыраазы болуп, алакан жайып, адатынча көлкүп-балкып, арашан булак – ак батасын берип

жатыптыр. Бата тирүү дегенге ишендим! Досумдун жоругу көзүмдү ачып, өлүмдүн да өмүрү бар экенин билгизгендей болду!

Балдарынын алды жетилип, жаңыдан үйлөп-жайлай баштаган агам биринен кийин бирине там салса, жыгачтан өксү болбойт деп дүйнө бейкапар жүргөн жаным, жанагы окуядан кийин жоголгон асылдыкка жолуктурган досумдун Кудайдын ак жолунда рухий кутка эгедер экенин баалап калдым.

Жыл айлантып, айылга барып калам. Алтын-Казык тоосуна бой тирешкен баягы Абдимухтар кучактаган терекке жөлөнүп, кылда учуна карайм. Атамды көрөм... Ак сакалын сылай, "досуңду ала келбединби?.." деп жалбырактар шыбырына кошулуп, жакшы көргөн аяш уулун билгизбей сурап турат...

Жигиттин гүлү, шар аккан суудай жашаган досубуз бүгүн алтымыштын шагына конуп, ылдыйда өмүр даванына кыялап чыгып кеткен бизге, достору Абдыганы, Абдыкерим, Жаныбек, Жусупка, "коркпой чыга бергиле, алтымыштан бүт аалам көрүнөт экен!" деп баягы тамашасын таштабайт. "Айтканың келсин, досум, арыба!" деп коюп, биз дагы тирүүлүктө нарктуу дос күткөнүбүзгө шүгүрчүлүк келтирип, чекебизге жазса тирүүлүктүн мурасы – карылык ырыскысын чогуу таталы деп тилек кылып келебиз. Кудайым ошо тилекке жеткизсин, достор!





АПАМ МЕНЕН ТҮМӨНБАЙДЫ ТААНЫГАМ...

Көк-Жардын күн батыш жагында Арашан айылын көздөй арстандай комдонгон, бишкектиктер Панорама деп койчу тоонун бир ныптасын ээлеп, насип экен, шашке ченде бир тобубуз шерине дасторкондо отурдук. Жылга бергис бир күн бар деп ким айтса дагы, атасына ырахмат! Таап айткан! Адам өмүрү кубалашып кайып болуп кеткен күндөрдөн эмес, жүрөк чери жазылып, сезим козгоп, жан дүйнөнү асылданткан окуялардан, көз ирмемден тырары ырас го!

Жаз кучагында оонаган Беш-Күңгөй айылы бийиктен алда недей кооз. Кеп-сөзгө башынан уста, жазды жанындай көргөн жароокер досум Жусуп айткандай, мынабу төбөңө келип токтогон ак булуттун чекесинен чай кашык менен томоруп, пиялаңа чайып койсоң болот. Берекеси төгүлгөн дасторкон ээлери сый-сыпат каадасын кылып тикесинен тик туруп кызмат үстүндө. Бир маалда бизди туурап, Панорамага кыялап чыктыбы же үлбүрөгөн мынабу ак булутту жүгөндөп түштүбү, айтор, көңүл менен көкүрөктү шарапка чайып отурган бизге Түмөнбай обончунун келгени өзүнчө эле табышмак болду. Мурда-кийин бирибиз да көргөн эмеспиз. Учурашканда эле Ак-Буурадан агып чыккан тунук булактай, шыңга боюн обон ширеген, авазы алоолонгон жан экенин сездик.

Даам сызып, жакындан таанышкан соң, «Абдыкерим агам менен Бурул жеңемди кандай урматтасам, сиздерди да алардан кем көрбөйм. Ырдаганы келгенден кийин зарыктырбай ырдайын» деп аккордеонун мүрүсүнө илди. «Кана, баштадыкпы» деп бизди өзүнө кошуп, жылмайып койгону да жакты. Эл оозунда жүргөн ондон ашык обону турса да Рыспай агабыздын ыры менен баштады. Мына, тунук аваз деп ушуну айт! Музыка мукамы менен жарышкан Түмөнбайдын арген үнү токсон тамырыбызды балкытып, жанды жай алдырбай, биз бир заматта булуттардын үстүндө жүрдүк. Ничке салааларын карасаң, кадимки Рыспайдын сулуу манжалары. Түмөнбайдын боюнан өрүлүп түшкөн обон Панораманы тербетип, көңүл чиркин, мынчалык

көкөлөп, кайрыктын делөөрүткөн күчүнө мынчалык багынган эмес... Түмөнбай токтой калганда жүрөк капкасы ачылган биз жаныбыздан мөңкүп, зымыраган мезгилди сөзүбүзгө кошуп тост көтөрөбүз. Музыка кайрыгы сөзгө дагы жан киргизип ого бетер ширесине чыгарды го, чиркин!..

Бир маалда салт-санааны сыйлаган, күнүмдүк эмес, түбөлүгүн ойлогон обончу эмкиге калтырбайын дедиби, «алыста жүрүп, апаңарды сагынсаңар керек. «Мен дүйнөнү апам менен тааныгам» деген ырымды аткарып берейин» деп калды. Кезектеги тосттон денебиз дуулдап турган. «Кана, кана!» деп жабыла ак дилден коштодук. «Обону өзүмдүкү, сөзүн жазган акын Фатима Абдалова» деп тактоо киргизди. Түмөнбайдын эне жөнүндөгү ыры арабызга аппак кут жаадырып, биздей алыс кеткен эне жарыгын кайрып бергендей болду. Шумдук, эне сагынычы ак булактап токсон тамырыбыз аркылуу жан дүйнөбүзгө агылып кирди...

«...Мен дүйнөнү апам менен тааныгам,
Мен апамды көйнөгүнөн тааныгам.
Тирүү болчу көйнөгүнүн гүлдөрү,
Баскан сайын бажырайып ачылган...»

Алеки саатта ааламда жок аруу сезим менен мынабу жаныбызда өскөн өрүк гүлүндөй тазалыкка туш болуп, кыялымда о нечен жылдар илгери жаны жаннаты болгон апам менен кезиктим!.. Менин кыйбасым ай, баягысындай, тандыр жанында ысык нанын себетке салып, мага кусалуу күлүмсүрө-өп турат. Менин батпас күнүм ай, маңдайынан аккан тер кырмызы көйнөгүнүн гүлдөрүнөн гүлдөрүнө сарыгып, байыр алган туңгуюк ааламынан бир жакка кетип, кечигип калсак төлгө салып жиберчү чарчоо билбес колдорун булгалап, кайберендей карааны шамдай жанып, мезгилди артка кайтара албасына айласы кургандай күйүт жанын куйкалайт-ов!.. Эне-бала керемет обондун угутуна сугарылып, солкулдап турдук!..

Көзүмдү бекем жумсам да, ысык жаш карегимди чайып кетти. Бурул аяш жаныма келгенин да байкабай нес болгон жаным, «келиңиз, ысык чай куяйын» десе, «көрбөй турасызбы, аяш, мен ыйлап атам!..» деп өпкө-өпкөмө батпай... Ырдан ылдый түшкөн апам «кетип калбагай эле» деген камтамамды билдиби, жан дүйнөмдүн алай-дүлөйүн туйдубу, сезимтал жан, «макул, аяш, бүткөнүңүздө келейин...»

деп жумшак тамашага илди. Ээрден ооп түшүргөн, жанга жагым обон бойго тарап, ага учкашкан керемет сөз, көөдөн сыккан Түмөнбайдын үнү... Ошондо биз көрө элек Түмөнбайдын апасы мында отурган баарыбызды бир заматта эгиз кылып койду! Билбейм, мага ошондой сезилди. Фатиманы да эстедим. Чоң жолдо баратса жолдун чекеси менен баскан, кимге болсун ызааттуу, ырыскысын ырдан издеген акын карындашымдан «апалар ушунчалык да окшош болобу?!.» деп сурагым келди.

– Мен буга чейин мындай ырды укпаптырмын! – деп агынан жарылды шеринеге модераторлук кылып отурган, тээ көчөт кезинде адам менен учурашканда жан-алы калбай ал-жай сурашканга көнгөн, жайдарылык жарашкан Жусуп досум. Кылгырган жашын Жанара аяшым алыста отурса да көрүп койду. «Дагы ыйлапсың да. Бул кино көрсө да ыйлайт...» деп күлүмүш болду эле, сөз көтөрө албай отурган жоомарт досум: «Жанаркан, сөздү көбөйтпө» деди акырын. Демейде мындай диалогго кыраан-каткы түшүп калчу досторум бу саам бири жер карап, дагы бири алыска-алыска жаштуу көздөрүн кадап ойлуу отурушкан. Жанара аяш деле жанагы сөзүн кара күчкө айтканы менен, энеге болгон сагыныч өзүнүн да жүрөгүн куйкалап турган. Аңгыча, Жаңыл бер жактан муңайым үнү менен: «Жанарчик, телефон чалсаң биздин атыбыздан апаңа ысык салам айтып койчу», – деди. Топураган небере-чөбөрөлөрүнүн ортосунда токсон ашкан бактылуу апанын толукшуган, сыркоо билбеген ыраңы көз алдыма тартылып, «аяш энеме бүгүн эле чалчы» деп жибердим.

...Ошол күнү шеринелеш достор мажүрүм талдын түбүндө маңдайыбызга толгон айды коюп алып, көкүрөк-черибиз жазылганча ырдадык. Панорамадагы бак-шакка чүмкөлгөн жайда үйлөрдүн, дачалардын эшик-терезесинен жаш балдар менен чоңдор дагы моюн созуп, тоо жаңырткан үнүбүзгө кошулуп бир жакшына ырдашты. Тоодон ылдый тээ мунарыкта, көзгө көрүнүп-көрүнбөгөн Бишкегибиз болсо бири-бирине саламга келбей, тирүүлөр көчөсүндө түртүшкөн, кылкылдаган миң санаалуу элин өркөчүнө кондуруп (ага ырды ким коюптур!) окчорулуп, ныксырап кечки иңирге көзү илинип баратты... Ошентип, Түмөнбай бизди ырдатты да, ыйлатты да... Ал күнү биз ыбырсыган ойлордон бийиктеп, баарыбыз энеге болгон кусалыктан күкүрттөй шыр күйүп кетүүчүдөй акыбалда, жүрөгүбүз жанчылып турду!.. Бирок, биз бактылуу элек!

Панорамадан Түмөнбай менен бир машинада кайттык. «Жатар маал болуп калды, биздикинде калып кал» дегенибизге ынабай, таксини эшик алдына токтотуп коюп, биз менен о кыйлага чейин отурду. «Жакшы ырдан обон жакшы чыгат. Текст тандаганда Б.Чотурова, Ф.Абдалова, З.Ажыматов, М.Самыйкожо сындуу акындардын ырларына ыктайм» дегенине караганда, обончунун чыгармачылыкка койгон ынтаасы да өзгөчө. «Атамды көргөн өлбөсүн» деген китебимди жазып бердим. «Кыргыз өңү Чокморовдун өңүндөй...» деген чыгармаңыз шу китебиңизде барбы? » дегенинен «бар» десем, «ошо чыгармаңызды көбү окуптур, мен табалбай жүрдүм эле» деп Түмөнбай колуман устукан алгандай сүйүндү.

Панорамада туруп тамшанып укkан ырлары жазылган кассета жанында жүрүптүр, мага таштады. «Ырахмат, иним, сен бүгүн апама жолуктурдуң, апамды үйгө чейин ээрчитип келдиң, апамды үйүмө таштап кетип атасың!..» деп кетээринде кучагыма кыссам, баягы тоо боорунда жылжып аккан көз жашымдан дагы калыптыр, карегимден кайта сызылды...

Эки-үч күн өткөзүп, Ошко телефон чалдым. «Кыйналбай жетип алдыңбы?» десем, «Меккеге барган адам гана кыйналбайт. Анан, агай, туулган жерге кайткан адам кыйналбайт» деди акылынан айланайын, Түмөнбай. Аркасынан, «силер Ошту сагынбайсыңар да, мен Ошто бир күн болбосом сагынып кетем» дегени, «силер апаңарды анча сагынбайсыңар» дегендей угулду. Түмөнбай азаматым апасынын жанында бейгам, Сулайман тоонун боорунда, Ак-Бууранын боюнда көңүлү ток жүрүп, карачы, сөздүн туурасын айтты...

Жакында «Жетиген» журналы ордолуу Ошто миңдеген окурмандары менен көбүнүн колунан келбеген, көркөмү бийик рух майрамын өткөрдү. Айтылуу «Алай» командасы ойногон стадиондо (эки филармониянын эшигин ачсаң да, келген эл батмак эмес) Бишкектен барган даңазасы даван ашкан жал-куйруктуу ырчылардын сабында Түмөнбай да аккордеону менен чыгып, «Апасын...» ырдады. Жаным-да тойго мейман болуп келген заманыбыздын залкары, Кыргыз эл Баатыры Миталип Мамытов отурган. Түмөнбай ырын баштаганда: «Карасаңыз, куду Рыспай ырдап аткандай! Үнү үн эмес бекен!» деп делебеси козголду. Ыр аяктаганда карасам, Баатырды саал ой басып калгандай. «Көрөсүз, бу жигиттен чыгат...» деди кыргыздын Улукманы.

Түмөнбай сахнадан түшүп, боз үйгө кирип кеткенче стадион толгон эл кол чаап турду. Улуу-кичүүгө дайыма «сиз» деп кайрылып көнгөн, табият берген мырзалыгынан жазбаган Миталип ака, «сиз мурун бу жигитти укkан белеңиз?» деп сурады. Мен дароо Панораманы эстедим. «Түмөнбай тууралуу Бишкекке учканда, самолётто айтып бергейин» десем, «ушундайсыз да, секрет кыласыз да...» деп баладай бажырайып күлдү. Эмнегедир Баатыр агама Түмөнбай тууралуу асман мелжиген бийикте, көк бойлоп баратып шашпа-ай айткым келген...





БОЛУШ АКА

Эс алуу үйүнө келгениме көп болгон. Түшкө чейин көл жээгинде кумга жатып, күнгө күйөм...

Түшкү тамактан соң, коңшум экөөбүз бөлмөдө элек. Караганыбыз газет, журнал. Боло калган тынчтыктан улам, коңшу бөлмөдөн чыгып жаткан комуздун безеленген үнү бизге шашпай угулуп турду. Чертилген күү бирде бийиктеп, айбаттуу шаңшып, бирде басаңдай түшүп, үшкүрүк илеп муңканат. Кылдар сыздайт... Күү тааныш. Жүрөккө жакын. Кимдин аткаруусунда укканым эстей албадым. Коңшум да колундагы "Огонёкту" бүктөй шыпты карап, жаткан калыбында ойлуу. Комуз күүсүнө шар таасирлене түшкөнүн баамдадым.

– Туруп, радиону ачып койчу, уулум. Элдик күүлөрдөн чертип жатыптыр, угалык.

Керебетимден ыргып, шкаф үстүндөгү радиого жеттим. Мына, кызык. Биздикинде Москвадан акыркы кабарлар берилүүдө. Биз таң калып, бири-бирибизди карап калдык.

– Коңшулар магнитофон коюп жатышкан го, сыягы, – деди коңшум кайра журналына үңүлө берип.

Биз ал күүнү эртеси да уктук. Көрсө, эс алуу үйүнө келип, бизге катарлаш бөлмөдөн жалпы кыргыз журтчулугуна белгилүү комузчу Болуш Мадазимов орун алган экен.

Көл таңын көрдүңүз беле? Ажайып сулуулугуна тен бересиз. Бул учурда көл бети жымжырттыкка жутулуп, тыптынч. Чыгып келаткан күн нуру төшүнө келип сайыла бергенде, кытыгысы бар наристедей көл бети жагалдана күлүп жиберет. Бул көрүнүштү таңдан туруп, көл жээктей баскан адам гана көрөт. Бул адамды таң заардан ушул жерде жолуктурам. Эки колун артына алып, тээ катарлаш сүзгөн ак кууларга суктанат. Көл күлгөндө кошо жылмаят. Дилинде комуз кылдары күүгө келип, чалкыган көл бетинен табылга даректегенсийт. Жакындай түшүп салам айттым. Чоочугандай алик алды да кайра көлгө бурулду.

“Жакшы оюн бузуп койдум го” - ичимден кейип алдым. Бирге бастык. Сөз күттү окшойт менден. Унчукпады.

-Ысык-Көл көлдөрдүн сулуусу дешет, чынбы аба? - дедим. - Айрыкча, таңында бир башкача кооз.

– Туура айтышат эл. Көркү көз талытат. Сулууну сулуу деш керек, балам. Кереметтүү көлүбүз бар. Көркүн көрөм деп ат арытып алыстан келгендердин да жөнү бар эмей.

Бир топко унчукпай бастык. Көл “ойгонуп”, бетин майда толкун басып, жанданып келатты..

– Адамдарга таңсың, - деди Болуш аке коңур үнүн чыгарып, - териси эки мертебе сыйрылганча күйүп, суусуна моокум канганча түшүп, эс алышат. Анан кээ бирлери кетээринде көл суусун бөтөлкөгө куюп ала кетишкенине айрансың. Көргөн көзгө жаман учурайт экен. Кээде көлдүн суусу тартылып, азайып баратканын ушулардан көрүп кеткенсийсиң...

Майда толкундар жээктеги кумга жайыла берип, “ооналакташа” кумар кандырганча келаткан чоң толкундун астында калып, “мерт” болуп жатышты.

– Көл тарапка жылда келесизби?

– Жыл өткөзүп... Мага койсо, Көлгө көчүп келгим бар... Жыл өтпөй сагына берем. Сөөк муундарым ооруп калчу. Мындан да кутулдум. Ээ, уулум, бир ажайып кереметтүү экен го, бул көл...

Күн эшилип, алтын түстүү майда кумду ысытып жээкте турмуш башталып келатты...

Болуш Мадазимовдун туулуп өскөн жери Ош областынын Кара-Суу районундагы Фрунзе атындагы колхоз. Ал жашынан эле шыктуу көрүндү. Өзү теңдүү балдардан айырмасы – комузга болгон жакындыгы болду. Атасы аты айылдан алыс угулбаган катардагы комузчу эле. Күн алыс комузун колуна алып, эрмекке эски күүлөрдөн чертип, жаңы күүлөрдү комузуна салууга кызыкчу эмес. Ошентсе да, уулу Болуштун комузга тартылып бараткан шыгын байкап, комузун колуна аларда жанына чакырат. Бара-бара укkан күүлөрү баланын жан дүйнөсүн өзүнө буруп, таза сезимине уюй берди. Сегиз жашында комуздан алгачкы үйрөнгөн күүсүн чертип калды. Зээндүү уулунун жөндөмдүүлүгүнө ичи жылыган ата чын дилинен анын көңүлүн комузга бурду. Болуш аке балалыгын, комуз менен алгач таанышуусун минтип эскерет: “Ойноо кезим. Атамдын колтугунда, анын черткен күү-

лөрүнө куштарлана берчүмүн. Анын күүлөрү кайра-кайра эңсетип, көпкө укпай калсам, сагына түшөр элем. Бир жолу комуздун башын тиштей, көзүмдү жуумп, күүгө магдырай түшкөм.

– Кана, Болуштай, комузду колуңа алар курагың өтүп баратат. Кармачы... – деп комузун мага сунду атам. Илинүү жеринен күндө көтөрүп келип берчү комуз ушул тапта, көзүмө сүрдүү тартылып кетти. Малдаш ура олтуруп, комузду колума алдым. Манжаларымдын учу олдоксон кыймылдап, кылдарды эки-үч сапар кагып өткөндө, денемди сүр басып, дүүлүгүп чыкты. Атам күлүп жиберди.

– Дубана десе, алигиче комуз кармаганды билбейсиң, сен куруп кал. Келе бери комузду. Алдыма келчи, минтип кармайт... Сенин манжаларыңды сыйдалап “чаап чыксамбы”...”

Ошол күнү комуз кармаганга үйрөндүм. Эки айга жетпей “Камбаркандын” “сыры” мага дайын болду.

Көп өтпөй атасы билген күүлөрдүн баарын калтырбай, так чертүүгө үйрөндү ал. Атадан бала озду... Мындайда Болушка комуз сырын терең билген насаатчы керек эле. Ал түштүккө белгилүү комузчу Абдраим Мокоевдин атын угуп, алдына барды. Дасыккан комузчунун кыраакы көзү зирек, көкүрөгү тунук баланы көргөндө эле баамдап, ага аталык мамилесин тутуп, өзүнүн кеп-кеңештерин салып, чебер өнөрүнөн татыта жүрдү.

– Мокоев менин экинчи атам болду. Алдына алгач барганымда анын комузунда залкар, элдик күүлөрдүн сыр капкасы бардай туюлду. Бир жылдай жүрүп, колунун, комузунун сырларын билдим. Катышып калган жыйындарда өзүнөн кийин комузду колума алдырып, мени черттирчү. Жаңыдан үйрөнүп келаткан күүлөрүмдүн кайрууларын өзүндөй так келтирип, кол ойнотсом, Абдраимдин да төбөсү көктү тирей, жаныбызда шатырата кол чаап, ыраазы болушкан элге: “Баралына келсин, Болушту ошондо көрүп алгыла, мыкты комузчу чыгат мындан” – деп, далымдан таптап, көпчүлүккө ишенимдүү сөзүн айтчу, – дейт өз устаты жөнүндө Болуш аке.

Аны менен бирге басып, маектешип жүргөн андагы ачыктыкты дароо баамдайт. Сүйлөгөн кептери иргелип, ирээти менен чыгып, угумдуу. Заматта мүнөзү шайырлана, үнү да көңүл ээрчий, коңур тартып, ушул тапта комузун узата берсең, сураган жериңден шаңшытып чертээри бышык.

Анан да комузун колуна алып эңкейе, аны менен акылдашкандай, ага кулак төшөй, дилинде сүйлөшкөндөй болсо, комузу эми-эми сүйлөп жиберчүдөй көрүнөт. Буроолоруна алмак-салмак кол сунуп, кылдарын күүгө келтиргенче күүнүн аты аталып, күү жөнүндө кабар берет. Ушу жерден Болуш Мадазимовдун артисттик жөндөмү байкала калат. Ооба, ал артист...

Комуз чертүүнү беш салаасындай үйрөнгөн убагы. Айылга оюн коюп келген артисттердин өнөрүнө маашырлана кол ичинен аларга суктанчу. Үйгө келээри менен комузун алып, эмилеки күү черткен комузчуну туурай бутун-бутуна учкаштырат. Черткен күүлөрүн тегиз кайрып чыгат. Анын көңүлүндө артист болуу максаты бүчүр жарган эле....

1954-жылы Жалал-Абад областтык драма театрына артист болуп кабыл алынат. Ал театрга иштеген жылдардын ичинде Жантөшевдин "Курманбек" пьесасында эл душманы баскынчы калмак Дөлөн кандын, М.Рыскулов менен А.Көбөгөнов биргелешип жазган "Кыянат" пьесасында эскинин саркындыларын боюна сиңирген бакшынын, Э.Турсуновдун "Курбулар" комедиясында Борукчу карыянын, Т.Абдумомуновдун "Коңшуларында" Кадыркулдун ролдорунда ойноду. Шык көрөңгөсүнө ээ болгон Болуш Мадазимов ар бир аткарган ролдо ишенимдүү ойноп, ар каармандын образын көрүүчүгө ачык жеткире алган. 9 жыл театр сахнасында өткөн өмүрүндө көрүүчүлөрдүн сүйүктүү актёру боло алды. Бирок, комузду колунан түшүргөн жок. Жаңы коюлуучу ролдорду суранчу. Оюндан кийинки концерттин алдыңкы номери Б.Мадазимовго таандык. Эми эле ниети бузук каракчынын ролун ойноп, элге "жек көрүндү" болгон адам сахнага кайра келип, комузунан күү төккөндө көрүүчүлөр дүркүрөтө кол чабышып, кайра-кайра суранышчу.

– Комузчулук кесипке көз карашыңыз, оюңуз кандай? – деген сурообузга Болуш аке мындай жооп берди.

– Элдин көңүлүн ракатка бөлөп, аларды дайым эмгекке шыктандырган, аң-сезимдин артылышына демөөр бул комуз эмеспи. Ошондон улам, биздин кесип – билгенге бийик. Комузчулук адамдагы накта чеберчилик дээр элем. Эң алды комуз кармаган адамда тубаса талант болбосо да ага күчтүү ышкысы түшүп, жогорку чеберчиликке эгедер болушу зарыл. Ар бир адамдын илинип турган комузду көр-

гөндө билсе кол созуп, билбесе жүрөгү даабай сыртын сала бергени ошондон.

– Комуздун "жаны" кылында дешет?..

– Калетсиз айтылган сөз. Кыл комузга мукамдуу, назик үн берет. Менин комузум өрүктөн. Өзүм чапкам. Койдун ичегисинен кыл такам. Колуң тийсе дүбүрөйт... Эмкилер комузга пластмассадан кыл тагып жүрүшөт. Бирок комузга кой ичегисинен жасалган кылдан артыгы жок. Биринчиден, ал чертилип жатканда чоюлуп кетпейт. Бул буроолордун бузулуп кетишине жол бербейт дегеним. Экинчиден комуз үнү уккулуктуу шаңшып, үнү алыска кетет.

Болуш Мадазимов колуна алып черткенден тартып күүлөрдүн тагдыры жөнүндө көп ойлонду. Ар бир күүнүн кайдан, кандайча кетилип чыгыш тарыхы кызыктыра берди. Эл арасында чертилип жүргөн бир эле аттагы күү бир нече кайруулары түшүп же жаңылары кошулуп чертилип жүргөнүн баамдап, анын нукура оригиналдуулугун табууга аракет жасады. Мындай учурда музыкалык сергек сезимге ээ болгон изденүүсүнөн майнап чыгараары бышык эле. Болуш Мадазимов калып бараткан кайрылууларын тактап, ага назик табит сезим, угумдуулугун бышырып чыккандан кийин, эл алдында чертип сынады. Бара-бара унутулуп, сейрек чертилип калган элдик мураска экинчи өмүр берип, эл арасында түбөлүккө жашап калышына себеп этти.

Бул күндөрү анын аткаруусунда «Кыргыз радиосунун» алтын фондуна жазылып калган күүлөр жалпы кыргыз журтчулугунун куштарлана уккан чыгармаларына айланды. Элдик күүлөр "Саринжи-Бөкөй", "Мырза уул менен Аксаткын", "Бекарстан", "Алыска кеткен кыздын арманы", залкар күүлөрдөн "Чуу басар", "Өкүнүч", "Жалгызым", "Бейдартай", "Тилек", "Желдирме", "Жаштар маршы" жана башка көптөгөн күүлөр чебер комузчунун талыкпас чыныгы зергерчилик сапатын таасын туйгузуп турат. Бир кылым жашап, элдик мурас катары муундан-муунга өтүп, түрдүү варианттарда чертилип келген элдик залкар күүлөргө жан берип, уккан сайын делебенди козгоп, эргүү жараткан кереметке айланышы Б.Мадазимовдун талбай изденүүлөрүнүн табылгалары деп тайманбай эле айтсак болот.

– Элибизде байыртадан бери кылымдап узак жол басып келген күүлөр канча дайсиң. Калайык катмарына чачылып кеткен ошол күүлөргө илик салып, элдин казынасында түбөлүк жашап калышына пендечилик салымыңды кошсоң, ошонун өзү бакыт, абийир экен, атаганат. Өзүмдөгү мүмкүнчүлүктөрдү жумшап, залкар күүлөрдү

кайра иштеп, ийгиликтүү чыккандарын жаздырып калып жүрөм. Быйыл дагы фондго 3-4 күү жаздырам го.

Болуш акенин айткандары жөндүү. Буга чейин «Кыргыз радиосунун» фондуна 36 элдик күүлөрдү иштеп чыгып, жаздырган. Мынакей, жумшалган мээнеттин, тартуу эткен табериги.

Кошо жүрүп, Б.Мадазимов өзү иштеп чыккан "Сараң кыз" аттуу залкар күүнү уктук. Күү арасында комузчу өзүнүн мукам обонун кошуп, күүнүн ажарын ого бетер ачты.

Сараң кыз ашканада аш калды,
Сараң кыз ашкана оозу бош калды.
Сараң кыз кууганда бербеген,
Курутуң калды ала кет,
Куржунуңа сала кет.
Сараң кыз саргайганда бербеген,
Сары майың калды, ала кет.

Күү баяны мындай. Жеткен зыкым, бир үйдүн эрке талтаң жалгыз кызы жаңыдан келин болуп келген өз жеңесин адам ордуна көрбөй, келген күндөн тартып, "жерден алып, көргө салат". Мезгил жетип, сараң кыз бирөөнүн бүлөсү болуп, жеңеси сыңары бирөөнүн босогосун аттарда, анын бейжосун мамилелеринен ариетине келип, биринчи жолу жеңе көңүлдөгүсүн айтат. Күү аткарылып жатканда комуз кылдары бирде кыздын кырс кыялын элестетип, тарсылдай-орой, сараңдыгын билдирсе, бирде "жоош" жеңенин кызды узатаарда катылган зардаасын төгүп жаткансып шаңкылдайт. Күү кайра иштелгенден кийин угумдуулугу жогорку деңгээлге көтөрүлүп, өз мүдөөсүнө жеткени байкалып турат.

Болуш аке ушул тапта талыкпай изденүү жолунда. Ал Ош педагогикалык институтун сырттан окуп бүтүргөн. 1964-жылдан бери Карасуу районундагы "Учкун" орто мектебинде окуучуларга кыргыз тили жана адабиятынан сабак өтөт. Анын жетекчилиги менен мектепте атайын комузчулар ийрими уюштурулган. Мында комузга колу сулдуу жеткинчектерге комуздун түркүн сырларын үйрөтүү үстүндө.

Анын чаалыкпас эмгегин өкмөт менен партия адил баалап, 1971-жылы көкүрөгүнө Эмгек Кызыл Туу орденин такты. В.И.Лениндин 100 жылдыгына карата Москвада болуп, искусствонун эң мыкты чебер-

леринин катарында концертке катышып келди. Ал СССР Министрлер Советинин Ардак грамоталары менен сыйланган. 1976-жылдын 14-февраль күнү да Болуш акенин турмушунда эстен кеткис окуя болду. Бул күнү ага Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген кызматкери деген наам берилип, Ардак грамота кошо тапшырылды. Бул ишеним. Өкмөттүк сыйлыктар аны алдыдагы көп иштерге милдеттендирээри бышык.





“ТАПАНЧА” ПАЛВАН

...Абакеңиз эр Кошой
Артылып колун салыптыр...
Тоодой Жолой балбанды
Томкоруп жерден алганы,
Көтөрүп жерге уруптур.
Көпчүлүк карап туруптур,
Жолойду Кудай уруптур...
(“Манастан”)

Узун-туурабыздан түшүп, о илгерки базардын ордосун ээлеген чайканада (азыр анын өпкө-жүрөгүн куушуруп, үстүнөн зор-зор курулуштар аттап өтүп турат) суусун кандырып отурганбыз. Эл көбөйсө бечара чайкананын курсагы чыга түшөт, терезесинен нымшып, “тер” куюлат... Коңшу сөрүдө шу чайканада “чоңойгон” ыманы ысык, мойсопут адам алдына бир нанды сындырып коюп отурат. Ушундай үйрөнүппүз ага, бир-ар күн сөрүсүнөн көрүнбөй калса, чайыбыздын даамы, дүйнөбүздүн бир жери кемип турат. Шаардын кайсыл четинен болсун, түш боло элек унаа-сунаага жармашып, чайканага жетип жыгылат. Эл шашса дагы бул киши шашпайт. Акыркы кактам чайы куюлган төөнүн көзүндөй пияласынан бүт ааламды көрүп отурат. Чайнегин түгөткөндөн кийин бу дүйнөнүн калба-ташпиши кызыл ашыгынан келбей “кырт” кекирип, аркасынан “аш болсун” деп өзүнө-өзү тоопчулук келтирип олтурчу чайкорубуз биздин сөрүгө басып келиптир. Макала жазып күн көрөрүбүздү каяктан билип алган:

– А дегиле, журналисттер! - деди колун бооруна алып. Ашкан нандын сындырымдарын чөнтөгүнө салып алыптыр.

– А дедик, кана чайга келиң! – Бир-экөөбүз тура калдык ордубуздан. Минтип биринчи келиши, бизге дагы биринчи сүйлөшү.

– Чайды ичтик. Ошону аш кылсын. Бүгүн чайканада чоң палван отурат. Далысы жерге тийбеген сузактык “Тапанча” палванды эшит-

кениң барбы?! - деди. Бирибиз угуппуз, бирибиз укпаппыз. Анын чайга саргайган арсак тиштерин тиктеп калганбыз, анан мойнубузду кайрып, баарыбыз палван көчүк баскан сөрүнү издедик. Көпчүлүк менен күндө келип, бир чайнек чайын түгөтүп кетип жүргөн адамдардын бири бизге далысын салып отурган...

– Анау Ибраим палван! Бу ончо-мунчаңа учурай бербейт, араңарда шу палванды жазчуңар барбы? – деп калды. Анын сөзү мага "араңарда шу палванды жыкчуңар барбы?" дегендей угулду. Пиала тегеретип отурган тели-теңтушум "билсе палван сырын ушу билет, бир жыкса ушул жыгат" дегенсип, баары эле мени тиктеп калышыптыр.

– Бол, эмесе, туруп кете электе учурайлы. Илгери өзүм эки-үч сапар сүйлөштүм эле, унутуп эле калбаса тааныр, – деп бир жактан ал кыстады. Бөлөк-бөтөн бирөө айтса тайсалдап көрөт элем, бирок күн сайын чыканагын тийиштирип, чай ичип кетип жүргөн адамдын жүзүнөн ысык нерсе жок экен:

– Басың эмесе, – дедим. Экөөбүз эл турган сөрүлөрдү аралап, Ибраим палванга жөнөдүк. Эл көбөйүп, чайкананын курсагы чыгып келаткан...

* * *

Ошо күнү кар өчү бардай жаады. Бармактай, бармактай... "Тапанча" палвандын кирпиктеринен өйдө кар. Фрунзеликтердин мындай карды көрө элегине көп жыл болгон. Жай басып жүрөбүз. Бармактай, бармактай кар кебибизди тыңшап экөөбүздү ээрчип алган...

– Кечээги күнү шу жерде бир кызык иш болду ("Кыргызстан" мейманканасынын алдынан өтүп баратканбыз). Иңир кирип, көз байланган маал. Оокат кылып "жатарга дагы кыйла бар, кичине аба жутайын" деп мейманкананын алдында турсам, бирөө басып келип, биринчи орусча сурады. "Байке, эмне проблемаңыз бар, орундатабыз" дейт. Тааныбайм. "Кем-карчым жок эле, ука. Ыракмат" десем, "Киши керекпи?" дейт аркаман. Кып-кыргызча! Оозум ачылып калды. Ноода бой, жүда келишкен жигит экен. Үстүнө кийбегенди кийиптир. Колунда бир боо күлүч жүрөт. Чала укту дедиби, "аял адам керекпи?!" дейт дагы кайтып. Уккан кулагыма ишенбей мен турам, мандайымда бажырайып наркы турат. Ошо маймылдыкындай куник күлкүнү, селейген муздак жүздү өмүрүмдө унутпасмын. Просто, күйүп кетет экенсиң. Уруп ийсемби деп, кайтып мушумду бу көтөрөбү,

көтөрбөйбү деп аяп коём дагы. Сөгөйүн десем, жака-белим толгон эл. Ак мокогондо "жакшылыкча" кет нары, кысталак! Ушинтип күн көргөнчө өлбөйсүңбү!" дедим. Бетинин бир жери кызарбады. Үндөбөйт. Бышып бүтүптүр да. Уятын түшүрүп салыптыр деп коёт мындайлар-ды. Дагы мага карап, "жинди неме турбайсыңбы" дегенсип, башын чайкап кетпаратат. "Ээн жерден жолугуп, ушинтчи болсоң го кубалап жүрүп, анаңды Үч-Коргондон көрсөтөт элем" деп ичимден бир кыжырым келет. Мурдалары дагы келип-кетип жүрчү элек, мындай сөздү уккан эмеспиз, имне болуп баратат бу шаар?..

– Э-ээ, "Тапанча" ака, ондойлорго башыңызды оорутпаң, беш кол барабар эмес. Ким алдайм десе өзүн алдайт, элди алдай албайт...-дедим да Ибраим палванды опера-балет театры жакка алып өтүп кеттим.

* * *

Азиз окурманым, эми палван экөөбүздүн ортобузда болгон сөздүн сынын кемитпей, каармanымдын кебин кыраатынан бузбай сизге жеткирүүгө далбас урайын. Анда эмесе, палвандын аңызына кулак төшөңүз.

– Атадан алтообуз. Жалаң эркекпиз. Чекеден күрөшөбүз. Атам дагы бү дүйнөдөн күрөшүп жүрүп өттү. Илгери Таш палван деген бабыз болуптур. Кокон хандыгынын чеңгелинде адам чыдагыс кордук тартып, эптеп тирлигин кылдыраткан бечара экен. Бизге жеткен сөзгө караганда, бир журттун найзачысы атыгып, сайышканын алып түшчү имиш. Бири айтат, катуу састымоолоп жаткан жеринен туруп, түшкөндүн баарын катарма-катар сайып, элдин шаштысын алган найзачыларга чыгыптыр. Төшүнө мис табак тарттырып, Койдобоз деген атын туйлатып, намыска күүлөнгөн бойдон эч ким тең келбеген баатырдын алкымына найза малган имиш. А кезде намыс деген де башын кылычка тутуп берчү турбайбы. Бу сөздүн кунун азыр учуруп ийип отурбайбызбы... Сузактын Кара-Дарыя деген кыштагында бой жеттим. Бармактайыман майрам, тойлордон калбай боюма барабар балдарга чыгып, нечен калыстардын калтасынан сөлкөбай алдык! Атам ыраматылык жанына алып жол үстүндө болобу, бейтааныш кыштакта болобу, алдыбыздан чыккан баланы токтотуп, бою-башына карабай күрөштүрчү. Жыксам, кайтып дагы, иши кылып жыгылганча бет алыштыра берчү. Тууган-туушкандыкына барганда ар кыл

балдар менен тоорушуп турганым турган эле. "Менин уулумду ким жыкса, байгесин өзүм берем" деп күүлөп, туш келгенине сала берчү. Бел катыгыча, билек кубат жыйгыча көрүнгөн жерде күрөштүм. Кыргыз күрөшүнүн көп амалына, кылт эткен ыкмаларына түлөк кезден быштык го. Онду бүттүм дагы, ошол кезде эл көп окуган Жалал-Абаддагы ДОСААФка, шопурлукка кирдим. Спорттук мелдештерден кур калбайм. Той-пой чыкса, издетип, чакырып кетишет. Күрөштүн аркасынан катуу түштүм. Жалал-Абаддагы зооветеринардык техникумдан Абдыманап деген жаш палван күрөшүп жүрөт, облус боюнча эч кимге жыгыла элек деген сөздү андан-мындан угам, көрсөм дейм, күрөшсөм дейм, такыр оң келбей жүрдү. Ал барган тойго мен барбай калам, мен барсам өзү келбей калат. Ушинтип, учурашмагыбыз кыйын болду. Көзүң менен көрмөйүнчө, палван сага табышмак. Ошентип жүрсөм, Абдыманап окуган техникумдун студенттерин коңшу айылга пахта теримге алып келип калышты. Кийинки базар үйгө суранып келдим. Атайын барып, Абдыманапка учурашайын деген оюм бар. Ошо маалда зор агам үй салып аткан, а дагы кычагандай о күнү келээриме саздап ылай жаткызып коёт. Ылай айып болбосун деп, кээли-кечке эки-үч бала болуп көптөшүп кыш куйдук дагы, кечкурун айдын жарыгына салып, Абдыманаптар жаткан шыйпанга өтүп бардык. Жатып алышыптыр. Бирөөдөн айттырсак эле, Абдыманап өзү чыга калды. Бадан-бою чымыр, орто бойлуу жигит менен пахта кырмандын боюнда туруп сүйлөшүп атабыз, ай жаныбар сүттөй жарык. Мени билет экен. Ошо жерден эле сөздү узартпай, "күрөшпөйлүбү, атайы аркандан издеп келдим" дедим. Тайсалдаган жок. "Азырбы, түндөсүбү?" деп бир ооз сурады. "Бөлөк маалда чолоо тийбейт экен, сен пахтада, мен окушта жүрөм" дедим. "Давай" деди, катуу ишенет экен өзүнө, эмеле эки пүктөп таштады бейм. Ай сүттөй жарык. Айдын жарыгында кырман пиалага куюлган айран... Бел алыштык. Анын кошо чыккан эки-үч баласына кошул, мени ээрчип баргандар калыстык кылып карап турушат. Сүйлөшкөнүбүздөн күрөшкөнүбүз тез болду. Эки сапар күрөштүк, кырмандын четинде эки сапар тең жыгылды. Кайтып сүйүнүп жүрөт, "тең табалбай жүрдүм эле, ырас гана учурадың, дос бололу" деп барбаландайт. Пейили кең, жыгылса да өчөшпөй өнөгүн баалай билген жигит менен "мынан кийин бирге жүрүп, бир күрөшөлү" деп убада бекитишип кайттык. Көп өтпөй эле Кара-Сууда (чоң күрөштөр ушул жерде өтөт) коргон-төбөлүк баягы менин досум Абдыманап менен дагы бир өзгөндүк Абдымалик деген

экөө "палвандан палван койбой чекеден жыгып атат" деген сөздү эшитип базар күнү а жерге өтүп барбаймынбы... Тааныгандар дароо эле тегеректеп, баскан жагыма кошо басып "күрөшөсүз" деп туруп алышты. "Койгула бу сапар күрөштү. Тамаша кылганы келдим" десем, бура бастырбай коюшту. "Палван дагы тамаша кылабы, палван деген күрөшөт, тамаша кылчу эл мына, биз" деп туш-тушуман чыканда, ошо күрөштү башкарган калыстар Максым, Маматжан деген аксакалдар дагы, "бир күрөшүп бериң, көпчүлүктү битта курсант кылың" дешкенинен, алардын саздасын сындыра албадым. Аны үстүнө бу чөлкөмдө бу экөөнөн өтүп, аския айткан, күрөшкө калыстык кылган адамдар чыга элек. Дамалбай алмак-салмак тогуз палванды жыктым. Эреже мындай, палвандардын бирин койбой жыкмайынча же өзүң жыгылмайынча ортодо чөк түшкөнүң чөк түшкөн. Качан сага чыкчу палван калбай көпчүлүк калыстарга карап "соорун бергиле" деп сурашканда байге сеники. Тогузунчусунан кийин баягы аксакалдар "Эми сен Абдыманапка түшөсүң" дешип калды. А дагы наржакта күрөшүп, жыгып аткан. Ынабадым. "Биз дос болобуз, досум менен күрөшкөнүм болбойт, бири-бирибизге чыкпайбыз деп сөз бекиткенбиз" деп экөөбүз тең эки жакка туйладык. "Ондой боло турган болсо, Абдыманап өзгөндүк Абдымаликке түшсүн, жыкканына сен саздан, ушуга кайылсыңбы?" дешти. Бир маалда эле Абдыманабым өзгөндүк палвандын жамбашына түшүп берсе болобу!.. Абдымалик мага он экинчи болуп түштү. Күчүнө куп ишенген, аткыган жерди үзүп алчудай карылуу, бир жери ыкма иштеткенге саал бошураак экен, курду колуна орогон жерден эле мени так көтөрүп алды. "Мейли, кааланча айлантсын" дедим дагы, эки тиземди жоон санына такап, ага кошулуп тегирмендин ташындай тегерете бердим. Таза пырпыраттары, пырпыратып келип жамбашка таштаарда андан көз ирмемчелик озундум да, бутум жерге тиер замат өзүн кайрый чаптым. Бу иш көз ачып-жумганча болду. Абдымалик жыгылган жеринде кыйлага соолуп жатты. Эл ороп кетти мени. Максым менен Маматжан аксакалдар мага көпчүлүктүн дубасын алып берди. "Бу жаш палван илгерки жамбашы эзели жер жыттабай өткөн "Тапанча" палвандын күрөш арпин куп үйрөнгөн экен. Алышканын көрдүңүздөр, кумардан чыктыңыздар! Мындан ары "Тапанчанын" наамын ушу балага бербейлиби, не дединер?!" дегенде эл ордунда чурулдап батасын берген. Ошондон тартып (1967-жылы), Ибраим деген атым калып мени "Тапанча" палван дешип кетти. Жалал-Абаддагы педогогикалык окуу жайын бүт-

көндөн кийин Фрунзедеги дене тарбия институтунун 2-курсунда жүрүп эле улуттук күрөш боюнча кандидаттыктын өлчөмүн толтурдум. Оо-уу, андан бери канча суулар акты. Күрөшпөгөн палвандарым азыр кемде-кем. Кыргызстандан чыгып Россиянын бир катар шаарларында өткөн мелдештерге катышып, Ленинабаддын, Өзбекстандын чоң күрөштөрүнө чыгып, мактангандык эмес, шу күнгө чейин бирөөдөн жыгыла элекмин... Күрөштүн аркасы менен эмнелерди көрбөдүк! Көбү айран-таң. "Машыгып жатканыңызда сизди жыгып алган палвандар бар. Элдин кашына, килемге чыкканда эле алар оңой эле алдыңызда калат, имнеге мындай?" деп сурашат. Чындыгында машыккан кез бир бөлөк. Өнөгүндүң кайсыл ыкмага чакан экенин билиш үчүн өзүңдү тобокелге салып жортеки сүрүшө бересиң, өзүң туруп да бересиң, шонтип анын бек жерин, бош жерин билесиң. Ал эми килемге күрөшөм деп чыгасың да. Кыргыз күрөштө таза жыксаң эсеп, а жыгылсаң үндөбөй чыга бер. Эсимде, Ноокатта чоң күрөш өтүп (азыр дагы эле болот), мени 147 килалик Аюу палванга чыгарышты ("Тапанча" палван ошондо 82 кила экен). Калп айтпасам, менен эки келет. Илгертен түптөлгөн эреже ошо, "кыңк" этпейсиң, чыдасаң күрөшөсүң. Аюу палван бою менен эле басып салчудай жамбашыма үйдөй болуп жатып алды. Атасы эл-журтка таанымал Дыйкан палван дагы ушиерде, калыстардын тобунда отурган. Нары-бери чайкашып турам, тобокелге салганда болбойт, секинден сырын тартыш керек эле. Бою оор неме бир кезде курду ондой кармайм деп өбөгүн кичине тартканда боюн бошотту. Шып ичине кирип, так көтөрүп эки-үч пырпыратып келип жамбашка салдым. Дыйкан палван өзү туруп келип: "Тапанча" палван, бу сиз Аюу палвандын өзүнүн күчүн өзүнө жумшап, чаптыңыз го" деди. Ошо сөз дагы бир четинен туура. Күрөштүн ийне-жибине чейин айтыш эми кыйын. Аны күрөшкөн билет... Ошо жерде ноокаттык Акмат палванга түштүм. Бу дагы ошо жердин көзгө басар палваны экен. Кирген суудай жулкунган неме менен биринчи эле силкишкенде ыкмама өзү түшүп берди. Сыр-Дарыя өрөөнүнө бир чоң күрөшкө чакырышты. Күрөштүн аягында оро-төбөлүк Мурсейит палван экөөбуз калдык. Мурда эле билчүмүн аны, өзү биринчи аракет кылбай өнөгүн пайлап, адашкан жерин издеп, амал менен күрөшчү. Атаандашы жүдөп, бою чайпалып, жонунан кара тер кеткиче жүрө берчү дагы мерчемине келтирип бир силкип салчу. Оюна коюп, мен дагы шашканым жок. Ыгына жараша "өлүгүмдү" артып коюп турам. Мындайда күрөштүн кызыгы кетет. Эл чыдабайт. Айткандай эле,

көпчүлүктү күдүк-күдүк кеп аралады. Калыстар болсо утуру "болгула, күрөшкүлө, болбосо экөөңө тең соорун жок" дешип далыбыздан домдоп кетишет. Узун нерсе уз-ун болуп жатып алса, белиндеги курду катуурааk тартсаң, моюнтурук болуп желкесине кетет. Боюн эле качырат.

– Сөздүн ачыгы жакшы, Мирсаид палван, барабар аракет кылалы, элди зериктирип ийдик, - десем унчукпайт.

– "Тапанча" палван, - деди бир маалда, - бир жолу жыгылсаңыз өлбөйсүз. Канча зор палванды жыктыңыз, башкаларды дагы ойлобойсузбу. Жыгып жүрүп чекеңизге мүйүз чыкканын көрө элекпиз го! Мирсаид ашына, о түлкү кебиңизди коюңуз, күрөшсөңүз эркекче күрөшөлү. Ушунан ушуга күрөшөм деп келип, анан айтканыңызга эле "хоп, таксыр" деп күлдөбөңүзгө оонап берчү мен эмес,-дедим ачуум менен.

Бири-бирибизге өбөк таштап, жатып алганбыз. Көзү жетип турат, ынтылды дегиче алдымда калаарына. Мындай сагызгандай сак палванды көрө элек элем. Ошо айтканы менен эле тим калбай, кулагымдын түбүнө кышылдап сүйлөп жатат

– "Тапанча" палван, бу жерге эшигим жакын. Катын-балам, урукту туганым күрөшүмө келип, тамаша кылып турушат. Беш жылдан бери жыгыла элекмин. Соорунду бүтүн сиз алың, анан сырткары оозуңузга баткыдай пулду да айтың. Кечкурун чөнтөгүңүздө болот. Тизелеп коюп чыгып кете бериңиз... – деп өлүп-талып суранат. Жиниме тийди. "Сооданы коюп, өмгөктү өөдө кылың, барабар аракет кылалы!" - дедим.

– Бир марта жыгылсаңыз эмне болот, "жыгылганды жер көтөрөт". Ошо Эртең Кабаста (а жер дагы Сыр-Дарыя өрөөнүндө) чоң той болот. Ошо жерде туруп берейин, каалаганыңыздай чаап алың, - дейт. Карачы, соодалашканын! Күрөштү бу базар көрөт окшойт, буга сөз өтпөйт экен дедим да өзүм кирдим. Боюн качырып, жологусу жок. Ошондо "ма, чапсаң чаап ал, сенден келгенди көрөйүн" дегенсип, ыктыярым менен боюмду боюна жакын алып барсам (ооба, тобокелчилик. Эмне кыласың анан, эл карап турса...), муну кара, зорго эле туруптур, шап көтөрүп эле кетти. Мага башканын кереги жок эле, жамбашына алаарда өзү "каронкама" (Ибраим палвандын мыкты өздөштүргөн ыкмасы) түшүп берди. Күрөштүн аркасы менен турмушту куп эле көрдүк! Мен сага бер жагын эле айттым... Күрөшкө мен кылчалык кара санабадым.

Абдрахманды сурап атасыңбы? Абдрахман эми Абдрахман палван дегенчелик бар эле. Арыкчырай шаптай жигит барган жерин жыгып жүрдү. 1974-жылдары буга эч ким тең келбей калды. Чыкканы жыгылат. Кыргызстандын биринчилигинде жеңди. Бирок, экөөбүз күрөшпөй жүрдүк. Ага караганда мен саал улуураак элем.

Өзү айтып калчу. "Тапанча" ака, мен күрөшкөндө сиз тамаша гана кылып туруң. Агар жыгылып-нетип калсам, ордума чыгасыз. Аркамда турганыңыз мага кубат болот. Сиз барда жакшы күрөшөм" деп калчу. Күрөшкөнүн көрсөңүз эми, нечен-нечен өзбек, тажик палвандар алдында калып: "ушуну бир жыксам, күрөшүн дагы токтотот элем, бул дүйнөдөн дагы армансыз өтөт элем" деп жер муштагандарды дагы көрдүк. Бир жери, Абдрахмандын саал алакөөдөндүгү бар эле. Даңкка жараша жүк болот деген ырас экен. Ал атак-даңкты, ооматты көтөрө албады... Көзүм менен көрбөдүм го, аны жандаган "токумун жеп, аргамжысын үзгөндөр", бирөөнүн эсебинен күн көргөн шылуундар (каза болоруна жакын күрөшпөй да, көрүнбөй да кеткен) көңүлчөөк палванды алагды кылып, күрөштөн кумарга азгырып, жолунан чыгарышыптыр. Эми андай палван Кыргызстандан чыгабы, чыкпайбы, ким билет... Шилбийген тулкусунан көргөн адам палван деп айтпас эле. Күрөшкөндө эми эки жамбашына бап-барабар алчу. Тубаса палвандар ошондой болот экен. Ушу Фрунзеге келип шаардын ипподромунда Таластан келген 130 килалык палванга чыкты. Көпчүлүк өңгөчүн тартып, кээ бирлери "нары алып кеткиле, бу Абдрахманды эки бурдап, бир жутат" дешип ийди. Бел алышкандан кийин эки мүнөт не өттү, не өтпөдү, Абдракман алги үйдөй палванды чимирик кылып чапканда эки аягы асманга көтөрүлүп жыгылганын көргөн эл тура калды. Көбү ушу сенчилеп сурай беришет, "Абдрахман менен күрөшкөн белеңиз?" деп. Эл билет, ал экөөбүз көп жылдар бою бирге жүрдүк. Бири-бирибизге чыкпадык. Муну калыстар дагы билишчү. "Буларды күрөштүрөм деп убара болбогула" дешчү. Экөөбүздүн кылыч кеспес шертибизди Абдрахман өзү бузду. Өзгөндүн жолунда машинадан авария болуп, бутумду кайрытып алып, ошонун айынан бир жылча күрөштөн алыстай түшкөм. 1977-жылы Ошто, пединституттун спорт залында областтын биринчилиги өтүп калды. Кичине түзөлүп калгамын. Оң келсе күрөшсөмбү деген ойдо келген элем. Ошол жерде, экөөбүздү илгертеден бири-бирибизге сала албай жүрүшкөн адамдар Абдрахманды күүлөшөт. "Тапанча" азыр баягысындай эмес (мен аны кийин уктум). Жыксаң азыр жыгып кетесиң. "Та-

панча" Абдрахмандан жыгылган" деген сөз өмүр бою элдин оозунда калат, бүгүн чыкпасаң ага өмүрү чыкпайсың" дешет коюн-колтугунда жүргөндөр. Калыстар мага саласал кылганда эле кесе айттым. "Эл билет, биз бири-бирибизге чыкпайбыз". Абдрахман жанымда эле, а дагы укту айтканымды. Бирок үн катпады эле. О кыйладан кийин ооз учунан: "Эл суранып атпайбы, мен күрөшөм, "Тапанча" ака", - деп турат. Көзүнөн эле билгемин, тиктесем эле алакачып аткан. "Жүда жакшы экен, бая эле ошентпейсиңби" дедим. Мен да намысыма келдим. Аны таза көкүтүшкөн экен. Студенттер бир "Тапанча" деп, бир Абдрахман деп, залды башына көтөрүп кыйкырышат. Эл батпайт. Карасам, Абдрахман шымаланып чечинип кирди. Жаныман бирөө: "акыры күрөшмөксүңөр да..." дейт. Ошо күрөштү көргөндөр да арманда, көрбөгөндөр да арманда. Катуу сүрүштүк. Күрөштүн биз билген ыкмаларын алмак-салмак колдонуп, бири-бирибизди алалбайбыз. Бир маалда Абдрахман мени сол жамбашына алды эле, көтөрүлүп барып, каршылык ыкмасын учурунда пайдаланганым сактап калды. Ошол замат өзүмдүн кезегимди кетирбедим. "Алалбадың досум, эми өзүңдөн көр" дедим дагы жамбашка таза алдым. Кечкурун студенттердин бөлмөсүндө чай ичип олтурсак, ошолор айтат. "Канча жылдан бери студенттердин ортосунда талаш-тартыш болуп келген. Бирибиз "Тапанча" палван жыгат" десек, бирибиз "жок, Абдрахман жыгат" деген талашыбыз эми бир жаңсыл болду" дешти. Кийин Беловодскиде өткөн Кыргызстандын биринчилигинде дагы Абдрахман менден (орус күрөшү боюнча) упай менен утулду. Экөөбүз бу өмүрдө, чоң күрөштө болгону эки марта бел алыштык. Басаар жолу кыска, ичээр суусу ченелүү экен, канча палвандарды чаап, элдин көңүлүн курсантчылыкка бөлөп, жапжаш туруп кете берди... Күрөш садагасы кетейин, менменсинүүнү, көпөлөк мактоону көтөрбөйт. Ал дагы палваңдарды мүнөзүнө карап ылгап коёт. Жөнөкөйлүү, ооматты көтөрө билген карапайымдуулукка тагынан түшүп берет. "Бу жыйында мага тең келер палваныңар жок" деп, көпчүлүккө далысын салгандарды дагы көрдүк. Барып-барып алар кумга сиңген суудай дайыны угулбай кетишти го! Бели-боюңа жараша бөлөктөрдөн айырмалуу ыкмаларга эге болбосоң, алыска узай албайсың же бир күрөштү аягына чыгышың кыйын. Жалаң күч менен ашып барса, үчтү жыгытарсың... Жалал-Абадда окуп жүрөм. Тогуз-Тородо Токон деген палван ат арытып мени издеп келиптир. Күз айы эле, бир тойдун үстүнөн жолуктук. Савлат деп ошонун савлатын айтыш керек, булчуңдары таш, жумуру

денесине колуң токтобойт. Өгүздүн күчү эми ошондо экен, бөйрөктү биржолу эзип жиберди. Сүрүшүп тура берейин дейм, боло турган эмес, шап ичине кирип, бир-ар карыш көтөрүп, сол жамбашка таштадым. Дагы күрөшөм деп тура калды. Калыстар алдын тороп, “башка дагы палвандар бар, ошолор менен күрөшүңүз” десе болбойт. “Атайын Тогуз-Торону ашып келсем. Бир жолу күрөшүп, “Тапанчадан” жыгылып келдим деп барсам, эли-журтум ишенбес” деп күрөштү баштатпай, ортолукта “дагы күрөшөм” деп тегеренип жүрдү. Кайра күрөштүк, кайта жыгылды. “Дагы күрөшөсүзбү?” дедим. Үчүнчү жолу жыгылганда өйдө туруп айтты. “Тапанча” палван, үч жолу күрөштүм, үч мерте тең кантип алдырганымды билбейм, бел тамырды билет окшойсуз” деди. Кийин бирөөлөр айтты: “Тапанчаны” жыкчу палвандарды даярдаш керек экен, биз кеч калыппыз, өзүбүздөн палван өстүрүшүбүз керек экен” деп барыптыр Тогуз-Торого. Көп өтпөй эле, трактор минчи экен, авария болуптур бечара... Көп палвандарыбыз анантип эле болбогон жерлерден кетип калды... Ошо Токон палван туура айтыптыр, кыргыз күрөшүнө күйгөн, анын эртеңине камтама болгондор азыр аз, кеч калганыбыз ошо да... Көп жерлерде күрөш унутулуп калды...

– Сиз менен тең тайлашып, келечегинен үмүттөндүргөн палвандар барбы?..

– Күрөштө жаш-кары деген болбойт. Мына мени ал, кырк бирге кадам койдум. Азыр бу куракта күрөшкөн палвандар калбады. Жаш палвандар а жерден, бу жерден чыгып жатат. Таластан чыккан Чаткал деген жаш палван жыйырма үчтө, эсеби менин балам. Фрунзе шаарынын 110 жылдыгында “Спартак” стадионунда күрөштүк. Утулуп калды. “Сиз менен дагы күрөшөм” деп, Кара-Балтага чейин эрегишип барбадыбы. Жаштык намысты карабайсыңбы. Өсө турган өзү ошондой өжөр болот. Азыр менин болжолумда, ошо Чаткал палван, андижандык Дилмурат, Равшан, Хамид, Ош областынан Митал, Базар деген, биздин Кара-Дарыя айылынан Талып деген жаш палвандар бир куракта, кадыресе таанылып калышты. Талып солдатта жүрөт, ошо жактан үйүнө кат жазат экен. “Барган күнүм “Тапанча” палван менен күрөшөм” деп, Кудай тилегин берсин о баланын. Айтып коюш керек, о бизге караганда Өзбекстанда күрөш десе жантыгынан кетишет. Бизди быякка кой, күйөрмандык кылса эми ошолор кылсын, көңүлүнө туура келдиби, болду, ошол палвандын күрөшүн көрөбүз деп автобус, автобус болуп, шаарма-шаар кыдырып, Кыргызстанга чейин

кете беришет. Алардын ар бир районунда, шаарында улуттук күрөш боюнча атайын мектептер бар. Республиканын аймагында жыл сайын 27 байгеге арналган мелдештер уюштурулат. Мектептерде Өзбекстандын спортуна эмгек сиңирген чеберлер жаш палвандарга сабак өтөт. Бизде жок дегенде райондук спорт мектептерде (ал дагы болсо) улуттук күрөш боюнча атайын класстарды ачыш керек. Күрөштүн “А” тамгасынан баштап үйрөткөндө гана келечектеги палвандардын камын көргөн болобуз. Илгерки майрамдар күрөшсүз өтпөй турган. Азыр жаштарды карасаң, алар билектин күчүн сынагандан көрө, топ топ болуп “ичкилик” уулаганды жакшы көрүшөт. Күрөштүн эл билген кадырын ылдыйлатып алдык. Уюштуруучулук иштер аксап жатпайбы. Мисалы, 1988-жылы улуттук күрөш боюнча республиканын биринчилиги өткөрүлбөй калды. Ким күнөөлүү? Кызыгып, сураштырсам, спорт комитетиндегилер Кожомкулдун 100 жылдыгына карата биринчиликти Токтогул жергесинде өткөрмөк болушуп, кийин шартжагдайга байланыштуу калтырып коюшуптур. Билген адамга ушунун өзүндө эле улуттук күрөшкө, элдин байыртадан туу көргөн традициялуу оюнуна маани бербөөчүлүк болуп жатпайбы. Бир иштердин аркасы менен Кутманалиевдин өзүнө кирип калып, “биринчилик өткөрүлбөй калды, күрөш боюнча спорттун чеберчилигинин нормасын толтургандардын китепчеси да тапшырылбай калды, канча палвандар Кыргызстандын биринчилигине жыл боюнча даярданышкан эле, аларга эмне деп жооп беребиз?” дедим. “Грузияда улуттук күрөш боюнча райондор арасындагы мелдештер циркте тез-тез өткөрүлөт экен. Палвандары ошон үчүн көп. Биз дагы ошентпейлиби?” дейт, кайтып...

– Эл билет, сиздин далыңыз жерге тие элек. Той дагы, тойдун эркиртиңизге жабасыз? Кубат-күчтү сүрүп, курагыңыз дагы өйдөлөп баратат...

-“Бөрү карыса дагы бир койлук алы бар”, ончо-мунчага моюн бербейбиз. Жакында эле бир тойдо күрөшүп болгонуман кийин аксакалдар (калыстар) ортого алып, “Тапанча” палван, нечен жылдардан бери күрөшүңүздү көрүп, тамаша кылып келдик. Өмүрүң узун болуп, мартабаң дагы ашсын! Чындыктан эч ким кутулган эмес, ушинтип эле жыгып турбайсың, жашың дагы кыйлага барып калды. Күрөштөн жыгылбай кетсең, эл оозунда атың улук, жүзүң жарык жүрөт. Ойлон, биз аягы Өзбекстан, Тажикстандын, өзүбүздүн күчтүү деген палван-

дарын чакырып, сенин Кара-Дарыяңда чоң күрөш уюштуруп берели, ошо менен узаталы сени. Жаш палвандарга таалимиңди үйрөтүп жүрөсүң, эми саяпкердик кыл" деп, ата-баладай отуруп масилет салышты. "Ойлонуп көрөйүн" дедим. Аксакалдардыкы да туура. Эртеби-кечпи, күрөштөн кетээриң бышык. Бирок, билегим, белим кармашты күсөй берет... Эки адамдын бел алышканын көрдүм дегиче каяктан чыгат билбейм, бадан-боюмдан кубат ташканын сезем...

Жалал-Абад шаарындагы балдардын спорт мектебинин машыктыруучусу, улуттук күрөш боюнча узак жылдар бою Кыргызстандын биринчилигин колдон чыгарбаган Ибраим Узаков ("Тапанча" палван) күрөштүн эки түрүнөн спорт чебери. Ал классикалык күрөш боюнча 2, улуттук күрөштөн 15 спорт чеберин жана 15 кандидатын даярдады. Дадаев, Сулайманов деген жаш палвандар Кыргызстан курама командасынын мүчөлөрү.

Палвандын пиаланын сыныгындай сүрөтүн очеркке кыстарып берсекпи деген үмүт утуру кытыгылай бергенден (сөзгө жыгылам деп ким ойлоптур):

– Ибраим ака, мынчалык болду, күрөшүп аткан сүрөтүңүздү да алып калалы. Жеңил эле, өзүңүзгө окшогон бакубат бирөө-жарымды ушу ортодон табабыз. Экөөң алышып, сүрөтчүнүн маңдайына туруп бергиле, бир мүнөттө иш тамам... – дедим оюмда эч нерсе жок. "Тапанча" палван кызык болду, башын чайкап күлдү. Айтар сөзүн ирээтүка" деди.

– Сүрөтү болбосо имне болот эле? – деди дагы.

– Бир чекесине берип койсок дегемин, сизди уккан көп, көргөн эл аз...

– Үйдө болуш керек, бирөө-жарымын салып жиберейин, – деп калды палван.

... Сүрөт келбеди. Баягы бейгараз менен бел алышып, сүрөткө түшүңүз деген осол сөзүбүз палванга катык тийген окшойт, сүрөт келбеди.

* * *

Чайканага кирип келатып, баягы "Тапанча" палван отурган сөрүгө кылчактап алам. Курган үмүт, бир күнү болбосо, бир күнү кайтып отуруп калабы дейт го... Бир ордунан жылбаган эле баягы "Тапанча-

ны" тааныштырган алакандай пиаласынан ааламды көргөн чайкор. Эми көргөн сайын кол булгачу болду. "Тезирээк жазбайсың" дегени-би, "Палванды желимдей кылып жаман чойдуң го?!" деп бааз-бааз таташ ыргытып коёт. Бир күнү аркаман кыйкырат "онун темасын «Таманча» палвандын таржымалы деп кой, көпчүлүк окуп жатсын!"

– Шашпаң, палван дагы жыга түшсүн, - десем,

– "Тапанчаң" жыгылбайт, аны жыга турган энесинин курсагынан түшө элек-дейт о давасы жок.

Ошо пиаласынан ааламды көргөн, күн сайын бир нанга залал кылып, анын ушагынан өйдө таштабай ала кеткен мойсопутка окшоп, отурган жеримде илгерки дуван бузган, жамбашы жерге тийбей өткөн нечен-нечен палвандар тууралуу ширин-ширин кеп салсам дейм. Ошо аңыз кеп, насыйкат кеп чөөт суудай соолбой сөрүдөн-сөрүгө кубалашып ооздон-оозго көчүп, ата-бабабыздын каны-жанынан бүткөн КҮРӨШ билектерден-билектерге жалгашып, кылым чоюп кете берсе экен деп тилейм...





КҮЗГҮ

Кырсык каш-кабактын ортосунда экен. Омурткамды сындырып жылалбай калганыма быйыл сегиз жылдын жүзү болот. Ошол 1981-жылы армияда элем, курулушта иштейм. Мен чыгып турган такта сынып кетип, он метрлик бийиктен кулайм. Бирге кызмат өтөгөн балдардын айтымында, жыгылган жеримден тура калып, үч-төрт марта кадам шилтеп, эч-учумду жоготупмун. Акыркы жолу басканым ошол болду. Он тогузумда жыгылгам, ошондон быякта керебеттемин.

Жээним бар, быйыл алтыга карады, биздин үйгө келип калганда үстүмө минип алат дагы: "сен аллейсиң, бешиктен түшпөйсүң, качан басасың?" дей берет. Баарынан дагы наристенин суроосуна бир нерсе деш кыйын экен... Чын эле баспай каламбы?! Жарыкчылыкка бир келген өмүргө ушинтип кеч киреби? Апам карып кетти, менин айыман. "Кесел адам кесел эмес, аны багып караган адам кесел" деген сөз ырас экен. Жок дегенде балдак таянып басканымдачы...

Сиздерге кат жазганымдын жөнү бар, иштесем ишке, ичсем ашка тойбогон курагымда керээли-кечке шыпты тиктеп жатканым жаткан. Жашоого кумарым ылдыйлагандан ылдыйлап, адамдар мени эсинен чыгарып салгандай, өзүмдү туңгуюкта калгандай сезем... Гезитте иштеген агайлар, жакшылык кылгыла, мени адамдарга апчыккыла, жолуктургула! Сүйлөшкүм келет, мен дагы силерчилеп, бирөөнү сүйгүм келет!..

Жаныш КААРБАЕВ,
Лейлек району, Самат айылындагы колхоз.

"Тез жардамдын" шопурун кошкондо беш киши Жаныштын редакцияга жазган каты кеткен ийри-буйру жолго салып, Голбо айылына кетпараттык. Шагы буталган маңгал тыттардын түбүндө желим идишти колмо-кол өткөрүп чалап жуткан шакчылар, эшекчен чалга

жетелетпей кайтып өзүн сүйрөп кетчүдөй жер челген өгүздү айдаган бала айнектен кылаң көрүнүп, машинанын чаңына аралашып калып кетти. Сен эми аларды экинчи көрбөйсүң, сен эми ошо алгоо менен чалап жутуп, чарчысындагы кумурскалар өрүп жүргөн нанды ынтымак менен бөлүп жеген адамдардын чаң желеген посурайган жүзүн, ыйламсырап өгүз айдаган баланы эми кайтып көрбөйсүң. Көрбөй турганыңды ойлогондо бир саргайган кусалык жүрөгүңө тепчилет, өмүр дегениң уучка толбогон, а жашооң убактылуу гана мынабы, биз түшкөн "тез жардамдын" айнегинен бир көрүнүп калып кеткен (кайып болуп кеткен!) нерсе болорун күчтүү туясың!..

– Келиңиздер, – муңайым жүзүндө капалыктын билинээр-билинбес көлөкөсү бар, боюбашына тетик кемпир колун бооруна алып, күнгө кактанып жаткан итти "меймандар чоочубасын" деген этиятта этеги менен далдаалай калды.

– Каппайт, келе бергиле, киши-кара менен иши жок, курсагы тойсо болду...

– Каппаса эле болду, – деп райондун башкы врачы Раимжан Калматов босогого токтоп бут кийимине эңкейди. Кемпир безилдеп ийди.

– Бутуңарды чечпегиле, үйүбүз кичине сыз...

– Уул кандай?! Түзүкпү? – Врач эне менен тааныштык кылып сурашып жатты. Калганыбыз үндөбөйбүз.

– Шүгүр эми. Баягысындай эле жатат... – Кемпир аркабыздан кирип келатып үшкүрүп койду. Күн ала булуттап турганга үйдүн ичи ымырт. Биз издеген жигит ичкерини сырткы дүйнө менен кошкон жалгыз көздүү терезенин түбүндө, керебетте экен. Кобур-собурубуздуу эшиткен окшойт, киргенибизде эле көрүшмөкчү болуп обдулду, бирок көкүрөгүнө чейин жабылган шейшептин алдынан бирөө аны сыга кучактап тургузбады. Кат жазган муздак колун кармап, кысып койдум.

– Эне, төшөк салбайсызбы меймандарга! – деди Жаныш. Биз болсок, жылуу сөзүбүздөн бөлөк колубуздан эч нерсе келбесин билип, айлабыз жок аны тегеректеп турабыз. "Жогору өтүңүздөр, өз үйүңөрдөй эле көргүлө" деп жаздыктан башын көтөрө албаса да, ыйман-ызааты жаткыза койбой, мейман кадырын кылды.

– Бу жак Фрунзеден, гезиттен келиптир. Аякка жаздың беле? – деди башкы врач.

– Бир келип кабар албасаңар жаздым да... – Жаныш башын буруп ага карап койду.

Биз келээр тушта окуп жатканбы, баш жагында "Советтик Кыргызстан" гезитинин чеке-бели жыртылган тиркемеси турат. Оштон Исфанага "кукурузникте" учканыбызда таңгак-таңгак гезит биз менен кошо учканын, жүргүнчүлөр жөн отурбай чекесинен сууруп, келер-келгиче окуп келишкенин эстейм. Нечен даван ашып, нечен суу кечип, четки райондун эң четки айылына "мазар басып" жеткен гезиттердин тиркемеси көзүмө шундай ысык учурады!

– Чындап эле гезиттен келдиңизби? – Жаныш мага үмүттүү карап, жаздыгын эки бүктөп, башын эгиздеди.

– Катыңды алдык. "Келип кеткиле" деген турбайсызбы.

– Мени иликтеп, бирөө-жарымдын келээринен күмөн элем. Эч кимден жакшылык күтпөй калгам... – Сүйлөп жатканда колунан башталган майда калтырак утуру өйдөлөп, утуру катуулап башына чыкты. Эки колдоп башын кысат, токтотмокчу болот, караң калгыр, калчылдап шайы жетпейт. Врачты шаштырдым.

– Дары-парыңыз барбы, бир жери ооруп атпасын?

– Өтүп кетет азыр. Сиздин келгениңизге жетине албай кичине сүйүнүп койбодубу... – деди. Жанында бүдүр дарысы болбой туруп жөндөн-жөн эле бизге кошулуп, биз издеген адамды барып бир көрүп келмекке чыкканын азыр эстесем, аза боюм дүркүрөйт...

– Чочубаң, өтүп кетет, бир аз эле... – деди Жаныш өзү дагы. Бул сапар дагы мууntкан кеселдин чеңгелин тиштенип жатып жазып жибергендей оор үшкүрдү. Бул анын күн алыс күч сынашкан оорусу экенин кийин уктум. Байкуш эненин жүрөгү гана уулунун "бир аз эле" дегени "бир аз нерсе эмес" экенин сезип, амалы куругандай турган жеринде чарк тегеренет. "Не жазганына казаптайт?! Аны кыйнагандан көрө мени кыйнабайбы!..", кирпигин ирмебей жашы мөлт-мөлт... Жаныштын көз жашы энесинин көзүнөн агып чыккандай туюлду мага. Кары адамдардан көз жаш чыкса, жаш-курагын кемитип чыгат деп кары адамдардын өздөрүнөн эшитким бар...

Ар бирибизде эненин жылмаюусу кошо жашайт... Баягы биз эс тарткандан элеси калган, шооласы жүзүнөн чачырап, жашообузду жылыткан жылмаюусу ар бирибизде тумардай сакталуу. Энелер биз үчүн күлүп эле турушпайт... Эң ачуу жаш – энелердики... Алар бизди, балдарын жанынан артык көрүп, аяп, "көз жашым кыйнап койбосо

экен" деп көрүнбөй ыйлашат... Жаныш армияда жүргөн жылы эки баласын жетелеген лөлү аял үйүнө башбаккан.

– Колуңузду бери бериң, пал ачайын, – деп Бүбү эненин түйшүктүн ысык-суугунан жарылган колунан кармап, анын жүрөгүн титиреткен кабар айткан. Бирок, эне жылмайган калыбында аны тиктеп тура берген.

– Кайсы алыңызга күлөсүз же күлө турган кеп айттымбы?.. – деген лөлү.

– Ошо күлкүмдүн түйүнүн чечип берчи, кыйын болсоң, – деген эне. Лөлү бу кемпирдин "жаш балаң үчүн бердим" деген эки кесе унун көтөрүп чыгып баратканда аркасынан айткан бир сөзүн эшитти. "Көз жаш менен кайгыны жеңилдетиш кыйын, күлкү менен күйүттү басса болот..."

– Ошо бечара лөлү билгендей эле айтыптыр, Жанышым минтип.., – деп оор улутунду Бүбү эне, - шонтсе дагы, баарыбыз бу дүйнөгө түркүк болбойбуз, насип түгөнгөн күнү кете беребиз. Бирок, ысык жан оорубай-сыркабай эле буйруган өмүрдүн ыраатын көрбөйбү!..

Үйдө Жаныш үчөөбүз эле калдык. Кошо келгендер эрте күндү кеч кылбай өз-өзүнө тиешелүүсүн жазып алды да, орто жолдо иш калбасын деп ат тизгинин келген жолго бурду. Үйдүн үстүнө булут келди окшойт, күндүн нуру качып, биз отурган бөлмө кайтып күүгүмдөнө түштү.

– Айнегиңди катуурааk жаап ал, шамалдайсың, – деди эне. Уулу үндөгөн жок. О кыйладан кийин:

– Сиз кеткенден кийин булар энеме катуу айтышпайбы? – деди Жаныш мага карап.

– Кимдер?

– "Баланды кой дебейсиңби, тыйбайсыңбы көрүнгөн жакка жазганын" деп жүрүшпөсүн, энемдин көңүлүнө азар беришпесин. Аларга баары бир... Көзүм жетип калды, бу дүйнөдө мага бир эле эне, бир эле бир тууган күйөт экен... Пашарт, энемдин көзү өтүп кетсе, мен дагы көпкө турбайм... – Ушинтип айтты дагы те топудай-топудай ак булуттар көчүп жүргөн тоого башын буруп кетти. Ызаанын кермек даамын татканда, адамдар көңүлүнө саалчалык азар берген чакта Жаныш көзүн жан адамга көрсөтпөй тоону тиктеп алат окшойт. "Мына, чындык мандайымда! Барды бар, жокту жок" деп жазганга кубатың жетеби?" дедим өзүмө-өзүм. "Эмне үчүн, жазганда турмуштун чайыттай ачык

жагына көбүрөөк качырып, кашкайган чындыгын, дене-бойду чыйрыктырган куник тарабын ала калтырабыз?!."

– Айылга барсам, жатпайм. Үйгө шашам, жеткичемди жүрөгүм өзүмдүкү эмес. "Жатып, шашпай эле келбейсизби" деп коёт бу. Алкымдан аш өтөбү, жамагымды жаскап, ийигимди ийрип, кашында отурсам, ошо мага зор дөөлөт. Экөөбүз кыштын узаккы түнү сүйлөшүп отуруп, таңды агартып ийген учурларыбыз да болду. Бир күнү "эне" дейт, "ии" десем, "мени армияга кетээр алдың үйлөп койсоңор болмок экен" дейт. Колуман ийигим ыргып кете жаздады. "Кечке жатып, ойлоп тапканың ошо болдубу" дедим, бөлөк кеп оозума илинбеди. "Парзанттуу болуп калганымда шонун басканын тиктеп, өзүм басып жүргөндөй жатмак экемин" дейт. Ичимден "түбүң түшкүр арман, ий" деп алам дагы, ону басар даба табалбайм. Сөз сөөккө өтөт экен... Мунан кичүү эки үкасы бар. Бас деген жагына кыйыктанбай көзүнүн агы менен тең айланат. Бирөө агасына каралашып окуйм деген мудаасын жыйыштырып, кырк сомдук айлыкка байланып, отуруп калды. Өзүң көрдүң балам, Жанышым төрт жылдан быякка, минтип чалкасынан түшүп гана жатып калды. Улуу сөздүн уяты барбы, улуу сара, кичүү сарасын билбейт, күн сайын эки-үч сапар алдын кургактайм. Карыган маалымда жарым чакырым жерден суу көтөрүп келгенге дарманым жок. "Ахвалыбызды билесиңер, эшик алдына куур курдуруп берсеңер" деп раисполкомдун эшигине эки-үч бардым. "Турбасын тапсаңар, сууну эшигиңерге жеткирип беребиз" деп узатышат. Каяктан табабыз, турба завытыбыз бовосо... Өзүбүз таап алчу нерсе болсо, Жаныш экөөбүз пенсиябыздан чыгарып, нечак курдуруп алат элек го. Ылык-ысыкта майли, эки челек сууну жеткирип алыш колуман келет, кыш-күрөө, сыйгалакта жанымы оозума тиштейм...

Аттиң десе, биз адамдар бардын баркына жетпейт окшойбуз, качан түшүрүп коюп, "кокуй, сабы күмүш эле" деп жоготкон нерсебизге күйгөндөй же болбосо аба менен дем алганыбызды такай эле билип-туйбаган сыңары бу тирүүлүктө он мүчөбүздүн түгөл экенине да көп маани бербейбиз го... Бүбү эненин сөзүнөн ошо күн өттү көңүл токтугубузду дагы бир жолу сезип калдым... Алыкулдун "ай көрдүм, аман көрдүм..." деген сөзүндө бу күндүн эсенчилигине не деген каниет-тоопчулук чөгөрүлгөн! Аны Жанышчалык туйган жан чыкпас бүгүн... Ал сегиз жыл мурда омурткасы сынып, Ленин шаарында госпиталда жатканда үйүнө, чатырап гүлдөөчү өрүктөрүнө жетсе эле, таманы тууган жердин топурагына тийди эле, өзүн басып кетчүдөй сезе

берчү... Жаныштын ошо көктөн издегени жерден табылат. Врачтар "Кыргызстанда, болгондо да Оштун өзүндө нейрохирургия бөлүмү ачылды" деп сүйүнчүлөшөт ага.

– Мен ошондо жаштык кылыпмын. "Шу жерде жатып эле дарыланам" деп ынабай койсом болмок экен. Бир жактан "армиядан келди" деген сөзгө да азгырылып туруп албадымбы... Көргөнү келгендерге, "басып алсам, силердин малыңарды дагы эле мен кайтарам" деп (Жаныш элдин малын кайтарып жүрүп армияга кеткен) басарыма катуу ишенчелем. Райондук ооруканада бир жыл жаттым, жылыш болбоду. Онон кийин республикалык нейрохирургия бөлүмүндө дарыландым. Бул жерден да шыпаа табылбады. Кайтып райондун ооруканасына келдим, көп кыймылдабаганга жамбашым оюлуп кетти.

1984-жылы областтык нейрохирургия бөлүмүнө алып келип, операция жасашты да, кайра мени райондук ооруканага өткөрүп беришти. Оңолуштун ордуна начарлап, жараат бүтпөй суу чыгып, жамбаш сөөк болсо чыгып кетти. Төрт айдан кийин баягы жерди ириң басты. Врачтар карабай таштап салды дегенге болбойт, билгенинче көз салышты. Мени өкүндүргөн нерсе – шу болду, оор абалда жатканымы билип турушуп, "өзүбүздүн күчүбүз жетпей калды, мындан аркысын башкалар дарыласын" деп колума жолдомо берип, жогорку жакка жиберишпеди да... Кыйын адистерге көрүнсөм дегенде эки көзүм төрт болду!

1985-жылы "ушулардын жолдомосуна тойдум, ээ" дедим дагы өзүмү эки үкама көтөртүп, республикалык майыптар поликлиникасына майыптыгымды күбөлөгөн документим менен келдим, бөлүм башчы түшүнгөн, бир боорукер адам экен, кыйыктанбай эле жаткызды. Кийин да ошо адамдын аркасы менен Ахунбаевдин клиникасында жаттым. Шондо Фрунзеге кантип барганымды азыр эстесем жүрөгүм опкоолжуйт. Эки бутум мага баш ийсе кана, эки үкам мени замбилге салып көтөрүп алышкан. Замбилде жүрүп, жан-жагымдан өткөн адамдардын жүзүнөн, бизге жасаган мамилесинен ажалдын канчалык коркунучтуулугун, өмүр деген шам-чырактын барк-баасын билдим...

4-ноябрь, майрамдын алды эле, 40 градус температурам менен дарылоо китепчемди колума карматып, областтык ооруканага жөнөтүшмөк болуп калышты. Ишенсеңиз, сизге жалган, мага чын, бир туугандарым мени баягы көтөрүп келген замбилге кайра салышканда "күнүмдүн бүткөнү ушу турбайбы!" деп заманам куурулуп, рес-

публикалык ооруканадан жардам болбогондон кийин областтын колунан эмне келет эле... деп ошо жерден бир бошоштум. Көз жашым бир туугандарымдын жанына батып кетти окшойт, көтөрүп алып, туура эле Кыргыз ССР саламаттыкты сактоо министрлигинин кабыл алуу бөлмөсүнө жаткызып коюп, бир ылаажы болор бекен деп өздөрү ар кайсы эшикти сүзүп жүрүп, акыры адамга күйгөндөр да бар экен, республиканын нейрохирургия бөлүмүнө жолдомо алышты. Мүмкүн, сиз айткандарыма ишенбей жаткандырсыз... "Турмуштун толкуну каалагандай калчайт" деп коюшат. Андай эмес! Күрөшкөн адам "калчанбайт" экен.

Биз дагы шол бойдон "кудайдын салганы ушул экен" деп бир туугандарыма көтөртүп баса берсем, азыр сиз менен минтип отурар белем, айтыш дагы кыйын... Чоң доктурлардын көздөөсүндө үч ай жаттым. Жылыш болбой баратканда СССР саламаттык сактоо министринин өзүнө абалымды билдирип кат жаздым. Жанталашат экенсиң. Ордунан туруп, кадам шилтээр күнүн жылдан-жылга саргайып күткөн жаш адамдын жандалбасын түшүнөсүз да... Катымды Москвадагы Н.Н.Бурденко атындагы медициналык институтка жөнөтүшкөн экен, ал жактан "оорулуунун толук анализин тезинен жөнөткүлө" деген кагаз келип калды. Жаткан ордуман канат байлап уччудай, "э, тообо, үнүм жеткен экен" деп сүйүнгөндөн түндөлөрү кирпик какпайм... Көп өтпөй, анализдеримдин аркасынан "ошол жерден операция жасагыла" деген алакандай кагаз алдык. Супсунум сууп, көңүлүм калды. Ысык жан дагы чыдайт экен...

Балдак менен басып кетем деген акыркы үмүтүмдү ошо Фрунзеге таштап, 1987-жылы үйгө келдим. Ошондон бери чалкаман түшүп гана жатам, өзүм оодарыла албайм. Силерге катты ушундай жаткан калыбымда жаздым, жетиптир... Бирөөлөр мынчалык муң-зарын айтып не кылат деп ойлошоор, өздөрү билсин... Өмүр меники, бешенеме жазганга ынап кала албайм, күрөштүм, дагы күрөшөм... Мен дагы бирөөнү сүйгүм келет. Сүйүү бар экен, каяктан билдим дебейсизби? Фрунзеде жатканымда, бир карыган кемпирдин керебетинде отурган чалды көрөр элем. Кемпиринин сүлдөрү эле калган, мага окшоп баспайт, кашыгын зорго оозуна жеткирет. Чалы бечара каяктан таап келет билбейм, саар-кеч (бала-чакасын көрө албадык) кемпирин кашыктап тойгузуп отурганын ачык эшиктен көрүп калам. Кечкурун үнүн аста чыгарып ага китеп, гезит окуп берет. Бир күнү кемпиринин майланышкан чачын тарап берип жатып, "сени ушу капкара чачың

үчүн жанымдай көрчү эмес белем” деп аста, үнүн чыгарбай ыйлаганын жанындагылар угушуптур. Ана, кылым карыткан жүрөктөрдө сүйүү дагы карыбайт турбайбы...

Иниси бир маал сыртка көтөрүп чыкканда мойнунан секин кучактап алат, жыгылып кетпейин деп антпейт, үкама саал жеңил болсо экен, астанага чалынбаса экен дейт. Күн отурган кезде чыгышат. Жаныш бул учурду жакшы көргөндөн эмес, иниси жумушунан кайткан кез өзү ошо болот. Экөө короону айланып чыгышат. “Түшүрчү” деп көрөт такай. “Колу талып кетти” деп ойлойт. Иниси такай ынабайт. “Жер зак, бовойт ака, көтөрүп тура берем” дейт. Кез-кез гана күндү табы кайта элек жер болсо отургузуп, жака-белинен жөлөп турат. Агасы жер таянып, күүгүм чүргөп келаткан кыштагын узакка-узакка тиктейт...

Жаныштын чоң күзгүсү бар... Кобур-собурду эшитти, күзгүсүн терезенин кашегине жөлөп, өзү жаткан керебетке бир аз кыйшайтса короонун эшигип ачып кирип келаткандар алаканга салгандай көрүнөт (бизди да биринчи ошо күзгүдөн көргөн экен). Бейтааныш адамдан бөлөгү, мисалы айылдаштары жок сураганынан тартып, майли, тойго чакыртуусуна чейин түз эле терезеге бастырышат. Терезе жайы-кышы ачык. Ким болсо да “кандай бекерчи, зерикпей жатасыңбы?!” деп учурашат. Орозгер аны зериктиргидей эмес. Уулбу эне болсо пенсиясын, инилери тапкан айлыгын бүдүрүн коротпой Жаныштын колуна салат. Аны кем-карчка жараша Жаныш өзү бөлүштүрөт. “Ун аздап баратат, пул берсеңиз” дейт бир иниси, “кысыр кунажынды апарып сатып, эки-үч козу байлап койбойлубу?..” дейт бир иниси. Масилет баары бир Жанышсыз чечилбейт. Күндөлүк тириликке көз болуп, анын өйдө-ылдыйы сыркоодон, сарсанаа, убайымдан алагды кылып, алаксытаарын үйдөгүлөр билбейт дейсиздерби...

– Ал-ахвалды көрдүңүз, уктуңуз. Агар жазып-пазып калсаңыз, менин башымдагы тагдыр кимдир-бирөөлөрдү кызыктырып каган болсо, кат жазсын, кабар кылсын. Мына, бир күн сиз менен минтип сүйлөшүп отурдум эле, күндүн кантип өткөнүн билбей да калдым... Күндө эле шундай болуп турар беле?..

Коштошуп кетээримде керебетинин башында муздак колун эки колдоп кармап туруп:

– Зерикпе эми, бекерчи, – дедим жылмайып.

– Имнеге зеригет элем, терезем турат, күзгүм турат... – деди. Терезенин кашегине жөлөнгөн күзгүгө эңкейсем, азыр мен жөнөп кетчү жол кашкайып көрүнүп туруптур...

РЕДАКЦИЯДАН: *Кат боюнча барып жазылган материал ана-мына жарык көрөт деп турганда редакцияга партиянын Лейлек райкомунан укkан кулак сүйүнгөн кабар келди. Жаныш жашаган үйдүн короосуна куур орнотулуптур, тамы толук капиталдык ремонттон өткөрүлүптүр, эки бөлмөсүнүн таманы тактайланган экен. Ошондой эле эл депутаттарынын Лейлек райондук советинин аткаруу комитетинин төрагасы Ж.Карабаевге жаңы үй салып берүү үчүн тиешелүү жер кечечими менен силгендиги да айтылыптыр. Тиричилик кем-карчын көзөмөлдөө жагы айылдык советтин жетекчилигине дайындалган экен. Жогорудагы камкордуктардын өзү райондун жетекчилеринин бүгүнкү күндөгү таңкыс проблемага – кайрымдуулук маселесине олуттуу көңүл бургандыгын далилдеп турбайбы.*





АВГУСТ

Жок, жок деп атып, кайтып самолётко билет оңой табылды, райондун врачтары үйрөткөндөй, Төлөмүш касса оозунда үймөлөктөшкөндөрдү жандай салып, аэропорттун начальнигинин каалгасын тапты. “Оорукчанмын, Прунзенин балницасы бир аптадан бери орун саздап күтүп атат, учуруп ийиңиз, сообума каласыз” деп сыркоосу чиймеленген алакандай кагазды алдына таштады. Кайриет, ошо барак сырттагы учам деп ынтылган жоон топ жүргүнчүнүн сүрмөсүнөн күчтүүлүк кылып кетти...

Учушун го учуп кетти, бирок оозуна наар албай минтип мейманкананын оозун кайтарыш оюна да келген эмес. Болбосо таксини “Манастан” түз-үз ооруканага айдаткан, күйүгүп келип угаарын укпадыбы. “Орун бошой элек, эки-үч күн өткөрүп келиңиз” деди сыркоолорду кабыл алчу жерде отурган орус аял. Орусча түзүк билчү эмес, чала түшүндү. Кантсин талаа-түзгө көп чыкпаса. Ашып кетсе Ошко келди, андан ары тирилик коё бердиби?.. А мектеп чеке жылыткан жок, Пушкин, Толстойду “кыргызча” эле окуп бүтүп кетишкен... “Бу менен пайчалашып жүрөмбү, жок болсо жок да”. Төлөмүш өзүн-өзү жетелеп, ал жерден кетип калды. Оо-о мейманканадан орун тиймеги тозок турбайбы. Бир жактан башы какшап Төлөмүштүн жанын көзүнө көрсөттү го. “Муну мейманкана деп кайсы билерман атады, биз эмне, мейман эмеспизби?..” деп бир жактан жини кайнайт. Өзүнө окшогон жети-сегиз адам менен те шашкеден быякка какымдын пырына бөлөп алгансып, самсаалаган жемпирин желбегейленген узун моюн, чырайлуу администратор келиндин көзүн карашат. “Кинодогу эле кыз...” деген Төлөмүш көрөр замат. Индиянын киносунан кур калбайт. Чоппочоң туруп ыйлаганычы... “Элге окшоп эле көргөзбөй сүзбү, көзүңүздүн жашы эле арзан да...” деп калат келинчеги. “Өзүңү билип олтура бер” деп коюп, кино жагып калса болду, Ошко чейин кууп келип, “Космостон” жана бир марта көрбөсө ага эсеп эмес. Кайта көрсө, кайта ыйлайт, тообо...

Чыпалактай кайчысы менен бышкан гиластай кызарган тырмагын тегиздеп, маал-маал телефон шыңгыратып, кыйлага сүйлөшүп калса, маңдайында көз жазгырбай аягы менен тик тургандар орун жазып берсе, бербесе да бу периштенин белгисиз, бейгам жашоосун кимдир-бирөөлөрдөн кызгангандай туйлай кетишет... Төлөмүш паитин[1] таап, айнек тосмого өбөктөй калып:

– Ой эже, буларга кошулуп турсам тура берет элем, оорукчалмын. Кагазым бар, ишенбесеңиз мына, окуңуз. Бу шаарынарда барып жата турган урук-тууганым да жок! – деди. Тура берип көкүрөгү толуп кетиптир, айтып алганга бөксөрүп жеңилдей түштү. Келин баш көтөрбөй тырмагын ала берди (күндө өскөнүн күндө алып турат окшойт). "Мунуңар таза кыргызча түшүнбөгөн неме го" дегендей тегерегине карап Төлөмүш үндөбөй калды. Кайтып "кебим буга катык тийди окшойт" деп өзү кыжаалат болуп турса: "эй бала, берке, бербей каякка барат эле, бер-е-ет" – деди аркасынан бирөө. Караса, аягына жакын чоң сумкесин коюп, төбөсүндө "кашкулак" тумагы бар, элүүлөргө барып калган киши. Жанында жаңы маасысына бозоргон эски көлөштү кептей кийген аял олтурат.

– Самолётто биринчи учушум, аба. Балницадан жаңы чыкканга башым да тегеренип, зо-орго эле турам, – деди Төлөмүш.

– Ке, көчүк бас. Имнең ооруйт? – Киши саал жылды эле, аялы дагы кошо жылымыш болду.

– Мынабы баштын дартынан... – Төлөмүш башын бир муштады.

– Жаш туруп эле башыңар ооруйт да?.. – деди талаанын азабын жеп, саартан бери тажап отурган аял. Сурашпаса ошо да, бирөө менен бирөөнүн иши барбы азыр. Болбосо ушу үчөө тең кирип-чыгып, көпчүлүккө аралашып эле ушуерде ийиндери тийишип жүргөн. Сүйлөшпөй жүрүп, сурашпай жүрүп ушул шорду көрүп жүрбөйбүзбү.

– Кичинемде шатыдан тайып, төбөм менен түшүпмүн.

– Об-бо бечара! – Ти киши башындагы кашкулак тумагын ала койду. Төбөсү сыпсыйда. Чач дегенден бүдүр да жок. "Таз болгон менен, башы оорубайт да" деп ага Төлөмүштүн көзү күйдү.

– Эки-үч жылда бирден жатпасам эсеп эмес...

– Катын-балаң бардыр... – Аялдын бир жери ооруп жаткансып, чекеси тырышты.

[1] *Паит – мезгил, убакыт.*

– Бир кызым бар. Быйыл төрткө карады.

– Эсенчиликти тиле, ука. Кудайдын дагы бир айтканы болоор... Зайыбың имне иш кылат? – деди аял.

– Садикте повыр. – Төлөмүш башын эки колдоп кысты. Коргошун илип койгонсуп, төбөсү ылдый саландайт. Тиги киши "кыйналып туурат, көрбөй турасыңбы, кыскарт сөзүндү" дегенчелик, жаңыдан кептин базарына кызыган аялын карап койду.

Колдорунун каруусу качып, башын тизенин ортосуна коюп, кысы келет. Ошентсе эле басылып калсачы. Көзүн жумду. Майда өрүм чачтарын сеңселтип, башын чеңгелдеген атасын көздөй кызы тызылдап келатат. "Эстеп атса керек. Атаң минтип, баш пааналар жер табылбай көчөдө отурат, кызым..." деп онтоду. Марапат жакшы эле безилдеген: "Жеткен күнүңдө эле жаткыра койбос, барбасаң дагы этият-шарт Орозали акенин адресин жазып, жаныңа сала кет" десе, "О жерди Прунзе дейт, кадам сайын мейманкана. Пулуң болсо каалаганыңа жатасың" – деп өзүбаштанып койгон. Жатып болуптур. Эми көргүлүгүн көрүп отурбайбы.

Күүгүм кирген сайын чырайлуу келиндин маңдайында адамдардын "дубалы" калыңдап, Кытай дубалы быякта калды. Оо, бир маалда жарданып тургандар менен бир ооз али-пали сөзгө келбеген унчукпас келин, ордун бир аз менменсинип (Төлөмүшкө ошондой сезилди) баскан, көз айнекчен аялга бойлотуп берип, бир күн болсо да маңдайтескей турганга сезим ыроолой түшкөн мусапыр, үмүткөр көздөргө кирпиктүү карегин көтөрүп койбой өнөгүнүн кулагына бир нерсени шыбырап, полду карсылдата басып чыгып кетти. Те жатар маалга жеткизип көз айнекчен аял эл алдында турган кишинин паспортун сурады. Ошондо тикесинен тик турган көпчүлүк те бурчта башын мыкчып, соолуп олтурган Төлөмүштү алдыга өткөрүштү. Көкүрөгүндө согуштан алган медалы бар адам Төлөмүшкө жол бошотуп кобурады: "Адебиңди жедиң, сени жер эптеп көтөрдү балам..."

* * *

Бөлмөнүн эшигин тартса, ачык. Бирөөнүн ничке коңуругу чыгат. "Кыйч" эткен дабышка коңурук лып басылды да "ким бу?" деди ичкериден. Доошуна караганда, кары адам. "Биз эле, кошунаңыз" деди Төлөмүш. "Карыганда шаарда имне бар экен буга" деп койду өзүнчө.

– Жарыкты күйгүзө бер, өзүм дагы жаңы эле жаттым эле.

Чал жакасы кир ак жегдесин, пахталуу калың шымын, эки-үч белбагын (курун) үстөлгө артып таштаптыр. Төлөмүштүн жаны жер тартып, кирпигинен тартса жыгыла турган. Нары-бери чечинип, жарыкты өчүрдү да саал ным тиштеген жуурканга чүмкөнүп алып, өзүнө окшоп, “Э куда-а, ушунуңа да шүгүр” деп желкесинен баскан эртеңки иштин убаймасын тартпай, эптеп зарыгып жеткен эки кулач керебетинде үлүлдөй бүрүшүп, караңгылыкты теше тиктеп жатып жаңкы өзү бирге турган адамдарды ойлоду. Бейтааныш адамдар Төлөмүштү алдыга өткөрүп: “Бир орун болсо, бир орун ушу бечараныкы” дешкен элеттиктердин жапакечтигине көкүрөгү толуп чыкты. Бар деп туруп мынабу мейманкананы жаңыртып, мынабу кызыл-тазыл болуп, миң кубулган шаарга тегиз угулгудай ыйлап, ыйлап алгысы келди... Ал буга чейин өзүн мынчалык жалгыз сезип, мынчалык жалгызсыраган эмес эле. Чал сүйлөгөндөй болду. “Үндөбөй койсом, кары киши осол болот го” деди окшойт.

– Менден бир нерсе сурадыңызбы? – деди Төлөмүш.

– Алма апкелдиңби? – деди чал.

– Каяктагы алма, сатканга эмес жегенге алма жок болуп атса...

– Мен алма апкелгендерден бекен депмин.

– Доктурга келдим. Оо, ойноп келчү заман өттү...

– Дартың каеринде, балам?

– Кыйла жылдан бери башымды ичинен бир нерсе жейт. Жеп бүтүп да койду окшойт...

– Өзүң жактагы доктурлар имне дешет?

– Ээ, олорду тажатып бүттүм, көрөйүн деген көздөрү жок. “Баягы дагы келиптир”, – деп көзүмчө эле айтып калышты. Бир күнү “Прунзенин доктуруна барып бир көрүнсөм кантет?” десем, мени көрүп жүргөн жаш эле бала: “Сизди бирөө кармап турабы, күчүңүз жетсе каалаган жериңизге көрүнүңүз”, – деди. Ошентсек коюп калат дешти окшойт. Ансайын катууладым. “Он эки жылга кетти, оңоштун орду-на өлтүрмөк болдуңар. Операция жасагыла десем, о колуңардан келбейт! Жөнөткүлө, жүрөктүү доктурларды кандай табаар экенмин”, – дедим. Э, тойгузуп ийишти да! Акыры быяк менен сүйлөшкөн окорун эмес, таш балаа да жок...

– Таза убара болупсуң да. – Чал берки капталына оодарылды. Сакалы караңгыда ак шам болуп агарат. Бир азга тынып калышты.

– Өзүңүздү кандай шамал айдады?

– Чындыкты бар бекен деп издеп чыктым. Издеп-издеп таппадым. Ал жомокто эле калган окшойт...

Төлөмүш ойлогон, шаарда окуган балдарыма учурашканы келдим эле деп айтат го деп. “Чындыкты издеп таппадым” деген өктөөлүү сөзүндө бир мандем бар...

– Бирөө-жарым менен катуу араздашкан беймсиз?

– Ошо бирөөнүн колунан өлөрчө калтак жеп, о дүйнөгө кетсем мага жеңил эле...

Кокустан эле Төлөмүш эстей калды, бу чал менен бир жерден кумдум азыркыдай сүйлөшкөндөй болгон. Качан эле, каерде эле?.. Эстей албады. Мүмкүн, аны менен жаңаша эле жашап жылдап, күндөп кубалашып келе берип, акыры жолдору ушу мейманканадан кесилиштиби... Төлөмүш чын эле чал менен мурда дагы сүйлөшкөндөй боло берди... Алар азыр да бири-бирин кыйбай, сөздөрүн кылбаттап сурашып жатты. А парданын нар жагында коюу түн агат...

– Адил заман келди деп туш-тушка жазып атышса, мен ойлопмун...

Коңшум уктап калды дедиби, чал сөзүн аягына чыгарбай орто жолго таштап койду.

– Сүйлөй бериң, мен ойгоомун, – деп Төлөмүш бир капталына оодарылды.

– Уйкудан калтырып коём го сени, кечке жүрүп чарчадың дагы.

– Уктаса эле басылчу баш болсо кана...

– Өзүм Алайкуудан болом, атым Ысман. Мынчалык болду, жүз жерге барып, жүз жолу айткан кебимдин, кербезимдин чеке- белин сен дагы угуп кал. Кемпирим экөөбүздүн өзүбүзгө жетээрлик орозгерибиз бар эле. Тамарка-жай күүжүм алма. Түшүмүн жылда өкмөт баасында эле өткөзүп турсак, кеминде колубузга миң сомдой пул түшөт. Шүгүр, битта-экита бала бар, олор өзү менен өзү, кайтып биз беребиз олорго. Дүнүйа топтоп, түбүнө жеткен ким бар? “Бу дүнүйага жылаңач келгенбиз, жылаңач кетебиз” деген пайгамбарыбыз. Эки жылга кетпартат, жүрөгүмдүн толтосунда таш жүрөт, уюп... Күздүн күнү эле мал-салга көз салып эшикте, сөрүдө жатам, а кемпир бирдей ичкериде. Ай жаныбар так төбөгө келип калган. Уктап кеткен экенмин, чоо-

чуп ойгондум. Тура калайын десем эле бирөөлөр тапыр-тупур жаткан жеримде басып калышты. Бир кыйкырыпмын. Ошого алым зорго жетти. Көрпөчөгө ороп, тумчуктурушуп атат. “Доошуңду өчүр, давай, пулду чыгар, каякта?!” деди бирөөсү. Бирөөсү эле сүйлөп атты, калганы колу-бутумдан капшыра кармап, сындыр десе эле сындырып жиберишчүдөй. Сүйлөгөн баланын үнү ушундай кулагыма тааныш. “Ким эле дейм, эстей алсамчы... Жүрөгүм туйлайт, күндө эле угуп жүргөн доош. “Пул каякта, алманын пулу?! Өлө элегиңде чыгар, доңуз!” дейт. Тамагын жортеки каргылдатымыш болот. “Пул өзүбүздө эмес,балдардыкында” десем жанындагыларына: “Санына мал, малып-малып ал, жан ширин бекен, пул ширин бекен, билсин” деди эле жоон саным “тыз” эле дей түштү. Туйладым. Жылуу кан тизе ылдый кетти. “Жанын жеп атат, энесин көрсөтүп ийлей бергиле, таң атып кете электе мен үйүн карайын”, – деп ал үй тарапка жүгүрдү. Туш келген жериме тебе беришип, ичеги-кардым аралашып калды окшойт, түйүлүп жатып калдым. Мени таштап, беркилер дагы тырпылдап үй жакка кетишти. “Оо-бо, шордуу кемпирим ай, аман көргөй элем сени” деп кыймылдаарга кубатым жок мен калдым. Каным шымыма толуп чылпылдайт. Төрт аяктап жөрмөлөп, астанага жуп гана жеткенимде шоп-шоп этип баягылар маңдайымдан чыкты. Кудай ошондо көзүмдү соолтуп койсо кана, айдын жарыгында мындай эле карасам, өзүмдүн коңшум – Осмоналынын кичүү уулу – Турсун. “Турсун! Сен жемек белең бизди, туулбай гана өл!!!” дедим да турган жеримде эсим ооду. Көзүмдү ачсам, таң ата элек экен. Кемпирге жеттим, оозуна курмушу тыгып, таңып кетишиптир. “Төбөм эле төбөм” дейт. Төбөсүн түшүрө койгон окшойт. “Оо Кудай, бизге имне күндү көрсөттүң!” деп зар какшап коңшуларга жөрмөлөп баратып, орто жолдо кансырап, кайтып эсим оойт. Ооруканада көз ачтым... Кемпир экөөбүз туп-туура эки ай дегенде чыктык. Үйүбүзгө кире албайбыз, жүрөгүң өлүп калат экен. Кемпиримди аппак шишик басып, төшөктө жатып калды. Ууруну, бизди майып кылган адамды кармата албадым... Барбаган жерим калган жок. “Уурулардын ана башы Турсун. Өз көзүм менен көрдүм” десем сөзүмө бир-бир кулак салган адам болбоду. Кимиси болсо эле, “ууру бөлөк жактан келген, сандыкты сындырышканы, көр-жериңиздi алып кетишкени ырас, эми издеп атпайбызбы” дешет. “Сандык эмес, эки адамдын башы сынып атпайбы! Ой, ууру күндө мени менен саламдашып, эшигимдин алдында басып жүрөт, кашымда гана ойноп жүрөт, силердин эмне издеп жүргөнүңөрдү бир Кудай билбесе, жан билбейт экен” десем, айнып калган адамды карагандай карашат, тообо...

Ошо көргөн көзүм кашайсачы, жыйган-тергенибизди талап кеткендерди Кудайга койдук, көзүбүз өтүп кетсе, көңүлүбүзгө азар берген, күйгүзүп-сыздаткан бала-чакасы астында эсебин беришээр, – деп тирүүлүккө топук кылып, беш убак намазымды окуп жүрө берет элем. Андай болбоду да, уктасам Турсун төбөмдө туруп алып, бычагын кайрайт, эшкеликке чыксам жанымдан жөн да өтпөйт, канталаган көзүн кадап салам айтат, мага бычак көтөргөн бала, тообо, кайтып мага салам айтып атпайбы!!! Бармактайынан эшегиме учкаштырып алып тойлорго апкирчүмүн, жилигим ошонуку эле, ошол бала чоңойгондо кайра өзүмө кол салды. Бу заманда ушундайды да көрөт экенсиң...

Төлөмүштүн жаагы ылдый ыпысык жаш агып жатты. Ошо бойдон экөө бири-бирине үндөшкөн жок. Терезенин нар жагында коюу түн агат...

* * *

Палатада төртөө. Экөө пенсияга небак чыгышкан, бири Жумгалдан, бири токтогулдук Бердике чал. Кире бериште жаткан жигит Беловодскиден. Аты Кеша. Башынан операция болгонуна жарым айча болуптур. Даратканага өзү кырдуу балдар алмак-салмак жетелеп барып, жетелеп келет. Тамашакөй.

Өлүм да, өмүр да барабар ага. Чалдарга тийишмейин олтура албайт. Бердике чалды “Берия аба” деп теңтушундай көрөт. “Мобереки, калтаңдап токтобогон баш о дүйнөгө алып кетсе, экөөң аркаман кармалбагыла, силер жок эригем...” деп калат. Териси сөөгүнө жабышкан Бердике чал: “Дөөдүрдүн сөзүн, өлсөң жыргайсың...” деп далысын салат. Берки жумгалдык абышкага күн сайын өңүндө бир тамчы кызылы жок бала келет. Үйдөн дайындашабы, көтөрүп келген тамагын тумбочкага коюп, бошогон идишти тор баштыгына салат да үндөбөй кете берет. Жай кыймылдаган чалды жактырбайт, аны муну сурамыш болсо, “милдетимден кутулдум” дегенчелик мурду учунда күңк-мыңк этип, беш мүнөт турса-турат... “Буга менин тилим өтпөйт, мунун тили мага өтпөйт, баламдын баласын көрсөт деп Кудайга жалынчу элем...” деди бир күнү бечара чал. “Көп жалынып койду...

гонсуң да. Дагы келип турганына шүгүр де” деген токтогулдук теңтушу. А бечарага болсо баары бир. “Бу дүйнөнүн кызыгын насибинче көрдүк, көрбөгөнүмдү эми о дүйнөдөн көрсөт” деп келмеси оозунан түшпөйт. Карылык уйку мойнуна минген, отурган жеринде үргүлөйт. Беш убак болбосо да, бир ирекет намазын бак ичинен кылбатыраак жер таап алган, ошо жерге барып окуп алат. Бирөө-жарым сурап калса (медсестрадан бөлөк ким сурайт эле аны), “Шералиев намаз окуп жүрөт”, – дейт Кеша. Эч ким ишенбейт.

Төлөмүш бир аптача дары ичти, анализдерин кайта баштан берип, башын рентгенге тартышкандан кийин тырп этпей жатып калды. Тамакты жаткан жерине ташып беришет. Профессор өзү көрдү. “Минтип жата бергенден пайда жок, жигит, операция жасайлы, марындан келип турушсун”.

-Тууган-урукка айткан күндө да келе алышпайт, агай. Азыр тамекинин сезону. Алар келгенде имне кылып берет, пешенеме жазганды көрөм да, – деди эле профессор үндөбөй врачтарды ээрчитип чыгып кеткен.

Уйкудан көзү ачылбайт, алы куруйт. Күчү бир жакка агып кетип жаткансыйт. Кайсы күнү экен, көзүн жумуп жаткан. Эки чал сүйлөшүп жатат. “Иши чатак мунун, – деди Бердике чал. – Операцияны көтөрө албайт, жүрөгү начар согот имиш”. “Өңү-башы түзүк эле го...” “Башын бүтүн ириң басып кетиптир, уктаткан ошо дейт. Агарда операция жасалбаса, бир жылга жетип-жетпей... Мынабу Шамшыны каде деле бирөө-жарымы жок окшойт, чын эле кокустан жүрүп кетсе... Араван деген каякта жатат”. “Жеңил машинага сүйлөшсө, канчага жеткирет?” “Минден кем сурабайт, каппаратив деген чыгыптыр, кунун жейт дейт”. “О пулду кимиси берет?..”

Төлөмүш башын көтөрүп, экөөнү шалдап сөккүсү келди. Бирок, сөккөндө имне. Башынын оорусу жеңил эмес, өзү билет. Көзү карангылашып кетти. Бу жердегилердин сүйлөгөндөрү эле оору, касал. Аёо, сестенүү деген чегинип кетеби, операция жасап жаткан жерге баш баккандар бар. Баягы “көп ооруган өзү врач болуп калат” деген да ырас окшойт. “Өзүмдүн оорумду өзүм билем” деп врачтарды сүйлөтпөй койгондор да чыгат. Өзү менен жаткандардын эле сөздөрүн угуп,

Төлөмүштүн төбө чачы тик турат. Тыя аласыңбы... Өгүнү жумгалдык Асанаалы абышка “өлүп кайтып тирилип кеткендер да бар” дебеди би. “Оо, ыйманыңды жегир, калпты да чени менен ышкыртсаң” деген Кеша. “О айланайын, Кенже (Кеша деген кыргызча Кенже болот деп анын мойнуна коюп бере албай жүрөт), менин ыйман-пыйманымды коюп, кулак сал. Биздин коңшу айылыбыздан ажалы жетип, кырктын тамагын ичип калган киши каза табат. Урук-тууганы, катын-баласы ыйлап-сыктап кайгысын көтөрүп, өз ырасмысын кылып, жерге жашырышат. Үчүнчү күн дегенде баягы өлдү деген адам жылаңач өзүнүн эшигин кагат. Түйшүк менен алышып, тырп этээрге алы калбаган бечара аялы чыгып, тырмактарынан өйдө кызыл алакан болгон күйөөсүн көрүп, турган жеринде эстен танат. Өзүнө келгенде балачакасына, коңшу-колондорго: “Мамашарип ушуларда жүрөт, түндөсү келиптир, бирөө эле эшикти кагат, ачсам шундай эле маңдайымда турат, “кийим-кечемди бер” деп. Эсим чыгып кетти. Каякка кетти, билбейм” дейт. Ошол айылда бир молдо бар эле, өлгөнүнө о кыйла жыл болуп кетти, жүгүрүшүп шонукуна барышат. “Шундай-шундай иш болду, молдоке кандай кылалы, жол көрсөтүңүз” дешет. “Арбагы кечемди апчык, башым ооган жакка кетем, мен силерге өлгөн кишимин” дейт өз үйүнүн босогосунда туруп. Аялы камдап койгон жеринен балтасын алат дагы айбат кылат. “Кет! Кет, өзүңдүн жайыңа, мен шордууну бала-чакам менен тынч кой, кет!” деп ыйлайт.

Мамашарип жазганбайт. “Көрбөй турасыңбы, мынабу колумду, канталаган тырмактарымды, өзүмдүн көрүмдү өзүм казып чыктым. Эми элдин баары сага окшоп менден качат, эл менен эл болбойм. Көз көргүс жакка кетем, кийимдеримди бер” деп боюн тосот. Эси чыккан аялы жакындай берген күйөөсүнө төбөсүндө турган балтаны шилтеп жиберет, күйөөсүнүн каны өзүнө чачырайт... Экөө эки жерге жыгылат. Мамашарипти эл экинчи сапар көмөт. А аялы болсо акылынан айнып: “Мамашарип, ме кийиминди ал, качпа, кел үйгө” деп тоотташты аралап жүргөн жерлеринен кармап келип жүрүшүп, кечээ жакында ал бечара дагы күйөөсүнүн аркасынан кете берди. Бу богон иш да...

– Өлдүңбү, жат жабышып. Каякка барасың чыгып алып, тоюп бүтпөдүкпү?!. – деди Кеша. Төлөмүш ошондо көкүрөгүн сыздаткан

оюн Кешага айтмак болгон. Бирок, бир нерсе туткактады. “Ал мунун мээсине жеткиче...” деди ниетинде. Ал кызгалдактуу бөксө адырын, мөндүр гүлү бажырайган алма багын бир көрүүгө кумарданганын, бирок өзүнүн келээрки жазга жетпей кала турганын сезгенин, садагасы кетейин, жер ага бөлөк-бөтөн эмес, аны менен моюндаш-коюндаш экенин, а бул дүйнөнүн жыргалы, түгөнгүс кызыгы мынабу терезеден төгүлгөн күндүн алтын нурларында, катарында жатышкан, турмуштун не түркүн ыргагынан кеп салган адамдарда экенин айтмак... Акылы жеткен, көкүрөгү туйган бу жашоону сүйөөрүн айтмак...

Төлөмүш ушу керебетке келип жатканда отуз үчтө эле. Айылда азыр отуздан ашкандар сакал коюшуп, той-пойго аксакалдар менен чогуу басып, белдеринен куру түшпөйт. Чалдарды туурап, жилигин балдарга деп эки нандын ортосуна коюп түйүп алышат. Төлөмүш дагы белине кур байлап калган... Тагдырдын буйругун карачы, ал эми Фрунзеде...

Эртең операция... Кеч боло электе ынабай койсочу, үйүнө кетип кыңкыстаса да ичээр суусу түгөнгүчө кызы менен келинчегинин маңдайында жүрсөчү... Оору төбөсүнөн ургуласа да чыдап, жер үстүндө тирүүлөр менен кошо жүрүп, алардын жүзүнөн, күлкүлөрүнөн бул жашоонун эч нерсеге алмаштыргыс ыраңын күндө көрүш үчүн жасаса болбойбу?..

Операцияга эки күн даярдашты. “Муну ичип, аркасынан муну ичиңиз” деп баш баккан эле медсестра дары сунат. Операция үстөлүнө өзү басып барды. Ним тиштеген ак шейшепке чалкасынан түшүп жатты эле шыптан чачын сексеңдетип, тандырдын коруна бышкан мака-дүмбүлүн булгалап, атасына тиштеткени тызылдап келаткан Алтынайын дагы көрдү. “А-а, бечара кызым ай, сенин ыкыбалың бар бекен...” деп шыбырады. Нар жакта “Мүдүрүлүп кетпегей эле” деп белектеген келинчеги карап турат.

“Наркоз берилдиби?” деди хирург. “Венасы качып, таптырбайт” деди медсестра. Үнү коңгуроодой. Жаш окшойт, утуру эле “колуңузду ачып-жумсаңыз” дей берди. Төлөмүш карышкан уучун жаза албады. Көптөшүп жазып, анан ийне сайышты. Шыптагы дүйнө эми аз-аздан таркап, маңдайынан балбылдап күн чыкты. Көлөкөлөр арбаландайт... Бир кезде көлөкөлөр күндүн нурун жаап, жылуулук качты. Алыстан-алыстан бирөөнүн доошу чыкты. “Айла жок...” Жөө туман каптап келди. Тумандын ичинде баягы-чындыкты издеген чал жүрөт. Дагы

эле ыйы басылбаптыр, сакалынан сарыккан жаш Төлөмүштүн жүзүнө тамат. Ал Төлөмүштүн башын тизесине жөлөп: “Укта, уктап калчы балам, сага жеңил болот. Баарыбыз тең азапка туулган окшойбуз. Бу жарыкчылыкта ак ниет менен жашайлы деп келген жазыгыбызбы!? Кичине дем ал, анан бул жерден кетебиз” деди баягы бир боо чөптөй саргайган чал. “Каякка?” дегенсиди Төлөмүш. “Чындыкты издебейбизби, чындыкты тапмайынча кайтпайбыз...”

Төлөмүштүн ооруган башы басылып калды...





МОМУН ЧАЛ

Боз кыроо айнек тиштеп, калчылдаган январь терезе түбүн сагалайт. Күүгүм калаа үстүнө билгизбей торун жайып, көз байланды. Кеп токтоду. Кухнянын жарыгын күйгүздүк. Бирок, “ушуну менен сөздү тамам кылалы” деген ой бирибизде болгон жок. Момун чал кайта тамеки жаңылады. Чекпесе туралчудай эмес. Түбүң түшкүр тамеки, чалды биротоло баш ийдирип алган бейм!.. Бапыйган сакалын өрдөгөн көк түтүн жөн кетпей жөтөл чакырып, сөзүбүзгө жолтоо болуп жатпайбы... Кайриет, үзүлгөн сөздүн учун оңой тапты. Бир режиссёрдун, “Асанкул аксакал кээ бирчилеп сценарийди бетине көп кармабайт. Бир-эки сапар окудубу, жетет. Тартылып атканда кагаз көтөрүп соңунан жүгүргөндөргө кылчайбайт” деп эске тутуу жөндөмүнө баа бергени эсибизде. Шаардын бир четинде күн өткөргөн “Ак кемеге” тартылгандан бери көпчүлүккө Момун чал деп таанылган буудай жүз абышка менен аш бышым убакыттан бери бир өмүрдүн баш-аягын иликтейбиз.

Кышкысын көчөдөн сейрегирээк көрүнөт. Болбосо көргөн-бакан жери ушу – биз отурган кухня. Келип-келип суук өзүнө душман чыгып, саар-кеч кухняда корголоп отурары үч уктаса түшүнө кирген эмес. Бирок, карылык үйгө камайт деген сөзгө кулак какпайт. Кайраттуу. Тура элек жатып, күндүн көзүн издейт. Чайыттай ачык күндү көпчүлүк менен, каадасы менен өткөрмөккө көчөгө ашыгат. Жолдун чети менен Орто-Сай багын бойлоп басат. Жаңы фильмге түшүп аткандай карынын жайбаракат басыгына соңуркаган эл о жагынан, бу жагынан салам айтат. Момун чал астейдил алик алат. Көзү чачырайт. Көкүрөгүндө бир ой теминет. “Оо, мынабу калем каш кызды киного имерсе, өзүн-өзү кандай ойноор эле? Бу жылдыздуу уланчы? Шумкардай шартылдап басышын, ыраң-ороюн, ызаатын көргүн! Учуруна жараша ойноп беришет эле. Ишенүү керек. Кээ бир кезде жаштардан жазганып турабыз. “Али камээк, жаштык кылат” деген келеке сөз таптык. Куру шекшүүдөн чечкиндүүлүк мизи мокоп жатпайбы. Биздин эле күлгүн куракты алалычы. Күдөрүбүзгө күмөндөр, мүмкүнчүлүгүбүзгө арасат болгон адамдар кездештиби? Эсимде жок. Далы таптап, илгери үндөгөн мүнүшкөрлөрүбүздү кызартып, жер караттыкпы?

Жок. Кимден кемчилик көрсөк, көзгө сайдык, оңдоштук, кемелине келген ишибиз үчүн алкоо уктук, өзүбүзгө өзүбүз эргүү жараттык. Эмкилерге көбүрөөк үйрөткөндү, жолун жеңилдеткенди туура көрөбүз. Мууздап бергенди жиреген оңой. Айрым жаштардын жеңилге четтеп, ашык атчу кезде алсыздык кылып жатканын ошондон көрүп жүрбөйлү..."

Туш-тушка көз чачырайт. Көкүрөгүндө бир ой теминет. "Бу жигит экранга чыкса, кандай ойноор эле? Бу селкичи? Ойношот эле. Ишенген жакшы!"

Алар жөнүндө, Кыргыз театрынын карлыгачтары жөнүндө убагында ким ойлоптур. Эх, ошо жүгөнү шыпырылган жоргодой кырдан кыр ашып, көзгө илешкен сайын карек нымдап, алыстап бараткан кырчын кез-ов. Атаганат десең, жаштык деген үндөөгө келбей, көктө сызган көгүчкөн экен да, а карылык "күш-күшүңө" кулак какпай, этектен келип жем издеген карга тура... Болбосо ага "жыландай сойлоп моңдогон жаштыгың илгери-кийин эскерүүдө жашайт" десе ишене койбос эле. Сахнада басканда салмагынан тактай кычырап, азоону бир булкуп жыккан жигиттин бакыбат бою бото көз кыздардын карегине сүртүлүп, өнөрүнө алакан ысыганча кол чабышты го.

Кез-кез алыскы Араванда калган күндөрү, пахта жүктөгөн арабада күндөп-түндөп Ошко каттап, газета чыгарып кетип жүргөн жеңил аяк, чамбыл ала кебетеси, кийин Филармонияга кабыл алынып, Токмок, Чүй боорун жөө-жалаңдап, айылма-айыл өнөр көрсөткөн чагы чагылгандай "жарк" этет. "Артист келет" десе үйүлүп, жол күзөткөн, садагасы кетейин көпчүлүктүн ошондогу өнөргө болгон кумарын айтсаң! Куржунга артисттин кийимдерин шыкап, арымы күлүк топ жаштар ушу турган Токмокко эчен каттады. Куржундун томпойгон бөйрөгү көзүнө дүйнө көрүнүп, орто жолдон олжо кылмакка көз кызарткандар да болду. Кындан суурулган кылычтай шартылдаган жаштык-ов, ошондо сенин жолунду бөгөр күч болду бекен!..

Кыларга иши жок Момун чал кыштын кыска күнү да эригет. Эрмеги жаштык доорду бирге сүргөн достору – артисттер Н.Кытаев менен А.Көбөгөнов. Күн алыс телефон чалат. "Ой, тирүүсүңбү? Ой, аюу болуп калдык го үйдөн чыкпай" дешип бири-бирин чымчылашат, жарыктыктар. Орозбек Кутманалиев менен да катышы жакшы. Жолуккан жерде ата-баладай ийин тийиштирип, болочок пландарын болжошот. Эл көзүнөн далдаада экөөнөн ынак киши жок. А көпчүлүктүн көзүнчө азилдешкенин көрүп ал. Казактардын "Тамашасы" жолдо калат.

Момоюп, шашпай басып келаткан Момун чалды алыстан байкаган Орозбек "Ак кемедеги" өкүмдүгүнө салып кычаштык кылат.

Ошондо момун чал эликтей түйүлүп, Орозбекти качырат. "Айланайындар, өзүңөр күбөсүңөр, ушу күлтүйгөн немеден илгерки өчүмдү алып бергиле! Колу-бутун кармап берсеңер болду, кегимди кантип алышты өзүм билем, кана, айланайындар, камагыла!" деп жарданган элди жардамга чакырса, О.Кутманалиев, "О кокуй, бу чалдын шайтаны кармады" деп карсылдап күлүп, чалдын опузасынан айбыккан адам болуп, көпчүлүктү тегерене жогжондоп каракүчкө качып койсо, чалдын көздөрү күлүңдөп, ыраазы болгондой болсо, "айланайын, бала пейил карылык, ий" деп көргөндөрдүн да кумары жазылат.

"Ак кеме" фильминдеги Орозкул менен Момун чалдын карагай сүйрөтүп келатып, эликтерди көргөн жери эсиңизде чыгар, окурман? Ошо жерди тартканда суй жыгылышты. Роль чыкпай койду. Режиссёр Болот Шамшиев, "кайра башынан!" дейт. Орозкул менен Момун келген жолуна түшүп, артка тартат. Кар себелеп, күн суук. Экөөнүн тең үстү-башы жука. Орозкул Момун чалдын көзүн карайт. Кабыргасы кайышат. Өзү бутун тарта албайт, уятынан "күпүлдөп" коподугуна салат. Ичинен: "Жарыктык киши, оозун төө тепсе деле айтпайбы. "Болот балам, мен карыган кишимин, күндүн түрү бул, эртең тура албай калып жүрбөйүн" дебейби. Десе эле зорго турган Орозкул чылбырды таштап, чалдын соңунан жөнөмөк. О андай сөз чыкпай калсын. Кызыл ашыгын кызандатып, кайтып күчөйт, тооба! Жанынан кечип турган Орозкулду дагы көкүтүмүш болот. "Оке, чымырканып бир ойнойлучу, Болотко уят болдук. Оке, мени жек көрчү, бу дүйнөдөгү эң жаман адамыңдай жек көрчү. Сенин жек көрүү сезимиң бизден ишти оңогону турат" дейт. Ийинге арткан өтүгүн оңдоп, алдыга ынтылат. Орозкул ошондо жанталашкан чалды чындап жек көрдү. Ал тургай, жаакка чапты. Момун чал туура айтыптыр. Эпизод ойдогудай чыкты. Кийин өзүбүз да көрбөдүкпү...

Оңутун таап, Момун чалдын "Ак кемедеги" "күйөө баласы" О.Кутманалиевдин пикирине орток болдум.

– Ээ, бир айтасызбы, эки айтасызбы, Асыкем менен "Ак кемеде" бирге ойноп, бир кумардан чыктык бейм. "Ак кемедеги" Момундун ролун көзү тирүү турса, маркум Муратбек Рыскулов ойномок дешип калат, мен а кишинин мыкты ойнооруна күмөнүм жок. Бирок, Чыңгыз Айтматов Момундун образын кагазга түшүрүп жатып, ушу Асыкемдин өзүн көрүп жазгандай туюлат мага. Момундун ролун Асыкем ашыра аткарган десем болот. Анан ичимде жүргөн "арман" бар. Атиң, атамдай болгон кишиге кинодо тил тийгиздим, какыс-кукус кылып, көңүлүн ооруттум. Көрүүчүлөр алдында кыйла "күнөөлүүдөй" көрүнсөм керек. Дагы бир фильмге Асыкем менен жанаша түшүп, колуман келген жакшылыгымды багыштап, "күнөөмдү" жеңилдетсем-

би деп жүрдүм эле. Ондой берип, “Тынчы жок ак куулар” атуу өзбек фильмине экөөбүз бирдей чакырылып калдык. Мына, мына тартыла-быз деп турганда сакалым кылгылыкты кылды. Көп нерседен кечип, атайлап өстүрүп жүргөм. Режиссёр “сакалыңызды алдырыңыз” деп чыкты. Мен да көгөрдүм. “Башка фильмде чоң ролум бар эле, атайлап өстүрүп аттым эле” дейм. Сөзүм арык аттап, суу кечпегенден кийин четке чыга бердим. Айла канча сакалдын чатагы Асыкем экөөбүз-дүн жолубузду бөлүп кетти. Азыр десе азыр, кайсы фильмде болсо ошо фильмде кошо ойноого куштармын. Буйруса, ал учур деле алыс эместир. Асыкемдин бир кунунда жүргөн айкөлдүгү, адамгерчилиги ыраазы кылат. Ушуга чейин бирөөгө өйдө карап, “сен” деп сүйлөбө-гөн (бир жолу гана “Ак кемеде” мени “айбан экенсиң!” деди), бирөөгө кылдай кара санабаган байсалдуу киши. Үйгө келип калса, балдарым туш-туштан жабылып, бура бастырышпайт. Баланын тилин билсе, ушу Асыкем билсин. Кинодобу, турмуштабы адамдын жан дүйнөсүн алаканга салгандай көрүп турат, – деди О.Кутманалиев.

Кептин ырасы, “Ак кемеге” тартылуу оюна да келген эмес. Жа-ңы-Жолдо гастролдо жүргөн. Анда Нарын музыкалуу драма театрын-да иштейт. “Сынап көрөлү, келиңиз” деп телеграмма салышыптыр. Сыноого тартуу “Кыргызфильмдин” короосунда жүрүп жаткан экен. Бир топ балдарды чалдын алдына сүрүп келип: “жактырган балаңыз менен ойнойсуз” дешти. Момун чал көздөрү балбылдаган, кетик тиш Нургазынын бешенесинен сылады. “Кана, жетелеп басыңыз!” деди режиссёр. Момун чал Нургазыны колдон алып, режиссёр көрсөткөн-дөй короонун түпкүрүн көздөй басты. Каап, ошондогу эки момундун, эки түгөйдүн жетелешип басканын көпчүлүк экрандан көргөндөбү... Ошондо Момун чал жамандыкты алдын-ала билгендей баланы топ балдардан бөлүп алып, алыс жаккадыр качып кетчүдөй көрүнгөн. “Жетишет! Артка кайткыла!” деп кыйкырган режиссёр жетелешкен чал менен балага. Ошондо алардын артынан кыйылып жатып кай-рылганын экрандан көргөнүңүздөрдө барбы...

Момун чал менен телеграмма Жаңы-Жолго кубалашып келди. Анда “Сиз “Ак кеме” фильминдеги Момундун ролуна бекидиңиз, куттуктайбыз!” деп жазылыптыр. Көрсө, момун чалды ийгиликтүү ойногон ролу менен алдын-ала эле куттуктап коюшкан экен.

Макаланын башында берген убадабыздан тайбаса да, Момун чал-дын кийинки тартылган фильмдери жөнүндө ооз ачпай кетүү жара-бас. Мурдагы жылы “Айбектин жаштыгы” аттуу өзбек фильми колу-нан көөрү төгүлгөн темир уста – Айбектин атасынын ролунда, өткөн жылы “Сокур чал” деген өзбек фильминде Фергана каналын казууга көпчүлүктү ээрчиткен, көзү көр, бирок көкүрөгү тунук карынын ро-

лунда ойноду. А кирди-чыкты ролдор туурасында кеп козгогонду ба-шынан жактырбайт.

– Андан көрө, “жаман айтпай жакшы жок” дейт. Көкүрөк өйүгөн кептерим бар, ошого кулак түр, – деди Момун чал, – жөндөмдүү жаш артисттер оюндун башкы ролдоруна дайындалып жатат. Бул жакшы. Жаш кезден сыналсын, сын уксун, мейли, алкоо аз болсун. Бирок, аз болсун десе эле “эрте мактаганда майып кылып алабыз деп оозду куу чөп менен аарчыган да болбойт. Андайлар жок эмес, арабызда эле жүрөт. Көрүп турат, жаш артист ролун мыкты ойноду. Бирок, оозуна талкан куюп алгансып, үндөбөйт. “Үндөбөсөң үйдөй балээден куту-ласың” дегени туш келген пикирге баш ийкеп, карманган сөзү жок, жылма жорук бүгүнкү күндө эң коркунучтуу. Көргөнүңдү көргөндөй бетке айткан учурда тигинтип жакшыны көзүнүн агы менен караган ичи тардык ылайым эле, өзүнөн ашпасын...

Жаштар ойногон ар бир роль жөнүндө учурунда айтылган сын пикирди мезгил өткөрүп, кечиктирип айткан мактоого садага чап-пайм. Ошол эле учурда жаш артисттердин кээ бирине жалгыздап айт-чу каалоо менден да табылат. Карап турсаң, карылык башынан өтпөй тургандай көрүнүшөт. Канчалык кыйынсынба, карылыктан качып кутула албайсың... “Карыганда төрүндө отурбайбы, роль аткарып не кылат...” деген көз карашты сезип калабыз. Мейли жаштар ойно-сун, алардын ырыскысын талашчу биз бекен?.. Бирок, “бир кабаттан экинчи кабатка он мүнөттө чыгат, аягы оорлошуп калды” деп биз-ди күнөөлөшкө болобу? Кичинеңден кичи пейил болсоң, карыганда урмат көрөсүң дептир. Ар бир коллективдин куттуу карысы болгону жакшы. Көрүп жүрөбүз, ээгине сакал чаптап, чоң атамдай сүйлөмүш болуп, таяк таянган карыянын караанын окшоштурган жаштарды. Оту өчкөн коломтодой көкүрөктөн чыккан сөз кимдин көңүлүн эр-гитсин... Кеп жашка-жаштай, карыга-карыдай роль бөлүштүрүүдө...

Момун чалга телефон чалышат. Окуучулар, студенттер, жумушчу-лар жолугушууга чакырат. Чолоосу тийсе, бирине да жок дебейт. Бар-ган жеринде, “Кандай адам бактылуу?” деген суроону көп беришет. Элин сүйгөн, жерин сүйгөн – бактылуу, ишин сүйгөн бактылуу, – деп кеп баштайт Момун чал. – Көрдүңүздөрбү-жокпу, өгүнү телевизор-дон бир профессор чалды көрсөтүштү. Башы агала. Өзү жүз үчкө чы-гыптыр. Эңкейип, адеп бир нерсе жазып атат. Башын көтөрүп, дагы күлүп коёт. Эми ошо чал жүз үчтө экен. Ден соолугу жакшы экен, бели бекчейсе да сүйгөн иши бар экен. Мына бактылуумун десе ошол адамга жарашат. Ичкен ашы, кийиген кийими менен өзүн бактылуу сезген, күн чыккандан батканга чейин ээн орундукта тизилип, кылар-га жумуш жоксунуп, күнгө кактанган балдар өздөрүн бактылуу сезет.

Алар үчүн бакыт маңдай терде эмес, бакыт – ата-эненин чөнтөгүндө. Кары кадырын сыйлабагандар ата-энесинен караанын жашырып, кат-кабарсыз жүргөндөр, ичкиликке баш-оту менен берилип, нашаа жытына жипсиз байлангандар каяктан чыгып жатат?

Жар күтүүдө жеңил ойлуулукка баргандар, кыз адебин эрте аттагандар кайдан чыгып жатат? Күнөөнү чөнтөгү калың, "айтканың айткан, уулум", "дегениң деген, кызым!" деген ашык дүйнөсүн чачаарга айла таппай" мартчылык илдетине белчесинен баткан ата-энелердин өздөрүнөн издеп жүрбөйлү... Айылдар аңгырап бош калууда. Эмне үчүн мектепти бүтүргөн улан-кыздар тууган жерине, айылына байыр албай калаага качып жатат? Аларда тууган жерге болгон сезим ойгонду бекен? Эмне үчүн азоону алыс жактан агытсаң, кошкуруп, кыштоосун таап келет? Кулун кезинен оюн салган, тулаңын кертип, суусун шимирген, кең жайыгы көзүнөн учуп, желдей сызган жаныбарча жокпузбу?.. Бүтүрүү кечелеринде "малчы болосуң" дешип, улан-кыздарга койчунун таягын салтанат менен тапшырып жүрүшөт. Мал багам деген максат түпкүрүндө тамыр байласа, киндик кан тамган жердин ээси болуу сезими көкүрөктө бүчүрлөбөсө о бекер убарагерчилик. Кооз сүйлөп, таяк сунган мугалимдер он жыл бою ошо сезимди көктөтүүгө жетиштиби, кеп ошондо, – деди биздин чал.

Кайта тамеки жаңыртты. Айнекке кадалып, шаардын миң сан отторун эми көргөнсүйт, а мен оюн бузбай көз кыйыгым менен саалаасындагы көк түтүнү шыпты ыштаган тамекини жатыркай тиктейм. Балким, ушул саам күлгүн курагын эстедиби, бир жүрүп, эл алдында өнөр сынаган Шаршен, Осмонкул, Саякбай, Атай, Муса, Чалагыз, Ыбрай Туманов өңдүү не бир асылзаада адамдардын аваздуу доошун эшиттиби, балким...

Чайыттай ачык күндөрү да терезеге басып келип, таза абасын шаарды көздөй желпиген тоолорду ушинтип, далайга тиктейт. Айылды эстейт. Эстеген менен көкүрөктөгү кусалык бөксөрөр беле?.. Дөбө этегинде кеп эрмектеген карылардын үркөрдөй тобу көзүнөн учат, ошолордун катарында айылдын той-тамашасына катышып, көкбөрү тарткан жигиттердин ай-талааны жаңырткан айбатына, алтын туяктын дүбүртүнө моокум кандыргысы, бу дүйнөнү унутуп, жыландай соймоңдогон жаштыгына жолуккусу келет, төрдө олтуруп, тойдон тийген жилигин колго суу куйган, кызмат кылган ызааттуу балдарга узаткысы келет... Эх, кыял чиркин карыбайт деген ырас экен го!..

Айылга барбайт деп айта элекпиз. Барат. Кыш түштү минтип, колу-буту буулат. Жайы-күзү үй бетин көрбөйт. Кинонун иши бир күндүк жумуш болсо экен. Жазда кетсе, жайда келет. Кинонун аркасы менен айылдарда болот. Өзү куректуу абышкалар менен каалашынча сүйлөшүп, чер жазбайбы дейсиз го. Өзүнөн сурабадыкпы, өз оозунан

укпадыкпы. "Айланайын, өз айылыңдын суусу да башка даам берет, түтүнү да башкача жыттанат экен" дебедиби Момун чал.

– Биздин айыл менен шаардын ортосу бир кулач. Ушу турган Сокулукту ким алыс дейт. Ай өткөзүп, жыл өткөзүп барам. Садагасы кетейин, айылдын пейили кенен го, кайсыл бирине таарынат... Абышкалары тың. Жерге жарык кире электе карын күрөп, малын чыгарып жүрөт. Учурашсаң, тарашадай колу колуңду капшыра кысып: "оо шаардык, кел, айылды сагындыңбы?" дейт. "Силерди сагындым!" дейм. Көрүп, көңүлүм тоёт, дарманыма-дарман кошулат. Кийинки учурда айыл түшүмө кирчү болду. Маңдайында эмгектеген наристесине жал-жал карап, жылдыздуу келин камыр жууруп отурат... – Момун чал борсулдап күлдү да, кокустан эле:

– "Өзүң кайсыл айылдан болосуң? – деп биринчи ирээт менден кеп сурады. Өзүм да айылды эстеп отурган элем.

– Атаң барбы? – Учурашып калсаң колуңду коё бербей, көзүңдөн от издеген элеттик карылардай жайдары сурады.

– Бар эле, өткөн күздө ааламдан өттү.

– А жаннаты болгур. Канчада эле?

– Сексен алтыда деп койдук.

– Пайгамбар жашы... Жакшылыкка шерик жүргөн, ниети калыс пенде турбайбы.

Экөө бири-бирине куюп койгондой окшош эле. Сүрөтүн карасаңыз! Бою-сыны, пакизалиги, бапыйган сакалы, бакырайган ишенчээк көздөрү. Атам шаарга көп келчү. Үйгө жалгыз камалып, кечкурун туш-туштан иштен кайтсак, эриккенин жашырбай, "бу тегерегиңде узун күндү кыскартып, кеп эрмектешээр кары-картаң жокпу?.." дечү. "Бу жерди шаар дейт. Бирөө менен бирөөнүн иши болбойт. Бекерчи адам да көрбөйбүз" десек, ээн-эркин басып көнгөн кары, "ар журтун куттуу адамы болот, кантип эле жок болсун" деген. Көрсө, атам шаардан өзүнө сырдаш ашына күсөгөн тура. Атаганат, ушу шаарда эле, терезеси түштүктү караган кабат үйдө Момун чал деген сырдана адам жашаарын мурдараак билсем гана! Табыштырып коймок экем. Эртели-кеч эликтин кош мүйүзүндөй көргөн көздү сүйүндүрүп, калаабыздын бир четинде эки кары ээрчишип жүрмөк экен!..

* * *

Макала жазылса, жарык көрсө Момун чалга өз колум менен жеткирем деген убадам бар. Адатынча "кел, күлүгүм" деп, каалгасын өзү ачаар. Зыпылдап өтүп жаткан күлүк курагымды ошондо да бир сезээрмин, селт этээрмин...



ЧЫМЧЫКТАР СЫРЫ...

Ээ-эй, эгиздеп жүгүң жыйгансың,
Биз элиңе келген мейманбыз.
Ээ-эй, эсиң бар болсо сыйлаарсың,
Элиңден биз а кеткенде
Эскерип бизди ыйлаарсың...
Ээ-эй, кабаттап жүгүң жыйгансың,
Биз калкыңа келген мейманбыз.
Ээ-эй, кадырым болсо сыйлаарсың,
Калкыңдан биз а кеткенде,
Капалык тартып ыйлаарсың...
(Элдик ырдан)

Көкус шаардын бир жеринен ак сакалдуу карыя көрсөм, качандыр бир түшүрүп койгон кымбат буюмумду таап алгандай кубанам. Табышмактуу карылык ээ-й! Алыскы айылдарда жашашат. Калаага сейрек катташат. “Жаштарга карылыкты эстетип, көңүлүнө ташпиш илбейли” дешеби... Кылым карыткан өңүндө тарыхтын тагы бар, ак сакалы жакшылыктын символу. Жашын сурап билбесең, жетимиштегиси менен сексендегисинин айрымасы жок. Жашын кемитип айтканды жакшы көрөт, жарыктыктар! Жашырса деле бирин-серинде арабыздан кетип жатышат. .. Өмүр чиймелеген ырай-ороюн көргөн жерде согуш жыккан курбуларын эстейм. Алар мынабу баткан күндү карегине чөгөрүп, кутман тандан күдөрүн үзбөй кыбыраган курбуларын он сегизинде, он тогузунда таштап кетишти. Көбү бото көздүү селкини белинен имерип, жаманлынан өбө электе, перзент жыты, небере жыты эмне экенин сезе электе, бир берилген өмүрдүн баасын биле электе, аны Ата Журт үчүн шарт кыйып кет беришти-ов!

Кайрымдуулуктун үрөнү канткенде өнөт, ага ким үндөйт, ага ким үйрөтөт? Бармактайымдан атамдын этегине илээшип, Оштун базарында чоңойдум. Ал кезде автовокзал менен базарды кошкон өткөөл жолдун боюнда кайыр-садака сураган көзү көр, үстү самтырак кары кереэли-кечке тикесинен турар эле, кээде анын жанында майда балдарын тизип, мурду шиштей лөлү кемпир (азыр өткөөл жол бар, ары-бери эл өтөт, а кайырчылар калбады) отурчу. Базарга кетпаратып, өткөөлгө жакындаганда атам адатынча чөнтөгүн аңтарып, сары чакасынан мага да карматчу, "булардын кайыр-садагасын берип жүр, бей бечараларга кайрымдуу бол, ошондо узарасың" дечү. Атамдан кийин бутумдун учуна тура калып карынын калтыраган алаканына сары чакаларды таштасам, "ылайым, балдарыңдын күнүн көр, азиз пендем" деп дуба кылчу. Чоңдорго айтчу тилегин балдарга да багыштай берчү, жарыктык... Кийин жалгыз өтүп жүргөнүмдө да, жаш балалуу лөлү кемпирге, көзү көр чалга деп жаныман тыйын караштырып жүрдүм. Шүгүрчүлүк, кайырчылар азыр жок, бирок адамдардын көмөгүнө, жакшылыкка, жылуу сөзүнө муктаж, башына түшкөн жалгыздыктан бели ийилген кары-картаң табылат. Алардын башындагы кайгы-мунун тең бөлүшүү же мүшкүлүн жеңилдетүүгө умтулганыбыз – бул өзүбүздөгү кайрымдуулукту, боорукердикти, жапакечтик асыл сапаттарыбызды асыраганыбыз, бирөөгө деген жакшылыгыбыздын көөрүгүн өчүрбөй, кайра алоолонтконубуз! Жашоо бизге белекке берилет. А биз ал белекти башкалар менен бөлүшүп, акыбетин кайтарып берет окшойбуз...

Сөз чынынан бузулбайт. Көбүбүздүн капарыбызга келбеген, жан дүйнөбүздө таңкыстыкка учурап бараткан кайрымдуулук касиети жөнүндө сөз козголуп калганынан улам, бассам-турсам жадымдан чыкпаган, жакында эле күбө болгон жетим тагдыр жөнүндө сиздер менен (мүмкүн андай адамдарды сиздер деле көрүп-билип жүргөн чыгарсыздар) бөлүшкүм келди.

...Аны саар менен көрдүк. Коридордо жатыптыр. Шыпааканага (өзбек агайиндер ооруканаңы ушинтип аташат) түндөсү алып келишкен окшойт. Эми палатадан бирөө-жарым чыкмайынча, коридорду кайтарып жата берет. Керебетин балыктар сүзүп жүргөн айнек идиш-

ке жакын коюп беришиптир. Уйкусураган көзү кызарат. Пристубу кайта-кайта шаштысын алып, суйдаң чачын таза уйпалаптыр. Бутун керебетинен салаңдатып, жаш баладай отурат. Оорулуулардын адаты, бетин жууй элек балыктарды тегеректеп, өздөрүнчө эле толкуну жээгине чабылган албуут деңиздин боюнда турушкансып жарым саат болсо да, дары аркасынан дары ичип, укол сайдырарын, врачтардын маңдайында белине чейин жылаңачтанып күндө айтып, көңүлүнө көк таштай тийген кесел кантип калганын кайта башынан түшүп, бечара үнү менен божурашаарын унутуп калышат. Шыпааканада балык салган көлмөлөрдү көбөйтүшсө... Үч кабаттуу имаратта, үч жүздөй оорулууларга бармактай, бармактай үч балык... Бири алтын балык. Желбиреген куйругуна алтын жалаткандай караган сайын миң кубулжуйт. Экөө каралжым. Чечекейдей ооздору көбүк чертип, алтын балык жөнүндө тынбай "ушак айтышып" ал ылдый түшсө, экөө жогору качып, макулук болуп туруп кыл келишпейт, тооба... Бир ордунда бугуп калса, үйүлүп турган оорулуулар буулугуп, дароо "терезесин" черткилешет. Аларга тынбай эле сүзүп турса.

Коридордо жаткан абышканы тамакка ээрчитип алып жүрдүк. Башы калчылдайт. Оорунун кылбаганы барбы. Кем сөз экен. Тамак берген аял аты-жөнүн сурады эле, "Ярмухамедов" деди. Үнү зорго эле чыгат. Чекелеп жүрдү. Качан болсо, керебетинде балыктарды тиктеп отурат. Палатадан орун бошоп эле жатты, эмнегедир чал көп күн бою балыктар менен кошо жатып, кошо туруп жүрдү. Оорулуулар үйүлүп балыктарды көрүп жатышканда, бер жактан караганга чалдын сатканы алып чыккан балыктарын кардарлар соодалап жаткандай көрүнчү. Бир күнү ойгонсок, пол жууган аял коридорду башына кийип, адеп бирөөнү шалдап каргап жатыптыр. Чыксак, пол сүргөн таягын балык кайтарган чалдын көзүнө кезеп алыптыр: "Дагы нандын ушагы, эмне болот эле, нандан ууланган жанды көрө элекпиз" деп коёт, бул байкуш! Эмне болорду, мына биз билебиз. Булардын кардын ойлогондон көрө, өзүңдүн кара курсагыңды тойгузчу!" Ярмухамедов жасалма көлмөнү көлдүн терең түбү деп сүзүп жүргөн балыктарды тиктеп үндөбөйт. Көлмөнүн бетинен калкып жүргөн нандын ушактарын көрдүм... Бир медсестрадан уктум. "Бул чал жылда жатат бизде.

Жалгыз жашайт. Бир баласы бар. Казань тарапта деп жүрүшөт. Анан өзү дагы үмүтүн үзүп койгон болуш керек. Өпкөсүндө согуш тепчиген бармактай осколкасы бар. Медалы бар, тагып жүрчү. Операцияны көтөрө албайт. Кийинки учурда пристубу көп кармачу болду. Үйүндө кубулжуп сайраган кооз чымчыктары бар имиш. Бир жолу пристубу кармап, бечара телефонго зорго жетет. Дежурный врач жетип, укол салып жанын алып калат. Ошол айтат, жалгыз бөлмөсүнүн төрүндө эки капаста сайраганын тыңшап эле отурчу чымчыктарды көрүптүр. "Тез жардам менен ооруканага алып кетебиз, камыныңыз" дешип калат чалды. Себеби, уколдун күчү кетсе, кайтып кармашы мүмкүн да. Врач ошентсе, бул чал:"Чымчыктарды карай турган киши жок. Кетип калсам, ачкадан өлүшөт" деген имиш. Өзүн ажал тооруп турганы менен иши жок, чымчыктардын дардин ойлогонун. "Таң атса чымчыктарды зоодүкөнгө өткөзүп, больницага өзүм өтүп барам" дептир. Ынабагандан кийин "отказ бердим" дедиртип кол койдуртуп, "өз убалың өзүңө деп" барган врач баса берет. Карасаңыз, үч-төрт сомдук чымчык экен. Көзү кыйбай, өзүнүн өлүмүнө өзү кол коюп берип отурбайбы! Адамдарды караңыз, чыгат экен да бирөө-жарым..."

Ошо медсестранын сөзүнөн кийин чалдын "кызматын" кылып калдым. Аяк-быякка басса колтуктап алам, стаканына бүлдүркөндүн кыямынан салып, ысык чай куюп коём. Шыпааканада убакыттын өткөнүн дары ичкенде билесиң...

Экөөбүз балыктарды тиктеп олтурганбыз. Коридордон бирөө эле, "Ярмухамедов ким?! Ылдый түшсүн, киши келиптир!" – деп калды. Чал ишенген жок. Элеңдеп калды. Бирөө келет деп үмүт кылбаса керек, бечара. Карасам көздөрү чоңоё түшүптүр. Сүйүнчү сурагансып, "сизге бирөө келиптир!" – деп жибердим... Кыбыраса да, коридор менен күндөгүсүнөн ылдам басып кетти. Мага мындай сезилди, күндө тиктешип отурган алтын балык анын көкүрөгүндөгүнү туюп алакывалын сурatканы адам жибергендей сезилди. "Ким келди экен, Казандагы уулубу?" Атасын ушул акывалга жеткирген дейди баласын көргүм келди. Чалга экинчи кабаттан жолуктум. Көкүрөгүн мыкчып, эриндери жакындап келаткан приступтан көгөрүп, чайпалып үчүнчү кабатка зорго чыгып келатыптыр. Көздөрүнөн жаш мөлт-мөлт...

Туптунук, жаш баланыкындай, таарынычтан, кусалыктан, ызалыктан сыгылган жаш! Аба жетпей барат, а көз жаш болсо кирпик ирмелбесе деле мөлт, мөлт... Колтуктап калдым. Шыбырап атат: "Эмне билгениң бар?! Тагдыр, мени менен эмнеге мынча ойнойсуң?! Ушунчалыгы да аздык кылып жатабы?! Жалгыз бирөөдөн үмүтүм бар эле..." Көрсө, ошол күнү биздин кабатка «Ярмухамедова» деген аялды жаткырышыптыр. Ошого келгендер экен. Тиги чала угуп...

Бир күнү тура элек жатсам, бир боо чөптөй болгон арык дунган, (тамакка барчу эмес, аялы бечара күндө үч маал тамак жеткирет) "балыкчы чалдын алтын балыгы өлүп калыптыр" деп сүйүнчүлөдү. О-бу болуп кийинип чыксам, керебети бош. Жүрөгүм шуу дей түштү. Айнек идиштин түбүндө, куйругун сылап-сыйпап жүрчү таштардын арасында алтын балык капталынан жатат. Пол жууган кемпирден чалды сурасам, "балыктын кайгайын тартып эшикте жүрөт" деди. Келгенинен быякка бир жолу да сыртка чыга элек болчу...

Палатага киргизишери менен (өзү макулдугун бербей жүргөн ок-шойт) төшөк тартып жатып калды. Күндө асма укол алат. Эрмек болом деп жанындамын. "Жакында жаз келет. Куштар келет",-десем ал башын чайкайт. "Жо-ок, бүттү. Жазды тосуп бүттүм, балам...". Бирөө мени чымчып алгандай болот. Көзү баарын туюп, акылдуу көздөрү "мени алдагың келет ээ, мен сезип атам, жакын калды..." дегенсийт. Кеч кирип бараткан. "Түзөлүп чыксаңыз, капаска кооз чымчыктардан салып, алпарам". Биринчи жолу жүзү-башы жыйрылып кесел кемирген адамдын жылмайганы да жылмайганга окшобойт экен. "Чымчык... Кайсынысынан?.." Ык туттум. Аттарын билбейт экем. Чал болсо, жаш баладай ишенип турат. Жортеки айткандай осол болдум. "Чымчыктар... Бир туугандарым... Далай жыл мага караан болушту. Алар жашоонун сырын билишет... Жакшылык дегенди билишет" – деди ветеран.

Ошондон эки күндөн кийин палатасына баш баксам, чалдын төшөгүндө төшүнө эчкинин постегин каптап койгондой түктүү капкадык "Ак-Сууну" бөтөлкөсүнүн оозунан ичип отуруптур.

– Чалды чыгарыштыбы? – деп сурадым.

– Ночью старика, совсем на тот свет выписали,-деди. Ал мени колундагы менен атып ургандай болду. Карасам, чалдын аны-мунусу салынган суу баштык тумбочкасынын үстүндө турат. Арасында мойнунда илинип жүрчү үйүнүн ачкычы да жүрөт. Көңүлүм зыркырап шыпаакананын тоңуп калган багын аралап басып жүрдүм. Кар кыламыктап турду. Темир тосмонун ары жагында тириликтин ыбырсыган калбасы кубалаган, кабагы ачылбаган адамдар бири-бири менен иши жок, чала бүткөн жумушунун (ал иши бүтсө, дагы бири даяр да) аркасынан шашып, бирин-бири кууп өтөт. Алардын жолун торогум, токтоткум келди. “О адамдар, мынча каякка шаштыңар!? Бүгүн менин жүрөгүм ооруп турат! Бүгүн биз жакшылыктуу, эң кайрымдуу, кымбат адамыбызды жоготтук! Ал биздин арабызда эле жалгыз, жапжалгыз жашаптыр!!! Аны кантип билбей калдык?!!”


Паранданы адамдардан жакын санап, караан тутуп, алтын балыктын кайгайын (өпкөсүндө жүргөн осколкасынан болсо да) көтөрө албай каза болгон тепкедей чалды ойлоп, көзүмө ысык жаш тегеренди...

...Түндөсү деми токтоптур. Ажалга жеңдирип акылы элдир-селдир кагып, ысык жан денесин коё берээрде жанында күйгөн бирөөнүн сызылып ыйлап олтурганын көксөгөндүр эй! Акыркы деминдеги аманат керээзин, жок жегенде “Жашоого миң каала шүгүр, энчимдеги өмүрүмдү эл катары жашап өттүм, ыраазымын”, – деген акыреттик сөзүн угар адам жанында болбоптур да! Аттиң ай, адам өмүрү шундай дагы кичине, шундай дагы кыска болорбу?!.

... Үшкүргөнүбүз жакшы, бекерден-бекер эле үшкүрө бербейбиз да... Тилекке каршы, үшкүрүп коюп, отун базасынан таш көмүр, аэропорттон билет, мейманканадан орун алалбай, айылдык Советтин алакандай кагазы болгону менен, шифер, курулуш материалдары колуна тийбей канчага чейин “атаңа бар, энеңе бар” деп кары адамдарды какшатып жүгүртөбүз! Кечээ эле алар (бизге окшоп, карылык капарына да келбеген) бүгүнкү бейкут тынчтыгыбыз үчүн өмүрүн аманы, коллективинин сыймыгы эмес беле?! Пенсияга узатып жатып дага чаап жибергенден кайра тартпаган эр-азамат, журтунун кадыралларга: “биз турганда эч нерседен кам жебеңиз” дебедик беле?!.

Биз, журналисттер, жазуучу-публицисттер, көл, жаңгак токою, пахта, жайыт маселесине келгенде жарышка түшкөндөй жазып, ал үчүн отко болсо отко, чокко болсо чокко бой таштагыбыз келет. Ошол глобал темаларды көтөргөндөрдүн калеминен үргүлсө болот. Бирок, жер үстүндө катарыбыздан калбай, кылдыратып оокат өткөргөн кары адамдардын ташпиши, тагдыры, жалгыздыгы, жаштарыбызга күлазык болуучу кайрымдуулугун, жакшылыгын жазууну да жадыбыздан чыгарбасак. Алар биздин беш күндүк мейманыбыз!..





ЖӨӨ ТУМАН

Аэропорт... Кечээ кечкурун себелей баштаган жаан уча албай күтүү залында түнөгөн жүргүнчүлөр ойгонгондо карга айланып, жердин бетин кыйла агартып коюптур. Таң азандап автобуста, жеңил машинада килейген түйүн, жалпак чемодандарын көтөрүп, убап-чубап келип жаткан көпчүлүк чакан аэропортту каптап кетти. Бут коёрго жер жок. Жарым күн самолёт учпаса ушу экен да. Залга батпай тамекисин түтөтүп, суу карды чылпылдатып сыртта басып жүргөндөр толуп атат. Утуркусу утуру учуп кетип турганда го... Эми минтип бир эмес, беш самолёт бир учса да жыйналган элдин чети оюлгудай эмес. Пахта талаасын таманына баскан жөө туман учуу тилкесин аттап, үргүлөгөн "ЯКтарды" аралап, аэропорттун босогосуна чейин "шимшип" жүрдү.

Жол азабына бышкан жүргүнчү мындайда эмне кылышты билет. Озунуп, жумшактап орун ээлейт да, бутун кенен сунуп же түйүн оозун чечип өзөк жалгайт, болбосо маал-маал рейс, саатын тактамака билетин сууруп, онусу менен ти касса оозун кайтаргандардан өзүн жолдуу сезет. Беш кол тең эмес экен да...

Ошол жерде көпчүлүктүн катарына кыпчылып, түшүп калбады бекен дейби, анда-санда кемселинин коюн чөнтөгүнө каткан көк кашка билетин сыртынан кармалап, кыргыйдай болуп, биздин каарманыбыз – Аккыз кемпир отурат. Жанына чоң түйүн менен чети кешteленген кызыл макмал жабуусу бар кооз бешикти коюп алган. Өткөн-кеткендин көзү бешиктен өтөт. Бешик көтөргөн кемпирди күндө эле аэропорттон учуратып жүрүшүппү?.. Дагы отурарга орун жетпей жатса, бешигин орундукка узунунан коюп алыптыр. Кайриет, "эне, бешигиңизди жер деле көтөрөт, аягым талып, өзүмдү коёрго жер таппайм, батышып отурсак" деп бирөө-жарым да басып келген жок. А бешикти жерге алып коюш кемпирдин оюна келбеди...

Тогуз-он жашар чамасында секелек кыз Аккыз кемпирдин сол тизесин басып отурат. Көргөн адам небереси деши мүмкүн. Жок, ал карынын жээнинин кызы. Жээни дагы Кудайдын бир момуну эй...

Атасын тартып, мунусу дагы кеп-сөзгө чоркок. Киши-кара көрбөгөнсүп, кирген-чыккандын оозун карайт. Болбосо, жарыянын утуркусун утуру "андай деп айтты, эне", "мындай деп айтты" деп ушу Жийде эле данектей болуп, тыкылдап турса, Аккыз кемпирдин жака-белин-дегилерге мынчалык какылдап, күнү түшпөс эле. Болор бала бармактайынан дептир го...

Копшолуп, өйдө турган жүргүнчүнү Аккыз кемпир этектен алды. "Каякка?!" Тегереги күлүп калды. Кемпирдин камтамасынан көбү кабардар болчу. Саартан бери сураша берип, ким каерлик, ким каякка барат, жатка билип алышкан. Уюган бутун жазганы турган, өзүн Кара-Суунун Булак-Башысынан болом деп таанышырган сары плащчан, кодогой киши турган жеринде каткырды.

– Ой, коркпоң, каякка барат элем! Же мага атап бирөө самолёт саздап туруппу? Оо-о, жүда ушар кампир окшойсуз. Мындай болсоңуз, чалыңызды бура бастырбайсыз го. О киши сизге кантип түтүп жүрөт?..

– Учканы жөнөгөн экен деп эргешпедимби, курган жаным. Башым тегеренип калды. Имаратты башына кийип, заңкылдап бири бирди айтат, ого түшүнбөсөм. Бирдекиде мындай жерде болбосок. Силерге табылбай калды, күлкүгө айландырып. Кошкурбагыла, карысаңар көрөт элем... – Жийденин энеси оюн-чынын аралаштырды. Кодогой эңкейип, жыландын терисин алып, каптап койгондой килейген торомдо коонду орундуктун алдына тоголотуп киргизди да:

– Бүгүн учуш калды, чоң эне. Андан көрө күндүн ачылышын тилеп, мынабу биздин жүктү дагы караганча отуруң, – деди да өзү "тааныш-паанышымды учуратып каламбы" дегенсип, тегерегине элең деп, сыртка басты.

– Ботом, ушерде түнөйт окшойбуз бүгүн?! – Аккыз кемпир чоочумуш болду.

– Түндө жүдөп-какап балдарым менен ушерде жаттык. Анан каякка барам? Же Ошто эшигин кагар адамың болбосо. – Көзүнүн алдында жөргөмүштөй калы бар, баласын эмизип отурган келин кеп жаңыртты. – О "Алайдан" болсо, нечак үмүт үзгөнбүз. Жөө тургай аттууга орун жок, а жерде. Бүгүн учуп кеткей элек, кечигишин кечиктик...

– Зарылда күн жаныбар да кычап, "өнөр көрсөтүп" калат, – деп койду Аккыз кемпир. Жийде болсо аңкайган боюнча келиндин тизесине башын коюп үч бүктөлүп уктап калган баладан көз айырбай, кыялында аны жанындагы бош бешикке бөлөп, терметкиси келет.

– Күйөөм бизди кечээги күнгө чакырткан. Таза кечиктик. Жолуктурар бекен же жаш балдарым менен орто жолдо убара боломбу? Артсармын. – Кыжаалат ой келиндин буудай жүзүнө желе болуп сүзүп чыкты. Бирок, адамды өзүнө тарткан сулуу көздөрү бажырайып бир кунунда.

– Бала-чакасын быякка таштап, күйөөң аякта имне иш кылат? – Аккыз кемпир самолёттун кайгайын унутуп калды. Ушул саат ал үчүн бирин көкүрөгүнө кысып, бир уулун тизесине уктатып отурган келиндин тагдырынан өткөн көйгөйлүү иш жок эле. Баятан бери канча адам менен сүйлөштү, бирок шу келинди түзүк андабаптыр, бир ооз ал-жайын сурабаптыр. Өзүн осол сезди.

– Иши аркасында калсын. Кунап[1] кылып бүттү. Бирөөнүн бойго жеткен кызын зордуктап коюп, кесилип кетти. Жыл айлана элек. Кудайдын куттуу күнү кат салат. Түсүн көргүм жок.

– Ии, кат салат да бечара. Болгон дүйнөсү силер болсоңор, – Аккыз кемпир келиндин жеме-жукасына кошулгусу келбеди. "Кичине бежай ооз бейм" деп калды ичинен.

– "Жолугушууга уруксат алдым, паланча числодо бери чыга бергиле" деп кабар жибериптир. Жакындары менен алты айда бир жолугуштуруп турат имиш го. Иши кылып, ички дартын таза жазыптыр. "Балдарды бир көрсөтүп кет, сагындым" дептир, балдардан садага кеткир! Көөп, өзүнө-өзү ээ боло албай жүргөндө балдарынын барыжогу менен иши болчу эмес. Эми көргүлүктү көргөндө акыл-эсине кирип, бала деген имне, үй-бүлө, алган жар деген имне кадырына жеткенсип, көкүрөгүн какшытып жазыптыр. Түтпөйт экенсиң...

– Ананчы, кыйла жыл бирге туруп, бирге оокат кылсаңар...

Келин эмчек эмген баласын көчүккө чаап-чаап койду. – Тиштебей эле эме бербейби, өлүгүңдү!..

Этегинде жаткан бала чоочуп ойгонду. Козунукундай көздөрүн пар-пар ачып, каякта отурганын билгиси келип, аяк-буягын карап, эстеди.

– Бу кемырыстар ошо суу сийдик атасын көрүп, кумардан чыгышсын. Абат жерде жаткансып, "экөөнү тең ала кел" дептир, апкетпартам.

[1] *Кунап – тажатты.*

– Балам, бейкүнөө наристелерди антпейт, өткөн иш өтүптүр, кектенбе. Шайтан азгырган да. Болбосо, чырактай жан экенсиң сени, мончоктой балдары бар экен, буларды алакчылайм деп ошол ойлоду дейсиңби. А көрөк, өзүнө ушар бол! Үй-бүлөнүн туткасы эмессиңби...

Келиндин жөргөмүштөй калы өйдө-ылдый жылып, ички өктөөсү бир байгараз[1] карынын жүрөгүн жибиткенине эрээркедиби, баласынын шөкүлөсүн жүзүнө басып, шолоктоду. Кайра ары-бери өтүп жаткан элден ыйбаа кылды окшойт, шарт башын көтөрдү. Жаш ирмеген көздөрүн карасаңыз, тим эле алдындагы уулунукуна куюп койгондой окшош. Ыйын тыйган менен, оозу тынбады.

– Ого жакшы. Кылгылыкты кылып коюп, көздөн далдаада, кулагы тынч жүрөт. Бала бакпайт. Азапка түшкөн эле өзүм. Ишенесизби, эне, айыл аралап баса албайм. Бирөөгө үнүмдү бийик чыгара албайм. Чоңунан кичинесине чейин: "Ана, Тилла катынпоздун зайыбы келатат!.." дешип аркаман бир короо сөз кылат. Кыжабам кайнаган күнү өзүмдөн-өзүм тоюп, эки кулач жип болсо асынып алгым келет.

– Кой ботом, көпчүлүк отурган куттуу жерде турасың, жаман сөздү ооздонбо! Эртеңкини, мынабу жаман чөжөлөрүндү ойло. Өзүң шымаланбасаң, ким келип оокатыңды жасап берет! Мүдүрүлгөн адам турат. Кайрылган канат айыгат. – Аккыз кемпир, келиндин колунан суурулуп, адамдар каршы-терши баскан ортолук менен жүгүргүсү келген козудай баланы өзүнө имерди.

– Ой, туйлаган азамат! Туура айтамбы?.. Атың ким? Кана, айтсаң жаңгагым бар, жаңгак берем. Ким атың? Жаныбек? Жаныбектин малы көп, байдөөлөт бала турбайсыңбы. Атаңа кетпартасыңбы? Эмне апкетпартасың атаңа?!

Элди көздөй талпынган Жаныбек уялыңкы эңкейип, карагаттай көздөрү менен утуру апасына тигилип үндөбөйт. Сырт бозоруп, түзүк көрүнбөйт. Ичкериде ар ким өзү менен өзү. Элдин так төбөсүнө, бийик жерге коюлган, шаңкып сүйлөгөн телевизорду караган киши жок. Каякты карабаңыз, Аккыз кемпирге окшош үргүлдөгөн эл. Бир жагына ооп кетип, кайра боюн түзөгөн эне Жаныбекти жетелеп, ойнотуп жүргөн Жийдени тегеренип, карамыш болот.

– Алыс кетишпесин, кайсыл жерде жүрүшөт? Менин көзүм алыска жетпейт.

– Телевизордун түбүндө турушат. Мен карап отурам, эне! – деди оюнан үзүлө албай аста тербенген келин. Үнү тазарып, бою-башы жеңилдеп калыптыр. Кыска чачын бир ууч кылып, желкесине түйүп алган.

[1] *Бейараз – бөтөн.*

– Самолёт учуп калса, издеп калбайлы дегеним. Күн ачылайын дейби, жаныбар?

– Бу туманда асманда эмес жерде зорго басып жүргүдөйсүң. Кеч кирсе шунча адам каякка барат? Төрт бүктөлүп дагы ушуерде жатат окшойбуз. Балдарга убал болду.

– Күн кечке чейин ачылып кетээр. Кичине шамалдаса эле жөө туман экен, атын таппай калат.

Келин үндөбөдү. Кыялында эртең күйөөсү менен кантип учурашаарын, оозунан биринчи не сөз чыгарын ичинен болжогон тейде ойдон ойго жетеленет.

Көзүн ызгытып, улам ойдолоктогон Аккыз эне мындай караса, саартан бери маңдайда жан-жагынын кебин тыңшап, өзү сөз кыпчыбай, оюн ичинде аш кылып отурган өзбек аял бир жакка туруп кетиптир. Анын ордунда кайыш куртка кийген, чачы тармал, жаагындагы түгүн кырдырбай коё берген чап жаак жигит отурат. Колунда бир тутам гезит. "Окушта жүргөн бала окшойт" – деди эненин бир кыялы. Чаткаягында чоң сумке. Болгон көтөрүнчөгү ошо. Жакынсынтып, "каякка учканы отурасың?" деп сурады эле, "Фрунзеге" деп койду акырын. Ошондон кийин карылык кызыкчылыкка салып, аныкмуну сурайт. Бечара леп-леп жооп узатып, кээ бирчилеп сүйлөгөндөн эринип, зеригип кеткенди билбеген жан экен. Эки-үч сапар эсинде калган бир нерсени көңүлүнө кондура албай Аккыз кемпирге гезит үстүнөн кадалып, оозун таптап келет да кайтып, анысын айып көрөбү, үндөбөй калат...

Бир маалда ак сакалы белине түшкөн, шырма бейкасам чапанынын сыртынан үч-төрт курду бир байлаган лөкүйгөн чалды эки жигит эки жагынан колтуктап апкирип келишти. Аягын жазам деп сыртка баскан булак-башылык жигиттин ордуна отургузуп, экөө касса тарапка басты. Чал отурган жеринде бата кылып, курунун бирин чечип чекесин, көзүнүн тегерегин шашпай сүрдү. Анан кылым карыткан кыйтыр көзү атарабин бир сыйра жойлоп чыкты. Карегинин эти бери башбагып, майда кызыл тамырлары көрүнүп турат. Ал кармабаса чанагынан чыгып кетчүдөй, эски кудуктун түбүндөй үлдүрөгөн кош карреги кемпирдин бешигине кадалды. Аккыз эне менен көзү чагылыша түшүп, ызааттуу гана, "Арбаңыз" деди. Аккыз кемпир да арба-эсенби ишаратын кылып, башын ийди. Адат болуп калганбы же майда кызыл

тамырлар тынбай жаш тээп турабы, бечара чал утуру көз кычыгын ааарчып отурат. "Башында жаңы калпак. Жаңылыгы карыга жараш-пай турду. Быякка алып чыгарда балдары дүкөндөн сатып эле кийгизишкен окшойт, ага чалдын өзү да көнө элек. Адеп колу тийип атып, түз турган калпак бир жагына кыйшайып калды. Кемпирдин күлкүсү кыстап, эптеп өзүн зорго тыйды. Кайра көпчүлүктөн тартынды. Туруп барып, чалдын калпагын оңдоп койгусу келди. "Курган кемпирин көмгөн экен да, ошол болсо үстү-башына карап, азыр жанында отурат эле да".

Чалдын коңур, өрүк комуздун доошундай үнү бар экен.

– Жүгүңүз оор, алыс сапар карытат беймсиз, аяш? Жүда чырайлуу бешик жасатыпсыз. Бала-чакаңыздын бирөө-жарымы перзенттүү болгон бейм, – деди. Кызыл тамырлар чалдын шаштысын алды. Тоголоктошкон курунун бир чекеси көзүнөн түшпөс болду. Колдору чөлдөгү желге ыргалган сөксөөлдөй калтырап, карылык карыш жылдыргысы келбей, а өктөөсү, жашоого кумары күч карт өмүр да өзүнүкүн бергиси жок...

– О, Прунзеден окуп бүткөн кызым бар. Ошо жерде турмушта. Көз жарыптыр. Кабарын угуп кетпартам. Неберемди өз колум менен бөлөп келем деп, бешик жасатып алдым. – Укпай калып жүрбөсүн деген этиятта үнүн катуу чыгарды.

– Астараак сүйлөй бериңиз аяш, кулагым соо. Насипти каран, жолубуз бир экен, – деди чал эрмектешээр адам табылганына маңдайы жарылгандай.

– Ниетке жараша болот, – деп Аккыз кемпир аны коштоду. – Күн кичине айланышып, убагынан аз-маз кечигип бара турган болдук.

– Самолётко качан салса дагы, аман-эсен жеткирсе болду. Андан кам жебей отура берели, аяш. Кудайдын күнү экен, ачылганда ачылат да.

КЫЙЛАГА СӨЗ ҮЗҮЛҮП, үн катпай отурушту. Аккыз кемпир жарылды.

– Меймангерчиликке эми Прунзага каттап калдык. Самолёт күүлдөп учуп турса, уштапта жердин аркы четине барып келиш асан эле. Заманыбыз куп жетишиптир! Ошо кут-берекебизди көтөрө алсак экен. Жетишкен эл, мына биздей болор. Ичээр суубуз дагы канча бар, айтып болбойт. Жашагың эле келип турат. Бала-чаканы айтсаңыз, кием дегенин киет, ичем дегенин ичип атат, дагы имне? Заман тынч болсо, анан ойноп-күлүшөт экен да...

Чал бешикти тиктеп туруп, оюна бир нерсе кылт дей түштү окшойт, кейип берди. – Кез-кез тилбозор тиктеп калам. Балдар "дүйнөдө а болуп атат, бу болуп атат" десе, эсиң чыгат. Иран деген эл бар имиш. Бизге жакын турат дешет. Намаз окуган, адамгерчиликти жогору туткан эл болот экен. Бир сапар ушу сиздей ак оромол салынган бир кемпир шундай сиздикиндей бешикти кучактап, озондоп отурат. Жүдө жакындан көрсөттү эле, көздөрү эми куду эле сиздики. Бешике эңкейгеничи... Эс-акылына кирип калган неберемден "бу кампир имне мынча ыйлайт, бечара?" десем, "үйүнө бомба түшүптүр, балачакасынан бүт ажырап, коколой башы калыптыр" дейт. "О, бечара шордуу. Булардын үстүнө бомба таштаганга кимдин колу барат?!" деп тилбозордун түбүнө келип, бүт-баданим титиреди ошондо. Неберем бирөө деп айтты эле, эсимде калбады. Коңшу жашашат имиш. Карачы, коңшунун кылганын... Ошол эки эл эмнеден жаңжалдашканын өздөрү да билишпейт экен, тооба. Башчылары тил табыша албайт имиш. Ашынгандык, ашка, нанга тойгондук да. Бейпайда уруштан бейкүнөө наристе, бейкүнөө эл кырылып атат. Куту учуп, ырыскысы кемиген андай жерге тез эле ачарчылык келет. Бу илгертен келаткан кеп...

Аккыз кемпир аксакал адамга теңелип, тууradан бир нерсе деген даабады. Дей турган сөзү да жок болчу. Ааламда болгон ар кыл ишти той-пойго барганда газит окуган катын-калач эле о-бу дебесе, Аккыз кемпир андан бейкабар. Үндөбөй угуп отурат, тээ уруш жылдарында машак тергенин, баш кошкондоруна эки-үч ай айланбай Сатарын майданга узатып, кийин күтүп, күтүп көзү тешилгенин, кара кийгизген, кайгы жуткузган кара кагазды эстейт. Бу чал айткан ачарчылыктын заарын билет. Көрбөгөнү калдыбы, бир сындырым буудай нан жесе, ошону бир жылча аңыз кылып, оозунан түшүрбөй жүргөндөрдү да көргөн. Эстеген сайын жүрөгүн куушурат. Ээ, ал мүшкүлдү душманыңа бербесин... "Кой, кеп түгөнүп калгансыбай башкага өтөлүчү" деди ичинен Аккыз кемпир.

– Оо, шаар жакка жайынча эле жол алдыңызбы же карыган маалыңызда төргө отургузбаган иш чыктыбы? – Кемпирдин суроосу чалды чоочутуп, баятан бери кыжабасын кайнатып, туталанткан ойдон сууруп чыкты. Эмнеге отурганын эстедиби, баягы жигиттер баскан жакка кылчайды. Алар көрүнбөдү.

– Сонундукка кетпарткан жокмун, аяш... Кыйла жылдан бери кесел тушайт. Демим кыстыгат. Бир жактан өзүңүз айткан карылык. Мага койсо, үйдөн карыш чыккым жок. Балдар: "Бир жериңизде ил-

дет бар. Буердин доктурун билебиз, пул-сул таштап, эптеп бүтүп келген, ишин зорго кылдыраткан неме. Өгүнү бирөөнүн сокур ичегисин башка эле бир ооруга алмаштырып, аз жерден мертинтип коё жаздаптыр. О бечара өзү, "сокур ичегимин, тезирээк районго жөнөткүлө" деп, зар какшаса, "биз билебизби же сиз билесизби" деп кекетет имиш кайра. "Муну үч маал ичиңиз" деп дары сунат имиш. Аман эле болсун... Оюнда бизди эч балааны билбеген, бөркүбүздү эптеп көтөрүп жүргөн макоо деп ойлойт. Ошонун берген "дарысына" тойдук. Прунзенин чоң доктурларына салып көрөлү" деп жанымды коюшпагандан, "мейли, ыктыяр өзүңөрдө" дедим. Карылык башка түшпөсө, аны каяктан билиш... – Чал карегин нымдаган жашты аарчыды.

– Багып, чоңойтуп койгон экенсиз, "атабызды кыңкыстатып орто жолго калтырабызбы" дешип бой жеткен немелер намыс көрүп жатышат да, – деди бала кучактаган келин.

– Шунча жашап, дүйнөгө түркүк болгон адамды көрө элекмин, балам. – Чал биринчи жолу сол ныптасында отурган келинге кылчайды, – сексен төрт деген оңой жашпы?!

– Бир шыпаасы табылабы деген үмүт да. Кийин "ушунчабыз туруп атабыз ооруп атканда антпедик, минтпедик" деп арман кылышат, олордуку да туура, – деп үшкүрдү Аккыз эне.

– Э, кызык адам турбайсызбы, – деди жанараак келип, өзүнүн ордунда отурган чалдын аркасында анын сөзүн эшитип, үндөбөй турган булак-башылык киши... – Эки колуңузду жакаңыздан түшүрбөй тоо-ба келтириң. Сабоодой балдарыңыз бар экен, болбосо сизди ушундан ошоякка ким алпарат? Баланы имне үчүн бактыңыз? Ушундайда бир пайдасы тиер деппи же менин кебим натуурубу? Мына, тургандар айтсын.

– Кебиң туура, балам... Баккан экенбиз... Минтип сүйрөгөн жагына жүрүп калдык... – Чал сакалын сылагылап, тунжурады.

– Уулдарыңыздын догдурдан догдур тандаганы бекеринен эмес, ата. – Чемичке чаккандай сүйлөгөн булак-башылык кодогой неме орундуктун алдында жаткан коонун эңкейип карап койду. – Олорго менин дагы ишенимим кеткен, эмнеге дебейсиңерби? Шашпагыла, мисал айтып берейин. Өгүнү биздин мааладан орто жашап калган адам өттү. Трактир минчү. Бир күнү эле жылан чакпай, жылкы теппей туруп өлүп калды. Жок, башынан айтайынчы, силер ишенбейсиңер... Шашке чен эле. "Сайдилда аке ааламдан өтүптүр, батага" деп

бир аттуучан бала келсе, оозум ачылып калыптыр? "Оо өткөндө эле көрбөдүм беле?!. Трактиринен бир челек саларка май куйдуруп алгамын. Ой тообо, кечээ жүргөн кишини бүгүн жок дейсиң да!" деп кыйкырып ийсем, "кечээ көрсөңүз, бүгүн жок, а киши..." дейт баягы ыймандын жуткан неме. "Ооруган бекен же кырсыктаппы, бир мындай адамга окшоп кабарын айтып кет, укканды рсың" деп кошо ээрчисем, "Өпкө! Өпкө! Өпкөнү билесиз да?.. Өпкөсүнөн операция болуп, ошондон түзөлбөптүр. Кечээ кечкурун алып келишти. Бүгүн коюлат" дейт. Кийин уктук. Бечаранын оозунан тамеки түшчү эмес. Бир күнү эле кичине сасытмоолоптур да, дары алмакка ылдый түшөт, дуктурга. Иренгенге жиберишет. О жерден, "өпкөңүздө бармактын башындай так бар экен, ооруканага жатпасаңыз болбойт" дешет. Трактиринен түшпөгөн бечара төрт майда баласын, жыла албай отурган боюнда бар аялын, алаң-ачык калган короо-жайын, мал-салын ортого салып ынабайт. "Совхоздун иши менсиз токтоп калат" дейт акыры мукураганда. "Өкмөттүн иши сизсиз эле бүтүп жүргөн. Трактир минчү лөр азыр чекеден чыгат. Өкмөткө да дени сак адамдар керек. Короо жайды коңшу-колоң, урук-тууган бар, каралашып турат. Өзүңүздүн жаныңызга күйсөңүз, аз-маз дарыланып алыңыз" дешет. Жанынан коркконбу же "ач кулактан тынч кулак, эки-үч күн жата турсам чыгып кете берем" дегенби, бирөөдөн үйүнө кабар айттырат да, жатып калат. Дары-пары ичпейт. Саар-кеч кирип-чыккан доктур, "өпкөңүздө так бар, азырынча бир жагында, кестирип салыңыз, болбосо чоңоюп, кийин экинчи жагына өтүшү мүмкүн" дей берет. Убайымга баткан неме эки-үч күндөн кийин, "боптур, жиберчү жагыңар каяк" дейт, "үй жакка, бала-чакага үндөбөй тургула" дейт. Аны менен бирге жатып дарыланган эки-үч киши кийин көз көрсөткөнү барып айтып отурушту. "Биздин үстүбүзгө киргизгенде ыраң-башы бир жакшына, кирсе-чыкса бажактап, "өмүрүмдө биринчи жатышым балницаңарга, барып турган кесел адам мына силерсиңер, күндө бир уучтан дары жеп, шунча күн болду мен бир бүдүрүн оозума сала элекмин" дечү экен бечара. Ошол кеткен бойдон үйүнө өлүгү келди да. "Операция-ны көтөрө албады" дешиптир кийин. Эптеп кылдыратып тирилик өткөргөн о бечарага операциянын деле кереги жок эле. Боптур, өпкөсүндө так бар экен, ону дары менен жок кылганга болбойбу? Башына түк чыккандан быякка, балница бетин көрбөсө, күчтүү дары өпкөсүнө шыпаа болуп кетээр беле?.. Ал го балницага биринчи жатышы экен. А

жүз жолу жатып, жүз жолу чыкса да, көгөрүп-татарып жөтөлү калбай жүргөндөр толуп атат. Операцияны мына ошолорго жасашпайбы... Өмүрүндө тык этип жөтөлбөгөн немеге жабышпай. Чөжө бирдей балдары менен "даат" деп кала берген аялын ойлосоң, ичиң күйөт. Бармак басымдай тактын дардинен[1] бакандай азамат мерт болуп отурса күйөсүң да... Өзүмчө ойлойм, операция жасаган адам ошо сиздин балдарыңыз айткандай, эптеп-септеп айлык алып жүргөн неме, анан бешенеси тайкы бечаранын өпкөсүн жарышын жарып коюп, андан аркысы колунан келбей калды да... Мына, "чылпагын алам деп, көзүн оюп алды" деген ушу болот. Өзүбүз айылдын суусун ичип жүрөбүз го, ата-а, "эмкилерди пулсуз окута албай калдык" деген сөздү кулагыбыз эшитип калат. Ойлосоң төбө чачың тик турат, ысык жандын илдетин кескен кесипке окугандарды дагы көтөрмөлөшөбү, тооба! Доктурдун да жакшы окуганы, начар окуганы болобу?.. Начар окуп бүткөн болсо, анысын жашырып, адамга операция жасаганга акысы барбы?! Же айыл жеринде бизге окшогон бей-бечараларга минтип колунан иш келбеген ашкебилер "өрдөк жокто чулдук бий" болуп, чокчоңдошуп жатабы? Төрт баласы менен жер муштап калган жапжаш жесирди ойлосом ичимден кан өтөт-ов...

Кодогой кебин түгөттү. Туталанган неме ортолук менен ары-бери басат. Ар ким өз ою менен алек. Булак-башылыктын ордунда отурган чал:

– Балам, шу айткандарыңды ошол иштин төбөсүндө турган, көргөн адамдан эшиттиңби? Биз, пенде баласы билсек-билбесек да, агабуга жоруй беребиз. Эл оозунда элек жок... – деди. Кодогой анын маңдайына токтоп калды.

– Бечаранын жүрөгү начардыр... Корккондон... – деп Аккыз кемпир да бир жактан.

– Ии, корккондон жүрөгү жарылып кетти деп турасыңарбы? Онун жүрөгүндөй жүрөк менде болгондо... Түнкүсүн жанына киши салбай талаада кош айдаган неменин жүрөгү кандай болот? Мына, наборот өзүңөр жоруп атасыңар!.. Жоруп отура бергиле!

Булак-башылык өзүн коёрго жер таппай, "силерге айткан асил сөз" деп, тээ эл жабалактап кирип-чыккан залдын оозун көздөй басты.

[1] *Дардинен – айынан.*

– Ажалы жеткен да... – деди куру менен көзүнүн шоросун сүрткөн чал, – Жаны жаннатта болсун, жакшы пенде экен. Катын-баласына убал болуптур. Э, а-бу дейбиз го, насиби эле түгөнбөсө тирүүнүн тирилиги өтө берет...

– Жаш кеткени ичиңди ачыштырат... – Аккыз кемпир чалдын сөзүн жиреп койду.

Аэропорт коюу туман арасынан деңиз бетинде адашып, барар жагын болжоп сүзгөн параходдой көрүнөт...



УСТАТТАН ШАКИРТ ӨТҮПТҮР...

Олуккан жылдарды ооздуктай турган амал-айла табылбайт го, чиркин?!. Ошо биз жолуккан жаздан бери ачып-көздү жумганча, туура он жыл зуу коюптур!.. Оо, анда көктөм эле...

...О түнү жамгыр жашын тыйган жок. Таң азанда жаан токтоп, Бишкекти туман басты. Тирүүлүктү ээрчип келген жаз жаныбар тоо тарапка жол таппай, көчө-көйдө чөгүп жатты... Илгери Кулатов ак-сакал тиктирген жоон-жоон бака теректердин боорунан кулаган чекейдей тамчыларды тиктеп, балкондо тургам. Ылдыйда жаан жок болсо да кол чатырга чүмкөнүп, он сегиз аалам кезип, бизге жеткен бечара жазды тааныбай өзүнчө эле өмүр кубалаган эл... Телефон шыңгырады. Алсам, Абдиламит (Жумашев). "Азыр каяктасыз!?.. Бош болсоңуз, сөз бар эле" – дейт. Үнүндө серүүндүк бар, сөөлөт да байкалат. "Сөз бар" дегенине караганда, жүрөгүндө туйлаган жаңылыгы бар окшойт. Болбосо минтчү эмес. "Баягы жерге келип калыңыз, бир чайлашалы" демек, сыпайы гана. "Баягы жерибиз" Бишкектин түштүк ныптасында жайгашкан тепкедей "Арбат" кафеси. Бирөөлөргө кафе, бизге жөн эле чайкана. Ага да жакын, мага да жакын. Анын үстүнө а кафеге кирген адам аз, анысы бизге жагат. Тынч, мейманжер. Айттырбай-дедирбей көк чайын ачык демдейт (азыр дагы тынбай каттайбыз). Алдыбызга келген нанды Абдиламит эки колдоп сындырып, "кана, нанга караң" деди.

– Кана, сөзүңдү баштай бер, – дедим күлүп. Эртең мененки укканым ичимде туйлап, бир жагы өзүм дагы дардисар отургам.

– Көптөн бери оюмда жүргөн бир ишти сиз менен бөлүшсөм дегем. Узакка ойлондум, көпкө толгондум. Тууралыгына көзүм жеткенде гана алдыңызга келдим. Абдиламит ака, кыргызга бир келишкен түстүү журнал керек. Ай сайын бир ирет чыкчу, заманбап. Казак менен орустарды караңчы, мындай журнал аларда толуп атат, алардан эмнебиз кем?!.. Биздин дагы колубуздан келет! – деп маселени кабыргасынан койгондо эртеден бери жаздын муздак жели чыйрыктырган бадан-боюм жазылгансып, көз алдыма журналдын көгүлтүр мукабасы келе калды. Бир жагынан басылманын көзгө көрүнбөгөн түмөн түйшүгүнөн белим "зыр-р" деди. "Түстүү журнал эмес, гезит

чыгарыш кыйын болуп, жүзү күлүп, миңи ыйлаган маалда кантээр экенсиң?..” деп оозумду таптап баратып, өзүмдү токтотуп калдым. “Ыкыласын коюп калыптыр, мизин майтарып албайын, ашыкканына караганда бышып калган го, сөзүн аягына чейин угайын” деп чечтим.

– Алма-Атага чейин барып, журнал чыгаруу ишин ийне-жибине дейре иликтедим. Колдон келет. Канча жыл сиз менен эриш-аркак гезит түйшүгүн тарттык, көзүбүз каныкты. Өкмөт гезитинде өмүр бою жүрсөң жүрө бергидейсиң (ошо жылдары А.Жумашев да бир жакшы көргөн агасы А.Абилов экөө оттуу кездерин “Эркин-Тоо” гезитинин жарнама бөлүмүнө жумшап жүрүшкөн). Эми сизден эмне жардам?.. Сиздин кеп-кеңеш, акыл-насаат. Кантсе да басма ишин мага караганда дурус билесиз. Устат катары ушу иштин башында өзүңүз өзөк болуп, түбүн түптөшүп бериңиз, – дегенде шакиртимдин шагдам кадамына ыраазы болгом. Бир ишти кыларда жүз өлчөп, тарazалап, сарамжалдуу чечээрин илгертен билчүмүн. Ошол тагдырлуу жолду – “Жетигенди” тандап алган кезде журналист катары да, меneджер катары да чарчап-чаалыгууну билбеген, болуп-толуп турган маалы экен. Анын үстүнө адам өзү бышып жетилгенин билгенде гана такшалган тажрыйбасына таянып, ишинде бурулуш жасагысы келет эмеспи.

...Артка кылчайсам, Абдиламит мага боз улан кезинде жолуктуу. “Кыргыз Туусуна” келиптир. Ошондо эле көкүрөк-көөнүндө оту бар экенин байкагам. “Сизди издеп келдим” деп мени менен кош колдоп учурашкан. Анан колумду коё бербей: “Атыбыз окшош болгону дагы алыста жүргөн мага бир туугандай сезим, кубат жаратты. Жазган макала, аңгемелериңизди калтырбай издеп окуйм. Максатым – сиздей журналист болуу. Мага кандай кеңеш бересиз?” деген кудум азыркыдай маңдайымда отуруп. “Аны ыкыбалың билет, иним” дегем...

Ырас, көмөгүм тийди, студент болду, телерадиого жетекчи болуп жүргөндө журналистиканы бүтүп калган экен, кабарчы болуп жанымда жүрдү, ага-ини катары сыйлашып, сырдашып дегендей. Насип кошулуп, “Кыргыз Туусуна” редактор болуп кайра келгенде гезитке кошо келди. Кыскасы, таман акы, маңдай тери менен көз алдымда өстү, жетилди, таанылды. Көп жылдардын далдаасында калган таалай-тагдырыбызга туш кылган ага-инилик сый-урмат, устат-шакирттик ылык-алака тактысынан тайган жок. Эң башкысы, чыгармачылыктын алоолонгон коломтосуна кошо жүрүп жылындык...

...Делгирген жаныбыз журнал жагын бир жаңсыл чечкен соң, анын көтөрөр жүгү, багыттары, аталышы туурасында да черибиз жазылганча кеп кылдык. Маңдай-тескей маек маалында Абдиламит иниминдин акылына иши тең келээр ариет-намыстуу, айрыкча жоомарт мү-


нөз-жүрүмүнө жетине албай отурдум. Кичи пейилдигин кантесиң... Ал мага алысты тез көргөн, бүгүнкү миң тамырлуу заманды жүрөгүнөн өткөрүп, эртең аны тыныгуу билбеген миң санаттуу күндөр күтүп жатканын туйгандай сезилди.

– Билип турам, сизди каржы маселеси кыжалат кылып турат, – деди ошондо оюмдагыны билгендей, – кадырыңыз жан болсун, ал жагын мага коюң. Кудаа кааласа, журнал чыга турган болсо, ал жакшылык менен жаратмандык ишке гана таянат. Ошондон түшкөн ырыскы бизге жугумдуу да, чөбөгөлүү. Калемибиз элге жаккан, элге жарыгын чачкан инсандардын ишин чактап, көрнөктөп жазышса, ошондо озобуз, өсүп-өнөбүз. Жеңил-желпи сенсация, бирөө-жарымды каралоо журнал духуна туура келбейт, оңой барк табуудан алыс болушубуз керек. А жаздыруудан, сүрөөнчүлүктөн, сатуудан, жарнама жагынан Кудай берекесин берсе, карап турасыз, эч кимге күнүбүз түшпөйт, – дегенде, кайриет, гезитте жүргөн жылдары текке кетпептир, басма ишинин күңгөй-тескейин таза өздөштүргөн экен, адамгерчилигин пенделик турмушта эгиз алып жүрсө деген тилек көңүлүмдө ыргалып турган (ошондой эле болду, кийин журнал жаралгандан тартып, жыл өткөн сайын максат чокусун көздөй өйдөлөп, элдин руханий чаңкоосун кандырып келет. Айткандай эле, кыргызды аруулукка, ыймандуулукка чакырган нукура интеллигент басылмага айланды).

– “Жетиген” деген ат сизге жагабы?! – деди “Арбаттагы” сөзүбүз ортолоп калганда.

– Жетиген кыргыздын сыймык менен атаган сайын көңүл-көйдү көйкөлтүп, кубат берген сыйкыры бар символдуу сөзү го. Келишкен кемелдүү ат экен. Ылайым, “Жетиген” улуттук журналистиканын салтын улаган уңгулуу, Ата Журттун жакшылыгын түмөндөтө даңаза кылган, доорго ак кызмат өтөгөн журнал болсун! – деп шакиртимдин оюн жиреп, колун кысып батамды бергем. Элдик журналга жети дубандан чыккан журт жакшыларынан турган редакциялык кеңешти түзүү жаатын да көз жаздымда калтырган жокпуз.

“Арбаттан” шам аралаш көңүлүбүз тоо ашкандай бийиктеп, көңүлүбүз шат чыктык. “Жетиген” журналынын биринчи саны улуулук сөзүн улут тыңшаган Кыргыз Эл баатыры Сооронбай Жусуев агабыздын ак батасы менен жарык көрдү. Бүгүн “Жетиген” он жашка чыгып, 20 миң нускада рух куржунуна жан азык салып окурмандарына жетип отурат. Бул – шакиртим Абдиламит Жумашевдин жеңиши! Жараткан дайыма жакшылыктарын жалгай берсин, мандык жолунда иним!



ТЕМИР ЧАЙНЕК

Студенттердин ашканасы менен чайкананын ысык нанын, ысык чайын салыштырып болобу? Ош шаарынын ар бир бурчунда бирден чайкана бар. Таңкы саат жети-сегизде самоору шарактап кайнап турат. Студенттер тандыр нан менен чайга тоюп, так секирип сабагына кетишет. Тандырдын наны ток тутат, арзандыгын айтыңыз. Биздин Фрунзеде да чайкананын санын көбөйтүшсө болот эле...

Бизди көрүп, чайканачы жылмайды. Буу бүркөн самоору, тегеректеген эл шаштысын алып, базары кызыган маал экен. Киргенчыккандарга ызаат билдиргениби, босогодон көрүнгөнгө баш ийкей, "арыба-эсенбисинен" жазбайт. Чай демдетип, каякка басарыбызды билбей турсак, тил билги чайканачы мандайындагы сөрүдөгүлөрдү сыйлыгыштырып, эки адамдык орун тапты. "Куш келипсиңер, беймарал отургула. Айтымда, дасторкон үстүндө өмүр токтоп турат имиш, шашпай ичкиле" деп күлүп, басып кетти.

Жанымдагы меймандын көзү чайканага оңой менен көнө турган эмес. Чөкө таандай, сөрү бетин бербей "ары отур, бери отур" деп ойдолоктошуп, чай ууртаган элден жатыркайт. Бир пиала бошото элек, эч ким укпасын дедиби, эңкейип сурады:

– Ушунча чоң шаарга алачыктай чайкана түтөбү? Башка...

– Көзгө басар жалгыз чайкана. Башка чайкананын бар экенин уга да элекпиз, көрө да элекпиз...

Тилбилги мейман түшүндү. Чайын, нанын кармап, орун караптырып жүргөндөрдү аягансып тиктеп отурду. Аңгыча:

– Чайник нада, Дусенька! – деп калды чайканачы. Үнү шаңшып коңур. Опера ырчысынын эле доошу.

– Нету чайника, все пьют! – деп доош кылды гүл тергенсип чайнек издеп жүргөн, шыргыйдай узун кемпир.

Мейман күлүп жиберди.

– Бакир чайканачы ушубу? – деди.

– Көрүп турбайсызбы, – дедим. “Ушундан да айып табат го” деп жүрөксүй түштүм.

– Прунзеге келгендин баары эле “балбанга түшчүдөй турамжыл чайканачынын колунан чай ичтик. Коюу демдеген чайын ичсең, эки-үч күн баданиң ток жүрөт, берекелүү неме” дешип калчу. Аа, ушу киши турбайбы. Кызык киши экен...

Бакир самоорчу чын эле кызык киши. А тууралуу мейманыбызга билишимче айтып берейин.

Бир-эки сапар бизге окшоп, Бакир акени жазмакка кабарчылар келген. “Жазчу болсоңуз, ушу турушумду, көрүп турган ишимди жаза бериңиз. Самоорумдан чай үзүлбөйт, алдымдан нан үзүлбөйт, чайканадан эл үзүлбөйт. Планды билгиңиз келсе, айынан да, жылынан да ашырып бажарабыз, асты кемибейт. Элдин курсагы тойсо, менин планым да толот” деген. Калемине эч нерсе илинбегенден кийин кабарчылар чайканага кирген көпчүлүктүн бири болуп кетип калышкан. Жок, он эки жыл оорулуу бутуна салмагын салып, саардан кечке самоор жанында тикесинен-тик туруп, көпчүлүккө ысык нан, ысык чай, жүрөгүнөн жакшылык сунган чайканачы жөнүндө айтчу сөз бар экен.

Чайкана – жаңылыктын ордосу. Бакир аке бир күндө эле отургандардан Таластын суугун, Алайдын аба ырайын, Нарындын калың карын, Көлдүн шамалын угуп-билет. Көбү аны тааныйт, ошондон улам бел ашып, тоо ашып келгендер суратпай өздөрү эле кеп башташат. Анан дагы чайкана деген ашкана эмес да, чыканагың тийишип турса да, алдындагы тамакты үндөбөй ичип, туруп кете турган. Чайканада адеп башка. Сөрү менен сөрү сөз талашат. Сөрүдөн-сөрүгө нан узатышат. Дасторкондон дасторконго көчкөн нандын өөнү барбы? Ырыскы желип кетсин деп жатышпайбы. Нанды сыйлабаган, жанды сыйлайбы?

Бир сапар чайкана жабыларга жакын үч-төрт жигит (студенттер болуш керек) шашып кириштн. Чай бар эле. Нан калбай калган. Ачка экендерин биле койду Бакир аке. Басып барып, беш-алты бейтааныштын алдында сындырылбай турган эки нанды “бурадарлар, алдыңарда ушу нан желбей эле турат, пулун алгыла да, шу балдарга бергиле, жеп кетишсин. Сооп болот” деди. “Мейли, мейли, туура кылдыңыз

ошону, Бакир аке!” дешип өздөрү да чын пейилден чайканачыга кошулду.

Кайсыл жылы экен, Чехословакиянын “Руде право” газетасынын эки кабарчысы чайканага кирип калышат. Бакир аке алардын алдына нанын, чайын пиаласы менен коюп, орусча (орус тилинде эптештирип сүйлөйт) сүйлөшүп, чайкана суусун кандырганга жайлуу, ырыскысы кемибеген, калк кадырлаган жер экендигин түшүндүргөн. Сый көңүлдү сергитет. Барпаңдаган жайдары жүз адамдын кең пейилдүүлүгүн жүрөгү менен туйган кабарчылардын бири “Руде право” газетасынын төш белгисин “меймандос кыргыз чайканачыга бизден эстелик!” деп көкүрөгүнө таккан. Ошону костюмунан түшүрбөй тагып жүрөт, “шу белек мунун өмүрүн узартты” деп калышат.

ГДРден жана башка өлкөлөрдөн туристтер келишет, эстелик калтырышкандары да бар. “Кызыксыңар, быякка киргендин баары эле менин мейманым, күн сайын 500–600 адам чай ичет. Баары менин мейманым. Өмүр деген бу насияга берилген нерсе турбайбы. Биз аны жумурай-журтка жумшап, карыздан кутулуп кете берет окшойбуз. Бирок, ошо адамдык парыздан да кутула албай, жашоо алдында жер карагандар, бирөөгө жакшылыгын багыштамак тургай, өз жанын бага албай жакшылыкка суусап өткөндөр болот экен. Аны да көрдүк...” Сүйлөй берет, бир жагынан элге чайын суна берет.

Чайканага ынак өскөн адам болсо, бейтааныш калаадан биринчи учурашканы – чайканачы. Жакыны да, ишеничтүү адамы да – чайканачы. “Мейманканадан орун алганчакты, ушу буюм сизде тура турсун” дешет. “Куп болот. Жоголбойт, шашпай орун караштыра бериңиз” дейт чайканачы. “Эки-үч күндүн ичинде Таластан баланча деген киши келмек, ушу аманатты колуна тапшырып коё аласызбы. Өзүм шашып Көлгө кетип аттым эле!” десе, “Кишиңиздин атын дагы бир сапар кайталаңчы. Бейгам болуңуз, өз колуна тапшырам” дейт чайканачы. Ушуга чейин убадасына так. Чайын, нанын сата берет, эл дайындаган ишти да аткара берет. “Ээ, ука, колуңдан келсе жакшылык-ка жакын бол, өңгөнүңө, өскөнүңө жакшы” деген мага чайканачы.

Анын жек көргөнү – чайкананын сөрүсүн саар менен ээлеп, кылар ишин капарына албай, жел сөздөн “килем токуп” отургандар. Самоорго кезек көбөйгөндө чайкананын төрүнө өтөт да, “Ээ бура-

дарлар, силер имне кудук болуп кеткенсиңерби, иччү чайды ичтиңер, орунду бошотпойсуңарбы? Ана, иштен келген эл зарыгып, орун жок тикесинен-тик турат. Давай, ишиң барың – ишиңе, ишиң жогуң – үйүңө" дейт. Чын да, онго жетпеген сөрү болсо, кирген адам батпай баратса, айтпаганда эмне. Көңүлүнө кетсе, кете койсун.

Чайканага киргендин баарысынын бешенесине ким экенин, каяктан келгенин жазып коюптурбу. Бирок, Бакир акенин көзү көрөт, көкүрөгү туят-ов. Нооча келген, эки бакыбат жигит ээрчишип, саар-кеч чай ичип кетип жүрдү. Кептен кеп чыгып, чайканачы алардын Арсланбаптагы айылын таштап, шаарга иш издеп келишкенин укту. Укту да эки туйгуну кемий түшкөн үркөрдөй айылды эстеп кейиди. "Айыл – алтын казык". Үркөрдөй айылда бой жеткен балдарга билгизбей, нан сындырган барбайган колдорун астыртан тиктейт. Тиктейт да, курч балтасы колунда туруп, терегин бутай албай мукурап турган чалды көрөт. Чалды аяп, дарчесинен шыкаалаган кемпирди көрөт. Жардамга жиберейин дейт, бирок анын да жумшай турган баласы жетилгенден кийин алыс жакта дайыны чыкпай жүрөт. Чайканачы үшкүрдү. Эки жигиттин этегин баса отурду.

– Шаардык болоюн деген экенсиңер, бурадарлар.

– Болбосок да, эки-үч жылдай иштеп көрөлү дегенбиз, – деди тумагынан желке чачы удургуй чыгып турганы.

– Өзүңөрдүн жериңерден деле иш табылар эле го, – деди Бакир аке.

– Кыш түштү, иш түгөнөт. Бекерчи атыгабыз. Жай-күзү алган айлык менен үстү-башты эптей албайбыз. Биздин ордубузда болсоңуз өзүңүз бизден мурда качат элеңиз. Жаштардын көбү айылдан кетип калды... – деди нанды бурдай чайнаган жигит.

– Чайканадан чыкпай калдынар, колуңарга түзүк иш урунбай жатат го?.. – Бир чети ал балдарды да аяп кетти.

– Иш чыкты, жакпады. Кара-Балтага жөнөгөнү жатабыз. Жатакана керек бизге. Кечке иштээрин иштейбиз, а кечкурун каякка барабыз...

Бакир аке баягы, колунда курч балтасы туруп, терегин бутай албай мукураган чалды кайта көрдү.

– Ата-энеңер барбы? – деди ал чыдай албай.

– Бар, асмандан түшүппүзбү, – деди Кара-Балтага кетебиз дегени.

– Кары-картаң болсо, жанында каралашары бар бекен деп сурагарным. Экөөң эр жетип алдыңар, эми төрт тарабың кыбыла. Кары-карганга эле кыйын. Жашсыңар, азыр билбейсиңер. Уландын да улгаяр кези болот...

Жигиттер үндөбөй чайын түгөтүп, туруп кетишти. "Эшиткен сөздү электен өткөр" дептир. Түшүнүшпөдү да. Убакытка укурук жок. Бүгүн болбосо, эртең түшүнөт... Эмнегедир Бакир аке самоор жанында туруп, түбүнөн кыйылган узун теректи, чачылган сансыз уяны көрдү. Көрдү да, жазда учуп келчү сары чымчык, чыйырчыктарды эстеди. Көзүнө жаш тегеренди. Уясын издеп, тааныш теректи таба албай чыркырашаар. Курган парандалар, жумуртка чайкап, балапан чыгарган, жылуулугу калган уясын таппай жанын сабап, учушаар... Эх, пенде баласы ошону билээр бекенбиз!..

Бир окуя кез-кез эсине түшө калса, боюн жылуу илеп каптап, ошондогу мөндүр аралаш нөшөрдөн келген салкындык жүзүнө урунгансыйт. Кызык, күн чачырап тийип турат, өткүн куюп турат. Жаандан качкан эл топурап, чайкананын оозуна шыкалды. Бир маалда топ жарылып, ичкериге шөкүлө кийген, көпөлөктөй кызды так көтөргөн жигит кирди. Чайкананын мандайындагы эстеликке гүл койгону келип, өткүн алдында калышканын Бакир аке илгиртпей билди. Күңүрт, жалпак чайканасы жайнап, жаркый түштү. Кыз – кумурска бел, кумар көз, жигит – шумкар сымбат, шыңга бой. Табышканын кара!

Чайканачы күтүүсүз келген меймандардан шашып калды. Илгери-кийин үйлөнгөн эки жаш чайкана босогосун аттабаса. Аларды жандаган күйөө жолдош самоорго келип, чай сурады. Бакир аке чоргосу сынык, чети кемирилген чайнектерге колу барбай чайды жаңы чайнекке демдеди. Шыпылдаган чайканачыны ошондо көрсөңөр тааныбайт элеңер... Неге шашты экен, курган жүрөк неге тыбырап, толгонду экен? Күлүк кыял каяктарга чабыттады? Тойдун башында отургансып, "биринчи биздин колдон даам сызды, сыябалуу бак, жакшылыктары көп болот экен" деп тилек артынан тилек арнап, ичинен жалындаган чайканачыга чайын кайтарып бериштн. "Көк чай деген эмеспиз, кант салып, кызыл демдеп бериңиз" деди чай алган жигит.

Бакир аке кызарды. Мындай уялган эмес. "Алактаган чолок, айткан сөздү түзүк укпай, кылган ишин кара" деп ичинен өзүн-өзү сөктү.

“Кечир, ука, шашкан шайтандын иши, уят болдук” деп жиберди. Жигит жылмайды. Чайканачы башка демдеп, өзү татып көрдү. “Ширелүү болду. Айтып койчу балам, эки жаштын бирге өткөрчү өмүрү шу чайдай ширин болсун! Карыган кишини кечирип коюшсун, курсант боломун” деп калды.

Өткүн өттү, эл үзүлгөн жолун улады. Эки жаш чыгып, эстеликтин алдына гүл койду. Таазим этишкенин чайканачы терезеден көрүп турду. Алар ичкен чайнектин боору али кол тийгиз ысык экен...

Адам көңүлүнөн жумшак, адам көңүлүнөн назик эмне бар?.. Күндө болбосо да күн алыс ак сакалын жайкалтып, абышкалар башбагат. Бакир аке көрүп туруп, отура албайт. Утурлап тосоорун тосот, каякка отургузарын билбейт. Ал жак да, бу жак да эл. Бут сунарга орун жок. Ошондо Бакир аке кары алдында бир сынат. Атаганат, чайканадай чайкана болсочу. Төрүндө “аталар жайы” деп жасалгаланып турса, азыркыдай жер тиктээр беле... Отпускага чыкса, туулуп-өскөн жери – Лейлекке Ленинабад аркылуу барат. Тажиктердин чайканасынан кыя өтпөйт. Чайкана деп ошолордукун айт. Жомоктогу сарайдын эле өзү. Көзүң күйөт. Эки жүз адам бир кирсе, орундун тартыштыгы билинбейт. Килем төшөлгөн кенен чайканада ой термеп, чай ууртасаң...

Жакында газетадан окудум. Канибадамдын (Ленинабад областына караштуу шаар) чайканасында илгеркидей драма театрдын артисттери оюн коюшуптур. Коюшпай анан... Кезегинде чайкана чай ичүүчү эле жай эмес, көчүп жүрмө артисттер өнөр көрсөткөн, чечендердин боор эзген айтыштары жаңырган жай болгону жалганбы? Капсалаңдуу отузунчу жылдарда батырактардын “кызыл үйү”, баштары бириги п, чогулуш өткөргөн жери, ликбездин мектептери ушу чайкана эмес беле... Атаганат, кайта-кайта айткандан тажагыдай эмессиң.

Фрунзеге келген меймандарга зор курсантчылык менен көрсөтө турган чоң чайкана курулса, шаарыбыздын маданий-агартуу мекемелеринин көмөгү менен чайкананын төрүндө профессионал жана өздүк чыгармачылык артисттери көшөгөсүн ачса, алардын өнөрүнө кол чабууга неге болбосун? Поэзия сүйүүчүлөрдүн кечелерин, согуштун, эмгектин ветерандары менен жаштардын жолугушууларын уюштурууга эмне тоскоол болот? Жөнөкөйлүгү, меймандостугу жа-

гынан чайкана көптөгөн ызы-чуулуу кафелерден, клубдардан артыкчылык кылат. Бирок, чайкананын ак кызматын эсибизден чыгарып, кадырын төмөндөткөн маселенин тамыры – аны көз көрүнөө өгөй-сүнтүүдө болуп жатпайбы.





“НАЙМАНДАН” НАСЫЙКАТ

Үйкүмү шылынган заманга шылтабай, желесине чалынбай, калеми менен акыл-ой чырагын балбылдатып, кылым кыялай кыргыз рух-дөөлөтүнүн кырманын үйгөн, кыска өмүрдө кыйышпаган эки тилектешим бар. Бири – ой чалгысы оролшон, таскагынан жанбаган, өзүнө өзгөчө талаптуу Мундузбек Тентимишев жана “бөлөк планетанын” поэзиясынан түшүп келгендей жанын чабыттатып, бир сырдуу жүргөн, ариеттүү акын Бактыгүл Чотурова.

Табиятынан ак көңүл, жоомарт жаралган бул экөө тең эң оболу улуттук журналистикада, улуттук адабиятта өзүнчө бир бөксөлүк, боштукту толтурууга, алкагын кеңейтүүгө сөз зыйнаты менен салым кошсом дегенде ак эткенден так этишкенине өзүм күбөмүн. Мундузбектин аналитикалык кудурет-кубатына, рух таанымынын молдугуна, бай эрудициясына жана ашкере толеранттуулугуна баа берүү мөөрүтүн эртеңкиге калтырып, ырына “кымындай да калп айта албаган” Бактыгүлдүн колубузга жаңы тийген “Найман” аттуу китебине назар бурсак.

“Найманды” окуп баратып, Бактыгүлдүн жаны менен кошо бүткөн пакизалуу поэзиясына, өмүр тагдырын сөз тагдырына багыштаган пешенелүү таланттын кезектеги оомат-кенчине оро-пара бир кумардан чыктым, эй! Кээде, баам-парасат бойлой албаган турмуштук жөнөкөй нерседен поэзия кереметин каалагандай сузуп алган сезимтал шыктын ээси күнү-бүгүн күчүндө, “сөөмөйү сынып кеткиче” (А.Чехов) сөздөрдү сезим ыраңына боёп, жашообузга жабыз келген миң тамырлуу поэзия жаратуунун үстүндө экен. “Бактылуу кыла албаган менен эч ким, бактылуу кылган мени – поэзия” деген акындын өзөк тамырын жарып чыккан чындык жаңы жыйнагынан добулбас болуп кагылып турат.

Талант эч кимден жукпас угум-туюм. Ал киндик кан менен кошо бүткөн көрөңгө. Есениндин айтканы бар: “Талантты маңдайынан баамдай албайсың, аны ыраактаганда барып, ылдам тааныйсың...” Бактыгүл да “Найман” ырлар жыйнагын өмүрдүн кыя жолунда бир кыйла ыраактатып чыгарды окшойт. Чыгарганда да, аруулуктун, улуулуктун кол жетпеген табылгаларын өзүнүн философиясына са-

лып терендеткен экен. Китептеги кучак толгон кызгалдактуу ырлар жашоо маңызын, доор ыргагын жаңыча кабылдоону аваз кылган автордун чаалыкпас изденүүсү.

“Түнбү, күнбү турса да үймөлөнүп,
түртүп коюп түйшүктү үйгө келип.
Бир тоголок дан түрткөн кумурскадай,
бир сап ырды келатам дүйнө көрүп...”

Автордун ыйман, адамгерчиликке чакырган саптарын окуганда абийирдин булагына чайынгандай болосуң. Далай-далай тагдыр “шапалагын жеген” бейкүнөө сүйүү, махабат элегиясы жүрөккө тикенектей тепчилет-ов!.. “... баары бир өчүралбай кыйналарсың, жалт эткен элесимди көздөрүндөн...” (175-б.). Же болбосо байлыкка “ашепке” байырлаган бай-бачаларды “адамдын жанын ажал алам десе, арачы болор бекен алтын теңге...” (75-б.) деп аста нукуйт. Турмуштун оошкыйыштары, өзгөчө сүйүү лирикасы чөгөрүлгөн ырларында эмоция да, ыймандай сыр да жетишээрлик.

“Кетүүгө сенсиз жакка кол сунамын,
Күлүктөй көрсөмбү деп жол сынагын.
Түрталбай элесиңди.., бирок түндү,
ыйлатып кирпигинде олтурамын...” (164-б.)

“Найман” жыйнагындагы ой жүгүртүү бийиктиги, эстетикалык маданиятынын өскөндүгү Бактыгүл Чотурованын адабияттагы балдаган өз жүзүн кадыресе ачып берген. Бейнеге, идеяга канат болуп берүүчү сөздөрдүн баасын, боёгун кылдат туйганын байкадым. “Өмүрдүн бүт күнү жашоо эмес, жашоо дейт күндөрдү эсте калган...” деген ыр саптары жалган дүйнөнүн табышмагын, биз болгону бирибизге бир күндүк мейман экенибизди эскертсе, муңайып, муунуң бошойт. Автор “Түркия кайрыктары” бөлүмүндө “Кара деңиз кеттим эми, кош дедим, сенде туруп Ысык-Көлдү эстедим” (266-б.) деп ырдаса, “Алтай сапарында” Эне-Сайдагы эстен кеткис күндөр, Кузбасс кенчилери менен кездешүүсү, өлбөстүк темасын өлтүрө жазган В.Шукшиндин издерин музейинен издегенин сыр кылып, кагазга чебер түшүргөн. “Акын жашайт ырларынын сабында” дегендей, Бактыгүл турмуш азгырыктарынан алыс болуп, убакыт мезгилин жүгөндөй алган өжөр инсан. Күлүгү чыккан күндөрү, жоргосу уткан жылдары да шымаланып, жокко-барга шүгүрчүлүк кылып боюнан кут-керемети мөлтүлдөгөн ырларды жазды. “Наймандын” тулку-боюн уялаган ыр капкасы – досубуздун акындык келечегин аныктап, өзүнө таандык руханий дүйнөсүн жайнатып ачып турат.


Жыйнакты жонуна көтөргөн беш поэманын бири – “Найман”. Кыргыз ханы каргадай баласы калдайып, бой тиреген сайын менден кийин хан болот деп өзүнө болжоп, бейгам жүргөндө жергесин капысынан жоо басат. Жалгыз тиреги калың колду баштап, душманды

жеңген менен, өзү урушта алган жараатынан түзөлө албай, жан берип, сөөгүн хан ордого жүктөп келишет. Ордо чайпалат. Жалгыз мураскер жоо колунан каза тапты, эми бизди кийин соңу ким башкарат деп, бийликке көз арткандар тымызын бытырандылыкты баштайм деп турганда, хандын чырактай эстүү келини кайнатасына акыл кошуп ишке жарайт... Убаймалуу хандын бир башын эки кылып, туюктан жол таап, мураскерлүү кылат. Эл чайпалбай, чачылбай Найман тукуму уланат...

Поэманын данектей даана акылы, эзелтен муундан-муунга мурасталган тукум улоочулук – генофонд көйгөйү курч көтөрүлгөн. “Бул өзү урпактарга укчу сабак! “Кубаттуу Ордо түзүп улуу канат” деген өзөктүү ой менен бүтөт. Чыгарма “кыргыздын жалпы жоосу – ынтымаксыздык” деген кылымдарды карыткан маани да жетиген жылдызындай жанып турат. Кара сөздүн кетменин чапкан инсан катары айтсам, Наймандын санжыралуу өмүрү ыр менен жазылган романга татырлык экен. Анын тулку боюнан сөзү айбат, батасы кайрат болгон ата-бабаларыбыздын бизге жеткен нускалуу насыйкаттары бүгүнкү урпактарга унутулгус күлазык. Көлөм жагынан анча деле чоң болбогону менен, идеясы, философиялык ой-чабытынын терендиги боюнча өзгөчөлүү, өмүрү узун болчу чыгарма “Базыл баатыр” поэмасы да эстетикалык-көркөм баалуулук катары ак кызмат өтөй берээр. Аны менен Б.Чотурова тарыхыбыздын жылдызduу асманында дагы бир жаңы жылдызды – Базыл баатырдын байтеректей бейнесин адабиятыбызга алып кирди. Берки “Үч бай”, “Кут” поэмалары да замандан заманга закымдаган чындыкты алып жүргөн, акындын жан дүйнөсүндө жанчылып, сезим отунда какталып жүрүп бышкан чыгармалар.

Жаңылбасам, “Акын үчүн карьера эмес, өсүш керек” деп орус акыны А.Блок айткан болуш керек. Бактыгүл “Кыргыз Туусунда” өстү, өндү... Өзү дагы “Кыргыз Туусу” адам кылды, акын кылды деп калат... Алыкулдун “турар күнүм бир, калар күнүм миң...” деген унутулгус саптары поэзия бийиктигин кубалаган акын досубуздун жадысында жүрсө керек.

Жыйынтык сөзүбүздө, сыймыгынан сая баскан жүгү оор акындык тагдырга таалайын байлаган замандашым чеберчилик жактан жетилип, бир боор поэзиябыздын айдыңында акындардын бир муунунун көч башында таанымалы да, сүйүктүүсү да деп тайсалдабай айтсам жарашат. Жакшы тилек, жарым ырыс. Пашарт, баягы Токтогул атындагы сыйлыктын кезектеги жарышы жарыя болуп калса, “Найман” жал-куйругун түйүп, жарышка салсак, мөөрөй алып чыкчу акжолтой китеп. Чоң атасынын куту уялаган сыйлык “өзүн поэзияда бактылуу сезген” небереси үчүн эле эмес, жалпы поэзия сүйүүчүлөр үчүн да сыймык болор. Мезгил тараза, байкап туралы...



ПЕРИШТЕЛҮҮ ПРОЗА

Дастеп көрсөм, колума китеп кармай элегиме көп болуптур. Жазуучу Мамат Сабыровдун "Акыркы сапар" аттуу китеби колума жаңы тийгенде Ысык-Атага, бээнин сүтүн ичкенге жөнөп аткам. Китепти өзүм менен кошо ала кеттим. Он күнчө жатсам-турсам бирге болду.

Элдин билбегени жок, бээнин сүтүн жылуусунда ичели деп бир тобубуз күндө желенин түбүн сагалайбыз. Баарынын колунда курсагына чактап тапкан курушкасы бар. А мен колтугума Маматтын китебин кошо кысып алгам. Өзүңүз билесиз, кыргыз бошой калды, эрмек издейт. Саясаттын узун-туурасын жоно берип жадаштыбы, "бу сиз менен тоого чейин келген кайсы китеп?" дешип асилдешип суроо узатышты. "Мамат Сабыровдун жаңы чыккан китеби" десем, ичкен сүтү ичеги ылдый кулдурап-чулдурап бараткан кыкемдер жамбаштап жаткан бойлорун түзөй калышты.

Тээ Таш-Көмүрдөн бери сүттөн-сүт тандап, акыры ушул жерге келип токтогон Асанбек абага карап: "Асаке, Мурза Гапаров, Кубат Жусубалиев деген жазуучуларды уккан белеңиз?" десем, "угушун угуп жүрөм, бирок китептерин окубапмын, болгонун болгондой айтыш керек да..." деп чекелей берди эле, "ээ, анда көп нерседен кур калыпсыз" дедим тамашага чалып. «Эй ука, сен дагы кызык экенсиң, биз китеп окуп отуруп алсак, малыбызды ким багат?!» Мен түшүндүм, кепти көбөйтпөдүм...

Жанагы мен айткан беш салаа менен саналган жазуучулардын экөөсү жөнүндө, алардын чыгармачылыгы тууралуу кеп баштап, Мамат Сабыров ошолорду устат тутуп жолун улаган калемгер экенин, экинчи жагы мага ини болоорун айтсам, бир-экөө "жакшы жазса укаңиздин китебин каяктан тапсак болот?" деп калды. Сүт ичип жаткандардын бул сөзү мага жакты... Күн сайын китептен бирден-экиден аңгеме окуйм. Андан ашырбайм. Он күндө "Акыркы сапардын" аягына чыктым...

"Пүлгөндүн шамалы" жаңылбасам, жазуучунун экинчи повести. Чыгармада журналисттик кесипке ээ болгон Мухтар жумуш издеп, жолу болбой түштүктү түрө кыдырат. Иш издеп жүрүп, жолуккан, сүйлөшкөн адамдардын кыял-жоруктары, түркүн тагдыры кызык-

туу жазылган. Окуп баратканда кыргыз аңгемесинин классиги М.Гапаровдун "Кыштакча" повести эске түшөт. Элет адамдарынын мунзарлуу, ары юморлуу жашоо үзүмдөрү карегинде калып, көңүлүңө уюйт. М.Сабыровду айырмалап турган касиет чактап жазганы, көлөм кубалабаганы. Повестти окуп баратып, улам азайып бараткан беттерине ичиң ачышат... "Акыркы сапар" аңгемесинин аталышы китепке ыроологонуна караганда жазуучунун ишенген чыгармасыбы деген ой келет. Ошондой эле экен!

Аңгемеде айтылуу Полотхан кадимки Кокон хандыгын башкарып, кийин-соңу тагынан тайып, дүйнөсү тарып тагдыр жазмышынын коон тилигиндей күндөрүн жан дүйнөңү титиреткен абалга жеткире сүрөттөйт. Доор үнүн, мезгил жүзүн өз боёгу менен элестүү берет. Полот хандын дарга түбүндө ажалга тике караган эрдигин жазган чебер сүрөткердин калеми тарыхый чоң темага талпынып тургандай. Аны "Зындан" аттуу аңгемеси да тастыктап турат. Өз кезегинде ата-бабалардын жердеги агып кеткен заман-дооруорун кагаз бетине түшүрсөк деп армандаган залкар акын агабыз Жолон Мамытов минтип жазып атпайбы:

"Айланып өтүп жатат чиркин дүйнө,
Көзүмдөн тегеренип ала-була.
Батырам кантип гана бул күндөрдү.
Сыядай сыгып алып барагыма" – деп жүрөгүн тилдирип, анан "...ким ырдайт өткөн күнүн бабалардын?!" дептир. Каңырыгы түтөгөн кайран Жокем бизге чоң суроону ташташ кетиптир...

Маматты байкасам, бармактайынан эле адамга ынак, сөзгө куйма кулак, кызык адамдардын кулк-мүнөзүн андап чоңойгон экен. Ал көп чыгармаларында турмуштун миң-сан кырын, түмөн сырын, замандын кыйма-чийме салаасынан келди-кетти өмүрдүн ызасын да, кубанычын да ийне көзүнөн өткөзүп жазганга ыраса бышыптыр. Алсак, Ак Үйдүн алдында ("Атамды бошоткула!") деген плакат көтөргөн Алымкан, карыз менен кредит желесинен чыга албай жанталпаз болгон, өз өмүрүн кыйгысы келген каарман баяны ("Табылга"), көр оокат буйткасына камалган Кемелдин ("Макен байке") арасат учурунда көзүн ачкан Макен байкенин кайталангыс бейнеси бүгүнкү ыйман тайыздаган маалда айрыкча актуалдуу экенин, өз айылына келип адамдардын ("Көк пакет") пейил-куюн көрүп ичинен сызган Ашыр, кезегинде түштүгүнө жорго минип, кийин оомал-төкмөл заманда Кудайдын бир момуну болуп акыретке узаган Жамалбек ("Карыз"), Меккеге мойнуна көтөрүп барып парзынан кутулууну кыялданган каармандын өлүмгө кайыл болуп калган атасы менен аргасы жок коштошкон жери ("Көкөй кести"), философиялык кайрыктары муунжүүнүңүздү какшатат-ов!

Жазуучу жөнөкөй чындыкты поэтикалуу кудурет-күч менен сезимине уютуп, каармандарды туруш-турпаты менен говор-күүсүн бузбай бергенге өтө маш. Аңгемелеринин "сылтыган" жерин көрө албадым. "Арзыкан", "Келин гүл", "Жазгүл", "Күйүт" аңгемелери өзөктөш. Сүйүү таасири жүздөп, миңдеп жазылса да жаңы боёктору ачыла берет го. Анын сыңары, жогорудагы чыгармалар өзүнүн ыры, өзүнүн шору менен, жаңы күтүлбөстүктөрү менен кызык. Ал эми "Төкөлдөш, Тэцуо жана Назира апай" аттуу аңгемесине кадимкидей суктанасың. М. Сабыров тээ илгери баштан кечирген күндөрүн да кунарын кетирбей акыл кесесинде сактап, аны дайыма "уучтап" жүргөнү ыраазы кылат. Шол мезгилди обон-күүсүнө чейин оймолоп кагазга түшүрсө кечээ-бүгүн болгондой таасири бир керемет!

Мамат – стилин тапкан жазуучу. Идеясын өз кайрыгы менен кешителеп, окуганды эриктирбейт. Диалог түзгөнгө өзгөчө уста. Каармандардын "үндөрү" угулуп турат. Психологиясын көөрүк баскандай көлкүтүп, кайталангыс баяндоо ыкмасы окугандын ышкысын козгойт. Чыгарманын аягына чыгып, кыйлага "дем аласың", ойго чөгөсүң. Тегерек-четке көз чаптырып, сага көрүнгөн турмуштан бөлөк дагы бир жашоо-турмуш бар экенин туюп, тунжурайсың... Бул таланттын күчү!

Мамат Сабыров жазып жатып калем тизгинин колдон чыгарбайт. Ал сөзгө сараң, көлөмгө сараң. Аны Чеховдон үйрөнгөн, Гапаровдон үйрөнгөн... Сөздү барктаган калемгер. Дүйнөлүк улуу ойчулдардын сөз берметтерин, учкул сөздөрүнөн турган "Кеменгер кеп" аттуу афоризмдер жыйнагын түзүп, жылда жаңылап басмадан чыгарат. Ал кыргыз элинин колдон түшпөс таберигине айланды. Жыйырма миң нускада жарык көрүп жаткан элдик "Жетиген" журналына сандансанга жарыяланып келүүдө.

Көп эмгектенүү — бул тытынып жазуу деген кеп эмес. Кээ бир учурда өзүнчө толгонуп, изденип жүргөнү менен ишибиз жок, "кийинки мезгилде жазбай кетти" деп кейип-кепчип, наалып калабыз. Аз жазгандарды шаштырыштын кереги жок, алардын жүрөк кумарына салып, кушкер жазганын күтүш керек. Көркөм өнөрдүн саябанын салкындаган бир чындык бар, ал сан эмес, сапат! "Чыныгы жазуучу жазам деп жазбайт, жазбай коё албаганынан жазат» (Бунин). Ошол калемдин жазганын окурман күтөт, жүрөгү каалап зарыгып күтөт. Ошол күтүлүп окулган жазуучулардын сап башында Мамат Сабыров иним да бар экенине сыймыктанам. Бар бол, асыл ойдун, периштелүү прозанын жаратманы!

Абдиламит МАТИСАКОВ,
жазуучу-публицист.



КАЛЕМДЕШ АГАМ ЖӨНҮНДӨ

Жүз жыл жаша ыр жазып,
Өмүрүң өтсүн тынчтыкта!
Темиркул УМӨТАЛИЕВ

Тынчтыкбек агам менен "Ленинчил жаш" газетасынын караңгы коридорунда, кыйчылдаган жыгач полун карсылдата басып келип учурашкан күнүм бүгүнкүдөй эсимде. Адатынча колумду силкилдете кысып: "Бизге келдиңби?!" деди. Сураганынын да жөнү бар эле. .

"Макала апкелдим..." Төрт бүктөлгөн баракчарымды жазып, "Ленинчил жаштын" жогорку окуу жайлар бөлүмүнүн башчысы Тынчтыкбек Нурманбетовго сундум. "Жүрчү, жарыкка", - деп мени иш бөлмөсүнө алып кирди. Чын эле терезелүү, кенен бөлмө коридорго караганда жарык экен. Сүрдүү да көрүндү. "Мурда келдиң беле?" Суроосу "мурда жазчу белең?" дегендей угулдубу, билбейм, "мектептен бери жазып келем" деп жибердим.

Көзүн жүлжүйтүп, өзүнө гана көрүнчү нерсеге абай салгандай түнүлүп менен түшүргөн "азаптуу" саптарыма салмактуу тигилип, "калтырып кет, студенттик турмуштан жазыпсың, бу мага тийиштүү", - деп тартмасына ирээттүү жыйылган көп материалдардын үстүнө койду да, өзүнүн журналына каттап, аты-жөнүмдү тушуна жазып койду.

– Наркы жумада келип, кабар аласың... – деди. Наркы жумадан баштап, менин "Ленинчил жаш" (азыркы "Агым") газетасына каттаган, иштеген он эки жылым жана бүгүнкү ары чыгаан, ары зирек акын, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген иштмер, "Кырчын" журналынын башкы редактору Тынчтыкбек Нурманбетов менен таанышкан, ысык-суукту баштан кечирген жанкурбулук көч ошентип башталган эле.

Чыгармачылыкта бири-бириңе күйөрмандык-камкордук, адамдык жүрүм-турумда, мамиле-катышта кыйбастык барып-келип эле жылдыздардын дал келишине, табият тартуулаган жан дүйнөнүн түгөйлүгүнө байланыштуу окшобойбу. Болбосо, Тыкем менен өмүр

сапарын бирге бойлоп, ага-ини болуп ээрчишкенибизге ашык-кеми жок отуз жылдан ооптур.

Ушул тапта акын агабыз чыгармачылык жактан жетилип, такшалган тажрыйбалуу редактор, таанымал коомдук ишмер катары коомчулугубузга аттын кашкасындай белгилүү. Тыкемдин тынчы жок, тынымсыз изденүүлөрү табылгалуу болду десем, куп гана жарашат. Жылда болбосо да, жыл аттатып чыгарган поэтикалык китептери окурмандарынын назарына толуп, бир катар поэзия билармандарынын, күйөрмандарынын алкоо-пикирлерин басма сөз беттеринен окуп да жүрөбүз.

Акын агабыз кыргыз элинин залкар акыны Темиркул Үмөталиев, кара сөздүн зергери, даанышман жазуучу Жунай Мавлянов өңдүү таланты ташкындаган агаларынын ак батасын алып, "Мекен мээри", "Эл деми", "Таш-Көмүр табы", "Азаптын элүүнчү ыры" аттуу Нурманбетовдук нарк-насилди тастыктаган, жүрөктөн оргуп чыккан ыр жыйнактары кыргыз адабиятына салмак кошуп, табылгалуу "табы" менен жаңылап турат.

Тыкемдин жогоруда аталып өткөн жыйнактарында, айрыкча, жаш өмүрлөргө, жалпы эле адамдарга, тууган жерге, өмүргө, тирүүлүккө, көкүрөк байлыкка карата жүрөктү элжиреткен, көңүл сезимдерин козгогон аксанат ойлор арбын экени бекеринен эмес...

Тынчтыкбек агамды көптөн айырмалап турган көрөсөндүү касиети деп, анын уюштуруучулук талант-мээнетин айтсак калыстык болот. Өз кезегинде "Жаш Ленинчи" журналына башкы редактор болуп бекигенде, балдардын басылмасы бак-тагынан тая элек, Өкмөт көзөмөлүндө турган бирден-бир журнал эле. Союз ыдырап, ар ким өзүнүн "ырын" ырдап, чоорун тартып таркаганда жаш жеткинчектердин, өспүрүм балдардын сүйүктүү журналы өзүнчө өр таяна албай, материалдык жактан өксүп, жаңы замандын капшабына кабылганда, Тынчтыкбек агабыздын жаратмандык эрдигинин аркасында "Кырчын" журналы бутуна туруп, башкы редактордун өжөрлүгү менен басылма баягысындай эле басмадан байма-бай чыгып турду.

Муну азыр эскерсең, "базар экономикасы эч кимди башынан сылабайт, аны баарыбыз эле баштан кечирдик го" дечүлөр чыгат. Бирок, балдардын жан дүйнөсүнө табылгыс байлык, нарк-насилине тумар болгон, тарбиялык мааниси төө көтөргүс басылманы каатчылыктын курмандыгы кылбай, аны Чолпонбайдай төшү менен тоскон Тынчтыкбек агабыздын бүгүнкү эрдиги эмей эмине?! Бул айкөлдүгү, жашатарыбыздын эртеңкисин ойлогондугу үчүн агабыздын колун кысып, менин ыктыярымда болсо, журналдын алдыда болчу мааракесинде төшүнө орден тагар элем...

Бир жолу "Кырчын" журналынын эмгек жамаатын "Учкун" басмасынан айдап, ордуна ижара акысын тутамдаган чет элдик фирманын адамдарын киргизгенге аракет кылган аттуу-баштуу кыргыз чиновнигине Тынчтыкбек агам кыргыйдай тийип, "кыргыз адабиятына тагдырлашмын" деп төш кагып жүргөн Сиз ушундай мамиле кылсаңыз, анда "Кырчын" журналына ким күйөт?! Жеткинчектердин журналын жетимсиретпей колтугуңузга кыскандын ордуна, жөлөктаяк болуп колдогондун ордуна кодулаганыңыз кесирлик болот. Мен бул жоругуңузду коомчулук алдына алып чыгам!" деп ал чиновниктин улуулугуна карабай жарылып кетет.

Натыйжада түз, тайманбай айтылган сөздөн кийин "Кырчын" журналы кийин көп жылдар конуш которбой, ошол басма үйүндө турду. Бирок, каржылык төлөмдөрдүн, кагаз, типографиялык чыгымдардын күн санап өсүүсү балдар басылмасын төө бастыга алса да, кыраакы, күйүмчүл жетекчинин күн тынымды билбеген күрөшчүл мүнөзү, өз позициясын бербеген өжөр аракети менен басылма өз убагында чыгып, окурмандарына өз маалында жеткирилип турду. Бул айтканга оңой болгону менен, оңбогондой азап иш экенин өз башымдан өткөрүп, улуттук журналистика майданында болуп, көп жылдар газета чыгаруу машакатында жүргөн адам катары айтып жаткандагым...

... Жамила жеңемди жанына алып, тирикарак Кубат инимди жетелеп, той-тойлоп Тынчтыкбек агам минтип пайгамбар курагына кыялап чыгып келатат. Той-топурларда улуу-кичүү жакшылардын алдына чыгып, жакшылыкка тилек айтып, жакшы адаты бар, аягында созолоно мукам ырдайт. Тыкемдин ошондогу ырын угуп койгула, укпасаңар арманда каласыңар!.. Эч шашпайт. Башын бийик көтөрүп, Афлатундун бийик аскасына карагансып, обон созот. Шаңкып чыккан добушу жүрөктөрдү кошо ырдатат. Жүрөгүңөн кошулуп, кантип ырдап ийгенинди билбей да каласың. Тыкемдин мукам ырын укканда, эмнегедир ак батасын берген куттуу устаттары Темикем менен Жунай агамды эстей берем. Акын агам улуулардын ак батасын, ишенимин актады!.. Аруу ишенимди актаган адам гана Тынчтыкбек агамдай шаңшып, чын жүрөгүнөн мукам ырдайт. Кана, замандаш, биз дагы кошулуп ырдайлычы!!!





«АТАМ БИР КӨРҮШ МЕНЕН АДАМДЫН КИМ ЭКЕНИН БИЛЧҮ...»

Абдиламит агай, сөз кадырлаган адамсыз, сизге биринчи суроом, эмнеге проза жанрында мурдагыдай эл кууп-издеп окучу, жүрөккө жакын чыгармаларды табыш кыйын? Же мен жаңылышып атамбы?

– А дейбиз, бу дейбиз, бирок көркөм өнөрдүн жана өзүң айткан көрүнгөн эле көтөрө алгыс проза куржунунун эки көзү жабыккан жан дүйнөнү жакшылыкка жетелеп, чөгөлөгөн тагдырды жан-жагынан жөлөгөн, күлазык чыгармалардан бөксөргөнү ырас. Бир мисал, көркөм жаңылыгы куштарыңы көкөлөткөн Мамат инимдин (Сабыровдун) аңгемеси Баткендин бир четки, баткактуу айылында акыл-жүрөгү кирдеген, адилетсиздиктин сыйыртмагына муунуп отурган Кудайы момундун колуна тийди дейли, о бечара чырактын жарыгына салып, толуп-ташып окуган соң: “Эй, бу жалганда мага окшогон эптеп ооматын кылдыраткан пенделериң толуп аткан турбайбы!!” деп чыйралып, кайгы-капасын боюнан силкип туруп кетип атпайбы!

Мына, жакшы чыгарманын күчү! Андай сар-санаага батып, өзүнө-өзү ишенбей калган убаймалуу жандар арабызда канча! Ошондой үйүрүнөн адашкан пенде үмүтүн жандырып, ылдыйда өбөк, өйдөдө жөлөк болгон көркөм сөз гана өмүр сүрүүгө акылуу. Уштапта пенде баласынын кайгы-касирети глобалдык добул-чапкындан жапырылып, тээ алмустактан тамырлаган ыйман-пейили, ыйык насааты тагынан тайган маалда адам рухунун асылзаадалыгын айкындап, нравалык тунуктукка жетелеген дил кайрыктар тим эле мүрөктүн суусуна барабар. Кээде жазмакерлик амал-айлага салып, бээ турса, төөнү жазган, бүгүнкү күн менен кайнаса каны кошулбаган чыгармалар көбөйгөн сайын эл китептен алыстап кетти... Жүрөк менен жазылбаган чыгарма тарыхта калган эмес...

– Быйылкы жылды тарых, маданият жылы деп жарыяладык. Мүмкүн, жана сиз армандаган гуманизм духундагы чыгармаларга мөмөлүү жылдардын бири болор.

– Ишенсең, Указга кол коюлду деген күнү кайран Сүкөм (Чокморов) көз алдыман кетпей койду. “Кудаа кааласа, кезек-мөөрүтүңүз келди, Сүкө! Эли-журтуңуз сагынып күткөн кайра тирүү, кайра жаш, кайра сүрдүү, муңайбас эстелигиңиз, аалам суктанган “кыргыз өңүн” улут көркүн ажарлантып кең калаанын бир жеринде турарсыз!” деп тирүүлөр көчүнөн эрте бөлүнгөн залкар таланттын арбагына алакан жайып, дуба кылдым. Өзүбүздү өлбөөчүдөй көрүп, күнүмдүккө, утурумдукка азгырылып ыбырсыган менен заман-доорлор алмашат. Ошондо биз, ар бир муун өзүнүн журт жакшыларына, улут сыймыгы болгон бийик инсандарга заманбап эстеликтерди калтырсак, ошо руханий акыл-көрөңгөнүн нурлары кылымдарды тепчип, эс-тутумдун жылдыздуу асманында түбөлүккө турат эле.

Артка кылчайсак, эгемендик алгандан бери далай жасалма “энчиленген” жылдарда жашаптырбыз. Элдин эсинде калган, “энчисин” алган жыйынтыктуу жылды жадыбыздан издесек илинчүдөй эмес. Энчиленген жыл деген зарылдыктан келип чыгыш керек! Бул жолкусунда өткөндөр менен келе элек тирүүлөргө көөнөргүс сабак-санжыра болчу мамлекеттик деңгээлдеги көп жумуштар бүткөрүлөт деп тилек кылалы. Ал эми маданият, тарых жылы өлбөстүккө калчу зубаласы зор чыгарма жазылат же жазылбайт деп беймаал көзү ачыктык кыла албайм...

– Абдиламит Мурзаевич, залкар акын агабыз, Кыргыз Республикасынын Баатыры, ыраматылык Сооронбай Жусуев «Сөз кудурети” деген китебинде сиз жөнүндө жазып келип, жаш болсо дагы чыгармачылыгында бири-бирине окшобогон, ыйманы таза кары адамдардын бүтүндөй бир галереясын жаратыптыр деген жылуу пикирин айтканы эсимде. Айтсаңыз, ошо каармандарыңыздын таалимдүү турпаты, кайталангыс адамгерчилик касиеттери атаңыздын жүрүм-турумунан, жашоо философиясынан алынган эмеспи?..

– Атам улуу-кичүүгө сый-урматтуу, бечаралуу жан көрсө үйрүлүп-үзүлүп түшкөн өтө бир абжир, жанкүйөр адам эле. Бир көрүш менен адамдын ким экенин билчү... Жашыман базар-учарга кошо ээрчип, жанында көп жүрдүм. Кызык адаты бар эле, ырай-ороюн эзели көрбөгөн бирөө алдынан чыкса, озунуп салам берип, ал-жай сурашчу. Балалык намысым козголуп кеткенде: “Тааныбаган киши менен эле учураша бересизби?!” деп наалысам, “мен тааныбаган менен аны Кудай тааныйт, балам...” деп далыман аста таптап койчу, жарыктык. А жанагы ал-жай сурашкан адам аркабыздан жылмайып, бизди

небактан бери билгендей, өзгөчө, атамдын сымбат-сынына суктана тиктеп калчу. Комузду шаңкытып бир жакшына черте турган. Чертип атып көңүлү көкөлөп кеткенде абаздуу кылып ырдап да жиберчү. Ошо тирүүлүктүн обону аңызгече кулагыма жаңырат. Атам айды аркандап, күндү күрмөп турган чагында “Саринжи Бөкөй”, “Бекарыстан”, “Курманбек”, “Аксаткын мене Кулмырзаны” төгүлүп-чачылып, кыябына келтирип күүгө салганда бадан-боюна сыйдырган санжырасанаты балдарын балкытып, сыймакка бөлөй турган. Бир сөз менен айтканда, силерге атамдын руху, накылы, жүрүм-турум ишааратгары чыгармамдын тулкусунан сезилгендей болсо өтө курсантмын. Андай керемет сезимдер өмүр бою коштоп жүрөт окшойт...

– Чыгармачылыкта чырпык кезден чырмалышкан айдар көкүл ашыналар болот экен. Нечен жылдар коюн-колтук алышып, ал тургай бирдей ойлонуп, бирдей толгонуп бет келгенде балкып-көлкүп, чер жазышкан пайгамбар табыштырган достор жөнүндө да сүйлөшсөк болобу?

– Азизбек, бу жашоодо көктөн ылдый өрүлүп түшкөн Асан-Үсөндөй коюндаш-моюндаш достор, Кудайга шүгүр, түзүк эле. Чыгармачылыкта деп калдың, алардын бири жөнүндө, чыгаан романчы Тойчубай Субанбеков досум тууралуу ой бөлүшө кетейин. Мезгил деген чексиздикте жылдыз курттай жылт-жулт этип, жүрөктү зырпылдатып калып кеткен гүлкайыр күндөрдүн биринде Тойчубай экөөбүздү кол кармаштырган Жунай аке (Мавлянов) өзү болгон. Экөөбүздү эки жагына алып, Эркиндик гүлбагында сөөлөттүү басканда агабыздын мелмилдеген кең дүйнөсүн жээктеп, ага даап кире албай өзүнчө элежүдөгөнүбүзчү... “Тирүүлүктө үзөңгүлөш жүргүлө, чыгармачылыкта да ылык-ысык күндөр болот” деген жешилбеген сөзү турмуштун сансыз сырын камтып турчу.

Бир сапар дагы үчөөбүз катар басып келатканбыз: “Тойчубай повесть жазып коюптур, окуп чыктым. Жакты. “Ала-Тоо” журналында кезек күтүп турат” деди Жунай аке боюн түздөп, азыр таягын таштап басып кетчүдөй туюлду мага. Шакиртинин чыгармасына чын ыкластан кубанганын сездим. Оң жагында агайынан озуп кетпейин деп аяр кадам шилтеген Тойчукем бир паста аңгеменин “эбин” эми таап келаткан мага караганда он паксага эгиздей түштү. “Биринин көзүнчө бирин мактап жибердим окшойт” дедиби, кыраакы устаз дароо: “Экөөңөрдүн тең жазуу стилиңер жагат. Абдиламиттин аңгемелери тууралуу оюмду “Кыргызстан маданияты” жумалыгына макала кылып жөнөттүм, жакынкы сандарга жарыялайбыз дешип атат” деп менин да пешенемден сылап койду.

Кайран гана, жоомарт агайым миң тамырлуу тирүүлүк казанында дакталып, сөз кудуретине ичтейи жаңыдан ачылган инилерин изденүүнүн азаптуу жолуна жөлөп-таяп алып чыкканын ошондо өзү туйду бекен!?. Айткандай эле, Тойчубай чарчоону билбеген, көркөмү көлкүгөн жан дүйнөлүү, ызаат-урмат улуулугун тагынан түшүрбөй алып жүргөн азамат чыкты. "Талант бул – уяң жылдыз, кут сындуу көктөн келген..." деп, акын агабыз Сүйөркул (Тургунбаев) сыпаттагандай, Т.Субанбеков жазуучулук дөөлөткө жеткирчү жалгыз жол мээнет экенин баарыбыздан эрте туйду. Байкаганым, басса-турса колтугунда китеп, жатса жаздыгына жаздаганы да китеп болду.

Каруу күчүн, санаа дилин сапырып-сарптап, оролуна келтирип окурмандарына бир катар тарыхый романдарды тартуулады. Ишенсең, тарыхтын катмар-катмар казынасына каалаган эле баш бага албайт! "Жүрөктөш жар", "Жээренче чечендин акыркы күндөрү", "Барсбек кагандын көрөр көзү", "Күнболсун ажо", "Кара-түлөк чоронун эрдиги", "Эр Садырдын үркөрдөй кошуну" романдары көчмөн духтун өчпөс чогун, беделдүү бийлердин, ажо-кагандардын көркөм бейнелерин, миң-миллион күндөрдүн күйүт-ыйын, азаптуу асманын ажайып ажары менен бизге жеткизгенин эми айтып отурсаң түгөнбөйт...

– Ошо сексен-токсонунчу жылдары жаңыдан жазып жүрүшкөн көп жаштар Мурза Гапаров, Кубат Жусубалиевди өздөрүнө кумир тутуп, каякта жүрсө кошо эргешип жүрүштү. А кезде Кубат Жусубалиев менен уюштурган "Ак журтчу аман, журт аман" маегиңиз, Мурза Гапаров жөнүндөгү "Тыңшачы, дарыя шоокуму угулабы?!.." аттуу макалаңыз да сиздин ошол топтун арасында жүргөнүңүздү айтып тургансыйт.

– "Ленинчил жаш" газетасында жооптуу катчымын. Иштин мүнөзүнө жараша аркандалган аттай жамаат кашынан жылбай күн кечкиртмей. Пашарт, Кубат ака же Мурза ака редакцияга баш бакса болду, астымдагы иш калат, ошолордун аркасынан кошо кетем. Андайда ыраматылык көңүлүндө эч кыраамы жок редакторум Калыбай Осмоналиев издеттирип таппай калса, кабылдамада отурган кыздан, "бу жакта Мурза менен Кубаттын жүргөнүн көрбөдүңбү?" деп сурачу экен. Дейдилигим үчүн жеме-жукага алчу эмес. Тек гана "аларга тенелбе, алар биздин бир айлык жумушту бир түндө иштеп коюшат да, күндүзү Кудайдын бекерчилери, редакция кыдырышат" деп жумшак күлүп калчу. Үнүнөн аларды бизчилеп сыйлаарын сезчүмүн.

Мен дагы ичимен "бекерчи" атка конгум келчү. Түнү бою отуруп, алардыкындай ширелүү сөздөргө салып чыгарма жазсам деп эңсе-

чү элем. "Советтик Кыргызстандын" (азыркы "Кыргыз Туусу") катчү элем. "Советтик Кыргызстандын" (азыркы "Кыргыз Туусу") каттар бөлүмүндө иштечүмдө Кубат аке редакцияга көп келчү. Келгентар бөлүмүндө иштечүмдө Кубат аке редакцияга көп келчү. Келгенде узун коридордун ортолугунда туруп алып, гезитке макала, кабар, де узун коридордун ортолугунда туруп алып, гезитке макала, кабар, баяндарын чүргөй албай көпөлөктөй шашып-бушуп жүргөндөргө баяндарын чүргөй албай көпөлөктөй шашып-бушуп жүргөндөргө "эй, старик, качан көрсөм, күздөгү жалбырактай дирилдеп шашып "эй, старик, качан көрсөм, күздөгү жалбырактай дирилдеп шашып эле жүрөсүңөр, качан бир нормальный сүйлөшкөн күнүңөр болот?!" эле жүрөсүңөр, качан бир нормальный сүйлөшкөн күнүңөр болот?!" деп тарс-тарс сүйлөп, карс-карс күлсө, а тигилер сыртынан күлүмүш деп тарс-тарс сүйлөп, карс-карс күлсө, а тигилер сыртынан күлүмүш болгону менен, ичинен "шыргыйдай болуп, бу бекерчи каяктан келе болгону менен, ичинен "шыргыйдай болуп, бу бекерчи каяктан келе калды" деп колундагы барагын эсептемиш болуп, жолун торогон Кукалды" деп колундагы барагын эсептемиш болуп, жолун торогон Кукеми айланып, машбюрого шашышаар эле. Ого чейин доошун эшикеми айланып, машбюрого шашышаар эле. Ого чейин доошун эшитип калган жаным коридорго учуп чыгам: "Эй, кембагал, күндө гетип калган жаным коридорго учуп чыгам: "Эй, кембагал, күндө гезит чыгарам деп ушу жерде какшыйсың го!" деп барбайган колдору зит чыгарам деп ушу жерде какшыйсың го!" деп барбайган колдору менен далымдан домдоп же көңүлү тутса, арык, сөөктүү көкүрөгүнө менен далымдан домдоп же көңүлү тутса, арык, сөөктүү көкүрөгүнө кысып-кысып учурашаар эле.

"Ак Журтчу аман, журт аман" деген экөөбүздүн маегибизге кошуп, Кубат акенин сүрөтүн да гезитке бермек болдук. "Эй, ука, көптөн бери сүрөткө түшө элекмин, партиялык гезиттин коноргосуна конуп, түшсө түшүп коёюн, имне дейсиң?!." Күлгөндө көрүнө түшчү маңдайкы узун тиштерин жазы алаканы менен калкалай берчү. Сүрөтчүбүз Марат Айтакуновдон (жаны жаннаты болсун!) "каяктан тартасыз?" десем, "бою узун кишини отургузуп тартыш керек" деп жыйындар залында жер замандагы үстөлдөрдүн бирине отургузуп, биринчи өзүн, анан эстеликке экөөбүздү катар отургузуп тарткан. Ошо сүрөттөрдүн экөөсүн Кубат акенин жарык көргөн китебинен, калганын гезитке чыккан бирин-серин маектеринен учуратканда, сүрөттөр ишке жараган экен деп калам. Марат сүрөтчү дикилдеп, шондо Кубат акенин айткан-дегенине тиштерин кашкайта күлүп, көчөгө да алып чыгып, кыбыла жакка бастырып (а кезде азыркыдай уналарга көмүлбөй көчөлөр аңгырап бош жатчу) тартты. Ошо сүрөттөрдөн менде калбаптыр. Сурайын десем, Марат сүрөтчү бейиш багында (ылайым эле!) жүрөт, а Кубат ака Ак журтчу болуп Алайга кеткен боюнча айда-жылда бир келет деп угам...

– Сиз өзүңүздү журналисттик кесипте көп жыл такшалып, анан жазуучулукка өткөн калемгермин деп эсептейсизби же дагы эле журналисттик айдындан алыстай албаган адаммын дейсизби?

– Чынын айтсам, мен журналисттик калем менен жазуучулукка кыялагам. Ойдон чыгарып жазганга караганда, күн сайын мезгил "төрөгөн" кызык кырдаалдарды кагазга түшүргөн мен үчүн актуалдуу. Жашыман эле макала жазсам аны көркөмдүү жазганга, окугандын

көзүнө элестеткидей сүрөттөөгө аракет кылчумун. А кездеги мени көзөмөлдөгөн бөлүм башчылар, жооптуу катчы, редактордун орун басарлары (бир гана Эсенбай Нурушевден башкасы) макаламдын ошо көркөмдөгөн жерлеринен "кол кесер" алып, кайчылап салышчу. Талашып кирсең "макала макаладай жазылсын да, бул көркөм чыгарма эмес" дешип тынчытып коюшчу. А мен тынчыбай кайра көркөмүн күчөтчүмүн. Алардын ою боюнча, макала факты, цифраларга шыкалып турса, жакшы же жаман деген бүтүм менен жумгакталса гана жараган материал. Макала энесинин курсагынан түшкөндө эле ошондой жаралган имиш. Кыскасы, кабарчылыктан башкы редакторлукка чейинки чыгармачылык жолумдун түмөн-түйшүгүн жазуучулуктун даңк-даңазасына ыраа көрбөйт элем. Журналисттин карегине чалдыккан керемет жазуучунун карегине чалдыкпай да калышы мүмкүн.

Улуттук журналистиканын тубаса таланты, көркөм публицистиканын дулдулу Мундузбек Тентимишев журналист болбосо, төө көтөргүс эмгекти – "Алыкул энциклопедиясын" жаза алмак эмес. Атам көрбөгөн замандагы материал-фактыларды изилдеп-иргеп чыгыш, аны салыштырып-салмактап жыйнап чыгыш, аны ыргагы менен ирээттеп жазып чыгыш эмне деген эрк, эмне деген өжөрлүк! Али XXI кылым көрө элек мындай алп эмгекти жаратып, Алыкулга экинчи эстеликти тургузган Мундузбектин эң башкы артыкчылыгы, дагы бир кайталайм, анын таланттуу журналист экендигинде! Керек болсо, "Атакенин акболотун" жазган Акбар Рыскулов да, "Жанжазанын" автору Султан Раев да, "Шабданды" жазган Каныбек Иманалиев да, "Сунулган баш... Суурулган кылычты..." жазган Абдыкерим Муратов да эң оболу, журналист экендиги жараткан эмгегинин ийгилигин шарттап турат! Убагында алар дагы күлүк маалдары экен, гезиттерде билек түрүп белсенип, тарткылыктуу тагдырлардын көз жашын кургатпай күргүштөтө жазып, жүрөгүнө чынарлуу сөз чөгөрүп, адамдарга болгон сүйүүнүн байчечекей сезимдерин ачышканы окурмандарынын эсинде.

– Мурда-кийин ыр жаздыңыз беле, поэзияга мамилеңизди билсек болобу?

– Жаш кезде мүмкүн, жазгандырмын... Жалгыздап, ыр окуганды жакшы көрөм. Обондуу ырларды да эргүү менен угам. Ырлары чыгыптыр десе, издеп таап окуган акындарым бар. Поэзия деп калдың, айтып койчу нерсе, бүгүн жакшы ыр жазган акынды мыкты ырчылар издеп калды. Көп акындардын көркөм туундулары обон менен жуурулушуп угарман жүрөгүнө оттуу-таптуу болуп жетип атат. Мына,

Сыймык менен Бактыгүл, Гүлнур менен Кыялбек, Алтынай менен Фатима, Зайырбек менен Түмөнбай, Жыпара Исабаева менен Искен Осмоналиев жараткандан жиберилген шыбага ооматтарын ортого коюп, биринин толкунун бири улап, ташкындап, элге жетип, эл жыргады... Миң жаңыртып уксаң да мукамы жүрөк тербеткен өмүрү узун ырлардын ыкыбалы ушундай жаралат экен!

Поэзияга келсек, азыркы ыр жазган жаштар агарып-көгөрүп бат жетилди. З.Ажыматов, М.Самыйкожо, А.Исмаилов, Б.Жамгырчиев өндүү жана куйрук улаш келаткан жаш акындар жараткан поэзияга көз кырымы салып, табылга тапсам кубанам. Өзү 22ге жаңы чыкса дагы, жазган ырларында жаңычылдыгы жанардай жайнап турган Каниет Орозбеков аттуу жигиттин тагдыры жүрөгүмдү сыздатты. Он гүлүнүн бир гүлү ачыла элек акын кудум жарык дүйнөдөн бөлүнөрүн билгендей, куйруктуу жылдыздай ырларды жаратыптыр. Бир ырында биз менен коштошуп атат:

"Кошкула, сындырым нан бөлүшкөндөр,
Кошкула мени менен көрүшкөндөр.
Кетейин арал таап ошол жакка,
Кетейин арбын жерге көгүчкөндөр..."

Болгону, Алыкулдан 15 жашка кичүү экен! Кудай өмүрүн дагы узартканда он беш жылда Алыкулга тең тайлашкан ырларын окуп калмакпыз. Ажал менен бетме-бет чыгып, канча жашасаң да даамы таңдайында калбаган бу жашоодон өтөөрүн Алыкулдун үшкүрүгү менен жазган экен, чиркин! Талант берсең, тагдырын кошо бер деп ушундан улам айтылган бейм... Сөз соңунда кыргыз поэзиясы үчүн Кожогелди (Кулуев) акын жүрөк өртүн жууруп жасагандай жумуш кылды. Түрксой уюмунда иштегенине жыл айлана элек "Беш акын" деген Эл аралык долбоор чийип, өзү иштеген уюмдун чоңдорун алдына салып, Кыргызстанга алып келди. Улуттук адабиятыбыздын наркын көтөрүп, кыргыз акындарынын беш муунун кылдап-иргеп, кимдин-ким экенин кыргыз телесинен көрсөттү. Чачы желкесине чейин агарган Толубайлардын алдынан чуурутуп, өнөрүнө кол чаптырып, эли-журттун черин жазды. Эптүүсүнгөн элчилер жасай алгыс мындай жөрөлгөнү өзүнчө эле поэзия күндөрүнө айландырыш, бир келсе, поэзияга жүрөгүн төшөгөн инсандын гана колунан келмек. Кожогелдиге ырахмат!

– Эгемен жылдары улуттук басма сөзгө бурулуш жасап, "Кыргыз Туусун" баш-аягы он эки жылга жакын жетектеп, гезиттер-

дин флагманы экенин бийик деңгээлде далилдеген жайыңыз бар. Кайсы таланттар менен иштешүү таалайына туш болдуңуз?

– Менин ыкыбалыма “Ленинчил жаш” газетасынан “Кыргыз Туусуна” бөлүм башчы болуп өткөндө, а жерде тилинен мөөрү, калеминен көөрү төгүлгөн, кыргыз журналистикасынын классиги Эсенбай Нурушев редактордун орун басары экен. Кара сөздүн каймагын калпып, көңүлдү көлкүтө жазган Төлөн Насирдинов менен көргөнүн көргөн жерде чапчаң жазып, чырайына чыгарган Эсенбай Калдаровдун караандары калдайып... Кайран, беделдерим, ай! Баш редактор Тилектеш Ишемкулов кимди болсун ишке салып сүрөгөнгө куштар, ой баккандар арасында саясий булактарга сугарылган адам экен. А кезде партиялык басылма “басыгынан” кыйла тайып, мезгил ырайына жараша окурмандар көңүлү менен болуп калган кез экен. Каттар бөлүмүнүн тизгини тийди, кат куржунду мүрүгө илдим да элдин үнүн ээрчидим...

Көп өтпөй ондон ашык көркөм аталыштагы каттардан турган атайын беттер “Кыргыз Туусуна” кубалашып чыга баштады. Мурда бул бөлүм элден келген каттын эсеп-чотун алып, арыз-армандуусун текшерүүгө жиберип, жооптошконду гана билген, илгерки Бектурсун Карабаев агайдын “тынчтыкты”, “тыкандыкты” сүйгөн бөлүмү “чектен” чыккан чакчелекей бөлүмгө айланды да калды... Кайгы-муңга чыланган элдин каттары бюрократиянын жообун күтпөй редакциянын босогосун аттап, төрүнө чыкты. Ал тургай Тилектеш агай (Ишемкулов) менен Эсекемдин (Нурушев) колдоосу менен, элдин каттарынан турган атайын сандар кезек күтпөй жарышып жарык көрө баштады. Айтайын дегеним, бей-бечаралардын арыз-арманын, убал-сообун ойлоп, тагдыр тамырын кармап, таалай-багын ачкан ошондогу чечкиндүү аракеттин аягы, кийин, “Кыргыз Туусунун” жетекчиси кызматында жүргөнүмдө да көкөй-көөнүмөн кетпей ишимдин негизги принцибине айланды...

– Салижан Жигитов сөзмөр, ары чечен адам эмес беле. Эмне жазса дагы сөз түнөгүн таап алгандай окуганды тамшандырып, элдик сөздөр менен жан жыргатып жазчу. Жазуучу чагылгандай таамай сөздөрдү каяктан табат?

– Сөздү элдин оозунан угам десең, базарга бар. Тамашасы жок. Бизде эмне көп, базар көп. Мен аякка көп барам. Базар аралайм, сөз даректейм. Мындайда Ош базарындай жер табылбайт. Көргөндөр буюм-тайым издеп жүрөт дейт, а сенин издегениң сөз. Сөз аккан өзөндү бойлоп, шапатасына жүрөгүңдү аймалатып турсаң, не деген

керемет-ов! Таң эрте барсаң сөздөр да шүүдүгөрдөй таза, илептүү, шаңкып чыгат. Таң сөгүлүп келатканда өз тилинде сайраган куштарды уктуңуз беле?! Базар ортосунда турсаң да дал ошондой, эстен эчак чыккан сөздөр кулагыңа шаңк этет, шаңк этет! “Жаргон” сөздөрдүн жарменкеси да ушу базар. Этек-жеңин мезгил айдарына аймалатып, адамдар “жандуу үн” менен сүйлөшүп турушат... Мындай базар күүсүн уккуң эле келе берет!.. Кыскасы, калем менен күн көргөндөргө айтаарым, сөз табылбай кагаз бетинде камалып мукураганда бурканшаркан агып аткан сөз өзөнүн бойлосоң, баягы жылас болуп табылбай жаткан сөздөрүң, Аскар досумдун (Ражабалиев) “Көпөлөктөр өрөөнү” аттуу китебиндеги көкөлөгөн керемет сөздөр алдынан өзү тосуп чыгат, ишенип кой! Эл үчүн жазган чыгармаңдан эл өзүнүн сөзүн таанып, сезими сергисе гана Кубат ака (Кердегей) айтмакчы, чыгармаңа чаң жугузбай “жатып-туруп” окушат...

– Маанилүү маегиңизге чоң ырахмат!

Азизбек ЧАМАШЕВ





БАЛТАШ КАЙЫПОВ МАГА АЙТМАТОВДУН ДҮЙШӨНҮНДӨЙ СЕЗИЛЧҮ

Абдиламит Мурзаевич Матисаков телерадиого президент болуп келгенде «Тандыр», «Кыргыз өңү Чокморовдун өңүндөй», «Атамды көргөн өлбөсүн...», «Ак коргон» аттуу прозалык төрт китептин автору, СССР журналисттер союзунун лауреаты, Кыргызстан жаштар союзунун лауреаты болуп, кыргыздын төл газетасы «Кыргыз Туусу» газетасынын башкы редактору болуп иштегенге үлгүргөн. Отуз эки жаш курагында эки миңге чукул кызматкер иштеген идеологиялык мекемеге жетекчи болуш айтканга оңойбу?.. Газетадан дилин төшөп жалындуу жазган публицистикаларын үзбөй окуп жүрсөм, кийин теледе жакындан иштеше баштаганда анын адамдарга жылдызы жакын, жумшак мүнөз, алпейимдиги жакты. Канчалык татаал коллектив болсок да, бат эле тил табышып, аралашып кетти. Чыгармачылыгы тың адам өндүрүштү, өзгөчө техниканын сырын техник кызматкерлер менен күнү-түнү жүрүп, өздөштүрүп кетти. Башынан билгендер телерадиону күнү-түнү токтобогон тегирмен деп коюшат. Абдиламит Мурзаевич күнү-түнү баса олтуруп программаларды түзүүгө, аны жаңыртып, байытууга жан үрөдү. Жаңы-жаңы берүүлөр жаралды. Эртең менен «Замана» студиясы ачылды. Чейрек кылым курулушу бүтпөгөн АСКнын курулушу пайдаланууга берилип, ошол салтанат өткөн күн — 8-декабрь Улуттук телевидениенин Күнү болуп тарыхка кирди. Айтылуу «Манас-1000» жылдыгы биздин телерадио аркылуу бүткүл дүйнө элине көрсөтүлдү. Жамааттын социалдык маселелерине сүңгүп кирип, айлык акы, калем акылар канча ирет жогорулады. Жол кире үчүн такай каражат бөлүнүп турганына азыр иштеп жаткан эл өзү күбө. Жаңы үлгүдөгү техникалар байма-бай келип, автоунаалар көбөйгөнүн унуткандa болбойт. Эл арасында «көп нерсе жетекчиге жараша болот экен» деген таалимдүү сөздү иш жүзүндө көрсөткөн жетекчилердин бири Абдиламит Мурзаевич болду. Көп эле жетекчилер менен иштештик. Баа-

рынын эле жакшы деген иштери эсибизде турат. Аны бүгүн — Кыргыз телевидениесинин маареке күнүндө белгилеп айтканыбыз калыстык болот. Жакшы жетекчилер менен алгалаган иш гана өз максатына жетет, ашуу ашат, Ата Журттун алкышына татыйт. Биз бүгүн алтымыш жыл жол баскан Кыргыз телевидениесинин урунттуу учурларынан кеп козгоп жатканда, анын тарых баракчарына суктанарлык из салган сарамжалдуу жетекчи, улуу-кичүүгө боор төшөп, көкүрөгүндөгү болгон адамгерчилик жарыгын чачкан жетекчи — Абдиламит Мурзаевич Матисаков менен мезгил соңуна кылчайып, баарлашуу көгүлтүр экрандын көөнө тарыхын баректеген менен барабар. Анда суроолорубузду Абдиламит Мурзаевичке узата берели.

– Абдиламит Мурзаевич, Сиз Мамлекеттик улуттук теле-радиокорпорациясына президент болуп иштеп кеткениңизге быйылкы кышта жыйырма төрт жылдын жүзү болуптур. Ошол мезгилди эстесеңиз, көзүңүзгө эмнелер элестейт?

— Мени жаңыдан жамаат менен тааныштыргандагы жалындуу тиктеген, үмүт чачкан көздөр азыр да жүрөгүмдө катылуу. Ошол үмүттүү көздөрдүн күткөнүн аткарсам экен деген тилек түн уйкумду бөлдү. Жаштык жигер, чыгармачылык шык, уюштуруучулук демөөр көп иштерди аягына чыгарууга түрткү болду. Ар бир кызматкер менен жакындан таанышып, ойлорун уктум. Чыгармачылык пландарына кызыктым. Азыр ойлосом, бир топ радиоберүүлөрдү, бир топ теле-берүүлөрдү ачкан экенбиз. Көбү азыр да эфирден кетип жүрөт. Өлкөбүздүн коомдук турмушуна ылайык жаңы берүүлөрдү байма-бай уюштуруп турдук. Алардын көбү мезгилдин шары менен кетти, го...

Эң урунттуу окуя катары 25 жыл курулушу жүргөн АСК имаратын керектүү техникалык жабдуулары менен куруп бүтүп, пайдаланууга берилген салтанаттуу күндү айтсам болот. Орун басарым Э. Жантелиев жана башка тийиштүү адамдар менен Финансы министрлигине ат тезегин кургатпай каттап, атайын бөлүнгөн каражатты толук жумшап, кыштын суугуна карабай АСКнын имаратын бүтүрүп, ага мамлекет жетекчилерин чакырып, жаңы концерттик студияда чоң салтанат өткөн. Мамлекет башчынын Указы менен ошол 8-декабрь Кыргыз телевидениесинин Күнү деп бекитилип, ушул күнгө чейин белгиленип келүүдө. АСКнын бүтүшү — Кыргыз телевидениесинин программаларын көбөйтүүгө, техникалык, мазмундук, көркөм-эстетикалык сапатын жогорулатууга кеңири мүмкүнчүлүктөр ачылган эле.

— Таңкы «Замана» телеберүүсүн акча каражатынын тартыштыгына карабай Матисаков тобокелге салып ачкан. Бул чечкиндүү демилге Кыргыз телевидениесинин аудиториясын кеңейтип, көп таланттуу журналисттердин чыгармачылыгына чоң демөөр болгонун айтып жүрүшөт.

— Таңкы «Замананын» ачылышы — кыргызстандыктар үчүн чындыгында эле, сенсация болгон. Кыргыз телесинин устаттарынын бири Тамара Хусейиновна Жаманбаевага «Замананы» бутуна тургузуу жоопкерчилигин жүктөп, анын карамагына таланттуу журналисттер Динара Кодуранова, Тамара Валиева, Мелис Турусбеков, Олжобай Токтосунов, Адахан Мадумаров, Кадыр Кошалиевди кошуп жибергенбиз. Кыргыз телесинин таңкы берүүлөрүнүн дыңы ошентип бузулган...

— «Манас-1000» маараке өтүп, аны бүткүл дүйнө элдерине көрсөтүү вазыйпасы дагы Сизге жүктөлүп, Сиз жетектеген жамаат үчүн да зор сыноо болду окшойт.

— Мындай зор масштабдагы мамлекеттик иш-чараны өткөрүү бир жыл мурда башталды. «Манас-1000ди» өткөрүү комиссиясынын мүчөсү катары эки күндүн биринде Өкмөттүн жыйынында жүрдүк. Тийиштүү каражатты бөлдүрүү ошо кезде да азаптын тозогу болчу. Андан дагы бул зор саясый-маданий иш-чараны кемелине келтирип тартып, өз убагында элге жеткирип берүүчү заманбап техника колдо болсочу. Дүйнөлүк стандартка ылайык жеринде тартып, ошол замат спутник аркылуу дүйнө элдеринин экранына бере салчу техника түшүбүзгө кире элек маал. Мындай заманбап техниканы апталап-айлап сүйлөшүүлөрдөн кийин түрк боордошторубуздан алмак болдук. Бирок, тонналаган автоунаалар жайгашкан техникаларды Кыргызстанга жеткирип алуу азабына туш келдик. Оор жүк ташуучу «Буран» учагын Киевден Стамбулга учуруп, ошого жүктөп келүүгө туура келди. «Манас-1000дин» ачылыш салтанатын Бишкектен, Таластан тартып, али кыргызстандыктар көрө электе дүйнө жүзүнө спутник аркылуу, ири телеканалдарга өз учурунда чагылдырдык. Түрк кесиптештерибиздин ошондогу боордоштук кол-кабышы баа жеткис болгон. Телерадионун чыгармачыл жана техникалык кызматкерлери аалам масштабындагы бул мааракени чыпчыргасын коротпой чеберчилик менен тартып, тарыхка калтыруу вазыйпасын устаттык менен уюштура алды. Кээде ойлоп кейийсиң. Тарых деген тарых го, биз эки-үч

жылдын аралыгында эле эл болуп жарала калгандай түр көрсөткөн менен, Ата Журттун жылдыздуу учурларын, эгемендик жылдарындагы сыймык жараткан сааттарды кызганбай этпей эле айтып деп, экрандан көрсөтүп турганыбыз келечек муунга тарбия-таалим.

— Абдиламит Мурзаевич, кечээги күндүн таалим-тарбиясын айта жүрөлү дегениңизден улам бир суроо да. Улуу муундун устаттары Балташ Каипов, Турсун Уралиев өңдүү теленин, радионун залкарлары менен да иштешип калдыңыз. Алар тууралсында да ой бөлүшсөңүз.


— Кыргыз «карысы бардын ырысы бар» дейт. Телерадиодо маңдай тер төгүп, чыгармачылык дөөлөт жыйнаган, эл аралап, элди жазып, элдик атак алган агайлар, эжейлер менен оро-пара жүрүп, коюн-колтук алыша иштештик. Залкар режиссёр Балташ Каипов агайды туура эстедиңиз. Ал киши телевидение айдыңына алгач келген мен үчүн Айтматовдун Дүйшөнүндөй эле... Күмүш чачтарын сеңселтип, дайыма кирип, далай тажрыйба сабактарын айтты. Бүт өмүрүн, кашык каны калганча ушул кесипке арнады. Акыркы сапарга да өзү сүйгөн, экинчи куттуу үйү болуп калган телерадионун имаратынан узады. Кантип анан мындай өмүрдү сыймыктуу, өрнөктүү сабак-санжыра деп айтпайбыз! Телерадионун бүгүнкү даңк-даңазасын дал ушундай көч баштаган улуу муундагы устат агайлар, эжелер ашырып, береке-кутун, ынтымак-ырыскысын кемитпей келишет. Бул маегимде атын атабасам да, ошол устаттарга ийилип таазим кылам!

— Абдиламит Мурзаевич, ар мезгилдин өзүнүн шарты, мүмкүнчүлүктөрү жана көрөрмандары, угармандары болот дегендей, бүгүнкү күндөгү телерадионун берүүлөрүнө кандай баа берээр элеңиз?

— Мезгил телерадио жамаатынын алдына катаал жоопкерчиликти, күчтүү атаандаштыкты, мүнөт сайын чыгармачылык жаңычылыкты, изденүүчүлүк түйшүктү артып олтурат. Менимче, мындай талапты жетекчилик да, журналисттер да, техникалык кызматкерлер да жон териси менен сезишкени байкалат. Албетте, жаңылануга умтулуу, тематикалык актуалдуулукка басым жасоо, эң башкысы, оперативдүүлүк алда канча жакшырды. Ошентсе да теленин жүзүн профессионалдар ачат эмеспи. Алып баруучулар арасындагы атаандаштык, автордук программалардын жаңы стандарттары, жаңы ысымдар, жаңы берүүлөр биринчи каналдын талабына жооп берет десек болот.

— Абдиламит Мурзаевич, Сиздин Кыргыз улуттук телерадиосунун өнүгүп-өсүшүнө кошкон татыктуу салымыңыз эл ооозунда айтылып жүрөт. Ал тургай бизден кийин «Кыргыз Тууусу» газетасын жетектеп, ал жердеги чыгармачылык бийиктиктериңиз жөнүндө да кабардарбыз. Азыр Улуттук университеттин журналистика факультетинин профессору катары болочок журналисттерди даярдоо үстүндө бай тажрыйбаңызды бөлүшүп келүүдөсүз. Сизге чың ден соолук, үй-бүлөңүзгө бакыт-таалай, чыгармачылыгыңызга албан-албан ийгиликтерди каалайбыз.

Рабиха Алыбаева



“КЫРГЫЗ ТУУСУ” ЭЛИБИЗДИН ЭНЦИКЛОПЕДИЯСЫ

Кыргыздын тунгуч гезити мындан туура 80 жыл мурда 7-ноябрда Ташкент шаарында «Эркин Тоо» деген ат менен басылган. Бул гезит өзүнүн 80 жылдык тарыхында ар кандай аталыштарды алып отуруп, бүгүнкү күндө «Кыргыз Туусу» деген ат менен чыгып келет. Өлкөдөгү көп нускалуу өкмөттүк гезиттердин бири. Бирок бул басылманын ээси өкмөт болгону менен, соңку жылдарда уюштуруучусу аны каржылабай калганын башкы редактор айтат. Басылманын 80 жылдыгы белгиленип жаткан учурда «Кыргыз Туусу» гезитинин башкы редактору Абдиламит Матисаков «Азаттыкка» маек куруп берди.

– Абдиламит мырза, «Кыргыз Туусу» гезитинин 80 жылдык мааракеси белгиленүүнүн алдында турат. Мына 80ге чыккан аксакал, карыя гезит бүгүнкү күндө Кыргызстандагы сөз эркиндигин өнүктүрүүдө ээлеген орду кандай болуп жатат?

– Кыяз, сурооңо чоң рахмат, бул майрамдык суроо болуп калды окшойт. Бир кезде Ташкент шаарында - 1924-жылы 7-ноябрда ушундай эле коңур күздө биринчи кыргыздын басма сөзүнүн карлыгачы пайда болгон экен. Ишенаалы Арабаев, Осмонкул Алиев, Касым Тыныстанов, Сыдык Карач уулу сыяктуу биздин алгачкы агартуучуларыбыз биринчи санын даярдап, дуулдап, сүйүнүп, ушул биз биринчи улуттук басылмабызды түптөдүк деп кубанган экен. Бүгүн да биз ушул ата-бабаларыбыздын сүйүнүчүн, ошонун даамын сезип, бизге ошолордун жаңырыгы жетип жаткансыйт. Бүгүнкү күндө 13-жылдык эгемендүүлүктү баштан кечирип жаткан мамлекетибизде демократиялык нукта өнүгүүгө түшкөн мамлекетибиздин эң башкы байлыгы катары сөз эркиндигин айтып жүрөбүз. Ушул сөз эркиндигинде «Кыргыз Туусу» албетте, өзүнүн аксакалдык, сабырдуулук, даанышмандык сөзүн айтып келатат.

– «Кыргыз Туусу» гезити өкмөттүк гезит деп эсептелинет. Канчалык деңгээлде бүгүнкү күндө өкмөт сиздерди каржы тараптан колдоп келатат?

– Мааракенин алдында агынан жарылып айтсам, «Азаттыктын» угармандары таң калышы да мүмкүн. Бүгүнкү күнгө чейин өкмөт тарабынан биздин материалдык-техникалык базабызга, моралдык жагыбыздан колдоо көрсөтүү таптакыр унутта калды деген өкүттөбүз. Айткым да келбейт, алардан чоң жардамды күтүп да болбойт. Ачык, ырасмий түрдө айткым келет - бүгүнкү күндө «Кыргыз Туусу» өкмөттүк гезит болгондугуна карабастан, ал жактан бир да сары чака тыйын ала элекпиз. Ушул базар экономикасынын шартында үч булактан алган каражатыбыз менен жашап жатабыз. Биринчиси, гезитибизди элге сатып өткөрүүдөн, жаздыруудан, экинчиси, рекламаларды жарыялоодон, үчүнчүсү, демөөрчүлөрдөн алып, ошолордун жардамы, көмөгү менен жашап келатабыз. Азыр биз эркин басма сөздүн оозунда гана өкмөттүк деген жарлыкты алып жүрөбүз, чыныгы иш жүзүндө кадимки эркин басылмалар кандай жашоону башынан кечирсе, биз да ошондой жашоону баштан кечирип жаткан кезибиз. Өкмөт мүчөлөрүнө мен өтө нааразымын жана таң калып жатам. Менимче, гезит ээси болгон өкмөт ушул чоң мааракени бүтүндөй Кыргызстандын масштабында өткөрүп, ушул басма сөзгө канчалык өкмөт, мамлекет тарабынан жардам көрсөтүлүп жаткандыгын иш жүзүндө көрсөтүшсө жакшы болмок эле.

– Абдиламит мырза, сиздердин гезитиңиздерде көптөгөн көз караштагы, ар кандай пикирдеги макалалар жарыяланат, интервьюлар басылып келе жатат. Ошого карабастан, оппозициячыл саясатчылардын макаласы, интервьюсу, пикири сиздердин гезитиңиздерден басылбай келе жатканынын себеби эмнеде?

– Бүгүнкү күндө оппозиция же позиция деген бул шарттуу түрдө эле бөлүнгөн нерсе. Чындыгында баардыгыбыз эле Кыргызстандын күнүн көрүп, суусун ичип жүргөн журналисттербиз жана инсандарбыз. Албетте, элде шарттуу түшүнүк орун алыптыр, оппозиция «Кыргыз Туусуна» чыкпайт же оппозиция эркин гезиттерге эле чыгат, оппозициянын өкүлдөрү ошол жактан пикир айтып, ошол жактан маектешет деп. Бүгүнкү күнгө чейин оппозициянын бир өкүлү биз менен байланышып же биздин кабарчыларыбызга кайрылбады. «Жок, мен ал гезитке төгүндөө үчүн гана чыгам» деп какшык иретинде айтып жаткандыгы бүгүн Кыргызстандагы сөз эркиндиги абдан кеңири масштабда колдонулуп жаткандыгын түшүндүрөт. Анткени, оппозициянын өкүлдөрү «Кыргыз Туусуна» келип интервью бергендин ордуна, биздин эркин он бештеген гезиттерибиз бар, ошол жактан чыгууну туура көрүп жүрүшөт. Албетте, бизде сөзсүз эле саясаттын тегерегинде маек эмес, бүгүнкү күндө элибиз, мамлекетибиз баштан

кечирген көп урунттуу башка багыттар боюнча дагы дидарлашууну, пикир алышууну уюштурсак болот. Биз дайыма күтөбүз, бизге кайрылышсын.

– Абдиламит мырза, өзүңүзгө байланыштуу суроо бергим келет. Бүгүнкү күндө бир чоң басылманы жетектеп жатып, чыгармачылыгыңыз кандай өңүттө өнүгүүдө?

– Бул суроо дагы менин жан дүйнөмдү козгоп кетти. Кайсы бир деңгээлде өзүмдүн окурмандарым бар деп кубанып жүрөм. Гезит деген өтө түйшүктүү. Чыгармачыл адамдын убактысы абдан аз болот, алар жамааттын камы деп жүгүрүп жүрүп, чыгармачылыкка убакыт абдан аз калат экен. Ошентсе дагы мурдагы түшүрүп койгон жазмарымды кийин бириктирип, «Атамды көргөн өлбөсүн» деген китепти чыгардым. Албетте, ага мурда элге таанылган «Тандыр», «Ак коргон», «Кыргыз өңү Чокморовдун өңүндөй» деген чыгармаларым, акыркы жылдарда жазылган «Турмуштан тамган тамчылар» деген эсселерим кирди. Күнүмдүк турмушта ар кандай көз караштар болот экен, бирок чыгармачылыкка келгенде ага супарадай таза мамиле жасап, кылымдарга калчу чыгармага бүт дүйнөңдү төшөйт экенсиң. Ошондой чыгармачылык эргүүдө, чыгармачылык машакатта отурганда өзүмдү өтө бактылуу сезем. Албетте, «Кыргыз Туусу» - бул элибиздин тарыхы. Бир кезде «Кыргыз Туусун» - «Эркин Тоону» кыргыздын алиппеси деген экен. Бүгүн мен айтаар элем, «Кыргыз Туусу» - бул кыргыз элинин энциклопедиясы, «Кыргыз Туусунун» түбөлүгү түз.

– «Азаттык» радиосуна куруп берген маегиңиз үчүн чоң рахмат. Өзүңүзгө чыгармачылык ийгилик, ал эми сиз жетектеген "Кыргыз Туусу" гезитине 80 жылдык мааракеси кут болсун.

Кыяс Молдокасымов



ЖАКШЫ ЖАЗУУЧУ ЖАШООБУЗДУН РЕДАКТОРУ

Кыргыз журналистикасы жөнүндө сөз болгондо Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин журналистика факультетинин профессору, бир чети досубуз Абдиламит Матисаковдун чыгаан актёр жана сүрөтчү Сүймөнкул Чокморов жөнүндө жазылган "Кыргыз өңү Чокмороводун өңүндөй..." аттуу таланттуу чыгармасы эсибизге түшөт. Абдиламиттин журналисттик изилдөөсүнөн жаралган портреттик очерктер, адам ыйманы, анын улуулугун даңазалаган публицистикалары, "Тандыр", "Ак Коргон", "Атамды көргөн өлбөсүн..." аттуу китептери кыргыз окурмандарын ойлонтот, түйшөлтөт. Өз кезегинде Улуттук телерадио корпорациясын жана "Кыргыз Туусу" газетасын көп жылдар жетектеп, өтөлгөлүү ак кызмат өтөгөнүн коомчулук жакшы билет.

Бүгүнкү күндө Абдиламит Матисаков өзүнүн бай тажрыйбасын болочок журналисттерге таалимдеп, чыгармачылык өнөрканасынан, "Матисаков мектебинен" окутуп, журналисттик чеберчиликтин сырларына такшалтууда. Бүгүн биз Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, Кыргызстан Ленин комсомолу сыйлыгынын лауреаты, "Даңк" медалынын ээси, элдин руханий кенчин байытууга, биз жашаган замандын рух дөөлөттөрүн урпактарга калтырууга, мээнетин арнаган Абдиламит МАТИСАКОВду маңдай-тескей баарлашууга чакырдык.

– "Атамды көргөн өлбөсүн" аттуу бүгүнкү ыйман, кайрымдуулук таңкыстыгын турмуш чындыгы менен айкалыштырып, көбүнө сабак болчу китеп жаздың, Абдыке, жазуу үстөлүңдө отурганда тирүүнүн жети өмүрүнө жеткидей түбөлүк окулчу чыгарма жаратсам деп ойлойсуңбу?..

– Түбөлүк окулчу чыгармаларды талант шаасы ай-ааламды чапчыган классиктер небак жазып, жазуучулук өнөрдүн гүлдөө доору алдыда эмес, артта калгандыгын тастыктап коюшкан. Бирок да, мезгилдин мерездик жагын унутпаш керек. Ал эртеби-кечпи, баарын ор-

ду-ордуна коюп, элдин баасына да алымча-кошумча киргизип турмагы бар. Жазуучу жараткан көркөм дөөлөттөр жаңы мезгилдин ченөлчөмүнө туштугуп, жаңы көздөрдүн сыноосуна кабылат. Бир кезде бут жеткис чокудай бийиктик эми кол созсоң тийип кетчүүдөй адырдөңгө айланып калганын акылман тарых небак эле айтып берген. Сен сураган өлбөс китепти Көкө Теңирден күтүп отурбай, урпактар жүрөгүнө жуккан маалда жазып калсам деген сезим күн баткан сайын сыздатып коюп жүрөт...

– *Достоевский "Бечаралар" романында жамандык сабагы жакшылыкка шамчырак деген ойду айтат. Чыйралтат дегени го. Анын үстүнө Достоевский адамдын психологиялык татаал кырдаалдарда калган учурларын көрсөтүү жагынан дың бузган жазуучу деп жүрүшпөйбү.*

– Жазуучу айткан жамандык – бул "түйүлдүк кезден жан дүйнөгө кошо бүтчү кесепет" деп гректер да илгери эле кан-какшаган. Жан дүйнөгө оролгон жамандыктын тамырын түбүнөн кыя албаса да, жазуучу дааныштмандык дарысы менен тундуруп, аны агартуу менен алек. Чийки сүт ичкен пенде болсо, бир күндө эле оң жолго түшүп, ойдогудай болуп кетем деп кыялданган менен жер, жер болуп жаралганы желкесине минген шайтанын жеңем деп укумдан-тукумга күрөшү күчөп келет. Мындайда жакшы жазуучуну жашообуздун редактору деп койсок да болот. "Сабыр түбү сары алтын" деп, алар ар качандан бир качан адамдарды жамандыктан аластап, эртеңки күнгө кагылган коңгуроо эмеспи.

– *Сүймөнкул Чокморов аркылуу кыргыздын жан дүйнөсүн ачып салганыңды өзүң да билбей калдың. Чыгармачылыкта бир аңгемеси менен адабият асманында жанып калган М.Шолоховдун "Адам тагдырын", К.Баялиновдун "Ажарын", М.Гапаровдун "Байчечегин", Кубат Жусубалиевдин "Улакчасын" билебиз. Менимче, сенин "Тандыр" аттуу аңгеменди тагдыры да ошондой. Жазуучу үчүн жолдуу теманын табылышы олжо-шык окшойт.*

– Сүймөнкул Чокморовду жазышыма Тилектеш агайым себепкер. "Советтик Кыргызстан" гезитин чыгарабыз, а киши редактор. Түштөдыке, Чокморов жөнүндө көркөм очерк жазчы, ооруп да жүрүптүр, мен азыр ошол жактан келатам. Көлөмүнө караба, көбүрөөк жазсаң дагы жакшы" деп шуулдаган бойдон экинчи кабатка чыкты да, токтой калып, азыр да көз алдымда турат, "канча тез жазсаң, андан жакшы" деп үчүнчүгө көтөрүлүп кетти.

Сүкөм оору менен алышып, күн алыс дене-боюндагы канды тамзалатып врачка каттап калган кези экен. Калган ишти четке сүрүп, Сүкөмдүн аркасынан түштүм. Бир чети ат көтөргүс оомат-даңк ар тынып, бир чети айыкпас оору таап, алсырап жашоого да муңайым караган маалы экен. Эки-үч таланттуу өмүрдү бир жашап кеткенби деп азыр да ойлоп коём. Сүйлөп жатканда мага мезгил агымы токтоп калгандай, жолугушкан күнү кечке бирөө мени дубалап койгондой ойго, сезимдерге эс-мас, уккандарымды "аш" кыла албай жүрчүмүн. Канча жүрдүм жанында, бир адамды "аты айры, изи ийри" деген кылапатын, күнөөсүн көтөргөнүн көрбөдүм. Кыргыздын аныктасылзаадасы эле. Кудай-таалам ар улуттун маңдайына беш салаадай кылып, табылгыс уулдарды жазып коёт окшойт... Саналуу гана! Көп болушу да мүмкүн эмес... Кантсе да китепти өзү көрүп калды, эки-үч жерде жолугушуу өтүп, кол тамгасын коюп, элге таратып жатканда жүзүнөн жылмаюсун көрдүм...

– *"Баткан күндү аяймын" деген эссе-баяндарыңдын биринде Чокморовго аңызгече эстелик тургузула элек деп каңырыгың түтөп жазган элең. Ал иш жылчудайбы?*

– Элдин зарыгып күткөнү да ошол күн. Ордо калаабыздын орто ченинде: "кана, кайрандарым, кантип атасыңар!?" деп өмүрлөр дүбүртүнө кулак төшөп, аман-эсендердин эртеңине руханий нурун сээп, Манастын чыгаан урпагынын "кыргыз өңү", көрк-келбети турса кана, атаганат! Улут ажарын ачкан, даңазасын ашырган асылдын замбап эстелигин тирүү көздөр көрө элек...

– *Кезегинде жазуучулар Кубат Жусубалиев, Мурза Гапаровдор менен үймө-үй катышып, ага-ини катары муназалуу жүрдүңөр. Кубат аканын бейнесин "Ак журтчу аман, журт аман..." деген маек менен ачып, ал материалың СССР Журналисттер союзунун сыйлыгына татыганы эсибизде. Алар чыгармачылыгыңа да өзүнчө из калтырышты окшойт...*

– Кубат Жусубалиев жөнүндө биринчи жазсам дагы, мага Мурза аканин жазуучулук өнөрканасы жакын. Сөздөрүн кылдап, сюжет тандоо жагынан, о-оо, Мурза ака өтө зергер, устагер эле. Турмуштан тапкан кызыктарын кагазга түшүрөөрдөн мурда шилекей агызгыдай кылып, тамшанып, кыраатына келтирип айтып берсе, көркөмдүк сүрөтү көз алдыңан кетпей чебер жазуучунун "толгоосун" кошо тартышкан күндөр болду. Өзгөчө алдыбызга вино коюп, бадан жибитип баарлашканда, барбы, маңдайында олтурган талант шаасы ой-боюна койбой ажайып дүйнөсүнө ээрчитип кирчү. "Айгүл тоо" аңгемесин дербиш болуп, Баткендин тоо-ташында ач калып, ток калса да өжөр-

лүгүнө салып жазды. Эсимде, Баткенден жаңы эле самолётто учуп келип Айгүл тоо гүлүнүн бир дестесин наристедей көкүрөгүнө коомай кысып, "Кыргыз Туусуна" келгени. Кызыл китепке кирген, болгону бир ай гана өмүр жаш буюрган ажайып гүлдү жабыла, Кубат ака айтмакчы, жата калып, тура калып карап атсак: "Көрүп болдуңарбы, Бишкегиңерде мындай гүл өспөйт" деп тамашага чалып, көкүрөгүнө башын жөлөгөн бейиштин гүлдөрүн керээли-кечке эрикпей-зерикпей Жазуучулар союзуна, Маданият министрлигине, андан ары кыргыз драма театрынын артисттерине чейин көрсөтүп, ыраңы Айгүл тоо гүлүнүн ыраңындай нурданып чыкканда гана бечара Мурза ака үйүнө кайтыптыр.

– *Айгүл тоону, табият табышмагы болуп келген гүлдү биринчи болуп аңыз кылып, элге жайган Мурза Гапаров деп жүрүшөт.*

– Мынча болду, "Айгүл тоо" аңгемеси "Кыргызстан маданияты" газетасында кандайча жарыяланганын да окурман журтуна айта кетпесек болбос... Аңгеменин бир-эки жерин ошол кездеги гезит орун басары Дайырбек Казакбаев агай ондой коём деп ортодон чыккан чыр азыргече айтылып жүрөт. Болгону бир абзацты кыскартам дейт орун басар. Мурза ака аңгемесин боорука кысып "кол кесерди" бөлөктөрдөн ал" деп чыркырап, чекесине черттирбей "өлүп тапкан" чыгармасын толугу менен чыгартат. Бир шиңгил абзац эмес, бир тал сөзүн алмаштырам дегенди алка-жакадан алган ошондой адаты бар эле. Дайырбек агай ошол окуяны эстеген сайын: "бир бүдүр сөз үчүн, чыгарманын тагдыры үчүн күрөшкөндү Мурза Гапаровдон үйрөнгүлө. Бөлөк бирөөнүн бир абзац эмес эки-үч бетин чийсең да: "келмеси бузулбайт, чыгара бер, чыкканы эсеп" деп басып кеткендерди да көрдүк" деген сөзүн бул өмүрдөн өткөнчөктү айтып жүрдү.

– *Мурза Гапаровдун жазуу эреже-ыкмалары, иштөө адаты кандай эле деп, чыгармачылык өнөрканасына кызыккандар да өтө көп экен.*

– Чыгармасы ичинде ийленип, жүрөк аптабына какталып бышкан кезде "быссымылда" деп жазуу машинкасына келип отурчу. Ошо бойдон Мурза ака көчө-көйдөн көрүнбөй чыгармачылыктын "чээнине" кирип, сакал-мурутун серпкенге чолоосу тийбей ай-апталап иштеп калган маалдарда Хемингуэйдин өзү болуп чыга келчү. Иш бөлмөсүндө кичинесинен кумар туткан, идеялаш, стилдеш жазуучу Эрнест Хемингуэйдин ар кыл сүрөттөрү Мурза ака менен кошо жашачу. Ошондогу бүткөн боюн мээнет "желелеп" шалдырап турса да, жашоого кумары күч бажырайган баланыкындай тунук көздөрү, эр-

гүүнүн селкинчегинде термелген бактылуу турпаты эч эсимден кетпейт!..

– *Кубат Жусубалиев "Ак Коргон" повестиңе жазган баш сөзүндө "Улуу Кытай дубалын кайкалатып курган түркстандык усталардын арасында А.Матисаковдун ноокаттык бабалары, колунан көөрү төгүлгөн паксачылар да болгонун бөркүмдөй көрөм" деп жазганы бар. Билип турса да, минтип эч ким айта албайт... Кубат аканин агынан жарылган айкөлдүгүн көргөн, жылуу кеп-кеңешин укkан көп жаштарды билем...*

– Муке, бул өлбөчүдөй көрүнгөн утурумдук жашоо агымында саман-топону аралашып, Саади акылман безилдегендей: "пайгамбарын унуткан пенде улут асылдарын дайыма эле акыл куржунуна салып жүрө албайт". Кубат ака зор сүрөткер болгону менен, бийликтен эзели жакшылык көрбөдү. Жакшылыкты Мамат Сабыров баштаган көрөңгөлүү шакирттери жасады. "Жети сөз жана Конфуций" деген китебин "эскирген" революцияга чейин эле Алайдагы Ак журтчу уялаган Кызыл аскадай заңкайтып чыгарып беришти. Чынында жазуучу Жусубалиевдин жашоо образы, ой чабыты, миң капкалуу өнөрканасы уникалдуу, изилдегенге чети оюлгус орозгер... Жашымда Кубат ака менен көп жүрдүм. Мезгилге моюн сунбай, жылдарды жөө-жалаңдап карыткан, жөнөкөйдөн улуулуктун угутун тапкан бу адамдын зим-туюмуна азыр дагы акылым айран. Стили оор, текстине "тишим өтпөйт" деп оңой оокатка көнгөн окурманга караганда, жазуучунун жүрөк обонун тыңшап, табылгасына табакташ болгондор, а тургай айда-жылда Алайдан бир келип калса чай, кайнамга болсо да, ал-жай сурашканга эки көздөрү төрт болгон жусубалиевчилерди көргөндө жүрөгүң жылыйт. Бир ирет Кубат ака менен бир делегацияда, Брюсселде жүрөбүз. Эрте менен мейманканадан чыгып, пусурман киши, колун чекесине алып, көк тиреген бийик имараттарды тиктеп туруптур. Мени көрө коюп: "Эй, старик, карачы, биздин бечара ата-бабалардын бабалары бала-чакасын ойлогон экен, эй! Карачы, кабат-кабат рыбыз жайлоодон жайлоого конуп-көчүп жүргөндө кысталак, булардын бабалары бала-чакасын ойлогон экен, эй! Карачы, кабат-кабат кылып кура беришиптир, асманга чыгып кетишиптир! Эй, биз, кыргыздар, сен таарынба, бизге Кудай берет деп эле жүргөн эл окшойбуз! Эми булардын балдары укум-тукумуна чейин муздак суугa колун салбай пул табат, эй, жыргализм ушулардыкы экен!" деп кайта-кайта баш чайкайт. Кубат ака, Брюсселден кетээр-кеткиче асманды тиктеп коюп жүрдү...

– *Абдыке, бир кезде өзүң бүткөн Баласагын университетинин журналистика факультетинде дарс окуганыңа, жаңылбасам, быйыл жети*

жылга аяк басты. Мамбетсариев, Сасыкулов, Камилов сыяктуу классик агайлардын колунан билим алган журналисттердин жоон тобу кыргыз басма сөзүнө жаңы толкун болуп киргенде, арасында өзүң да бар элең. Эмнегедир, ошол "толкун" ошол кездин нурушевдери, тентимишевдери бүгүн анча байкалбайт...

– Мүмкүн. "Мезгилим өтүп шамалдай, мен издейм аны табалбай..." деп акын жазгандай, биз кааласак-каалабасак да кыргыз журналистикасында бир муун алмашты. Өзүң эстеткен Эсекем менен Мундузбектер тирүүнү тамшантып жазган ошо сексенинчи жылдары жарык дүйнөгө келген ымыркай азыр отуздун оокатын жеген азамат. Андан бери салт-санаа, тирүүлүк мыйзамдары, орозгер жоопкерчилиги, артынган жүк, деги койчу, көркөм ойлоонун өнүгүшүндө да не деген бурулуштар болуп кетти. Эгемен жылдардын баатырларын оңой тапканыбыз менен, жаңы заман автопортретин тартуучуларды табуу азапка турду. Жан дүйнө сулуулугун сөз кереметине салып, оң образ жаратуу вазыйпасы, теманы тамчысына чейин сыгып, ой чырагын жандырган көркөм публицистика эстен чыкты. Кыскасы, кол жоорутуп, бел оорутуп жазгандар азайды. Андан дагы, министр, губернатор, акимдердин "гезиттен материалымды окудуңузбу?" деген суроосу күйгүзөт. Мурда музыка заказ беришчү, эми макала да заказ кылып калышты. Баарына көнүп баратабыз...

– *"Кыргыз Туусу" газетасын жетектеп турганыңда Чыңгыз Айтматов редакцияга келди. Беймарал сүйлөшүп, биз менен шашпай сүрөткө түштү. Коңшу редакциянын журналисттери да кошулуп, суроо берип, чоң канагаттануу алганбыз. Чыкем да төл гезиттин тагдырына чын дилинен кызыкты. Азыр ойлосом, коштошкондой эле келиптир. Ошо жолугушуу эсиңдеби?*

– Күнү бүгүнкүсүндөй көз алдымда. Чыңгыз Төрөкулович журналисттин кесиби учкучтар менен шахтёрлордон кийинки эң оор кесип экенин өз башынан өткөргөн. Ачык айтсак, дүйнөлүк журналистиканын өсүп-өнүгүшүнө Чыкемчелик салым кошкон адам болбосо керек. Сөз акылманы "Правда" газетасынын Кыргызстан боюнча өз кабарчысы болуп жүргөндө Ата Журттун келечек нугун туура белгилеп, эл тагдыры эмне болорун көрө билген. Ошондо эле Ысык-Көл, улуттук каада-салт, экология, тил маселелерин эл жүрөгүнө жеткидей кылып жазган. Кийинки муундун кабары болбосо керек, Чыңгыз Төрөкуловичтин "Правдага" жарыяланган курч публицистикалары ошол кезде Ашым Жакыпбеков, Аман Токтогулов, Эсенбай Нурушев сындуу сөз казынасына нускалуу салымы бар таланттар тарабынан которулуп,

"Советтик Кыргызстан", "Кыргызстан маданияты" гезиттерине жарыяланганда өзүнчө эле окуяга айланып, ал күнкү газета колго тийбей редакцияга чейин сурап келишчү.

Кээде, Чыкемин окугандын ой-сезимин сергиткен макалалары ошол кездеги ташыркап, баспай калган "КирТАГдын" чала сабат котормочуларынын колунан чыкканда оригиналын орус тилинен болсо да окуганга шашчубуз. Акыл-ойдун генийи адамзатка руханий мунара тургузуп, жакшылык гана тилеп, ыйманын ыйык тутуп жашады. Бир ой жүрөктү өйөт. Чыңгыз агабыз адамзат жан дүйнөсүнүн ачкычын таап, ал тургай жан-жаныбар дүйнөсүн булактай тунуктугу менен жанарын жайнатып жазып берсе, биз Чыкемдин өзүнүн жан дүйнөсүн ача алдыкпы?!. Портретин жаза алдыкпы?! Бардыгы чыгармаларында турбайбы деген менен, Чыкемдин тарткан санаасы, түйшөлткөн ойлору, кыйнаган дарты, кимге сырдаш, кимге курдаш эле, капарга албай жүрдүк... Чыкем акыркы деми калганча кыргыз деп күйүп өттү, эми биздин Чыкем үчүн күйүшүбүз калды...

– *Мен билгенден, журналистикада устатым деп жаштардын "Ленинчил жаш" газетасына жыйырма беш жылга жакын редакторлук кылган Калыбай Осмоналиевди оозуңан түшүрбөй, ак эмгегин аваз кылып айтып жүрөсүң. Устат, шакирт деген кадыры жанбас уламалуу сөздүн маани-маңызы, өчпөс духу эмнеде?*

– Устат-шакирт атамзамандан асман кулачтаган Асан-Үсөндөй нурлуу түшүнүк. Азыр тактысынан саал тайып турат... Мезгилинде талант-шыгы жаңыдан бүрдөгөн жаштар топ-тобу менен аздектеген акын-жазуучуну тегеректеп, кеп-кеңешин укканга зар күндөр болгон. Аны биз да баштан кечирдик. Идиректүүсүн ишке чегип, жарамдуу чыгармасын жыйнакка сунуштап, баш сөзүнөн өйдө жазып, белди ашырып бедел болгон саяпкер устатын ким унутат!

Калыбай агай студент кезимде "Ленинчил жашка" жумушка алды. Ал кезде жаштар басылмасы жүз миң нусканы чапчып, таланттуу журналисттердин уясы эле. Кызматка алганда үч курсташымды бир алды. Эсенбай Нурушев, Мундузбек Тентимишев, Жумабек Медералиев. Кийин бизге Байма Сутенова кошулду. Кабыргабыз ката элек республикалык чоң гезитке аралаштык.

Алакандай макала жазсам да, ага жамаат алдында жаш жүрөккө гүл өстүргөн балдай сөзүн айтып, калем мизин курчутуп турду. Жаман болгон жокпуз. Кийинки комсомолдун "кожоюндары" агайды кодулап, кызматынан алганда мен "Ленинчил жашта" элем. Чейрек кылым чеке терин төккөн жердин убайын көрбөй, бир ооз ыракмат

укпай көзү кылгырган Калыбай Жусупович жамааты менен кененчонон коштошо албай, кечээ келген бир бөлөк-бөтөн кишидей гана кете берди. Тагдырыңды таш боордун колуна түшкүлүк кылбасын деп, ошондо жака кармагам...

Кийин агай менен жолубуз кесилишти. "Кыргыз Туусуна" ырларын алып келиптир. Жумушу жок, үйдө экен. Көпкө сүйлөштүк. "Ленинчил жаштын" босогосун аттаган күндү, биринчи командировкамды, кызыл-тазыл редактирлеген макалаларымды эстедик. "Калыбай Жусупович, бизге баяндамачы болуп келиңиз, сиздин жазгандарыңызды кызыл-тазыл кылып оңдобойм" дедим. Адатынча кыткылыктап күлүп: "Чунак бала, карызымдан кутулайын деген экенсиң..." деди да макулдугун берди.

Редколлегиянын мүчөсү катары Бекбай, Токтомуш, Кудайберген агайлар менен Рамис Рыскуловдун "атылбай калган кийиктей" деген кайталангыс сабындай саар-кеч ээрчишип, "Кыргыз Туусунда" төр көркү болуп жүрүштү. Буйрук экен, "Кыргыз Туусунда" жүрүп о дүйнө салды. Бир тууган жамааты Кеминде болуп, агайдын акыркы зыйнатын кылып, энесинин жанына топурак буйруду. Кант диабетин капарга албай, жүрөк дартына жеткизип ийгенче кан-жанын жаштар гезитине, бүтүндөй бир муунду тарбиялоого жумшаган асыл адамдын тажыясына бийлик короосунан бир жан басып келбеди, чиркин... Бизден кайтпаса, Сизге Кудайдан кайтсын, Калыбай Жусупович!

– *Сөзүңүзгө аралжы, өгүнү ыраматылык Акун Токтосартов агабызды опера жана балет театрынын алдынан акыркы сапарга узатуу зыйнатында туруп, мен дагы сендей болуп, армандуу кайрыктын кучагында турдум. Ошондо Баатыр агабыз Бексултан Жакиев Акун менден жаш болсо да жалпы кыргыз рухунун бийиктешине кошкон байсалдуу эмгеги үчүн, жупуну-жөнөкөйлүгү үчүн "Акун аке" деп кайрылчумун деген ак сөзү тургандардын жүрөгүндө түнөп калды. Филармонияда директор, маданият министри, кийин "Руханият" фондусун негиздеген инсан катары маданиятыбыздын нечен давандарын ашкан, санжырасын жараткан адамды минтип бир күндө жоготуп алдык...*

– Акун аканын жакшылыгын кыргыздан бөлөк да көп эл көрдү. Даңаза-даңкы менен менменсинген не деген даанышмандар Акун аканын колунан "Руханият" сыйлыгын алып, күлүгүнө мингенде жерге-сууга батпай жүрөгү туйлап, жашоонун жаңы маңызын туйганын далай жолу көрдүк го. Элдин көбү көргөн, эчен кылым эстеп жүрөр тарыхый сүрөт бар. Акун Токтосартов Сулайман тоосундай шаңкайып так ортодо. Аны ар кайсыл жылдары "Руханияттын" лауреаттары болгон, күүжүм падышалар Г.Алиев, Н.Назарбаев, И.Каримов, С.Демирель, А.Акаевдер курчап алган. Жаңылбасам, Акун ака ошондо эл аралык "Руханият" сыйлыгын мезгилдин, мекендин Баатыры, айкөл Манастын асыл урпагы, сөз падышасы Чыңгыз Айтматовго тапшырып жаткан.

Рух дүйнөсү керемет дүйнө. Ал шаңшыган бойдон түбөлүк тура бербейт. Аны Акун акадай убайлуу күйөрмандары оргу-баргы заманда маңызын ачып, маанисин арттырып турбаса, руханий көрөңгөнү урпактарга таанытпаса, ара жолдо, ач белеste калып кетиши да диксиз. Эрте жаздын эрип кеткен карындай кыска өмүрдө Акун агабыздын бийлиги да, байлыгы да "Руханият" болду! Акындардын атасы Сооронбай Жусуев: "Амал ойлоп, ким алдаса азгырып, ага кайра Акун жасайт жакшылык" деп өзүнөн чоң азык көтөргөн кумурскадай мээнеткеч агабызга таамай баасын бериптир. Жок дегенде кең көкүрөгүнө "Данакер" орденин тагынбай кеткен асыл агабыз, көрөсүңөр, бизди дагы кө-өп кайгыртат!..

– *Журналистикада өзүң дагы бир кыйла шакирттерди өстүрдүң, алды китеп чыгарып, дагы бири өзүнчө гезит ачып дегендей тырбалаңдап өз оокатын кылып кетишти. Жаңы жазып баштагандарга кандай кеңеш бересиң?*

– Күчтүү адамды ээрчиш керек. Күчтүүнүн таалим алуусу тез жетилтет. Өзгөчөлүү тагдыр күтөт. Аваз туткан инсандын көргөнүн көрүп, окуганын окуп, айтканын жадысында кармаса, бат чыйралышына жакшы. Душмандын да күчтүүсүнөн тилеш керек деп байыркыдан бизге жеткен акыл бар. Атаандашың алдуу, алгыр болсо, сен да андан ашканга ашыгасың. Чыгармачылыктын белге бууп жүрчү бир шерти ушу.


– *Эрнест Хемингуэй: "Жазуучулук оңбогондой оор иш. Жеңил иш болгондо жалакайдын баары жазуучу болуп жандарын бакмак" деген тура.*

– Классик таамай айтыптыр. Жазуучу болом деген адам кыйла жыл журналистиканын да нанын жеш керек. Журналисттик чыйыр менен кыялап, атак-даңктын даванына чыккан жазуучулар толтура. Өзүбүздүн эле адабиятыбызга абай салсак – Аалы, Түгөлбай, Чыңгыз агаларыбыз кыргыз журналистикасынын көч башында, ойдун керемет сулуулугун сыпаттап, чындыкты жөнөкөйлөтүп жазууда көркөм публицистиканын кайталангыс туундуларын жаратышты. Сөз устачылыгында жазганың ыраңына чыккыча кайта-кайта көчүрүп, жан чыдагыс азаптын азуусунан өткөндө гана бир окусаң, тойбогон көз жоосун алган чынардай чыгармалар жаралат.


– Чыгармачылыктын жээги тартылып баратса күйүнгөн, жаңыларын жазсаң сүйүнгөн күйүмчүл күйөрмандарыңдын көп экенин билем. Маек соңунда аларга айтаар не сөзүң бар?..

– Жаш өйдөлөгөн сайын берилген өмүр өтөлгөлүү болдубу, чыгармачылыкта жүрүп, өлбөстүккө бир нерсе калтырдымбы деген ой билинбей жүрөктү өйүйт. Бирок, жазат десе эле ченем жок жазганды да жактырбайм. Жүрөктөн тамган ой гана калем учунан кагазга түшсө деп калат экенсиң. Бая күнү бир жакшылык үстүнөн Эсенбай Нурушев жолугуп: "Абдиламит, сен дагы роман жазып атасыңбы?" дейт күлүп. "Жок, Эсеке, менин арманым – аңгеме" десем, адабиятка зирек жан эмеспи "Туура кыласың, колуңан келсе, ал "модадан кач" деп көңүлдөгүмү айтты. Адамдагы асылдыкты калпып алып, жүрөк кылдарын титирете жазылган көркөмдүк эч качан көз жаздымда калбайт. Аны барктап-баалап алаар, көкүрөгүндө көркөм дүйнө жашаган окурман-күйөрмандарымдан Кудай айырбасын...

Маектешкен Абдимухтар АБИЛОВ.




«Атамдын ак батасы менен агарып-көгөрдүм». 1986-жыл.




Кырчын кез кымбат, кыялдар орундалат... 1985-жыл.



Кыйла жылдар уу-дуусу басылбай көпчүлүктүн бүйүрүн кызыткан кыргыз жазуучуларынын кезектеги пленуму. 1992-жыл.



Айтылуу Апшыр-Сай шаркыратмасынын маңдайында чыгармачылык маанайда. 1988-жыл.



«Кыргыз Туусу» газетасынын 75 жылдык маараке тою улуттук филармонияда зор салтанат менен өттү. Гезитин ошол кездеги редактору А. Матисаков баяндама жасоодо. 1999-жыл.



Устаттардын улуу жолу бизге калды. Улуттун төл гезити «Кыргыз Туусу» гезитинде Кыргыз журналистиканын ардагерлери: Саткын Сасыкбаев, Мамасалы Абдыкеримов, Станбек Усупов менен жолугушуу. 1993-жыл.



«Кыргыз Туусу» газетасынын 75 жылдык маараксинде кыргыз акын-жазуучуларынын чын жүрөктөн төгүлүп айткан тилек-калоолоруна сыймыктанып турган кез. 1999-жыл.



Аңгеме – дүкөн айтылып, аалам алпынын аты улук!
«Кыргыз Туусу» редакциясына Ч. Айтматов келгенде. 2004-жыл.



«Жүз жылдар мындан кийин да...» Жүрөктөр жашайт ушундай!
Альбина Эралиева, Сүйүнбай Эралиев, Сүймөнкул Чокморов менен. 1986-жыл.




Кыргыз теле-радиосунда жетекчи болуп турганда Күн чыгыш өлкөсүнөн келген делегация мүчөлөрүн кабыл алууда. 1995-жыл.



«Кыргыз Туусу» газетасында башкы редактор болуп иштеп жаткан кези.
1993-жыл.



Баатыр менен баарлашуу баатыр идеяларды жаратат. КР Баатыры, драматург Бексултан Жакиев менен. 2018-жыл.



Баатырдын атын алыстан ук, жанына келсең бир киши. КР Баатыры, Эл акыны Сооронбай Жусуев менен. 2011-жыл.



Кесиптештердин кеменгери жан дүйнөгө жакын Легендарлуу редактор Александр Малеванный менен. Норвегия, 1998-жыл.



ТҮРКСОЙдун генералдык катчысы Дүйсен Касеинов эл аралык сыйлыкты тапшырууда. 2018-жыл.



«Ленинчил жашта» өткөн күндөр эстен кетпес, кусалуу сагындырат аны эстеш...
Легендарлуу башкы редактор Калыбай Осмоналиев эмгек жамааты менен. 1985-жыл.



Бирге иштеп, бирге жүрсөк жарашабыз, биз дагы устат болуп баратабыз. Болочок журналисттерге билим-тарбия берген кесиптештер Садык Алахан, Айна Дүйшекеева, Айбек Түмөнбаев, Абдыганы Халилов, Эльмира Усенова жана Римма Орозалиева эже журналистика кафедрасында. 2008-жыл.



Президенттер алган сыйлык, Абдыкеге да жетти Кудай буюруп! Эл аралык «Руханият» сыйлыгы тапшырылууда. Филармония, 2002-жыл.



Кылымдын жашын көргөн Кыргыз Туусу, кыргызда басылманын тунгучу ушу! «Кыргыз Туусу» гезитинин 80 жылдык салтанатында. Филармония, 2004-жыл.



Өмүрдө жылдардын бир болсо марты, достор менен эс алуу рахаты!
Америкада Жаныбек, Гүлжан, Жаңыл менен. 2017-жыл



Турмушта сыйлуу абыдан,
Туугандар болот баарынан.
2012-жыл.



Тендешсиз минуталар...
Жазуучу бүгүн эми профессор!
Баласагын атындагы КУУнун
Ардактуу профессору наамын
тапшыруу учуру. 2014-жыл.



Даңазалуу ага жанында, жүргөн жакшы өмүр баарында.
КР Баатыры Миталип Мамытов менен. 2020-жыл.



Эркелеп турган шакирттер, эртеңки күнгө жаш күчтөр!
Студенттер арасында. 2016-жыл.



Кайса да жылдар сүрөттө, жамаатты жашаткан мүрөктө.
«Кыргыз Туусу» гезитинин жамаатты. 2004-жыл.



Залкар жазуучубуз Чыңгыз Айтматов «Кыргыз Туусунда». 2004-жыл.




Журт жакшылар менен жакшылык үстүндө жарык жүз менен жолуксаң жарпың жазылат-ов!.. 2007-жыл.



Маш ишке танда, кечтеби, Матисаковдун мектеби!
«Матисаковдун мектебинин» мүчөлөрү менен. 2018-жыл.



Шакирти өтөт жакшы устаттын деп келет, жүрөгүнө нурдай өтсө кеп-кенеш.
«Матисаковдун мектебинин» мүчөлөрү менен. 2021-жыл.



Франция. Эйфель мунарасынын алдында достору менен. Абдиламит, Жаңыл, Гүлбара, Абдыганы. 2013-жыл.



Тагдыр өзү кошкон, кандай сонун достор! 2016-жыл.



Калемдеш, дилдеш, санаалаш,
Жакшы дос экен уялаш!
Белгилүү жазуучу, досу Тойчубай Субанбеков менен. 2008-жыл.




Курсташтарым, санаалаштарым, эч убакта сапарыбыз карыбасын!.. 2014-жыл.



Жолугушуу достор менен бир курдай, керектерде калат экен унутулбай.
Калемдештер Карбалас Бакиров, Абдиламит Матисаков, Абдрахман Алымбаев,
Тойчубай Субанбеков Бактыгүл Чотуроанын өздүк китепканасында
чыгармачылык пикирлешүү. 2008-жыл.




Өмүрлүк жубайы Жаңыл менен эс
алуу күндөрүндө.
Франция, 2013-жыл.



Тагдырың берсе жактыруу,
Өмүрлүк болуу бактылуу.
Өмүрлүк жубайы Жаңыл менен.
2015-жыл.



Сыйлашуу кандай сонун жаштык кезде...
Чыгаан журналист Мундузбек Тентимишевге «Кыргыз Туусунун» сыйлыгын
тапшыруу учуру. 2001-жыл. 7-ноябрь



Жакшы күндөр узарткандай өмүрдү,
Жакшы элестер унутулбайт...
2001-жыл.



Бир тууган гана табылбас, муну ким айтса жаңылбас.
Бир тууган агасы Мажит, жеңеси Пазилат жана карындаштары Каныш, Акмөөр менен Ноокатта. 2007-жыл.



Абиламит Матисаков жубайы, уул-келини жана неберелери менен. 2021-жыл.

2-БӨЛҮМ

ЗАМАНДАШ КАЛЕМДЕШТЕРДИН ПИКИРЛЕРИ





Жунай Мавлянов,
Кыргыз эл жазуучусу

КЕРЕМЕТ ТАЛАНТТЫ КЕРЕМЕТ ЖАЗГАНСЫҢ...

Ассалоом алейкум, АБДИЛАМИТ! Сага бул катты жазууга "Ала-Тоо" журналына чыккан "Ак коргон" аттуу повестиң себеп болду. Андан мурдараак айылдык инженер-куруучу Мейман Раманкулов менен жаш автор Тойчубай Субанбековдун повесттерин окуп, алардан алган таасирлер ушунчалык күчтүү болгондуктан, аларды Жазуучулар союзундагы бир жыйында башкалар менен бөлүшкөнүм да эсимде. Субанбеков менен Раманкуловдун повесттери "Ала-Тоо" журналында кезек күтүп жатышат. Алардын кечигип болсо да жарык көрөрүнө ишенем. Анткени, экөөнүкү тең жакшы чыгармалар.

Раманкулов менен былтыр гана тааныштым. Ал эми Субанбеков тууралуу бир нече жылдан бери тиешелүү жерлерде сөз кылып келатамын. Анын алгачкы аңгемелеринен тартып (анын да азырынча сага окшоп бир гана кичинекей китеби чыккан), жазганынын баарын такай окуп келатамын. Мындан жети-сегиз жыл мурда жаш жазуучулардын кеңешме-семинары учурунда анын жетекчиси катары Субанбековдун биринчи аңгемелерин окуп, жактырып калган элем. Андан бери ал бир нече жаңы аңгемелерди, повесттерди, а турсун, роман жазып таштады. Бирок, алары азырынча эки гана адамга – өзүнө, анан мага гана белгилүү. Башкаларга жете элек. Бу да болсо, азырынча адабий-көркөм жана басмаларыбыздын мүмкүнчүлүктөрүнүн чектелүү экендигинен. Көптөн бери сөз болуп келаткан жаштар журналы көз жарып калса, жаңы гана ишке киришкен "Адабият" басмасынын

тармагы күтүлгөндөй кеңейип, "Ала-Тоо" журналынын көлөмү мактаждыкка жараша тезирээк чоңойсо, албетте, силердей жөндөмдүү жаштардын окурмандарга барчу жолун кескин кыскартып, чыгармачылык жаштыгыңарды эртерээк жетилтмек.

Абдиламит! Кат менен сага кайрылып жатып, биерге дагы эки жаш талапкерди кыстарып отурган себебим – үчөөңөрдүн чыгармаларыңардан мен, кандайдыр бир окшоштукту байкап калдым. Тагыраак айтканда, жазуу манераңар окшош экен. Курчап турган дүйнөнү байкоо, туюп-сезүү жана аларды окурмандарга айтып берүү жөндөмүңөрдү айтып жатам. Үчөөңөргө тең элпек лиризм жана терең психологизм мүнөздүү. Үчөөңөрдө тематикалык жактан да окшоштук бар – бийик адамгерчиликти даңазалайсыңар. Мен окуган силердин аңгемелерде, повесттерде – адамдардагы ак ниеттүүлүк, боорукердик, айкөлдүк сыяктуу ыйык сапаттар, алардын атадан-балага, эне-ден-кызына өтүшү сөзгө алынат.

Адегенде эле кээде биз, улуулар, этибарга албай койгон тигинидей улуу адамгерчиликти биринчи планга коюп отурганыңардын өзү мени аябай ыраазы кылды. Ата-бабалардын кийинки урпактарга түгөнбөс гүлазык, көзгө сүртөр таберик катары өткөрүп берчү ошол ыйык сапаттары объектүү жана субъектүү себептер менен, убакыттын өтүшү менен бөксөрүп отуруп, бүгүн "дефицитке" айланып кеткенин эч кимибиз тана албайбыз. Натыйжада эмне болуп жатат? Кимдин колунда бийлиги болсо, ошонун бутун кучактаган арсыздар, эки жүздүүлөр, тыйындык пайдасы үчүн баасыз досун саткан ыймансыздар, карыган ата-энесин карабай таштап кеткен безээри балдар, жашоонун жеңил жолу деп уурулукту тандап алышкан кесептер, сойкулар көбөйүп кетпедиби! Башкача айтканда, ЖАКШЫЛЫКТЫ жамандык жакадан алып, аны ал-күчтөн тайдырып баратканда ЖАКШЫЛЫККА жаңы күч-кубат берчү чыгармаларды жаратуудан өткөн асыл милдет барбы?! Деги эле көркөм сөз өнөрүнүн түпкү вазийпасы – адамдардын акыл-эсин тазартып, бири-бирине болгон сүйүүсүн, ыкласын арттыруу. Ыйык Куран талабы да ушундай эмеспи!

Абдиламит, ушул ойлоруму далилдөө үчүн сенин аңгемелериңдин тегерегинде сөз кылуу максатында ушул катты жазып отурам. Бул катты жазуу ою сенин "Ак коргон" повестиңди окуган соң пайда болгон эле дебедимби. Ана-мына деп ага чолол тийбей жүргөндө жакында "Кыргызстан маданияты" газетасынан "Палван" деген жаңы аңгемени окуп калдым. Ошондон кийин башка бардык иштеримди жыйыштырып коюп, ушул катты жаздым.

Эмесе, сөздү ушул кийинки аңгемеңен баштайлы. Адегенде кичинекей "лирикалык чегинүү". Быйылкы жайды мен түштүктө жүрүп өткөрдүм. Түштүк дегенде Ош, Жалал-Абад гана аймагы эмес, сен тиги аңгемеңде базарын эң сонун сүрөттөгөн бүтүндөй Фергана өрөөнүн көзгө тутуп жатам. Бул өрөөндүн дүйүм жемиши кыйгаз бышып, төгүлүп-чачылып жаткан маалда мен да жездең экөөңө окшоп (аңгеме биринчи жактан айтылып жатпайбы), Фергана базарын аралладым. Маргалаң, Наманган, Анжиян базарларында да болдум. Демек, сен аңгемеңде сүрөттөгөн: "жебей жатып даамы тилге жетип, ырахаты көздөрүнөн көрүнгөн" адамдарды, айрыкча, бир колун бооруна алып, экинчи колу менен эгиз балдардай моюндашып жаткан коондорун көрсөтө: "Мырза чөлдүкү, кайсынысын тартайын? Тилип берейин, адегенде жеп көрүңүз. Ага пул бербейсиз" – деп алармандыкызыктыра ага сылык-сыпаа кайрылып турган сатармандарды дагы бир марта өз көзүм менен көргөн элем. Ошол баш-аягы көрүнбөгөн чоң базарды аралаган ала допу, ак калпак адамдарды, коон, дарбыз, жүзүм, шабдаалы жыттанган адамдарды, колдору тилик, беттери туурук, бирок, тулку бойлорунан кут агылган, салааларынан береке чууруган адамдар менен кайрадан жолуктурганың үчүн ыраазы болдум. Лабизин агызган ачкөз да, ашынган ууру-кески да мындай молчулук базарын араласа, жок дегенде сенин ушул аңгемеңди окуса, азга болсо да андай ыплас жоруктарынан баш тартып, агытып таштаган напсисин тыяр беле деген ойго келдим. Башкача айтканда, чыгарманын жан дүйнөгө тийгизер таасири жөнүндө айтып жатам.

Бирок, мени тигиндей базарларды, анда жайнаган алигидей мөмө-чөмөлөрдү көрбөгөн тоолуктардан окшойт деп ойлобогун. Мен өзбек туугандардын алигидей дүйүм жемиштери бышкан кезде аларды жагымдуу жыты жазбай жетип турчу, демек, аларга жамаатташ кыштактардын биринде туулуп-өскөндөрдөнмүн. Балким, ошондуктан сен аңгемеңде сөз кылгандарды ушунчалык тез кабылдап, алардан тез таасирленип жаткандырмын. Ооба, чыгарманын башкы касиети ушунда – окуганды таасирлентүү. Чынын айтайын, ушу аңгемени окугандан кийин менин да өзүң жазгандай: "Закым желген ошол чөлдө, анделек жыттуу кепеде жатып-туруп, ширин-ширин аңгемелерди жазгым келди".

Окуганды мына ушундай кумарлануу сезимине дуушар кыла алган чыгарма гана өз максатына жетип, жан дүйнөңү аруулантуу милдетин аткара алат. Мындай деңгээлге жеткире сүрөттөй алуу, албет-

те, баарынан мурда талант чамасына, анан түптөлө баштаган чыгармачылык чеберчиликке жараша болот.

Сенин аңгемелериңен мен байкаган дагы бир өзгөчөлүк – жогоруда эске салган адамгерчилик жагдайына тиешелүү. Таалим-тарбия маселеси. Мен окуган ар бир аңгеменин негизги каармандары – ата менен бала, эне менен кызы. Ата менен эне – перзенттери үчүн жакшылыктын уюткусу, көрөңгөсү. Ушул көрөңгөдөн, ушул уюткудан өсүп калса, баланын келечекте турмуштун тескери жолуна түшүп кетпеши үчүн алгачкы шарттын түзүлгөнү дей бер. Сенин ушул чындыкты жаш эле туруп, баамдаганыңа кайыл болдум. Далдалчы – Өсөр, анын баласы Аттокур ("Далдалчы" аңгемесинде), Шергазы, анын баласы – Аскар ("Үйдүн куту" аңгемесинде) Нарыбайың, анын кызы – Кантажы ("Экзамен" аңгемесинде), Анар, анын кызы – Каныш ("Тандыр" аңгемесинде), жездеси менен кайниси ("Палван" аңгемесинде) жана башка аңгемелериңде балдар, кыздар кол арага кирип, улууларга алардын күндөлүк тиричилигинде көмөктөшүүгө жарап калышкандан тартып, алардан бийик адамгерчиликтин уюткусунан, көрөңгөсүнөн жүрөктөрүнө сүртүп, акыл-эстерине жуурултуп келатышат. Мындайлардын келечегинен шектенбесе болот.

Штрихтер... Деталдар... Булар көркөм чыгармада каармандардын мүнөздөрүн ачууда чоң-чоң кызмат өтөшөт. Бул көркөм каражаттарды да ыктуу пайдаланасың. Кээде бир эле шилтемиң чоң нерседен кабар берип коюп жатат. Маселен, келинчегинин: "Козулуу кой алып кел" – деген өтүнүчү менен базарга барган күйөөсү аны аралап жүрүп, акыры козулуу кой кармаган сатарманга жолугат. Ушул жерден улам биринен-бирине өтүп аларман менен сатармандын колдорун кармаштыра: "Бар, береке!" айтып жүргөн Өсөр далдалчы да пайда болот. Буга аны жакшы тааныган эки жак тең сүйүнүп кетет. Койдун ээси 250 сом сурайт. Ал эми Өсөр далдалчы анын айтканына дагы 30 сом кошуп коёт. Анын көп жылдык далдалчылык тажрыйбасы тазага айланып калган да. Ал жаңылбайт. Ошондуктан, эки жак тең анын баасына макул болот.

Демек, эки жак таң тигинин калыстыгына ишенет. Мал ээси көрсө мурда мал сатып көрбөгөн экен, ошондуктан аз сурап коюптур. Мындай сооданы өз көзү менен көрүп, өз кулагы менен угуп турган Өсөрдүн баласы Аттокур биерден калыстыктын "сабагын" алып жатпайбы. Тигилердин ишин бүтүрүп, анын атасы ал кызматы үчүн алардан эч кандай акы албастан, башкаларга шашат. Чоң базардын бардык

жеринде моюндарын созо аны издегендер, аны күткөндөр. Анткени Өсөр – калыс далдалчы. Аны сатармандар да, алармандар да биротоло түшүнүп калышкан. Өсөрдүн далдалчылыгы – байыш үчүн эмес, башкалардын ажаатын ачыш үчүн экенине көздөрү жетип бүткөн. Андан баласы Аттокурга калчу байлык да, мурас да – атасынын мүнөзүндөгү ушул артыкчылыгы. Башкалардын камы үчүн кара жанын карч уруп, эртеден кечке тынбай басып, калыстык ишин кылганы.

Дагы бир деталь... Дагы бир штрих... Сатып алат го деген үмүт менен коонпуруштун кесип берген бир тилим коонун "кабыгына чейин кемирип жеп", анан бир кылчайып артына карап койбостон басып кете берген жездеси үчүн кайнисинин катуу уялганы... "Албагандан кийин алиги тилимди эмнеге жеди десең" – деп күн бою кыжаалат-танган бала чоңойгондо да азыр белгилүү болуп жаткандай, бүтүндөй бир чарбанын же ишкананын бир жылдык кирешесин жеп-жутуп коюп деле эч нерсени көрбөгөн, билбеген кишидей компоюп жүрө бергендерден болбойт. Башкалардын ак эмгегинен жаралганды бала кезден баалай билген неме андайга бара албайт.

Дагы бир штрих... Дагы бир деталь... "Апаңардын тандырына нанды эми Каныш жабат" – дейт энесинен ажыраган балдардын атасы. Тандырды курдурган алардын апасы Анар эле. Ал көз жумду. Артында тестиер уулдары менен кызы Каныш калды. Анар өлдү, бирок аны менен кошо жашоо өлгөн жок. Анткени, жашоону уланта турган Каныш бар артында. Демек, тандырдын оту өчпөйт. Ага мындан ары да нан жабыла берет. Мындан ары да ага нан жапкан сайын, алардын ысыгы тарай электе апасы Анардай эле Каныш да коңшуларын чакырып, алардын астына дасторкон жайганды унутпайт. Энесинен жуккан чоң адамгерчилик андан ошону талап кылат. Жакшы нерсени башкалар менен бөлүшүп туруу тандырга жапкан ак нандай ак дилдүү адамдардын гана колунан келет.

Дагы бир деталь... Дагы бир штрих... Таразачы Туйту бир күнү жакын жердеги суу саткыч Калбү аттуу келинге келип суусун ичкенден кийин тыйын сунса, тиги кошуналыгын көрсөткүсү келген го, тыйынын албай коёт. Туйту болсо, кадимкидей кейип: "Муну сага берип жатканым жок, Өкмөткө берип атам" – деп тиешелүү сары чакасын таштап кетет. Мына, дагы бир ак ниет Адам! Өкмөттүн дегени элдин чөнтөгүнө дегени эмеспи. Элдин чөнтөгүнө кол салбастан, ага өзү тыйын болсо да салып жатпайбы! Өкмөттүн, демек, мамлекеттин чөнтөгүнө коркпой кол салгандарды колго чаба турган АДАМ!

Абдиламит, сенин бул катта аталган жана аталбаган аңгемелериңди окуп отуруп, Туйту таразачынын сөзү менен айтканда: "Бирөөгө грамм да жамандыгы жок адамдар" да турмушубузда али аз эмес экендигине ынанып калдым. Менимче, жакшылыгы керт башынан артпаган, башкаларга багыштаганы жалаң гана жамандык, арамдык адамдар саны жагынан далдалчы Өсөрлөр, таразачы Туйтулар, таңдыр ээси – Анарлар, Каныштардан ашып кеткен күнү кыямат-кайым болот. Сенин каармандарың менен таанышкандан кийин, Кудайга шүгүр, ал күн азырынча алыс экен деп калдым... Ушундай сезим тарт туулаганың үчүн сага ушул кат аркылуу ыраазылыгымды билдирип коёюн дедим.

Абдиламит, мага жаккан дагы бир артыкчылыгың – тилиң болду. Жазуучунун дагы бир милдети – эне тилинин даяр запасынан гана сарамжалдуу пайдалануу эмес, колдон келишинче анын мүмкүнчүлүгүн андан ары дагы арттырууга көмөктөшүү экенин билесиң да. Ушуну эске тутсак, ал же бул чөйрөгө гана тиешелүү сөздөрдү жана түшүнүктөрдү пайдаланып жатып (андайлар сенин чыгармаларың-дагы персонаждардын речинен гана кездешпестен, автордук ремаркадан да жолугат), "окурман түшүнөөр бекен?" – деп кылчактабаганың жакшы. Мунуң кээ бирөөлөр ойлогондой, "тилди булгоо" эмес, анын али ачыла элек "запасын" ачууга далалаттануу.


Абдиламит, кийинки жылдарда өзүңү очерк, публицистика жанрында да сынап көрдүң окшойт. Менимче, бул жагынан да ишиң жемиштүү болуп жатат. Алардын айрымдары республикалык, ал турсун, союздук сыйлыктарга татыктуу болгонуңа мен да кубандым. Бул жанрдагылардан мага айрыкча жаккандары – жогору жакта учкай сөз кылган аңгемелериңен кем эмес таасир калтыргандары – жазуучу Кубат Жусубалиев менен актёр Сүймөнкул Чокморов жөнүндөгү очерктер болду.

Кубат Жусубалиев калемдештеринин эч кимисине окшобогон (чыгармалары, кулк-мүнөзү жагынан гана эмес, өңү-түсү жагынан да) – оригиналдуу инсан. Чоң талант! Өзгөчө бир түйшүктөрү менен, башка эч ким билбеген, өзү да билдирбеген, эч кимге чечилип сыр айтпаган, табиятынан "түнт" адамдын ички дүйнөсүнө сүңгүп кириш сендей азырынча жарганаттын канатындай болгон жука бир китептенин авторуна эмес, калеми "төшөлүп" калгандар үчүн да кыйын иш эле. Интеллектуалдык дарамети бай, бу жашоонун философиялык жагын тынымсыз аңтарып казып жүргөн Жусубалиевдей сейрек учу-

роочу жазуучунун жана адамдын көптүн көзүнөн өтө этияттык менен жаап-жашырып келаткан сырдуу дүйнөсүнө үңүлүп кире алганыңдын өзү – сенин чыгармачылыгыңдын дагы бир жетишкендиги деп эсептеймин. Ушундай эле пикирди Сүймөнкул жөнүндөгү очеркиңе да айткым келет. Керемет таланттын бийиктигине биерде да чыга алгансың!

Очерктер дейсиңби, портреттер дейсиңби, кеп алардын аталышында эмес, жакшы адамдар, бул турмуштун туткасы болуп калууга татыктуу адамдар тууралуу жүрөк отуң менен кеп кылгансың. Ошонуңа кубандым, ыраазы болдум. Ушундай сезимден улам, дагы кайталайын, ушул катты жазып отурамын.

... Ал эми "Ак коргон" повестиң тууралуу бул каттын башында кыстарылган өзүңө окшогон дагы эки таланттуу жаш калемгерлердин – Тойчубай менен Меймандын повесттери жарык көргөндөн кийин алар менен бирге сөз кылайын деп чечтим.



Чыңгыз Айтматов,
КР Баатыры,
Кыргыз эл жазуучусу

КҮЛҮКТҮН КҮЛҮКТҮГҮН ЖОЛ СЫНАЙТ

Сөз касиети, сөз кудирети деген биздин элибиздин салт-саанасында атам замандан бери ыйык саналган түшүнүктөр. Сөздү табияттан кан-жанына салынган өзгөчө шыгы улуу турмуштун мейкиндигине ар качан шердентип, ар качан жигердентип турган өнөр шыбагасы бар кишилер кутун учурбай сактайт да, оздеми менен жылытып, улам кийинки урпактарга байыркы дүбүрттүн коштоосу, азыркы өмүрдүн туткасы катары кадырлап өткөрүп беришет. Буга өзүбүз рух океаны деп эсептеп, Ала-Тоо чокулары менен Ысык-Көл толкундарындай сыйынып келаткан керемет "Манас" дастаныбыз да күбө.

Бу мезгил дегендин токтоосу болбойт экен, ал ар качан ашыга берет экен. Эмдиги оош-кыйыш дүйнөдө маалымат булагы деген канчалык көбөйбөдү. Мына ошол жалпы адамзаттык ашыгышта сөздү эч бир күнүмдүк дөөлөттөргө алмашпас асылдыктай аздектеп, анын рух өстүргөн коломтосун талант күчү менен кеңейтип, ошол аркылуу биз жашаган доордун тарыхын жазып жатышкан сөз майданынын жоокерлери-журналисттер, жазуучулар чыныгы урмат-сыйга татыктуу азаматтар экенинде шек жок.

Абдиламит МАТИСАКОВ сөз багуу деген өнөрдү, мындайча айтканда, "жаратылыштын бир адам аркылуу бүткүл адамзатка жибер-

ген белегин” баркынан түшүрбөй, тузунан кемитпей бийик даража менен алып келатканы мени кубандырат. Күлүктүн күлүктүгүн жол сынайт, жигиттин жигиттигин иш сынайт дейт. Кезегинде элибиздин залкар инсаны, ыраматылык Сүймөнкул Чокморовдун адамдык жана сүрөткерлик портретин элестүү сөз менен терең ачып берген журналисттик изденүүсү республикабыздын журтчулугу тарабынан абдан жылуу кабыл алынгандыгы эсибизде. Портреттик очерктер, аңгемелер, публицистикалык эскиздер – бул таланттуу калемгер инибиздин өтөлгөлүү эмгегинин жемиштүү үзүрү.

Азыркы улуттук журналистикабызды Абдиламит Матисаковсуз элестетүүгө болбойт. Бул да өзүнчө чоң сыймык. Бир топ жылдардан бери эгемендүү Кыргызстандын жалпы улуттук төл гезити – “Кыргыз Туусуна” башкы редакторлук кылып, ушул куттуу чыгармачылык өнөрканасында жаш, изденгич журналисттердин “Матисаковдун мектебин” түзүү менен, татыктуу атак-абройго жетишип калгандыгы да анын агасы, калемдеши, замандашы болгон биздей улуу муундагыларга мактанычтуу демөөр.

Колуңуздардагы жыйнак – Абдиламиттин чыгармачылык жолундагы дагы бир бийиктик, улуттук көркөм сөз, улуттук журналистика майданында оригиналдуу багытка мисал болуучу жаңылык.

Азыр өзүн оңой-олтоң эле журналист-жазуучу деп аша чаап көкөлөткөндөр көп. Абдиламит Матисаков сөздүн чыныгы маанисиндеги улуттук табылга, улуттук сыймыгыбыз болуп саналат. Эң ар кыл-ар кыл темада чабыттуу ой жүгүртүүсү да, элдин руханий кенчине атуулдук жанкүйөрлүгү да, сөздү зергер сыяктуу кылдаттап ажар-түсүнө чыгара билгендиги да, дарамети чоң сезимтал лирикалуулугу да бул китептин авторунун кайталангыс почерки, өз бетинче ашкан татаал ашуусу бар экенин айгинелейт.

Мекен үчүн күчүңдү бер, элиң үчүн кубанарсың, Абдиламит иним!



Сооронбай Жусуев,
КР Баатыры,
Кыргыз Эл акыны

АЙТМАТОВДУН БААСЫ

Мен жазуучу Абдиламит Матисаковдун “Бийиктик” басмасынан чыккан “Атамды көргөн өлбөсүн” деген көлөмдүү китебин дыкат окуп чыккан соң, автор айтайын деген ойлорун, ар бир окуяны, ар бир каарманды сүрөттөөдө ыктуу, ылайыктуу сөздөрдү кылдат пайдалануунун натыйжасында көздөгөн мүдөөсүнө жеткендигине ынандым. Сөз – жазуучунун негизги куралы экендиги аксиома. А.Матисаковдун ошол куралды мыкты өздөштүрүп, көңүлүндөгү ойлорун окурманга туура жеткириш үчүн ар бир сөздүн өң-түсүнө, добушуна, салмагына чейин таразалап, аларды чебер усталардай этияттык менен, билгичтик ык менен колдоно билгендиги ар бир чыгармасынан даана көрүнүп турат.

Атактуу сүрөтчү, улуу киноактёр Сүймөнкул Чокморовдун өмүрүнүн башкаларга белгисиз, купуялуу, көмүскөлүү жактарын адамдар көбүрөөк билсин деген ниет менен жазуучу канча түйшүк, убаракерчиликти, кыйынчылыкты башынан өткөрүп жүрүп ал жөнүндө чындыкты баяндаган очерк жазууга жетишкен. Чокморов ал кездеги жаш жазуучу Матисаковдун өзү жөнүндө жакшы очерк жазарына адегенде ишенбей, чыгарма жазууга астейдил ниети менен кызыкканын кийинчерээк байкап, өзүнүн ичиндеги көп сырларын ачык айтып, ал турсун, катуу ооруп жүргөн Чокморов өзүнүн канын алмаштырган татаал операцияны көрүп турууга Матисаковду чакырган. Натыйжада ал “Кыргыз өңү Чокморовдун өңүндөй” деген кыргыздын чыгаан уулунун кулк-мүнөзүн, сейрек талантын, чыгармачылыгынын татаал сырларын ачып берген очерк жазып, окурмандарга тартуу кылган.

Ойногон укмуш фильмдерден гана көрүп-билбестен, аны менен көп күндөр кошо жүрүп жазган жазуучунун таланттуу чыгармасы аркылуу окурман ага башка ракурстан карап, ички дүйнөсүнө кирип, элүү беш оор операцияны башынан өткөрүп, жарык дүйнө менен коштошкон кайратман, эр жүрөк Чокморовду жакшылап аныктап билди. Бул жагынан жазуучу өз милдетин азаматча аткаргандыгында шек жок.

Жазуучу "Күзгү" аттуу публицистикалык аңгемесинде Лейлек районунда өзү өйдө туруп баса албай калган оорулуу жигит Жаныш Карабаевге атайы ат арытып барып, ал-акыбалын билип, анын трагедиялуу тагдыры жөнүндө жазган. Аргасыздан күн-түнү керебетте кыймылсыз жаткан жигит үйдүн терезесин күзгү сыяктуу пайдаланып, сырттагы үйлөрдү, даректарды, адамдарды, булуттарды, чымчыктарды, кыскасы, тирүүлүктү, турмушту карап жатып өмүрүн өткөргөн жигиттин аянычтуу абалын сүрөттөгөн. Муну менен ал адамгерчиликтүү, боорукер, кыйноо тарткан адамдарга күйүп-бышып караган жазуучу экендигин дагы бир жолу далилдеген.

Абдиламит Матисаковдун китебинин каармандары ар кайсы кесиптин ээлери. Ал объект кылып алган каармандарынын пейилдерин майда-чүйдөсүнө чейин айтып, көрсөтмөйүнчө канааттанбайт. Өмүрүнүн акыркы чегине жетүүгө жакындап калган камкор атабы же мээрбан энеби, жашоодон үмүтүн үзбөгөн оорулуу жанбы, булчуңдары булчуюп күчү ташыган балбанбы, ичи тар кыйдыбы же аксанатай айкөлбү, сабатсыз туруп, адамдык сапаты академиктен артык карыябы же назик кыялдуу интеллигентпи, кыскасы, алардын ар бирине өзүнө гана жарашып, келишкен кылык-жорук, кулк-мүнөз берип, ар бирине ылайыктуу сөздү оозуна салып сүйлөткөндө гана окурман ал каармандын айткандарына, жасаган иштерине ынана тургандыгын Матисаков билет.

Күндөрдүн биринде Абдиламитке жолугуп, чыгармачылык тууралында маектешкен кезимде анын жаны негедир көбүнчө карыяларга тартып тургандыгы, узак жашап, баштарынан көптү өткөргөн, өмүр тажрыйбасы арбын адамдар жөнүндө жазуу, окурмандарга алар жөнүндө баяндап берүү өзүнчө өзгөчө канааттануу алып келээрин айтып берген болучу. Чындыгында да анын бул китебин окуп чыкканда бир-бирине такыр окшошпогон карыя адамдардын образдарынын бүтүндөй галереясы көз алдыбызга тартылып, жазуучу кылдат жараткан ар бир кейипкердин турпаты жана мүнөзү тирүү, турмушта биз

жолуктуруп жүргөн адамдардай көңүлүбүздө бекем калышы анын таланттынын жогору экендигин бышыктап турат.

Мисалы "Атамды көргөн өлбөсүн" деген аңгемесиндеги Өсөр карыянын, "Экзамен" деген аңгемесиндеги Нарыбай карыянын, "Таразачы" аттуу аңгемесиндеги Туйду карыянын, "Момун чал" деген аңгемесиндеги Асанкул карыянын, "Күйөө бала" аттуу аңгемесиндеги Абжали карыянын, "Ак коргон" аттуу повестиндеги Мадимар карыянын образдарын жазуучу чебердик менен жараткан. Булардын ар бири адамгерчилиги жогору, ыйманы таза адамдар, булардын өмүр тажрыйбасынан кийинки муун үлгү, таалим ала турган карылар. Жазуучу китебинде жалаң гана кары адамдарды гана жазбастан, келечектүү жаштарды да жазган. Ошентсе да, жогорудагы карылардын образдары китепти бир топ салмактуу, омоктуу көрсөтүп турат.

Айрыкча, "Тандыр" аттуу аңгемесиндеги өз апасынын образын жаратууда жазуучунун чебердиги айгине көрүнгөн. Уста ашыкпай дубалдын ар бир кышын кылдат, түз кынаптап коюп, кооз да, бекем да, түбөлүктүү тура тургандай үй курган сыяктуу, бир штрихти таап, аны мурдагысына улап, жөлөп, толуктап, апасынын адамдык сонун касиеттерин окурманга баяндап, сүрөттөп бере алган. Апасынын сырткы портретине шайкеш келе турган ички дүйнөсүнүн сырларын ачып баяндаган. Жазуучу өз апасын ооз көптүрүп, семиз сөздөр менен мактабады, кадимки карапайым сөздөр менен эле сүрөттөөлөрүнөн, мүнөздөөлөрүнөн окурман эненин барып турган асыл адам экенине түшүндү, ишенди. Ушундай кайталангыс кымбат адамдын көз жумуп, дүйнөдөн кете бергенине окурмандардын жүрөгү сыздап, мурдатан тааныш жакын, адамынан айрылгандай аны аяйт. Аңгемени окуп чыккан соң, эненин мындай реалдуу образын жараткан жазуучуга ыраазы болуп, анын талантына тан бербей коё албайсың.

Жазуучу китебинде окурманга мүнөздүү бир-бирине окшобогон, бирок экөө бирдей палван деген атты алып жүрүшкөн эки адам жөнүндө жазган. Биринчиси, далысы жерге тийбеген, чыныгы күч менен, парасаттуу ык менен нечен палвандарды күрөштө жеңип жүргөн Ибраим палван же эл "Тапанча палван" деп атаган, атагы таш жарган сейрек жолугуучу азамат. Экинчиси, эл чогултуп, жарданып турганда оор таштарды көтөрүп, көтөргөн ташынын салмагын элге апыртып жарыялап, карандай калпты айтып, элден көп акча жыйнап күн көргөн алдамчы палван. Бул эки палван жөнүндө дароо мүнөздөмө бербестен, жазуучу алардын ошондой экендигин өзүнүн жазуу ыкмасы-

на салып, сырт жагынан бирдей “палван”, ич жагынан бир-биринен такыр айырмаланып турган экөөнү окурман ишенээрлик деталдар менен сүрөттөп, булар жөнүндөгү чыгармасын жаратуудагы максатына жеткен.

Абдиламит Матисаков жакшы мүнөздүү кейипкерлерди көңүлүндөгүдөй сүрөттөй алат дедик, ал эми терс мүнөздүүлөрдү да ошондой эле ыкма менен сүрөттөп, өзүнүн чебердигин көрсөтүп келет. Жогоруда элди алдаган таш көтөргүч палбандын жасаган амал-айласын ишенээрлик көрсөтүп берди. Ал эми “Күйөө бала” деген аңгемесинде Үсөндүн кайната, кайненесине жасаган одоно, орой мамилеси, кылык-жоруктары окурмандардын кыжырын келтирип, ага карата жийиркеничтүү сезим туула тургандай кылып, жазуучу анын сырткы кебете-кешпири менен ички дүйнөсүнүн жардылыгын айкалыштырып мүнөздөп, реалдуу сүрөтүн тарткан.

Чебер жазуучу эл ичинен чыккан кайталангыс таланттар Сүймөнкул Чокморов, Мурза Гапаров, Кубатбек Жусубалиев, Болуш Мадазимовдордун ар биринин портреттерин таасын тартып, ар бирине таандык чыгармачылык жүздөрүн айгине көрсөтүүгө жетишкен.

Жазуучу кара сөз жанрынын бир түрү болгон эссеге кайрылып, аларды китебиндеги “Турмуштан тамган тамчылар” деген бөлүктө жарыялаган. Анын эсселеринде эссеге мүнөздүү болгон образдуулук, философиялык ой, афоризмге, поэзияга жакындык, маңыздуулук, кыскалык касиеттер негизинен сакталган. Көлөмүнүн чакандыгына карабай, ар бир эссени өзүнчө чыгарма катары эсептеген. Кыска эссе өзүнө оригиналдуу, маанилүү ойду талап кылат. Бирок, кээ бир калемгерлер көңүлгө, ойго жугуму жок, супсак эссе сөрөйдү жаза коюп жүрүшөт. Эссенин өзгөчөлүгүн, табиятын түшүнө билгендиктен, Матисаков аны жазууда бир топ жөндөмдүүлүгүн, ийкемдүүлүгүн көрсөткөн.

Абдиламит Матисаковдун бул китебиндеги көлөмдүү чыгармасы “Ак коргон” повести. Чыгарманын башынан аягына чейин окуялар, каармандардын тагдырлары драматизмдүү жана динамикалуу түрдө өнүгүп олтургандыктан, окурман окуп, жазуучу жараткан дүйнөнүн ичине кирип, кубанычка, өкүнүчкө, кайгыга жолугуп, кайдыгер абалда калбастан, андан көңүлгө күчтүү таасир алып чыгары шексиз. Бул повесть – жазуучуну окурмандарга кеңири таанытып, мезгилдин сынагынан өткөн чыгарма. Бул повестке жазган баш сөзүндө Кубатбек Жусубалиев: “Это большая проза. “Самая высокая и большая художественность – это любовь к людям” говорил Ван Гог. Эти слова вполне применимы к прозе А.Матисакова” деп жазган. Кыргыз Республикасынын Эл жазуучусу Жунай Мавлянов А.Матисаковго жазган катында: “Жакшы адамдар, бул турмуштун туткасы болуп калууга тактуу адамдар тууралуу жүрөк отуң менен кеп кылгансың. Ошонуңа кубандым, ыраазы болдум” деп жазган.

Ал эми заманыбыздын феноменалдуу таланттуу улуу жазуучусу Чыңгыз Айтматов жазуучунун бул китебине жазган баш сөзүндө: “Абдиламит Матисаков сөздүн чыныгы маанисиндеги улуттук табылга, улуттук сыймыгыбыз болот” деп жазган. Айтматовдун жазуучуга берген бийик баасы аны көп нерсеге милдеттендирип турат. Чындыгында да “Атамды көргөн өлбөсүн” аттуу китеби – Абдиламит Матисаковдун чыгармачылык чоң ийгилиги. Адатта ийгиликти ийгилик ээрчип келет эмеспи. Бирок, ийгилик өзү эле келе койбостугун жакшы түшүнгөн кара сөздүн парасаттуу чебери бул мезгилде өзүн бакубат сезип, калемин ишенимдүү шилтеп жазып жаткан “Күндөрдү аттап баратам...” деген эсселер цикли окурмандар күткөн табылга болоруна ишенем. Ал жаңы ийгиликке жетмейин канааттанбаган намыскөй жазуучу.





Самсак СТАНАЛИЕВ,
Кыргыз эл жазуучусу

СӨЗГӨ ЖАН КИРГИЗГЕН ЖАЗУУЧУ

Көптөн бери, наати жыйырма жылдай болуп калды окшойт, жаш баланын тилиндей ширин, жүрөгүңдү кубанычка туйлаткан, сөз жанынын сүйүнүчтүү үнү угулуп турган, ошол эле учурда сөз махабатынын эки дүйнө арманынан жаралган сенидей анделек жыттуу аңгеме окуй элекмин, Абдиламит. Ошону айтсаң. Азыркы кыргыз прозасы булбулу качкан токойдой болуп томсоруп турбайбы. Булбулдун сайрашы түгүл, балапандардын канат какага «апалаган» үнү угулбай калбадыбы. Кырдаал кылычын тартпай койду го, кыязы, ушундан улам болсо керек, тили ширин, маин мүнөз, жылдыз кыял проза тургай, азыр поэзия да сүйлөбөй калды. Тилине тикен сайылган, боору таштан, жүрөгү канжар мизинен жасалган нескара чыгармалар эл безерлеринин эрмеги болуп жатат окшойт.

Адабиятыбыздын гүлдөө мезгилин жараткан Ө.Даникеев менен А.Саспаевдин, А.Жакыпбеков менен А.Стамовдун, М.Гапаров менен К.Жусубалиевдин, жазуучу-агартуучу К.Жусуповдун, булардан кийинки сен арасында жүргөн прозачылардын чыгармалары эмне болот? Аларды бизден башкалар окубай калабы? Анда кыргыз адабияты эмне болот? Бир күнү Индонезия адабиятындай жок болуп кетеби? Абдиламит, мен негедир ушуларды ойлоп жүрүп, анан бүгүн ала салма мезгилдин карыш салган кабагына карабай, сага кат жазууну чечтим.

Абдиламит, бир тилим коондун даамындай таңдайда калчу аңгемелериңди эстеген сайын, мен дагы бир курдай ширин аңгеме жа-

зайын дегем. Көкүрөктө көктөп ал жаныбар гүлүн ачып калган эле. Ооба, жабыркаган көңүл менен тилинип бүткөн жүрөктүн жалаң муунунан жаралган музыканын балбылдаган айыпсыз карегине канжар сайып туруп таштап кеткен, сүрөттүн тили жете алгыс жалгыз тагдыр кайрыгын бир аңгеме кылайын дегем. Болбой койду, болбой койду эмес, жаза албай койдум. Канча бир ирет караңгы түндө туурунан качкан куш болуп, бу дүйнөнү сабалап учуп айлансам да, көкүрөгүм ыйлабай койду. Көзүмдөн таштай муздак жаш тамыза ызаланып туруп кетип жүрдүм . Аңгемеби же повестпи, айтор бүт бардыгы бар, аягы да, башы да көкүрөктө көктөмдөй ырдап турат. Айрым окуялар дилимде сөз болуп күйүп жүрөт, а бирок жаза албай койдум, жаза албай эмес, жазылбай койду. Мына ушул жазда сегиз жыл болот. Бүт бардыгы дапдаяр, а бирок ошол күндөн ушул күн чечекейи чеч кыла көкүрөккө сайылган найзанын жүрөктө калган сыныгындай кыйнап келет.

Билесиңби, Абдиламит, ошондон бери сен жазган «Далдалчынын уулундагы» Өсөр чалды эстей берчү болдум. Бечара Далдалчыга кыйын эле болгон экен. Мага да таш тийгендей иш болду. Ошондо өзүмдү бир билдим да Абдиламит, мен байкуш бу дүйнөдөн бакыт, сүйүү, атак дегендерди таба албай, тигил ааламга кайып каалап кетип калгандар жөнүндө гана жаза алат экенмин.

Абдиламит, жакында сенин аңгемелериңди дагы бир жолу окудум. Чынын айтайын, адамдын лапсиси жаман эмеспи, мен кайрадан оолугуп чыксам болобу. Ошо сенин чыгармаларыңдай наристенин жыты жыттанган, турмуш ар дайыма жылмайып турган, анделек даамдуу аңгемелерди ушунчалык бир укмуш кумар менен жазгым келди. Жазганда да жалгыз аяк жол боюнда ак сүтүн берген апасынан ажырап, башын жөлөп буркурап отурган жаш баладай ыйлап туруп, куу казык болгон кусалыгымды бир кандыра жазгым келген. Маңдайында сүттөй ак желеги желбиреген аңгемени ошо бойдон жетим баладай муңая жер карап жаза албай койдум. Ошондо сени кайрадан эстедим, дилимдеги дарыянын шоокумун тыңшап отурдум.

Көрсө, сенде, «сөз багуу өнөрү» (Ч.Айтматов) өзүң менен кошо жаралып, өзүң менен кошо жанын тытып жетилген тура. Андай сапат сенин көркөм чыгармаларыңдан эле эмес, гезиттик кара макалалар деп коёт эмеспизби, ошондой жазгандарыңдан да көз уялткан күгүдөй жарк дей түшөт. Биринчи мен окуган студенттик курулуш отрядынын эмгеги, турмушу жөнүндөгү макаларыңдагы күн муруту чыга элек маалда «суу жетелеп келетам» деп жазганың ошо 1978-жылдын

жайы чок кармап турган кезден бери эс-көөдөнүмдө жылаажын болуп келатат.

Сенин кийинки китебиң «Атамды көргөн өлбөсүн...» (2004) деп аталат. Ал көлөмдүү жыйнак «Палван» деген аңгеме менен ачылат. Ошо чыгарманда сен экөөбүздөн башка эч ким таба алгыс, калем учунан эмес, кайып-талант даарыгандан жаралгандай эки учур бар. Сен ошону аза боюңа таркаган кан тамырындын кагышы менен сездиң бекен? Сезген чыгарсың, Абдиламит, ал сенин жүрөгүң ырдап, карегиңе жылдыз ашык болуп турганда жаралган чыгарман. Сен ошону байкасаң да, непадам байкабай калсаң да көктөмдөй көнүлүңө асел сөз кылып кайра салайын. Аерде базар тамашасынын таманын кызыл кыла кызыткан көз байлама оюну аркылуу палван атыккан Ярмат менен кадимки илбирс жамбаш атка конгон, ошо жамбашына түшкөндөрдүн бели үзүлүп, далысына жер өтүп, эки көзү көк тешип калчу Сурман палвандын жан дүйнөлөрү жарыша берилет. Ушул реллелизм аркылуу адам дүйнөсү, адам мүнөзү, психологиясы жана адам тагдыры ачылат. 32 кило деп 16 килолук ташты ойноп жаткан Ярмат палвандын ким экенин көзү азиз Сурман палван анын ташын көтөрө калып эле 32 кило эмес, 16 килолук экенин билип, таза эмес оюнга нааразы боло таштарды таштап жиберет. “Жалганды билбеген наристе”- Сурман палванды жетелеп жүргөн бала да сөзүнүн аягына чыга албай калган.

Экинчиси, Фергананын эзиле бышкан базарына тил бүткөрө сайратып турган коончулардын пул санаткан соодасы “Коончуларда сүрөтчүнүн жүрөгү бар”. Бүттү, жылдыздын кызындай болгон ушул сүйлөм аңгеменин экинчи күрөө тамырындай эстетикалык күчкө эгедер. Базар турмушунун, көрөр замат жүрөгүңдү туйлаткан базарчылардын жашоо дүйнөсүнүн, жылдыздардын көк асмандан жерге түшкүсүн келтирген коон пирамидаларынын өзүңдөн көзүңдү, көкүндөн, аба менен суудан жаралган күз жытынын касиеттүү ааламы мен мисал келтирген сенин төрт сөзүңдүн тилинен асылдыктан жаралган асел болуп таамп турат.

Сенин каарманың – коончулардын анделек жыттуу кепесинде ширин-ширин ангемелерди жазгысы келген өспүрүм жездесине: “Балдарга коон ала кетеличи, мазар басып барат», - десе, анысы: “Ноокат, о-уу каякта жатат. Олор коон жебесе кысыр калбайт”, - деп маанайга чаба сүйлөп жөнөп берет. Өзү болсо колун боорына алып, аларга ыйман-ызаат төгүп турган базарчынын “көрүң” деп берген

коонунун бир тилимин кабыгына чейин шашпай кемирет. Ошондо эки көзү булардан өтүп турган коончунун “колу боорунан түшүп кетти”. Дагы төгөрөктү төп батырган төрт сөз. Окшоштукпу, дал келүүбү, а балким турмуштун карама каршылыгыдыр?...

Чынында, Абдиламит, аңгемеңдеги ушул психологиялык абалды, ушул кыл учунда турган драмалык көрүнүштү чыгарманын өзүндөгүдөй баяндап да, сүрөттөп да берүүгө мүмкүн эмес. Көзүң көрүп, өзүң да бир каарман болуп ошол жерде турасың, тигилердин каректеринен алардын жан дүйнөсүнүн абалын көрөсүң, андагы психологиялык карама-каршылыктардын ичтен жеме күрөшүнө түздөн-түз катышасың, ошо маалда алардын биринин төбөсү көккө тийип, биринин таман алдындагы жер жарылып, дилинен сыза күзгүдөй сынып турганын сен туюнтуу каражаттарынын өзүнө гана таандык өзгөчөлүктөрү аркылуу сүрөткө сөз кудурети менен тартып салгансың.

Көрсө, Абдиламит, сөздүн да миң бир түрдүү, миң бир сырдуу боёгу болот экен. Сен базардын дал ушул эки башка турмушун жазганда өзүңдүн жазуучу-сүрөткер экениңди сездиң беле? Анткени, аңгемедеги ушул эки көрүнүш турмуштун кыл тамырындагы карама-каршылыгынан, адам жашоосунун татаалдыгынан улам өмүрдүн өзгөрбөс тагдыры болуп жаралган. Сөз касиетин, сөз улуулугун таланттуу жазуучу гана ушинтип жаратат. Сен ошондой улуулуктун касиетин, сулуулуктун түбөлүк сөзүн жараткан жазуучусуң.

Сен кыргыз адабиятындагы тагдыр-турмушу бир аз башкача болсо да Т.Сыдыкбековдун Соке абышкасы менен Ч.Айтматовдун Едигейинин нарк-нускасын улаган Өсөр, Нарыбай, Шергазы, Асанкул, Мадимар, Артык, Туйту өндүү бири-бирине окшобогон, а бирок ички дүйнөсү, нравалуулугу боюнча сүттөй таза карыялардын жашоо образын, кыргыз аксакалдарынын турмуштук философиясын жараткан, сөзгө жан киргизген жазуучу катары айтыла берээриңе ишенемин.

Экинчиден, агынан жарылар адамдардын пейили менен карагандa, сенин «Тандыр», «Далдалчынын уулу», «Палван», «Атамды көргөн өлбөсүн», «Экзамен», «Таразачы», «Момун чал», «Турмуштан тамган тамчылар», «Ак коргон” өндүү чыгармаларыңда сен айыл адамынын жөнөкөй, бирок ички психологиялык жана нравалык жактан алганда алардын татаал тагдырын ички трагедиянын, Ч.Айтматовдун сөзү менен айтканда, «жашоону даңазалаган трагедиянын жеңиши» менен көрсөтө алганың мени ар дайым кубанта берет. Ошондо гана ыйык гуманизм, асыл идея жаралат, ошондо гана жазуучунун ички бийлиги өлбөстүккө бет алат.

Жакындан бери, Абдиламит, сенин «Далдалчынын уулу» аңгемеңди ойлоп жүрөм. Бул мен редактор болгон, бейиши болгур К.Эдилбаев рецензиялаган сенин «Тандыр» жыйнагыңа кирген аңгемелериңдин бири. Жыйнак кырк эле бет болчу. Оо, анда мындай көлөмдөгү китептин жарык көрүшү... Кыргыз адабиятындагы эң көлөмдүү китеп «Каныбек» романы эмеспи, биз анда 30-40 беттик жыйнагыбыздын жарык көргөнүнө ошо «Каныбектей» калың китеп чыгаргандай сүйүнчү элек го. Биринчи жыйнак, биринчи сүйүнчү! Азыр ойлойм да, ошо «Далдалчынын уулун» «Далдалчы» эле десек болмок экен. Ч.Айтматовдун «Ак кемеси» «Жомоктон кийин» эмес беле. Ошондой, Абдиламит. Ошондо Далдалчынын тагдырына басым коюлуп, өмүр менен турмушту уланткан трагедия болмок экен. Түшүндүңбү? Ии, ошондой. «Далдалчынын уулу» дегенде, сезип жатасыңбы, Далдалчы Өсөр чалга эмес, анын кыз жандап калган Аттокур баласына басым коюлат экен.

Нравалык көз караш, мезгил, турмуш жөнүндөгү ой жүгүртүүнүн ошо 80-жылдардагы канондору, болот чептей бектиги, жаңы адамдын жан дүйнөсүнүн жеңиши дечи. А бирок, базарга баласы үчүн барбай калган Далдалчычы? Анын аарынын уюгундай ызылдаган ички трагедиясычы? Адам трагедиясычы? Ал жөн эле Далдалчы чал эмес, туз жалаткан турмуш айынан далдалчылык кылган жан эмес, ал өзүнчө бир айылдын, бак ачар болгон базардын турмушу, турмуш болгондо да, турмушту турмуш кылып турган элдин береке чачар калыс жаган кан тамыры болчу.

Ушундай ойлор келет, Абдиламит, Сенин кыздын баласындай аңгемелеринди окуп жатканда мен андагы ар бир сөздү, ар бир тамганы ак кагаздан ала коюп, жаңы оюнчукту көрө калган жаш баладай кармалай бергим келет. Тамгалары деле мен билген тамгалар, сөздөрү деле мен жазып жүргөн сөздөр, а бирок аларды кайдан, кантип тапканыңды ким билсин, айтор, Ноокаттын таңкы абасындай, Кыргыз-Атанын шаркыратмасындай, Көк-Белдин булбулунун тилиндей туюла берет. Ошол үчүн, Абдиламит, сен жазышың керек, балкасынан башы айланган устадай жазуучулар көбөйгөн кезде жазышың керек.

Сен экөөбүз караганы кара курттай каардуу, жыландай муздак каармандардын турмушун тузун чыгара жаза албайбыз. Анткени, сен адам тагдырынын, айыл турмушунун сулуулугун ырдаган жазуучусуң. Мындай жазуучу ар бир жаңы чыгармасынан кайра жарала берет. Мунун өзү таланттын өмүрү болуп саналат. Ошентсе да адабият

канчалык күчтүү болсо, анын окурмандары андан кем турбаган биллимдүү болуш керек. Эгер өркөнү өскөн, изденгич адабияттын интеллектуалдуу окурманы жок болсо, анда ал баркталбаган бактысыз адабият. Азыр кыргыз адабиятынын окурманы бар. Биз ошол Улуу Окурманыбыз үчүн жазышыбыз керек. Бул заманда сен унчукпай койсоң, ал унчукпай койсо, мен унчукпай койсом Улуу жана Устат окурман эмне болот? Кусалык менен асыл сөзгө болгон арманга мункана берип, дүйнөдөн өтүп кетеби?

Бу дүйнөдө чыккан күн бар экен да, батпас күн жок экен. Ошентсе да асман алдында, жер үстүндө адам жашап турганда, «байыркы кыргыз рухунун туу чокусу» (Ч.Айтматов) «Манас» жашап турганда, 20-кылымдын дүйнөсүнүн көркөм сөзүнө, ошол сөздүн жанына айланган чыгармалары менен Чыңгыз Айтматов биз менен бирге жашап турганда биз эч качан элдин эсинен чыкпайбыз, биз эч качан унутулбайбыз. Сенин анделек жыттуу, асел даам аңгемелериң кең жайлоонун төрүндө, көк асманды көктөй улуу төбөсү менен көтөргөн керемет ыйык тоолордун айдарым таза желин искеп, булбулдун гана үнүн уккан ак гүлдөй мени ар дайым чакырып тура берет. Анткени, сенде асыл сөздүн жүрөгү, сүрөтчүнүн көзү бар, Абдиламит!



Гүлбара ОРОЗОВА,
филология илимдеринин доктору,
КРнын илим жана техника
жаатындагы Мамлекеттик
сыйлыгынын лауреаты

ЭЛЕТ ЭПОПЕЯСЫ

А.Матисаков коомчулукка мыкты журналист, публицист жана өзүнө мүнөздүү стилге эгедер таланттуу прозачы катары таанымал. Кезегинде анын "Кыргыз өңү Чокморовдун өңүндөй", "Момун чал", "Ак журтчу аман – Журт аман" сыяктуу бир катар публицистикалары чоң резонанс жаратып, адам тагдырын, адамдын жан дүйнөсүн, коомдогу проблемаларын ачып берүүдөгү чеберчилигин көргөзгөн.

Публицистика сөз өнөрүнүн бир чоң салаасы. Ал көркөм адабият менен бирге жаралып, калыптанып, өсүп-өнүгүп келе жаткан чыгармачылыктын өзгөчө бир тармагы. Публицист, публицистика деген түшүнүктөрдүн мааниси кеңейип, жаңыланып, терендетилип, коомдун өсүшүнө жараша жаңы сапатка ээ болуп келе жатат. Журналистикадагы публицистика жанрынын өзүнүн стили, түрлөрү, максаты, оперативдүү иликтөөнү талап кыла турган объектиси болот эмеспи. Бул жагынан алганда, А.Матисаков сөз өнөрүнүн ушул татаал жана жоопкерчиликтүү тармагынын өзүнө мүнөздүү өзгөчөлүгүн, ички мыйзамдарын терең өздөштүргөн. Ал өзүнүн публицистикалык материалдарын жалпы коомчулукка, окурмандардын кеңири чөйрөсүнө ориентир алып жазат. "Кыргыз өңү Чокморовдун өңүндөй" деп ааламга өзүнүн таланты менен, таланттуу ролдору менен кыргыздын өңүн тааныткан, белгилүү инсандын пенделик образын, адамдык тагдырын жазуу оңой иш эмес. Биз жакшы билген адамдын биз билбеген, билип, уксак да анчейин маани бербеген оор тагдырын элге жеткирди. Чындык чыркырап, жүрөк эзилип туруп окуган бул материал өз милдетин өтөдү...

Практик журналист катары Абдиламит Матисаков материалдарын жазганда ошол айтыла турган маселеге түздөн-түз катышып, көзү менен көрүп, ичкериден мамиле кылат. Турмуш чындыгын, учурдун негизги көйгөйлүү маселелерин көтөрүп чыгат. "Күзгүдөгү" Жаныштын проблемасы улуттук, социалдык, коомдук проблема экенин элге билдирди. Аскерде кызмат өтөп жүрүп, кырсыкка учурап, он тогуз жашында майып болгон Жаныштын тагдырына элдин көңүлүн бурду. Коомчулукту кайдыгер болбоого үндөдү. Жаныштын абалы тез арада жыйынтык чыгара турган зарыл иш экенине ишендирди, бул маселени күн тартибине койду. Публицистикалык материалдын ролу, кызматы ушул эмеспи.

Анын К.Жусубалиев, М.Гапаров, Момун чал, Б.Мадазимов, кайрымдуулук, "Тапанча" палван, карылар туурасында жазган очерктеринде, публицистикаларында коомдук-саясий, улуттук, маданиятка байланышкан маселелерди көтөргөн. Ал жазган теманын элдин кызыкчылыгын көздөп, көңүлүн бура турган жагын таба алат, башкача айтканда, кубулуштун коомдук, социалдык, саясий, моралдык-этикалык, философиялык аспектилерин турмуш менен байланыштыра билет. Коомчулук аркылуу таасир этип, талкуу уюштурат. Демек, көтөргөн проблеманы элдин сезимине жеткирет. Бул публицистканын методдорун үйрөнүүнүн, журналисттик тажрыйбанын негизинде ишке аша турган процесс. Публицист деген наамга татыктуу болуунун өзү – жеңил-желпи эле иш эмес.

Ал эми А.Матисаковдун жазуучулук чыгармачылыгы жөнүндө сөз кыла турган болсок, ал повесть, аңгеме, новелла, эссе сыяктуу чакан жанрлардын үстүндө калем сынап, алардын өзгөчө бир кылдат жактарын чебер өздөштүргөн жазуучу.

Ар бир чыгармачыл инсандын жан дүйнөсүн түйшөлткөн проблемалар жана адамзатка жеткирүүнү эңсеген ойлору, тандап алган темасы болот. Чыгармачылык жолунда аларды ишке ашыруунун үстүндө ак мокоп эмгектенет. Маселен, А.Матисаковдун чыгармаларында элет жериндеги турмуш жана элет адамдарынын тагдыры сүрөттөлөт. Кайсы гана аңгемесин окубайлы, өз айылына эч качан автобус каттабай, айылы аркылуу өткөн башка каттамдагы автобустардын оң келгенине өлдүм-талдым дегенде арап отуруп, чоң айылдын бир башынан экинчи башына чейин азын-оолак жүгүн көтөрүп (шофёрлор андай айылдын бир гана жерине токтоп өтөт), азып-тозгон, самолёт-ко билет ала албай, догдурга жата албай (орун жок), тийиштүү дары табалбай (дефицит), врачтын билимсиздигинен жана кол учунан жасаган ишинен жабыр тарткан, соттордун адилетсиздигинен, жакыр-

чылыктан (кылбаган иши, аткарбаган жумушу калбаган байкуш чор тамандар ай), аракечтиктен, кайдыгерликтен, алдамчылыктан азап чегип, бул дүйнөдө эмнеге жашап жатканына башы маң болгон карапайым адамдардын образы эң эле ишенимдүү, омоктуу тартылган. Адамзат дегениң кызык. Канчалык кыйналып, укугу чектелип, ырайымсыз күн кечирген сайын ушунусуна да шүгүр, мындан жаман болсо кантет элек деп тобо келтирип жашай берет. Шүгүр кылбаганда кантет же кыргызды ошон үчүн момун дейби?

А.Матисаковдун аңгемелеринде чагылдырылган, иштесе мамлекет тарабынан оңой эле чечиле турган ушул сыяктуу майда проблемалар бүгүнкү күндө да толуп жатат. Мамлекетте иш туура жолго коюлбаса, карапайым эл өз майына өзү куурулуп, азап менен ит жашоону, эгер муну жашоо деп эсептесек, жашап өтөт. Жазуучунун жан дүйнөсүн кыйнаган, түйшөлтүп убайга салган элдин абалы – пенде тагдыры. Журналист-жазуучу жок дегенде алар жөнүндө жазып, элге жеткирип, түйшүгүн жеңилдеткиси келет. Каармандары туурасында абстракттуу ой айтпайт. Алардын конкреттүү, реалдуу турмушунун бир үзүмүн жазат. Көрүп туруп жазат. “Үйдүн куту”, “Палван”, “Далдалчынын уулу”, “Күйөө бала” деген аңгемелерге назар салалы. Окурман баяндалуучу, аңгемелөөчү (прозалык) чыгармалардан эреже боюнча кызыктуу фабуланы, конкреттүү жыйынтыкталган окуяны издейт. Майда деталга көп көңүл бөлбөйт. Дайыма кезикчү кырдаал ушундай. Ал эми ар бир жазуучунун өзүнө мүнөздүү жазуу ыкмасы, стили, талант өлчөмү болот эмеспи. А.Матисаковдун өзүнө мүнөздүү чыгармачылык чыйыры бар. Маселен, анын аталган аңгемелеринен өзөк боло турган окуяны издебей, көркөм жүктү көтөрүп турган мотивдерге, деталдарга көңүл буруу керек. Ошол майда нерселер жазуучунун айтайын деген оюн, максатын, чыгарманын ачкычын жана идеясын аныктайт. “Үйдүн куту” аңгемесинде үйдүн куту – Шергазы аба. Балдарынын чачылганын жыйнап, билбегенин билдирип, баарын көзөмөлдөп турат. Ансыз балдарынын жашоо эрежеси бузулуп калчудай сезет. Бала бакчага барчу неберелеринин да өз жашоосу бар экенин психологиялык жактан оор, жат болсо да ичинде моюнга алат.

“Палван” аңгемесинде баяндоочунун түштүктө, Фергана базарында көргөндөрү баяндалат. Базардагы түрдүү көрүнүштөр, окуялар баёо каармандын жан дүйнөсүнө катуу таасир калтырат. Чоң базардагы коон саткан дыйкандардын мини образы, анын алармандарга жасаган мамилеси көңүл уютат. “Коончуларда сүрөтчүнүн жүрөгү бар. Үймөктөрүн тиктеп эле отургуң келет” дейт. Закым желген ошол чөлдө (Мырза чөл), кайнаган ысык күндүн алдында күндү күн, түндү

түн дебей эмгек кылган дыйкандын “көздөрүндө аптаптуу чөл жатат”. Алармандарга “бир тилик кесейин жеп көрүң, жегенге пул жок” (акча албайм) деп, чарбазалын күнгө жаркылдатып жан дили менен шireси аккан ширин коондон чоң кесип узатып, колун бооруна алып турган ыйман-ызаатту коончунун образын тартат. (Бизде, Бишкекте эч качан “жеп көр” дебейт. Ал тургай сатып жаткан жемиштин үстүнө “даамын көргөнгө 5 сом” деп жазып коёт). “Дыйканчылык да, арзан сатсам бирөө урушабы, ал балам” деп мээримин төккөн элеттик дыйкан менен орой, алчы-таасын жеген шаардагы алыпсатардын образы салыштырылып, көз алдыңа тартыла түшөт.

Андан ары эки жолоочу балбан оюн көрсөтүп (гирташ көтөрүп) жаткан жерге туш келишет. Балбан күрөш, дарда ойноо, таш көтөрүү оюндары түштүктө өзүнчө бир көңүл ачар, салттык оюн, кызыктуу көрүнүш. Мындай оюндарды эл көп жыйылган жерде көрсөтө беришет. Ярмат палвандын 16 кг таштарды 32 кг деп элди алдаган айыбын көзү азиз, жаш кезинде ошол чөлкөмдө чоң балбан атыккан Сурман абышка ачып коёт. “Көзүбүз көрүп туруп, сокур чалдын көргөнүн көрбөгөнүбүздү кара”. Көз көрүнөө элди алдап, ыйманыбызды сатып, кайда баратабыз деги деген жыйынтык чыгарат.

“Далдалчынын уулу”. Далдалчы деген эң байыркы кесип. Айрыкча чыгыш элдеринде кеңири өнүккөн. Далдалчы болуп бир өмүр өткөргөн адамдар бар. Бул өзү сооданын көзүн билген, сооданын ажатын ачкан, соодалашкан эки тараптын да кызыкчылыгын көздөгөн калыс адам. Аңгемеде эл арасында кичине намыс сезилип, ирония туудурган (далдалчылык, ортомчулук кылып, ширинкене алып жан баккан деп) ушул кесиптин маңызын ачкан. Өсөр далдалчынын уулу Аттокур теңтуштарынын, класташы Зейнептин шылдыңына намыстанып, акыры атасын базарга чыгарбай коёт. Бүгүнкү күндө бул иштин жаңы аталыштары базар экономикасынын шартында батыштан бизге ооп, абройлуу (брокер, менеджер) кызмат катары жаңы сапатка көтөрүлүп жатканы белгилүү.

“Күйөө балада” болсо, арактын азабынан карыган кайненесине тил тийгизген эси жок күйөө баланын жоругу баяндалат. Карыганда урмат-сыйга ээ болуунун ордуна, көңүлү кирдеген улгайган апанын образы аркылуу кайрымдуулукка чакырат.

Ушундай тариздеги чыгармаларга жазуучунун айрым новеллаларын, “Бечаралар”, “Күттүргөн рейс”, “Айдын көз жашы”, “Таразачы”, “Атамды көргөн өлбөсүн” деген аңгемелерин да кошууга болот. Буларда айтылгандар улуу элдин турмушу. Бир караганда өтө деле курч, проблемалуу эместей көрүнгөнү менен, ал адамзаттын өмүр

жолу, жашоо үчүн күрөшү, ак-каранын кагылышы. Өмүр, өлүм, жашоо, турмуш деген түшүнүктөрдүн синтезделген биримдиги. Ошол эле учурда бул чыгармалар кыргыз мүнөзүн, психологиясын көрсөтөт. Аңгемелердин идеясы, мааниси ушунда.

Нравалык тазалык, психологиялык толгонуу, адамгерчилик, эмгекти даңктоо, кайдыгерлик, ирония, юмор сыяктуу мотивдер биригип келип, аталган аңгемелердин эмоционалдык атмосферасын түзүп турат. Мында көрүнүп тургандай, конфликт жана анын чечилиши сыяктуу стереотиптерден айырмаланып, булар так ошол күндөлүк турмуштагы эмоционалдык атмосфераны көркөм, ачык, ички жактарын ачып бере алган. Биз сөз кылган аңгемелерде эң эле кызыктуу же көкөй кескен турмуштук көз ирмемдер баяндалып, канааттануу менен окулат.

А.Матисаковдун өзгөчө көңүл буруп, автордун ички маданиятын, турмушту таанып-билүү философиясын, чыгармачылык изденүүсүн көрсөткөн, аңгеме жанрынын салмагын көтөргөн алган чыгармалары бар. Аларга "Тандыр", "Быштак", "Тактектик кыз", "Өмүрдүн үзүмү" аңгемелери, "Ак коргон" повести кирет.

"Тандыр" аңгемесинде реалдуу окуя чагылдырылган, башкача айтканда, биографиялык чыгарма десек болот. Негизги каарман – апасы. Оорулуу апасынын: "Садагасы кетейин улук нан. Улуулугунду унутпай ушул күнгө келдим. Жаштайыман үрөн сээп, талаадан түшүм күттүм. Саратан ысыкта кайракы буудайды кырман орок менен оруп, кызылын бастырып, "оп майда" айтып, кырман үйдүм. Асылын тегирменге тарттырып, тандырга нан жаптым. Бала бактым. Аларды жетилттим, катарга коштум. Өмүр бою аты улук нан сени менен бирге жашадым" – деген монологу автор аркылуу айтылып, анын өмүр жолу туурасында маалымат алабыз. Апасы – үйдүн куту, ырыскы, берекеси. Ал өлүм алдында кызына, балдарына тандырды таза тутуп, урунарын керез кылат. Аңгеменин "Тандыр" аталышы бекеринен эмес. Үй-бүлө ыйык туткан эки нерсе бар. Биринчиси – апасы, экинчиси – тандыр. Тандыр – апасынын негизги, кымбат, аздектеп кармаган буюму. Ал – коломто. Ал – кут. Ал – токчулуктун символу. Апасынын тандырга жасаган мамилеси аркылуу, тандыр жасоого байланышкан эпизодду кошуу менен, анын (апасынын) бүткүл өмүрүнө экскурс жасап, образын ачууга жетише алган. Тандыр менен апанын образынан буларга жүктөлгөн эмгекти көрөбүз. Турмушта экөөнүн да орду, өз милдеттери бар. Тандыр буюм, бирок, кадимкидей жандуу образга эгедер. Экөө бири-бирин толуктап турат. Тандырсыз апа өзүнүн апалык милдетин толук аткара албас эле, ал өзү ошондой түшүнөт.

Жалпысынан алганда аңгеменин кульминациясы апасынын оорусу, үй-бүлөдөгү психологиялык оор абал, акыры үйдүн куту болгон апасынын өлүмү сыяктуу трагедиялуу турмуштук көрүнүш, нагыз пенделик ички сезим-туюм чебер көркөмдүктө сүрөттөлүп, талдоого алынган. Автор өз оюнун өтөөсүнө чыккан: балалык мезгилде жан дүйнөсүнө аялуу сезим калтырган эки каармандын портретин көркөм сөз менен тартат. Булар анын балалыгынын бир бөлүкчөсү, эстелиги.

Көркөм искусствонун өнүгүшүндө Улуу Ата Мекендик согуш темасынын алган орду, кошкон салымы зор. Бул теманы ар бир сүрөткер өзүнүн талант жөндөөмүнө, көркөм фантазиясына жараша чагылдыра алды. "Быштак" – согуш темасына арналган аңгеме. Үч бирдей азамат уулдары согушта курман болгон Сырга апанын трагедиялуу өмүр-тагдыры туурасында. Аңгемеде Сырга апанын кайгыдан эзилген жан дүйнөсү, балдарына болгон сагыныч-кусасы, бардыгына чыдаган тирүүлүк, тагдыр деген философиялык түшүнүк негизги сюжеттик өзөктү түзөт. Быштак Сырга апанын балдарынын жакшы көргөн тамагы. Сырга апа менен эчак курман болгон балдарын байланыштыруучу символ. Ал жыл сайын Жеңиш күнү быштак жасап, элге бекер таратат. Балдарынын арбагына багыштайт.

Уулдарынын сөөгү кайда калганы, кайда коюлганы Сырга апага белгисиз. Чынардай жетилген үч уулунан калганы – согушта курман болгондорго арналып жасалган ушул ак мрамор таш эстелик жана анын алдына жазылган балдарынын аты-жөнү. Ыйлап жүрүп көзү азиз болгон кемпирдин эстеликтин алдында "Жанжигитим, Жанаалым, Кубатаалым – атыңардан айланайындар, силер жетпеген майрамга каржайып мен жеттим. Эл жетип отурат. Ак сүтүмө ыраазымын, бул дүйнөдө ак сүтүмө ыраазымын, балдарым" – деп жетимиш тамыры бирдей сыздап айтып турган аңгеменин финалы өтө күчтүү эмоциялык баяндоо эмес, кадимкидей чыгармачылык изденүү, ток этээр жерин айтып билүү чеберчилигине жетише алган.

"Тактектик кыз" аңгемеси адамзаттык сүйүүнүн эң бир ички кайрыктарын баяндайт. Ал ата менен баланын ортосундагы сүйүү. Атабала бири-бирине ыйык. Бири-бирин бардык жамандыктан коргогусу, оордуктан сактагысы келет. Аңгеменин тулкусунан ушул сезим, адамзаттык ысык мамиле, камкордук сезилет. Кайдыгерлик, ороолук, түркөйлүк өкүм сүргөн бүгүнкү күндө мындай мамилеге ар бир адам муктаж. Негизги идеялардын бири ушул.

"Тактектик кызда" негизги каарман Нарбай абышка болуп, окуя анын айланасында курулган менен, автордун негизги айтайын дете-

ни – Тактектик кыз. Тактектик телефонист кыз Гүлзат жума сайын келип, борбордогу улууна телефон чалган абышканын эң жакын адамы. Экөөнүн ортосунда сый, жылуу мамиле түзүлгөн. Жүрөгүнүн түпкүрүндө Гүлзатты уулу менен тааныштырып коюу максаты да бар, кыз туурасында уулуна далай ирет айткан.

Аңгемедеги кульминациялык учур – Гүлзаттын жан дүйнөсүндөгү сезим. Нарбайдын борбордогу уулу Маматкеримге болгон сүйүү сезими. Аңгемеде Гүлзаттын сезими жөнүндө түздөн-түз эч нерсе айтылбайт, бирок подтекстте айтылган ой түз айтылган сөздөн да күчтүү чыккан. Нарбай аксакал менен Гүлзаттын ортосундагы ата-бала мамилесинен улам, ошол сезим пайда болгон. Ал дайыма ата менен баланы телефондон байланыштырат. Алар туурасында баарын билет.

Маматкерим телефондон үйлөнгөнүн, келинчек алып баратканын атасына кабарлап коёрун өтүнүп, телефон чалат. Нарбай бул кабарды угуп сүйүнүп, кубанычын бүт дүйнөгө жар салгысы келип турган мезгилде, жүрөгүнүн түпкүрүндөгү аруу сезими кыйроого учурап, “бизге тааныш тактектик кыз үй-бүлөсүн таңгалтырып, чырак күйгүзбөй, үй бурчунда үн-сөзсүз отурган”...

“Тактектик кыз” аңгемесинде адамдын ички сезим-туюму кылдат талдоого алынып, подтекст өз милдетин аткарган.

“Өмүрдүн үзүмү” деген аңгемеде аты айтып тургандай, адам өмүрүнүн бир үзүмү сүрөттөлөт. Негизги каарман Исраил. Ал карапайым, жөнөкөй, дегеле жакшы адам. Автор атайын тизмектеп, жакшы сапаттарды каармanына чаптап, түз айтпайт. Сюжеттин жүрүшүндө каармандын жакшы сапаттары ачылат. Аялы Паизгүлдүн айыкпас илдетке жолугуп, аны карап, аздектеп бакканынан, иштеген жеринде да кадыр-баркка ээ экенинен, жалгыз бой Айганыш энеге кылган камкордугунан Исраилдин жакшы адам экени көрүнөт.

Аялы каза болгондон кийин жалгыздык жанга баткан, кунарсыз күндөрдү башынан өткөрөт. Бир күнү Айганыш апанын кезегинде мал багып кезүүгө чыгып, тоодон чабан кызга жолугуп калат... Ошентип, үмүт шооласы алдыга жетелейт. Жашоо өлүмдү танат, өмүр улануат деген философиялык бүтүм чыгарат. Аңгемеде ыйман маселесин, адамдык касиет-сапатты көрсөтүүгө аракет жасаган.

Жалпылап айтканда, жазуучунун бардык аңгемелерине орток болгон нравалуулук, гуманизм идеясы биринчи планда турат. Ал аталган идеяларды бергенде тапталган, артыкбаш акцент койбойт. Гумандуулук мотиви, адамгерчилик идеясы чыгармаларынын тулкусуна сиңирилген. Адамдык улуу сапаттардын болушу адамга абадан дем алуу кандай көндүм жана зарыл нерсе болсо, так ошондой

эле болуш керек деген ойду айтат. Аларды адамдык негизги сапат, турмуштук принцип, коомдук көрүнүш катары карайт. Аны декларация кылуунун зарылдыгы да жок деп сезет. Демек, анын аңгемелери өзү сүрөттөгөн турмуштун өзүндөй жөнөкөй жана табигый. Окуганда өзүңдүн акыл-ой чагылышыңды, образыңды көрөсүң.

“Ак коргон” повести А.Матисаковдун чыгармачылык изденүүсүнүн улам бекемделип келе жатышын тастыктайт. Ошондой эле азырынча повесть жанрында жазган жалгыз чыгармасы.

Сөз жыйырманчы кылымдын башы, патриархалдык-феодалдык коом өкүм сүргөн кез, Алибай, Атабек, Абдыкаар, Сатимбай сыяктуу алдуу-күчтүүлөрдүн заманы жана Мадимарга окшогон эрксиз кедейлердин пенделик тагдыры жөнүндө болот. Мадимар жаш чагында ата-энесинен ажырап, жетимчиликтин, жалгыздыктын азабын тартат. Балалыгы курсагы ашка тойбогон, жону ырыстуу кийим көрбөгөн жакырчылык менен өтөт. Кабыргасы ката элек мезгилден баштап жалданма жумуш менен эптеп күн көрөт. Сарык кары, Өзгөнбай сыяктуу акылга дыйкан, сабырдуу адамдардын акыл-насааты, камкордугу менен жетилип, турмушка болгон көз карашы калыптанат. Ак-караны тааныйт. Өзү да акылы зирек, турмушка олуттуу карайт, аңдап-билүүсү куду чоң кишидей. Кандай кара жумуш болсо да эч тартынбайт, жанын үрөп, ниетин коюп иштейт.

Повесттин негизги түйүнү Мадимар менен Сарык карынын кызы Пашанын ортосундагы ынак сүйүү. Экөөнүн таза сезими повесттин негизги идеясын, ой-максатын түзөт. Аларга экөөнүн бактысына эч нерсе бөгөт болбоочудай сезилчү. Бул турмушта болуп жаткан нерселердин булардын сүйүүсүнө, таза мамилелерине такыр тиешеси жоктой туюшчу. Болгону Мадимар кичине бутуна туруп, турмушу оңолуп калса эле, экөө баш кошмок.

Повесттин өтө татаал эмес сюжеттик багытын иш жүзүнө ашыруу үчүн бардык көркөм каражаттар, структуралык элементтер, сырткы композиция жана поэтикалык деталдарды мобилизациялаган. Сууга барган Пашаны жолдон кокус көрүп калып, сугу түшкөн Алибай тоголдукка алууну ниет кылат. Арам оюн акыры ортого салып, “бөрк ал десе, баш алган” арам тамак жигиттерине Пашаны түн ичинде уурдатып келет. Зордук менен нике кыюуга далалат кылган молдого Паша, сүйгөн жигити бар экенин, ал эмес боюнда барын айтып, бошоторун талап кылат. Ошондо бай: “Карап тур, ошо кучагында оонаган куу этегинди казган орго тирүүлөй көмдүрбөсөм, чыйрыктырган кегим эки дүйнөдө тең канбас. Карегиңе турпак толтуруп, үстүңдү тебелет-

тирбесем, Алибай атым өчсүн” – деп кекенет. “Мындан бир аз мурда эле дүйнөсү түгөл, шайы көрпөчөдө дене-баданин чымыратып, көңүл кушун өрөпкүткөн учурду күтүнгөн бий, азыр шыргалаңга жылаңач түшкөндөй ык тутат”. Анын үстүнө Мадимардын томаяк ата-энесин да таанычу. Өзүнүн коргонун салып жаткан ылайкеш “кулдун” тебелендисинде калгандай сезет.

Феодалдык коомдук түзүлүш, турмуштун кескин кубулуштары, социалдык факторлор менен шартталган татаал мезгил Мадимар менен Пашанын келечек тагдырына залакасын тийгизет. Ушундай болору чыгармада алдын-ала айтылбайт. Каармандардын тагдырында күтүүсүз окуялар, татаал бурулуштар болуп, ойлобогон жерден көксөгөн ак тилектери быт-чыт болуп, окуя татаалданат. Пашанын өлүмү эң чоң трагедия. Болгондо да карамүртөз Алибайдын өтө мыкаачылык менен тирүүлөй көмүшү окуяны ого бетер трагедиялуу кылып, күчтүү эмоционалдык жагдай түзүп салган. Автор логикалык анализге араң туруштук берген, акылга сыйбагандай эпизоддун сүрөтүн сөз менен тартып, күтүүсүз ыкманы колдонгон. Муну жазуучунун табылгасы катары карап, повестти көркөм эстетикалык бийиктикке көтөрө алганын айтуу керек.

Зомбулук менен бирөөнүн сүйгөнүн, жарын тартып алып, үйлөнгөн же токолдукка алган учурлар көркөм адабиятта көп эле кездешет. Башка бир жазуучу ушул повесттегидей кырдаалды жазса, маселен, Пашанын боюнда бар экенин билген бай, өзү үч аял алып балалуу болбогондон кийин “жабылуу аяк жабылуу бойдон калсын” деп билдирбей, Паша менен жашай беришин сунуш кылышы мүмкүн эле. Же болбосо “атасынын төрүндө отуруп, кыз атын булгаган шермендени кайра алып барып таштагыла” деген версияны бериши да ыктымал эле. Ал эми А.Матисаков күтүүсүз бурулуш жасап, чагылган ургандай күчтүү таасир этип, образдуу бүтүм чыгарат.

Пашанын өлүмү жөнүндөгү окуяны Мадимар Пашанын иниси Миталдан угат. Ал түнү бою жүрүп, Мадимарга келет.

– Сүйлөчү, абам начарбы? Паша бир нерсе болдубу? Кудай жалгагыр, ыйыңды коюп үндөсөң? – Миталдын муз менен таш денесин бекем кучактап кыйкырат. Жүрөк тушу уюп баратты.

– Мадимар ака, шорубуз кайнады. Түндө бирөөлөр Паша эжемди зордук менен атка өңөрүп, уурдап кетишти. – Мадимар селт этти. Бет булчуңу диртилдеди. Жүрөгү жамандыкты сезген экен.

– Кимдер экен? Көзүм кашайыптыр го! Силер каякта элеңер? Тааный алдыңарбы?!

– Түнү бою жүрүп, эжемди Алибай бийдин жигиттери алып кетишкенин билдим...

– Алибайдынбы?! Оо жакшылык бетин көрбөгүр, ниети кара экенин билгемин, – өң-алеттен кеткен Мадимар баланы жетеледи. – Пашам меники, чекесине черттирбейм! Митал ордунан жылбады.

– Азимбай атбагардан эшитип, ишенгеним жок, бейкүнөө эжемди кантип эле... – деп бала сүйлөй албай солкулдап коё берди.

– Имне дейт, атбагар?! Имнени угуптур?

– “Өлсөм дагы сага токолдукка барбайм” деп чыгыптыр эжем. “Көңүлүм жактырган адамым бар” десе, шиши толгон бай “айт эле, айт” деп, эжеми оттон алып, көргө салат. Кыйналганда сизди айтыптыр. Кек түйгөн бий эжемди өлөрчө токмоктоп, мынабы силер курган коргонго түндөсү апкелип, көмдүрүп таштаптыр. Оо, шордуу эжем ой, шордуу эжем ой!

Митал жер тепкилеп буркурады. Мадимар нес болуп катып калды. Жашын жутуп, талааны башына кийип бакырган Миталды көкүрөгүнө кысты. Көз алдында дүйнө астын-үстүн...

– Шоруң каткан Пашам ий! Жок, жалган бу, ишенбейм, атбагарың жалган айтыптыр, ишенбейм!

Мадимар коргонду көздөй жүгүрдү. Буту үзүлгүчө, элик болуп түйүлүп, коргон оозуна жетти. “Кантип эле, коргондо Пашам жатсын. Кантип эле, бир түндө көз көрүп, кулак укпаган иш болуп кетсин. Жалган, бул түшүм болгой эле ылайым...” Топурагы алынган жарчаны бойлой басып баратып чети көчүп, жер менен жер болуп тегиздеген үч-төрт кулач жерди көргөндө жыгылды...

Жегдесин мүрүсүнө илип-илбей, дамбалчан жетип келген Өзгөнбай жырткычтай ооналактап, жер тытмалаган Мадимарды көрдү...”[1].

Өз башыңча бирөөнүн өмүрүн кыйып, тагдырын чечкен бул зулум замандагы айласыздык чыркырайт. Ошол ички кыйкырык сыртына чыгып, өч алуу деген көксөө Мадимардын көкүрөгүн тээп чыгат. Жазуучу Мадимардын мүнөзүнө, сырткы келбетине басым жасап сүрөттөбөйт. Каарманды ар тараптуу идеалдуу жаш адам катары да ачып берүүгө, көндүм стандарт ыкмаларга салууга да далалат кылбайт. Анын мүнөзүнүн айрым жактары, деталдары диалогдордо, кээ бир эпизоддун, окуянын жүрүшүндө ачылат. Бул каармандын мүнөзүн жыйынтыктап, табигый кылып көрсөтөт. Көркөмдүк таасири да ачык туюлат. Демек, Мадимардын образын сюжеттин жүрүшүндө, түрдүү турмуштук кырдаалдан көрсөтүп, окуянын өөрчүшү менен

жаш адамдын жетилиши эриш-аркак сүрөттөлүп, көркөм эстетиканын синтези ачык баамга түшөт.

Ошентип, кыска мезгилдин ичинде башына түшкөн оор кайгыдан Мадимардын мүнөзү өзгөрөт. Күйүттөн түтөп, өңүнөн азып, көп чечилбей жалгыздап, унчукпай жумушун жасайт. "Пашанын айжамалы, жаадай ийилген кара кашы, жоодур көзү элестесе, алтымыш тамыры зыркырайт. "Тагдыр, мага өчөшкөнүңбү?! Мынча кастарыңды тиктиң? Бир тиштем нанымды токсон тоголонуп таап жеген айыбымбы?.. Бешенеме бүткөн таалайымдын тамырын жулдуруп, тим калбайм. Бейкүнөө мерттенген периштемдин кунун кууп, көркоо бийдин түбүнө жетпей жалынсыз күйө берет окшойм" – деген чечимге келет.

Коргондун иши бүтөрүнө аз калганда Мадимар бир кеткен бойдон кайра келбейт. Андып жүрүп, акыры Алибайды атып салат. Кусалык өйүгөн жүрөгүнүн көксөөсүн кандырат. Сюжет минтип аяктабаса, анда окуянын логикасы бузулмак. Акыйкаттык салтанат куруп, идея жыйынтыкталат.

Түштүк тарап негизинен эрте отурукташып, алгач үйлөр, мечиттер, коомдук имараттар, керек болсо бүт шаар бардыгы ылай пакса менен курулган. Айыл жерлеринде азыр деле үйлөр, короо жай пакса дубал менен курулат. Ушул оор, машакаттуу эмгек процесси А.Матисаковдун "Ак коргон" повестинде жандуу сүрөттөлүп, эмгектин ушул түрүнүн ички маани-маңызы, салттык көрүнүшү, ылай менен иштөө адистигинин чыгыш элине мүнөздүү ички колорити накта ачылган. Ошону менен бирге дубал, ылай ишинин кабырга майыштырган оор жумуш процесси, жумушту аткарып жаткандардын ички психологиялык чыңалуусу биригип келип кандайдыр бир сырткы күчтөргө – залмандын теңсиздигине, турмуштук запкысына, Алибайларга каршы протест жасап жаткандай сезилет. Чыдам туруштук бере албай, чыдоонун акыркы чегине жетип, мына-мына тарс жарылып кетчүдөй болгон абалды туюнтуп турат. Бул көрүнүш жалгыз эле Өзгөнбай, Мадимар, Кутпидинге тиешелүү эмес, жалпы элдик трагедияны, ошол кездеги заман капшабын, турмуш-шартты мүнөздөгөн эпопеялык мааниге ээ болгон. Философиялык публицистиканын жаңырыгы окулат.

Жазуучу чыгармасында убакыттын тынымсыз жүрүшүн, тирүүлүктүн жаңыланып, өзгөрүлүп турушун, турмуштун түгөнбөгөн түйшүгүн, пенде көйгөйүн жазат. Аны Мадимар чалдын образы аркылуу чагылдырат. Повесттин "Ак коргон" деп аталышы өзүнчө мааниге

ээ. Ак коргон көп маанилүү көркөм образ. Ал жерде жашагандар үчүн коргон – мал короо, гараж, мехцех, тамеки кургаткан жай, устакана, совхоздун бедесине, эгин талаасына түшкөн малдарды убактылуу камай турган жай сыяктуу көптөгөн милдеттерди аткарган эски коргон. Анын бары да, жогу да анчейин мааниге ээ эмес. Ал эми Мадимар чал үчүн жамандын бутун бастыргыс, жаман сөздү айттыргыс ыйык жай. Ак коргон – Мадимардын арманы, трагедиясы. Иштесе ишке тойбогон жаш Мадимардын ак сүйүүсүнүн символу. Жаш кезинде Алибай бийдин коргону болгон үчүн жек көрүп, тезирээк бүтүрүп кетүүдөн башка ой болгон эмес. Анда коргон менен Мадимарды байланыштырган жалгыз гана эмгек акысы болгон. Эми Ак коргон менен ага катылган сыр Мадимар чал үчүн бир бүтүндүктү түзүп турат. Өзүн Ак коргондун ажырагыс бир бөлүгү катары сезет. Ар бир кесим ылайына маңдай тери, көз жашы тамган... Өткөнүн, күлгүн курагын эске салып турган тагдырлашы. Аны отоо чөптөн арылтып, акыр-чикирден тазалап, ураган жерин алы жетишинче бүтөйт. Ак коргондун кимге зыяны бар, бузгандан эмне пайда табышат. Мына ушул оюн бекем кармап, коргонду коруп келет...

А.Матисаковдун "Ак коргон" повестине жана жалпы прозалык чыгармаларына мүнөздүү болгон көрүнүш: тиешеси жок нерселерди сүрөттөй бербейт. Автордук баяндоо, лирикалык чегинүү же узун сабак пейзаждык сүрөттөөсүз эле окуяны жугумдуу, түшүнүктүү кылып бере алат. Абстракттуу пейзаж жок, ошол аңгеменин мазмунун толуктай турган, ага кошумча өң-түс берип, көркөм жүктү көтөрүп турган кыска, реалдуу пейзаж сюжет менен жуурулушуп турат.

Ошондой эле "Коончуларда сүрөтчүнүн жүрөгү бар", "Көздөрүндө аптаптуу чөл жатат (Палван)", "Аларга эне мээрими күйгөн оттон келип аткандай туюлду Мадимарга", "Жапыс тамдын үстүнө толгон ай илинип, байтеректердин учуна тийип-тийбейт" ("Ак коргон"), "Учтылып жүрүп жартысы калган калемдей болгон ашынам бар, өзүн жердин киндиги сезет", "Рамис Рыскулов марш тээп кирип келди. Асман тикеленип дүркүрөгөн чачынан күлкү куюлат", ("Турмуштан тамган тамчылар"), "Карегине ой тундурган" ("Тактектик кыз"), "Экөөбүз суунун ортосуна токтоп калган дүмүрдөй, а көпчүлүк бизге келгенде эки ге бөлүнүп, эки жагыбыздан агылып жатты" ("Палван"). "Мезгилиң салаадан куюлган кум сыңары өткөнү билинбейт" ("Үйдүн куту") – сыяктуу көркөм деталдар, образдуу сүрөттөөлөр жана элдик макалдар жыш колдонулуп, чыгармалардын композициясында өзүнчө

көркөм жүктү көтөрүп, сюжет менен айкалышып, бир бүтүндүктү түзүп калган. Автор сөзгө бай.

Диалектилик, стилистикалык лиризм ойго сыйымдуулукту берген. Образдуу ойлоо жөндөмдүүлүгү калыптанган. Маданияттуу кичи пейил жазуучу. Өзүнүн каармандарына жумшак, аяр мамиле жасайт. Баяндалып жаткан окуянын ички катмарлары өтө кылдат сүрөттөлүп, түштүктүн меймандос, сабырдуу, чыдамкай, эмгекчил өңүн көрөсүң. Адамдарга, айрыкча ак сакалдуу карыяларга болгон сүйүү, күйөрмандык, кайрымдуулук көңүлгө орнойт. Ойдон чыгарылган эч нерсе жоктой, бардыгы күндөлүк турмушта болгон окуя, сен билген замандаш адамдарыңдын тагдыр таржымалы.

Чыгармаларында жумшак юмор, ирония, сын өз орду менен айтылып, өз милдетин өтөгөн. А.Матисаковдун чыгармаларында токтоо, бардыгына каниет кылган кыргыздын улуттук мүнөзү так чагылдырылган. Анын бардык чыгармалары биригип келип, "Элет турмушу" деген чоң эпопеяны, бир бүтүн полотнону туюндурат. Ар бирине үңүлүп, ичкериден караганда, элет жериндеги турмуштук түрдүү кырдаалдар, адам факторунун түркүн жагдайы көркөм, элестүү сүрөттөлгөн.

Албетте, А.Матисаков таптакыр жаңы теманы, өзгөчө сюжетти таап, жаңыны жаратты деп айтуудан алыспыз. Кадыресе, жөнөкөй, кыргыз адабиятына тааныш сюжеттин сакралдуу маанилерин, актуалдуу проблемаларын көтөрүп чыгуу менен, чыгармачылык таанымга ээ болгон. Адабиятка, көркөм чыгармага коюлган талап өзүнчө. Ал эми реалдуу фактыны да эске алуу керек. Ошондуктан бүгүнкү күндөгү кыргыз адабиятынын өнүгүш масштабына жараша баа берүүгө аракет кылдык.



Турдубек ОСОНОВ,
журналист-жазуучу

"ЗАМАНАНЫН" ӨМҮРҮ УЗУН

Күн тийгенде да жарык тийди. Ошо күндү баарыбыз майрам катары кабыл алдык. Президент, Өкмөт башчы болуп жаңы бүткөн студиянын салтанатына келишти. Абдыкемдин демилгеси менен 8-декабрь – Кыргыз телерадиосунун күнү деп белгиленген токтомго ошол күнү Өкмөт башчы кол койду. Эми жыл сайын биздин коллегаларыбыз ошол күндү белгилешет. Ошол күнү наамдарды, баалуу белектерди алышат. Заңгыраган студиялардан каалаган телепрограммаларды тартышат...

Ошентип ошол күн КТРдин жаңы доорунун башталышы болду. Ушул зор окуяга Абдыкем ушундайча салым кошкон. Аны билгендер бар, билбегендер бар...

Мурун сөз болуп келген таңкы программа өзүнөн-өзү эле ачыла калган жок. Абдыкенин күжүрмөн эмгегинин, чечкиндүүлүгүнүн аркасында ачылды. Ал кезде теледе аппаратура жагынан анча өнүгө элек болчу. Албетте, жаңы ишти ачуу кыйынга турду. Бирок, программаны алып кете турган кадрлар бар болчу. Ошол убакта программаны жандандыруу иши телевидениенин легендасы Тамара Жаманбаевага жүктөлдү. Таңкы программа ошентип ачылган. Андан бери далай суулар агып кетти. Алып баруучулар отурган студиянын жасалгасы өзгөрдү. Журналисттер жаңыланды. Жаштар көбөйдү. Мыкты режиссёрлор келди. Бирок эски студия, телемунара ошол бойдон жаңырбай турат. "Замана" болсо, мезгилдин кадамынан артта калбай келатат. КТРди жандаган жаңы телеканалдар ачылып, конкуренттер көбөйдү. Ошолордун ичинде таңкы программа ушул убакка чейин КТРдин эң көрүмдүү программасынын бирине айланды.

«Манастын 1000 жылдыгын» өткөрүүдө ТВнын ролу

1995-жылы бизде “Манас” эпосунун 1000 жылдыгы өткөнүн бардыгы эле биле бербейт. Президенттин демилгеси менен белгиленген бул улуттук чоң салтанат Талас жергесинде, Манастын Кароол-Чокусунда өткөн. Түрк тилдүү мамлекеттеринин сегиз президенти катышкан улуу майрам ТРТнын каналы аркылуу түз эфирде Евразия чөлкөмүнө берилген. Бул республиканын тарыхында, теленин тарыхында зор окуя эле. Улуу мааракедеги теле ишине байланышкан уюштуруу иштеринин баарын Абдыке өз мойнуна алып, Түркияга чейин чапкылап барып, түрктөр менен сүйлөшүп тонналаган видеоаппаратураларын алып келген. Ошондо биз түрктөрдүн түз эфирде иштеген абада кармалып турган видеокамераларын көрүп таң калганбыз.

Түз эфирде спутник аркылуу дүйнө элдерине мааракe салтанатын таратуу деген түшүбүзгө кире элек мезгил эле. Азыр ойлоп калам, ошондогу тартылгандар сакталып калдыбы же өчүп кеттиби? Эгер сакталып калган болсо, анда биз баа жеткис бир мураска ээликпиз деп сыймыктануу менен айтсак болот. Себеби ошол тарыхый окуянын режиссёру СССРдин Эл артисти Болот Шамшиев болгон. Майрамдык-театралдык программа төрт сериялуу тарыхый спектаклге же фильмге тете эле. Эсимде, Таласта 2 ай репетиция кылышкан. Мына ушул окуя Абдыкемдин өмүрүндөгү эң урунттуу окуя болду десем жаңылбаймын. Ал ушул ишке дамамет чыгармачылыгын салып, күндүр-түндүр иштеген, коллективин бир кишидей иштеткен.

Абдыкем телевидениеде иштеген жылдары теленин ишин гезитикинен кем эмес өздөштүргөн. Ал тургай, андан да ашыра иштеген. Абдыкенин “Кыргыз Туусунда” иштеген жылдарын азыноолак билем. Анын калемдештеринин айтуусуна караганда, эң мыкты редакторлорунун катарында турат. Анда да ар бир макаланын, ар бир заголовокту түбүндө отуруп, миң алакеттен өткөрүп, анан гезитке берээрин укkам. Өзү айткандай, “гезитте мен өзүмдү суудагы балыктай сезем” дечү. Абдыке теледе да, гезитте да иштебей азыр окутуучулук кесипке өтүп кетти. Ал жерден жылдап топтогон сөз байлыктарын, жетекчилик тажрыйбаларын ошол студенттерге, болочок журналисттерге берип жатат.

Менин оюмча, анын өзү иштеген тармактарда иштей турган жөнү да, таланты да, башкаруучулук тажрыйбасы да бар болчу. Республикадагы көрүнүктүү адамдар анын достору эле. Аларды ортого салып бир кызматка отуруп алса деле болмок. Бирок, Абдыкем сыпайылык

кылып кызмат тууралуу эч ким менен сүйлөшпөгөн чыгар деп ойлойм. Ал эч кимди саткан жок. Эч кимди жамандаган жок. Ошол заманга акаарат келтирген макалаларды жазбады.

Кийин менин биринчи китебимди чыгарып, бет ачаарына чакырып калдым. Абдыкем ошондо да агынан жарылып сүйлөп берди. Агын ак, карасын кара деп тал төөндөй ойлорун айтып, жаш талапкерге жылуу ойлорун айтып кетти. Анын айткандары ушул күнгө дейре эсимде турат. Сындаганда да чорт айтпай, жылуулап келип, көңүлүн оорутпай, билгизбей сайылган ийнедей айтат. Ошондо китептеги айрым аңгемелерге өзгөчө токтолуп, көңүлүнө жаккан жерлерин чын дилинен кубанып, таза сезими менен эч бир жасалмалуулукка берилбей айтып жатканы көкүрөгүмдө турат.

Адабиятка жаңыдан кадам койгон жаш талапкердин шилтеген кадамдарына маани берип, сүрөөнчү болгон. Эгерде, менин биринсерин аңгемелерим Абдыкеге окшогон чоң жазуучуга жаккан болсо, анда идирегим бар экен деп ойлойм. Абдыкемдин дагы бир мен жактырган сапаты жадымдан чыгып баратыптыр. Ал гуманист жазуучу. Чыгармаларында да, сөздөрүндө да бизге ушунчалык жетишпей жаткан гумандуулук, адамга деген өзгөчө жылуу сезими, мээрими бар. Бул атадан калган нарк болсо керек. Дүйнөлүк адабияттардан “чыгармалары улуу гуманизмге сугарылган” деген саптарды окуур элек. Абдыкемдин чыгармалары тууралуу да ушундай эле ойду айтсак жарашат.

Абдыке устат, мен шакирти. Ошентип, устатым алтымыштын аргымагын минди. Бул жаштыкка, чыгармачылыкка күүгүм кирип калды дегендик эмес. Алтымыш жашка чыкса да устатымдын эли-журтуна, окурмандарына али бере элек чыгармалары көп деп ойлойм.



Кубан Чороев,
жазуучу, журналист

КУРСТАШЫМДЫН КИТЕБИ

“Абдиламит МАТИСАКОВ сөз багуу деген өнөрдү, мындайча айтканда, “жаратылыштын бир адам аркылуу бүткүл адамзатка жиберген белегин” баркынан түшүрбөй, тузунан кемитпей бийик даража менен алып келатканы мени кубандырат... Абдиламит Матисаков сөздүн чыныгы маанисиндеги улуттук табылга, улуттук сыймыгыбыз болуп саналат”.

Чыңгыз АЙТМАТОВ

Чоң кишилердин татаал дүйнөсү – бу талашы түгөнбөс тилазар турмуштун оош-кыйышы акак сыяктуу таза дил менен жаралган наристе баланын “эс тутум багажында” калаар бекен? Калат! Калганда да, чыгыш ойчулу Саади суктанган Бадахшан ташына чегилген сүрөт таризде болуп, өмүр бою калат. Бирок, жандуу-жансыздын эстүүсү саналган адам пендеси улуу жаратылыштын күтүүсүз келүүчү жамгыры менен бороонун, аптабы менен аязын, жарыгы менен күүгүмүн кебелбей көтөрчү таш эмес деңизчи. Кезеги келгенде сүрөт да өчөт, өзүнүн бала чагында алган таасирин: ойлонуу, кубануу, кайгыруу, сагынуу, элжирөө, жек көрүү, эмгек жана өнөр үлгүсүн жаратуу деген уникалдуу сапаттарга ээ болгон адам уругу гана эч көөнөртпөй жан жүрөгүндө сактайт!.. Мына ушуну эске алганда, заманыбыздын улуу жазуучусу Чыңгыз Айтматовдун “Күлүктүн күлүктүгүн жол сынайт” аттуу татынакай баш сөзү менен жарык көргөн Абдиламит Матисаковдун “Атамды көргөн өлбөсүн...”

деген көркөм-публицистикалык китеби улуттук адабий турмушубуздагы катардагы окуялардан эмес экендиги, ал ушунча жыл бою көздүн кареги, бөбөктүн добушу, сүйүүнүн убадасындай аздектеп сактаган эң кымбат ойлордун таңгаларлыктай “ташкындап чыгуусу” экендиги алда немедей көңүлгө түшүп, бул чындык авазы турмуш элестерин ушунчалык таамай-так кармаган анын бир бүтүн өзөгүнөн көрүндү.

“Жазуучунун Ата Мекени – анын балалыгы”, – деп орус жазуучусу Даниил Граниндин айтканы бар. Бул сөздүн маниси “Атамды көргөн өлбөсүн...” жыйнагынын бүтүндөй “анатомиясына” туура келет. Элетте, болгондо да жашоо-турмушу чоң адабиятка жетиштүү чагылып-түшө элек түштүк жеринде туулуп-өскөн лирикалык каарман – китептин автору “турмуштан тамган тамчылар” деп айткыдай кичинекей аңгеме-эсселеринде да окурманды жан курдашындай колдон алып жетелеп: “Жүр, боорум, менин айылымды көр, менин айылымда аябагандай жөнөкөй, аябагандай момун, бирок ички дүйнөсү, адамдык көңүл-ниети жер касиетиндей таза, жер берекесиндей бай, абдан мээрман-иштерман кишилер жашайт. Алар менен бир жолугуп сүйлөшпөсөң, өкүттө каласың! Жүрү, эч тартынба...” – деп, кандайдыр “бир чыны уудан бир чака бал бөлө алган (Алыкул) аруу дили менен чакырып тургансыйт!

Ачыгын айтуу керек, мен мындай өзгөчө чыгармачылык “ауранны” орус адабиятынан Валентин Распутин, Василий Белов, Фёдор Абрамовдун аңгеме-повесттерин окуп отуруп жолуктурчу элем. Маселен, Фёдор Абрамовдун Архангельск облусундагы өз айылы Верколанын “стихиясын” окурманды уйку, тамактан калтырган эргүү менен жазып, анан ошол чексиз сүйүүнүн (!) бир өтөөсү катары: “Мен өз айылымдагы ар бир кары кишинин дүйнөдөн өткөнүн жан сыздаткан кайгы менен кабылдайм”, – деп айтканын ким билбейт? А суу астында калган кыштактын кары адамдарынын трагедиясын баяндаган В.Распутиндин “Матёра менен коштошуу” деген повестинин драмалуу сюжетичи?

Тигине, балдарына жүрөгүн да сууруп берүүгө даяр Апа күйпөлөктөп тандырга нан жапканы жатат. Анын ошондогу чоң бактылуу дүйнөсү, кыймылы “Тандыр” аңгемесинде кинокадрдагыдай өтө элестүү, өтө көркөм:

“... Кээде апам менен тандырдын жанында болом. Ага жардам этем. “Агарды” деген сөзүмдү пайлап тургандай, апам бир колуна айран куюлган идишти, экинчи колуна жеңчесин кармап, тандыр жакка басат. Жакындай берип, тандыр ичине эңкейе:

– Оо, периштеси ысыгым, тандыр ичин бир башкача агартыпсың го. Сүт уюттум. Ысык нан жапканча айран да болуп калат. Чогуу чай ичебиз. Барып китебиңди тикте эми, – дейт колумдан көсөөнү алып атып. Адатынча, бетимден "шуу" дегизе жыттап да алат.

Тандырдан, апамдан алыс барбайм. Кыйшык дөңгөчкө көчүк басып, колумдагы китепти ачам. Апам заматта мени унутат да, бүткүл ынтаасы тандырда..."

Абдиламит Матисаковдун дээрлик бардык чыгармаларын ширетурат. Ошондой болсо да, анын мындай чеберчилиги мүлдө көркөм дей куюлган сөз байлыгы коштогон терең психологизм айырмалап өнөр өкүлдөрүн түйшүккө батырган айрыкча татаал жумуш – асыл Эненин жана асыл Атанын образдарын түзүүдө нака турмуштук деталдар менен эстен чыккыс болуп алдыга суурулуп келген.

Атанын өмүрлүк жарына, балдарына, жан-жараткандын эң улуу эгеси – Күнгө, Жерге, тирүүчүлүк ааламдын башка көрүнүштөрүнө жасаган мамилеси лирикалык каармандын бейиши болгур апасын жерге бергенден кийинки төмөнкүдөй "сценадан" да кайталангыс штрихтер аркылуу көрүнөт.

"...Эртеси таңдан туруп, жайга келдик.

– Кантелик, жалгызсырап жатсаң керек... – Атамдын үнү ушул саам тамагын бир нерсе кыскандай кыйналыңкы чыкты. Добушу өзгөрүп, такыр тааныш эместей угулду.

– Жайга, апаңарга бет мандай, кыбыла беттей отургула.

Бейиттин үстүнө үйүлгөн топурак али күн жей элек, нымдуу. Боорунан сары кумурскаларды көрө койдум. Экөө, үчөө. Жогору жөрмөлөшүп, өздөрүнчө чыйыр издешет. Мынчалык эмнеге жан-алакетке түшүшөт? Каякка ашыгышат? Же чын эле булар жашоонун шириси дайым түйшүктөнүүдө, мээнеттенүүдө экенин билип алышканбы?..

– Апаңар жакшы адам эле! – Атам сөзүн уланта албай, калтыраган муундарына эркн жетпей, көзүнө биринчи ирет жаш алганын ошондо көрдүм. Бетин да бизден буруп, жашырбады. Карыя кишилер үнсүз ыйлашат. Канчалык жүктүү кайгы баспасын, аны көтөрө билишкени ошондон го. Ушул күнгө дейре жашоо, тиричилик тизгинин бир кармашып келген адамын жоктоп, зээн кейиткен атамдын терең кайгысын сездим..."

Автор өзүнүн аңгеме, повесть, портреттик очерк, публицистикалык эскиздерден турган бул жыйнагын эмне себептен "Атамды көргөн өлбөсүн..." деп атады болду экен деп далайга ойлондум. Көрсө, ушунун өзүндө да улуттук-элдик оптимизмге ширелген "философиялык сыр" бар экен. Анткени, жаштын тилеги менен улуунун ба-

тасын, муундар катнашы менен өмүрлөр өрнөгүн айтып келбеген тагдыр-жазмыш сыноолорунда таңгаларлык күч менен данакерлеп жана улам жаңы сапарга ата-энедей кайраттандырып турган да дал ушундай ыйман-адеби жүрөктү бийлеген ташка тамга баскандай СӨЗ болот тура!!!

Ата-баланын жана аларды апта өткөрбөй "сүйлөштүргөн" телефончу кыздын "үч кырдуу" жүрөк туйгусун чагылдырган "Тактектик кыз", бир үйдө бакма кызы экөө гана жашап, ошол кызынын "чоң окууга" өтөөрдөгү ыйман кечирбес адилетсиздикке кабылып, "шак сындырганына" күйүнгөн атанын тагдырын камтыган "Экзамен", жубайлык турмуштун алгачкы жылдарында эле ичкиликке берилип, акылдан адашып, бирок ал кемчилигин кийин барып оңдогон жаш жигит туурасындагы "Күйөө бала" сыяктуу курч аңгемелеринде болобу же тарыхый-адамдык, тарыхый-коомдук эс тутум алкагынын кең полотносу катары жазылган "Ак коргон" повестинде болобу же каармандары конкреттүү мекендештерибиз – улуу актёр жана сүрөтчү Сүймөнкул Чокморов, "Ак кеме" фильминде Момун чалдын ролун аткарган Асанкул Куттубаев, "айры төш астында калбаган" чоң палван "Тапанча" – Ибраим Узаков, чайканачы Бакир аке жана башкалар жөнүндө ар тараптуу, кызык жазылган публицистикалык очерктеринде болобу – байкагычтыгы жана ички эмоционалдуулугу "сыртка коё бер" деп дайым суранып турган автор өзүнө гана мүнөздүү, өзүнө гана сыр ачкан "матисаковдук почеркин" сактап калган. Мынакей, таланттын күчү! Орустар бул өндүү өзгөчөлүккө: "Быть самим собой как прекрасно!" – деп тамшанып калышат эмеспи.

Чыңгыз Айтматов китепке жазган баш сөзүндө: "Азыр өзүн оңой-олтоң эле журналист-жазуучу санагандар көп. Бирок, андан да, аларды журналист-жазуучу деп аша чаап көкөлөткөндөр көп..." – деп белгилеп келип, эмдиги улуттук журналистикабызды Абдиламит Матисаковсуз элестетүүгө болбой турганын баса көрсөткөн улуу жазуучу: "...Эң ар кыл, ар кыл темада чабыттуу ой жүгүртүүсү да, элдин рухунний кенчине атуулдук жан күйөрлүгү да, сөздү зергер сыяктуу кылдаттап ажар-түсүнө чыгара билгендиги да бул китептин авторунун кайталангыс почерки, өз бетинче ашкан татаал ашуусу бар экенин айгинелейт..." – деп абдан таамай жазган.

Бүгүнкү күндө олчойгон-олчойгон роман жараткандан көрө, коомдук-граждандык зарылдыгы чоң публицистика менен алектенүү алдаганча татаал деп бир эсептен туура айтышат. Заман кишилери-

нин көңүлү конкреттүү тема, документалдуу анализ жасоого көбүрөөк бурулду. Көлөмдүү чыгармаларды окууга убактылары да аз.

Мына ушул көз караштан алганда, Абдиламит Матисаковдун кыргыз элинин чыгаан инсаны Сүйөнкул Чокморовдун чыгармачылык портретин тартууга арналган "Кыргыз өңү Чокморовдун өңүндөй" деген публицистикасы өзүнүн жазылган мезгилинен бери көп жыл өткөнүнө карабастан, нукура деталдуу мүнөзү менен айрыкча көзгө түшүп, бөлүнүп турат. Бул эскиз-очерктин омоктуу артыкчылыгы – ынтызар автор каармана чексиз ишенсе, каарманы да аны өз бир тууганындай көрүп, жан сырын жашырбайт. Калптын, жалган түр көрсөтүүнүн, текеберленүүнүн жыты да жок! Ар бир сүйлөмдө турмуштагыдай жөнөкөйлүк...

Экөө катар туруп "үлүл тыңшаган" эпизодду эле алалычы:

"...Кетээримде Сүкөм китеп текчесинде турган таш баканын жону түспөл эки чоң үлүлдүн бирин мага сунду, – деп жазган автор-портретист. – "Тыңшап көрчү". Кулагымдын түбүнөн деңиз шарпылдады. Деңиз шоокуму! Үлүлдү кулагымдан албай сурадым. "Кайсыл деңиз?" "Индия океаны. Жээгинде жүрсөк бир карыган балыкчы белек кылган эле. Мунусунан таза угулат". Отуз эки жашыма чейин океанды телевизордон көрчү жаным алыста-алыста, жердин аркы четинде мелмилдеген океанга чөгүп бараткан кызыл күндү өзүмчө элестетип, а Сүкөм жээк кыдырып, көрүнгөнгө үлүл таберик кылган балыкчысын өзүнчө... Аны Хемингуэйдин өлөрман балыкчысына окшотуп, колумдагы тоо текенин мүйүзүндөй үлүлдүн кайсыл бир жылдары океандын жашыл түбүндө, сырдуу дүйнөдө түнөгөнүн, тегерегинен супура боор, араа тиш акулалар түркүм түс балыктарды кууп каршы-терши сүзгөнүн, анан касиеттүү үлүл кайсыл бир күнү толкундардын эпкининен козголуп жээк издеп, баданын күн жеген, калак шилтеп булчуңдары таштай каткан алиги балыкчыга насип болгонуна таң-галам. А бечара балыкчы табылгасын даңазалуу киноактёрго тартуу кылганын ошондо билди бекен..."

Адабиятчы эмес, а журналист катары белгилеп койгонубуз оң: Абдиламит Матисаков – каармандарын биринчи кезекте ыйман даражасына жараша ылгап-тандап, биринчи кезекте жакшы жактарын баса көрсөтүп айтып, анан ошого жараша микроэпикалык фон, тагыйрымдуулук темасынын "дыңын" бузган: "Күзгү" (басып-туруу бактысынан айрылган майып жигит жөнүндө), "Жаннат эне, бешик жана жарты нан" (борборго кеткен тейден караанын көрсөтпөгөн уулун күткөн акылгөй эне жөнүндө), "Күттүргөн рейс" (аэропортто

отуруп, түрмөдө жаткан эри тууралуу сүйлөгөн келин ж.б. жөнүндө), "Бечаралар" (түркүн тагдыр запкысын көргөн элеттик кишилердин шаардагы абалы жөнүндө) өндүү кыска-кыска көлөмдөгү публицистикалык эсселерин, эч тартынбастан эле, башта кыргыз адабияты менен журналистикасында жолуга элек классикалык мүнөздөгү (!) "Кайрымдуулук циклдери" же болбосо, орус адабиятындагы В.Распутин, В.Белов жана башкалар көтөргөн "өзгөчө" теманын улуттук кыртышта жаңы кырынан чечмелениши деп атоого болот. Бали, азамат, замандашым!

Ооба, "Жазуучунун Ата Мекени – анын балалыгы". Баарыбыздын ыйык идеалдарыбыз, ыйык башаттарыбыз ошол баёо, асыл куректан башталган Улуттук маанидеги көркөм сөз жаңылыгы катары жаралган "Атамды көргөн өлбөсүн..." жыйнагы "жүрөктө уктаган" эң кымбат сезимдерибизди кайра бир ойготуп кеткенине өзүмчө сүйүнүп калдым.

Анан да, эң бир кубанычтуусу – мындай "жүрөктө уктаган" сезимдерди ойготуп, чебер тил, көркөм баяндоо жана чабыттуу ой-толгоолордун ширелүүсүнөн жаралган ак дилдүү китеп жазган талантуу жана мээнеткеч калемгер – менин кырчындай кезде табышып, азыркы Улуттук университеттин студенттик аудиториясында беш жыл бирге отуруп, журналистика адистиги боюнча дил төшөп билим алган сырдана курсташым болгондугу.



“КЫРГЫЗ ТУУСУН” ЭКИ ЖОЛУ ЖЕТЕКТЕДИ

Абдиламит Мурзаевич Матисаковду жалпы окурман журтчулугуна тааныштыруунун кажети деле жок чыгаар. Бүгүнкү күндө ал узун элдин учуна, кыска элдин кыйырына чейин кеңири таанылган белгилүү жазуучу, журналист, адабиятчы, таанымал редактор, илимпоз-профессор..., айтор, кайсыл гана жумушту аркалабасын, майын чыгара үзүрлүү иштей билген тажрыйбалуу инсандын портрети көз алдыма тартыла түшөт.

Арийне, мен аны тээ илгерки, мындан кырк эки жылча мурда биздин жаштык курактын, жигитчиликтин издери сезимибизде өчпөс болуп сакталып калган өткөн кылымдын жетимишинчи жылдарынын тең ортосунан бери жакшы билем десем аша чапкандык болбос. Ооба, ошол кез, тактап айтканда, 1974-жылдын жай мезгили мен сыяктуу оюнда ойду омкоруп, тоону тоңкором деген жаштык дем, күч, фантазиябыз көкөлөп турган мезгилге туура келет.

Ананчы?! Кандай гана керемет мезгил эле?! Сезимибизде өчпөй, унутулгус болуп көкүрөгүбүздө кыттай сакталып калган ошол жаркын күндөр эсибизге түшкөндө кайрадан ошол мезгилге кайтып баргандан бетер жылуу сезимдер көкүрөгүбүзгө уялайт, ошол учурдагы унутулгус көз ирмемдер жан дүйнөбүздө “жарк” дей түшөт. Эс-эс-эс-эр деген күч-кубаттуу империянын толуп-ташып, азыр ойлосом, гүлдөп турган учуру экен, көрсө... Өзүмдүн кайсы бир чыгармамда таамай белгилегендей, совет мамлекетинин эң өнүккөн кези, өмүрүнүн чак түшү деп айтсак жарашат.

Эми, сөзүмдү ала качтырбай, Абдыке досума өтөйүн. Ошентип, биз, ар кайсы тараптан келип, аламанга катышкан күлүктөрдөн бетер Кыргыз мамлекеттик университетинде кайрадан жаңыдан ачылып жаткан журналистика бөлүмүнүн студенти болуп калуу үчүн сыноо экзамендерине катышып, иргөө жүрдү. Ушу жерден айта кетүүчү нерсе, болочок журналисттерге жогоруда айткан экзамендерден тышкары чыгармачылык “чымыны” барлар гана кабыл алынат, буларда эң

эле кур дегенде эки жылдык эмгек стажысы да болууга тийиш деген кошумча тосмолор да бар болчу. Сыноонун жыйынтыгында мектепти жаңы эле бүткөн идиректүү балдар менен катар жашы отузга ооп бараткан “карт бөрүлөр” да кездешти.

Абдыке кирүү экзамендеринен буйдалбай өтүп, эки “беш”, бир “төрт” алды. Анткен менен кабыл алынган студенттердин тизмесинде анын ысмы жок болуп чыкты. Орто мектепти жаңы эле аяктаган он жети-он сегиз жаш курагындагы окуучуда кайдагы эмгек стажысы болмок эле. Кабыл алуу комиссиясындагылар балким ушу жагдайды шылтоо кылышса керек. Бирок, Абдиламит Ноокат райондук “Колхозчу”, Ош облустук “Ленин жолу”, республикалык “Ленинчил жаш” газеталарында жарыяланган макалаларын да күбөлөндүрүп ала келген экен, ошолору керекке жарады.

Кудайдын көзү да түз экен, атайын комиссиянын сунушу аркылуу өзүнө кирген адамдарды кабыл алган КМУнун ошол кездеги ректору Салмоорбек Табышалиевдин “Ой, бу жигит дапдаяр эле журналист турбайбы? Эмнеге кабыл алган эмессиңер?!” деген алкоосу, балким ырайымы менен, ал студенттердин катарына сыноо мөөнөтү менен кабыл алынган. Кийин ал камчы салдырбай жакшы окуп кетти.

Мен буларды эмне себептен жобурап атам? Көрсө, ким болсун, кайсы кесипте эмгектенбесин, аны жан дүйнөсү менен каалап, эңсеп, ага жетейин деп умтулуп аракеттенсе гана ошо тармакта ийгиликтер жаралаарын жашоо-турмуш далай ирет тастыктабадыбы... Жогорку окуу жайын ийгиликтүү бүтүргөндөн кийин Абдыке “Ленинчил жаш” та”, “Советтик Кыргызстанда” (азыркы “Кыргыз Туусу”) эмгектенди, Кыргыз Республикасынын Журналисттер союзунда да иштеп калды. Теорияны практика менен ийкемдүү айкалыштырып, күн өткөн сайын чеберчилиги өстү, такшалган, кесипкөй адиске айланды.

Анын калеминен окурмандарды тамшандырып окуткан көптөгөн эң сонун чыгармалар, публицистикалык макалалар жаралып, түйшүктүү эмгеги өз жемишин берди. Ал СССР Журналисттер Союзунун сыйлыгынын лауреаты, Эл аралык “Руханият” ассоциациясынын сыйлыгынын лауреаты, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер сыяктуу ардактуу наамдардын ээси болуп, башка кесиптештерине күнү бүгүнкүгө чейин үлгү, өрнөк болуп келет.

Адабий чыгармачылыгы өзүнчө сөз кылууга арзыйт. Абдыкенин эң бир мыкты касиети – ал журналисттик-жазуучулук өнөрдү бирдей тутунуп, кош тизгинди бир кармап кеткендигинде. Анын мейли, повесть, аңгемелерин же кыска новеллаларын же макалаларын окусаңыз да анын өзүнө гана таандык сүрөткерлик чеберчилигине баш ийип, таң берүүгө аргасыз болосуң, чыгармаларын чын ыкластан, жан дүйнөң менен берилип, ыраазы болуу сезиминде ырахаттануу менен окуйсуң. Айталык, ушу кезге чейин беш китеби жарык көрсө, басмадан чыгаар замат сыясы кургай электе эле бу китептерин окурмандары издеп, таап, талап кеткени эле анын кандай жазуучу экенин дагы бир жолу тастыктап турбайбы?!

Бир мисал айта кетейин. 80-жылдардын этек жагында Абдыкенин "Ак коргон" аттуу китеби басмадан чыкты, анда бир повести менен бир канча аңгемелери топтоштурулган экен. Мен агезде "Мугалимдер газетасында" иштеп жүргөн учурум эле. Гезитте иштеген Б.Таабалдиев, Т.Субанбеков, К.Сариева жана мен болуп бу китептин авторун жерге-сууга тийгизбей абыдан эле көкөлөтүп, мактоо сөздөрдү айтканыбыз али да эсимде. Маселен көлөмү боюнча ашып кетсе эки жарым – үч баракка жете бербеген "Жаннат эне, бешик жана жарты нан" деген кыскача новелласына мен ошондо ушунчалык ыраазы болгом, башка авторлор бир повесть же чоң көлөмдөгү аңгемеде айтчу аялуу ойду ушунчалык ийкемдүүлүк менен жеткире таасирдүү берип, өзүнүн калеминин төшөлгөнүн, зор чыгармачылык потенциялын ошо кезде эле байкалаарлык көрсөтө алган:

"...Биз үчүн алар – Жаннат энелер көк теңирдей түбөлүк тура бер-чүдөй сезилет. Жаңылабыз! Мезгил узаткан өмүр табагын какшытып, алар четинен кемип жатат. Биз болсо аларга бүгүн айта турган жылуу сөзүбүздү эртең айтабыз, бүгүн керек жакшылыкты эртең жасайбыз деп ток пейилдин жетегинде жүрөбүз. Ырас, эртең да күн бар. Бирок, эртең кеч болуп калышы мүмкүн. Куттуу карыларыбыз бу жашоонун он күндүк мейманы эмеспи.

Мен сага баратам, Бакир! Сага Жаннат эненин бешик сүйүнчүсүн, жарты нанын – илгери үмүтүн, ишенимин алып баратам. Тосуп чык, досум!"

Мынакей, сөздүн күчүн, касиетин, кудуретин караңыз?! Жаткан ордуман тура калып, аңгеменин каармanына кошулуп Бакир досту кошо издешчүдөй акыбалда болдум, аны табышып бергим келди!.. Бу менимче, жазуучулук өнөр аркылуу окурманга катуу таасир этип,

өзүнүн кыял сезиминде күткөн, а балким эңсеген эң бир жакшы бийиктикке жеткендигинин бир белгиси ушу эмеспи?! Ошондо жаздым эле:

Кызыкка мелт-калт чөмдүрүп,
Китебиң кетет өрүлүп.
Жаза бер жакшы чыгарма,
Эл-журтуң окуйт сүйүнүп! – деген записка-кыстармамды ушул китептин баш жагына кыстарып кошуп койгонум эсимде.

Абдиламит Мурзаевич өзүнүн өмүр жолунда кыргыз элинин туңгуч, төл басылмасын, т. а. № 1-гезити "Кыргыз Туусун" эки жолу жектеди, бу да болсо көрүнгөн эле кишиге буюрбай турган тагдыр эмеспи, жөнөкөй тил менен айтканда, командирдин (партиянын) алдында былк этпей какайган жоокерлердин денесине кан жүгүрткөндөй жандуу, кызыктуу макала, очерк ж. б. материалдары менен элдин эсинде калды, окурмандардын жүрөгүнөн түнөк тапты, гезиттин жалгасын абыдан жакшыртты, нускасы да көбөйдү.

Бу кыска макалада албетте, баарына жетиштүү токтоло албадым, анткен менен, эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында "Кыргыз көппү, жылдыз көппү?" өндүү ондогон жаңычыл макалалар көп берилип жана уюштурулуп, Кыргызстандан четте жашап жаткан бир боордошторубузга айрыкча көңүл бөлүп, камкордукка алганы кубаттай турган жөрөлгө. Ал кийин Кыргыз телерадио комитетинде да жетекчи болуп үзүрлүү иштеп, "кара жашикке" айланган телерадионун ишин жакшыртып, көрүүчү эл алдында актап, агартууга зор салымын кошкон.

Баса, өгүнчөрөөк көчөдө кетип баратып, мурда "Кыргыз Туусунда" иштеп кеткен бир таанышыма капыл-тапыл кезигип калдым. Азыр жеке менчик басылмалардын биринде иштейт экен. Ал-жай сурашып, кобураштык. Ал: "Абдиламит Мурзаевич менен иштеген учур жакшы көргөн түшүм өндүү эле болуп калды. Айлыгыбыз да жакшы эле, өз убагында алчубуз. Айрыкча айтаарым, бир жылда эле ар кайсы майрамдарды утурлап беш-алты жолу ар бир кызматкер сыйлык алчу. Азыр мындай жагымдуу нерсе жок да" деп өз оюн бөлүштү. Бул ошо кездеги жетекчинин таланттуу редактор, мыкты менеджер болгондугунун дагы бир айныгыс далили эмеспи!

Учурда А.Матисаков бир кезде өзү окуп, бүтүп кеткен Кыргыз мамлекеттик университетинин журналистика факультетинде окуп жаткан болочок кесип ээлерине сабак берет, өзүнүн бай практикасынан бөлүшөт. Мен анын азыркы окуучуларына чыны менен эле суктан

нам десем да болот. Анткени Абдыке аларды Ала-Тообуздун апаппак карындай таза, чын пейили менен окутат, анын сабактары келечекте аларга пайдасы тийээрине терең ишенем.

Мен өзүм да бир кезде Кыргыз эл жазуучусу, СССРдин эл мугалими, эң башкысы, мыкты, адамгерчилиги зор адам Жунай Мавлянов агайдын мектебинен өткөн окуучумун. Жылдар өтүп, жетилгенде алар да "Кыргыз өңү Чокморовдун өңүндөй" деген канаттуу публицистиканы жазган илимпоз-профессор агайы А. Матисаковду жакшы жагынан гана эстеп, сагынаарынан шек санабайм, "Агайдын мектебинен өткөнбүз!" же "Абдиламит агайдын академиясынан окуганбыз!" деп сыймыктануу сезиминде айтышаарына ишенем. Бу келечектин иши...

Азыркы учурда Абдыке күжүлдөп да, күпүлдөп да бел чечпей тынымсыз иштеп жаткан кези. Заманыбыздын залкар жазуучусу Чыңгыз Айтматов агабыздын Абдыкеге карата жазган төмөнкү саптары оюма кылт дей түшүп, атактуу жазуучубуз бул колтамгасын бекеринен эле ага арнабаганына ынанабыз: "...Абдиламит Матисаков сөздүн чыныгы маанисиндеги улуттук табылга, улуттук сыймыгыбыз болуп саналат. Эң ар кыл-ар кыл темада чабыттуу ой жүгүртүүсү да, элдин руханий кенчине атуулдук жанкүйөрлүгү да, сөздү зергер сыяктуу кылдаттап ажар-түсүнө чыгара билгендиги да, дарамети чоң сезимтал лирикалуулугу да бул китептин авторунун кайталангыс почерки, өз бетинче ашкан татаал ашуусу бар экенин айгинелейт.

Мекен үчүн күчүңдү бер, элиң үчүн кубанарсың, Абдиламит иним!.."

Чыкенин бул сөзүнө эч кандай кошумчанын кереги жок! Абдыке, ийгиликтериң арбып, арта берсин, кыргыз журналистикасын, маданиятын, адабиятын алдыга сүрөөчү алдыдагы чакан топтогу белдүү сүрөткерлердин бирисиң, дасыккан сөз чеберисиң. Өмүрдүн чак түшүндө өргө карай өсүп, Кудайым сага күч, кубат, кайрат, дем берсин! Биз жаңы ийгиликтеринди, жетишкендиктериңди күтөбүз, сага ишенбиз! Азыркы заманда көрүнгөн эле кишиге ишенип, үмүт арта бербейсиң да? Ошондой эмеспи?!

Анан да буга кичине кошумчам, тигил же бул чыгармачыл инсанды айтып жатып, кээде анын айланасында кошо жашаган адамдарды унутуп коёбуз, алардын эмгектери өз баасын албай калат. Чыгармачылыгына мыкты шарт түзүп, керек болсо анын көзүнүн агы менен тең айланып, тамак-ашын белендеп, "жакшы жазсын, иштесин!" деп

камкордук көргөн аяшым, жубайы Жаңыл, пешенеси жарык уулу Мекамкордук көргөн аяшым, жубайы Жаңыл, пешенеси жарык уулу Медер, жанындай жакшы көргөн небереси Медина, айтор, Абдыкени тегеректеп курчаган үй-бүлөлүк турмушта дагы баары ойдогудай келатат. Ылайым эле ошондой болсун дейли! Кутман курагың кут болсун! — деп ак тилек ой-толгоолорун бөлүшкөн калемдеш досуң, –

Кубанычбек ЧОРОЕВ –
жазуучу, журналист.





Абдимухтар АБИЛОВ,
КР маданиятына эмгек сиңирген ишмер, журналист, жазуучу

РЕДАКТОР РЕФОРМАТОР

Мен Абдиламитти биринчи жолу көргөнүм эч эсимден кетпейт. 1974-жылдын жай айы. Калык Акиев көчөсүндөгү №7 жатакана. Ошол жатаканадан ак жуумал, жарашыктуу кийинген, кашы, чачтары капкара, көз карашы курч жигитти бир нече жолу көргөн элем. Азыр ойлосом Абдиламит журналистика бөлүмүндө окуп жүргөн учурда эле өзүнүн келечек багытын туура тандап алган экен. Анткени журналистикада окуган студенттердин баарынын эле газета, журналдарга барып байланыш түзүп, тырнак алды жазгандарын редакцияда иштеген кызматкерлерге көрсөтүп, жарыялатайын деген далалаты болчу эмес. Абдиламит болсо биринчи курстан тартып эле "окууну бүткөндөн кийин жаза баштайм" - деп отурбай, калемин төшөп алгачкы макалаларын жаза баштаган.

Эсимде, биринчи курста окуп жүргөндө эле бир ыры "Кыргызстан маданияты", дагы бир ыры "Ленинчил жаш" газетасына жарыялаган. Ал убакта биринчи курстун студентинин ыры республикалык кадыр-барктуу газеталарга жарыяланышы зор жетишкендик катары саналчу. Студенттер арасында резонанс жаратчу.

Үчүнчү курста окуп жүргөндө апрель айлары болсо керек, Абдиламиттин "Ошол майрам эсиңиздеби?" деген аңгемеси "Кыргызстан маданияты" газетасына жарык көрдү. Кызыгып окуп көрдүм. Окуп алып таң калдым, таасирлендим, жакшы жазылыптыр. Башы, аягы, кульминациясы жайында, жанрдык бардык параметрлерге дал келген аңгеме экен. Ошол аңгеменин окуясы ушул убакка чейин жадымда сакталып жүрөт.

Абдиламит журналистиканын ар бир курсунун аягында редакциялардан өткөн чыгармачылык практикаларды жалаң "5" деген бааларга аяктап келчү. Окууну бүткөндө ал жак, бул жакка буйдалып отурган жок. Түз эле "Ленинчил жаш" газетасына барып подчидчик кызматка орношту. Подчидчик болуп өмүр бою иштесе да болот дечи, бирок "Ленинчил жаш" газетасында чыгармачылык жактан өзүңдү көрсөтсөң өсчүсүң. Абдиламит ошондой болду. Газетага макала аркылуу тынан макалалары жарыяланып турду. Ошентип "Ленинчил жаш" газетасынын чыгаан редактору Калыбай Жусупович Осмоналиев аны кабарчылык кызматка алды. Андан кийин бөлүм башчысы болуп дайындалды. Көп узабай "Ленинчил жаш" газетасынын жетекчилик кызматтарынын бири жооптуу катчылыкка жогорулады. Ал жооптуу катчы болуп иштеп турган учурда мен кабинетине барып калчумун. Карасам, чымын-куюн болуп иштеп жатчу. "Азыр, отура тур досум, мен азыр" деп редакциянын жумушу менен алек боло берчү. "Кой, мен кеттим" - деп анын "отура тур" дегенине карабай кетип калчумун.

"Ленинчил жаш" газетасында иштеп жүргөн учурда Абдиламиттин апасы дүйнөдөн кайтыш болуп кетти. Көңүл айтып коёюн деп редакцияга бардым. Көңүлү чөгүңкү экен. Кабинетине кирип куран окудук. Бир убакта столдун тарткычынан бүктөлгөн барактарды алып чыгып, "апама арнап аңгеме жаздым" - деди. Барактардын биринчи бетинин башында "Тандыр" (аңгеме) деп жазылып туруптур. Аңгеменин биринчи эле сүйлөмдөрүнөн күчтүү стилдин илебин сездим. "Кел, мен өзүм окуп берейин" - деди Абдиламит. Барактарга бир саам тикчийип карап турду да каргылданган үнү менен кыраатын келтирип окуй баштады. Менин көз алдыма чоң турмушу тартылды. Бул окуялуу аңгеме эмес болчу. Нак турмуштун өзү, күн, нан, эне, бала жөнүндөгү философия эле. Энеден айрылуу кандай аянычтуу. Айылдаштары жабыла апасын жайга койгону алып бара жаткан учурда уулунун кандай абалда бара жатканын окуганымда көзүмдөн жаш акты. Мен ошондо Абдиламиттин жазуучулук талантына баа бергем. "Досум, ушул аңгемең менен аяш энеме жандуу эстелик тургузупсуң" дегем.

Арадан канчалаган жылдар өтсө да "Тандырдын" табы дагы эле ыпысык бойдон. Бул аңгеменин жолу жеңил белем, кийин табити такшалган окурмандарды тамшандырган аңгемелери ошол убактагы эң окумдуу "Кыргызстан маданияты" газетасына же "Ала-Тоо"

журналына жарыяланып жатты. Бул аңгемелерде автор өзүнүн ички шык-жөндөмүн, талантын, адабий даярдыгын айкалыштыруу менен, окурмандын оюндагысын таамай таба билген. Ошондуктан "Тандырды" баш көтөрбөй бир дем менен окуган окурмандар адабий процесске жаңы күчтүн кошулуп жатканын сезишкен болчу. Кийин Абдиламит Матисаковдун "Далдалчынын уулу", "Палван", "Экзамен", "Бечаралар", "Күттүргөн рейс", "Тактектик кыз", "Күйөө бала", "Бышtак" ж.б. аңгемелери, "Ак коргон" аттуу повести биринин артынан бири жарык көрүп, алардын ар бири адабий чөйрөдө жаңылык катары кабыл алынып, адабий сындын калыс элегинен өтүп турган.

Менин өзүмдүн жеке баамымда Алыкул өз ырларына калп айтал багандай эле, Абдиламит да жазган аңгемелерине ат үстүнөн жеңил желпи мамиле жасачу эмес. Анткени, жазгандары окурмандын жүрөгүнө качан гана жүрөгүнөн чыкканда жетээрин түшүнчү. А.Матисаковду эки чылбырды бирдей кармаган чабандес сыяктуу жазуучулук менен журналисттик кесипти эриш-аркак алып жүргөн калемгер деп айтсак болот. Ага "Ленинчил жаш" газетасы журналисттик мектеп болгону талашсыз. Анткени, ушул газетада подчидчик кызматтан жооптуу катчылыкка чейин жеткен. Ал кезде жооптуу катчылык түмөн түйшүктүү иш эмес беле. Кол менен макет чийилчү. Гезит бетине жарыялануучу түрдүү жанрдагы бардык материалдардын ордун таап жайгаштыруу, типографиядагы кайнак коргошун ариптери менен терилип бүткөндөн кийин аны карап көрүү сыяктуу азыркылардын үч уктаса түшүнө кирбеген иш процесстери жооптуу катчынын мойнунда болчу. Мына ушул түйшүктүн баарын ал "Ленинчил жаш" газетасында жети жылдан ашуун тартты. Жумушчу күнүнүн ушунчалык тыкыстыгына, таңкыстыгына карабастан, жогоруда биз санап өткөн көркөм чыгармаларды жазганга кантип убакыт таап, кантип үлгүрдү экен деп таң каласың.

Мындан сырткары Абдиламит Матисаковдун ошол учурда жазган публицистикалык материалдарына аңгемелеринен кем эмес маниле жасагандыгын белгилеп кетсек болот. Анткени, анын "Ленинчил жаш" газетасына жарыяланган "Жаннат эне, бешик жана жарты нан", "Кайдасың, кагылайын кайрымдуулук!", "Чайкана", "Токтор-бай, Күкү жана он бала", "Момун чал" аттуу көркөм-аналитикалык макалаларын окурмандар үзүлө түшүп окушчу. Себеби бул макалалар окурмандар, журналисттер чөйрөсүндө жылуу пикирлерди жаратчу.

Ошентип, Абдиламит Матисаков чыгармачылыгы баралына жетип турган учурда кыргыз басма сөзүнүн флагманы – "Кыргыз Туусу" газетасына каттар бөлүмүнүн башчысы кызмат ордуна ишке чакырылган. Ал бул гезитте иштеп жүрүп, бир журналист бир газетага "погода" түзө алат деген аксиоманын чындык экенин көрсөтө алды. Себеби Абдиламит Матисаков каттар менен иштөөнүн жаңы стилин көрсөттү жана "Күзгү", "Кыргыз өңү Чокморовдун өңүндөй", "Ак журтчу аман – журт аман", "Далысы жерге тийбеген тапанча палван" сыяктуу ар бири өз-өзүнчө изилдөөнү талап кылган атактуу публицистикалык чыгармаларын дал ушул "Кыргыз Туусу" газетасында иштеп жүргөндө жазып, жарыялаган эле. Бир жолу ал мага жолугуп, ушул чыгармаларымды СССР Журналисттер союзунун конкурсуна катыштырууга Москвага жөнөтүп жатамын, – деди. Ошондо мен ага: "Сен бул конкурстун жеңүүчүсү болосуң" деп, ишенимдүү айткам. Чын эле ошол жылдын май айында Москвадан "А.Матисаков СССР Журналисттер союзунун лауреаты болду" деген жакшы кабар келди.

Мен жогоруда Абдиламит Матисаковдун чыгармачылык жолуна токтолуп өткөнүмдүн себеби, анын "Кыргыз Туусу" газетасынын башкы редактору болуп келишинин канчалык деңгээлде мыйзам ченемдүү экендигин билдиргим келди. Ал чыгармачылык жана турмуштук жактан баралына келип турганы анын "Кыргыз Туусу" газетасында редактор болуп буйдалбай иштеп кетишине өбөлгө болду. Менимче Абдиламит Матисаков "Кыргыз Туусуна" экинчи жолу башкы редактор болуп келгенде биринчи кезекте гезитти таптакыр жаңыча чыгарууну алдына максат кылып алса керек. Муну үчүн заманга, кырдаалга жараша иш алып баруу керек болчу. Анткени, эгерде советтик мезгилде каржылоо жагынан редактордун, гезиттин кызматкерлеринин санаасы тынч болуп келген болсо, рынок экономикасынын шартында каржылоо маселеси редакциянын өзүнүн мойнуна жүктөлгөн болчу.

Мына ушундай кырдаалда редактор А.Матисаков түпкүлүгүндө гезит сапаттуу чыгып турса, анын каржы маселеси да чечилээрин алдын ала түшүнгөн. Мына ушуга жетишүү үчүн ал редактор болуп келген биринчи жылдарда ишке баш-оту менен киришип, кабинетинин жарыгы түнкү саат 1-2лерге чейин өчпөй жүрдү. Секретариатта иштеген үч бакандай журналисттер Назарбек Байжигитов, Асан Жунусов, Дайырбек Мейманов дор даярдап келген макеттерди өзү карап көрүп, оңдоочу жерин оңдоп-түзөп, купулуна толгондо гана басууга жөнөтүп турчу. Анын натыйжасында гезит бир-эки жылдын ичинде

жаңы турпатка ээ болгон. Гезиттин тематикасын, мазмунун байытууда А.Матисаков кадрлар потенциалын кылдаттык менен пайдалана билген редактор болгонуна токтоло кетсек. Биринчиден, башка жактарда иштеп жүргөн Төлөн Насирдинов, Эсенбай Калдаров сыяктуу "Кыргыз Туучу" таланттуу журналисттерди жана фотокабарчы Шекербек Сартовду кайрадан алып келгени акылга сыярлык иш болгон.

Мен Төлөн Насирдинов менен иштешип калдым. Мындай калемди эркин шилтеген журналистти жолуктурган эмесмин. Анын жазгандары жаздын таңкы желиндей лепилдеп турчу. Анын "Күүгүмдөгү коңгуроо" аттуу рубрика менен чыккан маектери кимдерди гана тамшандырбады. Өкүнүчтүүсү, шум ажал таланттуу журналистти бул дүйнөдөн эрте алып кетти. Ошондо жылына Төлөн Насирдинов атындагы сыйлыкты жылдын мыкты журналистине ыйгарып туруу идеясын А.Матисаков көтөрүп чыгып, жыл сайын бул сыйлык чоң азем менен мыкты журналисттерге ыйгарылуучу. Бул да болсо Төлөн Насирдиновдун жаркын элесине жасалган сый-урмат. Ошондо сыйлыктын биринчисин белгилүү журналист жана жазуучу Бекбай Алыкулов алган болчу. "Кыргыз Туусунун" эски гвардиячы журналисти Бекбай Алыкуловдун калеминен жаралган Манас атабыздан тартып бүгүнкү күнгө чейин келе жаткан кыргыз идеологиясы жөнүндөгү публицистикалык макалалары А.Матисаков редактор болуп турган учурда сандан-санга жарыяланган. Ошондо редактор катары Б.Алыкуловду жамааттын "Бакай атасы" деп сыйлачу эле.

"Кыргыз Туусуна" А.Матисаков алып келген айтылуу журналисттердин бири, Мундузбек Тентимишев болду. Ал да журналисттик чеберчилигин "Кыргыз Туусунда" иштеп жүрүп көрсөтө алды. Анын гезит бетинде байма-бай жарыяланган публицистикалык макалалары учурунда окурмандарды аябай таң калтырып, публицистиканын мыкты үлгүсүн көрсөттү го, чиркин! Анын 2004-жылы "Кыргыз Туусу" газетасынын 80 жылдык тарыхы жөнүндө жазган көлөмдүү кайталангыс эмгеги китеп болуп, жарыкка чыккан.Ал китепти азыр издеп табалбайсың!

Чынында А.Матисаков редактор катары журналисттерге багыт берген жагынан чебер эле. Тамаша-чынга аралаштырып, бир жолу Эсенбай Калдаровго кайрылып: "Эсеке, окурмандардын делебесин козгогон мелодрама жазбайсызбы, сиздин колуңуздан келет, гезитибиздин кызыктуулугу артат, нускасы көбөйөт"-деди. "Да" – деди Эсеке башын кашылап, "аракет кылайын" – деп кабинеттен күлмүңдөп чыгып кеткени эсимде. Ошондон тартып "Таксистин күндөлүгү же миң бир күн" аттуу чыгарманын үзүндүлөрү сандан-санга жарыялана баштады. Бул чыгарманы окурмандар абдан сүйүп окушту. Мен жогоруда эски гвардиядагы журналисттер деп айтып өттүм. Ал журналисттердин катарына "Кыргыз Туусунда" агарып-көгөргөн агайларыбыз Кудайберген Исаевди, Токтомуш Өскөновду, кесиптештерибиз Бермет Маткеримованы, Фатима Турдалиеваны кошуп кетсек болот. Агайларыбыз К.Исаев, Т.Өскөнов жана журналист кыз Ф.Турдалиеванын тажрыйбаларын редактор А.Матисаков редакциянын коммерциялык жана рекламалык иштерин жолго коюуда туура пайдалана билгендигин айта кеткенибиз оң.


Редактор А.Матисаковдун ишмердүүлүгүндөгү дагы бир моюнга ала турган орчундуу учурду айта кетпесек болбос. Бул – "Матисаковдун мектеби" деген шарттуу аталыш. Анын шарттуу деп айтылганына карабастан, бүгүнкү күндө Бактыгүл Чотурова, Назарбек Байжигитов, Дайырбек Мейманов, Шекербек Калыков, Асан Жунусов, Болот Ташталиев, Жыпара Исабаева, Орозалы Карасартов, Төлөнбай Жакшыбаев, Назаркул Жоошбаев өндүү көптөгөн бүгүнкү күндөгү аттуу-баштуу журналисттерден: "Сен Матисаковдун мектебиненсиңби?" деп сурасаң, алардын баары "ооба" деп тайманбай жооп берээрине ишенем. Себеби ушул журналисттердин баарын А.Матисаков өзү "Кыргыз Туусуна" ишке алып, алардын журналист катары тарбиялынып, такшалып чыгышына көмөк көрсөткөн. Ошондой эле Барчынбек Бугубаев, Айдарбек Жанбалаев, Алик Акималиев өндүү талантарга да "Кыргыз Туусунда" өздөрүн көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк берген.

Эгерде башкы редактордун орун басарларын айта турган болсок, "Кыргыз Туусуна" кабарчы болуп иштегени келген Догдурбек Юсупов дуу беш айдан кийин биринчи орун басар кылып дайындаган. Ал бул ишенимди толук аткарды десек болот. Анткени, ал орун басар болгондон тартып, 15 жылга жакын ушул кызматта үзүрлүү эмгектенди. Ошондой эле Шерназар Шүкүров, Абибилла Пазыловдор да орун басар болуп эмгектеништи. Орун басарлыкка ишеним көрсөтүү жагынан А.Матисаковдун колу ачык болгондугун белгилеп кетүү зарыл.

Аны чыгармачыл муундардын байланышын сактай билген редактор катары да бааласак болот. Себеби ал гезитти сапаттуу чыгаруу

үчүн Кыргыз эл жазуучулары, акындары Көчкөн Сактановдун, Эрнис Турсуновдун, Калыбай Осмоналиевдердин чыгармачылык жигерин пайдаланган. Алардын жазгандары жаштарга үлгү болгон.

Ошол убакта гезиттин нускасы 21 миңге чейин көтөрүлүп, рекламалар ондон ашуун беттерге жарыяланып турду. Анын натыйжасында редакциянын каржысында кем-карч деген болбоду. Гезиттин кызматкерлери аванс, айлык, гонорар, сыйлык дегендерди өз убагында салтанаттуу түрдө алып турушту. "Кыргыз Туусунда" уюштурулган "Күмүш жамбы" сыйлыгы, "Кыргыз Туусунун кыраандары" Ардак тактасы гезиттин кызматкерлерине дем-күч берип, шыктандырып турчу. Ооба, ал убакта "Кыргыз Туусунда" майрамдар унутулгус өтчү. Менин оюмча, Абдиламит Матисаковдун "Кыргыз Туусу" газетасындагы редактордук ишмердүүлүгү анын жакшы жазган зор бир чыгармасы, өмүрүнүн жаркын белеси. Аны өз мезгилинин, өзгөчө эгемен жылдарынын улуттук басма сөзүндө гезит чыгаруу өнөрүндө жаңычылдык алып келген, редактор катары өзүнүн өзгөчөлүү багыт-стилин калыптандырган реформатор инсан деп тайманбай айтсак жарашат.





Мундузбек Тентимишев,
КР маданиятына эмгек сиңирген ишмер, журналист

МАТИСАКОВДУН "ЖАШЫЛ ТОЛКУНУ"

Моряктарда мындай сыр болот экен. Эгер деңиз-океанды жан дили менен сүйүп, суунун Кудайы Нептунду ойдон кетирбей, ак кызмат өтөсө, күндөрдүн бир күнүндө, а балким, жылдардын бир жылында чексиз мейкиндик үстүнөн эч кимге көрүнбөс "жашыл толкун" көрүнөт. Андай керемет белгиге жолуккан моряк Нептундун алкышын алды деп эсептелет да, кайда сүзбөсүн жолу байсалдуу болуп, ырыс жылоолоп жүрөт деген ишеним бар.

Орустун белгилүү жазуучусу Леонид Соболев өзүнүн "Жашыл толкун" аттуу повестинде, өмүр бою деңизде сүзсө да, андай толкунду көрбөй, армандуу кеткендер боло турганын, ал эми ошол эле учурда, жапжаш кураста эле суу Кудайынын сыйлыгына арзыгандар бар экенин сонун сүрөттөп, автордук көркөм тыянак чыгарганы алданемедей эсимден кетпейт...

Кыргыз журтчулугуна кайталангыс таланты, "Кыргыз Туусундай" улуттук гезитти профессионалдуу баралына жеткирген редактордук чебердиги менен кеңири таанылган ары жазуучу жана журналист замандашым, ары ойдогуну көз караштан илгиртпей түшүнгөн сезимтал курсташым Абдиламит МАТИСАКОВдун чыгармачылыгын ойлогондо, мына ошол "жашыл толкунун" өмүрдүн ортосу же аяк соңунда эмес, күп-күлгүн жигит чагында эле жолуктурган бактылуу моряктын жеңиштүү абалы көз алдыма келе берет. Биз, кыргыздар, кызык элбиз, кээде таланттын баа-баркын атай келгенде, баягы капшыттан

укуган көрө албастыктын “тетири” шкаласы иштебей калат да, билмексен-байкамаксан кейипте момурай калабыз. Болбосо, жазуучулугун мындай койгондо да, Абдиламиттин журналисттик феномени улуттук журналистикабыздагы башкаларга окшобос, дың бузар көрүнүш экендигин өз атынан айтып, татыктуу иликтөөгө алууга эбак эле убакыт жеткен!

Чыгармачылыктагы “жашыл толкунун” изденгич кесиптешим эч кимден сурап албады, ал аны Кудайдын жана өзүнүн алдындагы ниетинин актыгы, турмуштун миң түрдүү көрүнүштөрүнө да чебер, сапёр сыяктуу баамчылдыгы жана да, биринчи кезекте, нукура таланттуу инсанга мүнөздүү талыкпас-чаалыкпас мээнеткечтиги аркылуу пенделик ырыскысынан тапты. Мен муну бир нанды бөлө жеген курсташ курбусу катары да таза ыйманым менен белгилейм.

Анын сөздүн Ээсине коңшу жашап тургандай, ширин-таттуу сөздөрдү ар качан салаадан чубуртуп турганы, ким-бирөө ишенип калтырган аманат-белекти тапшырып жаткандай жайдары-жапакечтиги, жөнөкөйлүгү, анан да эң байкуш жандын да артыкча жактарын илгиртпей баамдап, ага жардам берүүгө ниеттеш болгону таңгаларлык бир максатка коштолуп, калемге сыйынган Абдиламиттей таланттын улуу-кичүү алдында аброюн гана көтөрөт.

Кыргыздын белгилүү тилчиси, ыраматылык профессор Жээнбай Мукамбаев бир жолу минтип айтты эле: “Абдиламит сөз гүлүн аралап, өзү чоңойгон Ноокаттын көк жашыл талаасын борборго ээрчитип келгендей сезилет!” Бүгүнкү таланттуу жазуучу-журналисттин улуттук көркөм сөз, мезгилдүү басма бетиндеги жаңычыл, байсалдуу кадамын алгач жаңылбай, таасын байкаган ушул өзүбүз таалимин үйрөнгөн, күндөй жаркын мүнөздөгү, асыл агайыбыз эле...

“Мен журналистмин!” деп төш каккан көп эле кишилерди көрдүм. Кезинде тил-адабият, тарых, дагы башка гуманитардык факультеттерди бүтүргөндөрдүн көбү менен бирге иштештим. Азыр ойлосом, Тайторудай алыска чуркаган чыныгы журналисттер аз болгон экен! Маселен ыраматылык В.Никсдорфтой деми түгөнүп, жүрөгү токтогончо “Жашыл толкунга” дил-оюн арнагандар аз болгон экен! Анан, да бир баамдаганым, канча кылса да, журналисттик атайын билим алгандар профессионалдык иште башка кесиптен келгендерден ат чабым дебесек да, тай чабым алдыда туруп калат экен. Теориялык билимди чабал үйрөнгөн күндө да, ар бир кесиптин өз сыры болобу, айтор, “үйрөнчүк” болуп келгендер көзгө дароо эле байкалып турат. Бул кээде хирургду тиш догдур менен алмаштыргандай эле кеп...

Ушул өңүттөн алганда, Кыргыз мамлекеттик университетинин журналистика бөлүмүн 1979-жылы бүтүрүп, аны бүтөөрдө киносценарист Эркин Борбиевдин жетекчилиги астында дипломдук ишин ийгиликтүү жактап, анан “Ленинчил жаш” газетасында жаштык учурун жалындуу чыгармачылык менен айкалыштырган Абдиламит бирде кайгырып, бирде кубанып дегендей, биринчи иретте, журналист катары өз почерки бар даңгыр жолун тапты.

Качандыр бир кезде жасап келип, токтотуп койгон ишинди, кайра уланткын деп эскертип турган адамдар болот. Абдиламит, маселен, мен үчүн мына ошондой инсан.

Катаал турмуштун таш кыясында жаңылып-жазып, адам бактысын кемиткен пендени канатына кысып, анын намыс, үмүтүн ойготкон ырыс токтомдуу зиректер жолугат. Абдиламит, маселен, нечен бир таланттууларга мына ошондой...

Жаш болсо да, миндеген киши эмгектенген Кыргыз мамлекеттик теле жана радиоберүү корпорациясын башкарып турган учуру болду. Мына ошондо “Абдиламит Мурзаевичтин жакшылыгын көргөн элем” деп сыймыктанган шыктуу теле-журналист жана техникалык кызматкерлерди учуратканда да: “Бу жакшылык дегенди мамчиновниктерге карганда, чыгармачыл адамдар тун махабаттай аздектеп унутпайт тура” деп, ичиң жылып, көңүлүң көтөрүлө түшөт экен. Болбосо, жетекчилик ишке кимдер келбейт да, кимдер кетпейт, бирок алардын ичинде артына из салып, таланттууга туу болуп, жакшылык кылганы абдан эле сейрек учурайт!

Сөздүн туурасын айтсак, “Манастын 1000 жылдыгын” тасмага тарттырып, тарыхтын энчисине калтырган Абдиламит болду. Эгемен мамлекетибиздин ички жана тышкы саясаттагы орчундуу кадамдарынын хроникасы ал телерадиого президент болуп турган учурда оперативдүүлүк жана көркөмдүк жагынан бийик деңгээлде болду деп айтсам, эч жаңылышпайм.

Тун газетабыз “Кыргыз Туусунда” “А.Матисаковдун мектеби жаралды” деген сөз айтылып жүрөт. Бул, менимче, бекеринен айтылган кеп эмес. Балким, мезгилдин шарданы ошондой болдубу, өлкөбүз эгемендүүлүк алганы “оң-тетири теминген” кыргыз гезиттеринин ичинде “Кыргыз Туусундай” өз позициясынан тайбаган жана кут конгон жылуу очогун муздатып салбаган “узак өмүрлүүлөрү” аз болду окшойт. Анан ошол эле мезгилде, кыргыз гезиттеринин жетекчилеринин ичинде Абдиламиттей “комплекстүү жана профессионалдуу” ойлонуп, саясатка жана көркөм сөзгө ортоктош таланттуу гезит чы-

гарган "белдүү" редакторду да учурата элекмин... Бул ага көшөрө жан тартып, курулай мактагандык эмес, бул деген, менин оюмча, МЕЗГИЛДИН ОКУЯСЫ.

Бактыга жараша, таланттуу өнөрдү эч ким тартып ала албайт, ал ыңгайы келгенде, ара жолдо "буктурмадан" булт этип, тигини-муну бөктөрө качкан бөрү-журналисттердин "кубатынан" алда канча дымактуу да, алда канча нарктуу да экендигин унутпай эскере кетели. Сүйүнбай Эралиев азыркы кыргыз акындарын: "Дабышыңар биздин артыбыздан угулуп жаткансыйт" деп чычалаткандай, чыгармачылык такшалуу деле алыска талбай чуркаган күлүктүн күлүгүнүн арымынан билинет...

"Кыргыз Туусунда" кимдер бар? Албетте, талант көрөңгөлөнгөн жерде таланттуулар көп. Мына ошолордун баары данды чардан тазалап отурган баба дыйкандын тилектери өндөнүп сезилет. Алар жаңы замандын тарыхын жазып жатышат.

...Ким билет, качандыр бир кезде кыргыз акындары да "жашыл толкун" тууралуу ыр жазар? Мен ошондо алмашкыс жана табылгыс өнөрү аркылуу "жашыл толкунун" эрте кармаган Абдиламитти көз алдыга келтирээриме ишенем. Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, Эл аралык "Руханият" сыйлыгынын лауреаты, изденгич жана талапчыл редактор... Жок, ал баарыдан мурда "жашыл толкунун" жолуктурган бактылуу замандашым жана сөз кадырына жеткен калемдешим.

А.Матисаков улуттун төл газетасын жетектеп турганда бул басылманын нускасы 21 миңден ашкан. "Кыргыз Туусу" бир катар республикалык сыйлыктардын ээси болуп, Эл аралык "Руханият" сыйлыгынын жана Казакстан Республикасынын "Алтын көпүрө" эл аралык сыйлыгынын лауреаты болууга жетишкен. Эгемен республикабыз эл аралык масштабда белгилеген "Ош–3000" жана мамлекеттүүлүгүбүздүн 2200 жылдык тарыхый, даңазалуу салтанаттарын чагылдырууда зор уюшкандыкты көрсөтүп, жалпы жамаат зор жоопкерчилик, чыгармачылык чоң эргүү менен чыныгы мекенчилдик позициясын көрсөтө алды.

"Атамды көргөн өлбөсүндөгү" публицистикалык бейнелер көркөмдүк жактан чакан болгону менен, чоктой күйүп, адамдарга карата сүйүүнүн, алардын тагдырына, өкүт-өксүктөрүнө ортоктоштук сезимдин чоктой ысык илеби уруп турат. Бул жагынан анын "Турмуштан тамган тамчылар" деген эсселери улуттук адабияттагы өзгөчө көрүнүш, өзгөчө жаңылык десек болот. Ал эсселердеги ар бир эпи-

зоддордон адамдардын тагдыр-мүнөзү, ой-максаттары көрүнөт. Менимче, автор "Турмуштан тамган тамчыларды" улантып, өмүр бою ошол стилде, ритмде жаза берсе деле сүрөткер катарында акыр аягында чоң ийгиликке жетишмек. Тамчылардан адамдардын тагдырларынын, ички дүйнөлөрүнүн өзүнчө энциклопедиясын түзүп салса, ал окурмандар тарабынан, коомчулук тарабынан эртедир-кечтир өзүнүн бийик, татыктуу баасын алмак.

А.Матисаков "Кыргыз Туусунда" жетекчиликте иштеп турганда журналисттерди моралдык, материалдык жактан колдоолордун түрүнөн көп нерсе жок болчу. Ардак такта, "Күмүш жамбы" сыйлыгы, майрам сайын берилүүчү акчалай сыйлыктар, туулган күнүнүн урматына берилүүчү бир айлык жана жыл сайын чыгаан журналист Төлөн Насирдинов атындагы республикалык сыйлык диплому менен акчалай тапшырылчу. Ал эми жамаат үчүн майрамдарды уюштуруп, өткөрүү каада-салты өзгөчө эле. Бишкекте "Кыргыз Туусу" майрамдашпаган кафе, ресторандар калган эмес дегендерге да кошулбай коюу мүмкүн эмес. Абыкең калемгерлерди чыгармачылыкка таптап, идеялар менен "жабдып" тургандан сыртқары, бир тууган жамаатына материалдык, моралдык жактан колдоо көрсөтүүдө айрыкча максималисттиги бар болчу.





Бактыгүл ЧОТУРОВА,
Кыргыз Эл акыны

АЙТМАТОВ АЙТКАН КҮЛҮК

Кыргыз улуттук жазма адабиятын элге алгач жеткирген биринчи гезит (илгерки "Эркин Тоо") "Кыргыз Туусу" 90 жашка чыгып жатканда легендарлуу редакторлордун катарында Абдиламит Матисаковду айтпай кетүү мүмкүн эмес. Ошол жамаатта ал эгемендиктин жылдарында сөз эркиндигинин келгендиги менен аны колдонуунун чоң маданиятынын үлгүсүн көрсөтүп, улуттук журналистиканын мектебин түзө алды.

Ушул редакцияда кезегинде бирге иштешкен гезиттин жүгүн көтөргөн Төлөн Насирдинов, Эсенбай Калдаров деген ардактуу агалардын атын атабай кетүүгө болбойт. Ошондой мыкты журналисттердин да тилин таап, өз багытына салып, дан талаасындагы суу бөлгөн такыба мураптай болуп, көрөгөчтүк, билгичтик менен мамиле жасап, иштин нугун билүү жакшы жетекчинин гана колунан келээр. Андайда булактын көзү ачылгандай далай ысымдар таанымалдыкка айланат.

Абдиламит Мурзаевич адегенде журналистикага жылдыздуу жылдарын жумшады. Айрыкча, "Кыргыз Туусу" гезитинде башкы редактор болуп келген жылдарын айтсак болот. Ал эки ирет башкы редактор болду. Мен экинчи жолкусунда келип иштедим. Биз мурун эле жакшы достордон болуп келгендиктен, мен жөн гана Мурзаевич деп атап алгам, ошол бойдон ошентип айтып келатам.

Гезиттин ар бир санынын макетин чийип, алакандын отундай маалыматтан көлөмдүү материалдарга чейин зерикпей караган киргиктери ирмелбей кагаз тиктеп олтурганы олтурган эле. Талапты

катуу койгон жетекчилик жоопкерчиликти – жамаатыбыз да жакшы түшүнүп калган. Чыгармачыл жамааттагы ар бир пландоодон өзүнчө бир сабак алгандай таасир болор эле.

Сөз кереметин сездирип, ар бир сөздү кыш кынагандай ордуна коюп, сөз баккан өзүнчө талант кудурети го. Ошондо редакциядагы башкы редактордун узун столунда тизилип олтуруп алып, не деген гана нерселер айтылчу эле. Жетекчи катары кызматкерлерге идея берип, ойлонто турган, образдуу сөздөр кулакка сиңээр эле. Аларды мен эмнегедир дароо күндөлүгүмө жазып койчумун. Аны эч ким деле билген жок. Эми ошолорду карап окуп, көңүлүмдөн сыдырып олтуруп, ушунчалык таамай айтылганын тереңден сездим. Мисалы ошондогу Абдыкемдин оозунан чыккан образдуу сөздөр мындай эле:

– Илгери апалардын берген сүмөлөгү кийинки жылдарга чейин даамы таңдайдан кетпегендей эсте калаар эле. Сүмөлөктүн касиети укмуш. Жакшы макаланын таасири да дал ушундай көпкө унутулбайт.

– Мезгил кандай өзгөрсө, гезит да ошондой чыгармачылык менен өзгөрүп туруу керек.

– Начар жазылган макала – убагында жакшы ийленбеген, жуурулбаган камырдай бөлтөк-сөлтөк болуп тура берет.

– Журналист жакшы макаланы гезитке койгондо асканын башына койгондой элге тез көрүнөт.

– Каакым гүлдөй кыска материалды өтө чебердик менен берүү керек.

– Гезитке өзүбүздүн эле мөңгүдөн аккан сууларды бере бербей, сыртстан агып кирген булактарды да пайдаланышыбыз керек.

– Кээде гезит бетиндеги сабалап учкан акыл айтуулар элди жадатып жиберет. Бардык ойлорду тиреп турган аргументтерге өтүш керек.

– Гезитке тырмактын агындай болгон материал дагы жакшы жарылыш керек.

– Автор өзүнүн жазганын гезиттен чыкканда тааныбай калышы жооптуу катчынын чыгармачылык менен макет түзгөнүнөн болот.

– Сын айтуу менен эле чектелбей, конструктивдүү багыт бере алган инсандарды алып чыгуу керек.

– Жакшы материал окурмандарды ысырыктагандай касиетке ээ.

– Бардык жазылган материалдарды гезитке чыгарууга келгенде химчисткадан өткөргөндөй өткөрүп, анан чыгаруу керек.

– Гениалдуу адам да элдин пикирин угууга муктаж.

– Жакшы идея туулганда журналист создуктуруп жүрө бербей "кемпир шабдаалы жегенче" жазып салыш керек. Антпесе, кеч болуп калат.

– Гезиттин сүрөтчүсү беш бармактын үстүнө устукан коюп, мейманга узата бергендей, жазылган макалага ылайык сүрөттү анын үстүнө коюп, секретариатка узатып туруу керек.

– Жыйылып турган макалалардын ичинен жакшы жазылган макаланы тыйын эңгендей эңип кетээри менен, ошол замат жарыкка чыгып кетет.

– Камышты боолаганда ыктап боолагандай, журналист да материалдын мазмунун ыктап, так, кыска, көркөм тил менен бериш керек.

– Көп кечүүлөрдү кечкен ат таштардын коңулун жакшы билгендей, көп жазып, көп күрөшкө түшкөн журналист да өз жолун мыкты билет.

– Тартип деген гезитте, чынар теректин чокусунда олтурган Алп кара куштай болуш керек.

– Гезитте пландоо деген желип өткөн желдей, кайып жааган жамгырдай өтпөй, идеялардын түбүнө суу куюп, уютуу керек.

– Гезиттеги информациялар бүлдүркөндөй кичине, анан ширинди менен адамды тамшандырып турса.

– Маектерди даярдаганда сүйлөп берген адамдын сөзүнүн чий көбүгүн алып тазалап, анан гезитке берүү керек.

– Кымызды сабасында чайкап-чайкап бышыргандай материалдарды чайкап бышырып туруп, беш темадан бирин мыктап гезитке алып чыгыш керек.

– Япондор балыкты кармаары менен, тарелкага салып алдыга коёт. Дал ошондой жаңы, кыска информация гезитке дароо жеткени жакшы.

– Таланттуу журналист эртеңки прогнозду көрүп тургандай жазат. Эптеп-септеп жазгычтардан чыныгы журналисттин бир айырмасы ошол.

– Публицистикада журналист бүт акылды чөгөрүш керек.

– Макаланын ичинен алтындай жарк эткен жерин таап, темага алып чыгуу керек.

Бул айтылгандары чети гана. Биз бирге иштеген жыйырма жылга жакын убакытта мындай эсте каларлык таасирдүү сөздөрдүн далайы биз үчүн сабак болду. Канткен менен, таланттуу жазуучу, сөз баккан чебер эмеспи. Мындай касиет ал жаралганда жан дүйнөсү менен кошо туулган. Биз мектепти бүткөн курактан баштап бири-бирибизди жак-

шы билген каламдаш, замандаш, достордонбуз. Ошон үчүн батынып айтып жатканым.

Ал мектепте окуп жүргөндө эле жазгандары республикалык басма сөзгө чейин жарыяланып жүргөн. Журналисттик кесипке ошо таттуу кыял бала чактан эле аттанган. Кийин Кыргыз мамлекеттик университетинин (азыркы Жусуп Баласагын атындагы улуттук университет) журналистика факультетине тапшырган. Биздин чыгармачылык ааламыбызды тааныштырган да ушул окуу жай болду. Кийин "Ленинчил жаш" гезитинде тушоосу кесилип, кабарчылыктан жооптуу катчылыкка чейин көтөрүлдү. 1987-жылы "Советтик Кыргызстан" (азыркы "Кыргыз Туусу") гезитинин бөлүм башчысы болуп иштеп, кийин башкы редакторлукту аркалады.

Абдыкем ушул жылдары кыргыз журналистикасында публицист-журналист катары да, жеке чыгармачылыгында жазуучу катары да жалпы кыргыз окурмандарына аты таанылып чыккан. "Тандыр" аңгемелер жыйнагы, "Ак коргон" повесттер жана аңгемелер, "Кыргыз өңү Чокморовдун өңүндөй" очерктер жыйнагы адабий чөйрөдө ийги пикирлерди жараткан. СССР Журналисттер союзунун сыйлыгынын лауреаты, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер ардактуу наамынын ээси болду.

Чыгармачылык менен жооптуу кызматтарды тизгиндеш алып жүрүү да чоң жоопкерчиликти талап кылат. Мурзаевич бул жагынан эки ишти куштун эки канатындай алып жүрдү. Кыргызстан Журналисттер союзунун башкармасынын биринчи орун басары, Кыргыз Республикасынын Президентинин аппаратында басма сөз кызматынын бөлүм башчысы, Кыргызстан Мамлекеттик телерадио корпорациясынын президенти, Кыргыз Республикасынын Президентинин администрациясынын мамлекеттик кызматынын бөлүм башчысы кызматтарын аркалап келди. 1996-жылы "Кыргыз Туусу" гезитинин башкы редактору болуп экинчи жолу чоң ишенимге татып, жетилген жетекчи катары гезиттин аброюн көтөрдү. Ушул сапаркыда ал эң кыйын кырдаалда жетекчи болуп келди.

Чынында Совет мезгилинде окурмандарды күттүрүп окуткан, таанымал, кадыр-барктуу кабылданган "Ленинчил жаш" гезити, "Кыргызстан маданияты" жумалыгы, "Ала-Тоо" адабий журналы эгемендиктин күндөрү менен кошо агылып келген базар экономикасынын шартында атын да, затын да жоготушту. Ал өзүнчө сөз. Айта турган негизги нерсе – кыргыздын тунгуч басылмасы болгон "Кыргыз Туусу"

салт-нускасын сактап, атын сактап, ошол кемелинен кемибей, окурмандарын сактап, эл менен мамлекеттин ортосундагы алтын көпүрөлүк кызматын көрсөттү. Дооpлор алмашкан кыйын күндөрдүн алкагында бул гезитти орду менен, салт-санаасы менен, сөз маданияты, кудурети менен сактап калууда Мурзаевичтин эмгеги чоң. Ошондогу гезиттин жасалгасы (макет), рубрикалар, атайын беттердин өзүнүн окурмандары бар эле.

Мурзаевичтин дагы бир мыктылыгы – жамааттагы ар бир кызматкердин ички идирегине жараша багыт берип, сүрөп турганы. Мисалы ошол жылдарда Эсенбай Калдаровдун "Миң бир күн" жана Жыпар Исабаеванын "Жыландын сүйүүсү" чыгармалары редактордун идеясы менен жаралып, окурмандар ар бир санды күтүп алып окуп, каттар жаап келип, кызык пикирлер пайда болгон эле. Ал эми Самсак Станалиев, Мундузбек Тентимишев, Папан Дүйшөмбаевди жалаң публицистикага олтургузчу. Ошондон мыкты публицисттер катары өздөрүнүн жүзү менен тааныльшты.

Ар ким өзү көкүрөгү каалаган ишти мыкты бүтүрөрү белгилүү да, мыкты нерсе гезиттин да аброю. А таңуулоо менен тема берүү чыгармачылыкта айрыкча кыйноонун эле өзү болуп, кутулуш үчүн эптеп бир нерсе жазып чыгаруу ийгилик алып келбейт. Мурзаевич журналисттеринин кимисинин колунан кандай жакшы материал жараларын билет. Ошон үчүн кийин жогоруда айтылган авторлордун ошол эмгектеринин баары жакшы китепке айланды. Азыркы учурда дагы алар жазып жарыялаган чыгармалар, күчтүү аналитикалар актуалдуулугун жоготкон жок. Буларды жалпы окурман журтчулугу биз айтпасак деле таанышат, билишет, издеп окушат. Мында Мурзаевичтин эмгеги чоң дебегенде эмне дейбиз?!

Орус элинде бир чоң жакшы сөз бар эмеспи: "Служба-служба, дружба-дружба" деген. Ошо сыңары, Мурзаевич ишке талапты катуу койгону өзүнчө, ал эми иштен сырткаркы мезгилдерде адамгерчилик бийиктигин жамааттан аячу эмес. Өз жамаатын моралдык да, материалдык да жактан колдоону ал унутчу эмес. Кандай майрам күндөрү болсо дагы жамаатка той жасап бергендей, айлык, сыйлык дегендерди алдын-ала бердирип, "Кыздарга бүгүн иштен уруксат бергиле, жаңы көйнөк кийип, чачтарын жасатып, майрамга даярданышсын" деп айтчу. Биздин жамаат Бишкек шаарындагы кандай гана кафе-рестораңдарда тойлободук... Бул дагы жакшы нерсе экен да, чарчоолорду

силкип таштап, эс алуунун күндөрү эртеңки ишке жаңы күч, жигер бергендей маанай жаратчу.

Кызмат деген колдун кири дешет. Туура. Ал атадан калган энчи эмес. Кептин баары ошол кызматтан кийин жакшы сөз калганы. Эмгинин айтылганы. Мурзаевичтин жогоркудай мыкты сапаттарын КТРКнын кызматкерлеринин да көбү айтып жүрүшөт. Жамаат деген жакшы жетекчини баары бир баалашат. Мына, "Кыргыз Туусунун" 90 жыл баскан тоолорунун арасында анын да өз изи бар. Аты сыймыктуу аталып жатканы да эмгегинин баалангану. Ал азыр Жусуп Баласагын атындагы улуттук университетинин журналистика факультетинде сабак берет, профессор.

Мурзаевичтин "Атамды көргөн өлбөсүн" аттуу көлөмдүү китебине жазган баш сөзүндө дүйнөлүк жазуучу Чыңгыз Айтматов Мурзаевичтин чыгармачылыгына чоң баа берип: "Күлүктүгүндү жол сынасын" деген символдуу сонун сөз айткан. Жолдон улук нерсе жок. Жол – тирүүлүктүн, жашоонун ыйык символу. Жол түгөнбөсүн!



МАЙРАМЫҢ МЕНЕН, МАТИСАКОВДУН МЕКТЕБИ!

Кыргыз басма сөзүнүн күнү калемдештер үчүн бардык майрамдардын асты десем туура болоор. Ар бир кесиптин ээлери өз майрамын ушундай ойлосо керек. Жалпы калемгерлерди кесиптик майрамы менен куттуктап, акыркы жылдары биз менен тыгыз байланышта иштеп жаткан "Ачык сөз" гезитинин жамаатын да ириде куттуктагым келет.

Эми негизги сөз ушул куттуу күндүн алдында ардактуу калемдешим, кыргыз журналистикасында "Матисаковдун мектебин" жараткан Абдиламит Мурзаевичтин бейнесине токтолгум келет. Минтип айтканымдын да жөнү бар. Бир кезде СССРдей улуу держава кыйрап, бизге бирок Эгемендик деген эңсеген заманыбыз келгенде кыйла кыйынчылыктар болду. Ошонун ичинде журналистика да өз киндигин өзү кесип, жеке басылмалар жайнап чыкты. Мурдагыдай журналистикадагы салттуу жанрлар өз аныктамасынан четтеп, көчөнүн тили менен жазылып, журналисттер окурмандардын көз караштарын, ойпикирлеринин табитин бузуп алган учурларыбыз көп болду. Андан азыр да так арылалбай келатканыбыз чындык. Анткени менен, бийлик алмашкан ошол учурдагы маанилүү маалыматтарды элге жеткирүүдө коомдук жооптуу тармак катары журналистиканын өз ордун, маданиятын өткөөл мезгилдин бороон-чапкынында жоготпой сактап турган "Кыргыз Туусу" гезитинде кесипкөй, жетилген жетекчи катары бир нече жылдар чеке терин төктү. Чынында ал буга чейин журналистиканын чоң мектебинен өткөн тажрыйбага бай болчу. "Ленинчил Жаш" гезитинде жооптуу катчы, КР Журналисттер союзунун башкармасынын биринчи орун басары, КР Президентинин аппаратында басма сөз кызматынын бөлүм башчысы, КТРКнын президенти болду. Ал эми "Кыргыз Туусу" гезитинде эки ирээт башкы редактор болгон. Айрыкча экинчи жолу баш редактор болуп келген эгемендиктин алгачкы жылдарындагы эмгегин баса белгилеп кетүүгө арзыйт. Ошол базар экономикасынын башкара баштаган мезгили оор келип, Союз мезгилинен бери таанымал болгон канча басылмалар заманга туруштук бере албай, өзүн актай албай жабылып же атын өзгөртүп,

жеке гезитке айланып кетишти. Улуттук тунгуч гезит "Кыргыз Туусу" салттуулугунан жазбай, мамлекет менен элдин ортосунда көпүрө болуп, ошол кыйын жылдарда да өлкөбүздөгү маданият менен искусство, экономикалык, социалдык жана саясый көрүнүштөрдү ж.б. мамлекеттик маанилүү окуяларды талапка ылайык чагылдырууда чоң милдетти аткарып келди.

Мурзаевичтин асылдыгы кесипкөй, мыкты жетекчи катары журналистиканын чоң маданиятынын үлгүсүн көрсөтүп, ар бир журналисттин калеминин сыры кайсы жагынан ачыла турганын көрө билип, ошого жараша жетекчилик өнүттө багыт берди. Кол алдындагы ар бир журналисттин бул кесипте информация чогултуп, жарыялап жазуу менен гана чектелбей, ички дараметиндеги талант көрөңгөсүн кошо ачып, түбөлүктүү өнөр чөбөгөсүн жүрөгүнө уютту. Сөзүм куру болбосун үчүн, анын колунан кыргыз журналистикасында көп караандуу аламан байгеден суурулуп чыгып, аттын кашкасындай таанымал, чыгаан таланттуу публицист-журналисттер Самсак Станалиев, Мундузбек Тентимишев, Папан Дүйшөнбаевди мисал кылсам жетишет. Булар азыр мыкты окулган бир нече китептердин автору, коомчулукта өтө таанылган кашгөйлөр. Ал эми Жыпар Исабаева Абдиламит Мурзаевичтин колуна ишке киргенде жаш чырпыктай болуп келсе, азыр кыргыз элине таанымал акын, жазуучу, киносценарист, драматург болуп көп кырдуу таланты ачылды. Ошол жылдары Эсенбай Калдаровдун, Көчкөн Сактановдун чыгармалары гезитке сандалып, окурмандарды кызытып, жазылууну арбыткан санга жарыяланып эле. Учурда Жыпардын "Адашкандар" романынын негизинде кино тартылды, КТРКда Ырыс Океновa тарткан "Акшоола" телесериалы көрсөтүлүп, интернет булактарында миллиондогон көрүүчүлөр катталууда. Мунун бардыгы Матисаковдун мектебинин кезегинде авторго берген идеясынын жемиши. Журналисттердин баары эле бирдей жанр менен иштей албайт. Алардын биринин калеми бирине окшобогон өз табити, өнөрү, деңгээли, билими, таланты, даремети ар башка эмеспи. Өмүр бою маалымат жазып кеткендер деле бар. Айтайын дегеним, Мурзаевич кимдин жөндөмү кандай болсо, ошого ылайыктуу багыт берип, курчутат, узантат, ошону менен ишти талап кыла билет.

Мен "Кыргыз Туусуна" Мурзаевич экинчи жолу баш редактор болгон жылдары келип иштедим. Анын идеясы менен канча китептер жазылды. Чыгармачылыкта кызыл кырманым жаман эмес, ал өзүнчө сөз. Менин чыгармачылыгыма түздөн-түз чоң таасир берген устат, калемдеш, бир туугандай дос. Абдыкем сөзгө абдан уста эмеспи.

"Өнөр алды – кызыл тил" деген ак сөз. Абдыкемдин ар бир сөзү китеп окугандай таасир берчү. Сөз менен узанган чыныгы устат тура. Гезиттин ар бир санынын алакандын отундай информациясынан баштап көлөмдүү материалдарга чейин кирпигин ирмебей зерикпей карап олтурганы олтурган эле. Айрыкча менин эсимде калганы, гезиттин ар бир санына пландоодо олтурганыбыз. Чыгармачыл топ каз-катар олтуруп, анан пландоо башталат. Абдыкемдин ошондогу ар бир ишке ынтаа коюп карап, пикир кошуп, багыт берип сүйлөп турганы өзүнчө бир сабак алгандай таасир болор эле. Сөз кереметин сездирип, ар бир сөздү кыш кынагандай ордуна коюп, сөз баккан өзүнчө талант кудирети бар редактор гана ошенте алат. Жетекчи катары кызматкерлерге идея берип, ойлонто турган, образдуу сөздөр кулакка сиңээр эле. Аларды мен эч кимге айтпай эле ошол жерде лекцияны угуп олтурган студенттей болуп иш-күндөлүгүмө жазып койчумун. Ошондогу айрым оттуу сөздөр мындай эле:

"-Адамзатты ойлонто турган чоң масштабдуу ой берген макалаларга өтүү керек.

– Жакшы жетекчи менен иштешкенге бактылуумун дебей, ага жардам берүү менен бактылуулукту сезиш керек.

– Жазган макала конкреттүүлүктөн прозрачный болуп турса...

– Таанымал личносторду лупа менен окуй турган адамдар көп, ошондуктан мыкты жазуу зарыл.

– Үч-төрт үйдү катар алып айдын жарыгында пакса уруп иштеген мандикерлердей шайлоого чейин гезитте күндөп-түндөп иштеш керек.

– Коллектив биздин иштин токсон тогуз тамырынын тең кандай кагышын билиш керек. Ошондуктан ар бир майда нерсенин да биз үчүн чоң мааниси бар.

– Ар кандай мозаика, стилдин түрдүүлүгү бизге абдан керек.

– Океандын ортосунда бир кичинекей арал калгандай, борборубуздагы чоң базардын ичинде Турусбеков атындагы китепкана «Кыргыз Туусунун» Бишкек шаардык мериясына кийлигишүүсү аркылуу сакталып калды.

– Талантка айла жок, баары бир тааныш керек.

– Адамдын көңүлү бузулган соң, иши жүрбөй калат.

– Журналист барган жеринен бир идеяны тапса ошону жазып коюп, кийин аны бир глобалдуу материалга айландырса болот.

– Маселе койгондо, аргументтүү коюш керек.

– Улуттун менталитетин сыйлоо чоң баалуулук. Ошондой сапаттарыбызды сактасак, кандай укмуш болоор эле.

– Жаз деген келечек, жазда адам толкуйт.

– Адамдын характери ар кандай кыймылынан билинет.

– Алакандын отундай сынды курч берүү керек.

– Таланттуу инсан эч кандай бир гана пикирди жаратпайт. Анын тегерегинде эки көз караш айтылып турат. Анткени, аны сүйгөндөр да көп, көрө албастыктан жек көргөндөр да көп болот. Бул көрүнүш илгертеден келе жаткан нерсе.

– Каймагын алам деп олтура бербей, ишти тез чечкен деле жакшы.

– Чыгармачылыкта өрүктүн желимин кырып алгандай иштеш керек.

– Турмушту кандай болсо ошондой берип, комментарий айтпаш керек, кээде ал ашыкча болуп калат.

– Жамаатымдын ар бир мүчөсү менин жүрөк толтомдо турат.

– Жазуучунун чыгармачылык тагдыры менен адамдык тагдырын бирдей ачып көрсөтүү чеберчилик.

– Өзгөн күрүчүнөн жасалган палоодон бир алым сыяктуу, бир алым татымдуу пикир, сөздү илип гезитке берип коюу керек.

– Ар бир нерсеге изденүү менен карабасак гезит катып калат.

– Журналисттердин эң негизги куралы – сөз.

– Чиновниктер элге эмес, Ак үйгө гана отчёт бергиси келет. Кабыргасын матыра, матыра айтпасак, эч ким тоотпойт. Адамдык мамиледе деле бирөө менен ишти чекелешпесең, эч качан сезбейт.

– Жакшы материалды муздаткычка салып койсоң деле эскирбейт.

– Бири-бирибизди сүйөп-таябасак, өткөөл мезгилден өтүш кыйын.

– Сырттагы жашоо – түбөлүктүү жашоо, аны адамдар өзгөртпөсө өзгөрбөйт.

– Лексиконду, жаргондорду өзгөртүү керек. Мезгил ошону талап кылат экен. Эл экен да. Ошондой макала окулат экен.

– Чоң окуяны дагы аргументтүү, кызык окуялар менен ээрчитип жазуу керек.

– Журналисттик иш – кызыл кырман. Четине олтуруп алып эле кызылын иргеп алып жаза бериш керек.

– Мезгил өзү жаз, жай, күз, кыш деген контрасттардан турат. Бирок аны кандай жазып берүүнүн ыкмалары бар.

– Талап жок болгондо, бардык нерсе терисинен жапырылып калат.

– Турмуштун добушу, үнү менен жазыш керек.

– Президенттик талапкерликке ыксыз көп киши чыгып жатышы жергиликтүү бийликтин начар иштеп жатканынын белгиси, идеология жок.

– Рыноктун шартында журналисттер бир колу менен макала жазып, экинчи колу менен акча табыш керек, антпесе тумшугубуз ташка тиери чындык.

– Калемгерчиликте сын угуунун өзү бакыт.

– Адамга таасир этүүнүн көп жактары бар. Мисалы катуу айтуу, таарынтып айтуу, эркелеп айтуу, сыйлуу айтуу ж.б.

– Чакан, мыкты материал Баткендин өрүгүндөй таңдайыңа туруп калат.

– Жакшы материал ноодон өтүп кеткен суудай жетекчилердин колунан тез өтүп, гезитке убагында чыгып кеткени жакшы.

– Жээкке серпилип чыгып калган балыктай айрым материалдар араң жан болсо, жарык көрбөй жата берет.

– Журналистти кудуреттүү киши жетелеп олтурбаса, өспөгөн бойдон калып калат.

– Гезиттин материалдарын өтө майда тамга менен берсе, автобустагы сыгылышкан элдей көрүнбөй, окугуңду келтирбей калат.

– Адам максаттуу ишинде мелмилдеп аккан суудай агып кете берүүгө жетсе го!

– Эгемендүүлүктү төгүп-чачпай, эгемендигибиз үчүн жумшайлы.

– Жаңы жааган кардан кийин түлкүнүн изине түшкөн мергендей болуп журналист жаңы авторлордун артынан изден таап, жаңыча материал жазуу керек."

Мына, чөбөгөдөй уюган терең сөздөр! Азыр болсо ушул жазып алган сөздөрдүн баасы чексиздей сезилет, балким жазбаганымда баары эле эсте калмак эмес. Бул сөздөр айрыкча калем үчүн жаралган жаш журналисттер үчүн өзүнчө эле кулакка куя турган сабак эмеспи. Абдиламит Мурзаевичтин ошон үчүн чыгармачыл чөйрөдө "Легендарлуу редактор" деген аты бар. Ага ал татыктуу.

Абдыкем кыргыз адабияты менен журналистикасына өмүрүн арнап келе жаткан инсан. "Тандыр", "Ак коргон", "Кыргыз өңү Чокморовдун өңүндөй", "Атамды көргөн өлбөсүн" аттуу китептердин автору. Орус тилинде "Сказание о Суйменкуле" аттуу китеби жарык көргөн. Анын калеми окурмандын жүрөгүнө жугумдуулугу, нукуралыгы, табигыйлыгы менен өзгөчөлөнүп турат. Чыгармалары башкаларга окшобогон өз изи, философиясы, идеяларынын актуалдуулугу менен коомчулук арасында кеңири резонанс жараткан. Кезегинде дүйнөлүк жазуучу Чыңгыз Айтматовдун: "Абдиламит Матисаков сөз багуу дегген өнөрдү, мындайча айтканда, "жаратылыштын бир адам аркылуу бүткүл адамзатка жиберген белегин" баркынан түшүрбөй, тузунан

кемитпей бийик даража менен алып келатканы мени кубандырат" деп баалаганы да тегин эмес. Калың күйөрмандарды күттүргөн жаңы китеби жарык көрүү алдында турат. Жаңылбасам, "Баткан күндү аяймын" аттуу болсо керек эле, эмнеси болсо да эрте колубузга алып окубуз келет дегендер көп, кут болсун.

Учурда Абдиламит Мурзаевич Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин профессору, жаш журналисттерди мүнүшкөрдөй таптап уядан учурууда. Матисаковдун мектебинин жаңы карлыгачтары өсүп жатканы кубандырат, келечегин берсин. Өткөн жылы Абдыкем адабиятыбыздын өсүп-өнүгүшүнө кошкон салымы үчүн ТҮРКСОЙдун эл аралык абройлуу сыйлыгына татып, Анкара шаарында жогорку окуу жайдын студенттерине лекция окуп келди. Матисаковдун мектебинин чабыты өрүлөгөнүнүн бир мисалы – ошол жылдызduу сапар.

"Ачык сөз" гезитине бул макаланы жиберип жатканым да жөн эмес. Башкы редактору Жора Сулайманов менен илгери (илгери эмей эмне), мындан 30 жылдай мурда Токтогул райондук "Учкун" гезитинде чогуу иштештик. Жора жооптуу катчы катары бир колу менен макетти гүлдөтсө, бир колу менен түркүн материалдарды жазып, жорго сөзгө тили курч, чыгаан журналист кесиптешим эле. Кудайдын буйругу экен, чыгармачыл чоң чөйрөдө кайрадан бирге иштешип калдык. Аз гана жылдар аралыгында "Ачык сөз" гезити арышын кеңейтти. Гезит бетинен тарых, маданият, саясат, билим-илим, социалдык-экономикалык, дегеле ар тармактан окууга болот. Азыр таанымал басылмалар менен теңтайлашып, республиканын чар-тарабына тарап жатат. Учурда бул гезит менен өнөр адамдары болобу, мекеме-ишканалар болобу, саясатчылар болобу эсептешип калды. Сындалгандар кур калбайт... Республикадагы маанилүү окуяларды чагылдырып, мамлекеттик бийлик менен элдин ортосундагы олуттуу окуяларды келечектүү, оң өңүттө берүүдө. Бул да болсо баш редактордун кесипкөйлүк чебердиги. Сөзүмдүн акырында жалпы баарыбыздын кесиптик майрамыбыз куттуу болсун демекчимин, элибиз аман болсун, өлкөбүз өнүксүн! Майрамың менен, Матисаковдун мектеби! Майрамыңар менен, кесиптештер!

Бактыгүл ЧОТУРОВА,
Кыргыз Эл акыны

АБДЫКЕНИН ЖЕТИ КАСИЕТИ

Оттору Фрунзенин кечиндеги... Бул ырды биз элеттен мектепти бүтүп, окууну эңсеп борбор калаага (анда азыркы Бишкек Фрунзе аталып, бейиштей жашыл шаар эле) келип, университетке бирге тапшырган жылдары ырдачу элек. Андан бери 48 жыл өтүптүр! Жарым кылымга жакын убакыт көз ирмемдей өтүп кетти?! Кантип эле Абдыке 65 жашка кол берип туру?! Мага ал баягы бала чактагыдай эле сезилет... Бирок, табияттын мыйзамын ким өзгөртө алмакчы?! Буга да шүгүр, узун өмүр берсин, ар бир куракты өзүнүн касиети, төрү, дөөлөтү буюрсун.

Ушутапта Абдыкенин кутман курагын куттуктоонун алдында чыгармачыл адам катары, мени турмуштун ысык-суугунда жөлөп-таяган бир боорумдай болгон жакын адамым катары, окурманы катары, замандаш-каламдашы катары Абдыкенин жети касиетине токтолгум келди. "Жетинин бири кыдыр" дейт кыргыз эли. Бир кездеги мектеп бүтүрүүчүсү (айылдан окуу деп келген мотурайган балдар, кыздар элек ошондо) Абдиламит Матисаков кыргыз улуттук адабияты менен журналистикасында залкар тагдыр күтүп, кантип жетинин бири болду?..

1. Чыгаан журналист

Тагдырга адам өзү да себепкер болот дешет. Абдыке журналисттик кесипке бала чагынан эле аруу тилек, максаты менен келгенине күбө болгон жагым бар. Бизди бир боордой жакын кылган да ошол чыгармачылык болду.

Эсимде... 1973-жылы бир курдай улан-кыздар Кыргыз мамлекеттик СССРдин 50 жылдыгы атындагы (анда жалгыз эле ушул университет бар болчу) университеттин (азыркы Жусуп Баласагын атындагы Улуттук университет) филология факультетине тапшырдык. Калык Акыев көчөсүндө филфактын №7-жатаканасында республиканын ар тарабынан келген жаштар жайгашып, гүлдестедей болгон бир топ курбу күндө экзаменге бирге даярданчубуз. Ошондо саргыч түстө көйнөгү эсимде калыптыр, Абдиламит Ноокаттан келдим деп таанышып, райондук гезиттин тиркемесин көтөрүп келген, кабарлары жарыяланып турчу экен. Биз ошондо аны барактап, окуп көрүп, аябай суктанчубуз, себеби биз антип гезитке жазганыбыз бирин-серин гана болбосо, колубузда сактап келген эч нерсебиз жок эле. Азыр ойлосом, ал ошо бала чакта эле гезитти кан-жаны менен кошо жаралгандай сүйчү экен. Бирок, окууга өтпөй калып, аны чогуу айылга узатканбыз. Ал келээрки жылы даярданып келип сөзсүз окууга өтө турганын бек айтып кеткен.

Эсимде... Ошол жылы ал айылдан каттарды жазып турду, сураганы эле окуу, студенттик турмуш кандай болоорлугу. Кайра биз ага сабактар кандай өтүп жатканын, семинарларды, экзамендерди, театрларга барганыбыздан бери, деги эмне болсо баарын калтырбай жазчубуз. Ал романтик, кыялкеч эле. Жаз да келип, каттарына байчечекей, кызгалдактарды катырып салып жиберчү. Чын эле ал айткандай максатына жетти, кийинки жылы келип окууга өттү.

Мен турмуш-шартка байлыныштуу сырттан окуу бөлүмүнө которулуп кеттим. Айылда жүрдүм. Бирок, ар бир гезит-журналдын жаңы санын күтүп окучу элем. Өзүм бир түпкүргө түшүп кетип, башка ааламда жүргөндөй, борбордогу чоң чөйрөдө жүргөн калемдештерге жүрөгүм тартылып, абдан суктанчу элем. Бир жолу республикалык "Жаш ленинчи" журналына Абдиламиттин аңгемеси жарык көрүптүр. Автор катары сүрөтү да коюлуптур. Карасам, мурут коюп, баягы бала чактан башкачараак, олуттуу көрүндү. Мен ошондо бир ыр жазгам, ал кийин китебиме чыкты:

Жылмаям да, ойлоном баарын эстеп,
Жылдар учкан ортодо аралыкты.
Мулуясың карасам сүрөтүндө,
Мурутуңа жашырып балалыкты.

Сагындырган элестер көз алдымда,
Саргыч көйнөк жаш улан сөзгө уста.
Жумшак күлүп койчу эле сырын айтып,
Жупунураак кийинген кара кызга.

Ылым санап кетишкен топ курбулар,
Ынак боорлоштордой көрүнүшүп.
Канат күүлөп бийикке, максаттарга,
Калган эле капыстан бөлүнүшүп.

Бирин-бири көрчү эмес алыс жерде,
Бирок күндө аларды асман көрчү.
Баар жытын сиңирип таажысына,
Байчечекей салынган каттар келчү.

Жылмаям да, ойлоном баарын эстеп,
Жылдар учкан ортодо аралыкты.
Мулуясың карасам сүрөтүндө,
Мурутуңа каттыңбы балалыкты?!

(Б.Ч."Боз торгой", 1998-ж).

Ал учурда Абдыке окууну бүтүп сүйгөн кесибинде узанып, таанылып калган чак. Журналисттик кесипте биздин жаштык учурдун сүйүктүү гезити "Ленинчил жаштан" кадамы телчигип, кийинки жылдарда улуттук төл гезитибиз "Кыргыз Туусуна" эки ирет редактор болду. "Кыргыз Туусунун" аброюн ал иштеген жылдары бийикке көтөрдү. Гезиттин 80 жылдык мааракесинин күндөрүндө улуу жазуучу Чыңгыз Айтматов куттуктоосунда мындай айткан: "Менин жеке чыгармачылыгымда "Кыргыз Туусу" көптөгөн кызматын арнады. Анын баары чоң сөз болуп кетээр. Мына, кечээ жакында эле "Жамийла" повестимди кайрадан басып, сандан-санга жарыялап жатканда алгачкы чыгармачылык жаштык күндөрүм элестелип толкунданганымды жашыра албайм. Экинчиден "Жамийланы" XX кылымда жазган болсом, XXI кылымдын жаштары окушту. Мен буга кубанам.

Башкы редактор Абдиламит иним өзү да чебер жазуучу, мыкты журналист экендигин билем. Жакында жарык көргөн "Атамды көргөн өлбөсүн" деген көлөмдүү китебинин баш сөзүндө да айткан элем. Калеминин күлүктүгүн касиеттүү жол сынап, улуттук төл гезитибизди кыргыздын туусу катары бийик алып бара берсин! "Кыргыз Туусунун" 80 жылдык мааракеси кут болсун!" (2004-жыл, 5-9-ноябрь, "Кыргыз Туусу"). Айтматовдон ашыра айта албайбыз го.

Абдиламит Матисаков таланттуу журналист жана публицист. Гезитке мүнөздүү материалдардын жанрларынан ал аналитика менен публицистикада калеми күчтүү. Жаза турган материалды терең иликтеп, компетенттүү, сөздөрү канаттуу, тил байлыгы ийкемдүү. "Турмуштан тамган тамчылар" эссе түрмөктөрүбү, Сүймөнкүл Чокморов, Мурза Гапаров, Асанкул Куттубаев, Болуш Мадазимовдой залкарларга арнаган очерктериби, окуганда өзү жанында олтуруп алып айтып берип жаткандай жүрөгүңө сүртүлүп турат. Залкар жазуучу Кубатбек Жусубалиевге арнаган "Ак журтчу аман – журт аман" публицистикалык макаласы өз учурунда союздук деңгээлде улуттук журналистиканы таанытткан. Убагында СССР Журналисттер сыйлыгынын лауреаты, Кыргызстан Жаштар сыйлыгын лауреаты, Кыргызстан Журналисттер сыйлыгынын лауреаты, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер деген жогору бааларга Абдыкенин калеминин кажыбас мээнети, Кудай берген талантынын кудурети алып келди.

2. Таланттуу жазуучу

Абдиламит Матисаков 80-жылдардагы биздин муундун катарында калем өнөрү өзгөчө таланттуу жазуучу. Бакыт Султанмуратова деген окурманы Абдиламит Матисаков тууралуу жазган поэмасында мындай деген жери бар:

Сөздөр сөзгө канаттуудай тизилип,
Учуп чыкса ай-асманга тирилип!
Кан-жаныңды делбиретет жылуулук,
Кандай таттуу СӨЗ бар жерде тирүүлүк.

(2014-жыл, 4-июль, "Кыргыз Туусу").

Сөз менен иштөөнүн өзүнүн искусствосу бар эмеспи. Жазуучу калтары Абдыкенин лексикалык байлыгы кенен. Турмуштун так өзүндөй реалдуу жазып, окуясы окурмандын көз алдынан өтүп турган гениалдуу сүрөткер. Анын калеминин сыясынан чыккан саптар эч кимдикине окшобойт. "Тандыр", "Жаннат эне, бешик жана жарты нан", "Разачы", "Тактектик кыз" "Күйөө бала", "Далдалчынын уулу", "Чайхана", "Айдын көз жашы" ж.б. аңгемелерине көз жүгүрткөндө бирде Бакир чайханачынын ысык чайынын илеби келсе, бирде гүүлдөгөн базарда элди жиреген Өсөр чал менен утур жаңы кардарга кезигип, соодалашып, бирде дидары колундагы нанындай албырган нурлуу эне сунган себеттеги тандырдан жаңы чыккан ысык нанды колго алмак-салмак которуштуруп үйлөп жеп жаткан бала менен кошо бала болуп, бирде элеттеги почтодо байланышчы болуп иштеген тактектик жаркылдаган жакшы кыздын бир эле күнү үй-бүлөсүн таң калтырып кечте чырак жакпай, үй бурчунда үн-сөзсүз олтурганына кейип, далысынан кучактап көңүлүн жубаткың келет.

Кыскасы жазуучунун ар бир каарманы жанында жүргөндөй, жасалмасыз, жөнөкөй, турмуштагыдай. "Ак коргон" повестин эң алгач окуганымда Мадимар менен Пашанын тагдыры эбеденди эзип, кошо

кейип, колдон келсе китептин ичинен экөөнү сууруп чыгып, аман алып кеткиң келгендей сезимде болгонум эсте. Кайсы каарманын алба, психологиялык жактан айнектин ары жагынан көрүнүп тургандай ача алат. Жөн салды эле жаза бербейт. Ал бардык чыгармаларын классикалык стилде жазат. Сөз менен кылдат иштеген чебер стилист. Мындай жазуучуну жазуучу болуп туулган деп гана айтууга арзыйт. Менимче, жазуучу менен жазгычтардын айырмасы ушунда.

3. Мамлекеттик жана коомдук ишмер

Абдыке чыгармачылык менен тизгиндеш жооптуу кызматтарды аркалап келет. Мамлекеттик гезиттер "Ленинчил жашта" жооптуу катчы, "Советтик Кыргызстан" гезитинин бөлүм башчысы, кийин "Кыргыз Туусу" аталып калганда эки жолку башкы редактор, Кыргыз Республикасынын Журналисттер союзунун төрагасынын орун басары, Кыргыз улуттук телерадиокорпорациясынын Президенти, Кыргыз Республикасынын Президенттик администрациясынын мамлекеттик кызмат боюнча бөлүм башчысы болуп, мамлекеттик абройлуу иш-чаралардын башында далай маңдай тер төктү. Учурунда эки жарым миңден ашык кызматкерлер эмгектенген КТРде "Замана" студиясы, чейрек кылым ашык токтоп турган АСКнын курулушу да Абдиламит Матисаков жетектеп турганда ишке берилди. АСКнын салтанаттуу ачылышы болгон 8-декабрь азыркыга чейин жыл сайын Улуттук телевидение күнү катары салттуу түрдө майрамдалып калды. "Кыргыз Туусу" менен КТРди жетектөө жалпы кыргыз тарыхы, маданияты, илим-билими, искусствосунун тамырын өстүрүүгө салым кошуу эмеспи.

4. Бийик адам

Абдыкенин адамдык бийик сапаты да башкача. Улууга улуудай, кичүүгө кичүүдөй мамиле таба билет. "Кыргыз Туусун" жетектеп турганда Эрнис Турсунов, Көчкөн Сактанов, Калыбай Осмоналиев, Бекбай Алыкуловдой улуу агаларды гезиттин "Бакай аталары" деп алдынан кыя өтпөй урматы бар эле. Ошол сый мамиле жамааттын жаштарына өзүнөн-өзү сабак, эреже болуп калган. Бул чоң тарбия тура. Абдыке кийин телевидение тууралуу берген бир интервьюсунда өзүнүн мындай деп астейдил айтканы бар: " ОРТдан өздөштүрүп

алчу идеялар жок эмес. Эмне үчүн ОРТ Л.Якубовский, А.Масляков, Познер, Д.Крылов өндүү сакалы белине түшкөн аналитик алып баруучуларды алдыга салып алып жүрүшөт. Анткени, алар ОРТнын дүйнөлүк рейтингин жараткан чыгармачылык сөөлөтү, дөөлөтү менен элдик атакка жетишкен экрандын алптары. Бул жагынан алганда биздин коомдук телевидениенин азыркы жетекчилиги да кыргыз теле-радио өнөрүнүн өстөнүн казып, тар жол, тайгак кечүү аркылуу бүгүнкү деңгээлге жеткирген агайлар менен эжелердин асыл ишин бийик кастарлап, "карыбыз бар" деп алдыга салып алып жүрүшпөсө, улуу көчтүн салттуу нугунан адашып кетүү эч кеп эмес". Бул сөздүн төркүнү кайсы жамаат болбосун, сабак алчу касиети бар.

Атуул катары позициясын туруктуу кармаган жагы да күчтүү. Республикада канча жолу бийлик алмашып, нечендер утуру келген жаңы бийликке көчүп-коно коюп, мурункуларды жамандай салып, өз позициясын өзгөртүп жүрүшкөнү ачуу чындык го. Абдыке андай эмес. Ал эч кимден кызмат да өтүнбөйт, мурдагы өткөн күндү жамандабайт, өзүнүн сүйгөн кесибинде гана эмгектенип келет. Азыр Жусуп Баласагын атындагы Улуттук университетинин профессору, журналистика факультетинде жаш калемгерлерге сабак берет. Студенттер анын сабагын жанындай көрүп тыңдашат, анткени анын сабагы кызык, жугумдуу. Ал студенттерине билим гана эмес, адамдын бийик сапаттарын дагы жүрөктөрүнө сиңирип келет.

5. Бир боорундай аялуу дос

Достукту ар ким ар кандай күтөт. "Эсептешкен дос болбойт" деген кыргыздын сөзү бар. Бирөөлөр кандайдыр бир пайда табарды эсептеп досмун деп калат экен. Абдыкемде андай мүнөз жок. Ал достукта бир боорундай жүрөгү кенен.

Мен айылда ондогон жылдардан ашык иштеп жүрүп, кийин Абдиламитке шаарга келип жолугуп, анын баягы эле жолдоштукка астейдил таза, жөнөкөй мамилеси өзгөрбөгөнүнө ыраазы болдум. Ал күн мындайча болду: совет мезгилинде чыгармачыл тармакка чоң көңүл бурулуп, семинар-кеңешмелер, жумалыктар, фестивалдар байма-бай болуп турчу. Ошол замандын тили менен айтканда, КПСС Борбордук Комитетинин "Чыгармачыл жаштар менен иштөө жөнүндөгү" токтомунун он жылдыгына карата Кыргызстан ЛКЖС Борбордук Комитети, Кыргыз ССР маданият министрлиги, Жазуучулар, Сүрөтчүлөр, Композиторлор, Театрлар союзу биргелешип 1986-жылы апрель

айында чыгармачыл жаштардын III жумалыгын өткөргөн эле. Ошого мага Жазуучулар союзунан чакыруу келип калды. Мен анда Токтогул районунда №39-кесипчилик-техникалык окуу жайында мугалим болуп иштечүмүн.

Жумалыктын салтанаттуу ачылышында туш тараптан келген, борбордогу бардык чыгармачыл улуу, кичүү муундун өкүлдөрү жыйылып, майрамдагыдай маанай. Карасам, Абдиламит жүрөт. Анда ал "Ленинчил жаш" газетасынын жооптуу катчысы болсо керек эле жаңылбасам. "Биз дагы көрүшө турган күн бар экен да" деп тамашалады. Жаркылдап чогуу жүрдүк. Ошондо адабияттан Абдиламит, Кожогелди Култегин, мен үчөөбүз лауреат болгонбуз. Музыкадан Муратбек Бегалиев, Сталбек Бактыгулов, сүрөт өнөрүнөн Эмилбек Токталиев, Роза Корголдоева, архитектурадан Улан Жапаров, Каныбек Нарбаев лауреат болгон, калган тармактан эсимде жок.

Тагдыр кызык экен, өткөөл мезгилдин кыйын кезеңинде шаарга үй-бүлөбүз менен келип, балдар жаш, иш жок кыйынчылыктар жаралды. Ошондо Абдыке КТРдин Президенти болчу. Капыстан жолугуп калып, иштебей жүргөнүмдү угуп, "Эмне үчүн келген жоксуң, иш тапсен даражалуу кызматта турсаң, кантип келем, өзгөрүп калдыбы деп даабай койдум" десем, "Көп сүйлөбөй ишке кел" деди. Мен экинчи ирет анын адамгерчилигинин бийиктигин көрүп, абдан ыраазы болгом. КТРде "Манас" студиясында бир жылча ишдедим. Кийин 1997-жылы Абдиламит "Кыргыз Туусу" гезитинде баш редактор болуп турганда мени гезитке кызматка алды.

Кимдин шык-жөндөмү эмнеге жакын болсо, ошого жараша тематика, рубрикаларды алып чыгууда редактор катары Абдыкенин көзөмөлү, берген багыты, идеясы турчу. Абдыкенин берген идеясы менен Сүймөнкул Чокморовдун 60 жылдыгына карата 60 сүрөтү менен 60 ырды сандан-санга чыгарып турдук. Китеп болуп да чыкты. Ошондо мага бир жолу Бактыгүл Чокморова деген кат келген. Бул да болсо гезиттин окурманга болгон таасири го деп ойлойм. Мыкты жетекчи болгондо гана мыкты гезит чыгат. Абдиламит кээде мага гезит үчүн төрөлгөндөй сезилчү. Ар бир санын үтүр, точкасына чейин окуп, түнгө чейин калып болсо да өзү башында туруп бүтүрүп, анан кетчү.

6. Улуу устат

Ал өзү чыгаан журналист гана болбостон, устат катары чеберчиликтин мектебин жаратты. Мундузбек Тентимишевдин "Осмонкул Алиевден Абдиламит Матисаковго чейин" деген макаласында: "Кезегинде нечен бир таланттын ажаатын ачышкан: Александр Твардовский, Александр Чаковский, Алексей Аджубей ж.б. орус редакторлору кандай "Көч баштоочулар" болушкан? Алар түзгөн мектептер, алар салган чыйырлар азыркыга чейин конкреттүү сабак-өрнөктөрү аркылуу үзүрлөрүн берип келе жатпайбы.

Менимче, "Кыргыз Туусунун" базасында бой керген "Матисаковдун мектеби" – эгемендүүлүк жылдардын таланттарынын тажрыйбасы мол өнөрканасы" (2004-жыл, 5-ноябрь, "Эркин Тоо") – деген. Туура, "Кыргыз Туусунан" республикага таанымал калем ээлери өсүп чыкканына коомчулук күбө. Чынында өткөөл мезгилде далай басылмалар өзүн актай албай жоюлуп, башка максатта, башка аталышта чыккандары болду. Кыргыз жазма адабиятынын башаты болгон улуттук №1-гезитибиз "Кыргыз Туусу" Абдиламит Матисаковдой жетекчинин көсөмдүгү менен базар экономикасынын бороон-чапкынынан өзүн жоготпой сактап калды. Абдыкемдей легендарлуу редактор туулуу кеңири жазылчу эмгектер алдыда. Гезитти эстафетадай бирининен-бири алып келе жаткан кийинки чыгармачыл топ Кудай буюрса, бир кылымдык мааракесин өткөргөндө да Абдыкенин кадырлуу орду турат.

Абдыке учурда Жусуп Баласагын атындагы университеттин журналистика факультетинде калемгерлик кесиптин карлыгачтарын – жаш таланттарды окутуп жатат. Алардын көбүнүн тырмак алды чыгармалары биздин "Жетиген" журналына жарыяланып келүүдө. Көчөт таланттардын жазгандарын окуганда тээ өзүбүздүн бала чактагы калем кармап жолго чыккан чыйырларыбызды эстейм. Жаштарды колдоо, куштай таптоо керек. Бул дагы устаттык. Кут болсун.

7. Бактылуу ата

Адам бул жашоодо үй-бүлөсү менен бактылуу. Абдыке асыл жары Жаңыл экөө бүгүнкү күндө сүйгүнчүк неберелерди тарбиялап, алардын күлкүсү менен аалам күлгөндөй ырахаттуу күндөр менен жашоодо. Уулу Медер баарыбыздын көз алдыбызда чоңойду. Атанын уулу деген атты ыйгарсак жарашат. Бул жагынан дагы ал бактылуу тагдырдын ээси.

Мына ушундай жети касиетти ийнине көтөргөн жетинин бири Абдыкемдин жакшылыгы – биздин жакшылыгыбыздай кубаныштабыз! Анда эмесе, алтымыш бештин аргымагынын жолу узак болсун, деп соолуктуу бакубат өмүр, чыгармачылыктагы жаңы табылгалуу ийгиликтерди тилейм! Бар бол, Абдыке!

Тамшанып бир көрүүгө атын сурап,
Тагдырды талант элге жакын кылат.
Абдыке, ашууларың бийик али,
Аша бер пайгамбардын жашын улап!

Эмгектен эртендерге артынып көч,
Эл билген кандай жакшы жаркып иштеш!
Кубанчы өкүнчүнөн ашык өмүр-
Кут болсун алтын жалдуу алтымыш беш!

Бактыгүл ЧОТУРОВА,
Кыргыз Эл акыны



Жыпар ИСАБАЕВА, *акын, жазуучу,*
КР маданиятына эмгек сиңирген ишмер

МАТИСАКОВДУН МЕКТЕБИНЕ ТУШ БОЛГОНУМ ЧОҢ БАКТЫМ

«Баатырдын атын алыстан ук, жанына келсең бир киши»...

Бул - «медалдын» биринчи жагы. Ал эми экинчи жагы: Жакшы адамды канчалык жакындан таанып - билсең, сен анын ошончолук бийик экендигин билесиң. Анын сыңарындай, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, жазуучу Абдиламит Мурзаевич Матисаковду канчалаган гезит жана китеп окурмандары сыртынан гана билишет. Ал эми бул адамды кумир тутуп, туу тутуп жүрүшкөндөр канча?! А балким, тескерисинче - "келишкиси" келбегендер да кезигээр. Ал эми мага агайым жөнүндө айтуу - ошончолук сыймыктануу дагы, ошончолук жооптуу!

Ал күн күнү бүгүнкүдөй эсимде.

2001-жылдын 28-марты болчу. Жандүйнөмдө жазгы нөшөрдөй көнөктөп жаап, турмуштун түмөндөгөн көйгөйлөрү көкүрөккө көк жөтөлдөй жабышып, алда неден көңүл чөгүп, канатым катуу кайрылып, мөгдөп тургам. Эмнегедир, мага ошондо ак жарыкты көздөй жол төшөлүп, тагдырым мени түз эле "Кыргыз Туусуна" жетелептир.

Оюма өзүнүн ырларындай назик, акын эжем Бактыгүл Чотурова түшүп, ошол тарапка келаттым. Редакциянын эшигинин алдынан бейтааныш, бирок мага тааныш дагы туюлган ак маңдай, кабагы жарык адам менен көзүм уруна түшүп: "Ким эле?.. Ким эле?" - дейм да, соңунда келаттым.

Ал дагы үчүнчү кабатка көтөрүлдү.

– Агай, Бактыгүл эжени чакырып коёсузбу? - дедим редакцияда иштээрин боолголоп.

– Киргегой.., - деди ал. - Мындай бассаң, эжең 53-кабинетте отурат.

Эмнегедир, жылуу, жөнөкөй мамилеге жүрөгүм жылыды.

Эжем ордунда жок экен. Кайра артка кайрылып, коридордо илинген сүрөттөргө сереп салсам, азыр эле мен сүйлөшкөн адам гезиттин башкы редактору, мен аңгеме, новеллаларын окуп, аңдагы каармандар менен кошо бирде күлүп, бирде ыйлап алчу, кадимки Абдиламит Матисаков экен!

"Ушунчалык улуу, белгилүү болуп туруп, мынча эмнеге жөнөкөй?" дедим оюмда. Бактыгүл эже аңгыча келип калды. Мен ага Матисаковду бүгүн биринчи ирээт көргөнүмдү, атургай "Бактыгүл эжемди чакырып коюңузчу" десем, кабинетин айтып бергенин айтсам, эжемдин көзү алайып, "коркуп" кетти:

– И-ий, ошенттиңби?! - деп. Мен эч нерсе түшүнбөй, элейе түштүм.

– Абдыкем анан эмне деди? - деди эжем кабатыр боло.

– Сиздин кабинетиңизди көрсөтүп берди, -дедим.

"Киши тажаса күлөт" дейт го, эмнегедир эжем күлдү. Мен бир нерседен чекилик кетиргенимди сезип, а бирок эмне экенин аңдап биле албай аттым. Аңгыча редакциянын дагы бир кызматкери кирип калып, эжем менин "жоругумду" айтып: "Жыпар мени шефтен "чакырып коюңузчу" деп сураныптыр», -десе ал дагы: "Ий, койчу?!" -деп чочуп кетти.

– Антпеш керек беле? -дейм аңкайып, алда неге акылым жетпей. А бирок, мен ошол учурда редакция кызматкерлеринен жетекчиге карата болгон өтө урмат, сыйлуу мамилени тымызын туйдум да, ошол маңдайы жарык, жөнөкөй, жакшы адамдын чындап эле тегин адам эместигине ынандым.

– Эже, мага иш керек, – дедим акыры келген жөнүмдү айтып. Эжем ыңгайсыздана түшүп, анан:

– Чындагында редактор бирөөнүн ортого түшкөнүн жаман көрчү эле.., өзүбүз да ашыкча кирип-чыга албайбыз.., өзүң эле бир кирип көрчү, -деди.

– Редактор каардуубу?, – дейм таң калып.

– Тескерисинче, -дейт эжем. -"Адам бир жакшыдан коркот, бир жамандан коркот" эмеспи...

Түшүндүм ... Эмнегедир өзүм да айбыгып атып, акыры редакторго кирип иш сурадым:

– Келегой, -деди агайым жанагыдай эле жумшак, мээримдүү унчугуп. Чын эле агайым кабагына кар жааган каардуу, орой, кырс кыял адам болсо, балким мен деле өзүнө жараша текирейе тиктеп эле, тикилдейт белем?.. Мүмкүн. Айткандай эле, улуулуктун бир белгиси жөнөкөйлүк белем, сүрдөп кеттим да:

– Иш сурап келдим эле? – дедим. Ага чейин башка бир гезитке барсам, жазгандарды жактырбай, ишке албай койгон. Ага чейинки өзүм иштеген гезитте (уулдуу болуп үйдө бир жылы отуруп келсем) ордум бошобой... үч айдан бери айлык албай иштеп жүргөм. Кайда иштегенимди, аты-жөнүмдү сурады да:

– Анда, Бактыгүл эженди жанына отуруп иштей бер, ээ? -деди агай. Эмнегедир, ыйлагым келип кетти. Эртеси эле буйрук чыгып, ошондогу өзүмдүн эле эмес, балдарымдын кубанганын айтпа!

Бул күндөр - менин турмушумда да, чыгармачылыгымда да чоң бурулуш жасады. "Азыркы заманда китеп менен ырды ким окуйт?! Силер деги кимсиңер?!" - деген сөздөрдөн жүрөгүм жаралуу эле, ошол жаратты "Кыргыз Туусу» айыктырды! Агайым ар бир планерка сайын (эми ойлосом мени өссүн, дагы такшалсын, учсун деген тура) мактап: "Биздин Жыпар кызыбыз жакшы жазып атат, ээ?" -дейт, «Кыргыз Туусунун» эл акындары» - деп эжем экөөбүздү ого бетер сүрөп койгону эле канча?

Кийин байкасам, Абдиламит агай өзүнүн жамаатындагы ар бир кызматкерге ошондой аяр, камкор жетекчи экен. Редакциянын ар бир кызматкери үчүн үзүлүп түшүп, ошон үчүн бу жамаат бири-бирине ата-баладай, эже-синди, бир туугандай ынтымактуу, ошон үчүн бул жамааттын ырыс-кешиги бөксөрбөй, Кудайымдын көзү түз!

Намыстанбайм, мен ошону айткандан,
Күндөр келип, башымдагы бак тайган.
Алсыз болуп аба, сууга зар болуп,
Качандыр бир соолууга аз калгам.
Ырдалбачу сыяктанып жаңы ырым,
Күтпөй калгам айдын,
Күндүн жарыгын.
Борошо уруп, канаттарым кайрылып,
Чиркин дүйнө! Ошондо бир тарыдың!
Кыйын кезде-мен асмандан кулаган,
Боордошумдай акыбалым сураган.
Канатымды кайра баштан дарылап,
Жөлөп-таяп сапарымды улаган.

“Кыргыз Туусу», сени эч кимге алмашпайм,
Ата-энемдей артык көрүп ардактайм.
Канатыма катып Эне-чымчыктай,
Ичи арамга бир барагың карматпайм!

Үйрөнгүлө, суктангыла! Сүйгүлө!
“Кыргыз Туусу” - бактылуу чоң үй-бүлө!
Өйдөдө-өбөк, жөлөк болуп ылдыйда,
Бири үшкүрсө баары үстүнө үйрүлө...

“Кыргыз Туусу” - келечеги кең гезит,
Төрө гезит, кылым менен тең гезит,
Оо! Сапардын учу-кыйры көрүнбөйт,
Дагы-дагы кетет закым, жер кезип!

Улуулугун эл-журт сүйүп, мактасын,
Уламалап урпактары даңктасын.
“Кыргыз Туума” Көкөтеңир жар болуп,
Көздөн-сөздөн, саат-кырсыктан сактасын!

“Кыргыз өңү - Чокморовдун өңүндөй”
деген кепти албагандай төгүндөй.
“Кыргыз Туунун” улуулугу, урматы –
МАТИСАКОВ агайымдын өзүндөй.

Кесиптештерим кээде: “Сенин келгениңе ушунча эле жыл болдубу? А сен бизге тээ илгертен бери эле биз менен иштеп келаткандай сезилесиң”,- дешет. Ырас эле, өзүмө да ошондой сезилет. Туулгандан эле бирге болуп келаткансып кетем. Көрсө, бул - жамааттын бирибизбирибиз менен тилегибиздин, дилибиздин биргелигинен улам ошондойбу!

Ушул үч жылдын ичинде үч китебим жазылды. Сандан-санга жазган көркөм, документалдуу сериалым “Алыкулду сүйгөн кыз”, “Махабаттын мазары”, “Жылаандын сүйүүсү” ошол редакциянын кабинетинде отуруп жазылды. Демек, мени жазуучу катары калыпка салып, “Кыргыз Туусу” тушоомду кести.

Деги эле, Матисаковдун мектебине туш болгонум - менин чоң бактым болду десем жаңылышпайм. Бул адамдын таланты да, адамдык асыл, улуу касиеттери да жөн салды эле кеп кылып коюуга мүмкүн болбогон, керемет адам! Ал жөнүндө редакциянын ар бир кызматке-

ри (балким менден ашырып) чын ыкластары менен төгүлүп-чачылып айтып бере алышат...

Эгер сиз болбогондо,
Элимдин бир жакшы уулу кемип турмак!
Ыр жазгым келген өңдүү менин дагы,
Ыйлагым келип турмак!
Эгер сиз болбогондо,
Күтүүнүн ырын ырдап,
Кусалык, сагынычтын ыйын ыйлап,
Тирүүлүк бир айкөлдөн аксайт эле!
Ата Журт кантип өңдөн азбайт эле?!
Акын да жакшы адамдар жөнүндөгү,
Ырларды ырахат таап жазбайт эле!
Асылдар атак-даңкка,
Мактоого муктаж эмес,
А бирок Сизсиз канча,
Канча ырлар чыкмак эмес,
Кайрылып калган канат,
Кайрадан учмак эмес!
Жакшылар болгон үчүн,
Жашоонун кагып турган,
Жүрөгү муздак эмес!
Эгер сиз болбогондо,
Ордуңуз опол тоодой толмок эмес,
Ойлор да Сиз ойлогон болмок эмес!
Бул ойлор меники эмес - жалпыныкы,
Жүрөктөн чыккан саптар, жолдогу эмес.
Эгер сиз болбогондо, калдайган канатыңыз,
Жанбирге жамаатыңыз,
Жатындаш жакынындай,
Кимди анда өзсүйт эле?

О, анда окурман да,
Орошон таланттан бир өксүйт эле!
Атынан адамдардын,
Миң алкыш Теңириме,
Ааламга асылдарды
Жараткан пейилине!

ЫР БОЛУҢУЗ ТҮБӨЛҮККӨ ОКУЛГАН

Сизден жылуу, жаздай жагым аура,
Тегиз тарап Күн нурундай агыла...
Кандайдыр бир жагымдуулук жаратып,
Жакшы маанай чачып турат баарына.

Канат каккан аппак эмгек, дил менен,
«Кыргыз Туусун» окурман жок билбеген.
Сексендеги бул гезиттин ийгилик,
Жакшылыгы бүгүн жалаң Сиз менен.

Көңүлү да, иштин көзүн таба алчу,
Жетекчи да, жазуучу да, кабарчы..
Чындыгында Сиздей асыл адамдар,
Бир кылымда бир гана ирет жаралчу.

Көкүрөктө, көңүлүндө катылып,
Тереңдик бар, улуулук бар аты улук.
О, анан да жүргөн окшоп сезилет,
Бүт жер шарын жүрөгүнө батырып.

Бул үстөлдө жалаң алптар отурган,
Сизди дагы сүйөт эл-журт, окурман.
Гезит менен кошо кылым карытып,
Ыр болуңуз түбөлүккө окулган.



Мамат САБЫРОВ,
жазуучу, журналист

СӨЗ ДЫЙКАНЫ

Биз бала кезде айылда үйлөрдү, тамаркаларды курчаган төрт пакса, беш пакса дубалдар болор эле. Паксачылар болчу, ылайды ачытып, аябай тейлеп ийлеген соң, дубал урган. Азыр эми андай дубалдар да, паксачылар да жок. Өткөн кылымдын жетимишинчи жылдарында колхоз ал дубалдарды бульдозер менен түртүрүп, жамгыр жууп, кар жеген пакса коргондордун ордуна жыгач, зым тосмолор пайда болду. Дубалдар менен кошо бүтүндөй бир мезгил, доор кетти. Бирок, ошол жылдардын элеси, жандуу картинасы Абдиламит Матисаковдун “Ак коргон” повестинде сакталып калды деп айтар элем. Бул чыгармада кечээги өтмүш, элет адамдарынын кызыктуу турмушу жатат.

“Ак коргонду” окуганда өзүң билген, чогуу жүргөн кишилердин образдары көз алдыңа тартылып, тааныш үндөр кадимкидей кулагыңа угула түшөт. Мурза Гапаров, Камбаралы Бобулов өндүү орошон таланттар баштаган салтты улап, А.Матисаков кыргыз адабиятына жалбыз жыттанган жаңы илепти алып келди. Биз, сексенинчи жылдардын студенттери, “Дарыялардын шоокумун”, “Түштүк кызын” кантип издеп окусак, Матисаковдун “Ак коргонун” да ишентип ыхаттанып, тамшанып окуганбыз.

Абдиламит Матисаков кыргыз окурмандарына эң ириде публицист катары таанылды. Анын көркөм адабият менен публицистиканын синтезинен жаралган макалалары, А.Куттубаев, М.Гапаров,

К.Жусубалиев, С.Чокморов өңдүү сейрек таланттардын жан дүйнөсүн ачып, инсандык бейнесин тартып берген интервьюлары не деген кереметт! Учурунда жаштар сыйлыгына арзыган “Кыргыз өңү Чокморовдун өңүндөй” китебин кыргыз киносунун өчпөс жылдызы Сүймөнкул абабызга коюлган эстелик десек болот. “Турмуштан тамган тамчылар” деп аталып, жашоонун биз билбеген жарык, көлөкө жактарын сүрөттөгөн кыска шилтемдер башка калемгерлер кайталай албаган, жалгыз гана Матисаковго таандык бренд.

Азыркы Женеш аянтынын күн батыш жагында бир кезде чайкана болгон. Шаардагы жападан-жалгыз бул чайканада Байдылда Сарногоев, Шабданбай Абдраманов, Абдыганы Эркебаев, Эсенбай Калдаров, Шерназар Шүкүров, Султан Раев сыяктуу кыргыз интеллигенциясынын каймактары чогулуп, чай ичишчү. Лейлектик Бакир ава чайканачы эле. Абдиламит ака ал жөнүндө да “Чайканачы” аттуу макала жазган. Кез-кезде ошол макаланы окуйм да, акын Рамис айткандай, “биз күлгөн кездерди” сагынып кетем...

Табияттан сулуулук издеген, сыртынан орой көрүнгөн карапайым адамдардын жан дүйнөсүндөгү сулуулукту, улуулукту көрө алган жазуучу агабыз байкалбай эле алтымыштын кырына чыгып калыптыр. Чыгармачыл адам үчүн алтымыш жаш мөмөлөрү бышып, шагы ийилип турган маал болот эмеспи. Абдиламит ака да таланты ташкындап, тажрыйбасын, санатын университеттеги жаш калемгер шакирттери менен бөлүшүп аткан кези.

Кечээ кечинде үйдө отурсам, Каныш аттуу айылдаш эжем телефон чалып, Матисаковдун юбилейи жөнүндө сурады. “Бу кишинин жазгандарын раса жакшы көрөм. “Атаңды көргөн өлбөсүн” деген китебин кайра-кайра окугам. Телевизордон көрдүм, атасы бечара шыпыргы сатып жүрүп окуткан экен. Пешене тер менен чоңойткон балдар ушинтип таланттуу, зирек болот турбайбы” дейт.

...Азыр пакса дубалдар жок, паксачылар да жок. Алар менен кошо бүтүндөй бир доор, узун тарыхтын бир үзүмү кетти. Бирок, ошолордун эстелиги сыяктанып, “Ак коргон” калды. Окуган адамды сүйүнтүп, жүрөктөргө жылуулук берип, өтмүшкө айланып кеткен турмушту эске салып турат. Ушунусуна шүгүр. Бар бол, “Ак коргон”. Бар болун, көп жашаңыз, Абдиламит ака.

ПРОЗАНЫН ПАКСАЧЫСЫ

Абдиламит Матисаковду мен ”паксачы ака” деп коём. Биз бала кезде айылда төрт пакса, беш пакса кылып коргон салган, там салган усталар болоор эле. Ылайды эки-үч күндөп ачытып, буту менен тебелеп, анан бышкан соң, дубал урганды башташчу. Узун чапанынын этегин артына кайрып, белине чарчы байланган бул кишилер короону суук көздөн, мал-салдан коргой турган тосмо эмес, өлбөстүктүн түркүгүн орнотуп жаткандай, ар бир тоголок ылайды чоң ниет, чоң эргүү менен урушчу. Ким билет, өткөн кылымдын алтымышынчы жылдары колхоз бульдозер менен түрттүрүп салбаган да канча жылдык карга туруштук берген, көнөктөп куйган жамгырга чыдаган ал коргондор Кытай дубалындай болуп дагы канча жыл тура берет беле...

“Паксачы” дегеним, ноокаттык жердеш агам Абдиламит Матисаков да мейли, публицистика болобу, мейли, аңгеме-повести болобу, ар бир эмгегин ылай ийлегендей ийлеп, өзү айткандай, “жүрөк апбына какталып бышкан кезде” гана жазат. Бир-эки жолу окулуп, ыргытылбай, түбөлүк сакталып калгандай кылып жазат. Ошон үчүн өткөн жылдын сексенинчи жылдарында гезиттик макала катары жазылган “Күзгү”, “Турмуштан тамган тамчылар”, “Жаннат эне, бешик жана жарты нан”, ”Кыргыз өңү Чокморовдун өңүндөй” аттуу публицистикалары дале актуалдуулугун жогото элек. Жоготпойт дагы. Аны бүгүнкү эле эмес, эртеңки күндүн окурмандары да окуйт.

Журналист Абдимухтар Абиловго берген маектеринин биринде Абдиламит Матисаков: “күчтүү адамды ээрчиш керек. Күчтүүнүн таалим алоосу тез жетилтет. Өзгөчөлүү тагдыр күтөт. Аваз туткан инсандын көргөнүн көрүп, окуганын окуп, айтканын жадысында кармаса, бат чыйралышына жакшы” деп айтканы бар. Биз, артынан ээрчип, баскан жолун, чыгармачылык өнөрүн үлгү кылган инилери да Абдиламит акадан көп нерсени үйрөндүк. Сөз тапканды, сөз бакканды үйрөттү бул киши бизге. Адамзатынын улуу тарыхы сөз менен жазылып, жан дүйнөнүн көмүскө сырлары сөз менен ачылаарын сездирди. Эсимде, адегенде ”Ленинчил жаштын”, кийин “Советтик Кыргызстандын” ар санын Матисаковдун кандай жаңы чыгарма-

сы жарык көрдү экен?- деген күтүү менен менен сатып алаар элек. "Турмуштан тамган тамчыларды" издеп жүрүп окуганбыз, чөнтөктөрүбүзгө салып алып, гезит жыртылып калганча окуганбыз.

Азыр да көчө-көйдөн жолуга калсак эле, эмне жазып атасыз, бизди дагы кайсыл чыгармаңыз менен сүйүнтөсүз деп сурайм. Абдиламит ака бир аз ойлонуп турат да анан "азыр саал азыраак жазып калдым. Окурманды кыйнабаш керек " дейт. Чынын айтсам, бул сөздүн артында канчалык терең маани жатканын мен кийинчерээк гана түшүндүм. Бул окурманга он жолу, балким, жүз жолу отко салынып, кири-чаңы тазалаган таза алтынды гана бериш керек, жакшы жазуучунун жаман чыгарма жазганга акысы жок деген сөз экен. Окурмандын табитине, күтүүсүнө чоң жоопкерчилик менен мамиле кылган чыныгы сүрөткер Абдиламит Матисаковго мүнөздүү принцип экен.

Бир жолу Габриэль Маркестен мексикалык жазуучу Хуан Рульфонун чыгармачылыгы тууралуу сурашканда Нобель сыйлыгынын лауреаты: "Эгер менин да "Педро Парамодой" романым болгондо эчтеке жазбай эле коймокмун" деген экен. Анын сыңарындай, эгер "Атаңды көргөн өлбөсүндөй, "Тандыр", "Далдалчы", "Палван", "Баткан күндү аяймындай" аңгемелерим болгондо мен да эчтеке жазбай эле коймокмун...

Паксачыдай мээнеткеч агам мына быйыл алтымыш беш жаштын жазын тосмокчу. Алла Таалам өмүрүңүзгө береке берип, жүзгө чыгың, Абдиламит ака! Сиз жараткан көркөм дөөлөттөр улам бир жаңы мезгилдин чен-өлчөмүнөн, жаңы көздөрдүн сыноосунан чаалыкпай өтүп, Сиз салып койгон "Ак коргон" кайталангыс таланттын, түбөлүктүүлүктүн символу катары кылымдар бою урабай тура берээрине ишенем.

Мамат САБЫРОВ,
жазуучу, журналист



Догдурбек ЮСУПОВ,
КР маданиятына эмгек сиңирген
ишмер, акын, журналист

ЖЕТИ ЖЫЛ БИРГЕ ИШТЕДИМ...

Анда "Кыргыз Туусунда" иштеп калам деген ой түшүмө да кирбегендиги ырас. Педагогикалык институтту аяктагандан кийин, адегенде мектепте мугалим болуп иштеп жүрүп, капыстан журналистикага өтүп калдым. Узак жылдар бою райондук, облустук гезиттерде иштедим. Журналистикага кандай капысынан келсем, "Кыргыз Туусуна" да капысынан келип калдым. Абдиламит алып келди. Адегенде экономикалык баяндамачы кылып алды. Төрт айга жетпей эле анын сунушу менен башкы редактордун орун басары болуп иштеп калдым.

"Кыргыз Туусуна" келгениме эч өкүнбөйм. Өмүрүмдүн он алты жылы ушул кут уялаган ыйык жайда өттү. Өткөн кылымдын этегинде, токсон сегизинчи жылдын октябрүнүн бешинен баштап иштей баштагам. Учурда эмгек жамаатыбыздын аксакалымын. Ушул ыйык кут уялаган жайда кыргыздын туңгуч гезитинин ысыгына күйүп, суугуна тоңгон, өз кесибин сүйгөн тажрыйбалуу журналисттер менен ийин-дешип иштеп жатканыма сыймыктанам. Токсон жылдык мааракени тосушуу үлүшү мага да тийгендигине шүгүрчүлүк.

2. Өткөн өмүргө көз салсак, райондук, облустук, республикалык басылмаларда жалаң башкы редактордун орун басары болуп отуз төрт жыл иштептирмин. Орун басардын түйшүгүбү же артыкчылыгыбы, билбейм, жетекчи менен күндө тыгыз байланышта иш алып барасың. Өмүрүңдүн өрүштүү бөлүгүн жетекчи менен бирге өткөрүп, ага өйдөдө өбөк, ылдыйда жөлөк болосуң.

Адеп мектепти таштаттырып, ой-боюма койбой жетелеп кеткен Панфилов райондук гезитинин редактору Бердибай Акпаров. Бир жыл айланбай эле орун басарлыкка бекиттирген да ошол киши. Анда мындай өзгөчө сапат бар болчу: тартипти темирдей кармап, талапты катуу коёр эле. Өзүнүн белсенип баш көтөрбөй иштеген мүнөзү бар эле. Көргөн-бакканы да иш болчу. Андан кийин Любовь Теплова редактор болуп калды. Анда өз кесибин сүйүү күчтүү эле. Кийинки жетекчим Курманбек Раматов "Чүй баянында" редактор болду. Анын өзгөчө сапаты ушунчалык сөз менен иштөөгө тыкыр эле, текстти аябай карап, оригиналын кылдат даярда дечү. Төртүнчү редакторум Бакай Сексенбаев жай сөз менен баарын жайгарган дипломат мүнөздүү киши эле. Ал эми Чолпонбек Абыкеевдин рыноктун талабына ылайык келген менеджерлик же болбосо жөнөкөй сөз менен айтканда каражат таба билүүчүлүк жөндөмү бар. Ошондуктан алгачкы эркин басылманы көп жылдар бою үзгүлтүксүз чыгарып келди. Ал эми алфавит боюнча санаганда алтынчы редакторум Абдиламит Матисаковдо бүт бардыгы топтолуп келип, мына ушул айтылган сапаттардын бардыгы болгондугуна жети жыл ийиндешип иштешип жүрүп өзүм күбө болдум.

3. Абдиламит Матисаков темирдей тартипти да кармап, калк арасында айтылып келаткандай, "бир колуна камчы, бир колуна пряник кармоо" менен белсенип баш көтөрбөй иштеп, өзү да, элди да иштете билип, журналисттик кесипти сүйгөнү, текст менен иштегени, айтор жогорудагы артыкчылыктардын бардыгын көрүүгө болор эле. "Матисаков мыкты жазуучу эле, ай ушул жазбай койду" деп көптөр айтып жүрүшкөнүн көп уктум. Мен гезитти чыгарууда менеджерлиги көбүрөөк талап кылынып, жазуучулугу экинчи планга өтүп кетти көрүнөт деп ойлоп койчумун.

Ошол кездер "Кыргыз Туусунун" кыр ашып, өсүп-өнүгүүсүнүн өзгөчөлөнгөн этабы болду көрүнөт. Гезит үзгүлтүксүз чыгып, квартал сайын жамаатка бир маяна өлчөмүндө сыйлыктын турганы турган. Жыл жыйынтыгында айырмаланган журналисттерибизге акчасы, диплому менен "Күмүш жамбы" сыйлыгы ыйгарылчу. Үч айлыктын жыйынтыгы менен алдыңкылардын сүрөтү "Кыргыз Туусунун" кыраандары" аталыштагы "Ардак тактага" илинчү. Акчалай сыйлыгы да бар болчу. Бул эмгектин эффективдүүлүгүн арттыруунун жолу эмеспи.

4. Барк күткөн басылмабыздын 80 жылдык мааракесин белгилээрдин алдында оштук таанымал акын Тазагүл Закированын "Кыргыз Туусу" – кыргыз интеллигенциясынын энциклопедиясы" деп баа бергендиги эсимде. "Биз илимдүү-билимдүү адамдар үчүн гезит чы-

гарып жатабыз, бизди интеллигенция окуйт. Базарда иштегендердин да өздөрүнүн окуган гезиттери бар. Кыйчалыш мезгилде элге жакшы сөз айтып, кичине көңүл көтөрүп дегендей, жакшы жактарды көбүрөөк бериш керек. Гезит деген элден алып, элге берет. Учурда адабий-маданий гезиттердин да, балдар гезиттеринин да, жаштар гезиттеринин да ролун аткарып жатабыз. Башкы максатыбыз – эл окуй тургандай гезит чыгаруу", – деп А.Матисаков айтуудан тажачу эмес.

Окурмандардын эсиндедир, атайын беттер чыгып, элдин сүймөнчүлүгүнө айланганы. "Биз жана экономика", "Тагдыр", "Он сегиз жаш", "Издейм сени", "Жаштыгым – жашыл өрт", "Кыз бурак", "Жанбалам", "Күүгүмдөгү коңгуроо", "Тумар-Пирамида" өңдүү атайын беттер жарык көрүп, окурмандардын кызыгуусун арттырганы ырас. Ушулардын баарысынын идеясы Матисаковдуку. Эч ким талаша албайт. Ал идея берүүгө уста эле. Эл арасында, "Идея эле берип койчу, калганын бүт ойдогудай орундатам" деп, даңазалуу дүйнөлүк окумуштуунун айтканы накыл кепке айланып кеткени качан...

5. Бардык саамалык кайсы жерде болбосун, биринчи жетекчиге жараша болоору айгине. Жетекчиде биз жогоруда тизмелеген талаптардын баары шайкеш келсе, иш илгерилейт. Адамдын ишке жөндөмдүүлүгү, мүмкүнчүлүгү артып, жакшы кыртыш түзүлөт.

Абдиламит Матисаков кадр маселесине абдан чоң көңүл бөлүп, ар жактан мыкты кадрларды чогултту. Анын кадрлар менен иштей билүү жагынан өзгөчө айырмалуу сапаты бар экендигин белгилеп кетким келет. Абдыкем кадрлар менен дыкат иштеп, өзү да ишке бышты. Эл менен иштеше билүү, ар кимге индивидуалдуу мамиле кылуу жагынан чоң тажрыйбасы бар. Багыт берүү жагынан Матисаков чоң устат. Ошол кезде "Матисаковдун мектеби" деген термин жөн эле пайда боло койгон жери жок. Мунун чындыгын турмуштун өзү далилдеди көрүнөт.

6. Орустун белгилүү жазуучусу Виктор Астафьевдин "Бардыгынын өз учуру келет" деген аталыштагы китебин кайра-кайра окуй берүүдөн тажабайм. Кыргыздар, "Ар нерсенин сааты чыгат" деп айтып коюшат эмеспи. Эгерде учуру келбегенде, "Кыргыз Туусунун" маарекеси кирип келбегенде, чыгаан журналист жана жазуучу А.Матисаков тууралуу сөз болушу деле күмөн болмок. Сааты чыккан нерсеге айла жок. Матисаков жөнүндө мындан башка да толгон-токой кептерди айтса болот. Аманчылык болсо, анын да кези келээр...



Жолдошбек Бузурманкулов,
акын, журналист

АБДИЛАМИТ АҢГЕМЕНИН ПАЛВАНЫ

Калбаат жүргөн кагынбай да, сөгүнбөй,
Дили таза эч арамдык көрүнбөй.
Терең талант, көрөңгөсү,
Кыргыз Ысык-Көлүндөй.
Бийиктиги Ала-Тоонун,
Булут чалган төрүндөй,
Ишенимди эч ким албас төгүндөй.
Кыргыз журналистикасы,
Матисаковдун өңүндөй!
Абдиламит аман жүргүн,
Катарыңдан бөлүнбөй!

Ушул ырды Абдиламит “Кыргыз Туусу” гезитинде баш редактор болуп иштеп жүргөн кезде жазган элем. Көрсө, жаңылган эмес экемин. Аны арадан жыйырма жылча өткөндөн кийин Ж.Баласагын атындагы улуттук университетке өзүм ишке киргенден кийин түшүнүп жатамын. “Улуттук университет” гезитибизге студент уул-кыздарыбыз көп келишет. Анан ошолордун Абдиламит агайын жерге-сууга тийгизбей мактагандарын угуп жүрбөйүнбү. Анын маданияты менен адамгерчилигине, эң жогорку илимий, андан да өйдө турган практикалык тажрыйбасын журналисттердин кийинки муундарын тарбиялоого аянбастан жумшап келатканына күбө

болуп жүрөбүз. Демек, бара-бара “Кыргыз журналистикасы Абдиламиттин өңүндөй” өсүп чыгарынан шек санабай эле койгонубуз абзел.

Абдиламит мыкты окутуучу, студенттердин сүймөнчүгү болгонго чейин адабият менен журналисттиктин таш жолунда ташыркабай туягын жаныр келди. Массалык-маалымат каражаттарындагы кабарчылыктан гезиттин баш редактору менен КТРКнын президентине чейинки жолду жөн эле “бош баштыкчан” жүрүп келген жок да. “Ушул иш сенин колуңдан келет” деп дайындаган кызматындагы иштерди жолго коюп, дагы-дагы көп максаттарды көздөп калганда: “Бу жакты Абдиламит жолго салып койду. Эми ала берсек болот” дегендердин айынан көксөгөн бийиктигине чыга албай, башка жерди да “жолго салганга” жөнөтүлүп, тигил көнүмүштөрдүн көрүнүштөрү ал жерде да кайталанып калып жатканын да көтөрдү Абдиламит.

Ошентип күн карама бийликтердин кубулма саясаттарын да көрдү. Бирок өзүнүн жигиттик ар-намысын, адамдык абийирин жерге чапкан жок. Болгону гана ошол кызматтары аркылуу өзүнүн түгөнбөс байлыгы – тажрыйбасын топтоду. Мына ошол байлыктарын студент-шакирттерине аябай берип, өстүрүп келе жатат.

Мынча болду, Абдыкебиздин адабияттагы жазуучулук дараметинен да азын-оолак кеп козгосомбу деп турам. Албетте, мен адабий сынчы эмесмин. Болгону филологиялык билими бар адабият сүйүүчүмүн, анча-мынча ыр жазам. Ошол акыл дараметим менен көз салгандагы байкоом, байкоом эле эмес ишеничим – Абдиламит адабияттын кичине туруп кыйын түрү аңгеме жанрынын устасы. Менин: “жазуучунун мыктысы кирпичтей роман жазгандар” – деп жүргөн түшүнүгүм Абдиламиттин аңгемелерин окугандан кийин өзгөрдү.

Бир-эки эпизоддордон турган эки-үч беттик аңгемелер, повесть, романдардан кем эмес жүк көтөрүп кете ала турганын Абдиламит далилдеди. Атаңгөрү ай, А.Матисаковдун аңгемелерин талдап, таасын-дап, “жонун басып, тишин ачып” бергенге бир да адабий сынчынын буга чейин да, ушул тапта да белсенип чыкпагандыгы өкүнтөт. Дегеле, кыргыз адабиятында азыр адабий сын калдыбы? “Жок” деп ооздуку үчөп менен аарчыгандан алысмын. Бардыр, чыгышар күндөрдүн бир күнүндө. Бирок бүгүнкү күндүн Кеңешбек Асаналиевдери, Кулан Рысалиевдери, Шаршенбек Үмөталиевдери, Качкынбай Артыкбаевдери, Аман Токтогуловдору, Камбаралы Ботяровдорун көрө албай жатпайбызбы.

Дил баянды 7-класстын деңгээлинде жаза албагандар чөөттөгү күлдүкчүктөрдөй жайнатып "детективдүү-романдарды" печеттеп жатышпайбы. Окурман ишенеби, жокпу, билбейм, жакында бир "кыргыз Кристиси" бир жылда он беш роман жазганын айтыптыр!!! Бул жазуучулук алча жасоочу конвейерге айланганын далилдеп турбайбы. Эми, ушинтип калемиме ала качтырып жибермейим бар, урматтуу окурманым. Кечириңиз!

Кептин бардыгы келип эле жазуучунун жалаң эле жазгандары эмес, өзү да китеп сүйүүчүлөрдүн, адабиятты ардактоочулардын көңүлүнүн чордонунда болорунан кабардар этип турат го. Мына, Абдиламит Матисаков да ошондой кыргыздын сүймөнчүгүнө айланган калемгер деген дагы бир ирет тастыкталды го дейм.

Абдиламит Мурзаевичке тилегеним жакшылык, мөмөлүү дарактай гүлдөй бер!

КУТ БОЛСУН, АСТАНАЛУУ АЛТЫМЫШ!

Кеңеш ЖУСУПОВ *– Кыргыз эл жазуучусу,*
Токтогул сыйлыгынын ээси:

Таланттуу шакиртим катары Абдиламитти мен сыйлайм. Анткени, көп жылдардан бери ага-инидей мамилебиз сыйлуу боюнча келе жатат. Жылдар адамдарды сынактан өткөрөт эмеспи. Ошого таянып мен шакиртимдин адамдарга жакшылык гана жасагысы келип турган айкөлдүгүн өтө кадырлайм. Улуунун алдынан кыя өтпөгөн, адамдын атын сыйлаган мырзалыгы абдан чоң. Чыгармачылыгы тууралуу өзүнчө чоң сөз кылуу керек. Быйылкы жылдагы "Ала-Тоо" журналынын №2 санына Абдиламиттин өмүрү, чыгармачылыгы тууралуу өзүнчө жарыялануучу атайын жазылган макала кетип жатат.

Негизги Абдиламиттин чыгармачылыгын, коомдук ишмерлигин, дегеле адамдык бийик парасатына айта турган кеп бул чакан куттуктоого сыйбайт. Ошентсе да, менин айтаарым, ал кыргыздын дагы бир таланттуу жазуучусу Мурза Гапаровдун калемин сүйгөн жазуучу, жазганы да окшоп кетет, турмуш сүрөттөрүн жасалмасыз, гениалдуу тарта билишет да бул эки жазуучу.

Эми эмне дейин, биздин артыбыздан келе жаткан муундун ири өкүлү катары Абдиламиттин кутман курагын куттуктайм. Бизге салыштырмалуу али жигит, жигиттик аброю, таланты, зоболосу бийиктей берсин!

Бексултан ЖАКИЕВ *– Кыргыз эл баатыры:*

– Мен Абдиламитти жазуучу, журналист катары жакшы билем. Кыргыз адабиятында тили чебер, турмуштун сүрөтүн өзүндөй жазган жазуучу. Абдан таланттуу жигит. Кыргыздын залкар киноактёру Сүймөнкул Чокморов тууралуу жазган очерки болсо, кыргыз журналистикасындагы мыкты чыгармага айланып калды. Журналистикада

өзүнүн мектебин түзгөндөрдүн бири десем болот. КТРК менен "Кыргыз Туусу" гезитинде бир нече жылдар жетекчи болуп кызмат өтөдү. Ушул убакытта коомдук ишмер катары да көп иштерди аткарып келгендиги белгилүү. Адамгерчилиги бийик жигит катары дагы мен сыйлайм, кадырлайм. Кыргыздын мындай жигиттери көп болсун. Кутман куракка келиптир куттуктайм, али жаза турган чыгармалары алдыда деп ойлойм.

Миталим МАМЫТОВ *– Кыргыз эл баатыры:*

– Абдиламит үкөм сөз зергери, сөз чебери деп билем. Анын кандай сонун чыгармалары бар, окуганда кошо аралашып жүргөндөй кабылдайм. Мейли палван тууралуубу, мейли сүйгөнүнө жетпей калган армандуу жаштыкпы, мейли ата тууралуу, эне тууралуу жазган аңгеме, повесттерин ушунчалык элетте жүргөндө сагыныч менен, көрүп тургандай жүрөктөн жакын кабыл алууга болот.

Ал эми коомдук ишмер катары КТРдин президенти, "Кыргыз Туусунун" башкы редактору болуп иштеп турган жылдарында эмгектеринен билем. Кайсы жакта иштебесин, өз жамаатын бир үй-бүлөдөй кармап, ысык-суугун көтөрүп, жакындан көрө билген камкор жетекчи. Адамгерчилиги бийик жигит. Качан болсо сыйлуу сөзү, мамилеси менен ызааттап турганы чоң тарбия көргөн мыкты мырзалыгын билдирет. Балдар бизден кийин келе жаткан жолдо АЛТЫМЫШ деген ашууга келип калганына бир чети убакыттын учкан куштай тез өткөнүнө таң калып, бир чети булар да элдин ишине жарап, элдик тагдыр менен келе жатканына кубанат экенсиң. Куттуктайм үкөм, бар бол, көп жаша!

Султан РАЕВ *– Кыргыз эл жазуучусу:*

– Кыргыздын чыгаандары Сүймөнкул Чокморов менен Кубат Жусубалиев тууралуу жазган очерктери убагында бизди тамшанткан чыгармалар эле. Азыр да күчүндө, азыр окусак да эргүү берүүчү чыгармалар. Жетекчи катары да көп сабак алдык дээр элем. Гезиттин заманбап деңгээли бийик чыгышынын ар тараптуу чебери катары "Кыргыз Туусунда" эки жолку башкы редактор болуп иштеп келген жылдары өзүн тааныта алды. Демократия учурунда жетекчи болуш өтө кыйын экени баарыбызга маалым.

Жеке чыгармачылыгында да сөз зергери катары тааныйм. Анын жазуучулугу тарыхта канча жылдардан бери көркүн сактап турган мунараларды курган устадай элестейт.

Тамара ЖАМАНБАЕВА *– Кыргыз эл артисти:*

– Абдиламит Мурзаевич КТРге жетекчи болуп келгенде мен орун басары болуп иштеп калдым. Абдан адамгерчиликтүү, ар бир кызматкер менен өзүнчө тил табыша алган зирек жигит экен. Жетекчи катары дагы уюштургуч, заманбап иш-чараларды алып чыгара турган жөндөмү бар болчу. Кебим кур болбосун үчүн, мисал келтирейин. Ошол 1994-жылы Япониянын "Джайка" фирмасы менен чоң келишим түздү. Япониядан бизге делегация келди. Ошол жылы биз "Кутмандуу күнүң менен, Кыргызстан!" деген көрсөтүү алып чыкканбыз. Аны ошондо Адахан Мадумаров алып барчу эле. Бирок, техникалык жактан талапка жооп бербей, кыйынчылыктар болуп, ал көрсөтүүбүз максатына жеткен жок.

1995-жылы "Замана" студиясын ачтык. Ошондо Абдиламит Мурзаевич көрөгөчтүк менен өзү баштап ишти колдоп берди. Анан мамлекеттик деңгээлде көңүл бурулду. Кудайга шүгүр, ушу күнгө чейин "Замана" студиясы элдин сүйгөн көрсөтүүсү болуп иштеп келе жатат. Быйылкы жылы туура жыйырма бир жылга карады. Анан көрсөтүүлөргө ат коюуга келгенде, мындан чебер устат жок. Көрсөтүүлөргө ат коюу адамга ат коюу менен барабар таасири бар эмеспи. Ал ар бир көрсөтүүгө таасын ат коюуга уста.

Абдиламит Мурзаевич кыргыз журналистикасында кесипкөйлүгү менен чоң абройлуу инсан. Дагы бир белгилей кетүүчү нерсе – 1995-жылы "Манас–1000" иш-чарасы эл аралык деңгээлде өткөнүн калкыбыз жакшы билет. Ошондо Кыргызстандын тарыхында биринчи жолу биз Еврокөрсөтүүгө чыктык. Ага чейин Абдиламит Мурзаевич кайра-кайра ак үйгө кирип, маселе коюп, ПТС менен түрк тилдүү өлкөлөрдүн сегиз президенти катышкан бул иш-чараны Таластан түз эфир менен Москва аркылуу Еврокөрсөтүүгө жетиштик.

Абдиламит Мурзаевич адам катары да бийиктиги менен айырмаланат. Өзү иштеткен жамаатына күйүмдүү, жакшы кармайт. Ишти иштей, адамгерчилик мамилени өзүнө таза алып жүргөн касиети бар. Мен ошонусун сыйлайм.

Каныбек ИМАНАЛИЕВ *– Жогорку Кеңештин депутаты:*

– Абдиламит Мурзаевич деген белгилүү ысым. Көрүнүктүү инсан. Таланттуу жазуучу, чыгаан журналист. Биз студент болуп жүргөндө анын "Күзгү" деген очеркинин айланасында студенттер чоң талкуу жүргүзгөнү эсимде. Сүймөнкул Чокморов тууралуу жазган очерки кыргыз журналистикасындагы жана кыргыз адабиятындагы чоң жаңылык болуп калган. "Атамды көргөн өлбөсүн" деген повесть жана аңгемелер жыйнагын окуган адам айылдын сүрөтүн көз алдына тартат. Элеттин сүрөтүн сөз менен тарткан кара сөздүн чебери десек болот.

Турмушта болсо мырза жигит. Жаштарга өзүнчө улуу мамиле кылганды жакшы билет. Намыстуу жигит. Мен бирок, Абдиламит Мурзаевичтин 60 жашка чыкканына ишенбей жатам, мага ал жаш жигиттей эле көрүнөт. Канткен менен жашоонун мыйзам ченемдүү көрүнүшүн ким эмне дей алат. Кутман курагы менен куттуктайм, бар болуңуз, Абдиламит ага!

Мундузбек ТЕНТИМИШЕВ *– КР маданиятына эмгек сиңирген ишмер:*

– Кезегинде нечен бир таланттын ажатын ачышкан: Александр Твардовский, Александр Чаковский, Алексей Аджубай жана башка орус редакторлору кандай "көч баштоочулар" болушкан? Алар түзгөн мектептер, алар салган чыйырлар азыркыга чейин конкреттүү сабак-өрнөктөрү аркылуу үзүрлөрүн берип келе жатпайбы. Менимче, "Кыргыз Туусунун" базасында бой керген "Матисаковдун мектеби" – эгемендүүлүк жылдарынын таланттарынын тажрыйбасы, мол өнөрканасы да, мына ошондой: орошон ой айтып, берешен дил менен ар качандан бир качан көкөлөтүп жазууга татыктуу.



Тойчубай СУБАНБЕКОВ,
эл аралык "Түгөлбай Ата" коомунун сыйлыгынын лауреаты, жазуучу

АК-БУУРАДАЙ ТАШКЫНДАГАН

Америкалык көркөм сөз чеберлеринин бири болгон Норман Мейлердин: "Сүрөткер бөлөк-бөтөндүн бай тили менен өзүнүн Менин талыкпастан изилдеши керек", – деп абдан таасын айткан сөзү болсо, орус элинин залкар жазуучусу Максим Горький-дин: "Буниндин тили таза, так... Ал эми Чехов да ушундай жазуучу, ушул жагынан алып караганда, мындан дагы үйрөнүү керек", – деген канаттуу кеби бар. Кыш чилдеси түшүп, бариктери алда качан эле күбүлүп, шодойгон даректардын бутактары бубактан көйнөк кийип, ак кементай жамынган тоолор тараптан ызгаар согуп, бирок, суук шаардагы ширеңкенин кутучасына окшогон көп кабаттуу үйлөрдүн терезелерине күбүрөөк сайма саялбай жатканына каардангандай чыкылдап турган түнүндө бул эки залкар жазуучунун мына ушундай канатуу кебин эсиме түшүрүп олтурганымды... Анткен менен, бул да жөн жеринен эместей.

Кылымдарды карыткан калкыбыздын адабий айдыңындагы Улуу көчкө кошулуп, санжыргалуу аксакалдардын көөндү эриткен кептерин эшитип, көптү үйрөнгөн сөздүн бүрүн калеминин учуна топтогон калемдешим, замандашым Абдиламит Матисаков да өзүнчө дүйнө, өзүнчө баркырап жанып келаткан талант, өзүнчө ийги угулган шоокум. Кээде кул пендени чүкөдөй калчаган, кээде кул пендени деңиздей терең ойго чөктүргөн турмуштагы, күрөшкө чакырган жашоодогу окуяларды өзүнчө көрө билүүсү, ошолорду өзүнчө сүрөттөөсү бар. Баарынан да ыргактуу, ийкемдүү тиличи! Мындай ийкемдүү, мындай ширелүү тил Мурза акеде, Ашым акеде, Төлөн акеде, Аман акеде бар эле жана да Эсенбай Нурушевде көбүрөөк байкала турган.

Шондон улам адабий көчкө жаңыдан кошулгандар мына ушулардан жана талыкпаган эмгеги, турмуш жүгүн аркалаганы, баш-оту менен киришкендиги менен ийгиликтерге жетишип, эл оозуна алынып, жумурай-журт көзүнө көрүнүп, жумурияттын Жаштар сыйлыгынын ээси болууга, Эл аралык "Руханият" сыйлыгын алууга арзыган Абдиламиттин ары жазуучулук, ары журналисттик, ары публицисттик өнөрканасынан үйрөнчү жактар арбын эледей...

ЖӨНӨКӨЙ ЖҮРГӨН, бирок жан дүйнөсү бай, эч кимге катуу сүйлөбөгөн, анткен менен алыскы тоо койнундагы айылдагылардын күлкүлүү жоруктарын айтып, көзүндөн жаш чыкканча күлдүргөн, ары момун сүрөтчү Үсөн Сарыбаев, жибектей созулуп, коңур үнүн бийик чыгарбаган, калемдештерине эле эмес, бөлөктөргө да ысык мамиле жасаган, окуган китепкөйлөрдүн купулуна толгон аңгемелерди, повесттерди, кылымдарды карыткан кыргыздардын кыраандарынын бири болгон Кубат бий жөнүндө романды жазган Касым аке (Кушубеков), Абдиламит, мен болуп, Жазуучулар союзунун "Арашан" чыгармачылык үйүндө бир жумадай эс алууга, иштөөгө барган элек. Ошондо шаңкайган ачык асмандагы баркырап жанган топ жылдыздай болгон Жолон аке, Ашым аке, Мелис аке, Кеңеш аке арабызда жүрүп, чыгармачыл жаштардын дареметин байкашып, алардын демине дем кошуп, улуулук насаатын айтышкан.

Биз булар менен бирге болуп калганыбызга, булардын керемет сөзүн укканыбызга кубанып, өзүбүздү бактылуу сезген элек. Куш өмүрдүн унутулгус күндөрүндөй сезилген ошол учур. Менин мутабар Кадыр кыбачы тууралуу аңызымды жорго сөздүн чебери, кеп кадырын билген, Ч.Айтматовдун айрым чыгармаларын орус тилинен эне тилибизге эң сонун которгон А.Жакыпбеков окуса, Абдиламиттин "Ак коргон" деген повестин кыргыз поэзиясынын залкары Ж.Мамытов окуган. Ошол кезде Жолон акенин жылдызы жанып, көңүлү көлдөй чалкып турган (азыр арабызда жок, көзү өткөнүнө көп жыл болуп калды. Бирок жаркын элеси эсибизде, орошон ойлору жадыбызда).

Абдиламиттин алгачкы көлөмдүү чыгармасы жөнүндө жылдызduу Жолон аке бакырайган чоң көздөрүн жоодуратып, сүйкүмдүү карап, ак дилинен жарыла жүрөктү жылыткан жылуу пикирин айтып, ийгилик каалаган. Асыл Жолон аке ай! Асыл Ашым аке ай! Жибектей созулган, секин сүйлөгөн Кеңеш аке (Жусупов), карс-карс күлүп, ойлорун ачык айткан Мелис аке (Абакиров) да чыгармачыл жаштардын бир тобуна өздөрүнүн омоктуу ойлорун айтып, көбүрөөк изденүү, көбүрөөк окуу керектигин да көкүрөккө кыттай куюп коюуну өтүнгөн. Мына ошондо мага Кеңеш акенин: "Жаштар, бу силер тарыхка кайрылгыла. Элибиздин тарыхынын актай баракгары көп. Ошол актай баракгарды силер толтурууга эмитен аракет кылгыла" дегени абдан жаккан.

Ана... Абдиламит экөөбүз учурашканы келип калган Мурза аке менен Кеңеш акенин достугуна, Жолон акенин кең пейилдигине, жакшылык ыроологонго маштыгына, Ашым акенин көөнө кепти көп билгенине, Мелис акенин ачыктыгына ичибизден тан бергенбиз да, өзүбүзчө кудуңдап сөз кылганбыз. Бул 1986-жылы эле. Эми болсо бул залкарлардын ишенимин актап, чыгармачыл жаштардын далайынын шыгына шык кошуп, далайдын ажатын ачып, көртурмуштун бороонунда алдастап калбай, ынабаттуу мырзалардай ары сылык, ары сыпаа көрүнүп, арымдуу кадам таштап келаткан калемдешим Абдиламитке да суктангандар арбын.

ПЕШЕНЕСИ ЖАРЫК, жылдызы ысык замандашымдын "Палван", "Күйөө бала", "Таразачы", "Тандырдын чогу", "Атамды көргөн өлбөсүн", "Тандыр" аттуу коондой ширин, жакшы аңгемелери бар. "Палван" деген аңгемесинде: "ферганын базары". Бышыкчылык. Күн жаныбар куйкалайт. Үймөк-үймөк коондордун түбүндө бирден-экиден ныксыраган коончулар олтурат. Базарчылардан жол тийбейт. Бир кылы мүрүсү менен сүзүп өтөт. Аркаңа бурулуп: "Эй, көзүңө карабайсыңбы?" десең, берки мүрүсүндөгү чыптасын өйдө серпип: "Көңүлүңүзгө албаң, тага, базарчылык экен" деп айыбын базарга шылтап күлүп турат. Коончуларда сүрөтчүнүн жүрөгү бар. Үймөктөрүн тиктеп эле тургуң келет..." – деп башталат.

Базардагы көрүнүш, баарынан да кызыгы, кувасайлык Ярмат палвандын талтайып туруп, оор таштыутуру оң колу менен тосуп алганы, шонтип өнөр көрсөтүп жатканы, төө-моюндук Сурман палвандын тигил көтөргөн ташты салмактап көрүп, мунун отуз эки килалык эмес эле, он алты килалык экендигин билип, анын эптеп пул тапканын көз боёмочулук кылып атканын ашкерелегени, кыраан-каткы күлкү, айла-амал чеберчилик менен сүрөттөлгөн. Керемет аңгеме! Коончулардын коондору өткөндөрдү арбап турат. Акыры да: "Балдар жол карашат, жезде. Коон ала кетеличи, өзүм эле көтөрөм, – дедим. Бул сапар жездем жок дебеди. Коончуларда сүрөтчүнүн жүрөгү бар... Үймөктөрү өзүнө арбап турат..." – деп ийги бүткөрүлгөн. Мына ушул жакшы аңгеме алгач ирет "Кыргызстан маданияты" жумалыгына жарыяланып, андан соң 1998-жылы "Ак коргон" деген китебине кирген.

Ушундай кубанууга М.Гапаровдун, К.Жусубалиевдин, К.Акматовдун, О.Айтымбетовдун, К.Кушубаковдун, Б.Усубалиевдин, С.Раевдин, С.Рысбаевдин, М.Апышевдин, Ж.Медералиевдин, А.Муратов-

дун, Б.Аракеевдин, С.Жумагуловдун, Э.Үмөтовдун, Н.Сайдуллаевдин, А.Ражабалиевдин, Ы.Кадыровдун ж.б. аңгемелерин окуганымда кабылган элем. Эми да ошенттим. Бул да болсо коондой ширин чыгарманын өзүнө тартып турган күчү, кудурети эмеспи!

"Асман менен жердей унчукпаган, аты жакшы бир куш бар", сөздү ошондон баштайлы. Сураштырсам, көп жерде билишпейт экен. Алайда Ак журтчу деген куш болот (атыңдан айланайын). Бүркүттөн айырмасы жок. Канатынын жартысы ак, жартысы кара. Унчукпаган момун куш. Бала болуп, үнүн уга элекмин. Жаз менен кошо учуп келет да, күздө кайтып бир көргө учуп кетет. Учушунда жер менен асмандын бейкуттугу, беймаралдыгы бар. Ак журтчунун уясы биздин үйдүн аркасындагы Кызыл аскада. Темир канат балапандарын жылан, накаанда бир учуроочу чөп-чардын тамыры менен багат. Төбөбүздөн өтүп калса, бутуна чырмалган, жанталашып тыбырчылаган жыланды көрүп калчубуз.

Бир сапар үйдө китеп тиктеп отурсам, инимдин баласы Улан жүгүрүп кирди. "Аба, Үч-Чаттан эки-үч киши Ак журтчунун уясын аңдып, атып алабыз деп жүрүшөт" деди. Ишенгеним жок, Ак журтчунун иминесине кызыгат? Күүгүм талаш чып этменин үнүн уктум. Жүгүрүп чыксам, төбөмдөн шуу этип Ак журтчу учуп өттү. Мен караңгы баскан Кызыл аскага карап, кыйкырып, кыйкырып, наалып кала бердим. Элдин айтымында, эки-үч адам кыйладан бери Ак журтчуну аңдып жүрүшүптүр. Ак журтчу аларды эч жанына жолотпой, аттырбайт экен. Муну караңыз, чымчыктар, майда куштар баягы ниети бузуктар келатканда эле Ак журтчуга кабар берип, качырышат имиш. Көрбөйсүзбү, периштелүү кушту парандалар өзү да билет турбайбы. Чынбы-жалганбы, Ак журтчунун өтү, эти рак оорусуна миңдин бири – дары имиш...".

Бул жүргөнү кызык, жазганы кызык, сүйлөгөнү андан дагы кызык жазуучу Кубат акенин анардай жарыла Абдиламитке айтып бергенинен бир шиңгил. Эгерде берилип окууну андан ары улантсаң, Кубат акенин тордомо коондун ширин, абдан ширин тилиминен чечекейи чеч боло, ак дилинен, чын пейилинен төгүлө сунганын билесиң. Айтор, ошондонбу же А.Матисаковдун замандашты кепке кантип тартуунун, пенденин жан дүйнөсүндөгү катылып жаткан купуя сырдын капкагын кантип ачтырып алуунун ыгын жакшы өздөштүргөнүнбү, бул өзүнчө эле ажайып адабий ажар болуп калган. Анын үстүнө ошол мезгилде Абдиламит алгачкылардан болуп К.Жусубалиевди баарлашууга тартып, мына ушул "Ак журтчу аман, журт аман" аттуу дидарлашуусун жазып, "Кыргыз Туусуна" жарыялаган. Ары жаштык, ары

курчтук, ары батылдык кылган замандашымдын ушундай изги адабий ажарынан кийин чыгаан журналисттердин бир тобу Кубат аке менен аңгеме-дүкөндөрдү арбын курушуп, жазуучунун ажатын дагы тереңирээк ачышып, көлөмдүү-көлөмдүү жазгандарын басма сөзгө чыгарыша баштаган. Бул кашкайган чындыкты кеп кыябы келгенде айта кетүү да керек.

1988-жылы зирек калемдешим куду ушу "Ак журтчу аман, журт аман", ошондой эле "Момун чал" аттуу публицистикалык чыгармасы үчүн СССР Журналисттер союзунун сыйлыгынын лауреаты болууга арзыган.

МУРДА партиялык гезитке чыгармаңды жарыялоо кыйын эле. Кийинчерээк бул гезитке чыгаан журналист, чыгаан публицист Э.Нурушев жана И.Мамбетказиев, Т.Темиров, А.Султанбаев, А.Жапаркулов, Т.Сейитбеков, Э.Калдаров ж.б. келип, жаштык жигер менен иштеп калышкан. Булардын арасында Абдиламит да бар эле. Негизинен баары акылы жетик, көңүлү тетик жаш күчтөр болучу. Абдиламит ыраматылык Калыбай Осмоналиев жетектеген "Ленинчил жашта" иштеп, жаштардын сүйүктүү гезитинде кыйла такшалып, калеми кадимкидей курчуп калганын көрсөтүп, бул жакта да эң кызыктуу, эң окумдуу беттерди даярдап, окурмандарды көбүрөөк тарта баштаган. Анан алардын ой-мүдөөсүн эске алып, "Кыргыз Туусу" гезитине жаштар үчүн атайын "Чабыт" аттуу бетин ачкан.

Мына ушул бетте жаштардын турмушунан алынган ар кыл окуялары, алардын олуттуу маселелерин, проблемаларын чагылдырып турган. А.Алымбаевдин, Б.Чотурованын, Т.Бостонкуловдун, З.Иманалиевдин, Ш.Дүйшеевдин, А.Эгембердиевдин, Ф.Абдалованын, Г.Шакированын, К.Култегиндин, А.Акбаровдун, Э.Өскөналиевдин, М.Каримовдун, Р.Тургановдун, Ч.Турсунбековдун, А.Ражабалиевдин, Б.Давлатовдун, Ө.Төлөбековдун, Ч.Айдаровдун, А.Мамбетовдун, А.Акималиевдин ж.б. чыгармалары да жарыяланган. Ошондой эле басмадан жарык көргөн жаңы жыйнактарга да жылуу маанайда жазылган пикирлерге орун берилип турган. Бул 1987–1989-жылдары эле. Азыркы учурда ошол "Чабыт" бетинде чыгармалары жарык көргөн булардын көбү жумуриятыбыздын аймагына белгилүү акын-жазуучулардан болуп калышкан. Ошол мезгилде боор толгоосуна, жалын жүрөктүүлүгүнө далай жаштар ыраазы болушкан. Жакшылык унутулбайт да. Караандай мээнеттин акыбети акырындык менен кайтууда.

МАКС ФРИШТИН, Назым Хикметтин, Фаиз Ахмад Фаиздин, Ю.Бондаревдин, В.Песковдун, В.Солоухиндин, С.Эралиевдин, К.Жусуповдун жүзүмдүн шиңгилдериндей болгон чыгармалары бар. Ку-

зыгып окуйсуң. Шилтемдер кыска болгону менен, а ойлорго мол. Нускалыгы укмуш! Кызыгып окуганың ошондон болсо керек. Дал ушундай болуп, кыргыз журналистикасында, көркөм публицистикасында өзгөчө нук тапкан Абдиламиттин да жылт эткен көз ирмемдери адамды өзүнө тартып турат. Мына ушуну күндөлүк жашообуздагы, көп кырдуу турмушубуздагы көпчүлүктүн көздөрүнө анчалык байкала бербеген көрүнүштөрдөн ой кармап, кул пендени ой толгоого тарткан прозалык чыгармаларды жазганы, муну "Турмуштан тамган тамчылар" деп атаганы тастыктап тургандай.

"Мынабу сүрөттө колунда бир тал гүлү бар Темикем турат (Темиркул Үмөталиевди унуткан жокпузбу). Окурмандары менен жолугушууга келишкен сыягы, Темикемдин нар жагында Майрамкан эже, Сооронбай аба, андан нары Жолон аке бир катар болуп турушат. Баарысында бирден гүл. Кыбыла жакты карап тизилип турушат. Кыбыла жакта жаштардын бири ыр окуп, а акындар тизилип, ойго чөгөт. Темикем менен Жокемдин санаа чөмүлгөн жүзүн жүрөк менен туйбасаң, сөз менен жеткирем деш... Эмнеге экенин билбейм, сүрөттөн кийин алардын өмүр соңунда жазган ырларын кайра алып, шашпай эжелеп, жалгыз отуруп окуй берем. Ошо кыбыланы карап катар тизилген акындардын сүрөтү колума да көп урунат. Кыбыланы тиктеп, алардын аркасында эле комузун тизесине коюп Током (Сатылганов) олтурат.

"Эшик ачылып, Ракем (Рамис Рыскулов) марш тээп кирип келди. Тизелери солкулдап, ламбадага чыкчу киши болсо, чарк чимирилчүдөй күүлөнүп алыптыр.

– Айткыла, киминерге карызым бар, – деди. Асман тикеленип дүркүрөгөн чачынан күлкү куюлат...

– Раке, бир жакка кетесизби? – дедик. Анда-санда кирип, бизден сураганын алып турчу. Бир жерден калем акы тийген окшойт.

– Бу дүйнөдө менден бай киши жок. Рокфелдер чаңымда калат... Эки сүрөтүмдү Сүрөтчүлөр союзу кабыл алды. Чөнтөгүмдө үч жүз сомум бар, киминерге карыз элем?

– Карызыңыз жок, – дедик бир ооздон.

– Анда "Ленинчил жашка" кеттим деп, марш тээп чыгып кетти. Биздин жүзүбүздө күлкү ойноп, ишибизди улантып кала бердик. Элестүү бул көрүнүштү А.Матисаковдун көз жаздымында калтырбай, учурунда ак баракка жазып калганын! Окурмандардын кызыгуусун туудурганы балким ушундандыр... Апталар айларга айланып, мезгил утуру алмашып, жылдар тогошкондон кийин "Турмуштан тамган тамчыларга" таасирленгендер арбын болуп, мезгилдүү басма сөздө

ушундай аталыштар пайда болгону да белгилүү. Эмнеси болсо да, алгач чыйыр салганга не жетсин! Ошол чыйырлар уланып, бариктин дирилдегиндей дирилдетип кеткендердин болуп турганы жакшы эмеспи!

Азыр мурдагыдай эмес, учур башка, шарт башка. Сурун салган сур заманда оош-кыйыш күчөп, Батыштын "жапырт маданияты" жөө тумандай каптап, жергебизде келгиндер көбөйүп, сойкулук, баңгилик, зөөкүрлүк, аракечтик, ыйманга камчы чапкандык, алдамчылык, дүнүйөкордук өндүү жаман илдеттер уйгактай жабышып, улуттук наркасилибизге доо кетип, эне тилибизди жээригендер, бөтөн диндик секталарга кирип кеткендер арбып, жумуш орундары жоктугунан базарды карай агылгандар көбөйүп, руханий дүйнөбүз жардыланып турган кез. Шондон улам кабырган кайышып, зээниң кейип, дүргөйүң уйгу-туйгу болуп, эсиң эңгирейт. Кудайга жалбарып, дуулдап жүрө да албайсың. Шонтип көртурмуштун айынан, базар мамилесинин катаал шартынан пикирлештериң, санаалаштарың менен тез-тез көрүшүп да, бат-бат баарлашып да тура албай калдык окшойт.

Бир мертебе эптеп пайитин таап "Кыргыз Туусуна" изги тилекте барсам: "Күзгү", "Кыргыз өңү Чокморовдун өңүндөй", "Жаннат эне, бешик жана жарты нан", "Тыңшачы, дарыянын шоокуму угулабы?..", "Кайдасың, кагылайын кайрымдуулук?!", "Далысы жерге тийбеген Тапанча палвандын таржымалы" аттуу публицистикалык маанайдагы абдан окумдуу, абдан кызыктуу дил кайрыктарды жазган Абдиламит гезиттин жаңы санына кете турган материалдарды окуп олтуруптур. Ырайлашып, ал-акыбалды сурашкандан кийин өткөн-кеткенден кеп салып, куш өмүрдүн унутулгус күндөрүн, эстен кеткис элестерин эске түшүрүп, өзүбүзчө күлүп, өзүбүзчө жыргап алдык аз болсо да.

Кыйладан кийин Абдиламит кадимкидей толкунданып, кадимкидей кудуңдап: С.Байгазиевдин, С.Станалиевдин, М.Тентимишевдин, А.Муратовдун, А.Абиловдун, З.Пасаңованын, М.Өсөровдун эң сонун макалалары, К.Бакировдун, Н.Капаровдун, Т.Нурманбетовдун ж.б. ырлары бар экенин, керемет ырлар экенин, буйруса, кийинки сандарга берилээрин айтып калды. Кыйла күн билинбей өткөндөн кийин жогоруда аты аталгандардын жазгандары гезит бетинен орун ала баштады. Мен өзүмчө сүйүнүп, өзүмдүн чыгармаларым биринин артынан экинчиси жарык көрүп аткандай болуп, жакшы ойлордун көлүндө сүзүп жүргөндөй болуп калдым. Мындай акыбалга кабылуунун өзү парасаттуу, инабаттуу башкы редактордун жатык тил менен мыкты жазылгандарды, купулга толгондорду башкаларга караганда көбү-

рөөк көрө билүүсү, шыкка-шык кошуусу, жакшылык ыроолонуп жан шериги экенин көрсөтүүсү да.

ЫР ДЕРБИШИ Рамис Рыскулов:

Мизилдеген сен өзүңчө инсансың,
Ишке бүйрө жылгасың.
Сен аракет жасап, түзөп келесиң,
Чыгармага көчүрүп,
Улуу-кичүү замандаштар элесин.
Дүкүлдөп баратасың,
Сен да жашоо кемесиң.
Ыйлуу тагдыр кечкендерден,
Сооротуучу идеялар табасың, – деп чын жүрөгүнөн А.Матисаковго арнап ыр жазса, таланттуу журналист, зирек публицист Кудайкул Жусупов өзүнүн "Бүлбүлдөп күйгөн кош жарык" аттуу китебинде: "... тандыр табы өчпөсүн, кыпкызыл чоктун илеби өчпөсүн, Абдиламит аке! Ылайым эле тандырлардын табы өчпөй, чогу суубай, жергебизде токчулук болсун!" Ал эми сиз сыяктуу өнөр адамдарыбыздын саны арбын, элибиздин руханий дөөлөт-мурастары ташкындасын!" – деген орошон сезим туйгусун, жүрөк кылдарына жеткен боор толгоосун чын ыкласынан баса көрсөтүп жазган.

Ушундай изги тилектерди, асыл ойлорду элибиздин белгилүү жазуучулары А.Стамовдун, С.Раевдин жазгандарынан, Жыпар Керим кызынын арноо ырынан окугам, калкыбыздын тарых күүсүндөгү инабаттуу жакшылары жөнүндө жазып жүргөн Т.Мүлкүбатовдон, М.Тентимишевден жана Б.Базарбаевден, О.Абдылдаевден, М.Каримовдон, "Нурборбор" чыгармачылык бирикмесинин негиздөөчүсү, башкы багыт берүүчүсү А.Сариевден, "Алиппе" окуу китебинин автору, И.Арабаев атындагы сыйлыктын лауреаты С.Рысбаевден, жаш акын Н.Ахмедулинден ж.б. да уккам. Непада зирек замандашымдын, зирек калемдешимдин жан дүйнөсүндө аруу касиеттер жатпаса, оозунда кеби, сөзүндө эми болбосо, тоолуу өлкөбүздүн булуң-бурчуна белгилүү инсандарыбыздын бир тобу ал тууралуу керемет кептерди, кардай аппак ойлорду айтышпайт эле да.

Ары таланттуу акын, ары таланттуу публицист, ошондой эле кылымдарды карыткан кыргыз калкынын дооролордун түпкүрүндө, каар замандардын закымында, сан жылдардын арасында катылып калган тарыхына кайрылып, бул тууралуу көп мезгилден бери "Туран" деген баалуу эмгекти жазуунун үстүндө алектенип келаткан Абдырахман Алымбаев экөөбүз абдан кайгырып, жүрөгүбүз канап, ордо шаарыбыздын көчөсүндө бажырандап сүйлөшө албай бастык. Анткени,

элибиздин залкар инсаны, Бакай бабабыздай болуп кутман карыялык акыл-насаатын айткан, дайыма жакшылык ыроолоп турган, сыйлыктарына сыймыгы жарашкан, абройлуу жазуучусу Жунай Мавлянов жол кырсыгынан каза болгон эле. Көзүбүздүн кычыктары ачышып, карактерин жаш чайганы да ошондон. "Кыргыз Туусу" гезитине кайрылсак, мырза теректей зыңкыйган, жарашыктуу кийинген, жылдызы ысык, зыңкыйган А.Матисаков өзүнүн ары жарык, ары кенен каанасында, үстүндө кагаздар жайнаган, ар кыл жанрдагы материалдар толуп турган үстөлүндө кайгырып олтуруптур.

Көп жылдан бери жетекчилик тизгинин кармап жүрүп, далайды билип, далайды көрүп калгандык кылып, Абдырахман экөөбүздүн кандай максат менен келгенибизди айттырбай эле түшүндү окшойт. "Шум ажалга айла жок экен. Жунай агайдан айрылып калган турбайбызбы. Кайран Жунай агай ай! Адамдын асылы болучу. Улуу инсан эле, залкар жазуучу эле! Кадырман карыя эле, калыс эле! Арты кайрымдуу болсун! Жаткан жери жайлуу, топурагы торко болсун!" – деп жүрөгү канаганын билдирди. Андан соң чыгаан журналист, чыгаан публицист Мундузбек Тентимишев менен тунук сезимди кытыгылаган, жүрөк кылдарына жеткен ырларды жазган Бактыгүл Чотуровага айтып койгонун, ушу тапта алар санжыргалуу Жунай агай жөнүндө жазып жатышканын, бул эртеңки санга чыгаарын да айтып өттү.

Абдырахман экөөбүздүн жүрөгүбүз жылып, биртике сүйлөшүп олтурдук да, Абдиламитке ыраазычылыгыбызды билдирип, сыртка чыктык. Анан башкы редакторлор – Н.Капаровго, Ч.Абыкеевге, Э.Калдаровго ("Бишкек таймс", "Аалам", "Эркин-Тоо") жолукканы, алар менен сүйлөшкөнү жөнөдүк. Бул 2003-жылдын 24-ноябры эле. Эгерде А.Матисаковдон башка башкы редактор болсо, минтип кайгырбай, минтип кабыргасы кайышпай, минтип жоктобой эле, "Жунай Мавлянов тууралуу өзүңөр жазып келсеңер жакшы болот эле. Эми убакытты текке кетирбей, тезирээк жазып бере койгула. Антпесеңер кечигип, кийинки санга берилип кала тургандай..." демек.

Жөн билги, парасаттуу Абдиламит ошентпей, чыныгы жетекчилик кылып, чыныгы калемдештик кылып, чыныгы абройлуу акын-жазуучулардан таалим алгандык кылып, бизден мурда чын ыкласынан тигинтти да. Бул да болсо кеп кадырын, залкар кадырын, өрнөктүү өмүр кадырын билгендик, жарык дүйнөдөн мезгилсиз кайткан санжыргалуу аксакалдын ак эмгек өтөгөнүн баалагандык, изги тилектүүлөрдүн сезиминде уялап калганын туйгандык, жаркын элесине таазим эткендик эмеспи. Анан кантип жүрөгүң жылыбасын, анан кантип ыраазы болбойсуң.

Ушул жерден дагы бир ажайып көрүнүш көз алдыга тартылат. Күн нуруна жүзүн тосуп, күн нурунан кубат алып, Күн теңирине сыйынган күндөрдүн айдагардай айбаттуу, кабыландай кайраттуу Улуу кол башчысы менен ак көрпө жайып, асылзаада канышасынын кырк канат ак өргөөсүндө чоңойгон Күнбосун ажо (б.з.ч. экинчи кылымдын жарымында) жөнүндө чыгармамды машинкага басып атсам, кызым:

– Ата, сизди телефонго чакырып атат, – деп калганынан туруп, трубканы алсам, Абдиламит экен, учурашкандан кийин:

– Тойчуке, Кетмен-Төбөгө аман-эсен барып, жаны жаннаттан жай алгыр, Узакбек үкөндүн кырктыгын өткөрүп келдиңби, – деп сураган соң, өзүнчө көңүлү курсант болуп турганын жашырбай: – Кожогелди поэзия кечесин өткөрдү. Сен айылда болуп калбадыңбы. Болбосо катышат элең да. Поэзия кечеси абдан жакшы өттү. Кечеде жүрөк толтосуна жеткен, жүрөк кылдарын, күү ыргагын черттирген ырларын окуп, залда олтургандардын көңүлүн көлдөй чалкыткандай болду. Калемдештеринен Гүлжамила, Фатима, Бактыгүл, Кален, Абдырахман, Өмүрбек, Кыялбек, Атантай ырларын окушту. Баары зирек акындар да. Баары ак дилинен жарылып, орошон ойлорун айтышып, Кожогелди Култегиндин акындык ажарын ачып беришти. Азаматтар, чыныгы калемдештер да! Аябай сүйүндүм. Аябай ыраазы болдум, – дегени эсимден кетпей сакталып калды.

Бул өткөн жылдын кеч күзүндө эле. Бул көрүнүштү эстегенимдин да жөнү бар. Неге дегенде ушу тапта ыр жазгандар, кара сөз жазгандар көп, дил-туюмдарды жазгандар көп. Бирок, эмнегедир минтип ак дилинен жарыла замандаштарынын, калемдештеринин жакшы жактарын көрө билүүсү, ийгиликтерине кубануусу, ошого карата жылуу пикирин айтуусу азыраактай. Бул жагынан алып караганда, Абдиламиттин өзгөлөрдөй болбостон, чын ыкласынан калемдештерине жакшылык ыроологону мени кубандырат. Атантайдын, Сулаймандын, Абдырахмандын, Самсактын, Тынчтыкбектин, Фатиманын, Гүлжамиланын, Бактыгүлдүн ж.б. чыгармачылыгы жөнүндө изги айтканы да ушуну тастыктагандай.

Бейиши болгурлар Жунай агай, Макей аба, Жолон аке, Кудайберген аке, Аман аке, Табылды аке да ушинтип бирөөлөрдүн ийгиликтерине кубанып, жакшы жактарына сүйүнүп турар эле. Мына ушул асыл касиетти Абдиламиттин тулку боюна сиңирип алганы жогорудa айткандардан байкалып турат. Дегинкиси, ушунун өзү изги, ийги касиет, болгондо да бабаларыбыздын Сары-Челек көлүндөй толкуган, Ак-Буура дайрасындай ташкындаган касиети эмеспи. Ушинтип

ой толгоого, ушинтип боор толгоого түрткөн калемдешим эл ортону элүүгө чыгып калыптыр...

Кайрадан түн, болгондо да кыш чилдесинин түнү. Асман түнөрүп, жымың-жымың эткен жылдыздар көрүнбөгөнү менен, а дилдеги ойлор кардай аппак. Элибиздин залкар жазуучусу Ч.Айтматовдун: "... Эң ар кыл-ар кыл темада чабыттуу ой жүгүртүүсү да, элдин руханий кенчине атуулдук жөнөкөйлүгү да, сөздү зергер сыяктуу кылдаттап ажар-түсүнө чыгара билгендиги да, дарамети чоң сезимтал лирикалуулугу да бул китептин авторунун кайталангыс почерки, өз бетинче ашкан татаал ашуусу бар экенин айгинелейт. Мекен үчүн күчүңдү бер, элиң үчүн кубанарсың, Абдиламит иним!" – деп "Атамды көргөн өлбөсүн" аттуу китебине баш сөз жазуусуна татыган, сыйлыктарына сыймыгы жарашкан, аңгемелери орус, украин, өзбек тилдерине которулган калемдешим бар бол! Арыба, замандашым! Сурун салган сур замандын кубаттуу толкунунда алдастап калбай, бороонго төшүңдү тосуп, эч чаалыкпай, эч мокобой, чыгармачылыгың Ак-Буура дайрасындай ташкындай берсин! Кутман курагың кут болсун! А кыш чилдесинин аяздуу түнү муздак, суук, анткен менен, ушундай кезде келген ойлор жылуу, ойлор кандай аппак!



Абдиламит ЖУМАШЕВ,
“Жетиген” журналынын
башкы редактору

УЙКАШТЫКТЫ УЯЛАГАН СЫЙ

Кыргыз Туусунда” иштеген жылдары басма ишине аралашып, гезит чыгаруунун татаал жумуштарына бышып, өзүмө журналисттик тажрыйба топтоого зор өбөлгө болду. Биздин убакта төл гезитте кыргыз басма сөзүнүн кыйындары Т.Насирдинов, Э.Калдаров, Б.Алыкулов, К.Осмоналиев, Э.Турсунов, К.Сактанов, С.Станалиев, Ш.Шүкүров, Ү.Касыбеков, А.Абилов, Б.Маткеримова, Б.Чотурова, О.Карасартов, Д.Юсупов, А.Сармамбетов, Ш.Калыков, Ж.Исабаева, Б.Бугубаев ж.б. жазгандарын эл калтырбай окуган мыкты калемдештер менен чыгармачылыктын бир казанында кайнадык. Жалпы жамааттын ынтымагы ширелип, бир үй-бүлөдөй бири-бирине кадамдуу, күйүмдүү эле.

Азыр ойлосом, “Кыргыз Туусу” кыргыздын төл гезити тарыхта узак жол баскан массалык-маалымат каражаттарынын чыныгы флагманы катары кыргыз элине ак кызмат кылган десем жаңылышпайм. Ошол эгемен жылдары “Кыргыз Туусу” элибиздин бай тарыхына, маданиятына, айрыкча рухий мурастарына, улутубуздун духун оболотконон патриоттук маанайда кайрылып, бакыбат доор келгенин жар салган. Талант элдин байлыгы демекчи, “Кыргыз Туусу” гезитинде Ата Журт, элим дегенде ичээр ашын жерге коюп, намыска башын байлаган, жүрөгүндө оту жанган мекенчилдер азыр да иштеп жатышат.

Ошол чыгармачыл чөбөгөнүн жаралышына таланттуу публицист, калк кадырлоосун жараткан кара сөздүн чебери, уюштуруу ишинде өзгөчө көрөңгөлүү Абдиламит Матисаковдун башкы редактор катары кошкон салымы опол тоодой зор десем болот. Коомдук-саясий ой кайнаган ошол жылдары терең интеллектуалдуу, адабий, жандуу тил менен жазылган публицистика элибиздин маданиятын

көтөрүүгө, көз карашын кеңейтип, аң-сезимин өстүрүүгө алмашкыс күжүрмөн жанр экенин кыраакы редактор туура баамдаган экен.

Натыйжада, “Кыргыз Туусу” 21 миң нуска менен элге жетип турду. Абдиламит Мурзаевичтин редактор катары башкы сапаты гезиттик материалдын “бышкан-бышпаганын” бир карап билчү. Колуна тийген “бышкан” макала ошол күнкү санга чыкчу. “Бүгүн чыкпаса, эртең бул эскирген материал” дечү орун басарларына. Ал өткөргөн гезиттин кезектеги санын пландоо жыйыны өзүнчө эле чыгармачылык аншлаг менен өтчү. Өзүнчө эргүү жараткан андай чыгармачылык жыйынга катышып отурган улуу-кичүүнүн көз алдында газетанын болочок саны элестеп турчу...

Бир жолу ыраматылык Алик Акималиев да пландоо жыйыны өтөр алдында баш редактордун бөлмөсүнө бизден мурун кирип алыптыр. “Уруксат болсо, мен дагы бул жыйынга катышкым келип турат, “Кыргыз Туусу” менин да гезитим” деп баарыбызды күлдүрүп, отуруп алганын билем. Ошол учурда талант-шыгы шагынан ийилип бышкан Алик Акималиев “Кыргыз Туусуна” өзүнүн үйүнө каттагандай каттачу. Саар-кеч редакциядан кетчү эмес. Чачына ак бантик таккан тынакай кызын жетелеп, кез-кез редактордун кабылдамасында отуруп калчу. “Кызымы чоң атасына учураштырып чыгайын, сабагына да барган жок, сагынып калыптыр” деп кабылдамада каткырып коюп отурчу.

Аликтин ырлары гезитке келген күнү чыкчу, кээде редакциянын кайсыл бир бөлмөсүндө отуруп, апыл-тапыл жазган маек-макаласы чыгып жаткан номурга таңатпай келип, гезиттин төрт-беш санын колтугуна кысып кетчү. Дагы бир күнү, “Абдиламит Мурзаевичтин туулган күнүнө ыр жаздым, сага окуп берейин” деп калды. Ыр мага жакты. Акындык айкөлдүк менен берген баасы мени бир аз толкутуп да койду. Эки-үч күндөн кийин, “Сага жаккан ыр редактор Абдиламитке жаккан жок окшойт” деп табышмактантты да, өзү астына кол коюп, бир көчүрмөсүн мага таштап кетти.

Кийин а-бу болуп, жылдар жылып, мезгил алмашып буйруган экен, “Жетиген” журналын ачтым. Алик Акималиев болсо, бизди “аттиң!” дедиртип бу жалгандан бөлүндү. Не дейбиз, Жолон акын агабыз жарылып жазгандай, “белгисиз бир күндүн колунда, кылыч турат бизди мойсочу”. Кыргыздын таланттуу уулу А. Акималиевдин ошол уйкаштыкка уялаткан сыйын кеч болсо да окурмандарга сунуп, жарыялап коюуну эп көрдүм. Жана да көп-көп таланттардын тушоосун кесип такшалткан, деги эле кимге болсун жакшылыгын аябаган, таbiятынан алпейим жаралган, редактор деген кудуреттүү өнөрдүн чыныгы ээси, устат агабыз Абдиламит Матисаковдун 60 жылдык маарекеси менен чын жүрөктөн куттуктап койгум келди. Арыбаңыз!



Нурмухамед ЖУМАБЕКОВ,
журналист

ТАЛАНТТЫ ТАПТАГАН АГАЙ

Кыргыз журналистикасында салмактуу орду бар МАТИСАКОВ Абдиламит Мурзаевич тууралуу эчендеген гезит-журналдарда жазылып келсе, бүгүн мен студенти катары агайымдын тарбиячы жана педагогдук ишмердигине токтолгум келди. Анда сөз башынан болсун...

КТРКнын директору сабак берет экен...

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетиндеги журналистика факультетинин астанасын аттаганыбызга жарым жылдын жүзү болгон. Бир семестр өткөн соң, университет эмне экенин түшүнүп, андагы агай-эжейлерди айрыкча экзаменден кийин абдан жактаарын иликтей башташат. "Баланчаева сабак берет экен, Түкүнчеев сабак берет экен"... Ал андай дейт, бул мындай дейт...

– КТРКнын директору сабак берет экен. Эмне!? Кубат Оторбаевби?

– Оой, жо-ок, Матисаков деген мурунку жетекчиси, *"Замананы"* ачкан киши экен... – Ой, ал деген "Кыргыз Туусунун" желегин далай жыл желбиреткен киши да...

Ушинтип студенттер журналистика факультетинде окуткандардын баарын изилдеп, алтургай кээде агай-эжейлер өздөрү тууралуу билбеген маалыматтарды "жаш изилдөөчүлөр" тарабынан угуп калышат.

Таанышуу...
Жүрөккө жазылган лекция...

"Баатырдын атын алыстан ук, жанына келсең бир киши" демекчи, акыбалы анча жакшы эмес аудиториябызга Абдиламит агай кирип келди. Кантсе да канча жыл жетекчилик кызматта жүргөн адам да, көзүбүзгө бакыйган агай көрүндү. Ошого жараша ойлоно баштадык, кызматта жүргөн киши болсо, профессор болсо, бизге тажатып лекция жаздырат экен деп. Жо-ок, агай анткен жок, баарыбыз менен кенен таанышып гана тим болбостон, туулган күнүбүздү сурап, жазып алып жатты. Кызык, эмне кылат болду экен?

– Агай, лекция жазабызбы?

– Жок, жазбайбыз.

Сүйүнүп эле калдык, мындай жооп студенттерге майдай жагат эмеспи. Абдиламит агай сабактын негиздерин өз сөзү менен жөнөкөй түшүндүрдү. "Журналисттик ишмердүүлүктүн негиздери" деген сабакта ар бир студент газетанын корректор, кабарчылыгынан баш редакторлукка чейинки кызматтардын маани-маңызын, милдеттерин, редакциядагы иш процесстеринен толук кабар алат экен. Агай өмүрүнүн көбүн газета чыгарууга жумшаган, анын ысык-суугун көргөн адам катары көзүбүздү ачып койду.

"Тартынбагыла, оюңарда кандай суроо жаралса, түз узаткыла" десе, оюбузга келгендин баарын сурап кирдик. "Бирок, шашпагыла, алдыда көп темалар бар" деди агай. Биринчи лекциянын таасиринен бери, өзүбүздү алеки заматта "редактор" элестетип, анча-мынчабыз жооп да бере салдык. Аягында гана агай өзү редактордун милдеттери жөнүндө кененирээк түшүнүк берип, кийинки сабагына: "Эгер мен редактор болсом..." деген темада макала жазып келишибизди айтты. Агайыбыздын алгачкы сабагы ушундайча аяктады.

Туулган күн... Мыкты макала...
Белек китеп...

Апта айланып агайдын сабагына да кезек келди. Бу сапар агайдын колунда көлөмдүү китептен экини көрдүк. Студенттер күбүршыбыр...

– Китептерин сатат окшойт ээ?

– Анан эмне, сага бекер бермек беле?

– Кааласак да, каалабасак да алабыз да экзамен үчүн. Кайран студенттер бардыгын болжоп жиберебиз го...

– Эргешова Ииият кызым, кел, келегой. – Агайдын тиги кызды эркелеткен үнү баарыбызды тынчтандырды. Назик кызды биз эле эмес, мугалимдер да эркелетет экен го.

Бир эсе таңдана, бир эсе уялыңкы жанына барган курсташыбызга, биз баягы сатат деп жыйынтык чыгарып койгон китептердин бирин ачып, сөз кереметтери тизмектеле жазылган каалоо-тилегин окуп, колуна китебин карматты.

Мындан эки күн мурун ушул азыр кубанычы койнуна батпай турган кыздын туулган күнү эле. Аны куттуктап койгонубуз кубаттап, куттуктабай калганыбыз Ииняттан уялып турдук. Бардыгы эми белгилүү болду.

Эмки кезек жазып келген макалаларыбызды окууга өттү.. Баарыбыз жанталашып окуп жаттык, жазып келген эки барагың менен агайга көрүнүп калгың келет. Ал эми жазгандарыбыз тууралуу агай ар биринин өзгөчөлүгүн айтып, жакшы жактарына токтолуп жатты. Ансыз да ар кимибиз көкүрөк көөдөнүбүздө учуп турганыбызда агайдын ар бирибиздин жазганыбызга терең баа берип, жакшы сөзүн аябагандыгы көйрөң студенттерди көкөлөтүп салды.

Жаш жандын жан дүйнөсү ушундай келет окшобойбу, мугалимдин мамилеси сага түзүк болсо, аны пайгамбар көрүп калабыз. Агайдын камкордугун карап туруп, эрксизден: “Окусаңар окубайсыңарбы, болбосо айылыңарда атаңардын жанында аракетиңерди кылып, элиңерде энеңерге эркелеп жүрө бербейт белеңер” деген кыязда “акылын” айткан агай эске түштү. Баракелде, агай! Таап айткан экенсиз, андан бери аракетин кылганы айылына далай студент кете берди. Эмне кылсын, элине барып ошол агай айтмакчы, энесинин эрмеги болот да, “доктор науктар” жазмакер болом деп соккон жаш жүрөктүн жалынына суу сээп жатса...

А менин оюмдун баары экинчи китепте, муну эмне кылат болду экен же биринчисин белекке берип, экинчисин сатабы, ыя? Жо-ок, сатпайт го...

Туура болжоптурмун, саткан жок. Жанагы жарты баракка жазылган “чалажан” макалалардын ичинен аз жазса да курч жазып койгон курсташым Калыйнурдун жазганы агайдын купулуна толгон экен, бакыйтып кол тамгасын калтырып, атанын уулу болушун тилеп, “Атамды көргөн өлбөсүн” аттуу китебин тапшырды.

Оюма өткөн экзамендин алдында эле: “Колдонмо болот силер үчүн” деп бир таңгак китебин көтөрүп келген мугалим кылт дей түштү. Биринчи бетинде, “илимий кызматкерлер, студенттер үчүн колдонмо” деген жазуусу болгону менен, аны колдонгон студент жок. Бул анын “бизнесинин” бир жолу экенин ошондо билсем, кандидаттыгын жактагандагы диссертациясы экендигин китеп колго тийгенден кийин түшүндүм. Мындайды “бир ок менен эки коён атуу” десе да жарашпайт экен!

– Агай, менде бир суроо бар? Эмне, сиз китебиңизди сатпайсызбы?

– Жок. Сатпайм. Бекер эле берем. Мага китептен да силер кымбатсыңар. Китебиңди элиң сүйүп окуп турса, ага эмне жетсин! А менин окурмандарымдын арасында – силер да барсыңар... – деди. Алкыш сизге, агай!!!

Толгон аудитория...
Сабагына шашкан студент...

Сабагыбыздын ар бир күнү жаңы гезит чыгарчудай шашылабыз, ошол гезитке жазганыбыз жарап калса да аракеттенебиз. Өзүбүздү студент эмес эле, агай менен бир редакцияда иштеп жаткан кызматкер катары да сезип калдык. Келээрки сабакты чыдамсыздык менен күтчү болдук, жакшы жаңылыкты талкуулоочудай, кезектеги “летучка да” агайыбыздын кымбат кеңештерин угуп ишке киришчүдөй чамданып алабыз. Бул биз үчүн, студенттер үчүн чыгармачылык менен иштөөгө болгон зор кызыгууну арттырды. Жаңы идея тапканга, аны көркөмдөп жазганга үйрөндүк, уктап жаткан таланттарыбыз “ойгондой” талпынып калдык.

Ошентип туулган күнүбүз үчүн, жазганыбыз үчүн агай китебин бере берди, а биз ала бердик. Бу инсандын баса белгилеп айтчу эң негизги окутуучулук касиети – студенттерди өзүнө тартып тураар эле. Сөздүн чыны, апталап көрбөй калган курсташтарыңды агайдын сабагынан көрөсүң. Ойлоп жатасыз го окурман, китеп үчүн барышса керек да деп. Жок! Көрөңгөлүү сөз, дурус кеп, кемтиги жок айтылган акыл жаш-кары дебей адамды өзүнө тартып турары ырас экен. Ошондогу кырктай студенттин арасынан ондон ашыгы ыр дүйнөсү менен алектенээри, кээ биринин кара сөздүн катыгын берээр жазмакер экени агайдын сабагынан соң, айкын болуп отурат.

Ошентип дымагы күч, дилгир студенттердин тушоосун кескен Абдиламит агай болду десем, аша чаппасмын. Анткени, ошол кездеги төрт сап ырдын авторлору болгон студенттер азыр бир, эки китептин автору болгонго жетишсе, агай айтчу, “кара сөздүн катыгын

берчүлөр” каалаган редакциянын эшигин тээп киргенге жетишти. И баса, биз менен агайдын сабагына катышабыз деп жогорку курстун студенттери да келип, жаныбыздан орун алаар эле... Алгачкы курсун эмнеси менен эсинде калды десе, тартынбастан Матисаковдун сабактары менен деп айтаар элем. Ошентип, биздин жалындаган студенттик күндөрүбүз улана берди.

Бүгүн сабагым бүткөн соң, университеттен чыгып жолдо келе жатып факультетибиздин 1-курсунун студентинин шашып келе жаткынын көрүп:

– Кайда шашып? – дедим.

– Сабакка, он мүнөттөн кийин Абдиламит агайдын сабагы башталат, – деп калдалаңдап алыптыр.

– Анын сабагына даярсыңбы?

– Ананчы, эң сонун тема берген, ошого эң сонун кылып макала жаздым, университеттин гезитине чыгып калса окуп коёрсуз, – деп жылмая жолун улады. Жүзүндө толкунданууу...

Кээде мугалимдерден угуп жүрөбүз өзү окуткан шакирттери саламга келбей, карабай калганын. Атаганат, мүмкүн күнөө өзүндөдүр...

Дегеним, ар качан курсташтар Абдиламит агайды көргөндө жабыла учурашса, агайдын бизден биринчи ал-акыбалыбызды сурап жибергенин, жүзүндөгү жылдызынан чачыраган ысык отко эрип, эргүү менен пикир алышканыбызды эстеп сапарымды улай бердим... Ооба, агайдын университетке ар бир келгенин эмнегедир ар бир уул-кызынын акыбалын сурап, акыл-кеңешин берип, камкордугун аябаган атадай элестете берем. Жакшы адамдын жанында жарым саат болгонуң жан дүйнөңдүн жаркыганы эмеспи! Бар болуңуз агай, көп жашаңыз! Бу заманда колдун манжасы менен саналып калган чыныгы педагогдун таалимин алуу шыбагасы бизге жазылып калганы өзүнчө сыймык. Биз Матисаковдун мектебиненбиз!!!



Папан Дүйшөнбаев,
жазуучу, журналист

“ТУРМУШТАН ТАМГАН ТАМЧЫЛАР” УЛУТТУК АДАБИЯТТАГЫ ӨЗГӨЧӨ КӨРҮНҮШ, ӨЗҮНЧӨ ЖАҢЫЛЫК

Жазуучулар өздөрүнүн көркөм ой жүгүртүү ыкмалары боюнча экиге бөлүнүшөт. Биринчилери турмушту жакшы билишет, аябагандай окумалдуулугу менен айырмаланышат, бирок фантазиялары ээ-жаа бербей оргуштап тургандыктан, конкреттүү бир фактыга кайрылбастан, өздөрүнүн көркөм чыгармаларын башынан аягына чейин ойдон чыгарышып жазышат. Алар бир абзацты баштаганда эле сюжети динамикалуу өнүгүп, канаттап-бутактап, оюнда болбогон кейипкерлер, эпизоддор да кошулуп, бири экинчисине жуурулушуп, бири экинчисин шарттап кете берет.

Бальзак, Толстой, Достоевский, кыргыз адабиятынан Т.Сыдыкбеков, К.Жантөшев, Ч.Айтматов, А.Стамов ошондой фантазиялары күчтүүлөрдүн катарларына кирет. Ал эми экинчилеринин көркөм чыгармаларды жаратуусуна сөзсүз турмуштагы бир көрүнүш же факты себепкер болот. Бир факты же көрүнүш катуу таасир калтырып, көңүлүнө орноп калгандан кийин даяр сюжетти өнүктүрүп, аны көркөмдөп, оюндагыларды кошумчалап, типтештиргенге киришет. Булардын катарына орус адабиятынан Аксаков, Короленко, Куприн, Паустовский, Пришвин, ал эми кыргыз адабиятынан Т.Касымбеков, К.Жусупов, Н.Байтемиров сыяктуу жазуучуларды кошууга болот.

Алардан кийинки муундагылардан биз сөз кыла турган Абдиламит Матисаков ошолордун катарына кирет. Адатта буларда публицистикалык маанай күчтүүлүк кылат. Ал Абдиламит Матисаковдун аңгеме-

леринен жана повесттеринен ачык көрүнүп турат. Ал өзүнүн көркөм чыгармаларында эмнелерден старт алат жана эмнелер жөнүндө баяндайт?

Анын “Палван”, “Тандыр”, “Атамды көргөн өлбөсүн...”, “Айдын көз жашы”, “Далдалчынын уулу” деген чакан аңгемелеринен тартып “Ак коргон” деген повестине чейинки чыгармаларынын бардыгы турмуштагы фактыларга, окуяларга негизделип, күндөлүк турмуштагылардан алынып, көркөм ой жүгүртүүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрүнө ылайык кошумчаланып, окурмандарга жеткирилгендер. Ал эми улуттук публицистикадагы эталондук жана этаптык көрүнүштөрдөн болуп калган “Кыргыз өңү Чокморовдун өңүндөй”, “Жаннат эне, бешик жана жарты нан”, “Ата журтчу аман – журт аман...”, “Чайкана”, “Далысы жерге тийбеген “Тапанча палвандын” таржымалы”, “Тыңшачы, дарыялар шоокуму угулабы?..”, “Болуш комузчу” деген чыгармалар улуттук маданияттын С.Чокморов, К.Жусубалиев, Болуш Мадазимов, Мурза Гапаров сыяктуу корифейлерине жана айылдагы автор жакшы билген жөнөкөй адамдарга арналып, документалдык фактыларга негизделген менен, кадимки көркөм чыгармалардай окулат, көркөм чыгармалардай ассоциацияларды пайда кылат.

Анткени, алар конкреттүү инсандарга, алардын күндөлүк турмуштарындагы бейнелерине арналган менен жогорку чеберчиликте көркөмдөштүрүлгөн, алардын ички дүйнөлөрүндөгү мүнөздүү жактарды ачып берүүгө басым жасалып, инсандардын күндөлүк турмуштарындагы эпизоддор аркылуу бейнекерлердин ички дүйнөлөрүнө гана эмес, жарык түшүрүүгө аракеттенген. Ал аракеттердин канчалык деңгээлде өз максаттарына жеткендиги, алар аркылуу автор адабият-ка эмнелерди кошо алгандыгы өзүнчө маселе, өзүнчө сөздүн темасы.

Бирок, публицистикалык бейнелери көлөмдүк жактан чакан болгон менен, чоктой күйүп, адамдарга карата сүйүүнүн, алардын тагдырларына, өкүт өксүктөрүнө, кубаныч-ийгиликтерине ортоктоштук сезимдин чоктой ысык илеби уруп турат. Бул жагынан анын “Турмуштан тамган тамчылар” деген эсселери улуттук адабияттагы өзгөчө көрүнүш, өзүнчө жаңылык десек болот. Ал эсселердеги ар бир эпизоддон адамдардын ар кандай тагдырлары, мүнөздөрү, ой-максаттары көрүнүп турат.

Менимче, автор “Турмуштан тамган тамчыларын” улантып, өмүр бою ошолорду жаза берсе деле сүрөткер катарында акыр-аягында чоң ийгиликке жетишмек. Тамчылардан адамдардын тагдырларынын, ички дүйнөлөрүнүн өзүнчө энциклопедиясын түзүп салса, ал окур-

мандар тарабынан да, коомчулук тарабынан да эртедир-кечтир өзүнүн татыктуу баасын алмак. Анын “тамчыларындагы” шыпааканада жатып, медсестрадан “силер жаткан керебеттерден деле өлүк чыкан, өлүктөн эмне мынча коркосуңар” деген сөзүн угуп, керебеттери көздөрүнө суук көрүнө баштаган сыркоолордун абалы, троллейбуста бирөөнүн билетин компосстоп бергени жатып, аны билетин берген адам, акын Рамис Рыскуловдун кимдерге карыз экендигин унутуп коюп, колуна тыйын тапканда аларды издеп жүргөн сыяктуу, чындыгында эле тамчыдай эпизоддордон адамдардын бүткүл инсандык сапаттары, тагдырларынын тилкелери көрүнүп турат. Ал эсселерди адамдардын ички дүйнөлөрүн кароочу “глазок” деп койсок болот.

* * *

Сүрөткер бул – стиль жана ритм. Өзүнүн көркөм ой жүгүртүү, баяндоо стилин таап, ага ылайык ритмди карманган калемгер гана оюндагыларды, фантазиясынан жаралгандарды окурмандарга элестүү, ишенимдүү жеткире алат. Хемунгуэйдин, Экзюперинин, Маркестин, кыргыз адабиятынан К.Жусуповдун, М.Сейталиевдин чыгармалары күчтүү подтексттери менен айырмаланат. Тургенев, Бунин, Цвейг, Казаков сыяктуу сүрөткерлер өздөрүнө гана мүнөздүү ритмдери менен күчтүү. Мелвилл, Толстой, Паустовский, Бондарев – булар сүйлөмдөрү гана эмес, алардын ыргактары аркылуу да ассоциациялашкан ой жүгүртүүлөрдү, элестерди пайда кылуу кудуретине жетишкен кайталангыс стилисттер экзистенциалисттердин мыкты өкүлдөрү – сезим-туюмдардын нөшөрдөй жааган агымдары (“поток сознания”), алар окурмандарга чатырчаларда дабыраган тамчылардай куюлуп тургандай таасир калтырат, алардын стилдерин, ыргактарын алмаштырууга, чаташтырууга мүмкүн эмес...

Бул жагынан Матисаков алгач колуна калем алгандан тартып, өзүнүн стилин жана ритмин тапкан десек болот. Бул жерде анын чыгармаларынын көркөмдүк эстетикалык өзгөчөлүктөрүнө, деңгээлдерине экскурс жасагыбыз келбейт, анткенге гезиттик аянт да мүмкүнчүлүк бербейт. Бул жерде баса көрсөтө кете турган бир гана нерсе – мейли аңгемелерин алалыбы же публицистикалык макалалары болсунбу, айтор, анын бир аз көтөрүңкү пафостогу, жүрөгү дайым адамдарга ачык, алардын кайгы-кубанычтарына кайдыгер карап тура албаган-дыгы ар бир абзацынан сезилип турган. Кыска сүйлөмдөрдөн куралса да, өзүнө таандык подтексттүү ыргагы бар, ачык стилин адабияттан аздыр-көптүр кабары барлар танбайт да, башка бирөөлөрдүкү менен чаташтырбайт да болуш керек деп ойлоймун.

* * *

Абдиламиттин университетте окугандан берки бардык өмүрү, чыгармачылыгы менин көз алдымда өтүп келе жатат. Андыктан анын адамдык сапаты, журналистикадагы орду жөнүндө да өз көз карашымды, пикиримди айтпай кетпесем болбос.

Элде айрым максималисттер тууралуу "булар жакшылыкты да, жамандыкты да аягына чейин жасашат" деп коюшат. Матисаковдун бирөөлөргө жамандык кылганын билбейм, аны кыртыштары сүйбөгөндөр болушу мүмкүн, журналистикада иштеп жүрүп бардык адамдар менен бирдей мамилелерде болууга таптакыр мүмкүн эмес. Бирок, ал башкалардын жазгандарынын жакшы жактарын үзүлө түшө мактап, аларга колунан келген колдоолорун көрсөткөнгө аракеттенээрин "Кыргыз Туусунда" бирге иштешкенде, андан мурдагы убактарда көрүп эле жүрдүм.

Мундузбек экөө "Ленинчил жашта" иштеп турушканда мени сүрөмөлөп, бир конкурстун жеңүүчүсү да кылышкан. Ал башкы редактор болуп турганда журналисттерди моралдык, материалдык жактан колдоолордун түрүнөн көп нерсе жок болчу. Ардак такта, Ардак Грамота, жакшы макала үчүн акчалай сыйлык, ар майрам сайын берилчү сыйлык, Төлөн Насирдинов атындагы сыйлык... Ошол убакта редакциядагылар бир жылда беш-алты айлыктан кем эмес, өзгөчөлөнгөндөр андан да көп акчалай сыйлыктарды алышчу. Ал эми анын майрамдарды уюштуруп, өткөрүүдөгү жөндөмдүүлүгү өзүнчө кеп. Бишкекте "Кыргыз Туусундагылар" майрамдашпаган кафе, ресторандар жок болуш керек. Же анын кызматкерлерди материалдык, моралдык жактардан колдоп, көтөрмөлөөдө өзгөчө максималисттиги бар эле. Айрымдарды жыйын, чогулуштарда мактай берип, ыңгайсыздандырып да жиберчү...

Матисаков улуттук журналистикада өзүнчө мектепти түздү. Анын мектеби башка мектептерден дайыма жаратман иштерге багыттагандыгы, аларга кызмат кылгандыгы менен айырмаланат. Анын колдарды санаса эле бир топко барат. Азыр Улуттук университеттин журналистика факультетинде профессор болуп иштөө менен журналисттердин жаңы муундарын тарбиялап, педагогдук ишин улантууда. Чыгармачылыгың, устаттык ишиң байсалдуу боло берсин, Абдиламит!



Калыгул Бейшекеев,
журналист

АГАЙЫМ АЛГАН ТҮРКСОЙ СЫЙЛЫГЫ

Ыңгыз Айтматовдун «Абдиламит Матисаков сөз багуу деген өнөрдү, мындайча айтканда, жаратылыштын бир адам аркылуу бүткүл адамзатка жиберген белегин баркынан түшүрбөй, тузунан кемитпей, бийик даража менен алып келаткаңы мени кубандырат» деп каарманыма карата таамай бийик аныктамасын бергени бар.

Кадимки Султан Раев, Каныбек Иманалиев сыяктуу басма сөздүн дөө-шаа калемгерлери баштаган жүздөгөн (арасында мен сыяктуу жөжүрөгөн жаш журналисттери канча дейсиз?) журналисттерге устат болгон ошол Абдиламит Матисаковго жакында адабиятыбыздын өсүп-өнүгүшүнө кошкон салымы үчүн «ТҮРКСОЙдун» эл аралык абройлуу сыйлыгынын ыйгарылышы бизди, анын ичинде мени да кубандырды. Жагымдуу жаңылыкты угарым менен сыйлык ээсин дароо куттуктаганга шашпай, демимди ичиме катуу менен, биротоло бүгүнкү 15-мартта 62 жашка чыгышын кошуп туруп, куттуктоону эп көрдүм. Калемгерлик түйшүктүү сапарды аркалап жүргөн чыгармачыл инсанга гезит аркылуу ак сөздү сунуудан артык сыймык барбы?! Адабият, маданият, журналистика үчүн мобу заманда ак кызмат өтөө оңой эмес болсо, карандай эмгегинден баар табыш андан бетер кыйын. Ушундай шартта Абдиламит Матисаков түйшүктүү эмгектеринин акыбетин эл аралык сыйлык аркылуу татып жатышы мүлдө кыргыз үчүн сыймык эмеспи?!

Сыйлыгыңыз, ага удаа бүгүнкү туулган күнүңүз кут болсун агай! Эл аралык коомчулук сизге бүгүн сыйлыгын берсе, кыргыз эли өзүңүзгө эчак татыктуу баасын берип алган. Аныгында элдин баасынан өткөн сый-ургаал барбы? Ошол эл берген жогорку бааңыз артынан бүгүнкүдөй сыйлыктарын ээрчитип келе берсин! Бар болуңуз!



Алмаш ЧОЙБЕКОВА,
КР маданиятына эмгек сиңирген ишмер, акын

АК КЫЗМАТЫМ ӨТӨЙМ ДЕП...

Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, жазуучу Абдиламит Мурзаевич МАТИСАКОВго

Адам чексиз. Баарыбызга ал дайын,
Сырларына таңкалабыз ар дайым.
Жылуу сөзүм айтыштан эч калбайын,
Мен өзүңө ырдан белек камдайын.
Караңгы түн билет жанган шам жайын.

Канат болуп Ноокатыңдын көктөмү,
Сен шумкарсың, барчынысың көктөгү.
Тунук пейил, болбойт сенде шектенүү,
А талантың эмес эч бир чектелүү.
Даанышмандык – айкөлдүккө эп келүү.

Токтолбостон тоскоолдукту жарып бат,
О сен, барчын, жер кыдырдың чабыттап.
Айкалышып ишиң, сөзүң жарышмак,
Көп ойлонтот, ушул недир табышмак.

Тыным албай, жан үрөсөң жашыңан,
Дөөлөт келди, сылап көкүл чачыңан,
Ийгиликтер коштоп жүрдү башынан.

Таалай берди кылдаттыгың, такыбаң,
Ардактоого, алкыштарга татыган.

Сынагандай, мезгил жүгүн жүктөдү,
Оордукту майыштырдың, бүктөдүң.
Жеңил жерден келген эмес түптөлүү –
Оңой бекен кайраттанып күчтөнүү.
Кадырлашат замандаштар бүт сени.

Берээр кезиң Мекениңе бул чакта,
Татыктуусуң сыйга дагы урматка,
Жазгандарың калат муун, урпакка.
Келечегиң баштап барат гүлбакка,
Дүйүм мөмө өскөн жемиш түр бакка.

Ала-Тоонун чокуларын мекендеп,
Канатыңды талытпаска бекемдеп.
Из калтырбай жашаганым бекер деп,
Дагы орошон максаттарга жетем деп,
Келесиң сен, ак кызматым өтөйм деп.



Алик Акималиев,
акын

ЖАКШЫЛЫКТЫН ФЛАГМАНЫ

(МАТИСАКОВ Абдиламит Мурзаевичке)

Көз кубулжуйт каухар, жакут чачып,
Ышкы берип, жанрух оргуштатып.
Эргиттиңиз жүрөктү эбегейсиз,
Деңиз сымал ташкындап Матисаков.

Туу калемгер лириксиз мен сыйлаган,
Жоомарт пейил, аёкер, ыйбалуу адам.
Мен дүйнөнү көңтөрүп ийбейт белем,
Сиз болсоңуз жатындаш таяныч агам.

Сиздей эч ким көңүлгө жарык бербейт,
Жыгылганды тургузуп алып кетпейт.
Качан болсо жадырап каш-кабагың,
Кабыл алып турасыз "Аликбай" деп.

Жүрөгүңүз не деген айкөл, кенен,
Доско туудай, каска-кас айбат менен.
Сиз таянчым болсоңуз, Парижди мен,
Алда качан багынтып албайт белем.

Бапа кылып Барчынбек, Бактыгүлдү,
Үмүт актап мыкты иштеп, жакшы жүрдү.

Үч акынды сактаган үчүн сизге,
Берээр элек сыйлыктан үч Нобелди!

Сүймөнкулдун таанытып кыргыз өңүн,
Элжиретип салгансыз эл жүрөгүн.
Кызыл "Тандыр" алоолойт "Ак коргондо",
"Кыргыз Туусу" кылымдап желбиреги!



Тынчтыкбек Нурманбетов,
КР маданиятына эмгек
сиңирген ишмер, акын

ТААЛИМГЕРСИҢ, ДООР ЖҮГҮН КӨТӨРГӨН

Абдиламит, жакшы чыкма жашынан,
Жакшы жазып, алкыш, сыйга татыган.
Жапжаш туруп "Кыргыз Туусу", КТРди башкарып,
Жапжаш кезде кара чачың агарган.

Жүзөгө ашып бала-чакта кыялың...
Сөз чебери болуп турган убагың.
Шык, дем берген мээриминдей эненин,
Эч өчпөсүн тандыр чогу ылайым!

Абдиламит, таланттуусуң таанымал,
Билем сени, Сөз атасы даарыган.
Жаза билген таберикти табылбас,
Жазуучусуң таалайыңа маарыган.

Абдиламит, сөздүн калпып каймагын,
Арыш керип, арыбагын, талбагын.
Анделек жыт аңгеменди сагындык,
Ширин... Ширин кебиң улап жалгагын.

Абдиламит, калем матап көшөргөн,
Боор толгоп, төшөлгөнгө төшөлгөн.
Шакирттерге мээр төккөн устазсың,
Таалимгерсиң доор жүгүн көтөргөн.

Абдиламит, жакын санап өзүмө,
Ак батамды берип жүрөм өзүңө.
Эгер айтсам, бир чындыкты кашкайган:
Сен сүрөткер жан киргизген сөзүнө.

Абдиламит, булчуңуң таш палвандай,
Кармашканды жерге чапкан тайманбай.
"Суу жетелеп, күндөрдү аттап..." күүлүү бол,
Жерин барктап, элин баккан багбандай.

Абдиламит, кутман курак кут болсун!
Тилегеним: Кудай буйруп жуп болсун.
Жаратканым жалгап дайым өзүндү,
Ак ордоңдо: кут, береке жык толсун!



Бакыт Мырзатаева,
акын

СӨЗ

Жазуучу А.МАТИСАКОВго

Тандайында эригендей ширини,
Таттуулугу түштүгүмдүн жүзүмү!
Таңкалтырат ак шооласы СӨЗдөрдүн,
Табылгандай жылдыздардан үзүмү!

СӨЗдөр сөзгө канаттуудай тизилип,
Учуп чыкса ай-асманга тирилип!
Кан-жаныңды желбиретет жылуулук,
Кандай таттуу СӨЗ бар жерде Тирүүлүк!

Изденүүнүн түйшүгүнө тилинип,
Жазганына жанын төшөп бүгүлүп.
Жашоо берип, улуу СӨЗгө түс берип,
Жан салууда бирде ыйлап, бир күлүп!..

"Турмуштагы тамып жаткан тамчыга,"
Тунук ойду, күлүк ойду камчылап.
Жазгандарын миң электен өткөрүп,
Тыңшап калат СӨЗ жүрөгү барчылап!..

Тамгалардан жакшылыктын жамгыры,
Тамырына жаткан өңдүү тамчылап.
Жада калса жандуу сөзгө жалбырак,
Жаны тынбай алаканын чапкылайт!

Бүт ааламдын чечкен өндүү түйүнүн,
Сөз устасы бир жазылып, түйүлүп.
Сөздөн шуру тагып жатса дүйнөгө,
Акак сөздү өпкүм келет сүйүнүп!..

Теспедеги тизилишкен шурудай,
Жан дилиңе жаккан аят шыбырдай.
Кайталангыс СӨЗдөр тирүү! А кээде,
Канат кагып обологон бир ырдай...

Кайрыктары кан-жаныңа дем нурдай,
Канбас моокум кайталасаң миң ырдай...
Кара сөздүн бүткөн ырдын күчү бар,
Жан дүйнөңдү ойготчу бир шыңгырдай!

Сезимдердин көшөгөсүн СӨЗ менен,
Секин сыйрып, күүгө салып көксөгөн.
Рух азыгы жандандырчу суусундук,
Ага чыны кимдер чаңкап өтпөгөн?!.

Тарыхтардын толкундары өкчөгөн,
Таланттар бар сынбас, жокко чөкпөгөн!
Чоктон жалын жаралгандай жазганы,
Чолпон сымал балбылдаган, өчпөгөн!

Сөздүн күчүн "жаздап" алып башыма,
Суктандырган көркөмүнө ашыга!
Бийигине, тереңине тең келээр,
Бир өзүңдөй таба албадым асыл баа!

Таңсык жанга дары сымал даамы да,
Тамшандырган ширелүү СӨЗ – табылга!
Таланттарга тийип турган жарыгы,
Тамызгыдан айланууда жалынга!..

Күмүш СӨЗдөр күн тийбеген гүлдөрдөй,
Күчсүз тартып, өндөн азып жүргөндөй.
Керемети, нарк-нускасы бааланбай,
Келди-кетти айтылууда иргелбей...

Ар бир сөзүң сенин жүзүң, өз өңүң,
Таап айтсаң тамырын же СӨЗ өңүн.
Бизге бул СӨЗ жеткендиги тууралуу,
Бир жомоктун айткым келет өзөгүн...

Байыр кылып жер үстүнө бейишти,
Байыртадан адам билбей кейишти.
Азбай-тозбой узак өмүр сүрүшкөн,
Азык кылып жалаң гана жемишти.

Сөздөр таттуу, тамак таттуу жегенге,
Түшкө кирбей өч алуу же кек эмне?
Жүргөн кезде жылан уу-сөз таратты,
Ырыс, куттуу, ынтымагы бек элге.

Чаар жылан, кара жылан, ак жылан,
Шаймердени, ханышасы тактыдан.
Жар салыптыр, талап коюп чиркейге,
Табасың деп азык болчу татты кан.

"Жердин үстүн тыным албай кыдыргын,
Жең ичинен жандуу издеп сыдыргын.
Кимдин каны таттуу болсо айтып кел,
Келет салгым тукумуна бүт кыргын!"

Чиркей учту аалам кезип зыңылдап,
Адам каны таттуу деди "ыр" ырдап.
Амал издеп жеткирбеске бул сөздү,
Чабалекей канат кагат чырылдап.

Алааматты көз алдына келтирип,
Ак канаты асман чийип, жер чийип...
Адамзатка алакандай ак куштун,
Ак пейили ак дайрадай эң тунук.

Өмүр турат кыяматтын мизинде,
Өлүм турат чиркей заар тилинде.
Жанын сабап жакшылыкка чабыттап,
Жолун торойт чабалекей дирилдеп.

"Кана тилиң, кимдики экен эң таттуу:
Же жөн гана айтасыңбы сен калпты?"
Деген кезде чиркей, чиркин чыдабай,
Тилин сунуп көрсөтүүгө ал шашты.

Ачкан кезде карагансып тилине,
Чабалекей үзө чокуп түбүнөн.
Ак кызматын адал өтөп коюптур,
Адамзатка эч айныгыс дилинен.

Өлүм-өмүр байланышкан СӨЗ менен,
Жылан күткөн "таттуу каны" эңсеген.
Жел учуруп кеткен сымал ортодо,
Суук сөздөр максатына жетпеген...

Чиркей турду сүйлөй албай буулугуп,
Чабалекей бузган жылан буйругун.
Чакчелекей түшүп жылан ак кушту,
Чагамын деп жетпей тиштейт куйругун.

Ача куйрук калган экен ошондон,
Адам менен чабалекей болгон дос.
Ак жай келип уя салса үйүңө,
Ак пейилден боорунду толгоп тос!

“Айтылган сөз, атылган ок” сыңары,
Айтса чиркей аткарылбай турабы?!
Ак канаттуу чабалекей болбосо,
Адамзатка тиймек экен убалы...

Ажарланып жаз келгенде ааламга,
Алгач келет чабалекей саламга.
Ак канаттуу сактап калган адамдан,
Ак санаттуу СӨЗ калыптыр заманга!..

Сөздөр сөзгө канаттуудай тизилип,
Ай-асманга учуп чыкса тирилип!
Кан-жаныңды дирилдетет жылуулук,
Кандай таттуу СӨЗ бар жерде Тирүүлүк!

3-БӨЛҮМ

ПОВЕСТЬ ЖАНА АҢГЕМЕЛЕР





ТАНДЫР

(Аңгеме)

Апамдын жаркын элесине

Апамды көргөнү алыстан ат арытып келген тууган-туушканды-рыбыздын да, айыл адамдарынын да аягы үйүбүздөн узакка үзүлбөдү... Апам бак ичиндеги сөрүдө. Астында калың төшөлгөн жумшак төшөк. Көргөнү келгендер менен баш ийкеше, жылуу учурашат. Жакшы элесиңби? Өткөндөгүгө караганда саал өңүң да түзүк, догдурдун колунда көп болдуң да. Берген дарылары деги жага турганбы? Дарт-дабасын ошолор билчү эле, эмне дешет?..

Апамдын көңүлү айнып, жаны сыздап жатканын туюп атышкандай, жүздөрүндө кейиштин изи калып, узаткан суроолору аяр, ары жумшак. Тегеректей олтуруша калып, оозунан кеп чыкса илип алышып, баш ийкей коштоп олтургандарга апам жай гана:

– Жакшымын, – деп жооп кайтарат.

Ушул тапта түн уйкусун кыйнап, көкөй эзген кыңкысы пастай, жүзүнө аёо карек тигишкен аялдарга жай айткан, шыбыр айткан жалгыз сөзү чын эле айыгып келаткандай жышаан туйгузуп, жүрөгүмө сүйүнчү кабарын берчү. Анан бүткүл жан-кубатына, дарманына салып, жанында бүйрө тартып олтургандардын үй ичи, бала-чакасынан өйдө тегиз сурамжылап чыгат.

Адатынча биздин үйдүн босогосун аттап, башбага калган катын-калачтын алдына ой-боюна койбой, тапкан-ташыганын жайнатканга маш апам, эми ал-жайын сурап келгендерге чай суна албаган абалына ариеттене калгандай жүзүндө кыжалат.

Келгендер узакка олтурушпайт. Шашып турушат. Сөрү алдына чечишкен кепичине эңкейе ары-бери чуркап жүргөн бизге, үй-турагыбызга аёо карек кадап, бут учтарына кепичин илишкен соң, апама дагы келип турушарын, “тагдыр жазганын көрөрүн” көп эле балдарды коркутуп, ташпишке салбоосун муңайыңкы өтүнүп чыгышат. Кай бири жаныбызга токтой калып, апабыздын кеселинен куландан соо

айыгарын, келин жумшап, ал тургай небере көргөн ырыстуу байбиче болорун сүйкүм божурап мээримдүү.

Турмуштун сансыз калбаасы аларды тымызын алаксыта өз өкүмүнө моюн сундуруп, эмелеки бейтап адамдын көңүл кушун көкөлөткөн жароокер сөздөрүн көкүрөктөрүнөн шыр түшүрүп ийишкендей, биздикинен түз эле тамеки талаасына, бири дүкөнгө, дагы бири той камылгасын көрүп, туугандарыныкына жол алышат. Курчу кайта түшкөн көздөрү алардын ээрчише баскан караандарын тээ өзү суу көтөрүп кайтчу чоң арыкка чейин кусалуу карашта узатып, ылдый бурумдан көрүнбөй калганда гана оор улутуна артындагы жаздыкка кыйшаят апам. Тынчтык саамга созулбай, үшкүрүк соңунан дене сайгылаштырган кыңкыстын үзүгү тээ түпкүрдөн сызылып чыгат.

Ушундан уламбы, апамды жалгызсыратпай, дагы кимдир бирөөнүн кирип келишин көрсөк, сай-сөөгүбүзгө баткан онтоосун басып, "шүгүр, жакшымын" деген сөзүн дагы уксак деген үмүт үйдөгү ар биребиздин ниетибизде турчу. Биз күткөн ошол адам узакка кечикчү.

Үйгө кишилер түшө калганда, кепке сөзсүз атам аралашат. Үнүндө кейиштин залдары сезилип турса да, сөзүнүн баш-аягы сабырдуу:

– Ооруң түшкүрдүн карыгабы, жашкабы, жүзүн ары кылсын. Кызыл жүгүрүктү капарга албай жүрүп, өтүштүрүп ийди... Догдурга көрүнбөй анан, туура беш ай замдап дарылашты го. Дарт өтүшүп кетсе, дарынын деле жардам-пайдасы аз окшойт, эми минтип адам болору арасат...

Кээде ылгабай чыгарган сөзүнө, киши кеткенден кийин карындашымдын кейигенин айт:

– Кебиңизди таап сүйлөсөңүз, ата. Бекер айтыпсыз, апам айыгат эле.

Ал тургай, апамды көргөнү келгендердин жумшак сөздөрүнө көкүрөгү толуп кетчү Каныштын ушул тапта карегин жаш чаят. Атам осолдой түшүп, түшүрүп ийген сөзүн кайра алмакка:

– Сенин ыкыбалың болсо, апаң сакайбай анан. Пендеси түшкүр, жаманчылыгын дайыма ала жүрбөсө, кызым... Көп кейий бербегиле, бешенеңерге не жазганын кайдан билесиңер. Ырыскысы түгөнбөсө, энеңер дагы көп жыл жашап берээр, – деди.

Шашпай ордунан турмакка абдула берип, апама эңкейе калат. Бир калыпта чыккан демин дабагердей тыңшай калат:

– Анар, Анар дейм, ач көзүңдү, беймаалда көп жата бербей, туруп ары-бери бассаң. Бүткөн баданың[1] да кыймылдабай бир жолу куурап бүткөндүр, аа... – Акыркы сөзү ылаажысы түгөнгөндөй какшап чыгат.

[1] *Бадан – дене.*

Апамдын өзү туруп баса албасын билсе да, көңүлүбүздү көтөрмөккөбү, атам айткан сөзүнүн аягын күтпөй малкана жакка басат. Айтылгандарды кулагы чалдыбы же жокпу, апам үндөбөйт. Иңир кирген сайын ал жаткан сөрү күңүрттөнүп, дайыма көзгө ажайып көрүнчү бак суз, апамдын алсыз денесин оп тартып кетчүдөй сүрдүү. Карындашым экөөлөй өйдө тургузабыз.

– Акырын, балдарым, – дейт шыбыр үнү, – козгобой кичине коё турсаңар болот эле. – Кош кабатталган көздөрүн ирмегилеп, бизге алмак-салмак тигилет. – Аа, кеч кирип калды беле?..

Чоочудубу десең, такыр окшобойт. Узак деле уктагандай болгон жок. Колтугунан аяр сүйөп, сөрүдөн түшүрөбүз. Жеп-жеңил. Ичке, арык манжалары жумшак. Алаканы күзгү жылбырактай шуудурап, жылуулугу аз.

Эки колтугунан жөлөй, пешайванга[1] аста басабыз.

– Токтогулачы, кагылайындар, демигип турам...

Энтиккен үнүнөн токтой калабыз. Мага жөлөнө түшүп, ээрдин бекем кымтый (тиштенип алды окшойт) бир тиктеген жеринен көз албайт.

Апамдын жолу кыскарды. Бак ичинен үйдүн астанасына чейинки аралык отуз эле кадам. Күндө бул жолдон эки ирет басат. Саар менен бакка, беймаалда кайра айванга. Эки аттап жетчү тандыры эми ага алыс. Дарман жок. Көздөрүн пар ачып, оор үшкүрдү. Аяктарын жерден үзө албай жаткансыды. Жүзүнө тигилдим. Бет маңдайындагы тандырга назары түшүп туруптур. Тандырдын тегерек тарткан оозу жагылган оттон улам кара көө, кечкисин көзгө жугумдуу, кооз эле.

– Үстүн кийиз менен жаап койгула, жамгыр келет окшойт, калыбы... – Сөзүнүн багыты тандыр жөнүндө баратканын иле койдук. Так төбөмдөн нур чачкан жылдыздарды көрүп, өзүмчө таңгалам. Мүмкүн, апама жаан жаачудай сезилгендир? Же ыманы ысык эски тандырына камбыл пейилин карматып, дагы кабатырланып жаткандыр? Эски, ар кайсы жеринде күйүктүн тагы калган жеңчеси тандырына жаңаша өскөн бака теректе илинүү. Тандыр боорундагы текчеден нан жабар алды айран куюлуп турчу калай табагы көмкөрүлгөн. Астындагы далдоо жайда кургак, жарылган отун жыйылган. "От тамызгыга жарылган отун" деп, эч кимди ага катылтчу эмес. Жаан-чачын, бороон-чапкынбы, апамдын карааны тандыр тегерегинде жүрчү. Отту дуулдата жагып, үстүнө жай айында чабылган койдун көңүн калап салчу. От көпкө күйөт. Тез эле кордун табына тандыр ичи агарып чыкчу.

[1] *Пешайван – эшик алды, бастырма.*

– Мени бирпаска отургузгулачы ушундай. Кийизи кайда калды экен?.. Тандырынды этияттап, парваштеп[1] урун, кызым. Ырыскылуу тандыр бу.

Апам тандыр жанына орундук койдуруп, адатынча бышып аткан нанына тынчсыздана карап жаткан сымал орун алды.

Иңирде бозоруңку тарткан тандыры маңдайында. Ага кадалган, азар сепкен көздөрү ирмелбейт. Тандыр тегерегинен элес кармачудай ойлуу.

– Нанынан бергилечи, – деди муңайым.

Эне сөзүн илгиртпестен илген карындашым лып туруп, айванга жетти. Ичкериден сандык кыйч ачылды. Нан илгертен эле сырты кооз тунуке менен капталып, четтери көк, кызыл, сары бариктердин көчөтү чегерилген жыгач сандыкта, кагазга тыкан оролуп турчу (сандыкты апам Оштун базарынан таптырган экен.) Кагаздын шуудуру чыгып, илем-саламда Каныш кайра чыкты.

– Апа, мынаңыз... – Нанды кош колдоп энесине сунду. Апам колундагы патир нанды эми-эми сындырчудай бай берекеленген түспөлдө.

– Садагасы кетейин, улук нан. Улуктугуңду унутпай... ушу күнгө келдим... – Деми ичине түшкөн сындуу добушу пастап, калган сөзү ачык чыкпады. Кантсе да анын кайрылууларын, толгонууларын түшүнүү кыйын эмес эле: "Жаштайыман үрөн сээп, талаадан түшүм күттүм. Саратан ысыкта кайракы буудайды кырмын орок менен оруп, кызылын бастырып, "оп майда" айтып, кырман үйдүм. Асылын тегирменге тарттырып, тандырга нан жаптым. Бала бактым. Аларды жетилттим, катарга коштум... Өмүр бою аты улук, ак нан сени менен бирге жашадым..."

Маңдайындагы нан күн болуп, апамдын өңүн бир ажайып нурдантып тургансыды. Бара-бара кош колу жай ылдыйлап олтуруп, калдайган тегерек нан ырандуу жүзүн жаап калды. Жоок, апам кургак эриндерин патирдин четине тийгизип, узакка өөп турду. Анан өз колунан бүткөн тандыр нанынан кумарлана жыттап, бешенесине этият сүрткөн соң гана кызына кайра узатты. Нанды кайтарарда каруусу жок манжалары патирге карышып калгандай тарамыш чырмаган арык колдору карындашым тарапка созулуп барып, уучуна бекем кыскан берекесин, баалангыс буюмун алдырып ийгендей сумсая түштү.

Селейген жымжырттык үшүбүздү алып, апам эми үндөсө эле колтугунда олтурган кызы ый чыгарганга даяр турган. Апасы ага аракет кылса да, айтчу сөзүн чыгарууга алы келбеди. Көптө барып шыбыш добуш менен:

[1] *Парваш – урмат, ызаат.*

– Ордуман тургузгулачы... – деди. Колтугунан аста жөлөп, өйдө кылдык. – Тандырга жакын баскыла, балдарым.

Жана олтургандан тарта көзү өтүп тиктеген, боор эти менен тең тандырына жакын турду. Күлдүн, күйүктүн, аздан соң нандын көңүл ийгизген жытын сездим. Апама карадым. Көз кычыгын жаш жалагандай. Жаңы курулган тандыры курчу кайткан көзүнө кандай урунуп атты экен? Баса, шам аралаш неге турдук бу жерде?

– Ырыскысы түгөнбөс тандырды таза тут, кызым. Күлүн карачы, алынбаптыр...

Күтүлбөгөн кебине карындашым чыдабады:

– Минтпечи, апа. Эртең эле айыккандан кийин нанды өзүңүз жабасыз,- карындашым жашып ийгенсиди.

Тандыр турпаты күүгүмгө ого бетер бараандуу тартып, алдындагы балдарына өбөк тарткан өз ээсинен, апамдан жатыркаган өндөнүп турду...

* * *

Кээде апам менен тандырдын жанында болом. Ага жардам этем. "Агарды" деген сөзүмдү пайлап тургандай апам бир колуна айран куюлган идишти, экинчи колуна жеңчесин кармап, тандыр жакка басат. Жакындай берип, тандыр ичине эңкейе:

– Оо, периштеси ысыгым, тандыр ичин бир башкача агартыпсың го. Сүт уюттум. Ысык нан жапканча айран да болуп калат. Чогуу чай ичебиз. Барып китебинди тикте эми, – дейт, колумдан көсөөнү алып атып. Адатынча, бетимден "шуу" дегизе жыттап да алат.

Тандырдан, апамдан алыс барбайм. Кыйшак дөңгөчкө көчүк басып, колумдагы китепти ачам. Апам заматта мени унутат да, бүткүл ынтаасы тандырда...

– Оо, мударис[1]. – Бош отурганымды атамдын көзү чалып калды. Түз эле там башыдан үн салат. – Китебиңди коюп, жарык-жаанда кыймылдагын. Кечки суук түшө элегинде малдын отун майдалап жибер. Түн узарган убак. Кечкиге койсоң бир айлык сабагыңды бышыктаганга убакыт жетет. Бейпайда отурганга эмитен көнбө.

– Жанатан бери бала тандыр агартты, билип-билбей эле сүйлөй бересиңер, мектебинен келгенден мына тына элек. Апам мага болуша кетет. – Кыркылып жүрчү от калат беле... Бүтөр.

Сөз жеттиби же ишине алаксый кеттиби, атамдан кайрылып үн чыккан жок. Апамдын жеңче кийген колу тандырдан бышкан нан

[1] *Мударис – чилистен, окумал.*

үзүп себетке салат. Сол колу камыр бетине айран сүйкөп, жеңче бетине оодарып, эми эле үзүлгөн жерине жабыштырганча, баржак бетиндеги бышкан наны шаштырат.

– Ме, ысык жеп тур. Ушатчу болбо. – Себеттеги жайнаган нандан бирди бүтүн мага узатат. Ысык нанды колумдан алмак-салмак которуштура, үйлөп жиберем...

– Ии, кандай экен, кыйгыл даамы жокпу? – Апам мага бурула карайт. Дидары кудум колундагы нанындай албырып, нурдуу.

– Маканын дүмбүлүнөн кайрып келе калчы. Корго көөмп берейин. Ондуу жей элексиң. Күз кечтеп, сүтү катып калганча жеп алсаңар түзүктөп, турагой, – дейт.

Китебимди бүктөй коюп, шашкан бойдон маканын шагына жүгүрөм. Колума урунган эле маканын дүмбүлүн ааручый, данын манжам менен басып көрөм. Дандан чыккан сүт чачырай берсе, ошол эле жерден кайрып, артка тартам. Жолдо бир тал чачысы калтырылбай таза жылаңачталган дүмбүлдү апама жеткирем.

Колумдан дүмбүлдү алып атып:

– Канча бала кучактаган экен? – дейт, бышып келаткан нанды бир карап алып.

– Жалгыз эле экен.

Кайрыган жообума апам таң. Мага эңкейе чочуй карайт:

– Жалган айтпа. Эсиңде болсун, мака эч качан мындай чакан, жалгыз дүмбүл кучактабайт. О, калпычы десе.

Китептин кайсы жерине токтогонумду тапмакка кара күчкө барактамыш болом. Бирок, апамды ыза кылган калп сөзүмдүн жемеси азда эле токтоп калбайт:

– Алдамчынын оокаты курсагына жук болбойт. Кулагыңа канча куйсак деле көкүрөгүң бош окшойт сенин. Жел болбосо, чөптүн башы кыймылдамак беле. Эмитен алдап, жалган сүйлөөгө көнсөң, кийин эмне болосуң? Бирөөнүн көзүн бир жазгырасың, эки жазгырасың, а анан? Кой, антпей жүр.

Апамдын кейигенин атамдын кулагы чалбаса экен деп, чый-пыйым чыгат. Жетсе эле, болду дей бер! Кечке кебине кошуп эрмектей жүрөт.

– Ушундайында чоң-кичүүгө туткан сөзүң адал, сүттөй таза болбосо, ишиң чатак. Колуңдагы кармап турган китебиңде дагы ушулар жазылса керек?

Баары бир, апамдын жеме-жукасын атамдын сак кулагы чалып калыптыр:

– Дагы сүтак кайрып келиппи? – Үнү ачуулуу. – Буларыңды такыр койдура албадым. Ушуларыңдын мака менен иши барбы! Кайра бүлдүргөнгө тап. Маканын шагына бастырба деп канча айтам сага!

Жок жерден чыккан беймаани сөзгө апам чыдабайт. Атамдын кебин кайчы бөлүп, эми мени актоого өтөт.

– Жо-ок, мусулман киши десе (жок нерсени оюна салган кишини ушинтип атоочу), угуп-укпай эле сүйлөй бересиңер. Маканын алды как болуп, кайрыганы калбадыкпы. Бул макаңдын бир түп мака жалгыз баш дүмбүл кучактайт деген калпына кейип атам. Ушинтип сүйлөй берип, колундагы дүмбүлүн кызарган чок ортосуна салып, үстүнө корду шилей тартып коёт.

Атам өзү дагы тынчы жок киши. Иш тапканга ушунчалык уста. "Тиричиликти терметкен ушул атаңар" дейт апам да.

Четтери саймаланган дасторкондо жаңы уютулган айран, чоң пиалага томурган сары май, ыпысык буудай наны. Адатынча бизди күттүрүп, алигиче атам сыртта. Чыдай албаган апам айбандан үн салат:

– Келбейсиңерби эми, ушул күттүргөн адатыңарды качан коёр экенсиңер.

Бир топто барып атам кирет.

– Колго суу куй, – дейт мага. Ордуман элпек турам.

Ал төргө чыгып мандаш урунат да:

– Тандырың кандай? – дейт апама.

– Кандай болмок эле, куниги чыгып бүттү, көрүп турбайсыңбы?

Апам нааразы унчугат.

– Анда колдун бошунда оңдотуп албайсыңбы? – Атам чайын ууртай берип, апамды пиала үстүнөн тиктейт.

– А күн кана! Көзүм ачылбайт беле. – Атамдын бошогон пиаласына кол созуп, апам сүйүнүчтүү. – Тандыр жандык сөйкөнсө эле көчкөнү турат.

– Эртең эле алакат кылалы анда...

Тандыр жөнүндөгү маслет ушуну менен бүттү.

Келерки күнү тандыр бузулду.

Апам:

– Этияттагылачы, кокус жерге катуу коюп, жарака кетирип жүрбөгүлө, – деп бизди тегерене чыйпылыктап жүрдү. Бузулса ордуна жаңыны курганы жатсак, эскисине неге зээн кейитип жатканына мен түшүнбөйм. Тандырдын оозун алып жерге койгонубузда, орду көзгө куник тартылды. Апам улам эңкейе калып, кара көө болгонуна карабастан жака-белин кармалап, кези келсе дагы пайдаланчудай калбаат.

* * *

Анын эртеси опур-топур тандыр жасоого кириштик. Атам эшегине бир жапма кылып алып келген ак топуракты жерге төгүп, суу куюп, буламыктай ылай жасады. Бир күн өттү. Ылай уюду. Шашке ченде ишке кириштик. Апам ичкериден боз бөзгө түйүлгөн эчкинин жүнүн бурдай көтөрүп келип:

– Ушул жетээр? – деди.

– Оой, кой, болбос. – Атам чоң түйүн жүндү көрө коюп, чоочуп алды. – Он тандыр курмак белең? Жетмек түгүл бул ашып да калат. Кичине жетише урунсаңар.

Апам аны аягына чейин укпайт. Жылаңайлак буту менен жаңы уютулган ылайдан бир четинен майкандап ийлеп кирет. Бир сыйра тебелеген соң, четтеги түйүндөгү жумшак жүндөн улам үзүп аягына таштай аралаштыра кечет. Мен шапшыла кечилип жаткан ылайдан көзүмдү албай, улам жүндөн үзүп апама узатканга өтөм.

– Түзүк, түзүк эле берсең битиребей, чоңойгондо сараң болот беймсиң. Бер түзүк эле, эки колдоп сунсаң? Бул берекелүү, ырыскылуу тандыр болот. Силер чоңоюп эр жеткен чагыңарда келиндеримдин колунан ушул тандыр нанынан буюрар бекен?.. – Сынамакка көз кыйыгы менен мени карайт апам.

Мен уялып кеттим. Тилимди таңдайыма "шык" эттирип тура берем.

– Ой-бай, ботом, чоңойгондо аял албай бул дүйнөдөн так өткүн барбы? Биз эмне ушинтип, түбөлүккө маңдайыңарда эле турмак белек! Карыйбыз, арыйбыз. Нан таап, бизди да багышыңар керек. Угуп жатасыңбы? – Апамдын согончогу тийген ылай төгөрөк тартып, суу ошол жерге толгондо, экинчи буту аны чачырата бузуп кетет. Чөйчөккө сыйчудай суу бара-бара азайып олтуруп, акыры таптакыр соругуп бүтөт.

– Үйлөнбөсө койсун, ыраңы суук. – Атам сөздү кайра козгойт. – Берки чоңун да сынамакка, эркелетип кеп салсам туйлап, эшиткиси жок. Ма демектен так өтүшсүн! – Ал ачуусуна алдырып ийгенин кийин билдиби, – Насибине буюрганы тургандыр да, – деп кошумчалап койду.

– Жүн түгөндү! – деп кыйкырдым, "мейли чоочуп кетишсин. Мен дагы иштеп жатам" – дейм ичимден.

– Жүндү бүт ада кылдыңбы? – Атамдын сөзүнө таңдануу бар.

– Алтын (апам мени эркелеткенде ушинтип койчу) колундагыны коё туруп, кичине үйгө кирсең, шыптагы түйүнчөктө жүн бар. Бир тутамдай алып чыкчы.

– Тандырды качан куруп бүтөсүңөр? – дейм апкелген эчки жүндү апама сунуп атып.

– Шашпа, уулум, курабыз. Ага чейин казанга нан жаап берем. Каапама сунуп атып.

– Шашпа, уулум, курабыз. Ага чейин казанга нан жаап берем. Каалласаң каттама, боорсок жасайм. Анан коңшу-колонду тандыр курганласаң каттама, боорсок жасайм. Анан коңшу-колонду тандыр курганда өзүң чакырып келесиң. Көпчүлүктүн колу тийген жакшы имиш, да өзүң чакырып келесиң. Көпчүлүктүн колу тийген жакшы имиш, туурабы, атасы?

Атасы буга көңүл кош...

* * *

Тандыр бети аз күндө эле кургап калды. Эртели-кеч жандыктардын туягынан этияттап, тегерегинде чыбык кармап, мал камалгандын туягынан этияттап, тегерегинде чыбык кармап, мал камалганча жылбайм. Сынамакка кээде катуураак кармап көрөм. Зыңкыйып четинен укаланып да койбойт. Апамдын эчкинин жүнүн эмнеге аралаштырганына ошондо гана баамым жетти.

Жума күнү эрте ойгондук. Атам айванда жаагын жибитип, өзү текчеден түшүрүп ийген күзгүнүн сыныгын алдына коюп алыптыр. Базарга барарда жаак-башын бир сыйра кырынып алмай адаты. Бул баарыбызга жат болуп калган көрүнүш.

Төшөктөн тураарыбыз менен улуу жагылган очоктогу отко үймөлөктөшүп атып апам тандыр жөнүндөгү сөздү атамдын эсине дагы салды:

– Тандырдын күн жеп калганына он күнгө чамалап калды. Бүгүн бир чыгынып куруп албасак, балдар да казан нанга көнө албай кыйналып кетишти.

Бешенесиндеги күзгүсүн оңдоп койсо да, дидарын жакшы көрө албай, өткөндөгү бир кокустукту, карайлаган чоркоктугун эсине алып, убаракерчиликке түшүп олтурган атам жаңы түйшүктү кабарлаган сөзгө алынып кетпей, токтоо:

– Эми курам десең, этиятта. Өзүндүн эле мээнетиң... Чакыртам эле деп өпкөң көбөт, баланын бирин коңшу-колоңдорго жүгүртүп ийбейсиңби. Ачык-жарыкта козголбосоңор, тандыр коюш оңойбу. Күн да кыскарган убак.

Атам үйдөн узап чыкканчакты, узак кебин түгөтө албай, улам артына кылчая насааттарын берип, бир күнү жок болсо эле чарбасы чачылып калчудай сак. Мени жүгүртүп, унутуп калган чарчысын алдырат.

– Сен апандын айтканы менен болгун. Оюнунду бул сапар коё туруп, убагында уюңду сугар...

Узак кепке башынан чыдамы жок апам артыбыздан ээрчий чыгат:

– Баргылачы эми, дегеле оокатыбыз өтпөй калчудан бетер... Бешимден калбай кайтсаңар, эл катары.

– Э, кой, ишим бүттү, келем. Базарга кыштап калат дейсиңби?..

Атам кетээри менен апам мени коңшуларды чакырганга жиберди.

Бир маалда чоң эне баш болгон апамдын ынактары: Аккыз, Касиет, Ирапа эжелер жүгөрү аралаган жалгыз аяк жолдон көрүндү. Апам жумушун таштап, алдыларынан утурлай чыкты:

– Муну жасап, чалым экөөбүздүн күнгө койгонубуз качан. Таза какшып, бир жакшына кургады. Коюшуп бергиле. Силердин колуңар тийип, береке чачкан ак жолтой тандыр болсун деген тилегим бар эле.

Коңшулар бир чайкамдан чай ууртташып, узак кепке өтүшпөй тегиз туруп, тандыр коюуга кам урушту.

– Оо-уу, дегеле чоң жасагансыз го. Балдарыңыз чоңойгон сайын, тандырды да кеңейтейин деген экенсиз, – деди Бүбүсайра эже тандырга жакындай берип. Апам баш ийкейт. Кулагына сөз илиндиби, жокпу – баарына макул, бу тапта. Жүзүн күлкү чаят.

Көзгө куник тартылчу жерде эми кооз тандыр турду. Анын тегерек оозун коюшуп, атарабин[1] шыбап ийишкенде, ал го бетер көзгө кооз көрүнүп калды.

– Арткы көзөнчөгүн чоңураак эле калтырганыбыз саз. Түтүндү артка айдасын, от жакчы көрөлүк, – деди Аккыз эже, ылай болгон алакандарын укалап.

Кургак чаткалдардан калап, апам жаңы тандырына ширенке тартты. Тандыр оозунан жалыны соймоңдоп, улуу күйгөн отко апамдын сүйүнүчү айтып бүткүс эле.

– Оңуп эле калдың, тандырдын чогу өчпөсүн, түбөлүк жылуулугу кетпесин. Небере-чөбөрөлөрүңө да ушул ырыскылуу тандырдын нанынан жегиз ылайым...

Апама арналып, чын дилден төгүлгөн ошол күнкү тилектердин тазалыгы-ай!

– Колуңарды чайкагыла, ичкери киресиңерби же салкын бак ичи сазбы? – Апам адатынча меймандос пейлин карматат. – Силерге оокат даярдаганым качан, муздап калбаса болду...

Жашыл майсандагы кийизде отурган кошуналардын эки сөзүнүн бири эле тандыр.

Коңшуларын узатып чыккан апам:

– Өзүңөр коюшкан тандырдын нанынан өзүңөр ооз тийип бересиңер. Тегиз келбесеңер, таарынчым чоң болот, – деди.

...Алгачкы жапкан ак нанынан аларга ооз тийгизди.

[1] *Атарабин – туш-тарабы, жанын.*

* * *

– Беймаал тандыр алдында турганыңар кандай? Ичкери киргиле да, апаңарды жылуураак кийиндирип, ысык оокатын бергиле. – Бизди көрүп, атам кабатырлана кетти. – Күндө олтурбаган жерде эмне бар десең, ыраңы сууктар...

– Апа, жүрүңүз ичкери. – Карындашым ордунан биринчи турду.

– Тандырчы? – Апамдын шыбыр үнү экөөбүздү тең чочутуп ийди. Тынымды апам өзү бузду. – Жүргүлө анда, жүргүлөчү, балдарым.

* * *

...Апамды жайга алып келген күнү жамгыр шумдук жаады. Таң эртеден көнөктөп куюп, түшкө таяп басаңдай тартты.

Чоң үйдөн апамдын табытын алып чыгышты. Үстүнө кара баркыт чапаны жабылып, өз колунан капталып, дайым төркү үйдө, жүктүн орто ченинде жыйылып турчу атлас төшөк алдына салынды. Ооздо тургандар “чур” этип басылышты. Баарынан да жалгыз кызынын – карындашымдын сай-сөөктү сыздаткан үнү муун бошотуп, көпчүлүктүн да көңүлүн бошотуп ийди. Апам кызынын ачуу чыккан добушунан селт чоочуп, үстүндөгүлөрдү чапчый, табытынан обдулуп турчудай өндөнүп кетти. Жок! Менин капарыма келген ойлор ошого окшоштуруп ийди бейм.

Жаак ылдый токтобогон көз жашыма ээ боло албай өпкө кагам.

Апам менин жанымдан кыя, эл колуна “өттү”. Кызынын эки колтугунан бекем тутушуп, апасын алып түшүшкөн тепкичтин жанында калтырышты. Кызы менен кайыр айтышканы ошол болду.

Биринчи жолу айылдаштарымдын сөөгү коюлган бейитке көпчүлүк алдында жол алдым. Табыттын алдыңкы учу ийнимде. Дайым кеби түгөнбөгөн карылардын, айыл аксакалдарынын ушул саам сөздөрү үзүлүп, демдерин ичине алышып, биздин соңубуздан жай каалгышат.

– Мага берчи, уулум, ийниң да талып кеткендир... – Артыман Калдар абам үн катты. Баш чайкайм. Табыт үстүнөн, “Уулум, демигип бүттүң го. Бер, алмашып көтөргүлө. Аз калды эми жайыма. Өзүң катарымда бас” деген апамдын жароокер сөздөрү кулагыма күңүрт жеткенсийт.

Мына, көрүстөндүн жыгач дарбасына такай келип токтодук. Дарбаза, андан ары бопбоз шыбактар чүмкөгөн ичке жол көзүмө сүрдүү тартылды.

– Келме келтир, - деди сол тарабымдагы, табыттын бир учун карманган адам. Эгер билсем, анысы чын эле дилиме келээр беле, үндө-

бөдүм. Катарымдагы адамдын эриндери тынбай бир нерселерди шыбырап, айланамды ого бетер ыйык сездирип ийет. Бул жерде секелек да, боз улан да, калк кадырга алган кары да бар. Баары бар. Мына, жер үстүндөгү узак жолуңуздун кеминде кырк кадамдай аралыгы калды. Казылган жайга жакындагым келбей, аргамжы бою калганда, буттарым чалыштап баратты.

– Абайла, – дейт баягы тааныш үн.

Алдыбыздан утурлап, жай казгандар ийнибизден табытты жеңил алышты. Арасынан бирөө:

– Жай жакшы чыкты. Топурагы эшилип, бир майин[1]. Эжебиздин мүнөзү, өзү ошондой эле, ыраматылык, – деди. Чын эле казылган жердин топурагы кызгылтым тартып, томуктай кесек көзүмө чалдыкпады.

Апамды жайга түшүрөрдө саамга кулак кескен тынчтык орноду. Ошол кезде тегерегиндеги көпчүлүктүн дем албай аза күткөн учурун, жай себелеген ак жаандын майда тамчыларын, айылдаштарыбыздын тандырынан чыккан жагымдуу жыттын, күндөлүк тиричиликтин бир калыптагы күүсүн сезбей, табытта тынч жатты апам.

– Акырын, эми түшүрө бергиле... – деди чөк түшкөндөрдүн ичинен бир аксакал адам.

– Кубалактарды бери узата бергиле! Тээ түпкүрдөгү жайчылардын үнүнө апамдын добушу кошулуп чыккандай мени селт эттирип алды. Качан апамды төмөн калтырышып (чын эле төмөн калтырышыптыр!!!), алакандарын кагып, жеңил чыгышкан жайчыларды көргөнүмдө гана апамдан түбөлүккө ажыраганымы билдим.

Бейиттин дүпүйгөн карааны жер бетинин укумдайын түбөлүккө ээлеп туруп калды. Элдин озуйпасы ошол экен, жай башында – апама акыркы сөздөрүн арнашты: “Жаткан жери жайлуу болсун!”

* * *

Эртеси таңдан туруп, жайга келдик.

– Кантелик, жалгызсырап жатсаң керек... – Атамдын үнү ушул саам тамагын бир нерсе кыскандай кыйналыңкы чыкты. Добушу өзгөрүп, такыр тааныш эместей угулду.

– Жайга, апаңарга бет маңдай, кыбыла беттей отургула.

Бейиттин үстүнө үйүлгөн топурак али күн жей элек, нымдуу. Боорунан сары кумурскаларды көрө койдум. Экөө, үчөө... Жогору жөрмөлөшүп, өздөрүнчө чыйыр издешет. Мынчалык эмне жаналакетке түшүшөт? Каякка ашыгышат. Же чын эле булар жашоонун шириси дайым түйшүктөнүүдө, мээнеттенүүдө экенин билип алышканбы?..

– Апаңар жакшы адам эле! – Атам сөзүн уланта албай, калтыраган муундарына эрки жетпей, көзүнө биринчи ирээт жаш алганын ошондо көрдүм. Бетин да бизден буруп, жашырбады. Кары кишилер үнсүз ыйлашат. Канчалык жүктүү кайгы баспасын, аны көтөрө билишкени ошондон го. Ушул күнгө дейре жашоо, тиричилик тизгинин бир кармашып келген адамын жоктоп, зээн кейиткен атамдын терең кайгысын сездим.

– Апаңардын мүнөзү ак буладай жумшак, бейиши болгур, кең пейил адам эле. Тагдыр казасы жетсе, ар адамдын башында болчу иш экен. Капаланып, көп кайгырыштын кажети жок. Апаңарды ар убак эстей жүргүлө. Бул дүйнөдө эне деген бирөө...

Анан атам ала келген чарчысындагы эки ууч маканын укаланган данын бейит үстүнө чачып ийди:

– Уругуң үзүлбөсүн ылайым!

Атамдын ушул сөзү чоң дымак менен зор үмүткө чайылып чыкты. Колунан учкан ак бадырак дандар топурак бетинде седеп мончоктой агарып, татынакай көрүнүп калды.

– Эмнеге септиңиз, ата? – Жеңишбектин суроосуна коюу каштарынын кошулган жери бүрүшө калып, атамдын жүзү бир кызык тартты:

– Маканы митчелер[1] терип жешет да, апаңардын ысымын узакка табериктей сактап жүрүшөт, – деди жай. Буга чейин митче пенде ысмын парваштеп ала жүрчү паранда экендигин укпаптырбыз.

Бирибиздин да ордубуздан тургубуз жок. Жымжырт. Жайына коюлганга чейинки апабыздын жарым кылымдык жашоосундагы көөнүбүздө калган абат учурларын, жанга кубат, жагымдуу эне мээримин ар кимибиз өзүбүзчө эскерип жаттык. Алдындагы дан түйүп келген куру менен белин бууп, атам ордунан копол турду:

– Тургула эми, балдар, басалык. Ыйдан опо жок.

Атам эңкейе калып, бейиттин топурагынан бир уучтап, колун улам бийиктете чуурута берди. Эриндери бизге белгисиз сырды күбүрөйт. Ал апабызга арналган сөздөр экенине эч кимибиз шектенбедик.

– Насибиңер билет. Кудай аман койсо, силер да турмуш сыноосуна бышып, силер да ата болосуңар. Апаңардын ак сүтүн, омуртка оорутуп, баккан мээнетинин улуу зыйнатын ошондо баамдаарсыңар... Кайталык, карындашыңар кантип жатты экен? Апаңардын тандырына нанды эми Каныш жабат...

Шыбак баскан жалгыз аяк жол бизди көрүстөндөн алып чыкты.

[1] *Митче – бактектин бир түрү*



“АТАМДЫ КӨРГӨН ӨЛБӨСҮН...”

(Аңгеме)

Үйүбүз жогорку көчөнүн эң башында. А автобус үч көчө ылдый, дүкөндүн оозуна токтойт. Айылыбыз чоң, узун-узун алты көчө, а автобус бир жерге (дүкөндүн оозуна дебедикпи) токтоп өтөт. Биздин көчөнүн аксакалдары үмүт кылышабы, кээде: “О шопур бала, карыганда кыйраңдатпай жогорку көчөгө бир токтоп кой, кемип калбайсың” дешип калат. Анда автобус менен бир болуп келаткан карыкартаң жаалап, шопурдун ордуна өздөрү эле жоопту “катырып” коюшат.

– Ысыгында ушул жерден түшүп калсаңарчы!

– Же Папанга кошулуп барып, тамаша кылып келесиңерби?

– Көтөр чыптаңды, кадам сайын сага токтоп жүрөлүбү!..

“Об-бо закүнчүлөр ай, өкмөттүкүн өзүнүкүндөй көргөн ушулардыкы жаман өттү”? – дешип, мукураган коңшуларына оор чыптаарын көтөртүп, дүкөндүн оозунан түшүп калышат. Биздин айылдын өзүнө өмүрү автобус жүрбөптүр. Илгери жүрбөгөндөн кийин азыр да жүрбөйт да. Ноокатка, базар-учарга келип алышат да, жогору өткөн үч автобустун оң келгенине отуруп кете беришет. Дүкөндүн оозуна токтогондо үндөбөй (үндөсө эле эмне угарын эшиттиңиздер го) түшүп, алты көчөгө тарап кетишет.

Автобустан түштүм. Дүкөндүн маңдайындагы чоң талдын түбүндө биздин чалдар (ооба, биздин чалдар) күнөстөп отурушат. Бир жылдан бери былк этишпептир. Баягы айылга келип, кайра кетпаратканымда ушул картаң талдын түбүндө күн чубактап отурушкан, жарыктыктар. Ошондо да ата-бабалардын эрдик-уламыштарда калган тарых-баянын эрмектеп, бири айтса бири тыңшап отурушкан болчу. Азыр да ошол кепти, нечен-нечен өмүр аттап, тилден-тилге оошуп, кунары кетпеген зирелүү сөздүн аягына чыгыша элек, моокумдары кана элек... Эңилип, бир чекеден кол бердим.

– Оо кимдин уулусуң? – деди Артык абам сунган колумду коё бербей. Өткөн жылы да колумду коё бербей ушинтип сураган. Мени эмес, биринчи ушинтип атамды сураган.

– Мурзанын, – дедим да, өңүмдөн тааныбай жатабы, көз курчу мокоп калганбы деп ылдый эңкейем да, атамдын атын бир жылдан бери биринчи сапар бирөөнүн сураганына, биринчи сапар атамдын атын адамдарга угуза атаганыма жетине албай, карынын, атамдын теңтушунун шадылуу колун билинээр-билинбес кысып коём.

– Кимдин дейт? – Артык абам жака-белинен жана сурады.

– Оо Мурзанын уулумун дейт, комузчу Мурзачы, жогорку көчөдөгү!

– Аа, Мурза сопунунбу... Бечаранын балдары ишке жарап калган экен. Пурунзада жүргөнүсүң го?

Баш ийкейм. Күлөм. Бир жагынан ичим ачышат. Атамды көптөн бери азыр эстеп жатпаймынбы. Колумду коё берсе, калгандар менен да учурашсамбы дейм, колумду коё бербейт, жарыктык. Көрсө, колумду кармаганы, атамды эстегени экен.

– Атаңдын көрбөгөнү калдыбы, силер деп жүрүп... Силерди итче тиштеп чоңойтту, эр жеткизди эле... Уулумдун окуусу жакшы, куда кааласа, бүтсө чоң болот деп калчу, бечара. Ошонусу сен турбайсыңбы. Өмүргө тан бересиң, ыргыткан таш экен зуулдап... Баягы эсиндеби, Нурмат (сол ныптасында отурган Момун абаны мүрүсү менен секин түртүп койду), ушу баласынын бир нерсеси гезитке чыгат. Ошону сен жаздың беле? (Баш ийкейм, колумду коё бербейт). Ону бу жогорку көчөдөгү Исматтын балдары көрүп, окуп бергенби же бир жерден өзү укканбы, өйүздөн бирөөнүкү той берип калат. Ошерде отурсак, Исмат кырчаңгы жөндөн-жөн эле сөз чыгарбадыбы. О, арбак урган эмне дейт десең? "Бу Мурза, уулум чоң болот окуусун бүтсө деп, оозундан түшүрчү эмес элең. Онуң сени "далдалчы", "комуз чертип, талкан чогултткан", "бирөөнүн кезүүсүн кайтарган, дагы имне балаа, кимдин дубалын урган", – деп гезитке таза келекелеп жазыптыр го. Бала деген дагы ушундай болобу?! О күндөрдү да көрдүң, тана белең. Жакшылыгыңдан ошенттиңби? Жокчулук кыстап, ушу балдарым деп жүрдүң, көргүлүктү көрдүң. Жаза турган нерсеси түгөнүп калса да, атасын жазып имне кылат, кысталак. Андай баланын барынан жогу" дебедиби элдин ортосунда. Атаң сөзгө чыйрак эле бечара, бош келбеди. "Исмат, бала жазса атасын жазыптыр же о күндөрдү көргөнүбүз жалганбы? Ого көп жиниң келбесин, саткайыма сары деп коюп жүрө бер" деди жумшак гана. Биз, ошерде отургандан "жазма ишинде жүргөн бала экен, жазса атасынын кадыры, ушунчабыздын ичинен жал-

гыз Мурза гезитке чыгыптыр. Сан миң адам окуйт экен. Баланыкы туура. Атам бизди ушунтип баккан экен деп жигари эзилип, мээнетти билип жазып атпайбы" дедик. Ошол уулу сен турбайсыңбы. Жаза бер, балам! Колуңдан келсе атаң жөнүндө дагы жаз, анын көрбөгөнү калган эмес, башкалар жөнүндө, эл жөнүндө жаз! Шу ишти кыласың деп, бешенеңе жазган да... – деп туруп колумду коё берди. Чалдарга тегиз кол берип учураштым.

– Атаң жакшы киши эле. Орозо айында үзүлдү, – деди Нурмат аба.

– Базардан калчу эмес. Көчөт эле сатып келе берчү, бечара. Ошолору болдубу? – деп сурады Максыт кары.

– Өткөн жылы бирин-серин гүлдөгөн экен. Быйыл өрүктөрү мөгө кирди дешти, өзүм көрө элекмин, - дедим.

– Атаңдын турагына астайдил көз салгыла, балам, эртеби-кечпи келип отурар жериңер ошо жер. Ата жайы деген ыйык келет.... – деди Төрөкан аба.

– Газитка канча нерселерди жазып жүрөт, ошону кантип билбесин...

– Билеби-билбейби, айтып коюш биздин моюндагы иш. Атасы менен бир өстүк, бир жүрдүк... – деди Төрөкан аба.

– Атаң экөөбүз ашына элек. Жакшылыгын көп көрдүм. Бирин эле айтып берейин, угуп тур. Бизди дагы көрөсүңбү, жокпу айтыш кыйын... – деди Рахман аяш атам. – Согуштан кийинки жылдар... Сыртта он бешке жакын киши орокто жүрөбүз. Күздүн күнү. Күн жаныбар куйкалайт. Оокат тартыш. Бирткеден загра нан берет. Күн алыс ысык оокат. Ал да – болсо, болбосо жок. Айлап жатып-туруп эгин оробуз, боолайбыз. Катын, бала-чака алыс. Жүдөгөндү айтпа. Иштен ким жүдөйт эле, айылда калган бала-чаканы ойлоп, санаа тынчыбайт. Күндө норма деп коёт. Нормасын бизге окшогон алдуу-күчтүүлөр эле толтурбаса. Бир күнү кечкурун чоң казанга күрүч шөөла жасадык. Күрүчтү өчүбүз бардай салган экенбиз, канча от жаксак дагы күрүч "тирик" туруп алды. Акыры болгон суубузду куйдук дагы, отту ичкертпей баягыны кайната бердик, кайната бердик. Кийин күрүч кичине жумшарып, оокатка окшоду. Казанды оттон чыгарып ортого койдук. Түн. Ай чыга элек. Казанды тегеректеп, он бешибиз тең кыпчылышып отурабыз. Жолборс аба ыраматылык, силер дагы көрүп калдыңар окшойт, кечээ жакында эле өттү. Жүда зор киши эле, ат ордуна арабага кошо турган. Ошо бечара "ха!" дейт, дегенде эле колдор казанга чап жабышат. Жеткенибиз күрүч чеңгелдейбиз. Жетпегени, үлгүрбөгөнү кийинки "ха!" дегенди пайлап турат. Жана "ха!" дегенде экинчи катар кол салат. Ысык казан, күрүч андан ысык. Кол менен ооздун күйгөнү-

нө карайсыңбы. Кайра курсакка бир нерсе түшүп калса экен деп ынтыласың. Тооба, эми ошондо түртүшүп, таламай менен жеген шөөланын даамы аңизгече таңдайымда турат. Жеп бүтүп, жатып калдык. Баягы туздуу күрүчтүн суусатканын эми көрүп ал. Уйку качты. Каныбыз катып атса, кимдин көзү илинет. Кургак илабин[1] жалаган эле адам. «Суу эле, суу» дешет. Суунун болушун казанга куюп салбадык беле. Ээн адыр. Ал кезде карышкыр да күч алып кеткен. Калп айтпасам, он беш чакырымдай жерден Коччан дайрасы агып өтөт. Кулак төшөсөң шаркыраган шоокуму угулуп турчу. Амалыбыз түгөнгөндө отуруп бердик. Бир маалда, жаны жанатты болгур, ушу сенин атаң келиптир. Анда бой жүргөн маалы. Жолборс аба менин жанымда жатчу. Ошого келиптир. Бечара, имне дейт десең: «Жолборс аба, ушу адамдардан бир дуба алып бериң, сууга өзүм барып келейин» дейт. Көзгө сайса көрүнгүс ээн адырда ушундай деп турат. «Кой, кырсыкка кириптер болуп жүрбө! Өлбөйбүз таңга чейин чыдасак, бир амалы табылар» деген адам чыкпады. Тилибиз оозубузга батпай, көзүбүздөн бир ууртам суу учуп турат... Суунун азабы кыйын болот экен. Жолборс аба ордунан турду дагы: «Кана эмесе, ушу кембагалга бир дуба берели, ушу бечара дагы агарсын, көгөрсүн! Кудай максат-талабын берсин, кимге сүйлөсө, жылдызы оттон ысык учурасын! Сууга кетпартат, өмүрү суудай тунук болсун ылайым, оомин!» дегенде тургандар чуркурап бата тартышты. Барбаландап сүйүнгөн атаң, азыр дагы көз алдымда турат, эки пайчасын[2] түрүп, эки челекти колуна алып түн жарымында жыңайлак, дикилдеген боюнча бечара жүрүп кетти. Таңга жуук, жерге жарык түшүп-түшө электе сууну апкирип келди. Ташка бутун уруп тамтыгы жок, суй жыгылыптыр, Сууну баса калдык. Ошондой жакшылыгын көргөнбүз атаңдын. Көзү өтөр-өткүчө ар кайсыл жерде ошону кеп кылып жүрүштү. Кем болбоду, силерди көрдү, азамат чыктыңар. Тарбиясы да бейчеки кетпептир. Келгениңде учурап тур, атаң тууралуу сөз түгөнбөйт...

– Жолунан калбасын, кой барсын, – деди Сатыбалды абам, – агаң жүрөт эл катары, бала-чакасы менен. Кечээ магазинге ун түшкөн. Бир чыпта ун өңөрүп кетти. Каякта жүрсөңөр да эсенчилик болсун, ошонун өзү зор дөөлөт...

– Мурзанын өзүн тартыптыр. Куюп койгондой... – Максыт карыны ээрчий отургандар баш көтөрдү. Атам жөнүндөгү сөзгө териме батпай сүйүнүп тургам, чекемен тер чыпылдап. Эсимден чыга түш-

[1] *И л а б и – ээрди.*

[2] *П а й ч а – багалек.*

көн, унут калган аялуу сезим козголуп, жүрөгүмдү утуру кысып коёт. «Атаңа окшош экенсиң» деп шуга чейин мага бирөө айткан эмес. Сүлпөт-сүрүмөн атамды көрүшүп, акыл кеби менен далымдан таптап, бешенемден сылап узаткан карыяларга улам-улам кылчактайм. Ар кимиси эңкейген калыбында эзели түгөнбөс урпактардан урпактарга уланчу адамдын адамдыгы тууралуу, жакшылыкка жакшылык менен жооп бер деген санжырага (ошо менен өмүр кыскартышып отургандын билишээр бекен...) баш-оту менен кирип кетишкендей... «Атамды көргөн өлбөсүн...» – деп ичимден алардын тагдырына жалынып кетпараттым.

* * *

Өзүмө өзүм түшүнбөйм. Өзүмчө эле кусаланып, үйдө туралбай, эртеси эле күн чыга электе эч кимге көрүнбөй айыл четиндеги көрүстөнгө келдим. Издеп апамдын бейитин таптым. Төбөсү бастап, өткөн күздөн калган куураган чөптүн арасынан, жашыл майсан көгөрөт. Шүүдүрүм жылтылдап, чыгып келаткан күндөн көзү уялат... Сага бир сыр айткансып, сенден сыр сурагансып (көзү өткөндөр ичинде кеткен арманын ушу сагызгандарга айтат имиш деп жүрүшөт), көрүстөндү бойлоп өскөн талдарда шакылыктап сагызган жүрдү. Атамдыкын оңой таптым. Бейитине бирин-серин каакым чыгыптыр. Кыбыла беттеп турдум эле, атам колун арткансып, апам ийинимден таянгансып көтөрүлүп келаткан күндүн табы желкемди чымыратып келатты.

Жарыкчылыкка бине кылып, сага өмүр энчилеген адамдардын мүрзөсү жанында өзүң менен өзүң калганда демейде эч нерсе капарга келбеген текебер, иленди көңүлүң чыйралып, каяктарга сабалабайт... Сен жашаган шаардын шашма турмушу алдына салып кубалап, бири бүтсө, бири калган көр тирилик көк желкеден басканда, туулган жер эмес, айылдаштарыңды, урук-тууганыңды эстегенге чолоок жок жүргөнүңдө, болор-болбос кыжы-кужуга, саалчалык чекилик үчүн кан кызытып, бири-бирине үрпөндөшүп, араздашканың менен апталап жүз үйрүшпөй жүргөнүңдө, сенден тээ алыста, сенин киндик кан тамган жериңде калган эки бейиттин ортосунан куюн көтөрүлүп, саратан жайдын айлуу түнүндө чегиртке чырылдап, күзүндө жамгыр, кар чапкындап, кышы борошологон карга көмүлүп, көктөмдө, арасынан тирүүлөр күткөн жаздын жели ойноорун, а тегерегиңде жашоонун кыскалыгын, кымбаттыгын кабарлап, жүрөк сезгенткен каргалардын каркылдагы жаңырып тураарын, а садагасы кетейин

мезгил дегениң чым жаздангандардын үстүнөн да, сен күнүң көрүп жүргөн калың журттуу калаанын үстүнөн да тең арымдап, жүрүшүн арбыта берээрин жан-териң менен туят экенсиң... Туят экенсиң да, көөдөнүңдү арман, кусалык аймалайт. Жүксүз кетирген убактыңа, тириликтин «чү» деген жагына жүрүп берген көңүлчөөктүгүнө, азга топук кылып, азга гана алымсынган ала-көөдөндүгүң үчүн өзүңдү өзүң жекиресиң, жек көрөсүң...

...Апамды бул жерге алып келген күндүн эртесин, атамды ээрчип көрүстөнгө келгенибизди эстейм. Ошондо атам да мага окшоп жерден башын көтөрбөй кыбыла беттеп турган эле. Ошондо өмүр сапарын бирге карыткан адамын жерге берип, канаты кайрылганда чөгүңкү көңүлү каяктарга чабыттады экен! Саналуу жылдардан кийин ушул жердин укумдай жери өзүнө энчиленээрин жүрөгүнүн башында туйду бекен? Мүмкүн, атасын, чоң атасын, балдарын ойлоп, ошондо желкесин тиктеп отурган балдары да кийин муштумдай бейитине чөк түшүп, көздөрү каканактап, ата мээримин, ата кадырын, ата карызын эстешээрин ойлоду бекен? Сураган эмеспиз. Сураган күндө дагы ооз ачмак эмес...

Көрүстөндүн кыйчылдаган эшигин жаап, зымын чырмайын деп калганымда, «эй бала, жаппай тур!» деди бирөө аркаман. Карасам, кышылдап бирөө дөбөгө чыгып келатат. Айти абаны тааныдым. Айти багбан! Чөнтөгүнөн кызыл алмалар үзүлчү эмес. Жоош-момунун кылдап, жактырган балдарга берчү. Мен өңдүү кутурган, таманы жеңил балдар колунан бир дагы кызыл алма жебеди. Жаман көрчү. «Алма уурулар» деп эки-үчөөбүздү тим эле көрөйүн деген көзү жок болчу. Этек-этек кызыл алма уурдаганыбыз менен, баары биригип, багбандын колунан алган бир алмага татыбайт эле. Чоңоюп, эр жеткиче анын колунан алма алып жебей, өз-өз жолубуз менен кете бердик... «Азыр деле бербейт» деген ой кылт этти. Төбөсүндө үрпөйгөн кашын баскан илгерки, көзгө тааныш, чыйбаркыт тебетей. Насвай саргайткан маңдайкы жалгыз тиши дагы эле алдыңкы ээрдин аттап, арсайып чыгып жүрөт.

– Кимдин уулусуң, тааныбайтам? – Айти багбан көрүстөндүн оозунда туруп сурады. Сүйлөсөм, өзүмдүн үнүмдү өзүм тааныбайм. Доошум каргылданат.

– Атаңа келдиңби?.. – деди. Баш ийкейм. Илгери той берген адамдын эшигинде атамдын эшегине учкашып кетем деп күтүп турсам, сыртта кызмат кылып жүргөндөр «атаңа келдиңби?» – деп сурай беришчү.

– Уюм жок, аркандаган жеринен казыгын сууруп кетиптир. Көрүстөнгө кирчү эле, көрүнбөйбү?

– Жоок, аба, уй-пуй көрө албадым, – дедим. Үнүм өзгөрүп калыптыр, өпкөм көөп калыптыр... Ылдый жүгүрүп түшүп кеттим.

«Оо-ов, оо-ов!» деп Айти аба уюн көрүстөндөн издеп жүрдү... "Жок" дегениме ишенбей, тээ бүлбүлдөгөн балалыктын көз күйгүзгөн кызыл алмасын кызыгында алалбай, турмуш деген чоң дүйнөнү көрөм деп кете берген боз баланын айтканына (азыр дагы!) ишенбей, жарыктык, уюн издеп көрүстөндө жүрдү... "Ов-ов! Оов-ов!"

Баягы сагызган дагы шакылыктады...





ФЕРГАНА

Аңгеме

Бышыкчылык. Ферғананын базары. Күн жаныбар куйкалайт. Үймөк-үймөк коондордун түбүндө бирден-экиден ныксыраган коончулар отурат. Базарчылардан жол тийбейт. Бир кылымүрүсү менен сүзүп өтөт. Аркаңа бурулуп, “эй, көзүңүзгө карабайсызбы!” десең, берки мүрүсүндөгү чыптасын[1] өйдө серпип, “көңүлүңүзгө албаң, тага, базарчылык экен...” деп айыбын базарга шылтап коёт. Жездем:

– Каяктын коону?! – дегичекти болбой саратан ысыкта үстүнөн чапанын түшүрбөгөн коончу үйүнө мейман түшкөнсүп бөжөңдөп:

– Мырза чөлдүкү, тага! Бир тилик кесейин! Жегенге пул жок! – деди. Чарабзалы күнгө жарк этет. Колу боорунан түшпөй, боюңузду балкыткан бир тиликтин ширесин көзүңүздөн байкап турат.

– Тандайымбы?! – Бөжөңдөгөн чал бизден такып турат, таңдайдагы ширенин жыргалын көзүбүздөн көрүп турат. Колу боорунан түшпөйт. Кашы үрпөйүп, жарганаттын эле кош канаты.

Көздөрүндө аптаптуу чөл жатат. Закым желген ошол чөлдө, андолек жыттуу кепеде жатып-туруп ширин-ширин аңгемелерди жазып келет.

– Тандайымбы?! – Колун бооруна алган коончу бизден такып коёт. Жездем колундагы тиликти кабыгына чейин шашпай кемирип,

[1] *Чыптa – ун салынган кап.*

жанындагы челекке таштады. Коончунун эки көзү бизде. Ыймандызаатына чыдап туралгыдай эмессиң. Ичим бышып кетти.

– Жезде, балдарга коон алып кетеличи, мазар басып барат, – дедим. Жездең түшкүр ынабайт.

– Бу ысыкта өзүбүздү зорго көтөрүп жүрөбүз. Ноокат, о-уу, каякта жатат. Олор коон жебесе кысыр калбайт, – деп алдыма түшүп жөнөп берди. Бөжөңдөгөн чалдын колу боорунан түшүп кетти. Жарганаттын канаты үмүттүү көздөрүн жаап калды. Коончу "ыктыяр өзүңөрдө" дегенсип, чарабзалын аарылар үймөлөктөшкөн жана бизге ак пейилдеги кесип берген жарты коонго сайды да, сөзүбүздү укпаса да алыстан бизге баам таштап, чай ууртаган шеригине басты.

Коон базардан килем базарга өтүп баратып, "албагандан кийин кесилген коонду эмнеге жедик десең" деп өзүмчө эле убаймамын.

– Базар бүткөн жерден базар башталат, – деп калды жездем. Мактаганды билет, келип-кетип жүрчү базарын мактап койду. Жоон-жоон бака теректерге тартылган аркандарда түркүн түс, көңүл азгырган килемдер илинип, арасы узун-узун кеткен көчө. "Көчөлөрдө" жөөлөшкөн эл, көздөрү алма терген базарчылар. Бири-бирин мүрүсү менен коюп кетсе, кечирим сураштын ордуна бири-бирин карап, күлүп коюшат экен.

– Кайтсак кантет, – дедим жездемдин аркасынан. Антпесе килемдерге арбалып кете бере турган. Коончунун күнгө жарк эткен чарабзалын эстеп, тилим кычышты. "Миң көргөнүңүз менен, бир килем да албайсыз" деп айтып жибере жаздайм...

– Чарчадыңбы? Базар көрөм дейсиң дагы, мазаң жок да? Ушундай болот, базарды чыдаган көрөт. Болобу шо жакта ушундай базарлар?.. Жездем жөн сүйлөбөйт, тийишип сүйлөйт. Өзү алыскы бир Кожокелдинин боз адырын башпааналайт дагы, каяктагы бир Ферганаңы өзүнүкү кыла коёт. "Өзүмчүлдүгүнөн баккан малын бирөөгө тарттырып ийди" дешип жүрбөйбү. Айтса-айтпаса ошондой эле экен. Өмөр суу мурун экөө күздө (андан бери эки жыл өтүп кетти) кыштоо талашып, кыжындашат. Өмөр суу мурун дагы кыйтыр. Малын жайлоодон эрте аптүшөт дагы жылда жездем бечара отурчу Көмөшчүнүн жылгасын ээлеп алат. "Бу чоң атаңдан калган кашар эмес, мен дагы сага окшоп өкмөттүн малы деп жүрөм. Арызыңды көтөрүп, маа демектен райкомго барбайсыңбы!" дейт экөөн зорго ажыраштырган койчулардын көзүнчө. "Сен дагы жарым жыл, бир жыл чыла кечип, тамчы өткөн кашарда отуруп көрчү" деп күүлөнгөн жездем райкомдун эшигин сүзөт. Аягы эмне болду? Өмөр суу мурун жездемдин кыштоосунда жылуу-жумшак кыштап чыкты. А жездемдин коюн онду жаңы бүтүп,

мака суучу болуп иштеген жигит жан деп алды да, сарайды тукумдай кылып оңдотуп, жубайы экөө малды кабак-кашым дебей багып чыгышты.

Азыр жездем совхоздун көзүн карайт. "Зап гана болду, колуна аңча-мынча айлык тиет, ошого шүгүр дейт. Кыш ичи Кудайдын бережеңил машина минген эки-үч адам келиптир. "Сатсаң алманды күүжүм сат, түбү менен баалап алабыз" дешип аяк-быягынан тоорушат. Жездем да бош келбейт. Малды өткөргөндөн бери баягы марттыгы калып, колу карыша баштаган. «Масилатташчү адамым бар, баары эле силер айткандай боло бербейт, бир апта өткөзүп келесиңер» дейт, Масилеттешчү адамы – быкынында жашаган Сатар алма пуруш. Башына жүн чыккандан бери алма сатып күн көрүп келатат. Билбегени жок. Айтар замат «оо, сага келген – журт куруткан алып сатарлардын өзү экен. Келишээри менен мени чакырт, сооданды бир жаңсыл кылып берем. Кийин дагы алмам арзан кетиптир деп башыңды муштап жүрбө!» дейт.

Ферганага түшөөрү менен «алма кандай пул болуп атканын өз көзүм менен көрөм» деп алма саткандарды бир чекеден кыдырганы да ошондон. «Паста алма пул экен го, быйыл алма жок турбайбы» деп алма базардан таңдайын такылдатып чыкты. Ошондо көзү ойнок-тоогон жездемди көргөндөргө «бу адам эки-үч жыл мурда кой багып, тоодон түшпөгөн неме эле» десем, эч кимиси ишенбес эле...

– Аяк талыды. Алчу нерсе жок болсо, эрте күндү кеч кылбай кайтсак болот эле, – дедим. Жездем жүдөгөн түрүмө карап, ишенди окшойт.

– Курсак да ачты, – деп өзү да кошула кетти. – Жүр, сага бир лагман апперейин. Өмүрүндө андай лагман ичкен эмессиң.

Ээрчишип быкылдаган базарды жиреп жөнөдүк. Жездем алыстап кетти. Эч кимге урунбай аскадан жол таап өйдөлөгөн мергендей кете берди. Көпчүлүккө кыпчылып, канча ынтылсам дагы арышым арбыбайт. Жүдөп-какап баратып эжемдин аманатын эстепмин. «Той-пойго барсам, үстүмө салар түзүгүрөөк көйнөгүм жок. Жездең, бир көр соода, жанында жүрүп көйнөк тандаш. Ушуга чейин көйнөккө жалчыбадым» дегенин ушу тыгында кетпаратып эстегенимди кара.

– Жезде! О токтоң! – «Жезде» дегенди мурда-кийин укпагандар бар экен, мени аңкайып карап калышат. Кол булгаганымды көрүп, жездем токтоду. Жанына жете электе:

[1] *Пас – Фергана тарапты ошентип коюшат.*

– Ишти кам кылган турбайбызбы. Бу эжемдин аманаты эстен чыгыптыр го, – дедим. Экөөбүз суунун ортосуна токтоп калган дүмүрдөй, а көпчүлүк бизге келгенде экиге бөлүнүп, эки жагыбыздан агылып жатты.

– Ээ, чаки иш боптур. Ону убагында эстетпепсиң да. Пулду түгөткөндө... Канттик эми. Көйнөк аппарбасак, онуң киргизбейт, уруш чыгарат...

Жездем бечара болгон акчасын кыздарынын (төрт баласы бар, төртөө тең кыз) аны-мунусуна жумшап, чөнтөгүндө майда-чүйдө каражатка себелейм деген пулу жүргөн. Лагманга да көңүлү тартпай калды.

– Ого көп кыжалат болбоң, эжем күсөгөн көйнөктөн Фрунзеде бардыр. Келишкенинен алып, каттагандардан берип жиберем, – дедим. Жездем ооз учунда: «Сен, студент, окуганды бил, көйнөк издешти коюп» деди. Үндөбөй калемпирге ооз куйкалатып, тердеп-тепчип лагман ичтик да, кетиштин камын көрүп, автовокзалга жөнөдүк.

Паркка салып, көлөкөлөп кетпаратканбыз. Кыбыла жактан керней, чилдирмандын үнү чыкты жарышып. Жездем элеңдеп, «ээ, пал-вандар таш көтөрөт экен, кичине тамаша кылбайлыбы» деди. Лагман ичип чыккандан быякка ооз ачкан эмес. «Көйнөктүн кайгайы кичине унутулаар» деген ойдо баш ийкедим. Жолдон паркка бурулдук.

Үй ордундай жерди эл шакек кылып, ороп алган экен. Керней, чилдирман шаңкыган сайын шакек жооноюп, кеңейип баратты. Как асфальтка жаман-жуман кийиз таштап коюшуптур. Үстүндө алты таш тизилип турат. Чырымталы чыга элек, кара каш бала таштардын жанында колу шалкылдап адеп чилдирман какса, анын жанында ала топусу менен тармал чачын бастырган узун жигит жаагын табарсык кылып парсайтып, керней үйлөйт. Дүпүлдөгөн шаң кыя өткөзбөй, адамдарды жолунан азгырып, бери сүйрөйт.

– Палваныңыз ташын о кечирээк, көлөкө түшкөндө көтөрөт, – дедим. Кете бербейлиби жолдон калбай дегенсип айттым.

– Ферганага бир келипсиң, палван көрүп кет, кетиштин ташпишин тартпа. Такси турат го. Кызыл-Кыяга жетсек, анан аягы...

Кулактын парсылдагын жарган керней, чилдирмандын доошу басылганда көпчүлүктүн кобур-собурун, дүпүлдөккө жутулган турмуштун көндүм күүсүн эшиттик. Картаң теректин түбүндө турган ак «Волгадан» көк кыжымдан шым кийген, сары кайыш өтүкчөн, ийини бир кулач адам чыкты. Бел курчоосунан өйдө жыланач. Көпчүлүк жарылып, ортолукка жол түштү.

– Ярмат палван! Уштаптагы зор палван! – Чачын устарага кырдырып, буркуратып атыр себинген, алды ачык жегде кийген адам сурабаса деле жездеме билгенин айтып турду.

– Таза жетилген экен, – деди жездем дагы.

– Кардын караң, кардын. Күчтүн баары ошерде. Кайдан чыкты, турган эл да байкабай калды, бети-башын боёп, пайчасы кыска шым, ала-була көйнөк кийген жарчы колундагы микрофонго үйлөп-үйлөп, палванды айланып басып жүрдү.

– Жанажан азиз атажандар, жанжигар ана-карындаштар, кичкинтай-козучактар, – деди жарчы, палван таштардын четине, кийизге малдаш куруп отургандан кийин. – Бүгүн Фергана шаарына оюн көрсөтүп, сиздердин көңүл-саздаңарды кушбак кылмакка кува-сайлык Ярмат палван келип отурат. Тамашабандар, Ярмат палвандын атын эшиткен бир марта көрсөм, өнөрүнө бир марта тамаша кылсам, шапак урсам деп тилек кылган бурадарлар араңыздарда кыйла. Аягы Ош, быягы Ташкентке жете дуван бузуп, журт дубасын алган, таш кетпеген палван сиздерде бүгүн мехман, – деди. Жарыяны былк этпей уккан эл, эми качан оюн көрөбүз деп ичи бышып турган эл толкуп берди. Палван өзү тууралуу жайкама сөздү уга берип, бышты кулак болуп бүткөнбү, жарчынын сөзүн чымын чакканчалык көрбөй чынжырга байланган таштарды тиктеп мелтирейт. Мага ал ээн жерде калып кетип, алды-аркасын коркунуч тооруп, жырткыч эми каягынан качырып чыгарын болжогондой сак турду, Эл көбөйгөн сайын шакек куушурулуп, отургандардын үстүнө ийилип турду.

– Ярмат палван! – деп чакырды жарчы микрофондон.

– Лаппай! – деди палван кош көңүл. Жарчы чакырганда ал дайыма ушинтип жооп кайтарышы керек окшойт.

– Кана эмесе, тамашабандарга оюнду баштап бериң!

– Хоп, яаным менен! – Палван таштарды чынжырдан бошотуп, өз-өзүнчө бөлүп койду да, жарчынын оозунан дагы кеп күтүп калды. Микрофон күлдүрөдү.

– Ярмат палван!

– Лаппай!

– Кандай оюн көрсөтөсүз, тамашабандарга айтып туруң. – Жарчы палванды көз көрүнөө баштап алды. Бечара жаңы эле «шунаки, азыр бу таштарды...» деп келатканда кебин кайта чолуп кетти.

– Кечириң бизди, палван! Кечирип коюң, таштар канча килалык – шу көпчүлүккө кулагдар кылып, битта шардана айтарсыз!

– Алдымдагы таштар күүжүм бир кыл, 32 килалик. Биттадан көкөлөтүп ыргытам дагы, түшүп келатканда ушап калам, кайра ыргытам, кайра ушайм...

– Баракелде, палван, баракелде! Кана тамашабан көрүүчүлөр, битта шапак уруп коёлу! – Микрофонду ээрчип, палвандын өнөрүнөн али бейкабар турган эл дүркүрөтүп кол чапты. Керней, чилдирман дүпүлдөп, палван төрт ташты бир-бирден ыргытып, түшүп келатканда сабынан кармап калып жатты. Таштарды ыргытып болуп, көкүрөгү менен дем алып, чеке терин сүртүп атып, жарчынын көзүн карайт.

– Палван! – деди жарчы.

– Лаппай! – Палван жарчыдан көзүн албайт. Жарчы палванды карабайт, көпчүлүктү карайт.

– Сиз мына, он тогуз жылдан быякка таш көтөрөсүз. Көрбөгөн элиңиз, баспаган жериңиз калбады. Бүгүн минтип, насипти караң, ферганалыктарга оюн көрсөтүп отурасыз. Сизден битта ылтымаз энди, жанажан атажандарга деп, жанжигар ана-карындаштарга деп, кичкинтай-козучактарга деп эң кыйын деген өнөрүңүздү көрсөтүң. Кана, тамашабандар, битта шапак... – Чоң-кичине кол чапты. Керней, чилдирман коштоду. Палвандын кыймылы бошошуп, дагы бир нерсе күткөндөй. Бирөө бир нерсе айткандай керней менен чилдирман дагы лып басылды.

– Ярмат палван! – Жарчынын көзү элдин арасынан бирөөнү издейт, саартан бери эле издейт...

– Лаппай! – деди палван эңкейип таштарды бир жерге үйүп жатып.

– Азыр жүда кыйын өнөрдүн бирин көрсөтөм дедиңиз! Оюндун кумары менен кичкинтай козучактар алдыга жылып кирип келишти. Палвандын колунан таш ыргыса, бирөө-жарымына тийип кетпесин, кийин-кийин жылышып...

Эл копшолуп шакек кеңейди. Алдыда турган жездем сүрүлүп, жаныма келип калды. Аңгыча бизди жандай, «Пош-пош! Жол бергиле, кары адам кетпартат, көзү көр адам кетпартат, жол бергиле!» деген чыканактай баланын дирилдеген үнү көпчүлүктү тең бөлүп, аркасынан бай түп жаңгактай болуп далдайган чал адамдардын ийин-мүрүсүнөн кармап, кулунчагы салган жолдон чыгып кетпесем деп майда арымдап келет. Төбөсү көпчүлүктөн бир карыш чыгып жүрөт. Ийининде куржуну бар. Алдыга өтүп кетишти. Ого чейин буларды жарчы да көргөн окшойт, микрофондон «аксакалга жай бергиле, кана, кана, жылышкыла!» деп калды. Чал туура кылды, ийининдеги куржунду алып, эки бүктөп көчүгүнө басты дагы, жарчынын ызааты кылып ор-

толукка баш ийкеди. Элдин уу-дуусунан оюндун кызыгын туюп, кол чабылганда кол чаап, кез-кез тике турган баланын пайчасынан тартса, ал эңкейет да, чалдын кулагына бир нерсе дейт.

– Ярмат палван!

– Лаппай!

– Шу азыр дагы жүда зор өнөр көрсөткөнү турасыз. Бир жагы тобокелчилик. Таш оюндун бу сапаркы номуру канака? Бир ооз...

– Хоп, жаным менен! Таштарды көрүп турасыздар, бир-бирден кылып тизип койдум!..

– Аны көрүп турабыз. Сөздү көбөйтпөй таш көтөрүң! Ферганадан алыс кетчүүлөр бар бу жерде! – деди көпчүлүктүн арасынан бирөө.

– Палван көп сүйлөбөйт, таш көтөрөт! – деди дагы бир жоон үн.

Жарчы да, палван да укпамыш болуп, иштерин кыла берди.

– Мынаке, таштарды тизип болдум, Бахтияр ака! Бир даанасы 32 кила! – Палван таштарга кол жаңсады. – Ар бирине кур байлайм дагы, тишим менен биринен кийин бирин чап таманга ыргытам!

– Бали, палван, бали! Кана тамашабандар, шапак уралы! Эл карап турбады. Бир адамдай кол чапты. Ярмат палван кайыш курун бир илмекке жылдырып, белин бууду да, өзү айткандай тишине салып, таштарды бир чекеден ыргытып чыкты. Тургандар микрофонду күтпөй эле кол чаап жиберди.

– Бали, кем болбо, атуулу! – Жарчы аны колунан жетелеп, шакекти бир айлантып чыкты. Ярмат палван кийиздин чекесине малдаш куруп, бая «Волгадан» түшкөндө өзү менен ала келген термустан чай куюп ичип отурду. Жарчынын доошу муңайым угулду.

– Ярмат палван!

– Кулагым сизде, Бахтияр ака!

– Бүгүн сиз Кува-Сай жактан ушу ферганалык агаиндар деп, шулардын көңүлүн бир жашандатайын деп, тамашага маарек кылайын деп элирип, сүйүнүп келдиңиз. Тамашаңызга, күчүңүзгө, чапчаң оюнуңузга шапак чаап, жанажан атажандар, шу балажан дагы нечен-нечен журт кашында туруп, таш көтөрсүн жана дагы көп-көп жылдар калк көңүлүн курсантчылыкка бөлөсүн деп дубасын берип атышат. Палван!

Сөз арасында шеригин утуру чакырып турбаса, кебинен адашып калат окшойт деп калдым.

– Палван!

– Лаппай! – деп коюп палван да жөн отурган жок, пиала аркасынан пиала бошотуп отурду.

– Шу отургандардын ичинде «кыдырган элинин кимине болбосун, бу палвандын ыйманы оттон ысык учурасын, билектен күчү, башынан ооматы кетпесин» деген кыянатсыз, асил ниет адамдар болсо, уул көрсөм уултайым ушу Ярмат палвандай таш көтөргөн, журт лапазинде жүргөн атуулу болсун деп тилек кылган ана-эже, карындаштар болсо жана таш көтөрбөсөк да элдин камын эстен чыгарбай, намыс үчүн керекке жараган Ярмат палвандай ала көөдөн, көңүлүндө жакшылыгынан бөлөк кири жок азамат болсок деген кырчын тал жигиттер болсо жаныңардан шу палванга деп, битта сом, экита сом атасаңыздар!..

– Ярмат палван!

– Эшитип атам, Бахтияр ака! – деп ал ордунан турду.

– Мынабы пакырды кармаң дагы, мени эргешип басың, тамашабандарды бир тегеренип чыгалы! – Жарчы палванга жапжаңы, али суу куюла элек челекти карматты.

– Агаин-туугандар, палвандын зыйнаты, көңүлүңүздөрдөн чыккаңы, битта сом болобу, экита сом болобу, аз дебейбиз, көп дебейбиз. Көңүлдөн чыкканы... Палван үчүн!

Жарчынын оозу-оозуна тийбейт. Аркасында микрофондун узун түйүнү кара чаар жылан болуп чубалжыйт. Палван аны ээрчип, экөө жарым саатча пул чогултушту. Садагасы кетейин көпчүлүк, тилеги таза көпчүлүк жанынан сууруганын палвандын чакасына кыйылбай таштай берди. Ата небересине, энелер баласына, кош бойлуу келин курсагын тепкен наристесине атап, илгери үмүт менен пул таштайт... Экөө ортодогу таштарга кайтып келишти... Таштар менен бир катарда бети кара чарчы менен жабылган челек турду... Палван таштарын шашпай тизип, ага узун темир өткөздү. Эки учуна чынжыр бекитип, мойнуна илди. Ден бойду дүүлүктүргөн керней, чилдирманди көрүп ал!

– Палван!

Жаагы талбаган жарчы экен, «палван» деп эле турат.

– Лаппай!

– Шу төрт ташты бириктирдиңиз. Мойнуңузда азыр нечи салмак бар, шардана айтып туруң!

– Жүз жыйырма сегиз кила моюнда!

– Баракелде, кантип көтөрөсүз!

– Мойнума салган боюнча тамашабандардын алды менен тегеренем!

– Бали! Кана, карнайчи, чилдирманчи!

Палван бакандап суу көтөргөнсүп, темир желкесин ийип, отурган элди бойлоп дикилдеп басты.

Ошондон кийин, палван желкесиндеги салмакты таштагандан кийин, термусунан чайын ичип отурганда, жарчы дагы «палван!» деп чакырарда кызык иш болду, Баягы жаныбыздагы балага жетелетип өткөн чал ордунан туруп алды.

– Оо туугандар! – деди жер тиктеген калыбында, – шу тургандардын ичинде таш көтөрүп, эл алдында күч-кубатын сынап көрчү азаматтар бар бекен?! Болсо, чыксын, палван дем алгыча, тамаша кылалы! – Көр чалдын бу жоругун ким күтүптүр. Анын далдайган зор сөөлөтүнө көз токтоткон элди аралап, шыбың-шыбын сөз жүгүрдү. Башын устара менен кырдырган баягы киши жанындагы оюнду бут учуна тура калып караган, карды саландаган, агала сакалчанга бурулуп:

– Мунуң баягы төө-моюндук Сурман палван экен! – Өзү тапканы-на өзү сүйүнүп, чала-була кыйкырып ийди.

– Ой тообо, ошо. Көзүңүз көз экен, тим эле ыргыта тааныпсыз, – деди карды саландаган агала сакал бут учуна тура калып. – Көзүнөн айрылган экен бечара, болбосо баягысындай эле...

– Оо-уу, муну көрөлегибизге канча болду! Жакшы карыптыр...

– Кырк бешинде сырдарыялык Идаят палвандын белин үзө чапкан Сурман жамбашчыл ушу да.

– Өзү! – деп атырды буркуратып себинген киши башын ийкедетти.

Сурман палвандын кеби көпчүлүктү толкутту, бирок, «кана, көтөрсөк көтөрүп көрөлүчү» деген бирөө-жарым суурулуп чыкпады. Палван сүрүн, палван савлатин, илгери алышканын эки-үч силкип боюн жерден бошотуп, так көтөрүп жамбашка салган адамды карыялар таанып турду. Сурман жамбашчыл үндөбөй тегерекке сүкүт салып, кулак түрөт. Жарчы шашып калды.

– Атажан, биздин маалда таш көтергөн пенде кемде-кем. Бирөөжарымдын намыс-арына тийип алсак, белин кокустатып албасын, оюндан от чыгат... Ярмат палвандын өнөрүнө кайтып тамаша кылалы. Кана, палван, өйдө тур! Керней, чилдирман!

Сурман палван колун өйдө көтөрдү. Көпчүлүккө жүз бурбады, ортону тиктеген калыбында:

– Илгери шундай жерлерде, калың журттун көзүнчө не бир азаматтар биринен-бири талашып таш көтөрчү эле... Эч ким чыкпаса, карууну биз сынап көрөлүчү, – десе болобу. Баягы чымчыктай бала колтугунда жүрөт.

– Быякка жүрүң, таштар бу жерде тизилип турат! – деп, тартынганды билбеген бала экен, атасын таштарга жетеледи. Күлкү чыкты. Тааныбагандар, көбүнчө жаштар шаракташып күлүп жатышты.

– Көр адам турбайбы, таштын алдында калып өлөт экен!

– Баласын жетелеп кетсеңер, таш тоголонсо!..

– Мээси жок бейм бул чалдын...

– Ташка жолотпогулачы! Бир нерсе болсо догуна каласыңар!

Сурман палванды тааныгандар үндөбөй турушту. Чал эңкейип, четки ташты кармады да, «оп-па!» деп белине чейин апкелип, өйдө көтөргөнгө дарман-кубаты жетпедиби же намыс-ары козголдубу, же бир нерсени туйдубу (же бир нерсени көрдүбү!..) ташты күрс этки-зип таштап жиберди. Жакын отурган келин-кесектер «ой, бу жинди экен!» деп тура качышты. Көпчүлүк кыраан-каткы түштү. Көпчүлүк менен чатагы жок, чал баласын чакырды.

– Кадыржан!

– Басыңчы, ата, кетели бу жерден! Сизди мыскалдап күлүп аты-шат. – Намыстанган бала чалдын колунан тартты.

– Кетебиз, балам. Биз калбайбыз бу жерге! А тургандар бизге күл-гөнүн коюп, мурда өздөрүнө күлүшсүн. Андан көрү, тургандарга айт. Кыйкырып туруп айт, уулум! Таштар отуз эки килалик эмес, он алты килалик экен!

Чоочуп кетти бала. Коркуп кетти, жалганды билбеген наристе.

– Бизди алдашыптырбы!? – деп кулуну кыйкырып ийди.

– Кыйкыр, элдин сообуна каласың. Бекерден-бекер алданып тура бербесин! Кыйкыр.

Кадыржан ортого жүгүрдү.

– Булар палван эмес, эптеп пул тапкан көз боёмо... – Бала сөзүн түгөтө албады, бала сөзүнүн аягына чыкпады, баланын кирсиз көкүрөгүн көпчүлүк көрө албады, атаганат... Анын үнүн керней менен чилдирман басып кетти...

Кува-сайлык Ярмат палван талтайып, жанарааkта эле Сурман палван салмактаган ташты оң колу менен ыргытат да, сол колу менен кармап, өнөр көрсөтө берди...

Сурман палванды элден мурда тааныган, башын устара менен кырдырган адам баш чайкады, «Мынаны караң, көзүбүз соо туруп биз көрбөгөндү көзү көр адам туюп, айтып берип турса, барып-барып пенде баласы эмне болор экенбиз», – деп айтты да, шакекти бузуп чыгып кетти. Бут учуна тура калып оюнга тамаша кылган кара сакал-чан да жөнөдү аркасынан. Карасам, жездемдин да палванды көрөйүн

деген көзү жок. «Кетели» деп калыптыр. «Пулдан айлангыр, колуна дагы беш сом карматам. Ысак жээнимдин баласын ойлоп, ушундай палван чыкса экен деп бербедим беле, башы-көзүбүзгө садага...» деди жездем.

О кыйла узап кетсек дагы жарчынын үнү бизди кууп жетип алат.

– Ярмат палван!

– "Ляппай" деген палвандын эрикме, көңүл кош доошун уга алба-дык. Анын ордуна керней менен чилдирмандын үнү чыкты...

Автовокзалга кетпаратып, баягы колун боорунан түшүрбөгөн коончуну эстедим. Чөл көрүнгөн муңайым көздөрүн, "жегенге пул жок, тага!" деп өткөн-кеткенге коон кескен курч чарабзалын эстедим дагы:

– Балдар жол карашат, жезде. Коон ала кетеличи, өзүм эле көтө-рөм, – дедим. Бу сапар жездем жок дебеди.

Коончуларда сүрөтчүнүн жүрөгү бар... Үймөктөрү өзүнө арбап ту-рат...





ДАЛДАЛЧЫНЫН УУЛУ

Аңгеме

Сөлпүк уулун жанына алып, Өсөр чал мал базары кызыган чеде келет. Эл сыңары жетелеген малы болсо бир жөн. Куру кол келип, куру кол кайтат. Базарга жете албай жатып, мал жетелегендерге оро-пара бак-бак унчукмай чалдын адаты.

– Токтуну нечеге алдың? Базар жөндүүбү? – Тааныбаган ооз учунан бирдеме демиш болуп өтөт. Чалды базар-учарда көрүп жүргөндөр жолун тосуп, жандыгын дагы бир көз соодадан өткөрмөккө туура тартат.

– Өсөр ака, базар көргөн адамсыз. Чаманызда токтунун баасы канча дейсиз? – Чалдын жообу удаа чыгат.

– Эки жүз он. Ашык-кеми жок.

– Баракелде, баа үстүнөн чыкты! Пулун таап гана айттыңыз.

Өсөр чал суроосун жаңыртат.

– Андан көрө, базар жөндүүбү?

– Базарга мал шыкалып чыкты. Жандык жаныбар – пул. Күздө той көбөйөт эмеспи. Мүйүздүү мал да сереп түштү. Бу сааркы соодадан кечигипсиз го?..

Өсөр чалга эки ооз сөз жетет. Арымын кере-кере шилтейт. “Базарды өткөзүп ийген экенбиз ээ”. Кейиштүү башын чайкайт. Катарында аскелдек аткан сөлпүк уулу бар.

Соңунан күбүр-шыбыр сөз салат...

– Мусурман ээ-э, баласын бирдей ала жүрөт.

– Далдалчылык өзүнөн ашпагыр десе, аны да үйрөткүсү бар го...

– Өзү бармактайынан мал базарда чоңойгон имиш. Малды бир караш менен нак баасын бычып, салмак, илдетинен өйдө айтат. Канынына синген кумардуу ишке айланса даба жок да...

– Далдалчылыкпы?

– Ии...

– Бекер сөз. Өсөр чал далдалчылыкты эрмек көрөт. Өз оозунан эшиткендер бар экен.

...Жетелеген мал жок, ээрчишкен ата-бала базарга шашат.

Кээде аны далдалчы деп чакырышат. Өөн көрбөйт. Кайра ага курсант. "Эрмек иш экен. Эки адамдын көңүлүн табыш чекене ишпи?.." – деп жарпы жазылып, эки ооз сөзүн айта жүрөт. Базарга каттабаган аны билеби. Кыйгачтап, ары тоотпогон таризде: "Адам ээй, беш, он сары чака үчүн саардан кечке жаман-жакшы айтышып, сакалдуу башын кичик кылып не кылат. Тиричилиги өтпөй калса да ошо ишин койбойбу десең..." Өсөр чал ага окшогондордун чекесине чыйкан кылып минтип коёт: "Мынабу бокмурунду далдалчылык кылып, ширинкенеге[1] баккам". Аттокуру терикпейт. Теригип эмне... Атасынын өнөрүн базар сайын көрөт. Катарлаша соода бычкан учурлары азбы... Томураңдап базар аралай жүрсө сурап калышчу. "Эй, кимдин уулусуң? Атасынан адашып калган го". Аттокур ийменишти билбейт. "Өсөр чалдын" дечү. Кайра сурашат: "Кайсы чалдын?" Эми баланын сөзү түз. Эл айтканды айтат: "Өсөр далдалчынын!" Дароо таанышат.

Баланын камээк жообуна, кирсиз дүйнөсүнө күлүп калышат. Мал базар Аттокурдун кызыгына айланды. Буркан-шаркан түшүп, атасы мал соодаласа анын тымызын кумары козголот. Балалык ышкысы өзүнөн-өзү күүгө келет. Мал ээси менен кардар көңүлү кайчы кеткенде нечен түйшөлүүдөн өтөт. Эки ниетти эбиз-жабыз[2] келтирүү Аттокурдун оюнда барып турган тозок иш. Кез-кезде соода учу таптырбай буту талып, байымы түгөнгөндө атасынан четтей берет.

Базар күүлдөйт. Өсөр чал элди жирейт. Жаңы кардар, жаңы соода табыла берет.

– Бар береке, бар береке! – Өсөр чал мал ээсинин колун силкет.

– Жок, жок. – Мал ээси макул эмес. Кардар баа кошот.

– Бар береке. Чал экөөнүн ашташкан колун силкет. Калыс баа табылсачы. Кардар баа жаңыртат. Мал ээси баш чайкайт. Өсөр чал баа кошот.

– Бар береке! – Мал кармагандын чыдамы чарт жарылат.

– Береке тап! Бердим, бердим колумду коё бериңизчи. Өсөр аке! Бердим дебедимби.

Эки тарап далдалчыга акча санатат. Бул илгертен салт.

– Напма-нак. Кол алышып койгула! – дейт Өсөр чал.

Кардар эми кежир мүнөз, жанынан тойгузуп ийе жаздаган мал ээсинин колун сыга кармайт.

– Бар береке! – Жаны ачыган тиги:

[1] *Ширинкене – соода жүргүзгөндүгү үчүн берилүүчү акы.*

[2] *Эбиз-жабыз – мамыр-жумур.*

– Жакшы баа, – дейт ооз учунан. Чал күтпөйт. "Базардын барында үлгүрүп калайын" деп шашат. "Өсөр аке, каякка кетти. Куюн эле, тоо-бо кылдым. Ширинкенесин албайбы..." Өсөр жаңы кардарды жанына алып мал көздөйт.

* * *

Аттокур базар аянтындагы дөңсөөдөн атасын издейт. "Бир көр, эки көр, үч көр... он көр... Көрдүм!" Өсөр чал куйругу кучак келген айча бел кочкорду тооруп калган. Оң кашынан өйдө бармак басым калы бар адам элден кызганабы, кочкорун далдаалайт. Базар аралаган көпчүлүккө табылбай калды. Улам бир келип, алса-албаса да кочкордун белин басып, куйругун салмактап, тишин байкайт. Кочкордун бели ийилсе, өзүнүн бели ийилгендей жилкини куруйт. Өсөр чалдын кочкорду тооруп калганында кеп бар эле. Мал көзгө тааныш. Ушул базардан көргөн. Качан? Шеги күчөдү. "Эсиң менен куруп калгыр. Аа, эстедим, эстедим. Бул кочкорду ак-чабуулук бала сатпады беле. Соодасын өзүм бычкам. Көрбөйсүңбү, кайра базарга жетелептир..." Элдин көзүнчө кочкор ээсин беттен алды.

– Бу, Кадыр баатыр, сенин да алып сатарлык пейлиң бар беле?! Бул кочкорду үч базар мурда, "союшка жарайт, алып бериңиз" деп жабышканыңда соодалап бербедим беле. Эми изин суутпай базарга, садагасы кетейин, көпчүлүк алдына алып чыкканың кандай? Оо, бейнысап десе. Тарт нары... Кадыр жеме сөзгө шашып калды. Кочкорына энкейимиш болуп, чулдур тилинде бирдеме демиш болот. Жалтаң карап, уяты бетин дуулдатат.

"Киши эмес го бу. Айтышсаң абийириң калабы... Бирөөнүн малы менен иши эмне экен. Тынч ширинкенесин чогулта бербейби, кысталак, дагы мал сүрүштүрүп коёт". – Баятан чоң соода күтүнгөн топ четинен жайыла берди. "Алып сатар, нысапсыз болсо, малынын мазеси болобу..." Далдалчыдан апси жеп ылажысы куруган Кадыр кочкорун жетеледи. Дарбазага жеткирбей базарком жолун тосту. Ызага муунган неме кепке такаат кылгысы жок.

– Соодасы болгон жок, сатыбалды деп атам!..

Базарком буга болгон жок. Кочкордун жибине асылып, бура бастырбады.

– Саттыңбы, алдыңбы, ишибиз жок. Мал базар аянтында турду. Теңгесин таштай чык. – Колтугуна балдак кыскан, анделек баш батарком чек кыркканга уста. Базардын туш-тушунан мал кирет. Бут коёрго жер калбай барат. Базардын билгенге өз күүсү бар...

– Өсөр аке! Өсөр акем каякта жүрөт. Ким көрдү? Эй бала, түш бери дөбөдөн. Атаң каякта жүрөт? Бас, таап кел! – Карала май, чеке зымы чыгып, тегерек айваны эптемей болгон тор калпакчан неме Аттокурду атасын каратканы жиберди. Өзү козу ээрчиткен койду оромоттой калды.

– Чакырып атат. – Бала атасын жеңден тартат. Чал тумшугун улам чүйрүп, куйругу чымын-чиркей жазгаган өгүздү көз соодадан өткөрүп турган. Уулунан "Ким?" деп сурабайт. Үндөбөй соңунан басат. Жигит утурлап алды.

– Ака, келиңиз козулуу кой алсак дегенде эки көзү төрт. Бүгүн да какшап калган. Өзүм көр соода, базардын өйдө-ылдыйы менен ишим жок нерсемин. Көңүлүңүзгө туура келсе, шу койду козусу менен соодалап бериңиз. Козулуу кой деп ак эткенден так этсе, зайыбы тукумуна кызыгып, менчикке кошолу деген ою бар экен. Өсөр чал оюн улап, сөз козгоду.

– Сага жайдары койдон артыгы жок, үкөм. Бу койдун козусу дадил экен. Күзгө жетпей энесине теңелет. Ала бер. Келин баладан кеп укпайсың. – Кой чалдын айтканынча бар эле. Баярakta бул койду алыстан көрүп, өзүнчө чоттоп койгон. Жарашыгына карабай сары көйнөгүнө балык жоон кызыл, жылтырак галстук байланган, пекене бой жигит койдун жибин колуна орой, бир сөзүмө турам дегенчелик келип-кеткендерге салкын тигилет. Зарыккандан улам базарга мал алып түшкөнү байкалат.

– Ашына, козулуу койго канча берелик. Ак сүйлөчү. Чалдын жумшак мамилеси жигиттин көөнүн ачты. Дилинде нечен ирет кайталаган бааны айтканда далдалчы анын базарга камээктигин дароо биле койду.

– Эки жүз элүү де... – Өсөр чал сөздү кайталап алды да, чакчасын сууруп алаканына насывай төктү. – Козулуу коюнду эки жүз сексен сомго алабыз.

Жигит энесин тегеренген козуну кармай калды.

– Пулуна чак мал экен. Кана, кардар турба, пулуңу сазда. – Тор калпакчан сөздү эки кылбайт. Кой жаңы ээсине ык албай турду. Адилет сооданын ызаатын кылып, эки тарап сөлкөбай сунду. Чал жок дебеди. Адырандап кой жетелеген жигитке акыл айтат.

– Козулуу кой береке, үкөм. Жакшы баксаң, короонду толтурат. Дилинде болсо, "бешенеси ачыктын соодасы да шыр жүрөт", – деп койду.

* * *

Аттокур базарда атасынын бир да сөзүн жаза кетирбейт. Көргөнүн көңүлүнө, укканын көкүрөккө түйүп калат. Мына, Өсөр чал колун жалап, сүзгүлөгөн кочкорду имерет. Азыр "кай жердин малы" деп сурайт. "Кара-Таш жайлоосунда жүргөн" деди мал ээси. Өсөр чал токтогон жерде көпчүлүк да токтойт. Далдалчынын сөзү – алардын сөзү.

– Кочкорго канча сурайсың? – Өсөрдүн суроосуна тегерек кулак түрөт.

– Үч...

– Үч жүз де! – Далдалчы мал ээсинин сөзүн тууралайт.

– Мал алчулар барбы? – Көпчүлүк жайыла берди. Сүкүт салып бир үч адам калды.

– Акыры, мал алганы келгенсиңерби? Же тамашагабы? – Сөздү бүтүрбөй эски солдат көйнөгүнүн сыртынан ичке жип байлаган адам топтон суурулду.

– Союшка мал көздөсөм, түзүгүрөөгү көрүнбөйт. Шу кочкор жарайбы деп өзүм да кылчаңдап тургам. Өсөр аке, көздүү адам элеңиз...

– Тайсалдаба, – деди Өсөр чал, – союшка куп жарайт.

– Эки жүз алтымышка болсо ынандым... – Ал айтарын айтып, кочкордун ээсин демите карады. Топ далдалчынын оозун тиктейт. Далдалчы сөз жиреди.

– Эки жүз жетимиш беш! Бар де! Бар береке! – Малдын ээси тоң моюн. "Береке тапка көнбөйт", бири базарга ыраазы, бири нааразы. Өсөр чалдын кулагына базар күү чалат. Төбөдөн күн сызгырат. Төбөдөн буу көтөрүлөт. Чалдын үнү шаңкып чыгат. Далай сооданын ажаатын ачып, жолдуу чыккан далдалчы түк шашпайт. Баа үстүнө баа коошот.

– Бу соода имне болуп калыптыр. Кана бар де! Эки жүз сексен беш. Бар де! Кочкордун пулу ошончо болор, куп де! – Тажик топусу желкесине түшкөн кодогой бой неме ушул сөздү күткөндөй ашташкан колдору "бар береке!" деп силкти да, кочкордун жибин чечти. Жанатан бери суу ууртап алгандай лам деп ооз ачпаган неменин сөзүн көрүп ал. Жаагы тынбайт. "Нанды канча берсең жей берет. Жемге сугалак. Канааты жок". "Үркөт окшойт?", "Кезүүгө кошулбай, өзүнчө багылган мал ошол да". Кочкор суктангыдай бар эле. Бели түз. Баскан сайын куйругун чайпайт.

– Пулду эсептеп бериңиз. – Далдалчы баш бармагын тилине жанып, акча санайт.

– Толук. Өзүңөр да тактап алгыла. Мындай иште этият болгон жакшы. – Кодогой неме акчаны төш чөнтөгүнө салып, измелик[1] менен төөнөп койду. Анан улам ойкуштап, кетенчиктеген кочкорду куйругунан түрттү. “Бар, жаныбар, керегине жарап бер. Бар, жаныбар...” Далдалчы күтмөк беле. Бая эле базарга суңгуган...

* * *

Аттокур дагы эле базардагы дөңсөөдө отурат. Чарчаса ушул жерге келет. Базар күүлдөйт. Эл кымгуут. Алма ыргытсаң жерге түшпөйт. Бери четте ак чач кемпир токол эчкисинен көз албай наймаңдап нан чайнайт. Көңүлү келсе нандан сындырып эчкиге тутат. Улагы оюн салып, саал алыстады “чү-чүлөп” жизибайраны чыгат. Жоон топ кошо сүрүлдү.

Чалдын шашке болгону менен иши барбы. “Өсөр аке, козу керек”, “мага бычмал”, “жөндүүрөөк соолук болсо, караштырып бериңиз”. Жолун тооруп, кошо жүргөндөрдүн биринин да көңүлүн калтырбайт. Айтканы айткан жерде табылса, эл төбөсүнө көтөрбөгөндө ким көтөрөт. Эл арасы суюла баштаганда Аттокуру эсине түшөт. Күндөн күнгө калкалай дөбөдөгү уулуна кол булгайт. Бала тызылдап келет.

– Кетебизби?! Курсагым ачты. Элдин баары кетишти го...

– Кызыгың тез эле тарадыбы? – Чал баланын чачынан жыттап койду. Ал эртеден берки чарчоосун кандыргандай болду. – Аттокур, бери келчи, мынабу бөкчөңдөгөн чалды көрдүңбү. Ии, кой жетелеген. Бу бечара келээрки базарда келип убара чекпесин. Малын сатышып берелик. – Коюн жетелеп, базардын тиги четине бир, бул четине бир чыккан бүкүрү чалды Аттокур эрте менен көргөн. Ага бирөө-жарым көңүл бурсачы. Баары эле айланып өтөт. Ысык аптапта адебин жеген чал араң ыргалат. Кой катуу булкунса эле дарманы качкан колдон зуу суурулгудай.

– Садагасы кетейин, элди кут басып, мал көбөйгөн маал. Мал алса, тандап алат. Чалдын кою түзүк эле. Андашпаса бекер да. – Ата-бала чалга жакын келди. – Бу койду дурус баккан эмессиз го?.. – Өсөр адатынча калпагын желке тушка жылдыра берип үн катты.

Чал үндөгөн жок. Кулагы катуу экен. Кою өзүнө окшоп, жоош тынч турду. Чалдын кулагына:

– Келген баасына сатып жиберели! – деп кыйкыра сүйлөдү. Укту окшойт, жүзүнө кызыл жүгүрдү. Доошу каргылдана эртеден бери биринчи сүйлөгөнү ушу окшойт.

[1] *Измелик – төөнөгүч.*

– Малды көздөгөн бирөө-жарым болбосо ушул экен. Кемпир экөөбүз өзүбүз менен өзүбүз. Мал караш кайда? Армиядагы баланын келээр маалы. Союш камдап турбасак деп, кемпир түшкүр, тынч жаткызбайт. Бу кара жолтойду сатып, кийинки базарда семиз козу карасамбы дегем. Соода сааты кетенчиктеп... – Бели эңкейиңки, үлдүрөп сүйлөгөн чал Аттокурга жомоктон чыга калгандай сезилди.

– Коюн сатып берчи. – Бала атасын жеңден тартат.

– Шүк тур, сатабыз. – Кокустан эле Өсөр далдалчы заңкылдап кирди. – Оо, калайык, жайдары кой алчуңар барбы?! – Анын үнү бакырдагы толкуган калың элдин көңүлүн бурду. Койду ортого жетелеп чыкты.

– Бу кой союшка да жарайт. Менчикке кошуп, жылда төлүн алам дечүлөр болсо андан саз. – Бүкүрү чал сөздү эшитип турду. Эмне демек эле “бул туура айтат” дегенчелик, көпчүлүккө баш ийкейт. “Самтам деп жетеледим да. Базарга мал көп түшөрүн кайдан билдим. Сатам деп жетелегемин да...” Анын кургак эриндери бир сөздү улам кайталайт.

– Коюн сатып берчи... – Бала атасын жеңден булкат.

– Шүк тур дейм. Бала деген баладай эле болсо... – Өсөр чал көпчүлүктүн оюн окуйт. “Далдалчы чалдын коюна мынча эмне имерчиктеп калган?” Далдалчы сөзүн кайра алды.

– Багуусун аз-маз өксүтүп койгон. Көздүү адамдын колуна тийсе барбы, төөдөй кылып бакмак, не дейсиңер? – Анын кеби “араңарда алчулар барбы?” деген сөздү камтый чыккан. Тургандар үндөшпөйт. Чалдын ыраңындагы кызыл аз-аздан жоголуп баратканын зирек бала байкады. Ушул кез ал көп акча кармагысы келди. Адам жүзүнөн жарашыктуу, жакшылык жышаанын өчүргүсү келбеди. Айла жок. Кыялга салып, байбача болгонуң бекер да...

– Өсөр ака, бакса болгудайбы, илдети бардай көрүнөт да. – Эңкейе койдун чатына кол созгон адам өйдө болду. – Желини да билинбейт.

– Тоо малы илдеттен сырткары. Багуусу жарашса, мал деген семирет. Ала турган болсоң, ыргылжың болбо, ашына. Адашпайсың, кана, колуңду берчи. – Далдалчы кардардын күрөктөй шадылуу колуна чалдын арык, сөлү качкан колун кошту.

– Соода бир сөз менен бүткүдөй болсун, мамаданичиликти жактырбайм, – деди аларман. Чалдын көзү балбылдай түштү. Ал далдачыга сөз оодарды.

– Базар башы Өсөр не десе ошо. Айтканын эки кылбайм. Экөөбүзгө тең калыс адам. – Кардар ынагандай. Жандыктын баасын бир караш менен бычкан неме ойлонот беле. Болгонун болгондой айтты.

– Жүз алтымыш. Азайткан да, көбөйткөн да жокмун. Бар дегиле, береке тапкыла! – Сооданын ажааты бир сөз менен бүттү. Аттокур чалдан бешбетер сүйүнүчүн жашыра албай ордунда тегеренет. Тигилер акча санап жатканда чал коюнан көз албады. Моюнундагы жибин чечти да белине ороп алды. Жамажайына кол салып, шилекейин колтугуна сүрттү. Күбүрөнүп, бата кылды. Чалдын сунганын Өсөр алган жок. Анын ордуна:

– Базарга келип туруңуз. Бул жерде күчүңүзгө күч кошулат, – деди. Жооп ордуна тиги Аттокурга баш ийкеди.

– Уулуңбу? Базарга ээрчип көнгөн го. Жакшы кыласың. Эл көрсүн... – деди. Чал балага жылдыздуу көрүндү.

* * *

– Зериктиңби, уулум? – Өсөр базардан кайткан жолдо боорукер сурап коёт. – Суусадыңбы? Азыр дарбыз жейбиз. Баягыдай... – Аттокур "баягыдайды" билет. Чоң дарбызды экиге бөлүп "кесе" кылып жешет. Салкын чайканада суусун кандырып, анан базар аралашат. Сооданы ата-бала китеп дүкөндөн баштайт. Дүкөнгө башбакканда Өсөр чал өзүн мал базарда жүргөндөй сезет. Сатуучу кыздарга доош кылат.

– Жакшыбы, кыздарым. Жаңы китеп түштүбү? Өткөн базарда алган китебиңерди окуп түгөттүк. Кана, уулум, карап чыкчы. – Аттокур кыргыз китептер бурчу тарапка шуңгуйт.

Кыздар чалга узакка күлүп жүрүштү. Такай кирип жүргөнгө кийин көнүп кетишти. Эми дүкөндүн сыйлуу адамы. Ызааттап тосуп, узатышат.

– Сиздерге китеп түтпөйт окшойт, – деди дайыма китеп окуп отурчу кыз. – Келип-кеткениңерден бир апта өтө элек. Экөөлөп окуйт окшойсуңар. – Чал карс-карс күлөт.

– Кайдан, кызым, биз тамга тааныгандан кеч калбадыкпы. Бала окуйт, мен угам. Экөөбүзгө тең кызык. Китептин да кумары болот турбайбы. Ылаажы жок... – Сатуучу "жаңы китептер бар" дегиче колтугуна китеп кыскан Аттокур чыгат. Өсөр чал чыйбаркыт шымынан капчык сууруйт.

– Санагылачы, канча болот экен. "Курманбектен" (эпосту айтып жатат) дарек жокпу?.. – Чот каккан кыз баш чайкайт...

* * *

Аттокур китеп көрсө, кыя өтпөйт. Мектепте да намыскөй. Үйдө болсо, сабагын бышыктамайын колуна китеп албайт. Өзү шар окуйт. Кыраатына салып, үнүн артисттердикине да окшоштура кетет. Мунусу Өсөр чалга майдай жагат.

– Муну, муну кара, бокмурундун кыйынсынганын. Көөнү тутса түзүк эле... – дегенде Аттокур кыраатына мүдүрүлөт.

– Жөн уксаңыз, ата. Антпесеңиз ичимден окуйм, – деп кыңырылат.

– Ой-ой палваным, мактап койсо мардайып коркутканын... Ботобайдын сары кызы сенден шар окуйт деп угам. Бирөө оозун тыртаңсып, Өсөр чал ушул сөздү айтып ийет. Аттокур лык дей түшөт. Эр болсоң таарынычын жазып ал. Ботобайдын кызы Зыйнат баланын атаандашы. Сабакта бири жооп берсе, экинчиси кол көтөрөт. Бири "беш" алса, экинчиси да... Төртүнчү класста мектептин Ардак тактасында экөөнүн тең сүрөтү илинди. Аттокурдун сүрөтү бир сөөм ылдый. Жыл башында анын сүрөтү өйдөдө эле. Балалык намыскөйлүктү кара. Зыйнат үйүнө ыйлап келет. "Аттокурдан эмнем кем, сүрөтүмдү ылдыйга илишиптир. Анын колу калтырак. Сүрөт сабагынан "үчү" бар"... Ботобай мектепке бастырып келип, кызынын сүрөтүн өйдөгө илдирип кеткенин укканда Өсөр чал санын чаап ыкшый күлгөн.

– Ой, мусурман ой, жаш баладан бетер иш кылганын. Балдардын кимиси кыйын, кимиси чабал окуткандары билет да. Тактайга илинди, анын өйдө-ылдыйы болот бекен, пендебиз да... – деп Аттокурун далыга таптаган. – Мактаган кызды тойдон көрөбүз. Дайыма эле кызын өйдөдөн орун берип турмак беле.

Ал окуянын эстен чыкканы качан...

* * *

Ата эрте ойгонот. Баласынын кулагына аста шыбырайт:

– Китеп базарга барасыңбы?

Баланын көзү умачтай ачылат.

– Азыр турам.

Турат. Термостогу чайдан бир чыны ичип, сындырым нанды кармап, атасынын соңунан түшөт. Таң жаңыдан сөгүлүп келаткан болот.

Өсөр чал бул жолу да базарда чабалекейдей кайкып жүрдү. Кармаган соодасын шыр бүтүрөт. Өзүнөн-өзү көңүлү ачылат. Жүз тааны-

шына кол берип, жүзү менен сурашып кобур-собур. Бейбазар күндөрү да ага малдын жаңы түшкөн коргоолу жыттана берет.

Көпчүлүктү жиреген чал серке кармаган Ботобайдын дал маңдайынан чыкты. Салам айтты. Шыр өтө бербей ак көңүлүн карматып, азил таштады.

– Серке кармаган неме көзүмө эле жылуу учурайт. Ким десем, Ботобай, сен белең? Эчки жетелеп зарыл келдиңби?.. – Жанындагы чыбык кармаган кызын көрүп, сөзүн көбөйтпөдү. Ботобай укмаксан. Ага кырын салат. Өсөр деле сүзүп өтө бермек. Серкенин кардары чыга калбаспы... Булардын мышык-чычкан мамилеси менен иши барбы...

– Өсөр ака, серке баасын бычып бериңиз, – деп сөз оодарды.

Кардар көңүлүнөн өтө албаган далдалчы буйдалды.

– Серкени саталык, Ботобай. Кардар көңүлү жарашса ушуга бер. – Мелтиреп кыйгачтаган неме корс.

– Сатпаганда имне, көркө кармап турат дейсиңби. Бу бок жыттанган базарында мүнөт дагы тургум жок. – Какшыкчыл Ботобай Өсөргө сөз тийгизди. Ал бу жолу да кардар көңүлүн сыйлап, кычык сөз чубаганды туура көрбөдү. Чатак учун аттатып сөз салды. Ботобай чорт тийди.

– Жүз сексен. Сурай берсин...

Баа кымбат эле. Кардар аны кайдан билсин. Жаш. Чөнтөгүнө кол салды. Баага кайыл. Бер дегенди бергидей. Ушундай да көр соода болорбу. Базар көргөнбү. Тоорушпайбы?..

– Шашпа, уулум! – Өсөр акча сууруган жигиттин көкшүнүн сууттү. – Баа кымбат. Серке картаң. Гөшү катык. Адыр чөбүнө жүргөн мал да. Жүзгө берсе алабыз. Андан бир тыйын ашты, ашыкча.

Ботобай түтөп кетти. Кардар колун суутканы аз келгенсип, малына акаарат келтирип жатса түтөбөгөндө... Чыңырып ийди.

– Эй, бекерпоз, оозуңа карап сүйлө. Биринчи малды багып көр, түйшүгүн тартып көр. Анан базарда туруп баа бычкын. "Башы оорубагандын Кудай менен иши жок" болуп... Гөшү катык дейт имиш. Муну кара! – Түнөргөн Ботобай тек койсо жакалашууга даяр. Далдалчы токтоо. Басса басып деле кетмек. Анткен жок.

– Сен көп эле алкына бербе. Серкеңди көргөндөр бааласын. Базардын көзүн көр дейсиңби. Көрүп-билип турат. Баага ынай бер. – Серкени алам деп күүлөнгөн кардар ортодогу кептен тайсалдай түштү. Серкенин мүйүзүн кармаламыш болот. Малдын асылын неден билерине башы маң. Малга аралашып өспөгөндүн кылаары ошол да.

– Өсөр ака айткан баага берсеңиз серкени жетелеп кетем, – дегенинен далдалчы Ботобайды колдон алган.

– Бар береке!

Тиги колун силкти:

– Турчу нары, бакшы болбой. Сенсиз соода жүрбөсө жүрбөй калсын. Баятан бери айтпаганды айтып, ак мокотуп бүттүң. Базарга ээлик кылгандан уялып да өлбөйт, кысталак. Ким алат, ким коёт анын насиби билет. Бар, ишиңди кыл. – Далдалчы терисине батпай кетти. Демейде мындай кеп укпаса. Алынып барып токтоду.

– Асылбай сүйлө, шалдаакы[1]. Имне, атыңды айры, изиңди ийри дедимби. Кардар үчүн гана калыс кебимди айттым. Кеп мал жөнүндө болуп атат. Начарды начар, жакшыны жакшы дейт. Мындан кийин базарга жарашкан мал жетелеп жүр. Жакшы айтканды билбеген кем акыл десе... – Өсөр чал бурула берип көзүнүн кыйыгын салып таарынычтуу тиктеген Зейнепти көрдү.

– Ата, кетели, жүрчү... Аттокур ушул жерде экен.

* * *

Зейнеп менен Аттокурдун эрегиши күчөдү. Бир күнү ал табарсыктай "тарс" жарылды. Чырдын башы жаратылыш үйрөнүү сабагынан чыкты. Ага Жалил агай себепчи деп айтуу кыйын. Ал үй жаныбарлары жөнүндө түшүнүк берип, окуучулардан суроо күтүп калган. Сөздү Зейнеп алды.

– Агай, митис кой базарда канча турат? – Мугалим күтпөгөн суроого анча маани бербей айылдыктарча корс жооп берген.

– Аны Аттокурдан сурагыла. Мал базарды жакшы билет. – Аттокурдун жүзү тамылжый түштү. Балдар-кыздар ага туш-туштан сөз ата башташты.

– Агай, ал мектепти бүтсө эле далдалчылык кылып, базарга кетчүдей... – Зейнептин үнү чыңкылдайт. Өткөн жолку мал базардагы жаңжал көкүрөгүндө жүргөн окшойт, ага табылбай калды. Класс дуу күлөт.

– Аттокур козу-улактын соодасын ышкыртат экен...

– Атасына кардар издеп жүрүп үйрөнгөн да... Шакаба балдарга табылбай калды. Дуулдап кээси ата-энесинен укканын айтып, жаршат.

– Атасы "накта ширинкенеге баккан уулум" деп эркелетип жүрбөйбү... – Зейнептин күлкүсү Аттокурдун дене боюна чалкан болуп чабылат. Кыжыбасы кайнап чыкты. Шарт туруп:

[1] *Шалдаакы – сөзүнүн баш-аягын билбеген неме.*

– Калп! Ким айтат! – деп классты башына кийип, бакырып-бакырып ийди.

Аттокур мектеп менен айылды кошкон көпүрөдө турду. “Өтөрсүң, безери, катыгыңды бербесем элеби. Атамдан айланасыңбы, чыбыр бет”. Зейнептин сепкил баскан жүзүнө итиркейи келет.

Кыздарды көпүрөгө чыгарбай тосо чыкты. Алар жайыла басып өтө берди. Аттокур өтчүсүн өткөрүп, Зейнепке маңдайлаш келди. Кулак түбүнө:

– Ким, ким!.. Мени далдалчылык кылып ким баккан? Дагы кайталачы, тилиңди сууруйм, саргалдай азыткы. Сары чака чогултканыбызды качан көрдүң? – деп кыйкырды. Көз ирмебей чакчая караган Зейнепке колу көтөрүлбөдү. Сөздү кыз чымын чакканчалык көрбөдү. Шашпай туруп:

– Аны атаңдан барып сура. Намыскөй болуп калдыңбы? Базарчарга чоппочоң туруп барып жүргөнүңдү баары эле көрүп жүрөт. Жолумдан чык, кыздар кетип калышты, – деди.

Нес болгон Аттокур көпүрө үстүндө селейди. Көөнүнө көк таштай тийген “далдалчынын уулу”, “... атаңдан барып сура”, “ширинкене” деген сөздөр дене боюна тикенектей сайылат. “Чын, атам элден ширинкене алат. Уялбайт. Эмне үчүн башкалар албайт. Ал аз келгенсип мени ширинкенеге баккам деп айтыштан да уялбайт. Атама баары бир. Далдалчы деген атка көнүп калган. Базарсыз тура албайт. Сунганды кайтарбайт. Менчи? Көрүнгөндүн баары шылдыңдайт. “Барбаңызчы, мал базарга. Балаңызды мыскылдап атышат” дейм. Уккусу келбесе, “Мектепке өзүңүз барыңыз” деп кесе айтам”.

Аттокур үйгө кантип жеткенин билбейт. Астана аттаганда атасы эчки пастекте маасысынын жамагы менен алышып отурган. Уулунун түнөргөн кабагы менен иши жок. “Мударис, келдиңби?” деп эркелете көнгөн сөзүн айтты.

– Мени далдалчынын уулу дешет. Ширинкенеге баккан дешет. Уялып өлдүм. Мал базарга барбаңыз. Мазакташып атат. Ата, базарга экинчи барбаңызчы. Эмнебиз жетишпей атат... – Аттокур турган жеринде озондоп коё берди. Чалдын ачык кабагы бейубак кабарга түнөрдү. Сууда жибиген кайышка шашпай шибеге саят. Баш көтөрбөй, дагы сөз күтөт. Өпкө-өпкөсүнө батпай солкулдаган уулуна корс бир тийди.

– Босогого отурбайт, ээ, бырылдаган... Тур, кийин. Жашабай жатып, баамыңар ошого жетип калдыбы... – Сагызга бүлөгөн жипти илмек байлап учунан кайчы жедирди. Манжаларында майда калтырак пайда болду. Аттокур ый аралаш унчугат.

– Элдин балдарындай жүргүм келет. Сиз ар кимден ширинкенеге алганды коюңуз. Пенсия аласыз. Чөнтөгүңүз да куру эмес. Элге уят экен...

Чал жубалдызды[1] жаза сайды. Бармак учунда мөлтүрөп кыпкызыл кан турду. Көңүл кыжаалатын билгизбей токтоо сүйлөдү:

– Кой, эсиң менен бол, уулум. Көзүңдү жаштай бербе. Бир кем акыл айтса айтып койгондур да. Андан бир жериң кемип калдыбы. Ырас, атаң далдалчы. Эч кимге залалы жок. Сени ширинкенеге баккам деп тамаша кылам. Айтпасам, айтпай койдум да...

“Барбасам барбай койдум да” – деди ички туйгусу да. Далдалчылык баланын шагын сындырат деп ойлогон эмес. Маасысынын жамагын бүтпөй сыртка чыкты. Баланын ыйы көңүлүн эзип ийген. “Барбасам, барбай койдум да”...” Өзүнө-өзү убада кылды.

Өсөр чал мал базарга каттаганды кан буугандай токтотту. Жума намазында тааныштары учурайт. “Базарда көрүнбөй калдың да, Өсөр? Табың айнып жүрөбү?” – дешет. Жалган айтат беле. “Табым түзүк. Балдар чоңоюп калды. Намыс көрүп, далдалчылыкты жактырбай жүрүшөт. Анын үстүнө карып да калдык” – деп карс-карс күлөт...

Бүшүркөй караган карыялар Аттокурду көп токтотот.

– Кимдин уулусуң?

– Өсөрдүн, – дейт бала. Карыялар эстей албай кайра сурашат.

– Өсөр чалдын, – дейт кайра бала.

– Аа, Өсөр далдалчынын дебейсиңби бая эле, – деп жол улашат алар. Аттокурдун жүрөгү “зырп” деп алат...

А Өсөр чалдын түшүнө күн сайын мал базар кирет.



[1] *Жубалдыз – темене.*



БИЗДИН МАЙРАМ ЭСИҢИЗДЕБИ?!.

Аңгеме

Ата, бүгүн майрам. Салып жиберген куттуктоомду алдыңызбы? Адатыңызча, чериңиз жазылганча эки-үч сапар окутуп, кайра кайра «башка жазылган сөздөрү жок бекен? Ден-соолук, тиричилигин деле айтып койбойбу, чунак бала. Төртүнчү жылга аяк баспайт турчу, кийинки майрам келсин. Жамшиддин атасы мындай калсын. Мыктап кийинейин. Сүйлөштүкпү?» – дегениңизде кубанып калгам.

Эсиңиздеби, мен майрам күндү кандай кубаныч, элирүү менен күтчүмүн. Эртең менен кулагыма акырын шыбырап ойготконуңузда, көчө балдардын шаттуу үндөрүнө толуп калар эле. Тамакка да көңүлүм чапсалып бергендирсиз.

– Барасыңар эми, атаң экөөңө да, баарыңа да жетет майрам, – дечү апам жака-башымды оңдой берип. Сиз колумдан жетелеп алчусуз. Майрам күнү үстү-башыңыз эч өзгөрчү эмес. Таза жуулган желеткеңизге сандык түбүндө сакталып турчу эки ордениңиз катар тагылып калар эле.

Бир жолу, «Ата, майрамдарда үстүңүзгө жаңы кийбейсизби, тиги Жамшиддин атасын карасаңыз» – деп көңүлүмө келе калган сөздү жашыркабадым. Сиз күлдүңүз, анан эңкейе: «Сен кийинбедиңби, уулум, карачы, баары сени карап жатышат» – дедиңиз, көкүлүмдөн сылап. «Шашпай турчу, кийинки майрам келсин. Жамшиддин атасы мындай калсын. Мыктап кийинейин. Сүйлөштүкпү?» – дегениңизде кубанып калгам.

Мына, кызыл-тазыл кийинишкен эл. Азыр «Байге», «Кыз куумай», «Күрөш», «Эр эңиш» оюндары башталарын жарыялап жүрдү Кубатали аке. Сизге жакканы күрөш эле.

– Уулум, шашалык, күрөштү алдыда олтуруп көргөнгө жетпейт. Чоң күрөш болот го, кыязы. – Төмөндөгү чоң майсан жайыкка шаша жөнөдүк. Алда качан уй мүйүз тартып олтуруп калган элди аралап, орто ченден жай алдык.

Балбандардын аттарын угарыңыз менен, анын кай жерлик, качантан тартып күрөшүп, кайсыл жыйында жыккандын же жыгылганын сүйлөп, чериңиз жазылат...

Чоңдор күрөшүп бүткөн соң, кезек майда балдарга жетти. Көпчүлүккө дагы кызыгы ушул. Майдан четине эки бетин күн жеген, тоголок бала чыгып, белине курун байлай, турган жерине чөк түштү. Анын өнөгү да

көп күттүрбөдү. Чачын тасырайта алдырган, арык бала көпчүлүктөн суурулду. «Бул баягы өйүздөгү Сабирдин уулу го, теңтуш жүрчүсүн, ошобу» – дединиз, колуңузду чекеңизге ала. Унчукпадым. Ошол эле Кубатали аке экөөнү бел алыштыра четке жылды. Тоголок бала даяр турганбы, беркини буйдамга келтирбей так көтөрүп, жерге урду. Эл шатырата кол чаап жибериштти.

– Таза алды, азамат, таза алды.

Сиз да көпчүлүккө кошулдуңуз. Жыккан кайра ортодо калды. Эреже боюнча жыккан киши жыгылганча күрөшө берет. Бу сапар ага чыкчу бала көпкө жоголду. Коркуп калды көрүнүшөт.

– Кимдин уулу экен? Жамбашка таза алганын, көрдүңбү? - Башыңызды чайкай, тамшанып олтурдуңуз. Сөздөрүңүз уулуңуздун намысына тийип, демин кызытканды сезген жоксуз.

Бир кезде, тээ четте турган кашка жорго минген адам артында учкашкан сары чийкил, эткээл баласын жерге түшүрүп, ортого жөнөттү. Катарлаша турган атчандар бир айылдан окшойт:

– Асылбек, атаңдын батасын алдың, алдыра көрбө. Жыгылсаң үйгө жөө жетесиң, – дешип, баланы намыстандырып жибериштти.

– Ай, бул балаң бошураак го. Тигинин сүрүн көрчү... – деп өзүңүзчө эле кобурай бердиңиз. Мен сары баланын күйөрманы болуп, бүткүл тилегим менен ага жеңиш каалап жаттым. Биринчи жолу биз экиге бөлүнө түштүк, ата. Сиз муну билбедиңиз. Сары белине курду байлап жатып, мага калтырап жаткандай туюлду. Жок, мени майда калтырак басып жатыптыр. «Чалып да болсо, жыкса экен» деп ага боор тартып жаттым. Тиги дагы сарынын колтугуна оң колун сойлотту.

– Карачы, белден бура кармаганын, каруусу күчкө толгондо барбы, койбойт го эч кимди. Бул али балапан да, жетилсе...

Биринчи жолу сизге ачуулуу карадым. Көңүл бурганыңыз жок. Эки көзүңүз тигилерде. Алар майышкан жакка кошо кыйшайып, оңтойлуу абалды өткөрүп жиберген балбаныңызга саныңызды чаап, өзүңүзчө эле күүлөнүп алгансыз. Бул сапар да сиздин айтканыңыз туура чыкты. Сары эткээлдин көйнөгү ийнине түрүлүп, кур өтө чыккан териси кызарып, жыгылган жерде көпкө олтурду. Ошол учурда жоон топ атчандардын ортосунда күлкүгө чөмүлгөн атасын эстедиби, биз олтурган жак менен элдин арасына кирип кетти. «Көпшөк» дедим, ичимден тиштенип.

Тиги дагы ортодо. Эми мен жакты карап алыптыр, көздөрүбүз чагылыша түштү.

– Баш байгени эч ким чыкпаса, балага бериш керек. Чыккандар деле жыгалбайт дегениңизде акыркы сөзүңүздү айттырбай:

– Мен күрөшөм. Мен!..

Кулагыңыздын түбүнө кыйкырып, ордуман ыргып турдум. Унутуп калгандай жанатан бери биринчи жолу мага карадыңыз. Күтпөсөңүз керек. Жүзүмдөгү өзгөрүүнү, ызалыктын эпкинин сездиңизби, үнүңүз бастап чыкты.

– Сенби, кой, уулум, тек туралык. Биз көргөнү келбедикпи, деги муну ким жыгар экен, – деп, тоголок балага бурулдуңуз. Костюмду чечип алдыңызга таштадым.

– Анаш, атаңды уятка калтырасың. Күрөшүп көргөн эмессиң. Белиңди кокустатып аласың, коё тур дейм.

Укканым жок, денемдеги кан дүүлүгүп, элди аралап кеттим. Тез эле тигиге жетип, так көтөрүп жерге уруп алгым келди. Майданга чыккынымда ал ордунан турду. Бойлорубуз тең болгону менен, ал мага караганда толук экен. Эми эле Сары чечип кеткен курду алдым. Кубатали аке мен жашаган айылымды, окуган мектебимди, кимдин уулу экенимди көпчүлүккө жарыялап жиберди. Өзүмдү жерди оё баскан балбан катары тутуп, тарамыштарым диртилдеп, жаак этиме күч келет. Бел алыштык. Ал адатынча оң колун колтугума салып, курду колуна ороду. Мен дагы ошенттим. Эңкейген калыбымда сизге карадым. Башыңыздагы калпагыңызды колуңузга алып, чөк түшкөн калыбыңызда, эмне болуп кетээрине айран-таң тургандай сезилдиңиз мага.

«Эми балбаныңыз» жөнүндө айта бериңиз. Эмнелерди билесиз, божурай бериңиз». Ачуумду дале токтото албайм. Каршым күчүмдү жогото элекмин дегендей эки-үч сапар булкуп алды. Мен эңкейип, тарткан жагына жылып тим болдум. Жыгып кетсем калпагыңызды көккө ыргытып, ордуман так көтөрүп кетээриңизди ойлодум.

Аңгыча буттарым жерден үзүлүп, так көтөрүлүп кетти. Жыгыламбы? Жок. Таштаган жагына бутумду таканыч коюп, боюмду токтотуп калууга үлгүрдүм. Аракеттенүү керек. Каршым күчүн кетирип алгандай сезилди. Шап белимди түзөй калып, тигинин денесин тиземе алып көтөргүм келди. Күчүмдү жыйнап, белимди түзөгөнчө ал озунуп кетти. Эки жолу тегеретип келип, жамбашка салганда, алдында калдым. Көк чөптүн жагымдуу жыты мурдумду өрдөп кетти. Жер муздак экен. Кубатали аке бизди ордубуздан тургузуп жатып:

– Азамат, Жоро, бул сапар да таза жыктың, деп каршымдын колун бийик көтөрдү. Башым айланып кайда басарымды билбей турдум. Күүлдөгөн эл мага күлүп жатышкандай туюлду. Сиз олтурган тарапка карадым. Көрүнбөдүңүз. Мен жыгылганда сиз да капталыңызга оор, онтоп жибергениңизди сездим. Аяп кеттим, сизди.

Элдин зор тобунан чуркап чыкканымда, күтүп турган карааныңызды көрдүм. Чыдай албадым. Ызалыктын ачуу даамы оозумду дуулдатып жиберди.

Сиз мени көкүрөгүңүзгө кысып, соорото албай жаттыңыз.

– Кантет эми, «жыгылганды жер көтөрөт» дейт. Мунун намысчылдыгын кара. Мага деле жеңил болду дейсиңби? Майрамдар көп. Биринде жыгылсаң, биринде жыгасың. Ыйлаган болбойт, уулум, жүр.

Чын эле андан бери канча майрам өттү? Бирок, ошол күнү өз оюмдагы ишке чечкиндүүлүк менен баргам. Көрсө, ошол ызалыктын жашы көкүрөгүмө намыс жараткан тура.

Ата, биздин майрамды эстедиңизби?..



ЭКЗАМЕН

Аңгеме

Кызына “Курманбекти” окутуп, кыргыйдай чал жүк жыйылган тушта отурду. Чыканагында кош балыш. Аваздуу добушка куштарын төгүп, дастан кызыгына кумары күч. – Он бет оодардым! – Бул кызынын бүгүнкүгө жетет деген илеси.

– Тез элеби? – Чылпак алган жыртак көзүн пар ачып, чал шекший түшөт. Доошунда нааразылык бар. – Кой жалганчы, оголе кыйынсың. Китепти жаңы алдың го колуңа? – Куру демитимиш болот.

– Кирүү экзамендерине аз калды. “Оку, оку” деп эле убактымды бекерге алып атасыз. – Минтсе кыстоосу саал тая түшөрүн билип калган. – Кызыгына түшкөндө дагы арамзалыгын кармады ээ. – Чал келип-келип кызынын ушул амалын билгендей. Тиктеши деле үмүттүү. Дастан кызыгы азгырып көңүл үлпөтүн ага тамам тарттырып ийген. Кызы укмаксан. Токтогон жерине барак бүктөп, китепти жапты. Чалга жаккан жок. Тиртеңдемиш болуп, мунасасы[1] келишпей кетти.

– Кожокөрдү десе, бир арбытып окуганын көрбөдүм. Берекеси жок... – деп жиберди. Бүлбүл шам көздөрүнөн үмүт өчүп калды. Көз кычыгындагы чылпагы кызына көрүнүп турду. “Коё туруңуз”. Кызынын майда мончок тизип кеште түшүргөн бетарчысын асти[2] жакын жолотподу. Чал кападар турган. Айтыша түшкөндөн кийин кызы кайтарып китеп албасын билчү. Окубаса, окубады дегенчелик өйдө болду. “Яп-прим!” Пас боюн буруп, текчедеги саатка үңүлдү. Көзү жеттипей турду.

– Тогуз болгон бейм... – Айткан сөзүнө өзү шектүү турат. Кызынын кошумчасын күтөт. Анысы сөзүн тууралап койчу.

– Онго жакын калыптыр, – деди кызы. Ушул тушта атасынын даарат алганы чыгарын билет. Секин шаштырып коймой адаты.

Жалгыз тамды паанектеген экөө. Ата менен бала.

---

[1] *Мунаса – мамиле.*

[2] *Асти – такыр.*

Чаркарды айлана бергенде толгон ай Көк-Бел тушка келип калган. Алтын-Казык асабасынын кылда учуна булут токтоп жылар-жылмаксан. Беде аңызынан түшкөн майнап суу айдын нуруна аламончок. Сыдырым жорткон жел сакал учун аста уйпалайт. Ай нуруна жүзүн тосту. "Садагасы кетейин, жакшылык күндөрдүн табериги..." Жаңырган айды көрсө, дайыма ошенткен адаты бар. Сүттөй жарык түн көңүл капшабында калган эски муңун козгой кээ учурда жароокер кемпиринин элесин тартып кетет. Ыраматылык түнкүсүн сыртка чыкса, "үйдө камалбай эшикке чыксаң, козудай ай тууптур, чал" деп намазымдын кыраатын бузуп жатып ээрчитип чыкчу. Сулуунун ничке кашындай, тырнак учу ийилген ай тегерегине жылдыз топтоп, көкүрөгүбүздү толкутуп турчу.

Жаңы көрүнгөн айдын бири менен бактыбыз кошо келбедиби... Наристе келди. Эсимде эмей. Ал күнү бүгүнкүсүндөй жадымда. Орозо айы эле. "Алыңды чактасаң, элге теңелбе, карыган маалында орозо кармаганды ким койду. Беш убак намазга жыгыласың, ошо жетээр" дечү. Сүйлөйт десе сүйлөп койчу, бусурман. Айтып жүрүп тилим тешилди. Саарлыкка бир тургуза албадым. Жаннатта болгур, орозо дегенге анча ыкласы жок эле. Бирок, саарлап куштай сергек ойгонуп, куптан намазын окуганымча чайын дем жедирип, тапкан-ташканын дасторконго жайнатып, төшөгүнө кыйшая уйкуга көзү илинчү.

Ошол күнү тобо кылдым, таңкы чайга кеч турсам болобу... Чымчыктар чырыктап, жерге жарык кирип калган. Дааратым кыстап, чепкенимди чала-була мүрүмө илип, астананы аттай бергенимде кулагыма шак дей түштү. Жаш баланын доошу. Курган жүрөгүм ай, туйлаганын эстесем. Куду ак өрүктүн түбүндө жамачылуу тери тонго оролгон бойдон экен. Баласын таштамак түгүл, наристеге катуу сөздүүнү көрсөм кыжабам кайначу жаным, бу сапар боор этин канкак-шатып босогомо калтырган пенде баласына миң мертебе жакшылык кебимди айттым. Колума ала койсом, ичегиси үзүлө албай араң жан. Эки аттап ичкери кирдим. Баладан жүрөгү өлгөн ыраматылыктын көргөн көзүнө ишене албай төшөгүндө талып калганын көрсөңүз.

Ал күнү орозо калды. Кемпирим эшикке чыкканын кан бууган-дай токтотту. "Көрөсүң, чал. Баланын эгеси келип алып кетет, көрөсүң" деп таңдан-кечке сарсанаа. Бала менен алпурушуп эки-үч күн үйдөн чыкпай калды. Бир апта өттү, кийинкиси өттү, издеп келген, сурап көргөн жан болбоду. Балага (кыз экен) загра унунан буламык жасап беребиз. Көнө түштү. Тообо кылып, эки колубуз жакабыздан түшпөйт. Насипти карабайсызбы, үйүбүз толо түштү. Түн ичи ыйын

уксак, кошо ыйлайбыз. Сүйүнгөнүбүз ошо. Коңшу-колоңдор кыйлада барып билди. Кирген-чыккандын ашык кеби болбоду. Бешик бообузду узарткан гана каалоосу бар. Көп өткөзбөй той бердик. Көпчүлүктүн батасын алдык. Атын Кантажы деп койдум. Энесинин да көңүлүнө макул келди. Мээнетти кылган, түйшүктү тарткан ошол эмес беле... Ыраматылык кызына калганда жаш келинди жолго таштаган күйүмчүл эле. Катарынан кем кылбай кийинтип-ичирип чоңойткон да ошол.

Колу узарып келатканда тарткылыкты караңыз, кеселге чалдыкты. Үч жыл алышты. Үч жыл кызы жанында болду. Мектебине барат. Келээри менен энесинин тегерегинде көзүнүн агы менен тең айланат. Тообо кылдым, тагдырына чырактай кылып ушул кызын айтып койгонун... Колуна – кол, бутуна – бут болгон ошо чырактай кызы болду. Кызыл жүгүрүк өтүшүп алса, дабасын табыш тозок экен го... Көрсөтпөгөн дарыгер деги калбады. Көрсө, ичээр суусу түгөнүп бараткан экен. Кызы сегизинчи класста экенде көз жумду. Бешенеге жазганы ошо экен, не дейбиз: "Даат" деп эле отуруп берди. Өлбөгөн жанга оокаты өтө берет. Кээде муунум бошойт. Арга жок комуз чертем. Күү сөзүмдөн күчтүү чыгат. Кантажымдын көңүлүн соороткон "Бекарстан" болду. Кайта-кайта черттирет. Көндү бейм. Энесин эстеди, илинген жеринен шып комузду алып жетип келет. Бул энесинин куштары түшкөн күү эле. Мектебин элдин алды болуп бүттү. Мугалимдерине оро-пара болдум, жүгүрүп келип кол беришет. Сурай электе: "Кызыңыздын окуусу жакшы. Адабий ийримдин мүчөсү. Окууга жөнөтүңүз".

Сыртка чыккан Кантажы айды тиктеп, селейген атасын көрүп чоочуду.

– Эмне турдуңуз анча! Чабыштырган суу муздап калбадыбы?.. – Көңүлүнө кабатыр ойлор келген. Оо, бир топтон кийин чал ордунан козголумуш болду.

– Муздабайт-этпейт. Эми көргөнсүбөй ичкери кире бер. Оголе кыйын эс болуп... Санаа кучагынан үзүлгөн чалдын сөзү какшыкка жакын. Ошерден эле кыбыла беттей маркум кемпирге бата кылды. Шашпай жеңин чыканагына чейин түрүп, даарат аларда кулагы чыңырып алды. Келмеси оозунда эле. Ичкери кирип жайнамазына тургуча дейди ойдун тузагында жүрдү. Алаксыйын дедиби, намаз кыраатын бийигирээк чыгарды.

– Астараак окучу, ата. Башыма түшпөй атат... – Жүк бурчунда «СССР тарыхын» кармаган кызы аста кыңырылат. Чалдын намаз кырааты пастай түшөт...

* * *

Кантажынын окууга барарын элден мурда сүт сурап келген Токточоң эне билди. Кара күчкө эле чолчумуш болду.

– Окуганга кетеби Кантажы. Эмки жаштардын жүргөн жери калаа болуп калбадыбы. Телегейиң тегиз болсо, сен дагы окусаң кана. Атаңчы? Аныңа кандай болот? Эстүү жансың, алды-арканды ойлон. Окуу качпайт эле... Кексе байбиче сынамакка сөз жылдырган. Кантажы бекерге сөз көбөйтүүнү каалаган эмес. Чорт кетти...

– Атам өзү бар деп атат. Окуганымды макул көрөт.

– Не билейин, чай кайнатып берээр жалгыз туягы сенсиң деп сөз салганым ошондон... Мага койсо, баары бир. Карыган чакта жалгыздыкты башка түшкүлүк кылбасын...

Оозуна алы жетпегендердин чырагына май тамызган сөз ошол күнү эле көчө башына камгактай учту. "Таштанды бала курсактан түшкөндөн айлансын. Бала болуп береби? Карыган немени карамак беле?.."

Сөз учун Нарыбай чал эшитип калды. Аны сөз ташыган Паиз көр шуулдап, ооруган тишине дем салдырам деп келип жеткизди. Чал бейубак кабарга тикен сайгандай чоочуду. Колунан иши түштү. Оо кыйладан кийин ачууга алдырбай мындай деди:

– Бекер айтышыптыр, карысам, Кудай карытты. Оокатыбыз менен иштери канча. Көрдү-жерди ой келди сүйлөй беришпесин. Пешене тагдыр билет. Убагынан койбой кызымды окутам эле. Өз ырыскым өзүмдө. Бирди-экиге кошкон айыңчыларга нааразы болду. Кайра кызым муну укпаса экен деп чый-пыйы чыкты. Окуудан көңүлү сууп калбагай эле деген ой да. Ырас болду, сөз четтеп кетти.

Август айы жакындап келатты. Алдыдагы сыноону ойлосо, Кантажы чыйралат. Колунан китеби түшпөйт. Нарыбай чал жетим көпөлөктөй тегеренген кызынын оокат-тириликке бүйрөлүгүн анча элес алчу эмес. Кызы экөөнүн тирилиги тээ илгертен нук алып, бир кунунда келаткандай сезилчү. Ага экөөнүн жылуу үйү, дүйнөсү түгөл, бардар бүлөнүкүнөн өйдө турчу. Мунун баары үйдөгү ишти былк эткизбей бүйрө туткан кыз адебинен, анын берекелүү кутунан уламдыр... Ырасында эле ошондой чыкты. Маалы келип, документтерин өткөзмөккө Кантажы шаарга түшкөндө билинбедиби...

Бул күнү чалдын жан дүйнөсү супсак аңгыроо ээлеп, демейдеги күндүн кунарсыз өтүшү ичин ачыштырды. Жалгызсырады. Түш оопоой электе жол караганга өттү. Адеп калаадан кайткан автобустун

эсебин алды. Көңүлү ордунда болбой кызынын көнгөн мамилесин эстеп, көчөгө дембе-дем чыга берди.

"Тобо көзүн караганга жаман үйрөнгөнмүн. Колума иш кирбей эле нес болом да. Ыраңы суук, кундуздай каттаган машиненим биринде келип калгай эле..." Бешим намазын убагынан өткөзүп ийе жаздады. Адырдан түшкөн уй да байлатпай "тос-тосун" чымын чакканчалык көрбөй, дүмбүл маканын ортосун майкандап кетти. Оо кыйлада зорго карматты. Эки көзү жолдо. Караан көрүнөр бекен?.. Караан учту көзүнөн. Кантажынын бир боор мээримин, аска тоодой жөлөгүн ушул кеч күчтүү туйду окшойт.

Кантажы босого аттаганда намашам убак эле. Чалдын колунан тесписи ыргыды. Намаз кырааты бузулду. Жайнамазын жаза-буза батсып кеткенин сезбей турду. Өзүнөн-өзү эле көкүрөгү бошоп жүрөт. Көңүлүн ныгыра баскан тумандуу ой кайдадыр житип, дене-бою бир башкача жеңилдей түштү. Кечки иңирден үй ичи караңгы эле.

– Кантажысыңбы?! Чал кара күчкө таанымаксан болду. Жүрөгү сезип, тааныбады беле? Кечке жол кароодон көзү тешилип, Нарбай чал кызынын доошун атайын эле эшиткиси келген.

– Ата, менмин. Жарыкты алигиче күйгүзгөн эмессиз го. – Үй жарык болду. Жапжарык үйдүн жылдыздуу куту – кызынын караанын эш тутуп, чал жетине албайт. Же оозуна сөз илинсечи... Кызынын боюн биринчи аңдашы. Келбеттүү учурады. Колунда даңкайган түйүнчөк.

– Намазга шашып, жарыкты күйгүзүш да эсимде жок. Алыс жолдо шам аралаш жүрбө кызым. Убактыраак чыгып жүр. Дөкмүттөрүндү алыштыбы?

– Кабыл алышты, – Кантажы жеңилдене үшкүрүп, эл көп. Конкурс жогору болот деген кеп бар...

– Ар кимдин сөзүнө кулак какты боло бербе. Бешенеңе не жазганын билесиң. Окуу десе бүктөмүнөн түшүп ыкласың бийик. Мээнетиң асти талаада калбас. Бирок, окууга өтүш, окуп кетиш өзүңдөн... Чал аягында жаткан теспесине эңкейди... "Ыраматылык энеси да мындай эле чыкты, себеттей кылып түйүнчөгүнө күчүн чыгарчу..." Кыялы ошого кетти. Намаз кырааты кайсыл жерден "каза" болгонун эстей албады...

* * *

Кантажы ой-санаага мыжыгылып, күтүнүп жүргөн убак келди. Таң агарып-агарбай чал кушубак ойгонду. Сакал-мурутун серптирип

алганга үлгүрдү. Жуулган жегдесин кийди. Уйду бадага кошуп, кечкурун көздөп алууну, торпогун шак боюна аргамжылап, көздөп турууну коңшусуна дайындады. Кантажы майрамга кийчү кийим менен. Колу куру эмес. Китеби бар. "Калаа деген каякта жатат. Жалган түштөн калбай жетпесек кечигебиз, ата", – деп үстөккө-босток атасын шаштырат.

Кызын ээрчиткен чал автобуста калааны көздөй төрт саат жүрдү. Келээр-келгенче китептен көз албаган Кантажы автобустан түшөөрү менен, институтту көздөй басты. Шашканынча бар экен. Экзамен башталганына кыйла болуптур.

Атасын институттун мандайындагы бак ичинде калтырып, "ушундай тура туруңуз, мен кабар алайынчы" деген бойдон эл тарапка жүгүргөн. Эшик тоскон эки-үч жигит Кантажынын сөзүн угуп-укпай туш тарабынан чыгышты. "Экзамен башталдыбы дейт, аяктап атса.." "Атаңыз болсо тура турат. Экзаменди сиз тапшырасыз. Тезирээк ичкери кириңиз". Айыпка жыккан какшык сөзгө тызылдай, бир чети жүдөй түшкөн Кантажы атасы тарапка кылчайганга шайы келбей, бар эмесе деп ичкери шуңгуган.

Сыноо жүрүп жаткан бөлмөдө бир үч абитуриент калган. Эшикке жакын келди. Энтиккен демин басып, китебин ача бергенде эшик ачылды. Өскөлөң чачы туш келди төгүлгөн, сол көзүндө азмаз агы бар агай сыртка баш бакты. Кантажыны көрүп эле, шаштырды. "Киргиле, киргиле, отурмай жок. Кечигип жүрүп дагы китеп карайт.."

Билеттерден бирди тартты. Эндүү сары кагаздын сүрү канча. Көз алдынан туш келди саптар качып окулсачы. Өзүн пукта[1] кармады. Биринчи суроо, экинчи суроо, үчүнчүсү... Көзгө жугумдуу тааныш темалар... Жатар маалында бир сыйра кайталап алчу эмес беле. Эркине койсо, көзүн жуумп эле айтып бергидей. Сүйүнүчтөн бүт бадени алоолонот. Сары кагаз, сары билет сүйүп кетпегей эле...

– Канчанчы билет экен? – Жанакы баштап кирген агай өзү көздөп жатты.

Кантажынын билгени көмөкөйүндө тирелип, айта бер десе эле дилинен чууруп берчүдөй. Баса, билеттин номери кана? Ал көзүнө урунсачы... Номуру жок экен... – Кыз ак көңүлүн карматып, болгонун айтты.

– Кантип эле? – кирпик ирмебей чакчая караган агайдын жини тез экен. Тикен сайгандай атып турду. Эмне, мени менен азилдешкени атасызбы?.. Ийрейген сөөмөйү билинээр-билинбес, кара боёк менен жазылган санды тээ өйдөдөн тапты.

[1] *Пукта – тыкан.*

– Булчу? – Биринчи катанды кармадым бейм дегенчелик табалаган карашта, – суроосун билбей калса эле көрбөй калышат, – деп ийди. Жазаңа дедиби, мандайынан орун көргөздү.

– Алыс барбаңыз. Өзүңүзгө өзүңүз иш үйүп... Кечигип да экзаменге келеби... Тегерегин сөзгө чакырган алчы көз агайдын амалыбы, каракүчкө эле кейимиш болду...

Чал узакка күттү. Ою онго бөлүнүп дүпөйүл. Чыдамы кетти. Кызы дайындаган жерден кадам жылбай эки көзү төрт. Кечиккен сайын кыжаалат. "Шамал, шамал эле, бирдей пырпырап жүргөнү-жүргөн. Бала деген баары-жогун келип айтып кетчү эле. Этият бол деп миң айтам..."

Өйдө-ылдый баскандар төбөдөн өтүп, сызгырган ысыкта калың пахталуу чапанына думдалган чалга, колго жөргөлгөн учу кайкы калпагын көз кыры менен сынакы тиктеп өтүшөт. Алар менен чалдын иши барбы. "Шамал... Шамал... Этият бол деп тилим тешилди..." Буту басталып, бели сыздап чыкканда айла жоктон көк майсанга көчүк басты. Аз-аздан тегерегине үйүр алып, буттарын кенен сунду. Чапанын чечип, чыканагына жаздады. Жерден келген салкындыкка жаны жер тартып, карылык, уйку көзүн ызгытып ийип жатты.

Ал жерде уул-кызынын көңүлүнөн өтө албай чоң калаага эргештирип келип, эми минтип байымы кетип олтургандарга көңүл токтотту. Өзүнөн саал алыс калпагын жүзүнө жаап, түн түшүргөн адамга үн каткысы, аны козгогусу, акыры жалгыз жарым бирөө менен жүрөгүн мыжыккан кыжаалатты бөлүшкүсү, сүйлөшкүсү келди.

– Эй үкам, өйдө болчу! – Добушу кардыгып, оголе копол. Анысын эрөөн албады. Жаткан неменин козголчудай түрү жок. Кайра доош кылды. Бут учу азмаз кыймылдап, ээси ойгонду. Баш көтөрдү. Калпагы капталына кетти. Уйку-соо. Шишимик көзүн укалай түшүп, "доош кылган ким" деген мисал тегерегине сареп салды.

– Үкам, узак уктадың бейм. Көңүлү ток жандын өзү уйкусу таттуу келет. Аш бышым болду, убайымда отурам, үкам. Өткөн-кеткен менен же сүйлөшө алсам. Сурай турган сөзүм бар эле, тай... – Чала уйку неме мынабы ой-тоону аралаш сүйлөгөн тепкедей чалга кыжабасы кайнады. Үндөбөй койду. Акырек ылдый көйнөк бүчүсүн чечип, жагжайган көкүрөгүнө жел издеди.

– Кызым окуугa тапшырганы жүрөт. Биринчи экзамени бүгүн эле. Шайтан басса ошо да "тура туруңуз, кабар алайын" дегенинен болуптур деп туруп калгам. Ана келет жок, мына келет жок. Же бир жагынан жыла алсамчы. Мындай чыктым келип, таппай калчудан бешбетер ордумдан эч жакка жылбай калдым. Ойго ардеме келет. Имне

болот, үкөм. Катуу кабатырмын. Жөжө бирдей жан элек, кызык болду го...

Чалагайым жан экен, чалдын көңүл туйгусу менен иши канча? Башкага кызыккан түрү бар.

– Кызыңыз нече жашта эле? – Күндөн көзүн ала качып, күрөктөй алаканын чекесине калкалай чалга ыржаят. Көңүлүнө ырас келсе, кызык кебин баштоочудай.

– Шу күз келсе он жетиге кирет, тай.

– Балакаттан нечак өткөзүп ийген турбайсызбы?..

Эки ийнин солкулдатып, бир жыргап күлдү го тиги. Бул өзүнө табылгыс сөз эле. Жылуу кеп угамбы деген карынын илеби сууп, пейли корс немеден каар укту. Акаарат сөзгө башынан жок чал тим койду. Аркы болсо, күлкү тепкен жашын улам сүртүп, эңкейе өзүнөн-өзү эле башын чайкай көкүрөгүн токтото албай кыт-кыт.

– Үкам, кары адамдын кебине күлүп болбойт. Уйкуңду ачканыма жининг келген бейм. Тийиштик кылып эмне... Көңүл улар сөзү барбы деген таза ой менен...

Башка сөзү жок эле. "Яп-пирим" деген көнгөн сөзүн айтты да, ордунан туруп кетти.

* * *

– Сиз даярсызбы? – Алчы көз агай аны тиктеп туруптур. Баш ийкеди. "Келиңиз" деп койду ооз учунда. Кантажы столдогу бажырайган тоо гүлдөрүнө далдаа табактагы бадыраңдарга жакын отурду.

Кантажы тай тартканды унутту. Шатырата сүйлөдү. Агай чекчейип эле карап калыптыр. Ыраң-башы өзгөргөн. Күтпөгөн бейм. Ооз учунда бирдеме айткан болду. Катуу айтса деле Кантажы укмак эмес. Кызып калган. Биринчи сурооно деп көңүлүнө кыйганын толук айтып түгөттү. Таңдайы какшып, шор даам берет. Эки көзү бадыраңдан өтөт. Бир тиш салса го, атаганат. Ошо оозу толгон ширенин кубаты менен кечке болсо да сүйлөй бермек... Бадыраңды алчы көз агай тиштеди. Ууртунан чыга берген шире мөлт ээк ылдый из салды. Кантажы картошка этектете өзү урук таштап, жаңыдан түйүлдүк алып келаткан бадыраңын эстей кетти. "Чычкан корголотпойт элем. Алигиче коңшунун шок балдары майканын чыгарып, кам-катала эле үзүп кеткендир..."

– Экинчи суроону билбейт окшойсуз? – Алчы көз агай бадыраңдын жоон ортосуна тиш салды.

– Жатка айтам! – Кантажынын жообу чечкиндүү. Жатка айттырбады. Кыздын сөзүн бөлүп, түшүнүктүү дегениби баш ийкеди. "Үчүнчүсүнө өтө бериңиз. Убактыңыз тар. Көп сөздөн качып, болгонун болгондой айтыңыз" дегенде Кантажы кебинен азмаз мүдүрүлдү. Суроону эрежесин айтып баштоо керектигин кошо эскертти. Бай-бай, бай-бай... Тарткылыкты карачы. Биринчи эле эрежеден такалса болобу. Айтты. Айткан менен тигиге жакпады да..." "Жакшы сүйлөп атканымда оюмду неге бөлдү?.." Кантажы жанын үйрүп, эрежени эстейин дейт. Эсине түк илинбей койду. Тура бербей, кийинкисин айтты.

– Туура эмес, – деди дагы, – бирин билбейсиз, экинчисин туура эмес айттыңыз. Кантажы там сүзгөндөй болду. "Кандай башталчы ка коёрун билбейт.

– Балан-бастубан деп ойду-кырды сүйлөбөй суроонун маңызын айтыңыз. Болбосо билбейм дегениңиз эле оң. Кыстабайбыз. Эрежени билбей туруп, негизги ойду айтам дегениңиз бекер убара. Андан көрөк, мынабу сурооно жооп бериңизчи?..

Суроо татаал эле. Кантажыга бейтааныш. Окуу китебинен да учураткандай болгон эмес. Жат корооно адашып келген козудай серең деп, алчы көз агайга жал-жал тигилет. Зыпылдаган мүнөттөр. Кантажынын жүрөгүн куушурат. Өргө жетелеп, суроосунун багытына баштанып койсо кана! Карсылдатып бадыраң тиштейт. Жардамдын ордуна таяк менен башка чапкандай:

– Даярдыкты күчөтүп келээрки жылы келиңиз. Бара бериңиз, – десе болобу. Экзамен баракчасына арбаңдата жазды да столунун тартмасына таштады. Кыйылбай таштады. Маңдайындагы кыздын таң калыштуу, ары аянычтуу бакырайган көздөрүнө кайдыгер баягы сөзүн кайра айтты.

– Бара бериңиз!.. "Даярдыкты күчөтүп келиңиз" деген сөзү Кантажынын кулагында чыңырып турду. "Айтканым бүтүн ката чыктытабы?.."

– Кайталап сураңыз. Шашып, адаштым окшойт... – Үнү ушунчалык да аянычтуу чыгабы. Кантажы өзү да күткөн эмес.

– Кызым (үнү жумшак эле экен), айтканыңыз биринчиден чаржайыт. Китепти аз караганыңыз билинип турат. Билимиңизге жараша баа койдук. Келээрки жылы келиңиз. Институт качпайт. – Кантажыга баа чийген калем сабы салаасында ары-бери ала салат.

Кантажынын денесинен дарман качып, өзүнүкү эмес. Көкүрөк тушу сайгылаштырып, сөз чыгарам дегенге кубаты жетпеди. Анын ордуна карегин жаш чайды. Жатса-турса кармалап, четине жабыш-

тырылган сүрөтүнө адеп карай берчү экзамен баракчасы да, мектептен сыйлыкка алган авторучкасы да алчы көз агайдын столунда калды. Кантажы аудиториядан кандай чыкканын билбейт...

Атасын эшик оозунан көрдү. Көпчүлүктөн ак сакалы, ак калпагы айырмалап турду. Ак батасын эстеп Кантажынын көкүрөгү толуп кетти. Жамандыкты илгиртпей туйган кары топ жарып, шашып берди.

– Кантажым, садага болоюн, ойноп-күлүп чыктыңбы? – Кызы бута атым келелекте эки колу менен жүзүн жаап, өксүп ийди. Чал шашып калды.

– Кой, кызым, чоппо-чоң болуп да ыйлайт бекен. Туш-тушуңдан эл өтүп атса. Уят дейм, жашыңды аарчы. Болбосо болбой калгандыр. Анын эмнесине кейип... – Нарыбай чал кийинки сөзүн кара күчкө чыгарды. Куру кайрат бергени менен, чырактай кызынын жолу болбой калганы өзөгүн куйкалап турду. "Кимиси адашты экен? Мугалимби же Кантажыбы? Жо-ок. Кызым окуганын унуткандай жан эмес эле. Акылы тунук, сак эле, кызым. Кимиси адашты экен?.." Чал намысына келди. – Шуга да кейийби, ыраңы суук, болду эми. Көңүл таарынычын көмүскө кармап, өйдө-ылдый баскандарга анча көңүл бурбайт. Утуру сурап коёт.

– Жообуң дадил беле? Сурагандарын так билдиңби? Ык туткан Кантажынын көз алдында алчы көз агай турду.

– Бадыраң жеген агай, сөзүмү аягына чейин укпайт. Кайталап сураңыз десем ынабайт. Ык тутат кызы.

– Имне ынанбайт экен, ыраңы суук десе. Түк эле сурабаптыр го анда. Карөзгөй неме окшойт го аның. Нарыбай чал тегерегиндеги элден тартынды. Кечке беймаз жүргөнү көңүлүнө кылт этсе, кайра чыдамы чарт жарылат.

– Сурабайт экен, менин көзүмчө сурайт. Чыгаар эшикке, жатып албас, чыгаар. Көзүмчө, элдин көзүнчө сура дейм... Кечке бир чайкам чай көзүнөн учкан чалдын доошу чыйылдап, тамагы кургап бүтүптүр. Кантажынын "жарык-жаанда кете берели" деген кебин жанына жугузбады. Кызынын көңүлүнө азар берип, жөндөп сурабай наймаңдап бадыраң жеген мугалимге оро-пара учурагысы келди.

Калаада күн батканы билинбейт. Институт алды ары-бери сүрүлгөн элден ээндеп, анда-мында агарган кагаздарды жел козгоп өтөт. Колунда шыпыргысы бар адам жай басат. Эртең эле эл басат дейби, ар кайсы жерге шыпыргы жорголотумуш болот. Кантажылар тушка жакындай берди. Мынабу үргүлөмүш болуп олтурган элеттик карынын көңүл зардасын бир караганда эле туйду окшойт.

– Эй чал! – Доош кылып, маңдай тушка токтоду. Ойго чөккөн Нарыбай чал чоочуду. Белин түзөп кыргыйдай боло калды. Шыпыруучу акыл айтты.

– Карыган маалында бойго жеткен кыз менен калаа жеринде шам аралаш жүрбө. Убактыраак козголуп жолуңдан калбай үйүңө кайт.

– Күткөн кишибиз бар, ашына, – деди чал этек-жеңин кымтылана, – эки ооз сөз айтканы отурам. Чыгар маалы болуп калды. Алагды болбой ишиңди кыла бер.

– Кызыңдын окуусу түзүк беле? – Анын кеткиси жок. Кантажыны сынакы тиктеп алды. "Ушунун айынан жүрөт го, бечара" деген аялуу карашын зирек кыз туйду. Анын тиктешин чал башкача жооруду. Ага, "пайдасы жок ишке илээшип эмне кылат. Бойго жеткенде насип буюрган үйдүн тууруна кондуруп, тоюн жебейби, ашкеби. Шаар ичинде беймаал сакалын сүйрөп, майнапсыз ишке илешпей..." деген сөздү айтчуудай көрүндү.

– Кыжабам кайнап турат. Кычаштык кылбай жолуңа түш! Сөз көтөрчүдөй алым жок. Эшиттиңби? Барып шыпыргыңды үйө бер... – Нарыбай чал ага кырын салды. Кантажыга да жакпай турду.

Ал чалдын сөзүн көңүл коюп укту. Ушул тегеректе бекер деле басып жүрөм дейби, кеткиси жок. Алаканына насывай төгүп, тегерек чакчасын эски халатынын жан чөнтөгүнө жашырганча тили таңдайындагы насывайды жайгаштырып ийди. Эми кеби чулдур чыкты.

– Чал, аккат сөзгө чычалаба. Имне мудаа[1] менен отурганыңды да билем. Көп болсо, кызыңдын танабын талашып, мугалимди казаптап аласың. Анда эмне чыкты. Боптур, адебин колуна бердиң. Андан иш түзөлүп кетпейт. Болору болуп, боёгу кангандан кийин кылычыңды кыныңа сал. Бешене базар, кызың шончолук эле кыйын болсо, келээрки жыл бар. Шашчу курагы алдыда экен. Чапкан сайын көз чыкмак беле. Бир күнү ал кулум десе, кызың да студент. Шыпыруучу чалга сүйгүнчүк жылмайды. Бир алдын бечара көрүнгөн, сөзү да бейманн сезилген адамдын эмки кебине Нарыбай чалдын дили алмаз жибиди. "Ушу туура айтат. Жылуу сөз жыланды ийинден чыгарат. Чыгып калса, жылуу-жумшак сөз айтып, кызымдын даярдыгын көзүмө сынап көрүңүз дейин. Башка сөз куруп калсын. Бу мусапыр туура айтат". Бул ою өзүнө да макул келди. Өзүнө-өзү эле көөнү ачылды. Ар кайсыл жерге шыпыргысын жорголотуп баратканкишинин сөзүн медер тутту.

– Ата, чыгып калышты, – деди Кантажы. Кечки күүгүм көшөгөсүн тартып келатты. Чалдын көз курчу керектүү жерге жетпей турду.

[1] *Мудаа – максат.*

– Үчөө го, кайсынысы? – Ордунан тура берди.

– Ортодогу, жеңи кыска агыш көйнөкчөн.

– Аркаман жүрчү. – Кызын ээрчиткен чал үчөөнүн жолун утурлай чыкты. Алар тепкедей чалдын колун этият кармап элпек учурашты.

Сизди күттүк, уулум... – Нарыбай чал четтей берген алчы көз агайды демите токтоду, – бу биздин кызды кулатып коюпсуз. – Оропара турган мугалимдер бир нерседен шек алгандай тиктеше калды. Алар алчы көздүн мынабу чалга берген убадасы орундалбай, былыгы билинип эми "сүйлөшкөнү" жакадан алат деп күтүшкөн.

– Аксакал, кимди? Сиз, сиздин кызыңыз ким өзү? – Алчы көздүн чый-пыйы чыгып, ордунда тегеренди. Анын чыдамын кетирген да жанагы ой эле.

– Сөзүмө кулак сал, уулум. Шунча жашка келип, бирөөгө акаарат сөзүм жок. Кызым болсо бул. Өзүмөн да кызыма ишенем. Бир жакшына даярданды эле. Дурус сурабай, чыгарып ийипсиз. Болгон өтүнүчүм көзүмчө сурап көргүлө. Кызым да арманда кетпесин. Билбей калганына ишене албайм тай...

Алчы көз кызды тааныган. Окуу китебинен эмне сураса, такалбай жооп берээрин билген. Жанын карч урган мынабу чалдан кантип кутулат. Жолу камалды. Жалгыз болсо да бир жөн эле. Жанындагылардан тайсалдады. Чалды алакан отуна салып көңүлүн тапкысы, ошо иласи менен жолун ачып кеткиси келди.

– Кызыңызды куп сурадык. Сөздүн чыны эрежеден адашты. Кайра даярдык көрбөсө болбойт. Көчөдөн сурагыла дейсиз. Экзамен деген оюн бекен. Аны мамлекеттик экзамен дейт. Айыпка тартылабыз. Жакшысы, кызыңыз быйылча колуңузда болсун. Билбегенин толуктасын. Келээрки жылы кайра жөнөтүңүз... "Билбегендерин толуктасын" дегенде Кантажынын жаны ачыды. Салыңкы башын өйдө көтөрдү. Жанарааkта мынабу киртейиңки жүздү экинчи көрбөсөм деген. Кайра мына бетме-бет келди.

– Сиз сураганды эмес, бадырак жегенди билет экенсиз... Сиз... – Ары деми жетпей, жашын топко көргөзбөй далысын салды. Нарыбай чал кайра шашты. Камдап алган кеби таптырбай эси ээндей түшкөн. Өнөгүнө оңойлук менен алдыргысы жок. Сөзүн тикелеп алды.

– Кантажымы билбейт дегениңиз бекер. Окуган китебин данектей чагат. Мейли, кимиң адаштың барып-барып ачык окуйт. Кудаа кааласа, кызым эртеби-кечпи, көздөгөн жеринде окуйт. Эсен койсо көрөсүңөр... Баятан бери дымып турган берки мугалимдерге чалдын сөзү майдай жакты. Чалдын сөзүн илип кетишти.

– Туура айтасыз аксакал, бу кызыңыз окугудай бар экен.

– Намыс-ары күчтүү жан окуп кетпегенде. Кыйын кыз экен. Чеки болуптур...

Алчы көз агай үндөбөдү. Көкүрөгүндө кыйгыл сезим уюп турган. "Бооруң эзилгир, бадырак жегенимди көрө койгонун..." Нарыбай чал беришти.

Кантажы бетаарчысын төрт бүктөп, умсуна үшкүрдү. Үйдү эстеди. Күндө суу сээп, тукумдай кылып шыпырчу айванын эстеди. Алигиче ак өрүктүн бариктери жаап коңшунун жөжө ээрчиткен тооктору туш келди чыгып булгап ийгендир. Бозоргон эски тандыры көңүлүн эзип кетти...

– Ата, уй да саалбай калды. Торпогу ачкарын адебин жегендир... Окууну быйылча коё турайын... – Алы куруган чал мындай сөздү күткөн эмес. Катыңкы көңүлү ийип кетти. Кызынын көзүнчө, андан ыйбоо кылбай аста көкүрөк бошотту. Көзүнөн жаш чыкпай, карылык ыйы ыйга окшойбу...

– Эсиңден айланайын зирегим. Күйүмчүлүм. Карыганда багыңды бөгөп, мен деп дагы кылчактаган окшойсуң. Жаман оокатым өтпөй калар беле... – Бул жолу ала көөдөн карынын сабыры жетпей, ыйына кошо көңүл капшабында сызып жүргөн муңу чыгып кетти. Кантажы жолго камынды.

– Ата, Бочой көпүрөгө чыгалык. Жол тосолук. Унаа чыгып калаар. Доошу муңайымы жок шаңкып чыкканын чал баамдады.

– Ай кызым, айкөл кызым, көп ойго бастырбай, бу күндү эсиңден таптакыр чыгарып кой... Кудайдын күнү көп. Кырсык-саатынан сактаса... келээрки жылы өтөсүң... Окуу силердики, кызым... Күн көп...

...Ээрчишкен кош карааn чоң жолду бойлоп, жол тосуп келатты.





ТАРАЗАЧЫ

(Аңгеме)

Бирин-серин таразачы биздин шаарда да бар. “Жок болсо, калаанын бир жери кемип турмак” деп бирөө-жарым айта беле. Ошо болгонуна шүгүр дейли...

Көпчүлүк менен шаар кыдырып баратсаңыз эски парктын этегинде таразасына боюн теңеп какайган, бүркүт кабак, агала сакал кары жолуңузду торойт. Ошо кыргыйдай адам – мен сиздерге айтайын деген Туйду таразачынын өзү. Кылар ишин өзүңүз билесиз. Балдарга көз ымдайт, о чакырганы. А чоңдорду болсо ээрчий карап: “О тараза түшүп турганды унутпаңыз” дегенчелик, тамагын түзөйт. Көбү көрбөмүш болуп өтөт. А бала деген бала. Үймөлөктөшүп, таразадан бири түшсө, бири чыгат...

Өткөн-кеткендер менен кеп эрмектеп, насвай атып отурган таразачыга көпчүлүк көндү. Сакалы белине түшкөнчө шаарда күн өткөргөнү көпчүлүк элге кызык. Тил кычышат. Батынып сураганга кимдин оозу барат? “Көргөн-билгениң эле мен болуп калдымбы?..” десе осолуң он пул болуп, сураганыңдын артыгы чыгат. Бир жерге токтобойт. Токтосо да бир ай, жарым ай турат да, таразасын жүктөп, калаанын бөлөк тарабына көчөт.

Бул жолу таразачы көк сыр менен майланган күндөн далдалагычын автовокзалдын мандайына, эл үзүлбөгөн аялдамага түшүрдү. Аялдаманын бир четин суу саткан аял ээлейт экен. Ошол күнү эле “чоңдорунун” бири аркасынан издеп келди, “Дейди аяк болуп кеттиңиз го, бу. Кийинки күндөрү изиңизди таппай калчу болдук. Парктын этеги жакпадыбы сизге? Тандап келип отурган жериңиз ушерби? Бир ооз кеңешип иш кылат адам деген... Өзү баштык дагы эби менен болсун...” дейт.

– О балам, о бери кара! – деди аны сүйлөп бүтсүн деп күтүп турган Туйду. – Дейдилик кылдыңыз дедиң, башың ооган жакка басып кетти деди. Ушунча болду, пландагы пулду төкпөй калган күнүм болду, айтчы. Бу бир деп тур. А жер тандашты, каякка отуруп, каякка коюшту али мага эч ким үйрөтө элек, эки деп тур...

Туйду илгертен эле чоттоп жүргөн бул жерге келишти. Шаарга түшкөн элеттиктерге жолукканга, көкүрөгүн кытыгылаган нерселер туурасында божурашып, чер жазганга кумар эле. “Жаш өйдөлөгөн сайын кеп-сөз дагы курак тандап калат экен. Анын үстүнө, айылда жашап бир сапар таразага түшүп, канча кил чыгарын чемеге албаган кургур жок дейсиңби. Эл болгондон кийин чыгат экен. Калаага келип, салмагын кошо билип кетсе, жаман иш кылабы?..” деген ою нечактан бери эле автовокзалга сүйрөп жүргөн.

Суу саткан аялдын аты Калбү экен. Келген күнү колунан суу ичти. Кашына осмо коюп, үлпүлдөк жоолугун төбөсүнөн түшүрбөй жүргөнгө кыйла жаш көрүнөт. Экинчи күнү эле Туйдуну суу ич деп өзү чакырды. Таразанын туура темирине эрикпей сары чакаларды тизип отурган Туйду жок дейби. Басып келип, төрт-беш кишиден кийин кезекке турду. Калбү жаңы куйган сууну көпчүлүктөн ашырып, коңшусуна узатты.

– Ичип, таразаңа жөнө! – деди баласын баштаган энеге окшоп. Туйдуну Кудайдын бир момуну деди окшойт. Анча-мынчага ынап болуптур ал.

– Кезегим менен ичем, күйүп аткан ишим жок. Менден беш бетер чаңкагандар турат алдымда, ошолор ичсин. Сууң түгөнбөйт, – деди шаар тартибине бышкан кары. Туйдунун кезеги жеткенде оозун бирөө тырмагансып, Калбү кеп жаңыртты.

– Тыйыныңды тек кой, коңшу. Бир стакан сууну бекер эле ичип жүр, – деп, таразачы сунган тыйынды алган жок.

– Сага берген жокмун, өкмөткө берип атам! – деп кыйкырса болобу таразачы көпчүлүктүн көзүнчө. Сууну ичип кетип калды. Суу саткан аял кайсар мүнөзбү, кызарыштын ордуна, карынын аркасынан тим калбай:

– Тынч отурганымда чекеме чыйкан кылып, бу такмазаны кайсы шамал айдап келди! – деп жиберди.

– О чыйкан деген башка болот! – Таразачы суу саткан коңшусуна карап күлдү. – Кайра сага эрмек болом. Саартан-кечке үзүлүп түшүп, миң адамга суу сунасың. Оозуңа суу толтуруп алгансып, бирине да ымалалуу кебиң жок. Канча адамдын сообун алып атасың, өзүң билесиңби ошону? – Туйдунун сөзү беркинин катый түшкөн көңүлүн жибитти окшойт, чоргонун алдына кыстарган сыныкүзгүгө каранып, жоолугун оңдой, кезектеги адамга суу сунду. Маал-маал аялдамадагы элдин арасы суюла түшкөндө Калбү таразага чыккан адамга чагыраак ташын издеп, күйпөлөндөгөн коңшусун көрүп калат...

Күн ысыганда Калбүнүн ишин көрүп ал, Туйдунун иши эми жолдо калат. Анын таразасына бир жан баспай, кулагын күнгө жедирип мукурап отурса, Калбүнүн суусуна кезек узаргандан узарат. Шыпылдап элге суу куйган коңшусун тиктеп, ичинен аяп кетет. Бир оюнда туруп-барып, жок дегенде стакандарын ирээттеп турсамбы деп да коёт. Бир жактан чак түштө кол куушуруп, бекерчи болуп отурган өзүнө жини келет. “Эл деген кызык, таразага бирөөсү түшсө болду, аны көрүп бөлөгү келет, дагы бири, анан келе беришет... А баштап бергени болбосо, жакын жолошпойт, эл кызык эле...”

Айласы түгөнгөндө өйдө-ылдый баскандарды кепке чакырып жолунан кайрыйт. Салмагын так билсин дегениби, таразанын пешинен түшүрбөй, жагабы-жакпайбы: “калың кийинип чыгыпсың. Кийимкечеңизди кошпогондо, баланча килди нак бастыңыз” деп отурат. Бирөө макул көрөт, бирөө нааразы. Таразасына шек келтиргендер да табылат. Таразада эмне айып? Өткөн жылкы салмагына жетпей калса, күнөө Туйдуда бекен? Мына, салмагы көңүлүнө бап келген жигит кол күчүн өлчөөчү аспапты сурады. Булчуңунда күч чымырап, белинде кубат ташып турбайбы...

Тараза акысы деп бири майда сунат, бири ашык сунат. Ак-карага башынан сак кары акыга келгенде да ашык-кемине так. Кайтарымга кол шилтегендер болсо этектеп, ашык тыйынын колуна карматат. “Сенин майдаң мени байытып ийбейт, ашына, тапкан-ташыганың өзүңө буйрусун” дейт көп жашаган шаардык.

Шаардык десе, Туйдуга жарашат эле. Калаа мекендеп, таразачы атыкканына туура он сегиз жылга кетиптир. Жалгыз уулун ушул шаардан окутту. Онусу окуп жүрүп үйлөндү. Небере көргөндө Туйду түштүктө, өз айылында ат багат эле. Пенсияга чыкканда уулу кайтакайта барып жүрүп, акыры ынатып, шаарга көчүрүп баса берген. Үйдү саттырган эмес Туйду. Пенсиясынан кырктырып, налогун маалынан кечиктирбей почта аркылуу салып турат. Үч-төрт айда бир жолу уулун ээрчип, анан чолоосу тийбегенде өзү эртелеп билет алдыртып, тууган-уругу менен учурашканча ээн калган үйүн, алма багын көрүп гөнү келип кетет. Алмасынын күнүн коңшусу көрөт. Түшүмүн калтырбай терип алып, пастан келген алма пуруштарга күүжүм өткөрүп жиберет. Жайы-кышы үй-жайына көз болуп отурса, анан “тийбе” деп айтканга оозу барабы. Күзүндө барып калса, “неберелериңе ала бар” деп торбого өзүнүн алмасынан салып берет. Ошондо бут алдынан жер көчүп, бирөөнүкүн алгансып, карынын күйбөгөн жери күл болот!

Мезгил дегениң жүрө-жүрө түпкүрдө жүргөн сагынычты утуру козгоп, кусалык сезим билинбей толкуп, дагы бир күнү кырынан аша

чайпалып чыгат. Жанынды тынч койдурбай талпынткан, көздөн учкан тууган жердин касиеттүү кумары ай!.. Туйдуну ошондо калаада кармап калар күч табылбайт! Уул-келини да мындайда чыртылдап калган чалды көпөлөктөй айланып, ички туйгусун көрүп-билип турат. Оозунан сөзү чыга электе "ата, кайсы күнгө билет алып коёюн?" дейт уулу. "Неберелериңиз оңкулдайт го. Көп кармалбай тарта бериңиз" деп сыр билги келини бир жактан.

Көрөсүң... ал кайсы бир жылы, кайсы бир жолу алма багы гүлдөгөн маалда айылына жөнөп кетет да, ошол бойдон киндик кан тамган жеринде калып калат... Мүмкүн, "неберем мектебин бүтсүн" деп ошону күтүп жүргөндүр, ким билет...

Күн кечтесе да, кардар көп. Кетиришпейт. Таразачы тик турат. Буту какшап, уюп чыкты. Аялдамада эл көп. Басарга жол тийбейт. Автобус күткөндөргө тараза эрмек. Туйдуну эми көргөнсүп, тараза-ны солкулдатып, биринин аркасынан бири чыгат. "Бу жерде саартан бери турам. Иш күнүм түгөндү, кайтайын. Менин да үйүм бар. Автобус тосом, кана таразаны бошотукула!" дейт беле Туйду. Кайра "каалашынча түшүшсүн" деп шашпайт.

– Быйыл курорт дегениңди кой, бу салмагың менен эки-үч ай оозуңа наар албай койсоң болот, – деп моюну узун, чырайлуу аял таразага чыккан күйөөсүн какшыктайт.

– Саган сынтактырып эле койсо... – деп толук эркек таразага чыканына өкүнгөндөй басып кетти. Сумкесинен капчык сууруп, сулуу аял күйөөсү үчүн акы төлөдү.

– Таразаңды көргүм жок, толуп кеттим. Былтыркы эле алгандарым чекесинен батпай калды, – деди чоң сумкасын көтөрүп, күшүлдөп өтүп бараткан кара каш адам. Угуп, ичинен күлүп турат тараза-чы. Мындай сөздүн канчасын эшитти...

Аялдаманын четинде таякчан бир адам турган. Такси токтосо, ал басып баргычаңды бирөөлөр озунуп, отуруп алышат. Таякчан куру калат. Ана, дагы бир такси токтоду. Таякчан киши жеткиченди башкалар таксинин эшигин ачып, адресин атай койду. Таякчандын дагы жолу болбоду. Туйду таразасына алаксыган менен, көз кыры ошол тарапта эле. Мукураган неме көп элден бөлүнүп жалгыз. Келаткан таксинин доошун элден мурдан билип алайын деген сындуу башын саал кыйшайтып турат. Жаңы токтогон таксиге умтулду. Шашкан неме ынтылган бойдон, "дагы бирөө ээлеп кетпесин" дедиби, түз барып, машинанын капотуна чабылды. Таягы өйдө серпилип, аз жерден айнекти пачактап коё жаздады. Чоочуган неме айдоочудан тил угам деп, кетенчиктеп, коркуп кетти. Туйду ошондо барып анын көзү

азиз экенин биле коюп, таразасын кардарларына таштап, таякчанга шашты. Таксиден үмүтүн үзгөн неме каракомок аялдамадан бөлүнүп, тротуар менен өйдө салган. Туйду аны кууп жетип, алдын тороду.

– Каякка бармак элең, уулум?! Жүр, таксиге өзүм сүйлөшүп, салып ийем, – деп аны колтуктан алды. Көз айнекчен жигит унчукпай таразачыны айланып, жолун улагысы бар. Туйду улуу башын кичик кылып:

– Кечирип кой, балам, кеч аңдап калдым! Өзүм аксакал адаммын, ушу жердин таразачысымын. Бирөөгө грамм бир жамандыгым жок. Такси тийбей атканын көргөм, башкага алаксып, түзүк... Жүрө бер, мени менен, машина токтотуп, өзүм салып жүгөрөм! дегенде көзү азиз жигит таягын колтугуна кыса коюп, карынын колун кош колдоп кысты.

– Ыракмат аба, такси токтотсоңуз өзүм эле сүйлөшүп алам. Өзүм дагы эл иштен чыкканда чыгып, тыгын маалга туш келипмин. – Жигит эми таразачыны колтуктап, жетелеген жагына жүрдү.

– Боло берет, балам. Шаар деп коёт бу жерди. Баарыбыз тең тирлик деп жүгүрүп жүрсөк, сен үйгө камалып, отурат белең...

Туйду такси токтотуп, жигитти көздөгөн жагына салып жиберип келсе, таразасынын тегереги ээн калыптыр. Майда таштары түгөл чыкты. Бир гана кол күчүн өлчөөчү аспаптын жибин үзүп, бир колу тутқак өзү менен алып кетиптир.

Ал таразасын көк сыр менен майланган кепесине киргизип, каалгасын чынжыры менен ороп, кулпусун илди да, өзү аялдамадагы бир көбөйүп, бир азайып жаткан көпчүлүккө аралашып кетти...

... Бирин-серин таразачы биздин шаарда да бар. "Жок болсо, калаанын турмушу бир жеринен кемип турмак" деп бирөө-жарым айта беле. Ошо болгонуна шүгүр дейли...





ТАКТЕКТИК КЫЗ

Аңгеме

Балам, Прунзаны алып берчи... – Жайма-жай чыйбаркыт шымынын чөнтөгүнө кол сойлоткон Нарбай чалдын байланышта олтурган кызга айткан саламы да ошо. Издегени колуна урунбай, чөнтөгүн аңтар-теңтер кылган чал кыйлада боюн түзөп, көзөнөктүн кырына өбөк артты да, ширин өрүктүн данегиндей көздөрүн ирмегилеген кызга соңуркайт. Тиктегени кызык. Жымшык көздөрүн кадап тура берет, тура берет. Ушул жарык кабак кыз ага алыстагы бир боорун кайсы жактандыр таап, сагыныч күсөгөн дилдерин кошчудай туюла берет. Күндөн-күнгө ага ичи элжиреп, “кызым” деп жакындаганы да ошондон.

Почто түйүнү жайгашкан эки кабат үйдүн босогосун аттай, өзүнүн ылык тамына киргендей (“мүмкүн, калаада жүргөн уулум да ушундай тамда жашаар” деп өзүнчө чечмелеп койчу) чекеси нымшып чыгат. Жылуу учурашчу кыздын жумушка чыкчу нөөмөтүн, келип жүрүп билип алган. Адашпайт. Жумага келгенде баш бакмай, уулу менен ошол күнү сүйлөшмөй адат тапкан. Айтса-айтпаса, ти тоо арасынан элүү чакырым жол жүрүп, райондун борборуна ат тезегин кургатпай катчы таганга чамасы да чак. Байланышчы кыз да ага көнүп бүттү. Жума күнү элеңдеп, эшик тарапка кылчактап тынчы жок олтурат.

Бир жолу жайдын саратаны бекен, ак жегдечен[1], Мурза чөлдүн тордомо коонун колтуктаган чал почто түйүнүнө көңүлү шайдоот кирген. Күтүү залындагы улуу-кичүү зымга конгон чабалекейдей “зып-зып” учуп, орун бошотту.

– Келиңиз, ата. Ата, дем алыңыз! – Нарбай чал баш ийкегилей түз көзөнөктү беттей басты.

– Түзүксүңөрбү?! – Коңур үнү бөлмөдөгү тынчтыкты жарып, сыйра-сыйра жаңырыктады. – Дагы сүйлөшкөнү келдим. Жалгыз баланын сагынычын билген билет... Үнүн эшитсең эле канча кубат, каниет... Муну түшкү чайыңарда союп жегиле, ширин палек. Силерге

[1] *Жегде – алды ачык көйнөк.*

деп атап алгам. Коонун туура көтөрүп, көзөнөктөн ары узатты. Байланышчы кыз мындайды күткөн эмес. Кулагына чейин кызарып, тайсалдайт.

– Ой, коюңуз, ыракмат. Убара болбоңуз. Үйгө алпарып неберелериңизге союп бериңиз. Жесек, өзүбүз сатып жейбиз. Жеп жүргөн коон... Ал миң чебелектегени менен, келип-келип улуу адамдын колун суутканды туура көрбөдү. Ага болбой чал көгөрөт.

– Сунган оокатты кайтарган болбойт. Карынын бергени таберик деп, жей бергиле. Жашсыңар, эмне менен ишиңер бар. Ошо Прунзада жүргөн уулум да коонго ушундай бир куштар десеңиз, тим эле... Силерди ошол жаманымдан кем көрбөйм...

Ал күнү калаадагы уулу менен сүйлөшкөн Нарбай чалдын: *"Оо жакта коон-дарбыз кеңириби?"*, "Мурза чөлдүн коону кем барабы?", "Кыймат болсо болоор, пулдун көзүнө карабай барында тоё-тоё жеп алыш керек!" деп бак-бак эткени байланышчы кыздарга шашпай угулуп турду.

– Буяк чөнтөгүмдө жүрүптүр, зорго таппадымбы. Карма, кызым. Чоңураак кагазга жаздырып албасам, колго оңой илинбей калыптыр. – Тумардай көрүп, керек учурда гана кызга көрсөтүп, кайра катып алчу эки эли кагазын сунду.

– Мунсуз о жактагылардын биз менен түк сүйлөшкүлөрү жок, – деп чал өзүнүн сөзүнө өзү ыраазы.

– Уулуңуздун телефон номерин ансыз деле билем. Тек эле коюңуз. – Байланышчы кыз биринчи жолу чалды таң калтырып, кагазга карабай заказ бере кетти.

– Узак сүйлөшөсүзбү?

– Мурда кандай сүйлөшсөм, ошондой эле бере бер. Иштеги адамдын колун кармаганды ким жакшы көрсүн. Намаз убактысы да зыктап турат.

Нарбай чал бери басканда орундуктагылар удургуй өйдө турду. Жайланышкандан кийин колундагы кагазга көз кыйыгын таштаган тестиерге ыктады.

– Мында эмне деп жазылыптыр? Баланын айтканын көңүлгө түйүп кала албаса да, ал алыстагы уулуна таандык экенине сыймыктангансып койду.

– Фрунзе, Фрунзе, 5-бөлмөгө! – Байланышчынын үнү түпсүз саанаага термелген Нарбай чалдын оюн үзөт. "Кайсынысына кирем?" – дегендей жан-жагына карбаластаган чалды олтургандар жаалап киришти.

– Четкисине, берки четкисине кириңиз.

Ушул көчүгү айланбаган бөлмөгө кирээрин-кирип алып, тегерегин кайсалаганын айтпа. Күңүрттөнгөн бөлмөгө көздөрү үйүр алганча телефонду сыйпалап жүрүп табат. Байланышчы кыз үйрөткөндөй тебетейин жанына коюп, телефондун туткасын кулак тушуна картмайт. Ошондо жүрөгүнүн лакылдаганы көөдөн-боюн солкулдатып жибергенсийт...

* * *

Бул жолу да калаада жумушу чачынан көп уулу беймаал шыңгыракты колду кармаган шылтоодой көрүп, трубканы тайсалдап жатып алды. Байланыштын аркы учунан ичке үн бир айтканын миң айтып, үн безейт.

– Фрунзе, Фрунзе, алоо, бул Фрунзеби?

– Ооба, угуп жатабыз, сүйлөй бериңиз?

– Нарбаев бекен?! – Маматкерим тактектик кыздын үнүн дароо тааныды.

– Ооба, Нарбаев деген бизбиз. Саламатсызбы?! Ноокат кандай? – Тактектик кыз кепке анча тартылбайт. Демейдеги сөзүн айтып, байланыштан чыгат. "Атаңыз менен сүйлөшүңүз!"

Маматкерим ошондо гана бүгүнкү күнгө жума экенин, басса-турса өзү жөнүндө ойлогон атасын эстей, бир заматта өрөпкүп чыгат. Байланыштын аркы учунда жарым саатпы, бир саатпы, дайыма эрте келип, ушу сүйлөшүүнү зарыга күткөн атасынын кабажык жүзү элестей, көздөрү каканактайт.

Атасынын телефон кармаганын бир да жолу көрө элек. Аны тактектик кыз үйрөткөн имиш. Атасы өзү айткан. Дагы бир күлдүрүп, сөз кылып калар кеби бар эле. Уулу менен алгачкы сүйлөшкөндө: "Балам, угуп атасыңбы, бул мен – атаңмын, атаңмын дейм – Нарбаймын!" – деп кыйкыра бериптир пусурман. Эч нерсе уга албай кыжаалат болгон чал сыртка баш бага: "Кызым тилпаның үндөбөйт го, өчүрүп койдуңарбы?.." дейт. Ошондо тактектик кыз келип, боору эзилгенче күлгөн дейт. Көрсө, атасы телефондун сүйлөшчү жагын кулагына такап, кыйкыра бериптир...

Маматкерим айылга келген сайын атасы эбин таап сөзүнө тактеткен тактектик кыз жөнүндө кошот. "Сага тилпан чалып турчу кызга ушундайда кирип кой. Колуңа – кол, бутуңа – бут болгон ыманы ысык, илбериңки неме. Чаглайын[1] келтирип, учураша кеткениң оң. Жетине албай

[1] *Чаглайын – мүмкүнчүлүгүн.*

калат. “Мен баягы жума сайын уулу менен сүйлөшчү бүкүрү чалдын уулу болом” де. Айта бер. Намыс кылба. Белим бүкүрү, эңкейип басам, карыганда киши абат боло беле. Атаңдан асти, намыстанба, балам. Ошо кыздын деле мендей атасы бардыр. Жакшылыгын көп көрдүм. Ошент, андан бир жериң кемип калбайт. Көңүл деген болот. Баары табылат, бирок, көңүл деген табылбайт... Бир сапар сени сураган. “Гезит чыгарат” десем, “кайсыл гезитти, гезит көп эмеспи” деген. “Ушу эле, күндө силер окуп жүрбөйсүңөрбү” дептирмин. Биздин акыл ага жетсе гана, атаганат. “Ата, – дейт бир күнү дагы, – апта сайын эле сүйлөшүп убара болбой, уулуңузду кат жаз дебейсизби. Канча пулуңуз короп атат...”, “Кат жазганга чолоосу болбойт окшойт. Жазган күндө да аны окуп бергенге үйдө бирөө болсо экен. Өзүм кат тааныбайм. Тилпан чалсам, үнүн эшитем, чыйралам, белим да өйдөлөгөнсүп калат, кызым” деп ачыгын айттым. Андан жашыргандай эмнем бар... Ошондон бери кайрылып сени сурай элек. Ошо Гүлзат кызымды газетаңа чыгара аласыңбы? Чаглап көр, татый турган кыз. Иши жеңил эмес. Күндө алдына канча адам келип, канча адам кетет. Жакшылык кабар, жамандык кабар деген бар. Баарына үзүлүп түшкөн жароокерлигин айт...”

Маматкеримдин үйгө келгенинен кеткени бат. “Аякка барам, быякка жолугам” дейт да, күндүн көзү көрүнө электе турат. Нарбай чалга баары бир. Кайра, “көп мага алаксыба, соңунда жүргөн ишиңди өөдүк-сөөдүк кылбай бүткөр. Жанымда бир күн болосуңбу, эки күн болосуңбу, санааң тынч жүргөндөй болсун” деген сөзү оозунан түшпөйт. Уулу келген күнү өзгөн күрүчүнө палоо басат. Бул адаты Маматкеримге ого бетер жагат. От боюнда көп туруп, боору ыш алган чайнектен чай ичип, атасына өрүк комузун черттирип, “Бекарстан” менен “Саринжи-Бөкөйдү” угат. Эси-дарты ушул күүгүм чалган сокмо тамда өткөн балалыгын көңүлүнөн бир сыдырып алуу. Атасын ойлойт. Жалгыздыкка шериктеш жүргөн Нарбай чал бүгүн этегин баса олтурган уулуна жетине албай, көңүл сүйүнүчүн күүгө айлантып төгөт...

* * *

– Ата, демдүүсүзбү? – Бирдей телефондо кебин ушул сөз менен баштарын бүгүн сезген Маматкерим уялып кетти.

– Шүгүрчүлүк, оокатым жаман эмес, эл катары... – Атасы сабырдуу кебинен жазбайт.

– Айыл-апа, коншу-колоңчу?..

– Тынччылык. Бардыгы өз-өз дарди менен. Өткөн-кеткен кирип, абалымды сурап турганына миң эсе шүгүрчүлүк. Көбүнчө сени сурашат. “Балаңыз окуусун жакындаттыбы? Көздөн далдаа жүргөнүнө кыйла жыл болду, каякта?” – дешип түкшөмөлдөшкөндөр да бар. Иштеп атканың менен иштери жок... – Чал сумсая түшкөндөй болду. Ортого сөз түшпөй ата-бала дардисаар тынымга кабылды. Алыста жүргөн менен, эки оюнун бири бул жакта болуп, жегени жегендей болбой кусалыкка малынып жүргөн уулунун көңүлүн ачкысы келди.

– Ии, эмне үндөбөйсүң, соргогум? Курсагың кантип атат?

Калаадан келе калганда ушу суроосуна уулу жыргап жатып күлөр эле. Шаардагы көп тамактын түрүн айтса, “суук” деп чал бирин да жактырчу эмес. “Пулдан кантип атасың? – деп мыйыгынан күлүп койчу. – Шаар жерин билебиз, суусунан өйдө сатып ичесиңер?”

Нарбай чалдын Маматкеримге кападар болгон себеби бар. Ал ушуга чейин атасынан байланышчы кыздын жөн-жайын бир да жолу сурап койбогону. Жок дегенде “сизге канат-бутак болгон кыз каерлик экен? Аты-жөнү ким? деп койсо, оозунун жели коройбу? Бала да, башына түшкөндө билээр.

– Чөп-чарыңыз кандай? Кышта кыйналбайсызбы?

– Менден камтама болбо, эл катары тың элемин. Директир бир телешка мака пая түшүрүп берген. “Мартабаң аша берсин” деп батамды берсем, “шаарда иштеген уулуңуз жалгыз болсо да түзүк чыгыптыр. Аны-мунудан кем-карчмын деп көңүлүн алагды кыла көрбөңүз. Укту, колунан иши түшөт. Жок болсо, жетишинче кайрылышып турарбыз” дейт. Иш билги атанын уулу да, сөзүн кара...

– Алардын эшигин көп эле сагаалай бербеңиз... – Уулунун намысына тийгенин айылдык чал сезип калды.

– Ушул бергенине да шүгүрчүлүк, уулум. Ким барат дейсиң аякка. Үч-төрт карайкыны багалбай имне болупмун. Атаны дагы жакшы биле элексиң, ашына... Чалдар чогулуп, запхоздун кырманында мака башын кайрып атабыз. Башыбыз кошулганга карылык эстен чыгып, жыргап калдык. Каруудан али кубат кете элек экен...

– Күз келип, бир жактан той көбөйгөндүр...

– Элди береке-кут басып, ким болсун колундагысын бергиси келет экен. Чакырган жерлер түзүк эле. Катардан калбайм. Эшегиң түшкүр, кашаң. Көргөн белең? Бозоргон бир мада эмес беле. Арык аттай албайт. Куруп бүткөн да. Жакшысы чыкпай жүрөт. Пулдун көзүнө карабай туруп, сатып албасамбы. Баягы салган пулуңдун чети оюлбай турат.

– Белиңиздин оорусу кандай, догдурларга көрүнүп турасызбы? – Маматкерим үшкүрүп койду.

– Көрүнмөк түгүл, сүрөтүн дагы алышкан. Суук түшөрдө белимде жүргөн доңуз копкондун темирине жан киргенсип, козголчу болду. Уюп, бастырбайт. "Операцияга жаткызган менен дарманыңыз жетеби-жетпейби..." дешип, доктурларың өздөрү күмөндөр. Көбүрөөк басып койсом, белиме бирөө минип алгансып оордошом, демигем...

Жанатан бери экөөнүн сөзүн тыңшап олтургансып, ортодон байланышчы кошулат.

– Сөзүңөрдү бүткүлө! Убактыңар аяктап калды. Чал чоочуйт. – Эмне дейт!

– Ата, бизге айтып атат, убактыбыз бүтүп калыптыр, жакшы калыңыз...

Чал шашат. Сөздөрү чалды-куйду.

– Жакшы бол, балам. Жаманга кошулба, ичкен немелерден алыс бол. Караңгылап баспа, кеч кирди үйдө ишиңди иштеп отур...

* * *

Байланыш бөлүмүнөн чыгып, тепкич ылдый биринчи кабатка түшөөрдө Нарбай чал чалгы менен чапкандай капталынан жыгылса болобу. Бөйрөк тушунан өйдө "болк" этип, көзүнөн от чагылды да, кадам шилтей албай ордунда чөктү. Көздөрү жалдырап, кыңкыстайт. Козголсо эле кабырга алдындагы доңуз копкондун темири кыса чеңгелдөөчүдөй былк этпейт. Жандай салып, экинчи кабатка көтөрүлгөндөрдүн "алы-күчү кеткенин билип турушуп, үйүнөн алыс чыккандарын коюшпайт..." дешкенин угуп калып жатты.

Гүлзат тепкичте жамбаштаган чалды көргөндө кыйкырып жиберди.

– Ата, сизге эмне болду? Табыңыз айнып турабы?

Кары үндөбөйт. Көздөрү эле жалдырайт. Кеп айтты дегиче капталындагы желмогуз жанын чыркыратып, чеңгелге алчудай окчорулат. "Алыс узап кеткенимде кана, алысыраак чыгып алганымда кармаса эмне... Чыйраксынып жүргөн жаным кыздарга уят эле болдум. Жаш баладай эмгектеп... Ох, жан дегендин ширидигин кара, жанарааста эле ажайып тартылган тегеректин бир заматта кунары учуп кеткенин кара..."

Тез жардам келгенде Гүлзат кыздары менен макулдашып, Нарбай чалды ооруканага жеткирип, эмне болот, кантет, баарын көрүп келем

деп чечти. Врач келгенде чалдын көзүндөгү боз туман саал тарап, жүзүнө кан жүгүргөнсүдү.

– Чоң арыштап алдым окшойт. Карыганда кайда шашам десең. Анын үстүнө бөйрөк тушумда көтөрүп жүргөн "темирим" бар эле.

– Көп сүйлөбөңүз, – ак халатчан аял кол учу менен чалдын колтугун басып, көрүп жатты. – Ооруганда айтыңыз.

– Кызым, оорум эски. Кез-кез кармап, эсимди оодарат. Азыр түзүкмүн.

– Жакшылап оңолгуча ооруканада болосуз.

– Ошо балнисаңды кой, балам. Эшик-үйүм ач-жылаңач. Карай турган эч кимим жок. Мал-салым бар. Чачылып калат.

– Об-бо мусурман адам эй! Өзүнүн кандай абалда экени эсинен чыгып, малын айтканын. Кана, аста өйдө туруңуз. Угуп атасызбы? – Аял колтугунан жөлөй берди.

– Эшитпей анан... Тек эле койгулачы мени. Гүлзат, дагы кичине олтурсам, аттай туруп, басып кетем, балнисага өмүрү жатып көргөн жан эмесмин. Мага болбойт.

Гүлзат ортого түштү. Чалдын көңүл кыжаалатын сезип, кыя албады.

– Эски оору болсо, саалдан кийин тынып кетээр. Мен жанында болом. Үйгө барганыбыз түзүк болор...

– Сиз, эмне, кызы болосузбу? – Врач аял Гүлзатты эми көргөнсүп, сынаакы карады.

– Ооба... – Айтарын айтып алып, жалган сөзү бетин дуулдатып, кулагына өтө чыкты. Чал Гүлзаттын кучагына жыгылып түшпөсөм экен дегендей чебеленип, тепкичтерге дарманы качкан аяктарын этият коюп ылдыйлайт.

* * *

Автобус айылдан суурулуп, озондой, өр тарткан жолдон жаңы чыгып, күү алып ылдый жортуп жөнөгөндө Нарбай чал козголду.

– Шопур балам, шундай токтоп кой! Түшүп калалы, – дегенде автобустагы чоң-кичүү туш-туштан чыкты.

– Эшигинин алдына токтотмой адатын качан калтырар экен бу киши...

– Өкмөттүн машинасын өзүнүкүндөй көрөт...

– Көпчүлүккө кошулуп, дүкөндүн оозунан түшүп калбайбы. Астанасына келгенде машинаны башына кийип кыйкырбай...

Шофёр жигит акылдуулук кылды:

– Көнүп калыптыр, кантебиз. Койгула, силердин да ээгиңерге сакал бүтүп, карып-арыйсыңар. Ошондо он метриң чакырымдай көрүнөт. Ага күлүп болбойт. Нарбай аба, буларга кулак салбай түшө бериңиз.

Чалдын ооруган жери кайра сыздап чыкты. Эмелеки акааратчыларга үндөгөн жок. Болбосо, кайрылып айтчу эки ооз сөзү даяр эле. "Сен дагы бөйрөк түшуңа кырк экинчи жылдын осколкасын салып жүрсөң, менин алдымда өкмөттүн машинеси турса, куду төшөгүңдүн гана үстүнө кумалатып салып жүрө берет элем" демек, кире бериште чууну көбөйтүп олтурган сымбаттуу жигитке.

– Гүлзат балам, кана жол башта, түшөлүк, – деди шагы сына түшкөн кары.

Жарымы шифер менен жабылган, жайпак там алты көчөнүн бүткөн жерин билдирип, окчун турат. Гүлзат эски, кулагы сынык казандын алдынан ачкычты тапты. Кары үй-тиричиликке тың экен. Идиштердин алдына жаңы газеталар төшөлүп, үй ичи тукумдай акталган. Жүзүнчү электр лампасы бөлмөнүн так ортосунда салаңдайт. Журкан-төшөк жыйылган төрдө өрүк комуздун катарында илинген алкакка чоңойтулган түстүү сүрөт Гүлзаттын көңүлүн бурду. Пахталуу жоолугун арчына салынган, жүзүндө али карылыктын чийими жок чырайлуу аял менен маңдайында бир тутам көкүлү сербейген "Тынч океан флоту" деген жазуусу бар суучулдардын баш кийимин чекесине кыйшайта кондурган тестиер бала жаңы мейманга ызаатту тигилет. Бул чалдын Фрунзедеги уулу, ал эми карегине ой тундурган аял болсо үй ээсинин маркум байбичеси экенин боолгоду.

Нарбай чал келгенден быякка тынбады. Оорусу бая эле эстен чыкан. Гүлзаттын эки-үч жолку эскерүүсүнө кулак каккан жок. Бара-бара ээн жаткан короо жанданды. Жөжө ээрчиткен тоок, казыгы менен жибин сүйрөгөн кашка торпок короо ичин кезип жүрдү. Чаркар ичинен эшек үнүн баспайт. Кайдан-жайдан пайда болду. Ала мышык Гүлзаттын буттарына оролуп, айтчу нерсеси бардай улам тегерегенет. Эски тандырдын алдынан боюн керип, ээсинин келгенин билген шалпаң кулак, сары машке суурулду. Жаңы келген адамга түсүн үйрүп, айвандын алдынан кетпейт. Алар Гүлзатка азыр-азыр сүйлөп жиберишчүдөй туюлат...

Гүлзат очоктун күлүн тазалап, тезек калап, от жакты. Айвандын алдына суу сээп, мизилдете шыпырып чыкканча абдестедеги суу атып кайнап чыкты. Чай демдеди. Нарбай чал менен Гүлзат жыгач сөрүдө чайга олтурушканда күндүн кызгылт нуру Алтын-Казыктын шиш чокусун чалды.

Гүлзаттын сөзүн баш ийкей уккан чал ага суктанып да олтурду. Кези-кези менен сөзүн суроо бергенден баштап, бирок, ага жооп күтпөй кебин улантат.

– Буякка биринчи келишиң да?.. Тактектиктер бизге тага болот. Бузар-учардан учурашсак, "кандай, тоолуктар, качан мал алып түшөсүңөр?" дешип калат. Буяктын чөбү мал үчүн май эле. Биз алып түшкөн малды базарда бир мүнөткө тургузбайт... – Гүлзат кепке кулак төшөгөндөй болгон менен, ою эки анжы. "Үйдөгүлөр эмне деп калышты? Калпыс ойго жоорушуп, эртеңкиге чейин жарылып кетишээр бекен. Көрөсүң, сааркы автобус менен апам түз эле иштеген жериме келет. Болгонун болгондой айтам да... Алар мынабу чалдын ордунда болсо, кантишээр эле..." Кичүү инисин эстеди. "Коруп жүргөн кызыңарды бирөө ала качты, ажеп болду. Тойдун даярдыгын көрө бергиле! Анан кайда кетти дейсиңер?" – деп оюн-чыны бир нерсе десе, араң жүргөн немелер түп көтөрө тополоңго түшпөс бекен...

– Уулуңуз кийинки сапар качан келди эле, – деп коюп Гүлзат карырынын жүзүнө тик багалбай, бүткөн боюн жылуу илеп каптады.

– Келип-кеткенине бүгүн – Нарбай чал көздөрүн жумду да, ошол күндү акылга салып, тактап жаткан өндүү, – бүгүн туура эки кем токсон күн болот. Үч айга кетиптир го. Тооба, көз ирмемге токтобой үч ай дегениң зуу өтүптүр аа. Күн кыскарды... – Бир демге үндөбөй калат да, чоочугандай эле:

– Кечээ күнү коңшум Артыктын үчүнчү класста окуган уулу келиптир. Мынабу эле тумшугу көрүнүп турган үйдө турушат. Жагжаңдап сөзүнүн баш-аягы жок. "Маматкерим акамы көрдүк. Телевизорго чыкты. Биздин айыл жана чалдар жөнүндө көө-оп сүйлөдү. Сулайманкул, Ишенбай, Ботобай, Таабалды абаларды "ветерандар" деди. Сиз жөнүндө унчуккан жок. Атам да көрүп отурган. "Өзүнүн атасын айтпаганы ырас болду. Ал кишини ансыз деле жакшы билебиз" дейт. "Сиздин медалыңыз бар эмес беле. Ошону айтат экен деп эки көзүбүз төрт болду" деп бозорот. Ичим ачышты. Жо-ок, баланын агасы жөнүндө эки ооз сөз табалбаганына эмес, айылы жөнүндө баянын угуп, телевизордон бир көрүп калбаганыма, кээде өзүмчө олтурганда кейий берем...

Гүлзат сүрөттөр жөнүндө билип туруп сурагандан тартынды. Кечки иңир коюуланып, жыгач сөрүнүн төрүндө көлөкөсүн арбандаткан чал ширелүү сүйлөйт.

– Балам, ти тооктордун бирин тутушуп бер. Үйүмдө айда, жылда келбеген азиз мейманым бар. Куттуу үйдөн кур чыкпайт. Шорпо болсо да ичип кет, насибиң билет, бүгүн бул жердесиң, эртең каяктасың...

– Оокатка убара болбоңуз, ата. Чай ичпедикпи, кобурашып олтурганга келбейт. – Меймандос кары сөз бербейт.

Тооктор өрүк шактарына конгонго көнүп, кечкисин бак ичинде түнөшөт экен. Нарбай чал эңкейе калып, жыртык көзүн ачып-жумуп мерчемдүүсүн издегенсийт.

– Карылык элден мурда көздүн курчун алат экен. Аксагы бар эле туубай калган. Семиз. Чылкылдаган эле май. Сага буюрган экен. Көзүң курч, карасаң. Четирээк, коомай кончу эле. Аста басып, түз шыйрактан ал, шамаралаш бокту да көрбөйт.

Гүлзаттын күлкүсү кыстады, пиаласына эңкейимиш болуп, тишин-тишине басты. Тамак желгенден кийин да сүйлөшүп узакка олтурушту. Калаадагы уулу келгендей Нарбай чалдын көңүл ичтейи бүгүнкүдөй ачылбас. Сөзгө дегеле март.

– Эртең, түштөн кийин Алмалыга жөнөйм, – деди ал пиаласындагы чайды шыпкай ууртап. – Аякта Жээнбек деген тагабыз бар. Үйүңүду көмүр кендин өзүндөй. Көмүр терет. Топудай, топудай кылып, ар, ар жерге үйө берет, үйө берет. Келген-кеткен түзүк эле. Чогултуп сатат. Анча-мынча пул түшөт. Кичине ичет. Ичсе да колунда берекеси бар, үйгө кайрымдуу неме. Балалуу. Аялы эки-үч эрден чыгып, ушуга токтоп, такымы канап удаасы менен кызын-кыздай, уулун-уулдай төрттү тууду. Тагабыздын багы кеч ачылып, эми балдары жаш. Мага жылда көмүр үйүп берген да ошо. Көз чамеси таразакечтин баамын басат. “Бул үймөк эки жарым, мунусу үч тонна десе эле талашып, мазесин алба. Айтканы айткандай чыгат. Кылган иши ошо болуп калды да. Аялы балалуудай эмес, зыкымдыгын айта көрбө. Тагамын колуна зыгыр тыйын карматпайт. Болсо шыпыра шак-шак алып тынат.

Саарлап туруп, билгизбей кокту этектеп, көмүр үймөктөрдү эсептеп келет да, бечара тагамды жакалап: “Кечээ күнү үч үймөк сатыпсыз, пулу каякта” – деп кактабай канын алат тура. Ошондойдон сактасын, балам. Ичкени – ирим, жегени – желим болгон адам кызылга имерилбей анан. Көңүлүн көтөргөн, дене-боюн балкыткан ошол болсо, ага кызылдан артык эмне жакын... Бара калганда көп отура албайм үйүндө. Кайткыча шашам. Аялы өзүнөн-өзү кагынып-силкинип, кармаган нерсесин кагыштырганга өтөт. Үйүнө кирген адамды душманындай көргөн адамды биринчи көрүшүм. Эки чайкам чай куйса да, жадыраган ачык маанай менен отурса, жаш козунун шорпосун ичкендей болосуң го.

Өткөн жолу барганымда, “көмүрүм кантип атат?” дедим. Тагам суроомо баш көтөрбөйт. Далымда аны жеп жиберчүдөй тиктеген аялынын заардуу көздөрүн сезип турдум. “Болот, болот...” – деп тим

болду. Узатып чыкканда жарылды. Жанагынын көзүнчө тилим байланып калат. “Чаң жутуп, кан түкүрүп жүрүп ар жерден чогулткан көмүрүңдү бекерге эле кармата бересиңби?” – деп киши кеткенден кийин жаныңды сууруйт. “Көмүрүңүз даяр, жээн. Машина таап келе бериңиз. Ага чамаңыз жетпесе, өзүм унаа таап, жүктөп берип жиберем. Тааныш шопурлар бар. Жол киреси деп колуна беш-он сом берип койсоңуз болду” дегенде чыдай албадым.

– Тага, тажеңе менен отуңар күйүшкүдөй эмес. Бириңдин сөзүң бирине жакпайт.

– Э-э, – ал көңүлү жок кол шилтей, кырлары сөгүлүп саргайган газы башбаккан тажик топусун желкесине жылдырып койду. – Эски кесел да. Бу жокто да турмушум кылдырап түзүк эле. Бешенең түшкүрдүн бешенесин караңыз. Көздөн учкан наристелерди чуурутуп, туруп бергенде төбөмө көтөргүдөй болуп, бу дүйнөгө батпай жүрдүм. Ээ, кайсы бирин айтасыз, барып-келип эле өзүмө-өзүм ыраазы. Кашымда балдарым турса, кем-карчым да билинбейт. Апасына таарынган менен, ананайындарымдын кыял-жоругуна жазылып кетем. Бу дүйнөдө ошолор үчүн жашап, ошолор үчүн күн өткөрүп калат окшойсуң...

Коштошоордо көмүрдүн кылоосу сиңген колунда беш сомдук пулу жүрөт, андайы жок эле.

– Муну жол кире кылып кетиңиз жээн. Мээнет менен табылган нерсе, – десе болобу.

– Кой, Жээнбек, мен ыраазы. Куру эмесмин. Пенсиям менен келгем, – деп жакын жолотподум. Болбой жармашат.

– Жолго жакшы, алып коюңуз. Болбосо, магазинге кирип, ичип алам да, үйгө барып, баягынын эсесин чыгарам, – деп тиштенип алыптыр.

Бири-бирине ынтылып, ооздорунан ак ит кирип, көк ит чыккан ата-эненин ортосунда үрпөйүп, ары-бери жапырылган балдарды эстей албай койгонго болбоду. Ошондой бири-бирине ылыгы жок үйбүлөдөн сактасын. Бейкүнөө балдардын эле шору. Жер көз болуп, бирөөгө тике карап, оюндагысын айта албагандан өткөн азап барбы... Эртең Алмалыга көмүргө жөнөйм.

Гүлзат короз чакыра электе турду. Сыртка чыкканда Нарбай чал булоолонуп, муздак сууга даарат алып жүргөн. Доошу таңкы жымжырттыкты жарып, шаңкыды.

– Жакшы жатып, жай турдуңбу, кызым?!

Чал көрдүбү, көрбөдүбү, Гүлзат баш ийкеди.

* * *

Мындай болуп кабар угарын Нарбай чал күткөн эмес. Жумадан чыгып, Гүлзатка учурап, калаадагы уулунан кабар эшитмекке байланыш бөлүмүнө баш баккан. Көзөнөккө баш салып, ичкериден тааныш адамын учурата албады.

– Гүлзат, ишке келди беле? – деди бош орунга баш жаңсап, сумсайган чал. Далысын салып, каяккадыр жооп берип жаткан эки кыздын бири бурулуп, чалды көргөндө иймене түштү.

– Келиңиз. Гүлзаттын бүгүн табы жок. Чоңдордон жооп сурап, үйүнө кетти. Сизди келсе, сүйүнчү сурагыла деген, сүйүнчүсүн бербесеңиз айтпайбыз. – Аркы кашына осмо койгон татар кыз да моюн буруп, чалдын сүйүнчүсүнөн кабары бардай тыңшагычын шыпырып маанилүү турду. Чалдын оюн дүпөйүл кылган Гүлзаттын абалы болду.

– Гүлзаттын табы айнып кетти дейсиңерби? Тынччылык элеби? Дайынын ачык айткылачы, олдо балам-ай... – Жалгыз ую кезүүдөн кайтпай эки-үч күн жоголгондо да мынчалык кейиген эмес.

– Башы ооруп... – Эки кыз бири-бирин кыйгач тиктешип алды, – шакыйнасы бар, ошонусу кармап...

– Шакыйнасы болсо, ал эски оору. Эртең эле так секирип кетет. Сүйүнчүңөр мынаке, кыздарым! Кабарыңарды угайынчы. – Нарбай чалдын салаасында уйпаланган үч сомдук жүргөн.

– Жоок, сизди тамашалап, кантет экен десе. Сизден сүйүнчү алып эмне... Кечээ уулуңуз сүйлөшүптүр. Келмей болуптур. Бир жолу ишинен бошоп...

– Ал имнеси ыраңы сууктун, тынччылык бекен. Иштен бошойм деген сөздү оозуна алчу эмес. Бир адиса болгон го.

Кыздар астыртан бири-бирине тиктешип, заказ кагаздарын сунган клиенттеринин көзүнчө эңкейе калып, кыткылыкташат.

– Кейигенди коюп, тойго камылга көрүңүз. – Кашына осмо койгон кыз шыңкылдайт. – Уулуңуз келин алып келмек болуптур. Ошо тараптан болот имиш. Институтту бүтүптүр. Эртеңкиге, самолётко билет алышыптыр. "Түшкө жетпей Ошто болобуз. Кабар эртерээк жетсе, Орозалы таганын "Жигулиси" менен аэропортко келип турушсун" деп Гүлзат менен сүйлөшүптүр...

Нарбай чал чыпылдап чыккан чекесин жеңи менен сүртүп, кубанычка балкыйт.

– Ананайындар десе, мунуңар башка кеп. Ушундайда сүйүнбөсөм, качан сүйүнөм. Тойго даяр тургула! Өзүм келип чакырып кетем!..

Ал эки аттаган жерин бир аттап, почто түйүнүнөн чыкты. Желетсинин этек-жеңи туш келди учат. "Бешенесине жазган жылдызын тапкан экен. Карыган чагымда колумду узарткан экен. Утуру эле түшүмө кирип туруп алган... Ою, тилеги жакшы десе..." Бүкүрү бели түзөлүп, баспай эле каалгый учуп алгансыйт өзүнө. Базар-учарда көрүп, таанып калгандар жоргологон карынын башкача басыгын эмнеге жорушаарын билбей, соңунан узата карашат.

"Бу кабарды Гүлзатымдын оозунан эшитсем кана. Угуп сүйүндү бекен. Карап гана тургула, тойду өзү башкарат. Карындашы да. Же Гүлзатым кичүү бекен. Жо-ок, экөө тең куракту эле го. Эсиң менен түшкүр, ушуга чейин жашын бир сурап койбопмун. Өздөрү табышып алышаар. Батамды берем. Андан бөлөк эмнем бар..."

Эки аттачу жерин бир аттап, чал автостанцияга шашат...

* * *

Ошол ченде бизге тааныш тактектик кыз үй-бүлөсүн таңгалтырып, чырак күйгүзбөй, үй бурчунда үн-сөзсүз отурган...





АТАСЫНА ОКШОШ КЫЗДАР

Аңгеме

(Күйөө балам Курманбектин элесине)

БУ БАЯГЫ бизге тааныш кыш...

Апасынан калган аманат тандырга үзбөй нанын жаап, бели бүкүр атасынын жанында көөп жыл элгенчик, дааратына суу жылытып, жакасына кир жугузбай багып, адамдардын эсине калбаган кайсы бир ак таңдардын биринде көз жумган шол чалдын дубасын көөп алган кыз эми минтип келин болуп босогосун аттаган үйдө кызын уктатып, жанында китеп окуп отурат. Бир барагына аярдай, жаттап алчудан бетер эрдин кыбыратып, бир барагына, тек гана көз чуркатып кетет. Эки кулагы сыртта. Күйөөсү кечикти. Күйөөсү кенчилерге биргат. “Айлык жазам, бүгүнтөн кечиксе пулсуз калышат” деп кызын бакчадан апкелип коюп, те асирге жуук мотоциклин минген боюнча кенге чыгып кеткен. Келээр маалынан өттү...

...БУ БАЯГЫ бизге тааныш кыз.

* * *

Атасынын элүү сом пенсиясын эки жанга себелеп айдан-айга жеткирген менен, шондон чымчымдан болсо да топтоп, жай келди карыган атасын бир кочуш орозгерине кошуп, коңшу-колоңго табыштап, бир ай-жарым ай окуунун аркасынан шаарда таманы тешилди го... Насип экен, жылдардын бир жылы күсөгөнүнө да жетпедиби. Үчүнчү курста экенде жайкы сессиясын берип, атасына атап эки кила сапсары набатын көтөрүп айылына келатканда жибектей созулган бир кенчи жигит учурайт да, бир көрүш менен “айылыңа жеткирем” деп туруп Ноокаттан нары Пүлгөнгө ала качты... Дипломун жактаган жылы шаарга өзүнө куюп койгондой окшош, тырмак менен ойгондой жүлжүгүй көз кызды кошо көтөрө келди. Курсташ кыздары кетээр-

кеткиче аны биринен-бири талашып, колдон түшүрбөй көтөрүп жүрүшкөнүн азыр маал-маал эстеп калат...

Башын буруп, кызына карап койду. Атасы кечикти...

* * *

Эки ай өттү, ошо колу базгандай, мүнөзү жумшак кенчи күйөөсү экөө ээрчишип отпусканын он күнүн шаардан орун-очок алып, калаадан көңүлү кала элек агасыныкында өткөрүшкөн. Кызын ортого алып түстүү сүрөткө түшүштү, сыналгыдан анда-санда бир көрүнчү артисттердин жакындан, сахнанын так түбүндө отуруп, тарсылдатып басканын, көшөгөнүн артынан бири-бирине ымдашканын, кол жаңсашканына чейин көрүшпөдүбү... Кызын күндө бир маал ысык суугa киринтет, анысынын эки сөзүнүн бири "балмуздак". Кызын көтөрүп алып, салкынканадан чыкпайт. Ылдый жакта төгүлгөн бир машина кумда те каш карайганга чейин өрүп жүргөн балдарды, "болду, оюнга тойдуң" деп жетелеп кетчү ата-энелердин үй-үйүндө бейгам отургынына таң.

Бир сапар "Аскар эле, Аскар, беркел эле, беркел!" деп салкынканадан доош кылып, китеп-ситеп карамыш болуп, эригип отурган күйөөсүн (самолётко билет болбой эки күн кечигишкен) чакырып калды. "Мушташып атат, карачы! Ананы, ананы кара, бири-бирин тепкенин! Көзү-пөзүн чыгара тепсе имне болот? Барып ажырат!" Жумушунан жаңы келип, эми эле чайга отурган агасы күйөө баласынан мурда бир колуна гезитин, бир колуна пиаласын кармап, жүгүрүп чыгыптыр. Ылдый карап күлүп жиберди: "дагы, бир нерсе болуп кеткен экен десе... Мушташты көрө элексиңер, олор каратэ тебишип атат". Жаңыдан курсак байлап келаткан агасынын беймарал туруп айтканына: "Ошентип ойногон оюну курусун ээ" деп кейип жиберди.

Ал мындан алты жыл мурда бели эңкейген атасы менен ушу үйдө бир аптача жашап кетишкен. Эстесе ичи ачышат... Ошондо да, үйдөгүлөр таң атпай азыркыдай иш-ишине шашып, үйдө эки айылдык калчу. Бир күнү атасы чыдабады. "Кызым, төртүнчү күнгө кетти, эшкеликти көрө элекмин, камакта отургансыйм... Мени ылдый аптуш, как жерге болсо дагы отургузуп койчу" дейт. Кызы аны туура көрөт. Үйдүн кире беришиндеги орундукка отургузуп: "бир жакка басып кетип жүрбөң, бу жер сиздин Кожокеңиз эмес, көчөмө-көчө кете берчү. Бу үйлөр босогосуна чейин эгиз балдардай окшош, сиз эмес адашсам мен табалбайм" деп таза кулагына куюп, үйгө кирет. Бир саат өтүп-өтпөй чуу чыгып калат. Үйдүн маңдайында үч-төрт жигит көчөт отургузуп жүргөн, терезеден караса атасы, ошолордун арасында тарткылашып жүрөт.

Үчүнчү кабаттан учуп эле түштү. Жетип барса, атасы бир көчөттү түбүнөн кармап алыптыр. Үч жигиттин бири – дасырамолун[1] төрт учунан түйүп, башына топу кылып илип алган көчөттүн берки учун коё бербейт. Чал бери тартат, жигит нары тартат. "Коё бериң, кызык киши экенсиз. Бу өкмөттүкү, ар бир түбүн санап берет, бирөөсү кемисе сатып ийипсиңер деп жаныбызды сууруп алат, кандай түшүнбөйсүз?" деп көчөт талашкан жигиттин ачуусу келип калыптыр. Жо-ок, кыздын атасы ынап болуптур, сүйрөсө, кошо сүйрөлө турган. "Уулумдун эшигинде өсчү миң көчөттүн бирөөсү экен, наамарттык кылба! Үйүмө апарып тигип коём, кирген-чыкканда баламды көргөндөй көзүмө сүртүп турам, бер балам! Бу экөө сөз билги түшүнгөн балдар экен, үндөшпөй эле турат, бу сен кичине заар окшойсуң".

Аңгыча кызы ортого түшүп калды. Атасын жеме-жукага алып: "Таштаң, берген күндө да апкете албайсыз, самолётко көчөт менен чыгарбайт!" деди. "Жүда чыгарат да, ортолукка таштап коём, кимге залалы тиет. Ой бала, болду эми, коё бербейсиңби, болбосо пулун алгын!" дегенде чал менен тарткылашып, береке таппасын сездиби, "ал, ала бер" дегенчелик силкинип, басып кетти. Кечкурун ишинен кайткан уул-келини салкынканадагы тамыры чарчы менен оролгон узун көчөттү көрүп, болгон ишти угуп, боор эзилгиче күлүшкөн. "Эгип коём, эшигимдин алдында көгөрүп турса кирген-чыкканымда силерди көргөндөй болом, силер имнени билесиңер, айда-жылда бир барсаңар..." деген төрт күндөн бери камалып отурган чал.

Эртеси агасы карындашын атайын ойготуп: "Атамы эшке чыгарбагын, дагы бир нерсени баштабасын" деп эскертип, жумушуна кетти. Ошол бойдон чал сыртка кетээринде гана чыкты... Карылык калрылыгын кылды... Чал баягы салкынканага чыгарып койгон көчөтүн унутуп кетти. Самолётко отурганда эстеп жүрөт, эстеп алып жанында отурган кызын мүрүсү менен бир түрттү. "Менин го жарым эсимди Кудай алып койгон, а сен боору жок, көчөт бар эле деп эстеп турбайсыңбы!?" Кызы үндөгөн жок. Мүмкүн, уул-кызы атасы болуп үйдөн чыгып баратканда билип туруп эле унчукпай коюшкандыр... Бекер кылышты, мүмкүн чалды түшүнгөндөр табылып, көчөттү самолётко алып өтөп кетээр беле, мүмкүн ошо апарган көчөтү көктөп, эшик алдында көйкөлүп турса, көңүлү ток карынын өмүрү ушу күнгө жетээр беле!?. Шону эстесе, кыздын жүрөгүн катуу нерсе сыдырып кеткенсийт.

[1] *Дасырамол – бет аарчы.*

* * *

Түндүн этегин түрүп, ай жаныбар жер жээгинен билинээр-билинбес калтылдап көтөрүлүп келатты. Жуурулган камырдай суналган бөксө тоонун төбөсүндө кирпигин ирмегилеп, ай нуруна көзү уялган жылдыздар андан-мындан жымыңдайт. Те капталдан түшкөн шагылдуу жол менен кеч калган бирөө мотоциклин тытыратып, бийик-бийик жарлардын алдынан өткөндө саал жайлатып, өр таяганда доошун күчүркөнтө басат. Жеңил канат тоонун жели мотоциклдин үнүн алда кайда ала качат. Белге жетпей тумшукчаны айланып, оң кол жакка жантайганда кең жылганын ичи кулак-мурун кескендей жымжырт боло түштү. Мотор иштен чыктыбы же ылдыйышка келдим деп ээси жайына коюп, моторду өчүрүп жөнөдүбү... Жакын жерден саратан чырылдады, калгандары аны коштоп кетти. Мемиреген тынчтыктан айдын жарыгы ай-ааламга дагы жарыгыраак тийгенсийт...

* * *

Кызы чукуранды. Түшүндө бирөө-жарым менен сүйлөшкөндөй болот. "Ата" деди окшойт. "Кечикпечи, апам зарыгып уктабай отурат" деди окшойт... Же саар-кеч туш-тушунан чыгып, "кана, айтып койчу, кана, кана" деп кысташканда эптеп-септеп кураштырган баягы тумардай сөзүн, "короз кант сатып бериң, базарда короз кант сатып бериң" деген атасы үчүн дүйнөдөгү ширинден-ширин сөзүн айтып жиберди бекен... Келин башын көтөрүп, боордо асылган саатка карады. Сааттын шибеңдеген кызыл шыйрагы аалам кезет...

* * *

...Бизге тааныш кыз талып чыккан көзүн укалап, китебин жапты. Чыйрыккансыйт. Желбегейленген күйөөсүнүн төш кабын кийип, аягына чейин бүчүлөндү. Эмнегедир көкүрөгү сайгылашат. Курсташтары менен түшкөн сүрөттөрү бар альбомун баракгысы келди, бирок ошону барып алгандан эринди. Өзүнөн-өзү эле качанкы бир өткөн окуя кылт дей түштү оюна. Биринчи курста экенде жанына бир кыз ды ээрчитип алып, Ош базарына шыпыргы сатып алганы барышат. Базарга кире бериште үстү-башы деле түзүк, төбөсүндө өңү өчкөн калпагы бар, агала сакал бирөө жандай басып: "садага болоюн кызда-

рым бу жакка доктурга көрүнгөнү келдим эле, чөнтөгүмдү кисабирге кестирип, көзүм кашайды. Ошко чейин жетип алгыдай пулуңар болсо кайрылышкыла. Жеткенден кийин салып жиберем, адресиңерди жазып бергиле" деп бозорсо, Кудайдын боору ооруйт. Бизге тааныш кыз сумкесинен алган он сомун, беркиси беш сомун кармата берет. Көздөрү какаңактаган мойсопут пул тиери менен чала-була ыйлап дубасын берди. "Ылайым, теңиңер менен агаргыла, көгөргүлө, Кудай айтканыңарды берсин!" деп кала берген.

Кийинки жумада кыздар менен бирөөнү Таласка узатканы барса, баягы "оштук" агала сакал ошо жерде жүрөт эки жигитти бучкактап. "Чөнтөгүмдө болгон акчамды ууруларга кактырып ийдим. Жаныңарда болсо, Нарынга чейин жол кирелик акча кайрылышкыла. Жетип алсам, почто менен кайтып салып жиберем" деп баягысынан беш бетер бозоруп, ыйманы учуп турат. Кыз көрүп турган көзүнө ишенбей бети дуулдап, уурулугу чыгып калган немедей кызарса болобу. Анан кыздардан бөлүнүп, аста басып: "бу акчаны сөзсүз аркаңардан салып жиберем" деп ыйлап-сыктап, үстү-үстүнө батасын берип аткан агала сакалдын маңдайынан чыкты. "Арбаңыз, – деди улуунун ызааты кылып, – "сиз өткөн аптада эле бизден алган пул менен Ошко кетмек адам эмес белеңиз?" деди. Өзү дагы кишиге катуу сөз кайрыганы ушу. Чал тааныманганга салды. "Кой жалган айтпа, тааныбайм сени, көргөн эмесмин сени!.. Жаман сөздү көтөрө албайм..." деди дагы кетип калды. Кыздын тунук сезимине конгон кыраа ой сөөмөй учуна чыккан сөөлдөй ошол окуяны эстей калса, жанын зыркыратып, бейтап кылып чыгат.

* * *

Кош жарыгын балбылдатып белге чыккан жеңил машина тумшукчаны айланып, көп жүрбөй жолдун чекесине токтоду. Машинанын алдыңкы эшиги ачылган менен, эч ким түшпөдү. Бирөөнүн жоон үнү чыкты.

– Ой-ей тага, карачы! Кырсык болуптур го, адам жатат! – деди. Тагасы жооп бербеди. Сүйлөгөн узун бойлуу жигит экен, жерге түшүп, машинанын эшигин жаппай эси ооп калды. О кыйлада арткы эшик ачылып, чыксамбы-чыкпасамбы деп ыргылжың түшкөн адам: – Быякта мотоцикли жатат. Ылдыйыштан учуп кетиптир бечара, – деди. Буга окшогон кырсыктын далайын көргөн окшойт. Оор үшкүрүп койду.

– Басыңчы жакыныраак, тирүү болсо кабар кылалы.

– Эсиң болсо жолобо! Жүр кетебиз, мындай иштин балаасы көп... Эки-үч апта күбөгө өтөсүң деп ары сүйрөп, бери сүйрөп, акмагыңды чыгарат. Тынч жүргөн жаныбыз ты-ынч эле...

– Ээн жолго бу шордууну кантип таштап кетебиз?..

– Эээ-ээ, кызык бала экенсиң, башың иштейби? "Силерден чоочуп, мотоциклдин башын буруп ийген" десе даказать эте аласыңбы?.. А көрөк, эртең Прунзеге эртерээк учуштун камын ойло. "Кишиңе" жолук. Айым быйыл дагы куласа, асынып өлөт. "Тамекиде иштегенден көрө өлгөнүм артык" деп айтканын өзүң дагы эшиттиң го...

– Мынабу иш чатак болуп турат, көрүп туруп кантип кете беребиз, өзүңүз ойлосоңуз..!

– Об-бо жээним ай, мынча жашсың... Дагы шаарга барып "киши" таап сүйлөшөм дейсиң... Бол отур, машинага! Мага ак жүрөк болуп көрүнбө, сенсиз дагы жетишип турат...

Калпакчан жигит баягысынан тайсалдай түштү. Тээ өздөрү келген тарапты, ай нуруна кашкайган ак мөңгү чокуларды карадыбы, же кимдир-бирөө аркабыздан акмалап турабы деген этияттанбы иши кылса, машинага кетенчиктеп баратып, соңуна бир кылчайып алды. Өзүн-өзү сооротумуш болот.

– Чеки иш кылдык, ким укса да бизди кечирбейт, шу дагы адамгерчиликпи? Дагы бала окутасыз, тага! – деди. Тагасы ага акырая бир карап: "Эшигинди катуураак жаап ал!" деди. Жарыгы күйбөгөн машина дөңгөлөгү асманды караган, үрөйдү учурган мотоциклдин жанынан айланып өтүп, оо кыйла баргандан кийин жарыгы балбылдап күйдү. Жол кашкайып, жарык жеткен жерине чейин кулачын жайып жатты...

* * *

...Терезеден ай башбакты. Балбылдаган ай жаныбар мынабы күйөөсүн күткөн жаш келинди, жанында бейгам уктаган кызын тиктеп, чоң айылдын ортосундагы жарыгы өчпөгөн үйдүн терезесинде эсейип турду... Тааныш турду. Апасынан эрте айрылып, жалгыздыкты, кусалыкты жаш жүрөгү көтөрө албай мамиреген айлуу түндөрдү эш тутуп, апасы отуруп чачын өрүп берчү супанын чекесине көчүк басып жан адамга билгизбей, башына түшкөн жазмыштын баш-аягына көзү жетпей аста озондочу баягы боорукер кызды тааныш турду... Эртең кызы уктап жаткан мынабу төрдө, кемпир-кесектин курчоосунда кырчын курагында куунак жашоосунун кылы үзүлгөн күйөөсүн жок-

топ кошок кошуп отурарын, мынабу терезеден көрүнүп-көрүнбөй бозоруп жаткан сокмо жолго батпай убап-чубап эл келээрин ай жанынбардын жаш жалаган көзү көрүп турду-ов...

* * *

Айдын жогору жагында Саманчынын жолу үлпүлдөйт. Шу түнү, жүрөктү тыбыраткан, кусалык козгогон сүттөй жарык түнү чоң айылдын күн көрүп кумары кана элек туйгуну, кыялкеч келиндин түгөйү, жаңыдан тили чыккан наристенин жанажан атасы жердеги ырыс-кешиктүү, ыйык уясын таштады да, Саманчынын жолуна салып, бу ааламдан өтүп кетти...

* * *

...Бу баягы бизге тааныш чалдын кө-өп дубасын алган кызды айдын жаш жалаган балбал көзү таанып турду...





БАГЫМДАТ

Аңгеме

Кезүүгө кошулчу мал күн чыга электе айдалат. Чала уйку бала-чака шугдуңдаган ач карын кой-эчкисин кубалап, көчөнүн чаңы көккө каалгыйт. Шергазы аба бирдей малын элден кийин айдайт. Токол эчкиси менен субай токтусун чаркардан чыгарганда, элдики адыр этектеп кетет.

– Кезүүгө ким чыгыптыр?! – Шергазы аба кеч калганга окшобой тизгин тартып, малын кошуп кайткан баладан кеп сурайт.

– Оо Тилла эженин армиядан келген уулу. – Бала сөөл баскан колундагы алманы утуру кемирип коёт.

– Кимди шерик кылыптыр?

– Жалгыз чыгам, кийинки кезүүдө кайтарбайбыз деген имиш.

Бала чыгып келаткан күндөн көзүн калкалап турду.

– Өзү билет да. Жалгыз чыккан менен, элдин малы да кыйла бар. Баары байыган маал...

Шергазы аба такымындагы темир казык менен ээрдин алдын кашып койгондо эшек жорго жүрүшкө салды. Көздөрүн чылпак алган бала эшек менен кошо жарышты.

– Убара болбоңуз, мен эле кошуп келем! – жүгүрүп келатып эсин бура бастырбай шормологон улакты алманын почогу менен атып урду.

Эшектин башын үйгө кайрыган чал чагатайдай балага: “Тилланын баласына айт, малды Чоң Мурундун кыштоосуна жайсын. Кезүүгө жаңы чыккан неме оттуу жерди билеби...” деп дайындады.

“Тилланын уулу дейт, кайсынысы болду экен. Өткөн күздө бир баласы армиядан келгенде барып учурашканбыз. Мунусу эң кичүүсү чыгат? Мезгилиң салаадан куюлган кум сыңары өткөнү билинбейт. Баланчанын уулу келиптир десе, айыл эли сүрүлүп барып учурашабыз. Азамат болуп келет. Түзүк тааныбайсың да. “Ойноп-күлүп эл катары барып келдиңби? Кайсыл жерде болдуң, эли кандай экен десек, бир ата-бабабыз билбеген жерди айтып, “биздей эле жер айдаган, эгин

эгип оокат кылган адамдар экен" деп күлөт. Төөдөй жетилген жигитке көзүң тойбойт. Шыпылдап элдин атын алып, колго суу саздап чоңчоң эле киши. Балдарга армиядан өтөр сыноо жок го... Келээри менен үйлөнүп алышат, пасылке алып, үй салып атышат. Катарга кошулат деген ошо да..." Эшек арыктан секиргенде ою үзүлдү.

* * *

Балдары көптөшүп, төрт бөлмөлүү там салган менен, Шергазы кенже уулу Аскарды жанына алып, эски тамдан жылган жок. Уулдары алыс жакта жүрүп калса, "эски тамыбыз көзүбүздөн учту, ата" дешип келчү. Эми бой жеткенде "эрди намыс өлтүрөт" болуп, ошо сагынычты намыска жендиришти.

Балдарынын улуусу Жамшид батынды.

– Ата, – деди ал, – үйүңүздү чычкандын уюгу басып, тамчы өтпөгөн жери жок. Же абат полу болсочу. Карыган маалыңызда сыз тамдын азабын тартып жүрбөңүз. Ошондой эле көзүңүз кыйбаса, ал үйгө малдын жем-чөбүн, ашыкча буюм-суюм болсо коюп жүрөлү. Кирип-чыгып турасыз. Өзүңүз жаңы үйдүн каалаган бөлмөсүндө жашай бериңиз, – десе атасы көшөрүп койду.

– Убара болбогула, мээнет өзүнөрдүкү. Мага ата-бабамдан калган там жетет. Ичээр суум түгөнсө, ушул үйдөн чыгайын...

Кирген-чыккан чалдын жоругуна таң калып: "Карыганда кишинин кежирлиги ашынат дейт. Чоң кишиге катуу айтпагыла, көңүлүнө кетет. Кайриет, дагы эртели-кеч кирип-чыгып, оокат-ашыңарды ичип турганына шүгүр дегиле" дешкен болот.

Эки үйдүн тең коломтосу өчпөй, турмуш нугу менен өтүп жатты. Ортончу уулунун келинчеги иш билги. Өзү билип, эки-үч күндө кирип, жууркан-төшөктү кагып-силкип, үй ичин тукумдай шыпырып кетет.

Аскардын мектепти бүткөнүнө беш жыл болот. Солдатка албады. Шоктугунан көрсүн. Кичинесинде байтерекке чыгып, кагаз куш учурам десе, бут койгон бутагы сынып, кулайт. Сол буту жото жиликтен сынат. Карбаластаган Шергазы баланы озондотуп үйгө жаткызып, өзү сынык таңчу Айым бакшыга чабат. Шакшак туура коюлбай, бечара бала көпкө азап тартат. Сынган буту төрт эли кыска бүтөт. Аксагы жүрө-жүрө түзөлүп кетет деген бакшынын сөзү үйдөгүлөрдү алдап кетти. Курбулары менен аскер комиссариатына барып, майыптыгына байланыштуу кызыл билет алып келгенде, уулунун буту экинчи

жолу сынгандай Шергазы аба сакалын тутамдап, көпкө тунжураган. "Айдай баланы майып кылган айып өзүмдө. Мени өлтүргөн адам бейишке чыгат. Ушу турган доктурга жетип барсамчы, аттиң. Катарынан калбай эл аткарган кызматты аткарып келет эле, атаганат..."

Аскар азыр устачылык кылат. Сумкасынан кол араа менен курч балтанын сабын соройтуп, эрте кетип, кеч келет. Жай бою эки чабанга кашар салышты. Аксаган менен, колунан өнөр качкан жок. Атасы жатчу жыгач сөрүдөн тартып, жаңы тамдын жыгач ишине чейин өзү колдон чыгарды. Тириликке тың. Көмүр түшүргөн да, совхоздун директоруна кирип, малга жем-чөп жаздырып чыккан да Аскар. Чал да ушу уулун өзүнө жакын көрөт.

* * *

Шергазы малын кошуп келсе, үйдө эч ким калбайт. Бетин жуубай машинасына жармашкан Жамшидин ойлоп, аяп кетет. Матор "дүр, дүр" дейт да кайра өчөт. Тиги чукулайт да, тумшугуна илинген темирди жулкуп бурайт. Машинаны бир жагына оодара тартчудай тиштенип жатып бурайт. Көрүп чыдай албады, мектепке бараткан иниси да папкесин коюп, чачын сербендетип ийри темирди бурап кирет.

Чал келгенде үйдө эч ким калбайт. Жамшид аялын (ал кийим тигет), эки баласын машинасына сала кетет. Мугалим келинчеги экөө (экөө тең математик) окуучуларга аралашып, асфальт жолду бойлоп, мектепке басышат.

Дасторкон жайылуу, термосто ысык чай турганын чал билет. Ээн үйгө киргенден заарканат. Тумчуктуруп ийет. Киши-кара келсе, комбурашып олтурса болот. Болбосо, өзүнө эрмек издеп, сыртта карбаластап жүрө берет. Эшегин аркандаганга барып, билектей суу жыгат. Бак аралап, түндө түшкөн алмаларды терет да, майда кесип, шиферге жаят. Алма кактын кышы бою неберелери жеп, оңуп калышат.

Жүгөрү жак шагыраганынан басып барса, ичинде мал жүргөнсүйт. Доош кылып айдаса, маңдайынан жибин сүйрөп килейген өгүз чыкса болобу. Аябай тойгон экен, баса албайт. Шергазынын жаны чыкты. "Капырай, түнү менен таза майкандаган экен. Кечээ суу ичкен мака четинен кыйраган турбайбы. Малдын ээси да колун майлап байлаган нолок экен". Жибинен кармаса, өгүз сүйрөгөн бойдон көчө тарапка атырылды.

Жыгылган жүгөрүнүн паясын ормокко кол орокту издеп жүрүп, тандыр алдында үйүлгөн бөтөлкөлөрдүн үстүнөн чыкты. "Ойей, бул

имне?!" Ага экинчи өгүз тандыр алдынан чыккандай болду. Көргөн көзүнө ишенбей делдейди. "Мунун баарын ким ичкен, тооба. Жамшидби, Калдарбы же Аскарбы? Аскар дейм да, ал оозуна албайт. Балдарым ичпейт деп жүрсөм, адаштымбы... Кимисин шайтан азгырды? Оо-уу ушунча да көппү? Мунун баарын бир күндө иче койгон эмес-тир. Кимдин колунан келди? Көз байланган ченде Жамшидди издеп эки-үч бала келип калчу. Кол учун берип көрүшкөндөрүндө кеп бар эле. Төркү үйдө олтурушуп, эл жатарда чыгышчу. Ошолор ичти бекен? Кечинде келишсе сүрүштүрбөсөмбү..."

* * *

Бөтөлкөлөр көз алдынан кетпей, кечке кылган ишинин маанисиболбоду. Тийип-качып өгүз жыккан макасын орду. Тандыр алдындагы бөтөлкөлөрдү бирден-экиден кармап, жыйылган кыктын арасынасойлотуп, көздөн далдаалады. "Жер калбай калгансып, бу ыскатыны тандырдын алдына үйүшкөнүн кара..." деп өзүнө-өзү батпайт.

Жумуштан биринчи мугалимдер келишти. Көп өтпөй келини балдары менен бакчанын автобусунан түштү. Демейде утурлай чыкчу чал бүгүн көрүнбөдү. Матмуса менен Маткасымдын "аталаган" үндөрү Шергазыны чаркар ичинен сүйрөп чыкты. Неберелеринин көкүлүнөн алмак-салмак тоё жыттады да ишке алаксыды.

Кечки иңир коюуланып, бирин-серин жылдыз көрүнгөндө Шергазы малын жайлап, чаркардын кулпусун илди.

Чал дүңкүйгөн бойдон төргө өтүп, малдаш курду. Чай келгенде нан сындырган Калдар:

– Ата, табыңыз жокпу? – деди.

– Тап түзүк, өзүңөрдүкү жайындабы? Кечээги ичкиликтин күүсүнөн көңүлүңөр куштар го.

– Кайсы ичкилик?! – Калдар делдейе калды. Дасторкон четинде олтургандар бири-бирин карашты.

– Билип-билмексен болбогула, балдарым. Кылгылыкты кылып, кыл жип менен бууп койгуңар барбы! Абат өнөрдү үйрөнүпсүңөр, аныңар өзүңөрдөн ашпасын...

– Көзүңүз менен көрсөңүз айтыңыз, ата. Бекерден бекер адамды жаманатты кылган болбойт, – деди Жамшид. Тызаңдай түшкөн уулунун оюндагысын баамчыл кары билди.

– Ичсеңер ошо талаадан ичип, куттуу үйүмдөн көрүнбөгүлө! – Кары кечке жанын тынч алдырбай жүргөн сөзүн айтты, – тооба, тан-

дырдын алды арактын бөтөлкөсүнө толуп чыгыптыр. Ошентип, үйөберсеңер эртең-бүрсүгүнү тоо болуп чыгары ажеп эмес.

Атанын какшыгы отургандардын башын ийди. Жамшид көзүнүнтөбөсү менен келинчегин челип өттү. "Айтып тилим тешилди. Аңызга, алысыраак ыргыт десем, бу жука алакан беш-он чакага өткөрөмдеп топтоп жүргөн турбайбы" деген жекирген карашын келинчеги туюп, чайнектин чоргосун сүрүмүш болот.

– Ата, сиз да түшүнсөңүз. Адам болгондон кийин үйгө киши-кара келет экен. Анча-мынча болот да... – Жамшиддин кеби бошоң чыкты. Бети чок түшкөндөй кызарат.

– Киши-каранын баары эле быякка арак пайлап келет окшойт. Көрүп жүрөм, караңгылатып кирип келчү эки-үч ашынанды. Мени көр[1] деп ойлошот окшойт. Иши бар адам антип ууруларча жүрбөйт. Калдуу башымды көрмөксөн болуп үйүмө сүзүп кирсе, быякта туруп өзүң осол болот экенсиң. Алардын мандайында олтурсак, ичкен ашы тамагынан өтпөй кала бекен... – Атанын сөзү сөөгүнөн өтүп, чучугуна жеткендей Жамшид каяша айтты.

– Келген-кеткендин эсебин алганды куп үйрөнүпсүз. Өнөрүңүз биздикинен кем калышпайт экен. Оозумду төө тепсе да, айтам эле. Айлык алганда белгилеп коюп жүрөбүз. Курбу-курдаштардын жакшылыгында олтурсак, "ич-ич" десе, орозо кармаган адамча моюн толгоп көрөйүнчү, жеп жиберишээр... Күлүшсө, күлкүм жарашпай, сүйлөшсө сөз кошо албай четтеп калганымды каалайсызбы?

– Ичкиликтен четтесең четтеп калаарсың. Ага анча ичиң ачышпасын, уулум. Андан көрөк, жакшы санаалаш, сыйын-сыйдай көрсөткөн жолдоштордон тап. Өзү ичип, ага болбой ичпегенди кыстаган неме болор-болбос иш үчүн жакадан алгандан кайра тартпайт. Балалыгың калган жок, ата болдуң. Эсиң барда, этегиңди жап. Жаныңды ачытса да, болгон кепти айттым, жаман көрбө, уулум.

Жамшид жаңы куюлган чайдан чоң ууртап, тилин күйгүзүп алды да дуңкуюп ооз ачпай койду. Бир жумадай өзүн атасынан качырып дасторконго отурса да, балдарына алаксымыш болуп, ичээрин-ичип туруп кетет. Этегин баса олтурчу уулунун орду аңгырай түшкөндө Шергазы ошол капталын муздак шамалга тоскондой чыйрыгат. Бирок, сыр бербеди. "Бетке айткан сөздүн заары ошондой болот. Чычалганың түзүк, уятың болсо тыянак чыгарарсың..."

Шугдуңдаган немелердин аягы тыйылганда үйдөгүлөр баягы чактын пайдага чечилгенин билишти.

[1] *Көр – сокур.*

Карыганда небере көрсөм дегенде эки көзү төрт эле. Неберем жерден боюн көтөрсө жаныма алып, аш-тойлорго ээрчитип, майрамдарда күрөшкө түшүрөм деп тилек кылчу. Шашкан менен бир башын эки кылар балдары окуунун соңунда жүрүштү. Жамшид эки жыл окуп, айдоочулук кесипти үйрөнүп келгенде чал маңдайына олтургузуп мындай деди:

– Балам, окуйм деген мурадыңа жеттиң. Эми колуңдан ар иш келет. Өзүңдү бакканга жарап калдың. Үйлөн. Үйгө аялзаты аралашпаса, ысыгы, ырыскысы кемийт окшойт. Кемиген ордубузду толтур. Бир иниң окуп, антип Ошто жүрөт, бир иниң "аксакмын, мага кайсы мурду бүткөн кыз тиет" деп ондо туйлайт. Жолуң улуу. Жакын ортодо кыз деген толуп атат. Көөнүңдө жүргөнү болсо аны айт, – деген. Жамшид үндөбөй олтуруп кутулуп кеткен. Көп күн өтпөй Аскар агасынын макулдугун атасына жеткизди.

– Ошондон да тартынабы, тооба. Оозун төө тепсе да өзү айтпайбы. Алысты койсун, бу Ысактын тикмечиликти бүтүргөн айдай кызы жүрөт. Ошо ылайык. Момун. Жабылуу сандыкты ачпайт...

Жамшид атасынын сөзүн эки кылбады. Тойдун изи сууй электе Калдар өзү менен окуган гүлчөлүк кызды баштап кирип келди. "Сүйлөшүп табышсаңар бактылуу болгула!" деди Шергазы. Уул-келинлери ынтымактуу. Канча жыл бирге турушту, бири-бирине тике караканын байкай элек.

Жамшиддин келинчеги эки жолу көз жарды. Экөөнүн тең кулагына азан чакырып, атын Шергазы өзү койду. Матмуса менен Маткасымдын айырмасы бир жаш. Эшкеликте жүрүп, үйгө киргенде небересин бооруна кысып, кагадак көкүрөгүнөн жыттап алса, бу дүйнөң түйшүгү менен эсинен чыгат. Улуусун балдар бакчасына беришкенде чал үндөгөн жок. Бири-бирине катуу сөз жок, ынак уул-келини болор-болбос кеп үчүн көңүлдөрү кирдеп жүрбөсүн деп кара тилин тишине баскан.

Маткасымды бакчага даярдашканда Шергазынын чыдамы жетпеди. "Бирин жаныма эле койсоңорчу. Саарлап туруп, туш-тушка кетип, силер билбейсиңер. Жалгыздыкта жаныма эрмек эле..." десе уулу үндөбөй келинчегинин көзүн карайт. Ошондо бардык иштин түйүнүн мындан кийин ошол келини чечээрин Шергазы түшүнгөн.

– Бала сизди кыйнап коёт. Ишиңиз көп, караганга чолооңуз да тийбейт, ата. Түшкүсүн уйкуңуз катуу, басып калган неме баш ооган жакка кете берсе, Кудай сактасын... Эрте-кеч көргөнүңүз жетет го... –

деп койгон келини. Сөз жетээрлик эле. Кеп көбөйтпөдү. "Чала болот сага, куу сакал" деп ичинен өзүн-өзү сөктү да туруп кеткен.

Шергазы бакчаны деле жээрибейт. Аны карыган адамдардын неберелерин тартып алалы деп ачышкан эмес да. Угушуна караганда ал жерде небereлери маалы менен тамак ичип, укташат. Тамга таанып, ырдашат экен. Бармактайынан дос табышып, өзү менен өзү болуп өскөнгө бакчадай жер болобу дешкен сайын, чалдын таарынычы ылдыйлады.

Небereлери тарбия алган ошол үйдүн өзүн да көрдү. Пахта май түгөнүп, совхоздун борборуна түшкөн. Дүкөндөн алчусун алып чыкса, жоон талдын көлөкөсүндө олтурган кара каш, мурду шиштей бүкүрү кемпир адеп кол булгайт. "Короз кант алгыла, балдарыңа короз кант ала кет!" Короздун кеби түшүрүлгөн кыпкызыл ширени көргөндө так секирген небereлерин эстеп, кыя өтө албай эки-үчтү оротуп алган.

Жумурткадай акталган эки кабат үйгө бурулганда бөбөктөрдүн чуусу булактын шылдырындай кытыгы козгоп, көкүрөгүн сагыныч тээп, делгиртти. Эшегин тыт жыгачка күрмөй чалып, ичкери баш бакканда:

– Аба, сиз каякка? Кимге келдиңиз? – деген үн чалды желкеден алгандай болду. Кылчайса, ак халатчан, чачын куду улуу келинини киндей желкесине түйгөн сары келин суроолуу тиктеп турат.

– Небereме келдим. Матмуса менен Мат...

– Кимиси болосуз?.. – Келин суракка алды. Анын тоотпогондой сүйлөшкөнүн сезе койгон кары кирген дарбазадан бери чыкты. Келин байлануу турган эшекти көзүнүн кыры менен карап койду.

– Атасы болом. Пахта май алганы түшүп, небereлеримди да көрө кетейин деп кайрылдым. Колду карашат деп муну... – Оролгон короз кантты көрсөттү. – Бала да бере койсом, көңүлдөрү өсө түшөт...

Келин оозун таптап келатканда эшек аңгырап коё берди. Үнүн созгон сайын тезек таштап, кеп угузбай койгондо чал камчысын үйрүп, зорго тыйды. Чоочуган келин өчөшкөндөй унчукту:

– Эшегиңизди бул жерге ким байласын деди?! Азыр чечип, минип кетиңиз. Главрач көрсө, имне кылаар экен... Бу кантыңызды экинчи көрсөтпөңүз, небereлериңиз жесе ооруп калышы ыктымал. – Ак халатчан ошентти да, селкинчек тээп жаткан бөбөктөргө жетээр-жеткиче артына кылчайган жок. Короз кант колунда эрип, кооз кеби бузула түшүптүр. Муну кара, наристелердин көңүлүн көтөрөт деген шире, алардын ысык жанын оорутарын билсе кары алат беле.

Шергазы балдар бакчасынан көңүлү чөгүңкү кайткан...

* * *

Күн төбөдө чакчайып, тегеректи куйкалай баштаганда Шергазы шабдоолунун көлөкөсүндө көз ызгытып алат.

Ассалоому алейкум, аба! – Көзүн ачса, почточу бала турат. Сумкасынан газета сууруп, шабдоолунун бутагына кыстарып койду. Мектепти жаңы бүткөн. Сумкасын окуучулардыкындай ийинине асып, көйнөгү киндигине чейин ачык. "Кат жокпу?" Кары тил учуна келе калган суроону тиштеп калды. Баягы күнкүдөй күлкүгө калмак.

– Кимден кат күтүп атасыз. Балдарыңыз окуусун бүтүп келишпедиби... – деп каткырган почточу бала ошондо. Шергазынын оозунан кеби түшүп: "Көнгөн адатым менен сурап койдум, айып этпе" деген ге жараган. Учур болгон. Бир эмес, эки кат алган күндөрү эсинен чыгабы. Ошто окуган Калдары үйгө кем каттап, кат жазып турчу. Кээде Каравандан, Жамшидинен кат алганда, "Калдарга теңелем дегени го жаманымдын" деп күлчү. Оштогу уулу эки барак катында ал-ахвалын, тиричилигин жан-алы калбай сурап: "Экзамендерге даярданып жатам. Бассам-турсам оюмдасыз. Сагындым сизди, ата" деп бүтүрчү катын. Жамшиди кызык эле. "Ана барам, мына барам" деген куру убадасын жазып, пенсиясын аларда эки-үч баланы ээрчитип кирип келчү.

Ошол каттар Шергазынын эски топусунда, жүктүн арасында сактаулуу. Аскарга эки-үч сапар окутуп уккан. Алыста жүргөн балдарынын өзүнө болгон эркөө сагынычын, ак пейил камкордугун тымызын самап, жан дүйнөсүндөгү өзгөрүүлөрдү тең бөлүшкөн жароокер мамилесин дагы бир жолу ак баракта угууну күсөгөнүн мынабу почточу бала кайдан билсин...

Кечинде жолго чыгып олтурат. Үзүүдөн тамекичилер өтөт. Автомашинада тик туруп, кыркынчылар, талаадан комбайнчылар кайтат. Адырдан мал түшөт. Кечки айыл той берген адамдын короосуна окшош.

Жогортон чөп артынган карааңды утурлай тиктейт. "Эшпай же Пусур, экөөнүн бири. Макага суу коюшат. Өткөндө бригат, "өзүңөр караган маканын шагын оруп алгыла" деген экен. Таппай турган немелер орок салышкан турбайбы". Жакындаганда тааныды. Пусур тойтук. Жайы-кышы бутунан өтүк түшпөйт.

– Оо Пусур, чөптү мынча көп арткансың, атыңдын тумшугу көрүнбөйт. Түзүк карай алдыңбы?

– Буйруса түзүк эле, аба. Суу жылдагыдай тартыш болбоду. Пландагыны беребиз деп турабыз.

– Кичине көчүк бас, үйүңдө ыйлаган балаң жок го. – Резина өтүкчөн Пусур арыктан күрс аттап, Шергазы менен кош колдоп учурашты. Калпагындагы жүгөрүнүн пырын күүп ийди. Тизе тушу оңуп калган чыйбаркыт шымынан "Ала-Арчанын" пачкесин сууруганда чылым тарткан адамды жактырбаган кары тетири карады.

– Пусур, суу ишин куп үйрөндүң бейм. Сенчелик суу кечкен адам бу тегеректе жок болуш керек. Өгүнү "Пусур аканы "Колхозчуга" жазышыптыр" деп балдардын оозунан угуп калдым. Ошо ыраспы? Гезитке көрүнгөн эле чыга бербейт. Ишиң татыган болсо, анан...

– Ырас, ырас, аба, гезитке да чыктык. А бир кызык. Алим мурап менен айтышпаган күнүбүз барбы. Алыштын башында, "өзүң жакка улуу буруп, бизге билектей суу жыгып, алакчылаганынды качан коёсуң" деп тирешип турсак, бир маалда маймыл бекен иш кылып, бир айвандын сүлпөтү тартылган майке кийген ак жуумал бала адеп ортодон чыгат. "Газиттен келдик, сизге анча-мынча сөз бар эле" дейт. Алим мураптын суудан атасы өлгөндөй шиши толуп турган. Дагы эки-үч кеп айтты дегиче, жакасынан бурай кармап, алышка басайын деп тургамын. Ошол маалда жаңкы бала ортого кыпчылса болобу. Кыжырым менен бир тийдим. "Жаңжалды көрбөй турасыңбы, бу жакта суу талаш болуп атат" дептирмин. Четке чыгып кеткен. Сууну эки ноого тептең бөлдүрүп, шакка келсем, баягы бала жөөктөргө чым бастырып, ошерде жүрөт. "Кел, үка, көңүл жайланды, эми бир катырып сүйлөшөлү. Бая жиним менен кагып койдум окшойт. Жашымда жетимчиликтин азабын кө-өп тартып, мүнөзүм ошондой корс, көңүлүңө алба. Имне керек, үка, сурай бер" дедим. Мен айтып атам, ал сурап атат, шыпылдатып жазып атат. Майкесиндеги маймылды карап коём. Ошондой айванды Оштогу ажайыпканадан көрдүм эле. Бала жазчусун жазып кете берди. Өткөн апта базар-учар кылып, Ноокатта жүрсөм, алиги Карабаштагы Марип төөнүн шопур болуп иштеген баласы учурап, "Сиз газитте макталып жүрөсүз" дейт. Сураштырып жүрүп, газит чыккан жерге бардым. Баланы сурасам, прунзелик экен, практикасы бүтүп кетип калыптыр. Кийин окутуп көрсөм, сизге жалган, мага чын, айтканым айткандай жүрөт. Куйма кулак бала экен, аба. Ошондон кийин, бассам-турсам ооздон чыккан убадамды уят болбой аткарсам деп төбөм менен жер казам... Кой, атым кетти, жетейин, боптур, аба...

Шергазы тарпылдап жүгүргөн Пусур тойтуктун артынан күлүп карап калды.

Алтын Казыктын чокусуна үйүлгөн булут самсаалап, муздак сыдырым желпип бери жылды. Шергазынын кулагына мөндүр тийди, экинчиси мойнуна түштү. Өзүнө келаткан жаандын дабышын тыңшап, ордунан жылган жок. Жаандан качкан адамдар шуу коюп жанынан өтөт. Алар күздү утурлап жүгүрүп бараткандай сезилди Шергазыга. Көп өтпөй жаан далысын сабап кирди. "Жайдын да аягына чыктык, – деп ойлоду чал, – босогодо күз. Анан кыш. Ошондо таң атпай кеч кирген күндөр башталат го..."

Шергазы кышты жактырбайт. Кыш колунан ишин алып, бекерчи кылат. Жаткандан жамбашы талыйт. Карыган адамга түн кыскартыштан өткөн азап барбы. Жатсаң көзүң илинсечи. Жаштарга имне, кыларга иш табылат. Телевизор тиктешет, китеп окуп, кептери түгөнбөйт. Ошондо чал жашоосун кыбыраган тирилиги узартып келатканын күчтүү туят...

Буйруса бу кыш да жеңилине тартып өтөр. Баш эсен, боор бүтүн турса бу эч кеп эмес, – деп өзүн-өзү сооротком менен, карылык өксүгөн ой көп жашка чыккандыгын утуру эсине салат. "Мына, сен куракка туулардан жер үстүндө ким калды? – Капыстан пайда болгон ой көк желкеге койгондой болду. – Бакир, Төрөкул, Митал, Байыш, мелдеше кетип учуп бараткан карганы Көтөрмөдөн кармап келген досуң Чынгаранын орду жок. Сенин түйшүгүң али түгөнө элек. Эмки кезек сеники. "Бойго жетип" турасың..."

Шергазы өлүмдөн коркпойт. Келсе, жакшылап тосуп деле алат. Бирок, үмүт деген жаш-карыда тең жашайт тура. Дагы бир жазды тосом, жазгы желден аптыга жутуп, талаадан көтөрүлгөн жөө туманды дагы бир жолу көрсөм, атаганат... Үмүт жаш-карыда тең жашайт тура.

Жаан басылды. Асман чылк бүтөлүп, иңир тегеректи билгизбей чүмкөп келет. Ордунан турам деп кайра чөгүп калды. Буту уктап калыптыр. Жаны кетип калгандай чымырап, өзүнүкү эмес. Улам карыштап, улам муштагылап араң жазды.

Неберелери менен эрмектешип, оокат бышканча олтурду. Жатарында Аскарга: "Үстүмдү калыңыраак жаап койчу, чыйрыгып турам" деди. Дароо уктап кетпеди. Бүткөн бою ысып, кимдир-бирөөлөр төө бастыга алгандай демикти. Ошентип жатып да сыртты тыңшайт. Шамал катуулады. Байтерек шуулдап, үйдүн үстүнөн шифер учту. Сарала күчүк жолбун итке жаналы калбай үрөт.

Түндүн бир оокумунда чепкенин желбегей жамынып, аяк алдынкы турчу таш фонарды кармап сыртка чыкты. Супадан түшүп, чыканча сарала күчүк аяк алдынан кетпеди. "Кыш келсе, шоруң куруйт го сенин. Кышты биринчи көрүшүң..." Колундагы кесекти ыргытты. Күчүк ошоякка жүгүрдү.

Чепкенин аяк алдына жаап, жылуу турган төшөгүнө сойлоду. Ак сакалы караңгыда ак шам болуп агарат. Жака-белин кымтыланды да: "Ушунчалыгына да шүгүр..." деп аста кобурады.





КЕМБАГАЛ

Аңгеме

Улу апасын көргөнү келди. Алыс жерде сагыныч да тургузчудай эмес. Институтту бүткөндөн шаарда иштейт, айылга аз каттайт. Айылдын жазын көрсөм деп дегдеген менен, быйыл да чолоосу тийген жок. Эски сүрөттөй качаңкы көргөн байчекейин эмдигиче эстейт...

Кийинки күндөрү апасынан кат сейрек тартты. Келсе да, кызынын же күйөө баласынын эмес, бөтөн бирөөнүн колу менен жазылат. Кырмызы сыя менен жазган неме кат аягына "Бүажар апаңыздан" деп кичүүлүк ызаат билдирип койгонучу... "Көрүнгөнгө жаздырып, сөз батпай баратса да, кызы менен күйөө баласын күтө турбайбы..." – деп, ортодо апасы экөөнүн сөзүн тыңшаган немеге Абжалинин кызганычы артат.

"Абжали, көзүңчө сүйлөшө турган кеп бар, чолоок тийсе, бир келип кет" деген апасынын каттагы өтүнүчүнөн чоочуп калган. Апасы оорукчан. Басса-турса, "кеселдин баары башымда" дечү. Көп кыймылдаса, ашык кыймылы үчүн шакыйнасы төшөккө жыгып, апталап тургузбай эсин эки кылчу. Катты алгандан кийин Абжалинин күнү өтпөй, колунан иши түштү. Көп узабай жетекчисине кирип, эки күнгө уруксат алды да, айылына жөнөдү.

Апасы арык боюнда чайнек жууп олтурганбы, Абжалини тосуп, үч көчө ылдый жүгүрдү. Жетти да, кичинекей башын уулунун көкүрөгүнө жөлөп, өзүнө-өзү ээ боло албай эмшеңдейт. Жоолугунун алдынан чыккан ак чачтар баласына бейтааныш. Тандырдын чогунан ар жери оюлган үстүндөгү фуфайканы тааныды. Нандын, айрандын жыты урат. Студент кезинде курулушта иштеп, өзү сатып берген. Жүзү кер сары. Бешенесин бырыш тордоп, муңайым көздөрүндө сагынычтын жашы мелт-калт...

Апасы чемоданга эңкейди. Абжали озунуп, өзү көтөрдү. Катар баскан эне уулунун үстү-башына астыртан көз чаптырат.

– Мынча арыксың, тиктегениң эле кагаз экен... – Абжали кара күчкө күлүп, апасын чыканактан жөлөп басат.

– Жөнөткөн каттарым жетип аттыбы? – Абжали апасынын суроосуна мүдүрүлдү. Айылга жооп кат келчү эмес.

– Алып аттым. Кептин чындыгы, жооп жазганга чолоо тийбейт. Шаар жери, аякка-быякка жүгүрүп, өз ишиңди эстеш кайда. Ээ, шаарда жашап көрбөгөндөн кийин... – Уулу баш чайкап койду. – О катты катырып жазган ким апа?

– Закир акеңдин уулу.

– Закир деген ким эле? – Абжали токтой калды.

– Илгери коңшу турчу элек. Сен эсиңе кирелек чагында көчүп кетишкен. "Жашчылыктын аркасы менен жерден-жер тандап, көп жерде жүрдүк. Балдар чоңойду. Урук-тууган бар экен, алар менен катташтык да керек экен" деп өткөн күздө көчүп келип, эски турагын ондоп кирип алды. Учурашканы кирип кой.

Жолдон оро-пара чыккандар сүйлөшүп алгандай түзүк учураша электе "качан кетиш, канча күн турасың?" деп сурашканы катуу тийди. Анысына да, мунусуна да "келатышым ушу, учуру келгенде кетээрмин..." деп элтеңдейт. "Эртең кетем" дегенге оозу барбады.

Апасы көчөнүн башындагы төрт канат кызыл кирпич үйгө кол жаңсады.

– Алибай досуңдуку. Былтыр урунду эле, бүтүп койду. Билбей да калдык. Өзү койдо жүрөт.

– Келип-кеткенде кирип учурашабы?

– Ким көрөт дейсиң аны. Жапалак үкүчө түнү келип, кем-карчын алса, түнү кетет. Тамды келиштирип салып койду, качан болсо койду өткөрүп, беймарал жашай берет. Көзүң күйөт...

Үйдүн тегерегин чүмкөгөн чытырман камгак, коко тикен шорону көрүп, Абжалинин суктануусу сууй түштү. Айылга келген мейманды ээрчиткенсип, апасы божурайт.

– Үстү жабылбай турган бу үй – Кутпидиндики. Сенден эки жаш кичүү эле, эми азамат чыкты. Армиядан келди, пасылке алды. Ошо жактан устачылыкты үйрөнгөн экен, эч кимдин көзүн караган жок. Дубалын өзү көтөрдү. Үйлөнөт экен деп бири айтат. Ага кыз деген чекеден чыгат.

– Эмне иш кылат, азыр?

– Устачылыкта. Өзү тендүү беш-он балага бригат экен. Оро-пара чыкса, сурашып жан-алы калбайт. "Абжали достон кабар барбы? Шаардык болуп кетти. Үйлөнгөнүн укканбыз. Үй-жайды да саздагандыр" деп калат. Ичинде кири жок, ачык-айрым неме.

Уулу үшкүрүп койду. Айылдаштарынын бирөө-жарымы бетмебет чыгып, кетээр-кетпесин даректеп, мазесин алчудай үйгө шашты.

Күн уясына отура электе балдарын жетелеген карындашы ишинен келди. Агасы менен күтпөгөндөй салкын учурашты. Кечки таммакка чейин биринен-бири өтүп, каалга жакты карай берип, жакшы да сураша алган жок. Күйөө бала кечикти.

Ал эл жатарда келди. Кайнагасынын келгенин уктубу, ал жаткан үйгө башбакты. Мунусу Абжалиге жаккан жок. Козголбоду. Күйөө бала анын ойгоо же ойгоо эмесин билмекке босогодо кыйла турду. Бышылдап, оор дем алат. Бут алдынан тактай кычырады. Анын ичээрин Абжали мурда билчү эмес. Төртүнчү жылга кетти, экөөнүн сыр багып, чечилишкен күнү боло элек. Анын кичипейил жүрүм-турумун, ой билги мамилесин карындашынан угуп, кийин өзү да аздыр-көптүр байкаган. Бирок бүгүнкүдөй абалын күткөн эмес. Бир кезде көңүлү жакын тели-теңтуштарына "күйөө баладан жолдуу экемин" деп да айтканы эсинде.

Күйөө баласы дагы тиктеп турду. Мурду учунда бир нерсе айткандай...

– Айылда эрте-кеч деген болбойт. Бир түн, жарым түн уктабай да коё беребиз. Бу жерди айыл дейт... Же бизди мас деп турасызбы? – Үсөн тамеки сууруганда, Абжали туруп, кийинди. Кирсе алып кетеби деп карындашын күткөн. Ал көрүнбөдү. Жеме-жука кеп айтып, күйөө баласына болгон ызаатын ылдыйлаткан жок.

– Ремонттомун. Керээли-кечке муздак темир менен алышып, сызда оонайбыз. Бүгүн бирөөнүн бузук "Москвичин" карап бердик.

Техника деген – техника да. Бир бурамасын билбей, рулга балчая олтургандар жок дейсизби. Жокпу? Ачык айтыңызчы, жокпу?

Абжали сөзгө тартылбай, тек гана ийинин куушурат. Ага теңелгиси келбей, өзүн башка ойго алаксытымыш болот.

– Чоң шаардан келип отурасыз, өзүңүз калыс болуңузчу, аякта кандай экен, билбеймин. Биздин айылда алат десе эле пулдун көзүнө карабай чоңунан-кичинесине чейин машина минип, зуулдатып жүрүшөт. Чоң жолго чыгып кетишкеничи. Ат тезегин кургатпай базарга катташат. Мурда айлап тоодон түшпөгөн малчы-чабан достор менен эми күн алыс учурашып турабыз. Окуйбуз дешет, ага малдан чолоосу тиеби.

Машинанын шорун балдары берсин. Бир, эки айда айдай машинасын гаражга сүйрөтүп келет. Келет да, эмне дейт дебейсизби: "Машинаң түшкүр "кыңкыстап" калыптыр, тилин билесиңер, көрүп бергиле. Кечки оокатыңардан кам жебегиле" десе, темир чеңгелдеген мынабу колдор карап турабы. Кемпир шабдаалы жегиче ондой салып, кечкурун минтип, дене-бойду жибитип алабыз. Айып этпеңиз...

Алдынан кыя өтпөгөн күйөө баласынын тили буудай кууруп, аз эле мезгилдин ичинде айдай адебинен тайып, аракка боюн алдырганына ичи ачышты.

– Совхоздун гаражына менчик машинени киргизбейт болуш керек... – Абжали айла жоктон кеп кошот.

– Эбин тапса баары болот, аке. Үйгө да сүйрөтүп келип жүрүшөт. Чыкпай жатып алсаң, эшигиңди жыртып, "ака-ука" деп атса, өз ишиңе кол шилтеп ийесиң. Мээнетти жерге таштабайт... – Үсөн тамеки тутантып, ширенкенин күйгөн талын босого тарапка чертти. Оозумурдунан түтүн сызылат.

– Айлыгыңар жетпейби? Азиза иштейт. Апамдын пенсиясы турат. Мал кармап, тоок багасыңар. Ошо да аздык кылабы?..

– Бергенди албагандай менин башым экөө бекен, кызык сүйлөйт экенсиз. – Үсөн ичинде күйүп аткан жерин түтүн менен басчудан бетер тамекини жаагы шимирилгиче сорот. – Ушунча болуп, сунган колду суута элекмин. Айыл деген – шаар эмес. Бу жерде көмүр керек, малга жем-чөп керек. Ошонун баары пул.

– Жем-чөптү жылда совхоздон алып жүрбөйсүңөрбү, көмүрдү да. жүргөнчө кыш да чыгат. Андай иштерге мынабу баш анделектей бышты го. Көмүр алыш оңой бекен. Чарбанын иши деп жүгүрүп, кыш келгенин билбей да калабыз. Кар түшкөндө даяр көмүрүн бирөө бере коёбу. Көмүр саткан чайкоочулардын күнү тууйт. Бер дегенин кармаба. Көзүң чачыраганда баасын ашырып саткан кызыл кулакты да таппай каласың...

Абжали мандайындагы жүдөмүш күйөө баласын бейтааныштай көрүп, баятан берки жоругуна кайдыгер олтурганын сезгенде өзүнө таң калды.

Үсөн бармактайынан ата-энесинен ажырап, мектеп-интернатта чоңойду. Кийин бой тартып, онунчуну бүткөндө шофёрдук курсту бүтүп, айылдагы тагасыныкында жашап, иштеп жүргөндө Азизага жолугат. Бышкан жемиш сабагында турабы. Эки жаштын ою бир жерден чыгат. Тойдон кийин: "Агам шаарда, айылга келээр-келбесин айта элек. Апам жалгыз бой. Карып калды. Таянар тоосу мен. Убактылуу болсо да, апам менен бирге туралы. Ага чейин пасылке бөлдүрүп, тамыбыздын каражатын аз-аздан топтой беребиз" деген келинчегинин сөзүнө Үсөн жок дебейт. Мезгил – канаты талбаган куш го... Ошондон бери төрт жыл өтүптүр. Эки нариste төрөлдү. Үсөн:

– Келгениңиз жакшы болду, апаңызды Пурунзеге алып кетпесеңиз болбойт, – дегенде Абжали таяк менен төбөгө жегендей шалдайды, бирок ал өзүн ачууга жеңдирген жок. Кулагына каттагы апасынын сөзү жаңырды.

– Ии, үйүңөрдөн жылан чыктыбы?.. Же апам менен батышпай калдыңарбы? Ошончолук кыйнап жиберген болсо, ачык айт.

Үсөн тамеки күйгүздү. Сөздү улантсамбы же жокпу деген арсар оюн кебетесинен билген Абжали аны күтпөй кеп жаңыртты.

– Алып кет дегениң... Талаада калган апа жок бу заманда, билип кой. Тойгон экенсиңер энеге. Эки бөлмө тамым бар. Кудая шүгүр, аялым экөөбүз тең айлыкчыбыз. Кеп-кенен жетет. Чекесине черттирбей багып алам, – деп туталанган Абжали келинчеги экөө канча айлык аларын да айтып жибере жаздап, кайра "көп терендеп кетпейинчи" деп өзүн-өзү токтотту. Кантсе да күйөө баласы да. Душманындай көрүп, сөзгө жыккысы келбеди.

– Ырас кыласыз, ала кеткениңиз оң. Бу киши менен жашай алгыдай эмеспиз, – десе болобу кайра күйөө бала. Кызарып-татарып да койбойт. Бир үйдүн орозгери менин мойнумда дегенсип, өзүн салабаттуу кармайт.

– Бирдеме болсо эле уулума кетем деген адат тапты. Же кекетипмокотконун билбейсиң. Адеп эле сиздин атыңызды атап, "уулум андай эле, мындай эле" дейт. Бизге окшогон карамай шопурлар ага уул болуп бере албайт экенбиз... – Үсөн кайнагасына капталын салды. Тамекисинин түтүнүнөбү, көздөрү каканактайт. Анын апасы менен оту күйүшпөй калганын бүгүн сезип, Абжалинин жүрөгү мыкчылды.

"Сабырдын түбү сары алтын" дедиби, катуу сөзгө шашкан жок. "Күйөө баланы пайгамбар сыйлаптыр".

– Үсөн, апам калаага барса, төрдөн түшүрбөй сыйлай алганга кудурет жетет. Жүрөктү өйүгөн жалгыз нерсе болбосо... Бүт өмүрүн айылда өткөргөн кары шаарга көнөр бекен. Кеп ошондо. Тумчугат го. Ал жерге көнүш үчүн кеминде эле үч-төрт жыл жашаш керек.

– Ээ, кызык экенсиз, көнбөй каякка барат. Көнөт эле. Сага бир кеп айтсам таарынбайсыңбы? – Үсөн кызуулуктанбы, кайнагасын илгерки сырдашындай көрүп, "сен" дегенге өттү.

– Таарынчу кеп ортобузда калган жок. Сөзүң болсо, айта бер.

– Кептин ачыгы, энебиз карыганда болбой калды. Жамандагандай болбоюн, айтканын бербейт. Андай кылсаң да, мындай кылсаң да жакпайсың. Жок жерден жаңжал чыгарганга уста. Үйдөн ынтымак кетти. Өзүнүн курсагынан чыккан кызы менен мунасасы келишпегенден кийин...

– Жаман-жакшы айтышса, өзүнүн кызы, жат эмес. Карыганда киши абат болот беле.

– Жок, угуп тур, казан-аякка киришкеничи. Ичине тарууайланса өлөйүн. Бир жолу "казан аспаган күнүңөр болбойт экен го. Бир күн ысык оокатсыз жатсаңар, кысыр каласыңарбы!" десе болобу. Үйдө киши бар эле. Жердин катуулугунан эле калдым. "Сиз даяр ашты ичишиңизди билиңиз, калганын табыш-коюш о биздин милдет" деп катуу таарындым. Айтса-айтпаса, адамдын жаны чыгат...

– Эрээркейт го. Силерге айтпаса, кимге айтат... Жашы кайтканда адам жалгызсырайт дешет, – Абжали үшкүрүп койду. Апасынын мунайымдуу жүзү көз алдына келди. Күйөө баланын токтоор түрү жок. Жөн эле чамгарактайт.

– Ошону билбейт экен да. Карыганда бергенди жеп, төрдөн түшпөй, ошого шүгүрчүлүк келтиреби десең... Мурда түзүк эле. Тынчу эмес. Азыр жамбашы талыганча жатат. Уйкудан көзү ачылбайт. Тиричилик менен грамм иши жок. Өзүбүз тарбалаңдап жасасак, "аны мындай кылсаңар болот эле" деп өзүбүздү кайра айыпка жыгат. Эс үйрөткөнү жаныңдан тойгузуп ийет го... – Жер муштаган күйөө баласынан аза бою дүркүрөгөн Абжали өзүнөн-өзү түйүлгөн муштумдарын артына жашырды.

– Киришсе – эне экен. Жаманбы, жакшыбы бир үйдүн туткасы. Эненин караанына зар болгон адамдарды да көрүп жүрөбүз, Үсөн. Жылдар акылын уурдап, болор-болбоско таарынып, бала кыял болуп калышат турбайбы, жарыктыктар.

– Шаарга кеткениңерге кыйла жыл болду. Апабыз жөнүндө эмнени билесиң, – Үсөндүн боюнан ичкиликтин уусу качып, эс-акылын

токтотқондой. – Эки-үч күнгө көз көрсөткөнү келип, "сиз", "биз" деп каймактап сүйлөп, сый менен кете бересиң. Энебиздин элден башкача экенин бир айча бирге жашасаң билет элең. Элдин энелерине көзүң күйөт. Азиза экөөбүз өзүбүзчө калып, кеп кылабыз. Токуштун энесин кара, кыйраңдап зорго басат.

Көрсөң, жээрин жеп, ичээрин ичип койгон кемпир дейсиң. А сүйлөгөнүчү, илебине нан бышат. Кылган ишин көрсөң, эми келинге бергис жан го. Неберелерине үзүлүп түшүп, кир-когуна чейин чайкап коёт деп Азиза өзү айтып жүрөт. Эшик-айванын күзгүдөй кармап, уул-келини келгенче чайын демдеп, небересин көтөрүп, утурлап чыкканын көрсөң, аны ээги түшкөн кемпир деп айткандан уяласың. Ана, карынын асылзаадалыгы. Биздин эненин ысык эле жаны бар...

"Бармактайынан сагыр өскөн неме эне кадырына жетпейт окшойт. Он ай онтоп көтөрбөсө да, тутунган уулундай энелик мээримине бөлөгөн сазайына уккан сөзү ушул болсо, апам карыбаганда ким карыйт. А тагдырың ташка тийгир... Мейли, ич күптүсүн айта түшсүн, жеңилденип калар. Айыбын жашырган алыс узабайт..." Абжалинин көңүлү бир жерге токтобой, кантсе да күйөө баласын сооротуунун амалын көздөйт.

– Үсөн, эсиң менен болчу. Апабыздын бүжүрөп өмүр сүрүп, билинбей көз жумушун каалайсыңбы. Адам ачтан өлбөйт, ардан өлөт. Мынча эле а кишини көрмөйүл кыласың. Кокустан эле Абжалинин үнү каргылдана түшүп, апасынан өзү уялып кетти. – Же чай кайнатып ичүү колуңардан келбей калдыбы. Талаада жүрүп билбейсиң да мени дагы кекетип коёсуң. Билем, үй орозгерин терметкен ошо апабыз. Эки уй, беш он жандык – мал эмеспи. Аны көздөгөн ким?! Апам. Өзү аксап жүрөт. Пенсияга чыкканча, суу кечип, жер сугарып, совхоздун талаасынан кетпеди. Эңкейсе бел сөөгү какшап, кан басымы көтөрүлүп жүргөнүн жашырып айтпайт. Дагы чыйрак экен, башка болсо... Ана, карынын асылзаадалыгы. Биздин эненин ысык эле жаны бар...

– Башкалар ал күндү көрбөптүрбү? – Үсөн кайнагасына чакчайды. Тамеки кармаган колу калтырайт. Бөлтөк мурду, сол көзүнүн үстүндөгү жөргөмүштөй калы жүзүн куник көрсөтөт.

– А курактуу суу сугаргандар, мал баккандар жок дейсиңби? Айдай эле жүрүшөт. Апаңдын талабын талашпай эле кой. Үч кем жетимишке келди. Жашарын куп эле жашады. Тойбойт экен, дагы эле аягыбызга чалынып, ишибизге киришкени киришкен.

"Апамдын көңүлү калган экен. Болор иш болуптур. Көп жаакташкан менен майнап чыкпайт. Жаманбы-жакшыбы, Азиза экөөнүн ооката түзүк болсо болду. Апамды түрткүндү кылбай ала кетейин. Азиза да каршы чыкпас". Абжали унчукпай ойго тунжурайт.

Ошол кезде кире бериш бөлмөдө, какшаган тизесин бекем кучактаган эне Абжали менен күйөө баласынын сөзүн тыңшап олтурган. Үсөн сүйлөсө, денесин тикен сайгандай калчылдайт. Айласы куруп, мукураганда кемзелинин топчуларын кармалап, тишин-тишке басат. Көздөрү терезенин ары жагындагы коюу түнгө тепчилет. Кез-кез өзүнө ээ боло албай, үн чыгарбай эмшиңдейт. Төркү үйдөгү сөз түгөнгөндө ичкери кирди. Абжали ордунан тура калды.

– Өйдө өтүңүз, алигиче жата элексизби?

Эне төргө өтпөй, жер таянган Үсөндүн жанына токтоду. Кийиз четине тамекисинин күлүн черткен ал кайненесине баш көтөрбөй мелтирейт.

– Ичиңде жүргөндү түгөл айттыңбы. Калбасын, кактап айт. Сени мынчалык деп ойлогон эмесмин, Үсөн. Сага сүйлөгөн, сени куттуу үйүмө киргизген – мен акмак. Жанымдан тойгуздуң сен!.. – Бүажар апа дарманы жок денесин артындагы жүккө сүйөп, ылдый жылмышты. Абжали жетип кармап калбаса, башы идиш-аяк турган текчеге тиймек.

– Сак кулагың уккан экен, кургур. Жамандаган жокмун, мына уулуң турат, өзү айтсын.

Абжали күйөө баласын какты.

– Көп дөөпөрөстөнбө! Уятың жок экен. Мени сыйлабасаң, карыган апамды сыйлабайсыңбы. Ызаатты билбеген... Азыр жакаңдан бурдап, үйдөн сүйрөп чыгам. Адиңден[1] куп ашкан экенсиң. Көзүмчө ушунча кептерди айтасың, көзүм жокто...

Бүажар апа уулуна эрээркедиби, жүк түбүндө өпкө-өпкөсүнө батпай солкулдайт. – Ушу сөздөрдү укпай өлсөм кана, ушундан көрө дүлөй болуп калсамчы. Кыздан көрө уул айтсаң, эч кимге мынчалык түрткүндү болбос элем, жараткан...

– Ушу да, грамм сөз айттыра койбойт. Үндөбөйм. Тилиме тибиртке чыксын, үндөбөйм. Үндөбөсөң, үйдөй балаадан кутуласың.

Эне кыргыйдай боюн түзөп, көкүрөгүндөгү көп сөздүн ирээтин таап алгандай айбаттуу үн катты.

– Жыгачтын жумшагын курт жейт. Үн дебей жүрүп, ушерге келдим. Насип экен, төрт жыл бирге жашадык. Мышыгыңды "пыш" дей элекпиз. Кудайдын куттуу күнү ичип келесиң, алдап-соолап жаткырабыз. Уктагыча оолугуп, мээбизди чагып, колубузга бересиң. Сырыбызды алып бүттүң. Акырында кулагыбызды жапырып, чыга качып кутулчу болдук.

Бир күнү жатарда келди. Көңгө оонаганбы, үстү-башы боз ала. Бүтүндө тура албайт. Сүйлөгөнүн карасаң, мындай дейт. Бечара Азиза

[1] *Адиңден – чегиңден.*

эмне десе, үндөбөй кулак салып турат. "Кудай мага кайненеден айтпаптыр. Бир ууртам арак ичсем, ошону да көрө албайт. Төбөмдү тебелеп, түнү менен каргап чыгат. Акыркы күндөрү түшүмө кирчү болду, азыткы. "Сениби шашпа!" деп кезенет. Колумда кармап турган бир шише арагымды да алып коёт имиш, ырыскымды ыраа көрбөй тартып алат экен. Апаңдын ач көздүгүн карачы, жараткан мага кайненеден айтпаптыр" деп улуп-уңшуса, төбө чачың тик турат. Ошондон кийин ичсе да ишим жок. Көзүнө көрүнгүм келбейт.

Азыркы сага айткан кийиз китебинен чыгаргандарын эшитип, чыдай албадым. Сөз аңдыган деп, апаңды жаман көрбө, балам. Жаңы эле жаздыкка баш койгонумда Азиза келиптир: "Баягы дагы кызуу. Кой десем ынабай акемдин үстүнө кирди. Дагы бир чатак баштаганы турат. Ошондой барып турунузчу" дегенинен, кире бериште отургамын. Сени атайын чакыртканым ушу, уулум. Күйөө балабыздын акыбетин көрдүң. Кеч боло электе ойлонсун. Чырактай аялы, эгиз козудай балдары турат. Эгер ичкенин койбосо, ит айтпаган сөзүн айта берсе, бир күнү бар деп башым ооган жакка кете берем. Бирөөнүн малын же баласын баксам да оокатым өтөр...

– Коркута бербеңиз, кетиш-коюш өзүңүздүн ишиңиз. Көп болду айылчылай элексиз, тага-жээндериңиздикин бир сыйра кыдырып келсеңиз, бугуңуз кыйла чыга түшөт эле.

– Үнүң өч, үнүң өчкүр ылайым, арак ичпей, балаа ичпейсиңби. Кебин кара, уу эле, соо адам таба албайт бу сөздөрдү. Арак акылыңды алып бүттү, ошо ачуу суу акыры-түбү эмне кылар экен... – Эне мукактанды. Титиреген денеси кичинекей башын да чайпап жатты.

– Апа, жүрүңүз, бу кеп жебеген немеге теңелбейли, таң атсын сүйлөшөбүз, – деп Абжали сабырдуулук менен апасын чыканагынан жөлөп, сырткы бөлмөгө алып чыгып кетти. Жаакташкан неме жакалашкандан кайра тартпасын билип калган.

– Сазданыңыз, апа, шаарга кетебиз. Жашап эле жүрүшөт, көнүп кетесиз. Ушунча түрткүндү болгонуңуз да жетишет... – Абжалинин ызадан сызылган көз жашы карегинен ашып, көз ирмем менен ылдый кулады.

Үсөн ордунан турары менен кире бериште илинген костюмуна жетип, чөнтөгүнө кол салды. Чала уйку көздөрү чанагына кирип, чачтары уйпаланып, ырай-бешенесин көргөн адам корко турган. Кечээгиден калган пулга Азизанын колу жетпептир. Уучундагы сары чакаларды санап жатканда эриндери кыбырап, жамажайынан шилекейи чууруп кетти. Текчеде көмкөрүлгөн пиаланын алдынан калтыраган колу менен бир нерсе алып, шымынын чөнтөгүнө жымырды. Башын тең жарып, зыңылдаткан оорудан эптеп кутулуунун амалын таппайт.

Бети-колун чайкабай, түндөгү калган тамактан ач күсөндөнө сугунуп, артынан тик туруп муздак чай жутту. Ошол маалда эшиктен уулун аркасына көтөрүп Азиза кирди.

– Ии, түндөгү кылыгынды кыл жип менен бууп, куйругуңду түйөйүн деген экенсиң да. Алыстан агам келсе, ага ит айтпаган сөздү айтып, апамды болсо өз үйүнөн кетиргиң бар.

Үсөндүн абалына мышык ыйлайт. Үлдүрөп, момун. Оозуна кеп илинсечи.

– Азиза, кечээ ашыкча ичип, айбан болупмун. Анча-мынча тилим тийсе кечирип коюшсун. Эч нерсе билбейм...

– Акеме атырылып, "ырас келдиң, апаңды ошо турган жагына алып кет" дегениң эсиңдеби?!

– Ошенттимби, кантип оозум барат ага... Өлөйүн, грамм эсимде жок.

– Карганба, Үсөн! Кичинелигиң калган жок. Эки баланын атасы болдуң...

– Ичсем көтөрө албайм, кимге эмне айтканымды билбейм.

– Ич деп бирөө зордуктап, оозуңа куйдубу?

– Шерменде болупмун, кантип жүздөрүн тиктейм, ишке кеттим. – Үсөн костюмунун жеңин кийип-кийбей үйдөн качып чыкты.

Абжалинин алып кетем дегенине апасы ынабады.

– Болуп жүргөн жаңжал, бир эле жолу эмес. Сен бир чекесин көрдүң. Күйөө балабыз ичкиликке жакын чыкты. Кеткин деп калыптыр, өзүң уктуң го. Кетем эле, уяты болсо түшүнөр. Макиш тагамкында бир-эки ай жүрүп келем. Эчкинин жашындай жашым калды, тынчыраак жашап өлөйүн... Келгениң жакшы болду, балам, көрдүң, уктуң... – дегенде дасторкон четинде баласын эмизип, ойго термелген карындашы чыдабады.

– Сиз менен кошо кетем. Чыдап, чыдап жүрүп, ушу күнгө келдим. Даярга тап неме, өзү оокатын кылып көрсүн. Эшик-төрү барабар болуп калганда, садагама окшоп, кадырыбызды ошондо билээр... – деп ыйлап жиберди.

Абжали ошо күнү эле апасы менен карындашын Төлөйкөндө жашаган тагасыныкына жеткирип, өзү андан ары Фрунзеге учуп кетти.

* * *

Бир ай өттү.

Ал Үсөн үчүн бир жылга татыды.

Ар бир күндү жалгыздык, кусалык, сагыныч менен алышып өткөрдү. Аны мынчалык өзгөрөт деп ким ойлоптур. Ичимдикти көрө-

йүн деген көзү жок. Арак андан мээрими тунук кайненесин, мончоктой өмүрлүк жарын кетирип, куттуу үйүнө кара кулпу илди.

Ошо үйүнө кара кулпу илинген күнү да (чатактын эртеси) кызымтал эле. "Өзүңүздү эле ойлобой, балдарыңызды да эстей жүрсөңүз, Үсөн аке" деп дүкөнчү кыз атайын эле тийишип, арактан ашкан кайтарымга оюнчук маймылды узаткан. Үйүнө жетээр-жеткиче көйнөкшым кийген ыраңы суук маймылга күлүп келди. Келсе, үйү жабык. Кара кулпу эшикке жармашкан чаяндай көзүнө бир суук учурады. "Кайнагам болуп, туугандарыныкына учурашканы чыгышкандыр", – деп кам жеген эмес. Түнү бою көз ирмебей чыкты.

Эртеси күнү кечкурун гана "калаага кетишкени чын экен" деп ишенип калды, ыза ичин куйкалады.

Арактын айынан үйдөгүлөр менен араздаштым деп бирөөгө айтат беле. "Шаарга тамаша кылабыз деп кетишкен, эртең-бүрсүгүндөн келип калышаар..." – дейт бирөө-жарым сурап калса. Ага өзү да ишенип жүрдү. "Эртең келип калышсачы" деген үмүт күн сайын үй ичин тукумдай шыпыртып-сыйрытат. Күн сайын өзүн жолугушууга даярдап жүрдү. Жатарда балдарынын кийим-кечесинен жаздыгына кошо жаздайт. Бала жыты көзүнө жаш тебет. Кызымтал болуп келчүдө келинчегинин колунда талпынган кенжесин колуна бир алып койбогонун эстесе, "чала болот, бу дагы аздык кылат" деп өзүн-өзү табалайт.

* * *

Күндөр өтөт...

Эртең Сыртка жөнөшөт. Жатып-туруп чөп чабышат. Бир аптагабы, бир айгабы, белгисиз. Канар капка пахталуу тону менен төшөгүн салып, оозун бууп койду да, кечке эле карбаластап басар жагын билбей жүрдү. "Кокус келип калышса, мени жоктошсо... Коңшу-колоң бар, болгонду төкпөй-чачпай айтып беришээр..."

Эртеси "кокус келип калышса, таппай калып жүрүшпөсүн" деп, ачкычты кулпуга сайган боюнча калтырып кетти...





ҮРКӨР

(Аңгеме)

Кош терезеси тоону караган кенен үйдүн таңкы тынчтыгын темир мештеги дуулдап күйгөн от бузат. Жети жашар бала мурду куюлуп түшкөн, митчедей кемпирдин колтугунда мештин кызарган бооруна бызылдатып күкүрт чагат. Сары жалын сөөмөй учун күйгүзүп баратканда талын таштап жиберет. Ага эски постектин бысырап күйгөнү кызык. Чылпылдатып өрүк как шимиген кемпир баланы далыга домдомуш болот.

– Өрт чыгарат экен. "Оюндан от чыгат" болуп. Акылы толот деген сайын артына кеткени имнеси, ботом...

Бала тилалчаак. Күкүрттү шылдыратып мештин түбүнө таштап койду. От "быдылдап" сүйлөдү. Чала кургаган тыттын тарашасы да.

– Эн-оо!

– Оов, айта бер.

– От имне деп атат?

Кемпир козголду. Ойдо жок кепке бүлкүлдөп күлүп атып, оозундагы өрүктүн кагын жутуп ийди.

– Дөөрүбөчү, от дагы сүйлөйт беле. – Кемпирдин үнүн укканда от тынчыды. Көп өткөн жок. Тыт жыгачы чок атып, баягы "сөзүн" кайталады.

– Бир нерсе деп атат, тыңшасаңыз?!

Балага кошулуп кулак түргөн кемпир эми үндөбөй отурду.

Бала мештин алдынан жөргөмүш көрдү. Чыйрактыгын карасаң, тарбаландап баланын салаасынан түшө качкысы келет. Эрмек таппай отурган неме коё береби. Бутунан чымчып, тарбаландатып өйдө көтөрдү.

– Сен кимсиң? Имнеге үндөбөйсүң?

– Ким менен сүйлөшүп атасың, Жунус? – Кемпирдин кулагы сак, көзү азиз. Күн чыкса нуру бетиме тиет деп ойлойбу, бирдей терезени беттеп отурат.

– Жөргөмүш эле... Кимсиң деп атам, атың ким?! Ии, мени менен сүйлөшкүң келбейби?

– Дөөрүбөчү апенди, курт-кумурска менен да адам сүйлөшчү беле, убал, ары коё бер. Булар Кудайдын бир куураган макулуктары. Күнүн көрсүн.

– Атын айтсын, болбосо...

– Аты жөргөмүш, ии...

– Эне, сүйлөшкүм келип атат, зериктим...

Кемпирдин жүрөгү "зырп" деди. "Бала да... Жалгыздыкты көтөрө алабы. Ага-буга алаксыса же эрмек боло албайм. Карыбасаң карыбай өл, жалгыз баланы үйгө камап... Көздү айтсаң бир жактан, соолубасаң соолубай кал..."

Жөргөмүш жанталашып жатып кутула албасына көзү жеткенде алаканда чалкасынан түшүп, кытмыр күлгөн баланы, көр кемпирди, алардын артындагы эртели-кеч өзү кыбырап жүрчү текчелерди, идиш-аякты, шыпка чейин тирелген жүктү тиктеп тынч жата берди.

– Коё берейинби? – Баланын ак көңүлү кармады. Мукурап, үмүтсүз жаткан жөргөмүштү тааарга койду.

– Ошент балам, убал. А дагы сага окшогон бирөөнүн бейкүнөө баласыдыр же темселеген эне чыгар мага окшогон. Бизге залалы тийип атыппы? – Эне баланын бешенесинен сылады.

Жөргөмүш шок колдон кутулганына ишенбей, баланын кылыгын таразалап жаткан өңдүү жылбай жата берди.

– Жөргөмүштүн баласы да болобу эне?

– Апендинин сүйлөгөнүн, - кемпир бүлкүлдөп күлдү, - анан асмандан түшүппү, булар дагы биринен бири көбөйөт...

"Анда болду болбоду бу жөргөмүштүн баласы" деп ойлоду да, өз оюна өзү сүйүнүп кетти.

– Анда сени коё бердим, жөргөмүштүн баласы, төрт тарабың кыбыла, тайраңдап ойноп жүрө бер...

– Ошент уулум, шилекей алышып, акыреттик дос болуп ал. Биз кичинекейибизде ошентчи элек...

– Кел эмесе, акыреттик дос бололу. – Бала шилекейлүү сөөмөйүн бараар жагын билбей жаткан жөргөмүшкө тийгизди. Ошону күтүп тургансып, ал башы оогон жакка жөнөдү.

– Эми жөргөмүш жакшылыгыңды унутпайт, уулум. Мынан быякка таанып калды сени. Көргөн жерде, "бул бала менин акыреттик досум" деп эстеп жүрөт.

– А мен муну тааныбайм да... – Төрт аягы тыбырап, поспектин жүнүн аралап, уруп-салып бараткан "досун" мындан кийин көргөн күндө да тааный албасын ойлоп, чындап эле баланын ичи ачышты.

Бала багып алуу Сырга эненин оюна да келген эмес. Карыган маалында бешенесине жазса каякка барат. Кушубак жээни бир күнү эле маңдай тиши түшкөн, бакырайган коён көз баланы атына учкаштырып кирип келди.

– Эже, бу баягы кара курт чагып өлгөн Гүлбаардык тагамдын жалгыз туягы. Үйүнө токтобогон дейди тааженеге туш болгон экенбиз, балага убал болуптур. Ар кимдин колун карап, оокат тапса-таап, таппаса тишинин кирин соруп, ушу ахвалга келиптир. Апасынын каякта жүргөнүн киши билбейт. Ушундай дагы адам болот экен. Балдар үйүнө жеткирсемби деп ойлоп, кайра айныдым. Жаныңызда жүрсө эрмек, караан болобу деп сиз менен масилеттешкени келдим, - дейт аттан түшө элек жатып.

Сырга эненин оозунан кеби түшүп, жүрөк түпкүрүндөгү эски жарааты сыздап чыкты. Сабоодой жетилген үч уулун согушка узатып, үч жылдын аралыгында үчөөнөн тең кара кагаз алып, үстөмөнүнөн жыгылганда жаш эле туруп, кундуздай чачы агала болгону жалганбы... Күйөөсү Айтмарек кенде иштеген оорукчал неме эле, тагдырдын мындай жүгүн көтөрө албады. Андан бери канча жыл, канча мезгил тогошту. Сырга эне бирөөгө башын байлаган жок. Жалгыз үйдө жалгыз жашап карыды. Жалгыз деп айткан деле туура болбос, туугануругу бар, эл бар экен, жалгыз беле...

Кушубактын далдаасынан башын кылтайткан бала шакмар шырагын кыбыратып, мурдун шор-шор тартат. Жетимдиктин каткан чери муңайым көздөрүнөн билинет. Ичи элжиреген эне кош колун сунду.

– Келегой...

Жатыркаган жетим боюн бербей колдон суурулуп качарында Кушубак чыбык кезеген. Корс неменин попузасы аны сестейтти.

– Гүлбаардагы көргөн күнүң эсиңден чыгып кеттиби? Ызаатың менен эжемдин үйүндө жүргүн. Сага эле жакшы болсун деп атабыз. Качканды сага ким коюптур!

– Кантесиң, Кушубак! Бирөөнүн баласы... Катуу сөзүңдү көтөрөт беле, өзү зорго жүрсө...

– Ээ, айтпаса, анан адамдын жанын чыгарат.

– Ырай-оройлуу жакшына бала турбайбы, атың ким? Курут жейсиңби? – Эне кемселинин чөнтөгүнөн курут, өрүк алып чыкты...

* * *

Жүрөгүнүн сары суусун алган, таш боор апасына болгон тоң, эненин жылуу мамилесинен жибип, баланын көңүлү көтөрүлдү. "Сырга кемпирдин уулу ушул турбайбы" дешип аксакалдар Жунусту көргөн жерден дубасын берет. Кайриет, баланы жоктоп баскан жан болбоду.

Жунус келгенден быякка, эмне экенин ким билсин, согушта набыт болгон балдары эненин түшүнө көп кирет. Түн бир оокумунда чоочуп ойгонот да, томурайып ачынган уулун жаап, көргөн түшүн көңүлдөн сыдырып, муун бошотмой адат тапты. Андайда какшыган кош кареги жаш чыгара албай бир сыздап, жаны көзүнө көрүнөт. Көрсө, кырсык каш кабактын ортосунда экен. Ошо коогалуу түн эки мусапырдын эсинен чыгабы...

Эрте жатышкан. Баланын уйкусу качып, Сырга эне көңүлүнө жакын баягы Акбермет сулуу жөнүндөгү баянын божурап кирген. "Алма жесе алкымынан көрүнгөн Акбермет сулуу ошол түнү жылдыз санатып, бакшыларга төлгө салдырат..." Жунустун кыялы жылдыздуу асманды аралай учат. "Ошо жылдыздар ушу биздин асмандын жылдыздарына окшош бекен..." Энесинин тарашадай колу жуурканын кымтылайт. "Уктадыңбы?" "Угап атам". Баян уланат. Коңур үн, тааныш обон... Караңгыда Акбермет сулуу өзү сүйлөп жаткансыйт. "Эне, азыр да ошо Акбермет сулуудай кыздар барбы?" "Уштаптабы?!" "Ии". "Бар эмей, пенде баласынан чырайлуулар чыга берет. Чоңойсоң ошондой чырайлуу десе чырайлуу, акылдуу десе акылдуу кыздын бирине куда түшөм, Кудай эсен койсо сенден небере көрөм..." "А сиз Акбермет сулуунун өзүн көрдүңүз беле?" "Аны көрүш кайда... Болду, түн оолп кетти, укта, тебинбе, ачынасың". Эки мышык дүрбөшүп, чыркырашып куду терезенин түбүнөн куушуп өттү. Эне келме келтирип четке "тү", "тү" демиш болду да, башындагы эки кат оромолдун бирин чечип, экинчисин чекесине бекем бууп, "кутман таңга жеткизе көр" деп жуурканды үстүнө серпкен. Ошондо көзүнө кара чаар жылан чабылгандай болду. Кареги тикен сайгандай кыйлага өйүп, анан көзү илинген.

Эртеси кутман күндү көрө албай, тиричиликтин күүсүн гана угуп, төшөгүндө жыла албай олтурду. Жарык дүйнө чылк бүтөлүп, дүлөй

караңгылык. "Түшүмбү?" деди бир ою. Жакшылыкка жоруду. "Түшүм болуп калгай эле" деп сыздап ийди бир ою.

– Жунустай, турчу! Кудай көзүмдү алган бейм! Көрбөйм да, тооба! Сенин көргөн күнүң имне болот эми, Жунусум, ий! Тирлигиң кантип өтөт! Коңшуларды чакырчы!

Чала уйку бала сөөрүдөн жылмышып, энесинин балбылдаган, ирмелбеген көздөрүнө жал-жал тиктеп, түшүнө албай озондогон боюнча үйдөн атып чыкты...

* * *

Кыш да чыкты. Кайриет, Кушубак жээни түшүрткөн көмүр жазга өп-чап жетип берди. Элде болгон жаңылыктын баарын Сырга энеге жеткирип, анын сырт менен катташтыгын үзбөгөн ушу Жунус. "Тообa, эки көзүмдү алып, анан чырактай кылып, ушу баланы бере койгонун" деп эне кечирген тагдырына тоop кылат. Асти эчкинин туягын кемитпеди. Союшка десең андан өткөн мал барбы, зарыкта пул болот. Багып кыйналам дебейсиң, кезүүгө кошуп убагында көздөп ал, болгон түйшүгү ошо. Жазында кош-коштоп көгөнгө улак байлайсың. Азырынча эне-баланын андай эле пулдун көзүн караган муктаждыктары боло элек. Сырга эненин пенсиясы турат. Алат да, туура Жунустун колуна салат. Бала да. Эскертип коёт.

– Дайындуу жерге бекит, унутуп каласың. Издешкидей көз болсо экен менде...

Бир сапарда пенсиясын күүжүм колуна берип атып:

– Гезиттин астына катпа, чычкан шоруң бербесин, – деп койгон.

– Чычкандардын шиши толду, – деп кыжынса болобу Жунус, – капкан таап, кырам.

– Нан салынган сандыкка беките тур. Кыйратаарсың, тим эле. Кекенгениң менен, үйүңдү чычкан басты. Шоркелдей көр экенимди билеби, тооба, куду аяк алдыман куушуп өтөт. Мышык сураштыр деп тилим тешилди. Көп элдин биринен чыгаар эле.

– Биздикинде мышык турабы?

– Ии, жылан чыгыппы, биздикинен. Ал имне дегениң?

– Караш керек. Үйдөн бир жоголду, жапайы болуп кетет имиш.

– Сүйлөбөчү, мен турам, сен турасың. Бир мышыкты бага албай имне... Мектепте жүрсөң мага караан болот.

– Болуптур, табам. Мышыктан көп неме жок.

Эртеси Жунус көчөнүн башындагы Артык шопурдун жону темгил мышыгын көтөрүп жетип келди. “Энең экөөң мышыкты имне кыласың, андан көрө күчүк бакпайсыңарбы. Үйүңөрдү коруп берет” дептир мышыгын берип жатып шопур. “Чычкан алдырам. Укум-тукумун кырып түгөткөндөн кийин, мышыгыңызды кайрып берем” дептир ага Жунус. Сыйкор мышык экен. Ага-буга сүйкөнүп, үй ичине тез үйүр алды. Эне менен баланын катарында жегенден жейт, жатса да төшөктүн аягына кирип жатат. Жегенин актады. Үй ичинен чычкан жорголотпойт. Бирок, кечкурун үйдүн шыбы кытырачу болду...

– Бу деген калар чычкандар[1]. Тукуму үзүлбөдү. Илгери атаңдын барында эле үйдүн шыбы менен бир болуп, ыраңы сууктар бир азайып, бир көбөйүп жатышар эле. Тажаганда колума бакан кармап, “бирден тумшукка жанчып түшсөмбү” деп, үйдүн төбөсүнө алкынсам, ыраматылык атаң бир айкөл киши эле: “Тек койчу, бу макулуктардын да көрөр күнү, ичер суусу болот имиш. Убалына калба. Кулагыбыз көнүп бүтпөдүбү” деп колумдан баканды алып коёр эле. Булар ошондон бери биздин үйдө, - деп кемпир үшкүрүп койду.

Ошол ошол болду. Чычкан аттууну тыптыйпыл жойгон менен, сыйкор мышык үйрөнгөн жеринен кетпей койду. Жунус сөзүнө турду. Мышыкты эки-үч мерте шопурдукуна жеткирип таштады. Кайра эле артынан келип калат. Түн ичинде тырмалап эшикти ачат да, көнгөн адаты менен төшөктүн аягына кирип жатканычы...

Ошол ошол болду, мышык үйдө, саар-кеч кемпирдин жанында. Жонунан сылап отурат да, “макулук болгону менен, баары-жокту түшүнөт, тооба” деп коёт келген-кеткендин көзүнчө.

* * *

Жеңиш күнү жакындап калды. Мектепке шашкан Жунустун алдын тороп, эне күн сайын тактайт. “Канча күн бар дагы майрамга?” Уулу эсебине так, жообунан жаңылбайт. Майрамга бир апта калганда эчкилердин сүтүн коңшу-колоңдорго бердирбей чогултту да, Жунус экөөлөп казанга бышырып, бир жакшына пыштак жасашты. Күн жесин деп чийге жайылган пыштакты чымчыктардан коруп отуруп, Жунус “мынча пыштакты имне кылабыз, эне?” деп кызыккан.

[1] *Калар чычкан – келемиш.*

– Майрам күнү элге алып чыгабыз, – Сырга эненин үнү күндөгүдөн башкача шаңкып чыкты. Жунус бул үйдөн биринчи жолу Жеңиш майрамын тосуп аткан.

Жеңиш күн. Совхоздун борбордук чарбагында элдин көптүгүнөн баш адашат. Баарынын үстү-башы жаңы, жүздөрү күлүп жайнайт. Жайма базар, түркүн шире жаш балдарды азгырып, стадион жактан ар кыл оюнга тамаша кылган элдин уу-дуусу басылбайт.

Сырга эне куралын көкүрөгүнө кыскан эки жоокердин эстелиги бакта тилим-тилим кесилген пыштактар. Жаңы костюм-шым кийген Жунусу жанында. Көтөргөн калтасы бар. Анысында толтура пыштак. Эстеликке гүл койгон көпчүлүк эне менен баланын жанынан өтүшөт.

– Арба Сырга, о майрамың кут болсун! – Көкүрөгүнө орден-медаль илген ветеран карылар жолду кесип, кемпирдин колун кармап учурашат.

– Бар болгула, өзүңөрдүкүн кут кылсын! Пыштактан алгыла, балдарыма атаган оокаттан ооз тийгиле! – Жайпа мискейдеги пыштактын чети оюлбайт. Жунус куралтуу кызды жетелеген ак сакалы бапыйган чал салмак менен басып келип, зээни кейигендей баш чайкады.

– Сырга, о демдүүсүңбү?! Бу мен, Орозмун, тегирменчи Орозчу, тааныдыңбы? Көздөн болсо ажырапсың, шордуу. Карыганда адам абат боло беле... Пыштагыңды көтөрүп дагы келипсиң да...

– Тааныбай анан, эсенсизби? Балдарды сиздин тегирмен менен бакпадыкпы... Келем да, Ороз ака, бу күнү үйдө отура алambы. Балдарымдын майрамы, көнүп бүтүпмүн, куру кол келгим жок. Пыштак жеңиз.

Тегирменчи чал кызына бир кесим пыштак алып берип, өзү бирди жеди да, кемпирдин майдандан кайтпай калган уулдарына дуба кылды.

– Үч уулуң үч жагыңдан чынардай жетилип, көргөндүн көзү сүйүп турганда апаат уруш колуңдан жулуп кетпедиби. Үчөө алтоо, алтоонон он эки баш, атаганат ий! Арманың тоодой эле, Сырга!..

– Колдон келген арга ушу экен, имне кылабыз. Пыштак десе, жантыгынан кетчү балдарым. Бир казан бышырсам, бир отурганда эле түгөтүшчү. Омсоңдогондорун айтсаңыз. Дагы дешет, дагы каяктан, топтоп бышырган сүтүм ошо болсо. Кененчилик турмушка жаңы жетишкен маал эмес беле.

– Жаныңдагы ким? – дейт тегирменчи о кыйладан кийин.

– Уулум. Жунусту айтасызбы? – деди кемпир.

– Чоң жигит болуптур. Эки аягынан шамал өтүп турса, эртең эле сени алаканына салат. Кайыр эмесе, Сырга.

– Кайыр, Ороз ака, эсенчилик болосо, учурашып турабыз.. – Эне алдындагы табагын оңдой кармап, тегирменчи тарапка баш ийкейт да тегеректи, өтүп жаткан элди чакырат.

– Пыштактан алгыла! Согушта набыт болгон балдарыма арнап, эчкинин сүтүнө бышыргамын, жеп кеткиле! – Табактагы сапсары пыштактын үймөгү саатына жетпейт. Жунус калтадан пыштак алып, табакты кайра толтурат. Эне жан-жагына кылчактайт. “Ширин бышыптыр, жешсе экен. Балдарымды эскерип, дуба кылып коюшса болду” деп жака-белинен өтүп жаткан элди тыңшайт. Үч бирдей уулун алакандай кара кагазга алмаштырып, үч бүктөлгөн күнү ушул өтүп жаткан эл кайгысын тең бөлүшүп, өйдө болсо өбөк, ылдый болсо жөлөк болгон. Уулдарын эл билет. Эстелик тургузду.

– Пыштагыңыз канчадан, эне?! – Нооча жигитти жандаган кыздын сапсары быштактан көзү өтүп кетти. Жигит кайдыгер. Эми көргөнсүп, Жунуска эле аңкаят. Булар жанарааkта шаар тараптан келген автобустан түшкөнүн Жунус көргөн.

– Имне дединг, кызым? – Сырга эне укса да укмаксан болуп, алдыдагы адам бул жердикпи же бөтөн жердикпи билип коймокко сураган.

– Пыштагыңызды сурап атам! Эки кесимге канча төлөйбүз, – деди доошун бийиктеткен кыз жигиттин чөнтөгүнө кол салып, майда тыйынды өзү уучтап чыкты. Ара-чолодо “энендин кулагы катуубу?” деп Жунустан сурап да койду. Экөөнү алмак-салмак караган бала таарынбады.

– Пыштак бекер, каалашынарча ала бергиле, – деди кайра кичипейил.

– Жыргал го, – деп кыз күлүп жиберди. Узун жигит да жылмайды.


– Биз көп албайбыз, эки кесим эле...

– Экини эмес, үчтү алгыла, ала бергиле. Жунус, өз колуң менен алып берчи, меймандар окшойт, тартынып атышат. Жанжигит, Жаналы, Кубаталы деген үч уулумду эстеп койгула, ананайындар! Силердин агаңар эле. Урушта набыт болушту. Эстеп койгула... – Сырга эне да пыштак уучтап кыз менен жигит тарапка сунду.

– Жегиле, жегенинерден калганы, бар дагы...

Кыз менен жигит түшүндү. Баягы күлкү жок. Жүздөрү бозоро түштү. “Кечирип коюңуз, биз түшүнбөй эле” деди кыз. “Ырахмат, эне!” деди жигит аста, уялыңкы. Ал Жунусту далыга таптады. Көздөрү учкундап чыгыптыр. Алар калың элге сиңип кеткенче жолдун боюндагы кайрымдуу эне менен каргадай балага кылчактай беришти.





БОТОГӨЗ

Аңгеме

Таизгүлдүн кесели өтүшүп кетти. Алмадай жүзүн көк жөтөл мүлжүп, чыractай көздөрү эле калган. Арыктаганын айтпа... Мурда түзүк эле. Кыбыраса да дары жыттанган бөлмөсүнөн качып, саар-кеч ооруканандын короосунда көпчүлүккө кошулуп басып жүрчү.

Өткөн апта жыгылды. Бирге жаткан келин экөө короодо басып жүрүп, кызык кепке күлөм десе, ыкшып дарты козголот. Дарты курусун! Күлдүрө да койбойт. Оозун чоң ачкан менен, өпкөсүнө аба жетпей, көк жөтөл тамагын кысат. Бул жолу да убагында ийне сайып, ажалдан арачалап калышты.

Басууга тыюу салышты. Керебетте козголбой эки күн жатты. Үчүнчү күнү тура албайт! Буттары сенек. Эси чыкты. Муздап калган буттарын мыжыккан бойдон кыйкырды. Ызаа-муңун да түзүк билдире албады. Жөтөл дароо алкымдады. Жаны көзүнө көрүнсө да, сенек буттары көз алдынан кетпейт. Ийне сайып, кислород жуткурушту. Көөдөнүн мыжыгып, кабыргасын сайгылаштырган жөтөл чегингенде керебеттин аягында олтурган күйөөсүн көрдү.

Исраил жүдөңкү. Боосу үзүлгөн тумагынын бир учу ылдый салаңдайт. "Кеселге чалдыкканымдан быякка жетим көпөлөктөй тегеренип, жанымдан чыкпайт. Мен деп жүрүп, ак мокоду. Дагы билгизбейт. Минтип үч жылдан бери башым ооруканадан чыкпаса..." Паизгүлдүн көздөрүнөн жашы кылгырат.

Баш кошуп, түтүн булаткандарына төрт жылга оогондо Паизгүлдүн илдети күчөп кетти. Көкүрөгүн эзген жөтөлдү жаштыгына салып, тоотчу эмес. Бала кезде торун жайган дарт акыры-аягы жыгып тындады.

– Табың кандай? – деди Исраил. Жубайынын эки уурту бүлкүлдөп, күлгөнү-күлгөнгө окшоболу... Көздөрү сүйлөйт. Көздөрү көп нерсени айтат...

– Кордо аш ичесиңби, кичине?.. Көөнүң ачылат. – Исраил ыйлап басылган баладай энтигип коёт.

– Убара болбо, – Паизгүл кыңкыстайт. Арык колдору мискейге жабышат. Кордо аштын табын сезет. Тамагынан аш өтпөсө. Айла жоктун иши да. Күйөөсү күрөктөй алаканы менен саамайынан сылап, көздөрүнө муңайымдуу тигилет.

– Өзүңдү бөөдө кыйнаба, Паизгүл?!

– Кесел деген кайтчы эле, бу дарттын дабасы жок окшойт. Эки буттан тең айрылган бейм. Кыймылдабайт.

– Антип айтпа, жөн эле бадан-боюңдун кубаты жок. Оокат ичпесең каяктан дарман... – Исраил келинчегинин одеялын кымтылады. – Канча күндөн быякка оозуңа түзүк наар ала элексиң. Бир жактан жөтөл да шылып салды...

– Мындан быягына дары ичсем-ичпесем да баары бир окшойт... Паизгүл шыптан көз албай, созултуп үшкүрдү.

– Доктур берсе, жөн бербейт. Дарынын бирине да жок дебе...

– Ийнесин алам. Жанымды алып калып аткан ошо. Дары ичкенге жараша курсагымда бир нерсе болсо экен.

– Өзүңдү зордоп болсо да, оокат ич! Кордо аш кычкыл, ичтейиң ачылат. – Исраил болбой эле чай пиалага кордо аш куюп атканда бөлмөгө врач кирди. Ал шыңга бойлуу, дөң маңдай жигит. Көзүнүн алдындагы тырнактай калы мурда көрбөгөн адамга кыйла өөн учурайт. Үтүктөлгөн ак топусу ыраңына куп жарашат. Мойнуна арта салынган тыңшагычынын бир учу "Осмонов" деп кызыл жип менен шырылган халатынын төш чөнтөгүн тирейт.

– Саарлап эле ушердесизби? – деди врач Исраил менен кол алышып, калгандар менен баш ийкешип учурашты.

– Буерде болбосо, каякта болом, үка. Бассам-турсам ушу илдеттен аман-эсен кутулсак экен дейбиз. Айранмын, дары менен ийнеден бөлөк дабасы табылбайт бекен?

– Азырынча ушу дарыларды алганы жетет! Кана, четкерээк жылыңызчы, – деп врач Паизгүлдүн керебетине жакын стул жылдырды. Сөөмөйү менен Паизгүлдүн көкүрөгүн ургулап, аппарат менен тыңшады.

– Түн ичинде пристубу кармадыбы? – деп керебетинде олтурган келинден кылчайып сурады.

– Кармабаганы менен түнү бою бир көз ирмебейт, бечара. – Келин Паизгүлдүн айыбын ачып жаткансып шыбырайт. Анан көз кыйыгы менен Исраилди карап, жамажайын сүрүп койду.

Исраил "приступ" деген сөздү биринчи угушу. Делдейе калды. "Какаганга муштаган" болуп, келинчегиме жаңы дарт жабышкан экен" деп, ичи туз куйгандай ачышты. Врач берки оорулууларды көргөндөн кийин Исраилге "аркаман жүрүңүзчү" деп коюп, сыртка чыкты.

Короодо күн тийип турган. Пахтадай эки үзүм булут көк асманга желимдеп койгондой ордунан жылбайт. Оорулуулар бирден-экиден басып жүрүшөт, айрымдары көргөнү келгендер менен сурашып турат. "Жакшымын" дейт бири. "Бүгүн ахвалым түзүк", "Оокатты ылгабай ичип калдым" дешет кээси. Исраил аларга суктанат. "Дарылардын жагып атканы ошо да" деп ар бирине басып барып, айткысы келет. Халатын желбегей жамынган, башын сүлгү менен бууп алган чоюн мүчө адам бала-чакасынын ортосунда карсылдап күлөт. "Чыгаргыла, – дедим, – жаз келди. Суу келчү арыгым чабылбай турат. Элден кийин калдым. Өзүм буерде ак кол болуп бүттүм, чыгаргыла" десем, догдур бала күлөт: "Ошо талаада керилип кетмен чабыш үчүн бу жерден таза сакайып чыгышыңыз керек" дейт. Туура айтат.

Чекеге чыкканда врач тамеки күйгүздү. Ойлуу. Маанилүү кеп айтчудай бут учун тиктейт. Исраил анын көздөрүнө тике карагысы, эмне айтаарын эртерээк билгиси келди. Бирок, үстөмө-босток соргон тамекинин түтүнү утуру жүзүн каптап, тоскоол болуп жатты.

– Аялыңыздын өзөгүнө кыйла күндөн бери аш түшпөйт. Оокат жедирген кесел тез айыгат. Кесел өтүшүп кеткен, организми начар. Дарынын таасири аз болуп жатканы да ошондон. Уюңуз барбы, ак ичсе, каруусуна кирет эле.

Беш-он тоогун эсептебегенде анда мал айлансынбы. Бирок, Исраил сыр бербеди.

– Табылат, үка, жок болсо, урук-тууган бар.. Ошо эле даба болуп кетсе экен...

Исраил кокустан эле эртеси жеңил машина менен келип, Паизгүлдү ооруканадан чыгарып кетти. Врачтардын суроосуна: "Келинчегим үйдөн алыстаганга кусаланып жүрөт. Бир аз күн үйдө болсун" деген-ден башка кеп чыгарбады.

* * *

Эки-үчтөн кирип, Паизгүлгө учурашкандардын аягы тыйылбады. Төлөйкөндө жашаган Насир тагасы да аялын ээрчитип, Паизгүлдүн алын сурап кетти. Кетээринде Исраилди четке чакырды.

– Кырсык каш-кабактын ортосунда, жээн. Жамандыкты да эстен чыгарбаган түзүк. Кокус, эртең келин бала жүрүп берсе, колуңда бир нерсең барбы? Ушуга чейин тапкан-ташыганыңды курсагыңа жумшап, жада калса эшигиңе чычкак улак байлабапсың. Бул болбойт. Дос бар, душман бар. Дагы эле дүмбүл окшойсуң, жээн... – деген сөзү Исраилге катуу тийген. Ушунча болуп, тагасынын ою башына бир келбептир. Басса-турса Паизгүлүм эртең болбосо, бүрсүгүнү түзөлүп, тиричиликке аралашат деген илгери үмүттөн бөлөк эмнени ойлонмок.

– Кадырыңыз жан болсун, тага! – деп ылдый карап тиштенген Исраил, – баш аман болсо, чычкак улактан өйдөсү да табылат. Эл бар...

– Ээ, бу сен "бээ десе төө деген" кызык немесиң го. Азыр жылкыңа карап ышкырмай, тууганым. Өзүңдүн пешенеңе жазбагандан кийин бирөөнүн колун караткылык кылбасын... Эл деп коёт... – деп мурдун чүйрүгөн тагасына жини келген Исраил токтоно албай бетке айткан.

– Куру акылыңызды бөлөк бирөөгө айтыңыз. Менин укчу алым жок. Башка сөзүңүз жок болсо, жакшы барыңыз, – деп үйгө кирип кеткен.

Жубайын көк жөтөл коё бербеди. Эрип-эпчип жөткүрсө, ысык сүт куюлган пиаланы кармап, Исраил маңдайында. Калтыраган колу менен пиала талашкан Паизгүлдүн көздөрүнөн жашоого канбаган кумарды байкаганда, каңырыгы түтөйт. Бирок, билгизбейт. Жубайын ооруканадан чыгаргандан быякка, эси-көөнү үй жакта.

Бирге иштеген жумушчулары келиптир өткөндө. "Жогору чыккыла" дегенге болбой өтүкчөнү-өтүкчөн эле мешти тегеректей чөк түшүштү. Нандан ооз тийип, "машина күтүп калды" деп чайга олтурушкан жок. Сыртка чыгышканда Ороз бригад Исраилди далыга домдоп, үнүн жумшак чыгарды.

– Исраил, бизде иштеген жылдарында бир да жолу жеме эшитип, же бейсебеп ишке чыкпай калган учурунду билбейбиз. Өз ара кеңештик да, сага сыйлык жаздырып берели дедик. Аз да болсо жардамдын иши жардам. Кыйыктанба, өгүнү бригадабыз чогуу прорабдын үстүнө кирдик. Болгонун-болгондой айтсак, уюп калган. Ынаганы ошо. Келинчегиндин ыраңы түзүк, сакаят. Белиңди бек бууп, илгери үмүт менен жашагын!

Исраил үндөбөйт. Кээде гана баш ийкеп коёт. Дене-бою жылуу сөзгө балкып, көңүлү өстү. Бири-бирин колдон тартып, машинага ...тышкан жумушчуларды кетээр-кеткиче карап турду.

* * *

Сыйлык кечигип калды...

Үч күн өтпөй Паизгүл каза болду. Жалгыздык курусун. Исраил көнбөй койду. Түн уйкусу качат. Күндүзү ишке алаксыйт. Эл арасында бөксө жери билинбейт. Кечкирген сайын өзүн коёрго жер таппайт. Өз үйүнөн да өзү качабы...

Курулуш цехинен бүгүн элден кийин чыкты. Кыйла узап кеткенде артынан бирөө ышкырат. Кылчайса, Искендер мастер. Адеп тумагын алып булгалайт. Кайтып барса, эки машина кирпич келиптир. "Исраил, Кудай жалгап, кетпей турганыңды кара. Үйүңө күндөгүдөн кеч барарсың, бу кышты түшүрбөсөк болбойт" деп өзү баш болуп шымаланды. Иш дегенде моюн толгоп көрбөгөн Исраил карап турабы. Үйгө эрте барганда эмне, жалгыздык жүрөгүнүн сары суусун алып бүткөн да. Суй жыгылгыча кирпич ыргытты.

Өйдө-төмөн өткөндө жол боюндагы дүкөндү көрөт. Көргөн сайын Паизгүлдү эстейт... Анда ал сегиз жылдык мектепте китепканачы болуп иштечү. Айлыгы ченелүү. Бирок, Исраилдикин кошкондо кемкарчтары билинчү эмес. Дүкөнгө бирде Исраилди жумшап, шайы дасоромолдо түйүлгөн акчаны, ошо түйүнү менен карматчы. Кезекте турганда шайы дасоромолду чөнтөгүнөн алып чыгып, түйүнүн бошотуп, бирок, чеччү эмес. Соода жүргүзгөндөн кийин гана акчаны сатуучуга сунар эле.

Маңдай тер менен тапкан акчанын кадырын жаш болсо да, сатуучу кыз түшүнчү. Кайтарымын түз Исраилдин колуна узатчу. Бир сапар бу айылга башка жактан ооп келип, ылай-пакса иштерин баалап ишкан эки жигит Исраилдин алдында соода кылды. Эч нерсе көрбөгөн немелердей көздөрү чалган нерселерден куру койбойт. Кымбат шире, кымбат коньяктан өйдө оротуп (аны айыл жеринде кемде-кем алышат), эки чарчы толтурушту. Бирөөсү чөнтөгүнөн бир тутам акча турган бакыбат немелер, билем буларды. Кылган иши мандикерлик. Айылма-айыл кезип, көрүнгөндүн дубалын көтөрүп, каалагандай баа бычкан булардын жайын сураган адам табылбайбы?.. Айрансың... Каяктан чыккан немелер?..

– Иш баалашса да асмандын башын айтышат, – деп кепке кошулду Исраилден кийин турган Калтажы кемпир. – Көзү чачыраган жалгыз жүрүшөт да. Маңдай тер менен табылса го, көрөт элем...

Пахта май куйчу желимчени кармаган ыраң-ооройлуу келин ылдый карап, чоң-кичүүдөн ийменсе да, билгенин ичине каткан жок.

– Ошо баалаган ишти түзүк бүтүрүшсөчү. Мынабу Айчүрөк жесир сары майдай сактаган пенсиясын “чаркарымдын дубалын көтөрүп бергиле” деп жаңкы экөөнө карматат. Баш-көз болчу жакыны жок тугун билген немелер дубалды бир эптемей кылып, таштап кетишти. Бир кыш өттү.

– Көчүп түштү!? – Матемин кары өзүнөн-өзү кепке кошулат.

– Кечээги катуу өткүндө чын эле, чаркардын оң ныптасы кулап түштү. “Алыс узабай турган немелер экен. Бер дешкенин үндөбөй бердим эле, бир күнү жеген жеринен тешип чыгар...” деп жесир неме наалат айтып жүрөт.

Исраил сатуучу кыз узаткан сары чакаларды дасоромолдун четиндеги тыйындарга кошуп түйүп, дүкөндөн чыгып кеткен.

Бул жолу дүкөндүн жанынан бирөө салам айтты. Караса Токур. Ошо, көргөндө эле тааныды. Кичинесинде бирдей “Токур шыл”, “Токур тирик” деп эркелетчү Кален абасынын уулу. Жамажайы кагадак болуп, жерден бою чыкпай жүргөндө тынбай өрүк силкип берчү. Көрүшпөгөнгө кыйла өзгөргөн. Бою өскөн. Мурут коюптур. Гүлдүү көйнөгүнө галстук байлап алган. Аны Алмалы кенинде иштейт деп кароолчу атасынан укканына кыйла болгон.

– Исраил ака, жеңебиздин өмүрү кыска экен. Келип уктум. Баарыбыз эле ошо да, сааты келсе кете беребиз. Көп кейибеңиз.

Исраил аны баш ийкеп уккан менен, көңүлүндө башка ой. “Бою өскөнгө доошунун корулдап калганын... Үйлөнгөн эмес экен...” Баягы ак бышар өрүктүн данегин чагып, жипке тизип берсе, алаканын чаап жыргаган, жөлөп-таяп велосипедге үйрөткөн, бетинде аз-маз чыбыра бар бала кийин минтип, каадасы менен сага көңүл айтат десе, Исраил түк ишенбес эле.

– Иш каякта? – деди Исраил. Көзү адеп эле галстугуна урунат. Жарашабы-жарашпайбы же ага көзү жетпейт.

– Ээ, аке, сиз сурабаңыз, мен айтпайын. Биздин бут баспаган жер бул тегеректе калбады го, – деди. Айткан сөзү өзүнө жактыбы, Токур көрүнбөгөн ташты тээп калды.

– Калбады дейсиңби? – Исраил жортеки сурады. – Кечээ эле эшкеликке абамдын этегине жармашып чыкчу элең, бүгүн кыдырыпкыйраттым дегениң кызык экен.

– Силерге айтсак да жаманбыз, айтпасак да жаманбыз. Же такып сураганыңар калбайт.

– Оо, адам болбой түш, ошого да чычалайсыңбы, сурасак жакшылык-жамандыгыңды билели дейбиз.

– Шаардын суусун ичип калдык, ошояк кызык бизге, – Токур айласы жоктун ишиндей көңүлсүз сүйлөдү, – бир эле биз эмес. Бир кенден кийин айылга келишти намыс көргөндөрдү көрбөй жүрөбүзбү, толуп атат.

– Өзүң жактан кеп урчу. Каяктасың? – Узарган кепке Исраилдин чекеси тырышты.

– Жалган айтып, жаныма күч келиппи, ака. Өзүңүз билесиз, мектептен кийин май заводго кирип, анча-мынча жыл иштедим. Карасам, көп классташтарымдан калып калгыдаймын. Көбү институтка өттү. “Ошолордон эмнем кем эле” дейм өзүмчө. Аралашып калсак да бир жактан келишкенсип утуру “жатакана”, “сессия”, “стипендия” деп кеп урса, пешенем куушурулат. “Ушуларча жокмунбу...” дедим да документимди пединститутка өткөрдүм. Өтсөм-өттүм, өтпөсөм бирөө менин атымды айры, изимди ийри дейт беле.

Оюмдагы ишти кылып, сыноону күтүп жүрөм. Оо, күн өтпөйт. Адеп кино көрөбүз, парктан паркка көчүп, балдар менен теннис ойноп, кыдырбаган жерибиз жок. Оң келсе, кыз жандайбыз. Экзамен берээр күн да алыс эмес экен. Уштапта да көз алдымда турат. Экзамен алган жерге биринчи болуп, мен кирдим. Ишенсеңиз, алган билетимдин бир суроосуна тилим күрмөлсөчү. Китеп бетин бир ачкеп чыгара албай, сизди да осол кылам” десем, түшүнгөн неме экен, күлдү: “Айыбыңды мойнуңа алганың жакшы, жаш экенсиң, окуу качпайт” деп колумдагы билетти алып, ордуна койду.

Насос заводго орноштум. Эки айдан кийин Майлы-Сайга кеттим. Лампа чыгарган заводго кирсем, а жерде да ишим жүрүшпөдү. Камгактай бир жерге токтобогон жаным айлыкка азгырылып, Алмалы көмүр кенине баса бердим. Азыр ошо жерде шопурмун. Оштун жолу менен туш-тарапка көмүр ташыйм. Үйлөнө элекмин. Айып өзүмдө. Эч кимди жактырбайм десеңиз. “Тандаган тазга жолугат...” болуп, акыр-аягы эмне болор экен деп коюп жүрөм...

– Каякта жүрсөң да, кылган ишиңе астейдил карасаң кор болбойсуң, үка. Ишиң менен сыналчу курагың...

– Ээ, төбөбүз менен эле жер казгыбыз келет...

– Күүгүм коюуланып, тегеректи чүмкөп келатты. Үйлөрдүн терезелеринен жарык күйүп, оюнга канбаган жаш балдардын беймаал чуусу тыйылды. “Эл бала-чакасы менен кечки дасторконго олтурду” деп ойлоп койду Исраил.

– Исраил ака, мени менен кенге жүрүңүз, – Токурдун үнү демейдегиден жумшак, – аякта иш серап, пул кекиртектен. Начальник болуп иштеген жек-жаат тапкамын. Түзүк иштин бирине чегерип коёт. Кийин "ырас үка, айтканыңызча бар экен" дебесеңиз, мага келиңиз...

Исраил анын сөзүн кулагынын сыртынан өткөргөн болуп, кетиштин амалын кылды.

– Беймаал көчөдө тура бербейли, мен кайттым. Силердин жөнүңөр башка, үйгө токтобогон маалыңар... – Качан кайтыш? – деди.

– Эки-үч күн турам, мен кеткичекти үй жакка келиңиз.

– Чолоом тийсе. Көп болду, Калем абама да кирип учураша элекмин.

Исраил жолдун чети менен жогору басты.

Көзү чакчайып, бу түнү да уйкусу качты. Бир маалда өзүнө-өзү ээ боло албай, көкүрөгү толуп, көкүрөгү жибип келатканын туйду.

"Өгүнү түшүмө кирдиң, Паизгүл, – Исраил түшүркөгөн адамча сүйлөп кирди. Энтиккенин баса албайт, – сен өлбөй эле каяккадыр чыгып, шам аралаш эч нерсе билбеген, эч жакка барбаган адамча илгери кезүүгө кошчу кара токтубузду айдап, кирип келет имишсиң. Сени өлдү деп ойлогонума уялып, жерге кирип кете жаздайм. Жүрөгүм бир ордунда болбой эле ээленип, сага суктана берем. Колуңа шыпыргы алат экенсиң да, кой дегениме болбой супанын алдынан тартып, шыпырып кирет имишсиң. Шыпырып атып, көзүңдүн кыры менен орок мизин терген мага кашыңды серпип коёсуң. Жүрөгүм ланик пешайваны чырайына чыгып тиктеп эле отургуң келет. Өзүңдүн ырай-ороюңду айтсаң...

Кара кыжым кемзелиң боюңа жарашып, чөнтөгүндө дөмпөйүп бир нерсе жүрөт. Алма-салма, шире-пире салып жүргөндү жакшы көрчү эмес белең. "Паизгүл, сен жанымда жүрсөң, бу дүйнөдөгү болгон курсантчылыгым ошо" деп айтмакчы болуп, өйдө турсам, шыпыргыңды таштап, бак ичине жүгүрөт имишсиң. "Исраил, Исраил, мынабу сагызганды кубалачы, мынча эмнеге шакылыктап калган, үнүң өчкүр! Кесек урчу, учурчу, суук кабар айтып турат!" деп сагызганды көрө албай ордунда тегеренесиң. Оромолуң желкеңе түшкөнчачы имне болгон деп.

Бак аралап, кесек ыргытып жүрөм. Кызыл алма "топ", "топ" этип жерге түшөт. Сагызган көрүнбөйт. Шакылыктаганы мээге чыгат. "Үнүң өчкүр, учуп кет, биздин бакка айланганы келдиңби!" деймм. Үнүм чыкпай атканын сезе коюп, жүрөгүм "зырп", "зырп" деп алды.

Ошентип жүрсөм, коңшубуз Бурул эже узун баканын бак аралата атып урду. Сагызгандын доошу дароо өчтү. Алманын париктери[1] ушунчалык көп күбүлдү дейсиң, сени көмүп калды. Ана чыгат, мына чыгат дейм күтүп. Үймөк былк этпейт. Жетип, үймөктү чачып кирдим. Шилеп атам, сен жоксуң, Паизгүл! Атыңды чакырып атып, чоочуп ойгонсом көл-шал тер басыптыр..."

Кимдир-бирөө эшикти кагып, доош кылганын угуп, үндөбөй калды. Чын эле бирөө анын атын айтып чакырды. Жарыкты күйгүзүп, майкечен туруп эшикти ачтым. Босогодо эки-үч үй кийин жашаган Айганыш эне турат. Уялып кетти.

– Жаш туруп, уйкуң ушунча да катуубу, балам. Сени үйдө жок экен деп кайтсамбы деп калгам. – Эне астана аттаганда Исраил колуна илинген төшөктү жая салды.

– Жогору чыгыңыз.

– Тек кой, тез эле чыгам. Дагы эле баягы иш. Кезүүгө чыгар бала таппаганда өзүңө келдим. Ишке жарап бер, эртең базар да, ишиңе чыкпассың. – Эне Исраилди камтамалуу тиктейт.

Айганыш эне бир үйдө жалгыз. Бирөөгө кылдай жамандыгы жок, бейсебеп бирөөнүн мышыгын "пыш" дебеген ак көңүл. Эшигине байлаган бирин-эки кара малы – саар кеч эрмеги. Күзгө жакын, көмүр түшүрөрдө жандыгынын бирин Исраилге жетелетип, мал базарда саттырат да, пулун коротпой түйүп коёт. Болбосо жалгыз башына пенсиясы жетет. Илгери чызыраган аптапта кетмен чапкан келиндердин балдарын бешикке бөлөп, шакта талдын көлөкөсүндө олтурчу экен. Элдин баарына ал өмүр бою жалгыз жашап келаткандай көрүнчү. Төлөйкөн тарапта жек-жааты жашайт экен дешип жүрөт. Алар менен катташтыгы жок.

Той-пойго ээрчишкен кемпир-кесектин караанын көбөйтүп, анан өмүр мелтилдеп аккан өзөндөй жай илгерилейт...

– Үйдө бекер отургандан көрө чыкса-чыгып келейин, – дегенде Айганыш эненин көңүлү жайланды. Үй ичине көз жүгүртүп, төрдө илинген сүрөткө көзү түштү. Билекте жоон чачын көкүрөгүнө таштап, суйкайган керме каш кыз аны менменсий тиктейт. "Паизгүлбү?" Сүрөттөгү кыз ушу үйдө бир жарым ай төшөгүнөн турбай жашаган оорулуу келин экенине ишенип-ишенбей, "кеселдин кылбаганы барбы..." деп баш чайкады.

– Саар менен жандыкты айдай кетем, эки иштен бир иш, – деди Исраил. Кемпирдин санаасы тынсын деди окшойт.

[1] *Парик – жалбырак.*

– Бешенеңе жазган дагы бирөө тургандыр. – Айганыш эне көңүлдө жүргөн кебин айтып ийди, – санаа жаман, адамды билгизбей жеп бүтөт... Жалгыз бойчулукту баштан өткөрдүк го. Ээ, пенде баласынын башына түшкүлүк кылбасын...

Ээгин таянган Исраил баш ийкейт. Көңүлү чөктү. "Жамандыкты да көрдүк" деп ойлогондо жүрөк алды сыздап чыкты.

– Паизгүлдүн жылдыгын өткөр. Анан кийин биз менен масилеттешип, ылайыктуу жар изде.

– Аны ким ойлойт азыр... – Исраилдин өңгү-дөңгү кебин кемпир улап кетти:

– Андай дегениң менен, кырчындай өмүрүң өтүп атат. Жашыңда перзент көрсөң, өзүң менен тең жарышып, дөөдөй жетилип калат. Эмкилер...

– Кызыксыз, башка кеп түгөнүп калгансып...

– Айткан жакшы. Биз айтпасак анан... Мына, өзүбүздө эле канча жакшы келиндер жүрөт. Чечдөбөлүк Закирдин ортончу кызын көрдүң беле? Байышка түшкөн, эки-үч ай айланбай келип алды. Күйөөсү ичет имиш, аялынын колуна зыгыр тыйын карматпай, тапкан-ташканын аракка жумшаган немени ким жактырсын. А турат. Мынабу Жанжигит улакчынын айдай кызын кызыл-кыялык бир-эки тыюудан чыккан балдар тооруп жүрүп, ала качышкан имиш. Магазинчилikte окучу, бүтөт дешип жүргөн. Кыз жигитти бир марта да көрбөптүр. Ажап кылыптыр, атасы улакчы да, көшөгөсүн айрып тээп, отурбай баса бериптир. Азыр биздин магазинди кармайт. Өткөндө "биринчи сорт ун түшүптүр" дешкенинен, барып көрдүм. Ыраң-ооройлуу, бир башкача жан десең. Билип-билбей балан-бастубан деген катын калачка жиним келди. "Буйруган жерди чаныптыр, эми улакчынын төрүндө карыйт" дешкен немелер азыр магазинге кирсе, анын көзүнүн агы менен тең айланып, "Шакар", "Шакар" деп насыяга көр-жер жаздырып кетишет. Теңи табылбай жүрөт, бечаранын. А турат. Терип айтса, чыга берет...

Исраил жол боюндагы дүкөндү, акча түйүлгөн баягы шайыр дасоромолду эстеп кетти. Азыр дасоромолдун кайда калганын эстей албады. Өз ою менен болгон Исраилди жайына коюп, Айганыш эне козголду.

– Белим ий, кичине отурсам эле ката түшөт, бу кандай бел экен. Эчкинин айранынан куюп, түшкү ызыгынды түйүп коём, көтөрө кет.

Исраил ыргып турду да, кемпирдин босогого чечкен көлөшүн түзөп койду.

– Бир күндү кечкирте албай эмне... Адырда жүргөн бир эле мен бекемин. Чөп кароолчулардыкынан шам-шум этип алам, убара болбоңуз.

– Оокат көтөргөндөн эринбесеңер...

Исраил жалгыздык, турмуштун калбасы белин эңкейтсе да, аны менен али тең тайлашкан кемпирди үйүнө чейин узатып койду.

* * *

Кууш жылга менен сүрүлгөн жандыктын алды имерилиштен көрүнбөй эки чети капталдап жайылат. Туяк алдынан чыккан чаң каалгый тегерек жаңы түшкөн коргоол жыттанат. Исраил кырда. Колунда айран куюлган көк сатил. Ынабаганына койбой Айганыш эне белине патир нан түйүп берген. Тээ алыста калган жылдардын саратанында кезүү кайтарчу боз баланы тааныгандай жел аргы жүзүнөн сылап өтөт. Ошондон бери жыйырма жыл мынабу бөксө адырлардын үстүнөн тек гана учуп өткөндөй ошол бойдогусундай эле ныксырап, тыптынч. Төбөдө торгой сайрады. Көктү тиктейм деп, күнгө көзү чагылыша эки-үч сапар чүчкүрдү. Карап атып, торгойду тапты. Муштумдай паранданын көмөкөйүнөн чыккан авазды тыңшап, боордогу кыяжол менен өйдөлөй берди.

Ага чейин көк кууган жандыктын алды аптапка какшыган чабырга тепчилип, Сырттын жайыгын өрдөдү. Андан ары кеткен түз. Мал токтобойт. Исраил жайыкка чыгып, малдын алдын бөгөп, шамалкөй жер таап, жамбаштады. Бул жерден айыл алаканга салынгандай көрүнөт. Үйүн тапты. Коңшунун тамынын далдаасында калып, желкеси эле көрүнөт. Кулпу илинген үйүн, ошол үйдө жатып-туруп жүргөн өзүн эстеп, негедир ичи ачышты.

Шудуңдаган бир ууч жандык эки-үч кырды ашып, Карабаштын менчик малына кошулганга аз калыптыр. Исраил таягын ала жүгүрдү. Чачылган кой-эчкини чогултуп, өзү олтурган жайыкка имерип келгенде күн шашкеден ооп кеткен. Чаалыга түшкөнүн сезди. Патир нандан сындырып айранга малып жеди. Жеп атып, эки көзүн айылдан албайт.

Кыштакты тең экиге бөлгөн жолдо чаң ызгыткан машина кыбырайт. "Айылдан бу жакка көз салган адамга кой-эчкилер бир ордунда былк этпегендей көрүнөөр. Ии, жылбай болуптур..." деп койду да, өзүнөн алыс эмес жерде карсылдашып сүзүшкөн эки кочкорду тиктеп олтурду. Тамашага батып, жамбаштаган боюнча көзү илингенин өзү сезбей калды.

– Эй тага, уйкуңуз кандыбы? Буерге уктаганы келдиңиз беле, малдын алды үй-үйүнө жетип калды? – деген үндөн чоочуп ойгонсо, маңдайында аттуу бирөө турат. Камчы менен өтүктүн кончун чаап коёт. Исраил жан-жагынан таягын издеп жатып: "Баягы бекерчи кароолчулардын бири го" деген ой келди башына. Ат үстүндөгү кыз экенин билгенде жерге кирип кете жаздады. "Түш боло элек, элдин малы чубап үй-үйүнө кирип барса, уят болдум. Шайтан азгырганда ушундай болот..." деп көңүлү зилдеп турса, аттуу кыз эми башка кеп айтты...

– Кайгайга түшпөй эле коюңуз, кантээр экен деп атса... Мал караган эмес окшойсуз. Этекке түшүп бараткан жандыктын алдын кайрып койдум, – дегенде Исраил өзүнө келди.

– Малыңызга жат кой кошулбадыбы? – деди кыз. Ичке каштары биригип, кара-тору жүзүндө кыжалаттын изи байкала түштү.

– Саар менен кошулгандай болбоду. Мен дагы бирөөнүн кезүүсүнө чыккамын. Коюңуз жокпу? – Исраил күндөн көзүн калкалап, ат үстүндөгү кызга көңүл коюп карады. Чыйрак экенин баамдады.

– Бир жоголгондо үчөө жок. Барбаган жерим, сурабаган адамым калбады. Эми менчик малды аралап, көрүп келатам. Малга киргенибизге төрт жыл болгон. Мындай кырсыкты биринчи көрүшүм.

– Чеки иш болуптур. Аттан түшпөйсүзбү? Айран бар, нан бар... Шам-шум этип алыңыз. Өзүңүз каяктыксыз? – Кыз жерге түшкөнгө көңүлү жок эле. Ою бир жерде болбой чаалыгып тургансыйт.

– Улгатындык болом. Шашып жүрөм. Айран болсо ичейинчи, – дегенде Исраил көк сатилдин капкагына айран куюп, кызга узатты. Чылбырды чыканагына илип, айран жуткан кызды таанышындай карап турду. Бир сындырым нандан ооз тийди да:

– Айраныңыз жакшы уюган экен, рахмат, – деди. "Малды аралап көрбөйлүбү, чагымда, жылганын бир бурчунда оттоп жүргөндүр койлоруңуз" деп келатып, кайра "сүйлөшүүнү каалап турганымды билдирип коюп жүрбөйүн" деп, өзүн-өзү тыйды.

– Кой туут башталып, бир жерге токтобой калдык. Күнү-түнү малдын кашындабыз. Ушул маалда каканга муштаган болуп, бу капсаланды карабайсыңбы...

– Мен устамын, жыгач устамын, – деп кокустан эле кыз сурай электе Исраил өзү жөнүндө айта салды. Бизди да ушу аптада сакмалга айдайт. Жүзү өзүнөн-өзү дуулдап, аптапка кактагандай кызарды. Чын эле алар жылда бир ай сакмал багышчу.


– Келбейсизби бизге, сакмалчы жетишпейт. Эки үкам, өзүм каягына жетишебиз. Анабы чоң жылганын оозундагы биздин короо. – Чоң Мурундун кыштоосунан көрүнгөн узун короону экөө тең эми

көргөндөй тиктеп калышты. Исраил адатынча сөз айталбай баш ийкей берди. Аттын башын бурган кызды кыйлага чейин ээрчип келди.

– Ташпишке түшпөңүз. Коюңуз табылып калаар. Мен да сурашты-рам. Кабар уксам, сөзсүз айттырып жиберем же өзүм эле...

– Болуптур, айтканыңыз келип, табылып калгай эле. Жакшы калыңыз. Сакмалга айдаса, үндөбөй биздин короого келе бериңиз. Айырмасы кайсы?! – Кыз атын желдирип жөнөдү.

Исраил ичинен кыңылдап койду. Көңүлү көтөрүлө түшкөн. Көмөкөйүн качаңкы бир тааныш обон кытыгылайт... "Кичине алыс узасын, анан жылганы жаңыртпасамбы..." деп Исраил чын эле тамагын түзөп койду...





ЖАННАТ ЭНЕ, БЕШИК ЖАНА ЖАРТЫ НАН

Новелла

Билинбей он эки айдын бирине учкашып, отпусканын кезеги да келген экен. Барар жак менен бүтүрөр иштин чети оюлбаса да, айыл менен амандык сурашууну, көз өткөнчө көңүл улап, келин алган үйгө тилек каалоону ыраак жүрсөк да, ыймандын иши дедик. Көздүн жашындай болгон отуз күн а-бу дегиче ортосунан ооп, калааны көздөй шаштырды.

Билет кечки рейске алынган. Убакыт бар. Фрунзеге он барып, он келсе болот. Эски адат азгырып, Оштун базарын аралап кеттим. Аяк талыганда, кумар таркаганда Ак-Буураның боюндагы чайканада отурдум. Шашпай, бир чайнек чайды дем жедирип, Ак-Буураның таштары бадырайып, тартылып бараткан жээгине өзүмчө баш чайкайм. Килейген чайканачы менин көзүмчө эле килейген тепшиде ги чаманы дарыяга оодарып, аркасынан мурду суусун кошо силкип, кирип кетти. Кезинде жээгинен кечүү бербей күркүрөп, а түнкүсүн шоокуму Сулайман тоосун терметип чыкчу бу дарыя – Оштун көркү, Оштун тарыхы. Анын бүгүнкү тагдыры кимдин зээнин кейитпейт. Кайран гана Ак-Буура...

– Оо бала, жалгыздабай бери, жакын отур! – Аңдабапмын. Алыс эмес жерде көк кыжым чапанынын этегин жамбашына баскан, узун моюн кемпир кайнолу көздөрүн адеп мага ымдайт. Жанында карап эле отурчу жаңы бешик бар. Көңүлүнөн өтө албай чайымды көтөрүп коңшунун сөрүсүнө көчтүм.

– Нанга кара... Ыраңың көзүмө жылуу учурайт, каерликсиң? Сөзгө-сөз жалганып, тез ачылыштык. Алайлык кемпирди айылында "Жаннат төлгөчү" дешет экен. Бешикке адеп кылчактаганымды сезген эне:

– Небереме атап алдым, – деп өзү эле кеп жаңыртты.

– Базарга кире бериште ушу бешик көзүмө чалдыгып, шундай бир арбайт. Көзүмү жумуп, бер дегенин кармата бердим. Уста дагы таза күлкүчү неме экен. "Бүтүн небереліңизди ушу бешикке бөлөп, чоңойтсоңуз болот, аяш. Кеңдигин айтың, баланы бир күн кечке бөлөсөң жата берет. Күлтүгүн караңчы, ченегенбиз да..." деп бир мактайт.

Аркасынан дагы имне дейт десең о чал: “Бешик терметкенге бап киши экенсиз, уул-келиниңиз түзүк бага албаптыр. Атаганат, төбөмө көтөрүп багат эдем, мени менен кетпейсизби” деп жердин түбүн айтат. Мен дагы жөн каламбы, азилине азилдей жооп айттым. “Кебиңизди таап сүйлөңүз. Ушу тапта талаада калган кемпир жок”. “Капа болбоң аяш, жаш кезек шок кыял эске түшүп атпайбы...” деп коёт дагы. “Апта сайын беш-ондон бешик сатасыз. Өзүңүздүн бешикке бөлөөр небереңиз барбы?” деп тийиштим. Бечаранын өңүндөгү күлкү качты. “Ээ, аккан суунун кадырын билебизби, аяш. Жок эмес, небере деген бар. Бала-чака небак эр жеткен. Баары өзү менен өзү. Ар биринин эшигинде кеминде бирден-экиден неберем жүгүрүп жүрөт. Баары тең төрт кылдырек арабада чоңойду. Келиндерим түзүк кеп жебейт. “Бешик баланы тайтак кылат” имиш, “бешикке бөлөп терметкен заман өткөн” имиш. Куру намыс да. Болбосо, кайнатасы жасаган, адам карап отурчу бешиктерди тоотпой кетише беле! Мейли, өздөрү билсин. Кыстабайм. Менин ишим – бешик жасамай. Бешикке бөлөнгөн баланын бели бек, дени сак болот. Ишенишпесе койсун...” дейт муңайым. Туура айтат. Өздөрү жатып, чоңойгон бешикти да жеришеби ботом...

Кепке күлүп отурганым менен, “дагы беш жыл оодарсам, сексендин суусун ичем” деген Жаннат эне бешиги, себеттей түйүнү менен базар күнү быкпырдай кайнаган элдин сүрмөсүндө тээ алыскы Алайга эмне күндү көрүп жетээрин ойлоп, ичим эзилет.

– Окушта жүргөн окшойсуң? – Кайнолу көздөрү сыр сурайт. Жүзүмдүн сабагындай майда тамыр тордогон колдорунда майда калтырак байкалат.

– Айткың келбесе тек кой, ыктыяр өзүндө балам. Биздин милдет сурап коюш...

Кечки рейс менен Фрунзеге учуп кетээримди, ошо тарапта иштээримди эшиткен Жаннат эненин колунан пиаласы ыргып кете жаздады.

– Анда неберемди, Бакиримди тааныйт турбайсыңбы?! А да ошо шаарда. Кеткенине ушу күздө алты жыл болот...

Мени ооз ачырбады. Эми ага кебимдин кереги жок болучу. Менимче, кабарым кемпирдеги жылдап жыйналган бук-чердин боосун чечип кетти көрүнөт.

– Ошо жалгызым деп жер үстүндө басып жүрөм, балам. Жараткан эч кимге жалгызды ата кылбасын. Ушу Бакирим экинчи класста окуйт. Кызымдын (эненин жалгыз эле кызы бар экен) күйөөсү бейапай, жылкы теппей туруп: “Кызындын кесели көкөйгө тийди. Бир ай басып жүрсө, бир ай ооруканада. Ушундай “оорукчан турмушка тойдум” деп урук-тууганы менен масилеттешпей кызымды жолго са-

лыптыр. Туугандан кийин эле аны шишик басып туруп алган. Кандай илдетке чалдыккан, мээм жетсечи. Баласы мага үйүр алып, атасын ээрчиген жок. Оору акыры жүрүп кызымдын түбүнө жетти. Үзүлөр күнү үстүнө кирсем керебетинде жатыптыр. Чачын бирөөгө жакшына өрдүрүп алыптыр. “Апа, дарманым жок. Туруп отура албайм. Бакирди ээрчитип келиңчи, атасына кабар айттырыңыз. Экөөнө тең айтчу аманатым бар. Атаганат, Бакирдин атасы кашымда турса, узаганыма жеңил болор беле, азбы-көппү бирге өмүр сүрдүк. Ортодо бала турат, келсе болот эле...” – деп көзү жашылданат.

Минтет деп кимдин оюна келет. Көрөр күнү уясына ылдыйлагынын сезип, болгон жамандыктан кечип, жер үстүндө калчу адамдардын көңүлүн бир тазарткысы келген бейм. Дагы “ыйлабаңыз апа, дарыдай небереңиз турат. Эки аягынан шамал өтүп турса, сизге ашык атчу ошо. Менин бары-жогумду билгизбейт” деп коёт-ов. Курган жаным жанында эле отура турсамчы. Шашып, ошо атың өчкүр, “күйөө балага” кабар берейин деп почтого жүгүргөм. Дилгирем уруп келгичемди ааламдан өтүп кетиптир. Арман ушул экен да. Көрдүңбү баалам, өмүр жолу кылдай ничке. “Чырт” гана үзүлбөдүбү. Күйөө бала келе алмак эмес экен. Ишинин аркасында бир жактарда жүрүптүр. О кыркы өткөндөн кийин келди. Бөлөк болуп калат экен. Өзү да кетче шашты. “Ушу адам кызың менен он жыл өмүр сүрдү” десе ишенбес элем. Такыр бөлөк. Пурунзада турсаң, Бакирди билесиң. Сүлпөтүкуду атасынын өзү. Сөөгү бузук. Тили саал кекеч. Шоопур. Тааныйсың, шаардын чоң магазини бар имиш. Ошонун жүгүн ташыйт. “Ой жарыктык, уулуңузду каяктан жүрүп тааныйм. Бири-бириңди тааныгандай шаар деген айыл эмес. Андан көрө адресин бериңиз, таап, барып жолугайын” дегенге, сөздүн ырасы оозум барбады. Мага үмүт байлап, түпкүрүндө жүргөн сыр, өксүгүн бөлүшкөн карыдан эки ооз сөз менен кутулууга акым бар беле? Анын үстүнө энеге “ашык атчу” неберенин жоругу азгырып турган. Сөз учугун уламакка:

– Аты тааныш. Чоң дүкөндө иштесе, көрсө көрүп жүргөндүрмүн, – дедим.

– Ии, ии, келиним да шаардын бир жеринде көпчүлүккө оокат бышырат. Анын колунан нечендеген адам тамак жейт имиш. А өзүм болсо келиним жасаган ооматтан ооз тие элекмин. Өңү-түсүн да көрө элекмин, ушундай да болот экен, тооба. Бирөөнүн баласына күлгөнүм жок эле...

– Кантип, кызык го. Уул-келиниңиз сизден кабар алып турбайбы?

Сурарын сурап, кайра катуу тийдиби деп иймене түштүм.

Бакирдин үй бетин көрбөгөнүнө үч жыл болот. Шаарга жаңыдан барганда “оору-сыркоодон сыртқары турасызбы? Салган пулум жетип атабы, орто жолдон кымтыгандар жокпу?” деп жаркылдап келип кетип турчу. “Ким кымтыйт эле... Бирөөгө бирөөнүн тыйынынын ке-

реги жок. Андан көрө тапкан-ташканыңды өзүңө жумша. Пенсиям турат. Алма-салма бар, күч келсе ошону сатсам да оокатым өтөт" дейм. Көңүлү чөкпөсө, бирөөнүн колун карабаса экен дейм. Тооба, ошояктан үйлөнүп алыптыр. Мага бир ооз айтпайт. Окууда жүргөн биздин айылдын балдарынан билип жүрөм. Ошондон кийин үй жакка каттаганын койду. Оюн билбесе да, ырай-ороюн көрүп жүрөт деп, келген-кеткенден келинимдин жөн-жайын сурайм. Каерлик? Ата-эне тарбиясын көргөн бекен?..

Кечээ жакында бирөө келди: "Бакир акам кыздуу болду, сүйүнчү бериңиз!" – дейт. Далдырап тилим күрмөлсөчү. Кечээ эле "келиндүү болдум, кирген-чыккандан көрүндүк алам" деп көңүлүм жай отурсам, каяктагы сүйүнчү... Ушунун баары чынбы, жалганбы деп да кетем. Эл күтүнүп келин алса, эл күтүнүп неберелүү болсо, мен... Көрө элек неберемдин сүйүнчүсүн бердим. Мурда, жалгыз жүргөндө Бакир менен анча ишим жок эле. Үч баш болгондон бери көңүлүм бир жерде эмес. Кайсалактайм. Эмне кармаганымды өзүм билбейм. Жол карайм, зарыгам. Сагыныч көчөгө кубалайт. Бакир салган пулду коротпой бекитип жүрчү элем. Бүгүн Ошко түшүп, небереме атап, бешик алдым. Жаннат эне сары мончок тагылган бешиктин ок жыгачын сылады.

– Бул бешикке ыкыбалдуу-ырыстуу бала бөлөйм, бу бешик бай-дөөлөт баланыкы...

Кемпир бешикти терметип кирди. Тамагым буулуп, муздап калган чайды ууртап, эңкейип отурдум. Жашым мурду учума токтоп баш көтөртпөй койду...

– Бакирге айт, балам. Энеңди базардан көрдүм де, кызына атап келишкен бешик алып коюптур де... Неберемди бөлөп, терметсем деп тилек кылып жүрөт де. Силерди сагынгандан эки көз төрт. Жок дегенде, бир сапар келип кетишсин деп калды де. Карыганда небере ширин көрүнөт. Өз колум менен мынабы ак жолтой бешикке бөлөсөм, бир кумардан чыгып терметсем, анан о дүйнөгө жүрүп бергенге кайыл элем... Мынабы нанды жол басып, мазар басып барат, өз колуң менен берип кой, таберик.

Жарты нанды ак чачы жоолукка ороп берди.

– Ушу бойдон энеңдин колунан алдым де, ушу нанды уулума жеткире көр, балам!.. Жер үстүндө биз он күндүк мейманбыз...

Кулагым бүтүп, Ак-Бууранын шоокуму да, эшиктен чубап кирип, чайкананын сөрүсүнө жабалактап чыгып жаткан элдин кобур-собуру да угулбайт. Эненин балага болгон сүйүүсүн, сагыныч черин бүгүн өзгөчө туйган элем.

– Эне, жүзүн көрө элек келиниңиз, небереңиз үчүн көрүндүк менен сүйүнчүнү даярдай бериңиз. Эсен болсоңуз, элге жентек жедирчү күн алыс эмес, – дегенге жарадым.

– Айтканың келсин. Көзүм тирүү турса, Бакир экөөңдү дос кылам, эшиттиңби? – Али көрө элек досумдун кебете-кешпирин элестете албасам да, баш ийкейм.

– Кайыр эмесе, шаардыктардын баарына дуба де!

Чайканадан узаганда кылчайсам, көзүмө бешик урунду. Далдаасында чай пиаласын ээк тушка кармап, санаага чөккөн Жаннат эне. Карап тура беripпмин. Жан-жагыман базардан таркаган эл өтөт. Карынын ушу отурушу мага айтууга ооз барбаган дагы бир көңүл зардесин жеткизип турду. "Бакиржан, - деген эненин эрээркеген доошу кулагыма жаңырды, көчүк айланбаган эки кетек үйдө чоңойгонуң эсинден чыктыбы? Солдоюп, төрдү кучактап жатчы элең. "Окууну бүтсөм, катырып иштеп, сизди багам. Бойго жеткизген карызыңызды кайтарам, эне. Сиз болбосоңуз хулиган болуп кетишим да ажеп эмес эле" дечүсүң. "Ошо дагы сөзбү, дувана!" деп жилкимиш болгонум менен, кыялымда ошо сен жалгыз жашап калчу дүйнөгө кайтып баргым келчү. Ошо сен жалгыз жашай турган күндөрдүн чайыттай ачык бир күнү терезеңе бактек конот да, "куру-куусун" эшитесиң. Ошондо энеңдин, "митчелерге дан чачып кой. Бул паранда ток жүрсө, токчулук жыл болот" дегенин эстеп, көзүңө жаш тегеренээр. Ошо терезеңдин кашегине конгон бактекти мен деп бил, балам. Келбес болуп кеткен ошо туңгуюк дүйнөдөн "жалгызым менсиз кантип жашап атты экен..." деп келип турганым..."

Чыдай албадым. Чоң көчөнүн четине түшүп, чайканадан узап кеттим.

Бакир дос, сага баратам! Эне берген аманат белимде оролуу, кеби көкүрөккө түйүлүү. "Жарты нан берип жибергидей биз ачкадан кезерип отурган жокпуз" деп кыска ойлобо. Жаннат эне нанды чекесине тийгизип, уулумду ушу улуу ырыскыдан ажыратпасын деген таза пейилинен берди. Биз үчүн алар – Жаннат энелер көк теңирдей түбөлүк тура берчүдөй сезилет. Айылга жөнөсөк, алар жолубуздан тосуп, берээрге ашын таппай, дайыма күтүп тура берчүдөй сезилет. Жаңылабыз! Мезгил узаткан өмүр табагын какшытып, алар кемип жатат. Биз болсо, аларга бүгүн айта турган жылуу сөзүбүздү эртең айтабыз, бүгүн керек жакшылыкты эртең жасайбыз деп, ток пейилдин жетегинде жүрөбүз. Ырас, эртең да күн бар. Бирок, эртең кеч болуп калышы мүмкүн... Куттуу карыларыбыз бу жашоонун он күндүк мейманы эмеспи...

– Мен сага баратам, Бакир! Сага Жаннат эненин бешик сүйүнчүсүн, жарты нанын – илгери үмүтүн, ишенимин алып баратам. Тосуп чык, досум!



АК КОРГОН

Повесть

На востоке с глубокой древности живут мастера глины.

Всегда это были свободные люди. Профессия такая. Они строили чудесные стены (говорят, великую китайскую стену строили туркестанские мастера, я уверен, среди них были мастера глины из Нооката, предки А.Матисакова) дома, мечети и города. В сущности они и создали и создают славу, колорит и образ старого "бородатого Востока" (Мандельштам). Это были удивительные люди. Нередко с трагическими судьбами. Работа у них трудная. Многие не выдерживали до конца, оставались самые мужественные, самые мудрые и стойкие.

Не так то было легко прожить с этой профессией на свете, не так то легко было творить красоту из простой глины, почти всеми презираемой...

Но жили они. Вот об этом написал молодой писатель А.Матисаков в своей первой повести "Ак коргон" ("Белые стены"). Спасибо ему.

Во всех текстах его рассказов тайно или зримо с юмором или грустью и любовью проглядывается этот колорит и красота старых белых южных стен, пропитанных горьким потом, солнцем и древностью, вокруг которых кипит жизнь людей. Это хорошая проза. "Самая высокая и большая художественность – это любовь к людям", – говорил Ван Гог (цитирую по памяти). Эти слова вполне применимы к прозе А.Матисакова.

Кубатбек Жусубаелиев,
Кыргыз эл жазуучусу

Кашы сексенди аттаган менен, басса-турса жеңил бой Мадимар кары өгүзүн жетелеп, айылдын четиндеги эски коргонго жете келди. Гүлказыкты жерге житире каккыча кой жүнүнөн эшилген аргамжысын сүйрөгөн өгүз тегерегиндеги көктү мойсоп кирди. Кары отурган жеринде үшкүрдү.

– Жашагың эле келет бу жарыкта... Кайран жашчылык!.. Жокчулук жеп кетти... Ойноп оюнга, күлүп күлкүгө канбай кала бердик...

Эски коргон күлгүн курагын эстетип турат. Сокмо дубалы укаланып, ар-ар жеринен көчкөн. Төөнүн эле өркөчү. Жада калса, паранда-лар учуп-консо эшилип, топурагы чууруйт. Тогуз пакса[1] ак коргондун "кароолчусу" ушу Мадимар кары. "Кел-кой" деген эч ким жок. Келген өзү, кеткен өзү. Өгүзүн жетелеп, ушу тегеректен чыкпайт. Коргонду жандай салгандар ийилип, саламын жазбайт. А кээ бири атайлап эле токтоп, сурашып болуп, аягында (билип туруп эле сурай беришет) "бу коргондун илгерки келбетин көргөн панда чагымда калбаса да керек. Мезгилиң зымырак куш экен..." деп баш чайкаса, чал бер жактан туруп беймарал: "Бекерге зээниңизди кейитпең. Биз тирүү турбайбызбы, биз көргөнбүз. Мынабу бутум менен ылайын шапшып, бу колдор менен паксачыга ыргытканбыз. Коргонду көргөн Өзгөнбай деген устанын бир ылайкеши биз элек да..." десе, берки ыргылжың турган неме жаңы укансып: "Оо, кызыктын баары сизде жаткан турбайбы, бир кененчилик болсо, айтып берсеңиз болот экен" деп басат. Экиүчөө болсо, кайра-кайра кылчакташып, кеп кылып кетишет.

– Сөзүнүн деле өөдүк-сөөдүгү жок...

– Акыл-эси менен бир жакшына карыптыр бечара. Бирөөлөр о-бу дешкенинен ойлоп жүрбөймүнбү...

– Айта берет, оозуна алы жетпеген. Булардын курагына баралычы мурда. Көчүктү көтөрүш...

Айылдаштары жүз сурап, жүз жолу укса да эрмек көрүшөбү, жолуккан жерде кепти созуп, аягын айландырып коргонго апкелишет. А чалдын айтканы айткан. "Бу коргондун ылайкеши биз..." дейт. Миң сурасаң, миң жолку жообу ошол. Эл экен, сурай беришет...

Уштапта коргон элдин кызматын кылат. Бир топ жыл тамекичилер ээлеп отурушту. Туш-тушка соксойтуп казыктарды кагып, тамекисин илип, кургатып жүрүштү. Как болгондо четинен жыйып, коргон ичине даркырап кирген тракторлорго жүктөшөт. Тамекичилерге деп салынып жаткан сарай бүткөндөн кийин, коргонго совхоздун мехтурчу шыйпаңчасы да ак коргон болду. Эки жыл туруп-турбай мехцех да конуш которуп кетти. Жараксыз темир-тезекке кол тийбей, жыгач челектер болсо, май-сайы менен туш келген жерде кала берди.

Ушунун баары карыган адамга түйшүк экен. Тумшугу сынган казыктарды бир-бирден сууруп, үстөмө-үстөк байланган зымын эрик-

[1] *Пакса – сокмо дубалдын бир кабаты (70 см).*

пей туруп, коргон сыртына сүйрөп таштады. А чылгый темирлерге келгенде коншоп көргөнгө каруусу жетпеди. Башы катып, кыйла күн жүрдү. "Коңшу турган мектепке барсамбы. Мурдатан тааныш, жибектей созулган, жолуккан жерде өтө калып кош колдоп учурашчу директир бала дартымды угар... Балдарды таалим-тартипке үйрөткөн неме оюма каршы чыкпас, жардамы тиер..." – деген ойго жетеленген кары мектепке чыгып барды.

– Биз тарапка кем каттачы элеңиз, жол болсун Мадимар аба?! – Директор ооздо турган экен, жайдары утурлады.

– Сиз билерсиз, – көңүлүңө толгон адам өзүнөн кичине болсо дагы бирдей "сиз" деп кайрылчу. Директордун колун коё бербей сөзүн улады. – Бу коргон гараж болуп турганы эсиңизде чыгар. Трактирчилер көчкөндө "ат оонаган жерде түк калат" болуп, ашкел-дашкел темирлерин туш келди таштап кете беришкен экен. Коргонго кирип болбойт. Мал-сал майына башын салып коёбу деп чуңкур казып, көмүп салдым. Темирдин керектүүсү болсо, бир четке үйүп койсок, залалы тийбес. Майда-чүйдөсүн окуучуларга ташытып да аларсыз. Бая күнү элдин тамаркасын аралап, темир издеген балдар оголе көп жүргөн. Ыйык дубалдын жүзү да кыйла ачыла түшөт эле.

Карыны далыга таптаган директир мындайды күтпөгөндөй эмелеки укканын акылга салгансып анан:

– Чын эле темирге зарбыз, аба! Мехцехтин жаңы паркка көчкөнүнө жарым жылга кетти. Керекке жарачу темир болсо, изин суутпай эмгиче алып кетишмек. Алар кош көңүл болсо, бизге табылбай турат. Ушу жолубузда турган коргонго бир баш баккан эмес эженбиз. Эртең бир мугалим кошуп, жогорку класстын окуучуларын жиберем, – деди.

– Оп баракелде, бу башка кеп. Сөзүмдү таштабай али-пали деп койдунузбу – мартабаңыз көтөрүлөт экен.

Директор күлкүчү экен. Эки уурту жыйылбайт. Бетаарчысы менен оозу-мурдун сүртүп эле күлкүсү кыстап туруп алды.

– Эски коргонго сиздин колуңуз да тийген деп жүрүшөт. Ошол сөз чынбы? – Көздөрү күлүңдөйт.

– Жалган сөзгө жок кишимин. Сурашканынан айтып коём. Ишенишпейт. Ишенишпесе, өздөрүнүн иши. Бул коргондун көрбөгөнү калдыбы...

Эртеси коргон ичи түшкө жетпей тазаланды. Окуучулардын шайы жетпеген темирлерди чал эшигине сүйрөтүп чыгарды. Балдарга табылбай калды. Бири минип, бири "чү" эле, "чү" деп темир сүйрөп иттеңдеген боз эшекти чыбыкка алып, мектептин этегин көздөй айдашат.

* * *

Май төгүлүп, карала-торала болгон коргон ээнсиреген жок. Кызыккан эл чыга берди. Эми совхоздун кароолчусу бедеге түшкөн, жүгөрү аралаган бодо мал, майда жандык болобу айдап келип, ээси таап кетмейинче ушул жерге камайт.

Бир күнү коргонго келип, чал көңүл иренжиткен иштин үстүнөн чыгат. Өзгөрүш кароолчу эки-үч эшекти коргонго айдап кирип, жыгач дарбазасын ачылгыс кылып мык кагып кетиптир. Зым менен байланган бечара эшектер ары-бери тартыша берип, бири муунуп өлөт. Ысыкта чымындап, коргон ичи жан чыдап тура алгыс. Мадимар кары мынчалык ачууга жеңдирген эмес. "Атаңдын оозун урайын, араккого адам деп иш тапшырышат. Кылган иши мына!" Кароолчуну атажотосуна жеткире сөгүп, өлгөн эшекти өзүнүн эшегине сүйрөтүп, коргондон чыгарат. Ошо ызасы менен Өзгөрүштү дүкөндүн оозунан табат. Жашыкка көчүк басып эки-үчөө болуп, шарапка жаңы кызыган кези экен, чалдын акааратын чымын чакканчалык көрбөй, кайра арсаландап: "Ошо камалган мал жечү чөп-чарды койбой түбүнөн шылып оруп алсаңыз, анан эшек өлбөгөндө эмне болот. Сиздин оюңузга койсо тентиген мал совхоздун макасынын майканын чыгарса... Ортодо мен жаман көрүнсөм, ошондо табаңыз канабы? Мага койсо, ондой малдын өлгөнү артык!" деген. Мадимар кары төшүн жагжайтып, кызыл-тазыл болгон бакыбат жигитке үндөбөй, камчысын уучуна кыскан. "Сага айткан асил сөз. Бээ десе, төө деген дөөдүр. Ушу кебетеңде ак коргондун эмнесин түшүнөсүң..." деди ичинен.

Жол бою көңүлү чөгүңкү бастырган карыга оро-пара чыккан улуукичүү салам айтат. Баш ийкейт. "Кем болбоңуз..." дейт ооз учунда. Жоргологон эшектин күүсү ойго түртөт. "Көзүмдүн тирүүсүндө ак коргондо бейбаш иш кылдырбайм..."

* * *

Басса-турса, Өзгөрүштүн сөзү кулагынан кетпей койду. "...Ошо камалган мал жечү чөп-чарды түбүнөн шылып, оруп кетсеңиз, мал өлбөгөндө эмне болот..." "Тооба", ошого баамы жетиптир. Сыртынан муңамыр көрүнгөнү менен, билбегени жок... Болбосо, жылда коргонду чөп-чардан арылтып турганымды билет, сүйлөгөнүн кара, тилиңе тибиртке чыккыр. Эшик-төрүн барабар кылып таштагыдай ак коргон жөн жай эмес мен үчүн..."

Саратан адыр-түздү саргайтып келатканда Мадимар кары кол орогун такымга кысып, коргонго бастырат. Кире бериште отуруп, кайрак ташка орок мизин жанып, коргон ичине эсейет. Тээ шукшугуй кырларга конуп, күнгө кактанган бактектердин куру-куусун ("төөгө бээ сатамын") көзгө көрүнбөгөн үпүп-сасыктын үнү басып кетет.

Кыбыла жакта топ-тобу менен гүлкайырлар өсөт. Көргөндө чалдын жүрөгүн өйүп чыгат...

Дубал бойлоп өскөн камгак, коко тикен, ат кулак, шире чөптөргө орок сойлотуп, ар жерге дестелейт. Бели уюп, жегдеси, жону терге чыпылдаганда дестелердин бирине чыкканактап кыйшаят. Качанкы бир өктөлүү окуя көңүлүн сыдырып, көздөрү боз дубалга арбалат... "Шашпа, шашпа, мынабу кире беришке Алибай бийдин мейманканасын, сол танабына дан сактоочу чоң сүкөнүн[1] салганбыз. Мейманканын шыбын коргон барабар көтөрүп, бооруна адам бели батчу эки тешик калтырткан. Эки тешик күндүн нурун алып өтөбү. Ичи сыз турчу. А мынабу мехцехтин базганчылары[2] турган үй бийдин улуу байбичесинин идарасы эле. Кыбылага кенен аткана түшкөн. Тез эле бузулуп кетти. Буюрбаса ошо экен... Алибай бий ушу мейманканасында бир чөгүн чайын түгөтүп иче албады го. Жакшылык бетин көрбөй турган эле да өзү..." Дубалдын көлөкөсү оңго кетип, күн нуру Мадимар карынын жүзүнө чабылды. Ысык аптапка мемиреп, көзү кызыгып уйку азгырды. Орогу колунан жылмышып чоочуду. "Коргонго кирдим уйку басат, тооба. Кой, турайын эрте күндүн барында..." Барсайган тамырлуу салаалары тикен келеби, камгак келеби бачырата чеңгелдейт. Камгакты боолап салса, кышы бою келини тандырга жагат. Ат кулакты күн жегенден кийин таңгактап, чөпкө аралаштырып жыят. Кышы бою бедеге кошуп майдалап берсе, малга май эле.

Колунан келбей жүрөт. Болбосо дубалдын кулаган жерлерин бою жеткен жерге чейин уруп чыксам дейт. Ал оюн бирөө-жарымга угуза элек. Бир жагынан өзү жөнүндө өйдө-төмөн айтылган сөз сөөгүнөн өтөт. "Бул тегеректе темселеп жүргөнүн койбоду. Балдары жетилип, алды балалуу-чакалуу. Ошолору эле түзүк болсо, "ата, карыганыңда эл-журтка кеп болбой, Кудай берген төрдө, ушу жашка чыгардың, ушунуңа шүгүр деп отурбайсызбы" деп койсо, оозунун жели коройбу?" Мадимар кары укса да укмаксан. Өзүнүкүн жасай берет. Кийинки күндөрү узун этектин жамаачысындай болуп коргондун кол жеткен тешиктери бүтөлүп калганын ары-бери өткөндөр байкап жүрдү. Карыга эрмек табылды. Колу бошой калса беш-он чеңгел ылай жасап, өзүнүн кесегине кошуп, коргондун тешиктерин бүтөп коёт.

[1] *Сүкөн – терең казылган ороо.*

[2] *Базганчылар – темир усталар.*

Бир жолу коргон түшүнө кириптир. Азыр кандай болсо, ошондой калыбында экен. Дубалдын кырына минген Өзгөнбай уста адеп көчкөн жерлерге пакса көтөрүп жүрөт имиш. Кутпидин ылайкешин (чалдын илгерки ашынасы) көргүсү келип шашкан Мадимар кары аз жерден коргонго эшекчен кирип кете жаздайт.

"Оо, уста ака, арбаң! Бу сиз каяктан?" деп айткыча болбой, Өзгөнбай уста ошо кырда туруп, "пышаң-пышаң" кылып ыйлайт имиш. "Биз паксасын көтөргөн коргон ушулбу, Мадимар? Жакшы көз салбапсың го, ылайкешим..." дептир да, беркинин бир ооз сөзүнө да такат кылбай, түнкү жарганаттай көздөн кайым болот. Ошондон кийин чал "устам мага таарынды" деп кеп-сөзгө тартылбай, ого бетер чеке-ленип жүрүп калды.

Бечара чалдын табариктей туткан коргонунун чоо-жайы мындай эле окурман...

* * *

Эптеп өлбөстүн күнүн көргөн жатакчылардын төбөсүн тебелеп, адыр этегине коргон салдырууну болжоп жүргөн бий кар кетелек жигиттерин алып кыштоодон жакага түштү. Тоңголок эригенге жердин мээси чыгып, кара баткак. Жылда бу маалда тепкедей жерин кетменде деп, үрөн себүүгө камынып калчу жатакчылардын бирөө да былк этпейт. Бир жактан кудайдын куттуу күнү ак жаан себелеп шаштыны алды. Там үстүнө додолонтуп, күл үйүшкөнүнө болбой тамчы токтобой кээ бир үйдүн төбөсү көчүп, шайды оодарды.

Жерден-жер тандаган бий Шаңхол дайрасынан өйдө Котчан дайрасын жээктеп, суусун алкымдаган кууш капчыгайга келди. Таштан ташка ала салган тоо суусу этекке түшүп жайлаганга агымы билинбейт. Сулкуйган чаар таштар бири-бирине кептелип, жээктеп аккан суудан өзөн бөлүнөт экен. Бий дайраны таштап, өзөнгө жетеленди.

Жатакчылардын айылы ушул өзөндөн суу ичет. Айыл алаканга салгандай көрүнчү тумшукка чыкканда бийдин эмне ойлогонун ким билсин, күмүш сап камчысын суналып аккан өзөндүн сол капталындагы жайыкка булгалады.

– Коргонду ушул тушка салдырам. Эсиңерде болсун, мындан быякка бу ортолукта отурук алган жан эмес, жайылган мал көрсөм, жакшылык көрбөйсүңөр.

Коштоп жүргөндөр жарыша баш ийкешти. Алибай бийдин көз алдына дүпүйгөн бак-шакка көмүлгөн коргону келе калдыбы, көңүлү курсант. Тогуз пакса коргондун курчоосунда пешейваны менен кенен мейманкана, майда идаралар, сүкөн, аткана, жалчы жүргөндөр

баш пааналай турган чакан тамдарга чейин көңүл түпкүрүндө чечкен менен, бий жүрөгүнүн башында жүргөн ою ишке ашабы, жокпу бүдөмүк эле. Көксөгөнү – жаңы коргонго көчкөндө кош-коштоп алган куу шыйрак токолдорунун үстүнө дагы бир токол кошуп, төөнүн көзүндөй жылтылдаган акыркы үмүтүн сынап көрмөк.

А коргондун нугу түптөлбөй кечеңдеп жатты. Ылайыктуу уста издетип туш-тушка жигиттерин чаптырды. Жакын санаалаш деген байдөөлөт адамдардан, алыш-бериште алмаштыргыс ынак өзбек ашыналарына чейин "дубал койгонго колу усулдуу азаматтар табылса кабар бергиле" деген өтүнүчүн айттырганына мына эки жарым айдын жүзү болду. "Бар" же "жок" деген кабар укпай, бийдин ичи бышат.

Күн жылып, мал көккө тоюп калган кезде бийге "ылайкешин ээрчиткен Өзгөнбай деген паксачы Ош тараптан ооп, Ак-Чабууда мандикерчилик кылып жүрөт" деген кабар жетти. Көктөн тилегени жерден табылгандай, эртеси эле устаны алдырды.

Түз эле этектен алган мындай жорукка сөзүнө эгедер жүргөн Өзгөнбай устанын көңүлү кирдеди. Анын үстүнө бийдин пейилин билет. "Дүйнөсүнө ашынган менен, бирөөнүн мээнет-акысына келгенде өлөрчө битир" деп ылайкеши да туйлап, ого бетер айныды.

– Ишиңди билем, билгенден кийин баалайм, Өзгөнбай уста. – Бий учураша электе көңүлдөгүсүн ортого жылдырды. Мандайындагы өгүздөй болгон жигиттер колго тийген иштин майын чыгарарына көзү жетсе да анысын билгизбай салкын:

– Устадан уста тандатып, бычакка сап болорун таппадым. Угушума караганда, коргон көтөргөнгө эбиңер кыйын имиш. Коргонду баалап алгыла.

– Уккан кулакта жазык жок, бий. – Өзгөнбай боз үйдүн улагасында баятан бери туруп турганына арына келип, кебин кээр чыгарды: – Биздин колдон чыккан коргонго "балиден" бөлөк сөз уга элекпиз. А сиздин коргонуңуз бизге чак эмес. Чаркар, аткана болсо башка кеп... жатат! "Томаяк тойсо, иш тандайт" деген сөз илгертен калыптыр. – Бий чыканагын жаздыктан алып тикеленди. Көздөрүнө кан тээп, камылың мойлоосун сыдырып түнөрдү. Жанында тепе тарткан эшендин кулагы да чалдыбы, шуу үшкүрдү. Тепе ташын шыгыратып, Кутпидин менен Өзгөнбайга үңүрөйгөн көзүн жыртайтты.

– Кебетесине караганда булар чөнтөгүн дүйнө тепкен немелер, болбосо колунан түзүк иш келбеген ашкебилер, бийим. Кырмычык издеген мындайларга айткан эсил сөзүңүз. Келишээр дагы... – Айтарын айтып, тепсесинин кырмызы таштарын сыдырып, баш оорутмай эсебине кирди.

Босогодо тургандарга көзүндө огу болсо атчудай тигилген Алибай бий жамандыктан башка эмне издесин. Өзгөнбайлар “айтар сөзүбүз ушу” деп чыга берсе, кылбаган санаты жок неме кызыл камчыга алары бышык эле. Уста муну илгиртпей туйду. Сиркеси суу көтөрбөгөн бийдин чеңгелинен амалга салып кутула албасына көзү жеткен Өзгөнбай шалдайды.

– Майли, айтканыңызды эки кылбайлы, бий. – Өзгөнбай тобокелге салды. Оозун таптап келаткан ылайкешин быкынга түрттү. – Коргонду көздү жуумп, баалап алалы. Бирок, бир шарт менен. Баа биз айткандай бычылсын. Кийин бир теңгесин кемпитип, а-бу дешип бири-бирибиздин көңүлүбүзгө азар берген болсок, коргондун берекеси кемийт. Үстүбүзгө дагы бир ылайкеш кошосуз. Коргон чоң, эки адам каягына жетишет.

– Бул жигиттин сөзү, – бий кара күчкө жайдарыланды. Каны ичине тартылган иреңи ошол бойдон кубарат. – Кудайдын көзү түз, эки сүйлөбөйм. Коргонду чаласы жок бүтсөңөр, чөнтөгүңөрдү пулга шыкайм. А дүйнө деген менде бар. Ылайкешти болсо, өзүңөр издегиле. Көңүлүңөргө толгонун көрсөткүлө. Эртеси шымаланып ылайга түшөт.

Бий маасынын кончун чапкылап, өзүнүн бүтүмүнө өзү ыраазы. “Бая эле оозу шоктук кылбай, ынай берсеңер боло турган. Кайсы алыңарга куу чирендик кыласыңар...” деген какшык карашын сезип турду беркилер...

* * *

Жатакчылардын айылын кыдырып, күсөгөн адамын учурата албагандан кийин Өзгөнбай дайранын аркы өйүзүндөгү Бочой айылына жол алды. Дайранын жалгыз аяк солкулдама көпүрөсүнө жете келгенде, көпүрөнүн аркы учунан бирөө бут коюп калган. Өткөрүп жиберейин деп күтүп калды. Ийининде таар куржуну бар, шадылуу жигит күрпүлдөп аккан тоо суусунан өтүп келатып, берки өйүздөгү Өзгөнбайга салам айтты.

– Каякка жол алдың, уулум?! – деди, алик алгандан кийин уста. – Дайранын күү-шаасында катуу сүйлөшүп жатышты. Жигиттин колдору узун, сөөктүү болчу. Жылаңач этине салган таар чепкени он жамак. Шыйрагы кызандап, жаргылчак шымынын багелеги тизесинде жүрөт. Төбөсүндө жүнү түлөгөн малакай.

– Талкан тарттырганы тегирменге чыккам. – Жигиттин үнү коңур экен, дайранын шоокумун басып кетип жатты.

– Кимдин уулусуң?!

– Сагырмын[1], ака. Атамды элес-булас билем. Апам эс тартып калганымда, селге агып өлдү. Өзүм шу бочойлукмун.

Жонундагы куржунун өйдө серпкен сайын жыртыктарынан сапсары буудай сайдын акактай таза таштарына бадырайт. Дарыянын күү-шаасына көнө түшүштү.

– Ылай ишине кандайсың? Иштеп көрдүң беле?

– Анча-мынча. Ыраматылык атам саман шыбактан башы чыкпай жүрүп, көк жөтөл алып тынды. Жокчулук бир жактан...

Өзгөнбай сөз көбөйтпөдү. Жигит жагып калган. Атын билди. Мадимар экен. Ошо жерден эле өзү жөнүндө, Алибай бийдин зордугу менен ылайкеши Кутпидин экөө анын коргонун баалап алышканын, минтип өзү ылайкеш издеп чыкканын төкпөй-чачпай айтты.

– Мага ылайкеш бол. Баш эсен, боор бүтүн турса, ата ордуна ата болом. Өз баламдан кем көрбөйм, – деди уста.

Бою-башына жыйнак, орундуу кеп урган устаны көргөндө эле бирөөнүн тузуна кара санабаган жан экенин сезген. Жокчулуктан жону жукарган бочойлук жигит устага имерчиктеп, анын сөзүн таштабай макулдугун берди.

– Аркы жумадан коргондун такпайын коюп, ишти баштайбыз. Жатакчыларга аккан өзөндү билесиң да. Бизди ошол жерден табасың. Кайыр эмесе... – Көпүрө үстүнөн жолуккан экөө көпүрө жанынан коштошту.

Мадимар сөзүндө турду. Айтылган күнү шашкеге жетпей өзөн бойлоп жетип келди. Өзгөнбайлар бака теректин түбүндө, чалдыбары чыккан кийиз үйдө экен. Ал күнү коргон ордун өлчөп, төрт чарчы казык кагып, улуу селде агып келген таштарды терип чыгышты. Узун-туурасы жүз кулач жерге таш тизип такпай коюу бир аптага созулду. Өзгөнбай менен Кутпидинге калганда мындай ишти үч күндөн ашырчу эмес. Иштин көзүн билген уста эмнегедир шашпады. Ат тезегин кургатпай өзү, өзү болбосо кезек-кезек жигиттерин чаптырган бий иштен дембе-дем кабар алдырат. Такпай ташы басылып, коргон нугу жерден боорун көтөргөндө Өзгөнбай ишти токтотуп койду. Маалынан өткөрбөй коргон баасын бычып, ажатын ачыш керек болчу. Далай байдөөлөт адамдардын дубал-коргонун бүтүргөн соң, баягы ооз учунда бычылган баа арык аттап, суу кечпей устаны “атаңа бар, энеңе бар” кылып, келекелешкени көкөйдөн кеткис болгон.

– Коош, Өзгөнбай уста, ишти баштай электе алаканың кычышып тыр... Пул кармагың келген го, билишимче... – Алибай бий устанын оюн билсе да, куу такымданат. – Көөнүндөгү бааны айта бер. Качпайбыз...

[1] *Сагыр – жетим.*

Ылай ишин баалаганга келгенде алдына адам салчу эмес уста. Төбөсүнө балта кармап турса да, нак баасын айткандан тартынбайт. Ылайкештери менен асиреттешип чечкен орток бааны айтты.

– Ох-хо, устам! Бу сен ичиме кирип чыккандай сүйлөдүң го. Оюмда жүргөн бааны таптың. Коргон акысына он жандык, үч мүйүздүү мал берсемби деп өзүм да чоттоп жүргөм. Кандай бүтсөңөр, ошол күнү малды алдыңарга салам. Каалаган жагыңарга айдап кеткиле...

Капкан бузуп, тузак үзгөн бий жойпостоп, кудайы момун уста менен берки жер чукуган ылайкештерди сыдыра карап, ичине ит өлөт. "Али куурай башын сындыра элек, пул кармагыңар келет ээ, күлтүгү жок, кысталактар. Шашпагыла, коргон бүтсүн, анан көрүшөм силер менен..."

Бий оозунан жакшылык күтпөй, жылдызы түшүп отурган Өзгөнбөй сөзгө жанданды.

– Ниетибиздин тазалыгын караң, сөзүбүз бир жерден чыкпадыбы! Биз иштин аягына чейин күтө албайбыз. Колубуз ашка жетпей жүргөн маал. Колду караган катын-балабыз ач-жылаңач. Акыбыздын теңин төлөп, азаматтык кылыңыз.

Сөздү жактырбай бий дароо тетирленди.

– Коргондун бир паксасы көтөрүлө элек жатып, пулдун жарымын кармата берген сөйрүктөрдөн эмесмин, билип койгула. Эртең быякка семиз кой жеткиртем, шорпо-шилеңиңерге. Катырмаңарга ун болот. Ишиңерди көрөйүн. Тилиңерден чаң чыгат... – деп корс-корс этти.

– Бирөөнүн акысын жеп кеткен байторсундардан[1] эмеспиз! – Көксөөсү сууган Кутпидин ылайкеш бийдин атын жылоолочудай ордунан атып турду. Ийне саяр жери жок куу чепкенинин этек-жеңин күүп. Алибай бийди көзүнүн төбөсү менен карады. – Бала-чакабыздын күнүн көрөр бекенбиз деп жүрөбүз. Ошолордун карды ток, үстү жылуу болсо, ишиңиздин майын чыгарбасак кудайга коюңуз!

Сыгып алса кан чыкпаган, жалаң жүз бий ыргыштай, ары кетип, бери кетип, миң түрдөнсө да колго зорго киргизген мандикелерин айнытып, арабөк калгандан чоочудубу, орток пулдун жарымын чыгарганга аргасы жок көндү.

* * *

Мадимар таң атпай турган. Бүгүн анын новаты[2]. Ылай жаткызат. Үй ордундай жердин топурагын үйдү да, орто жерин кемегелей суу

[1] *Бейторсун* – сөзүнүн куну жок адам.

[2] *Новаты* – кезеги.

жыгып келмекке басты. Күн көтөрүлүп, табы өзөнгө кетчү жалгыз аяк жолдун таманын жылытып калган.

Билектей суу жетелеген Мадимар арык бойлоп түпсүз санаага чөгөт: "Байга, жакыр-жалчыга, баарына тең адал суу. Жутсаң өзөргөн курсагыңды ток тутат. Чычканга кебек алдырбаган зыкым байлар ушу сууну да бизге ыраа көрбөй, колдон келсе булак башына таш бастырып, мөңгүдөн кулаган сууну бөгөп, пулга алмаштыргандан кайра тартпайт го... Билектей суу уурдайм деп кутулбас чырга калгандарды да көрүп жүрөбүз... Ээ, бир кем дүйнө экен бу..." Мадимар сууну кетмен мизине салып жетелеп, коргон түшүп жаткан жерге жакындайт.

Нанүштөгө жетпей ылай уютту да, кечээ жаткызган ылайына кетмен салып четинен кертип көрдү.

– Оо, Мадимар, суу кайнады! Таң атпай ылай шапшып, өзөгүң карарды. Ого шашпа, тебелеп ийебиз экөөлөп, – деп боз үйдүн ыптасында күйпөлөңдөгөн Кутпидин буу аткан казандагы сууга талкан салып, атала чайды.

– Кечээги сууну калтырбай шимириптир. Арасында ным жебеген кесектер жүрөт. Кичине суу жайпатсак кантет? – деди Мадимар.

– Суудан жылжытып кой анда. Биз тургуча табына келип калат. Дасторконду күттүргөн болбойт, ашына. Дасторкондон улук нерсе барбы... – Тонун желбегей жамынган Өзгөнбай уста көлчүккө малын-ган кетмен-күрөктөрдү кармалап.

Аталага нан малып, курсак кампайтышкандан кийин Кутпидин менен Мадимар ылай тебелеп, ташка көчүп баскан уста найза-бел күрөгүнүн мизин терип кирди. Асман ала булут. Шамалдай түшкөнгө, салкындын барында ишти арбытып алсак деп, үчөө тең ошого шашат.

– Ылайды куп ийлеңиңер. Жетет. Абат ишибиз үчүн бий бешенебизден сылабас. – Өзгөнбай ылайкештерин токтотту да, коргондун пайдубалы түшчү жерди саржан жип менен өлчөдү.

– Өзгөнбай ака, бий мынча чоң коргонду башына урабы? Же тоо-мо-тоо конуп-көчүп ташыркаган ач көздүн этекке түшкөндө көзү тойбой калганбы... – Мадимар бутундагы чокмороктошкон ылайды тараша менен кырып, устасы жакты жал-жал карайт.

Өзгөнбөй кеп төркүнүн илгиртпей туйган, жөндөн-жөн бирөөгө колтук ачпаган неме. Көөнү чыргоолоп турса, улууну-улуу, кичүүнү кичүү дебей тарс бетке айтат. Азыр көмүрдөй мойлоосун эки жакка жаныып, бүткүл кунтун ишке койгон. Адатынча бейкасам чапанынын сол жак этеги белиндеги куруна кыстарылуу.

– Сары ооз балапансың, Мадимар. Канча айтам, силерге бийдин ойлогонун акыл азуум чыккан мына, мен билбейм! – Өзгөнбай жипти күрмө байлап, адатынча алаканына түкүрдү. – Жакында кызык кеп

эшиттим. Чынбы-жалганбы, бийдин төшөк жаңыртсамбы деген ниети бар имиш. Алтымыш эмес, жетимиштен ашсын, дүйнө көптүргөндө көз деген тойбой калат. Айыл ичин мага караганда жакшы билесиң. Мадимар, ти өйүздө Сарык деген куу этек барбы? Таанырсың? Ошонун бойго жеткен, чырай десе чырайдан, бой десе бойдон айткан кызы бар имиш. Ошол бешенеси катуу бир күнү суу көтөрүп, ууга бараткан бийдин алдынан чыгат...

Мадимар ордунан бүргөдөй секирди. Жүрөгү жамандыктын жышаанын сезди, оюп ооруду.

– Ким дединиз, уста ака?! Кайта айтсаңыз?! – Алеки саатта будуңчаң түшүргөн кандай кеп айтып жибердим дегендей уста Мадимарды көзүнүн төбөсү менен таң калып карады. Ылайкеши тикесинен тургган боюнча устанын сөзүнө кулак төшөгөн менен, ойдолоктоп, сабыры түгөнүп барат.

– Аты-жөнүн кулагым чалбады. Болгонун-болгондой айтып атам. Сукулдаган бий ошо жерде жака-белиндегилерден кыздын жек-жаатын сураштырат. Жанындагылар жөн турабы: “Өйүздүк Сарык чаракердин кызы” дешет. Бийдин жүрөгүнө чок түшкөндөй, ал күнкү сейили эсинен чыгат дагы аттын башын кыштоону көздөй бурат. Бийбешинчи аялынын үстүнө баягы кууш пешене чаракердин кызын токолдукка алмак болуп уштапта сазданып жаткан имиш, “Коргонду тез бүтүрөсүңөр!” деп шаштырганы ошондон... “Коргонум бүтсө чоң той өткөрөм” деген сөзү элге жайылып кетиптир. Ушундай экен...

Устанын айткандары кулагына бирде илинсе, бирде илинбей Мадимар ойго чөгөт. “Бул кабарды Паша өзү эшитти бекен, олдо көр татурмуш! Өткөндө мени жадырап-жайнап узатпады беле! Айранмын. Мүмкүн, анда кулагы чалган эместир. Укса да ушак-айың сөз деп зирек неме менден жашырып койду бекен. Бүгүндөн калбай кабар албасам болбос”.

Бейубак кабардан кийин Мадимардын жилкини куруп, мойнунан байлагандай ишке кол учун тийгизимиш болот. Бир жактан күн өтпөйт. Бир күн бир кылымга татыды. Аскиясына оюп жыгылып катырчу Мадимардын бүркөө кабагына карап, Кутпидин да ооз ачпайт. Ылай түбүнө чейин алынып, паксанын он беш кулачтай дубалы тикеленип, күн уясына аркан бою калганда ишти токтотушту.

Мадимар устасынан кечкурункуга кантип суранарын чечкен менен, айтканга батынбайт. “Ачык айтсамбы? Чоочутуп алып жүрбөйүн. “Алыңа жараша иш кылсаңчы. Жыландын куйругун баскың барбы? Кесириң кийин бизге тийип жүрбөсүн, бала-чакабыз алыста, ач-жылаңач. Аларды тентитесиңби? Ушуга чейинки мээнетибизди көккө сапырып, куру жалак калтыргың келеби, эсиң менен бол, балам” дечи. Түрмөк ойдун аягына чыга албай, кечки нанүштөдө өзүнөн-өзү чекеленип, тамагынан аш өтпөдү.

Уста болсо төрдө. Бел курун чечип салып, үйлөп-үйлөп атала ууртайт. Чыныны билинээр-билинбес чайпап, муздатымыш болгон метаалы өтүп кетсе, колго тийеби-тийбейби... Берсе, алып келейин. Тенен, “коргонду эртерээк бүтсөк, бала-чаканын маңдайында олтурсак” деген көңүл кыжаалаты тынчтык бербегенсийт. Мадимар чыдабады. Болгонду көрөйүн деди окшойт, кур шылтоону бетке тутту.

– Өзгөнбай аке, кечки ылайды Кутпидин жаткызат. Эртеңкиге чейин мени бошотпосоңуз болбойт. Бүтүрчү зарыл иштерим бар. Бүгүндөн калса, кетенчиктеп кетет... – Устасын тик багып карай албайт. Өзгөнбай пиаласынан чымын көргөндөй тык токтоду. Алаканына жөтөлдү кара күчкө.

– Паксаны баштай электе чыккан ал кандай зарыл иш экен Мадимар?.. – деди. “Сен билээрсиң?” дегендей, Кутпидинге көз кыйыгы менен карап коёт. – Мындан кийин уурулукка барсаң да ак сүйлөп жүр, балам. Жашсың. Саардан бери үндөбөй асирге зыктап жарылганың кандай бу?..

“Болору болду” дедиби, жүзү кызарса да Мадимар сөзүнөн мүдүрүлгөн жок.

– Өзгөнбай ака, өткөн күздө бирөө карызга мака алган. Берээр маалы өтүп кетсе, колго тийеби-тийбейби... Берсе, алып келейин. Тегирменге тарттырып алсак, загра атала ылай ишине табылгыс оокат болот эле.

– Жөнү бар ондо, жөнү бар экен. Бирөөдө акың болсо, күнүн өткөрбө. Эртеэрээк козголсоң го, жарык-жаанда кайтып калат элең. Караңгыда, ууру-кески мынан көп... – Өзгөнбай пиала түбүндөгү аталасын шыпкап ууртады да, дасторконго бата кылды.

* * *

Буту-бутуна тийбей дикилдеген Мадимардын жолун дайра бөгөдү. Уу-Төрдүн мөңгүсү көөлбүй эрип, суу ташып жаткан. Ташы бадырайып, кебээрсип жатчу сайдын жээгин бербей аккан кара кочкул топон суу жыгач көпүрөнү эбак шыпырган экен. Таш үйүп, бийиктеген эки дөбөчө суу алдында калыптыр. Мындайда эки айылдын, бочойлуктар менен жатакчылардын катышы кыйлага тыйылып, зарыл жумуш шаштырса гана аркы өйүзгө өтүү үчүн туягы күчтүү азоо изденчү.

Күүгүмдө дайра ого бетер сүрдүү. Күлдүрөтө таш агызган жээктен кечүү издеп, убара болбой жээктин туш келген жерине кырк жамак

таар чепкенин таштады. Пайчасын[1] түрүп барып, кайра айныды. Сайдын урчуктуу таштары балтыр этин тытып кетиши этимал. Муздак суу ичиркентип, дароо төбөгө чыкты. Агымды бойлоп, илгерилеген сайын суу денесин копшоп, теңселтип, аяк шилтөөсү оордошот. Суу белине чыкканда сол буту сыйгылчаак таштан жылмышты да, калтылдаган боюн токтотууга шайы келбей түнөргөн иримге аралашты. Аптыгып суу жутту. Чабак урганды каяктан билет. Кубаттуу толкун аны чамындыдан бетер ала салдырды. Жанталашкан Мадимар колдору менен туш келди чапкылап, буттары элдир-селдир бирде ташка, бирде жерге тийип, албуут агымдын бийлигинде калды. Бирок, эсакылын жоготподу. Деми жетпей баратканда суу аралаш аба жутуп, делдектеткен агымдан четтөөнүн аракетинде тарбаландай бергени жакшы болуптур. Ташкын жээкти көздөй сүрдү. Урунду болгон денесинде тырп этээрге дарман калбай, эсеңгиреген бойдон жээкти кучактай кыйлага чейин жатты.

Көзгө сайса көрүнгүс караңгыда баш көтөрдү. Саалдап дайранын шоокуму сол тарабынан чыгып жатканын билди. “Кайриет, жолум оң экен, – Мадимардын тиши шакылдап, денеси калтырайт. – Пашалардын өйүзүндө экенмин...”

Таштарга жанчылган булчуң эттери жанын көзүнө көрсөтөт. Ээрдин кесе тиштеп, өйдө турду. Дайраны жээктей сүйрөлүп, агымга каршы басты. Жанарааста ажал оозуна кармаган күү-шаа эми аны жакшылыкка ээрчиткендей... Шымынан сарыккан суу такымына тамат. Эси-көөнүн бийлеген ой: “Устанын сөзү ушак болгой эле. Чекеме бүткөн Пашамды суук көздөн сактасын. Андан бөлөк кимим бар...” Табияттын албуут күчүн Пашага болгон тунук махабаты жеңип чыккандай чыйралды, аяктарын кенен таштайт.

Көп жүрбөй иттин абалаганын укту.

* * *

Пашанын атасы Сарык кары таманы түлөгөн чаракер. Тогуз томолонуп, бир тапканын жалгыз кызы Паша менен эки уулунун оозуна кармайт. Уулдары көк жашык. Бойго жеткен кызынын көзгө түшкөн маалы. Тал чыбыктай буралып, карагаттай көздөрү көргөндүн кумарын козгойт. Чабалекейдин канатындай каштары өзүнөн-өзү кагылып, чырайы жайнай түшөт.

Кары кызынын өңү-түсүнөн, баскан-турганынан ыраматылык кемпиринин тааныш кыял-жоругун туюп, ичинен теңирге миң ирет жалынат. Чачы өрүмгө кирип, колуна шыпыргы кармап калган чагын-

[1] *Пайчасы – багалеги.*

да энесин шишик басат да, дарт дабасы табылбай о дүйнөгө жүрүп барет. Паша эне мээримине жылынбаса да, зээндүү өстү. Инилеринин кирпигине кир жугузбайт. Түйшүк, түбү жок санаа кемирчээк ийинин капшыра баскан менен зоо бооруна чыккан четиндей күндөн-күнгө жайнап, көкүрөгү толуп, чачы узарып келет. Алтын күл дөбөдө жатса да, жарк этип, көз тайгылткан мисал табият зыяпат кылган чырай жокчулуктан көөнөрбөдү.

Атасы ар иштин эбин тапкан уста. Үй жаап, жыгач иштерине да мококтук кылчу эмес. Саман шыбакка, пакса көтөргөнгө шымаланып, бу өзүмдүкү эле, аркы бирөөнүкү эле деген көңүл коштукка алдырбай, колго кирген иштин үзөнгүсүн тең тээп жүргөнгө көнгөн. Мадимар экөөнү жок турмуш табыштырды. Өйүздүк Атабек байдын атканасын бирге баалап алышканда, Сарык кары мурунку кайратынан кайта түшкөн маалы эле. Бирок, жеңил жерин жан адамга билгизбей паксага нык минип, керээли-кечке ылай басат. Анысы аз келгенсип, кез-кезде ылай ыргыткан Мадимарды күүлөп, шаштырганычы...

Пашаны көргөн күнү Мадимардын эсинен түк чыкпас...

Намашамда паксаны бир тегеретип бүтүштү. Дубал күн жеп катыса, бүрсүгүнү сардубалын көтөрүшмөк. Ошондо жарым айга жеткизбей атканаңы колдон чыгарышмак эле. Кары эшегин токуганча иңир коюуланып, көз байланды.

– Бүгүн биздикине жүр. Ылайга түшкөндөн бери эшик-төрдү көрө элексиң, – деди Сарык кары. Аны колтугунан сөйөп, эшегине мингизгени жаткан Мадумар кыйыктанды.

– Үйгө эле барайын, аба! Төрүмдө жатпасам, бирөөнүкүндө уктагандай болбойм. Бүржөлү көнүп алыпмын ошого.

– Кантет, бу, биздин үйдөн жылан чыгыппы? Жалгыз эмесмин, балдар бар. Өз баламдай көрүп жүрсөм, меникин бирөөнүкү дегенче жол болсун, баатыр... Жатаар жай, жетишээрлик оокат табылат. – Тизгин тартып калган карынын кебинен өтө албай бууналган Мадимар аргасы жок алдыга түштү.

Сарык карынын үйү капчыгайдын чатында, дайранын жайылып аккан жээгинде экен. Жанындагы эски тегирмен күлдүрөсө, жапыз, көлөкөдөй болгон там калтырайт. Үйдөн чырактын бүлбүл жарыгы чыгат. Мадимар босогодо туруп калды.

– Мадимар, жатыркаганды кой, биздин үйдү өз үйүңдөй көр, – деди кары аркасынан келип.

Бөлмө тар. Ным жыттанат. Чырактын жарыгы төр жакка жетпей очоктогу от улуу күйгөндө үйдүн ичи чоң үңкүргө окшоп кетет. Ичкериге көзү саал үйүр алгандан кийин кепкир менен казан аралаштырган бойго жеткен кызды, очок боюнда тизелерин кучактаган эки

баланы аңдады. Балдар Мадимарды байкаган жок. Эки көзү казанда. Оттун жарыгы кыздын кыжым кемзелинде, анардай албырган жүзүндө ойной калат.

– Үй ушу, бу балдарым. Энесин жеп алышты, кем ырыстар. Бешенеме бүткөн Паша деген жалгыз кызым ушу. Бассам-турсам айтып калам го. – Карынын сөзүн бөлбөй Мадумар башын ийкейт.

Кыз меймандын ызааты кылып: "Жогору өткүлө" деп колуна кирген төшөгүн жая салды. Кайсалап бирде оромолун оңдосо, бирде этек-жеңин ылдый тартып өзүнөн-өзү кымырыла берди. Көз курчун отко алдырган балдар төр жактагы меймандын ким экенин ажырата албай кылчакташып коёт.

– Ээ-э Мадимар, кыз бала үйдүн куту, жабылуу сандык экен. Пашам жанымда турса, бу дүйнөм түгөл көрүнөт... – деп Сарык кары казандын жанында кичине турду дагы, "сен беймарал дам ала бер" деп өзү сыртка чыкты.

Мадимар "үй ичин ыш каптап калыптыр" деп ойлоду. Балдардын ийининен соймоңдогон жалын шыпка басылган сары камышты, туура жаткызылган майда пакана жыгачтарды элес-булас чалат.

– Кана, кийин болгула, үшүк ургандар десе, буларды очок боюна кадап койгон. Майга куурулуп өлбөгүлө, – деп кары бир кучак отун көтөрүп кирди.

Балдар пештегенге былк этип да коюшпайт.

– Катырма жеп отуруңуз, – кыз казандан жаңы алган катырмадан жыгач табакка үйүп, салып келди. Ооз тийген Мадимар:

– Катырма ширин бышыптыр, – деди.

– Караңгыда жакшы көрүнбөй көбүн күйгүзүп алдым окшойт, – деди мактоо сөзгө ийменген кыз.

– Күйүк-мүйүгү жок, – деп кайра аны актап койду Мадимар.

– Келиңиз, ысыгынан дагы салып келейин. – Паша очоктон бери басты. Колдору, өзгөчө манжалары келишимдүү эле. "Үнү дирилдеп, ырдап аткандай эшитилет экен" деп ойлоп койду Мадимар.

– Бар, бар. Убара болбоңуз. Жетет ушуягы. – Ылайкеш шашып кетти, – катырмаңыздын даамы таңдайымда калды...

Ал кыздын кичи пейилдүүлүгүнө, төгүл-чачыл ачыктыгына ылайык сөз айта албаганына ариетине келет. "Көрчү, "жарды да болсоң, ардуу бол" деп бекеринен айтылбаптыр да..."

Кыз башын көтөрбөй, бут учу менен басат. Сыртка чыкса, оттун табын ала кеткенсип үйдүн ичи салкындай түшөт. Өрүктүн бутагы "чырт" эттире чок ыргытса, балдар бири-бирине ыктай калышат.

Дасторкон жайылды. Малдаш курган Сарык кары Пашага карап:

– Бу жак биздин ылайкеш, кызым. Мадимар дейбиз. Ылайдын адебин берет. Желимдей ийлеген ылайын ура бер, чарчабайсың. Уста боло турган шыгы бар.

– Коюңуз аба, мактай бербеңиз көөнү менен, – деп ойдолоктоп жиберди Мадимар.

– Болгон кепти айтып атам... – деди кары.

Дасторконго анда-санда кол созгону болбосо, Паша көбүнчө иниларине боор төшөп, кепке аралашпайт.

– Насиптин буйруганын, жакшы даамдын үстүнөн чыктың, Мадимар. Мынан биякка чакыртпай-эттирбей эле кирип тур. – Жыгач табактын майын бармагы менен жалаган кары сызылгандай, – балдарды болсо көрдүң. Кабыргасы ката элек. Ырыскысы түгөнбөсө, эптеп күнүн көрүшөр...

Паша өйдө туруп, казан жакка басты. Жүккө жөлөнгөн бойдон балдар уктап калды.

– Шүгүрчүлүк келтириңиз, аба. Мөгдөгүдөй эмне... Бу мончоктой балдарыңыздын бешенесине имне жазганын билесиз. Чынардай болуп бойго жетсе, сизди алаканга салып багышат. Болор-болбоско көңүл чөгөрө берсеңиз, жаныңыздан жан калабы...

Мадимар карынын көңүлүн ачар сөз издеди. Баягы адатына салып, тооруй, "кана аба, "жигит маалымда жамбашчыл элем" деп калысыз, бир беш алышалычы. "Бөрү карыса, бир койлук алы бар" дейт, деп ар жагына, бер жагына чыгып сүрөмөлөсө, Сарык карыянын чытылган кабагы жайнап, карпаң-күрпөң билек силкише кетчү. Азыр ошол азил-тамашаны эстеди.

– Катырмадан алып отур, Мадимар.

– Алып отурсаңыз, – дейт Паша да атасына кошулуп.

– Алып атабыз, алып атабыз, өзүңөр... – Мадимар "өзүң да жесең, Паша" деп айтып жибере жаздады.

– Күн өтө берет экен. Кылбаган ишим калбады, Мадимар, – деди кары. – Жокчулуктун айынан мандикер жүрдүм, кербенге кошулуп төө жетеледим, базар аралап далдалчылык кылдым, жукпайт экен. Оштун мал базарында жүрсөм, ноопас кармаган бирөө кол булгайт. Тааныбайм. Кардар таап, малын соодалап берсем, колума ширинкене карматыштын ордуна: "Ука, түрүңө карасам, ар ишке жөндөмүң бар неме окшойсуң. Керээли-кечке кол силкип, чай пулдук чака тапкандан көрө, ынансаң, мага кошул. Пакса көтөргөн устамын. Элдин үйү, малканасы болобу, дубалын экөөлөп баалап алабыз. Усулумду үйрөтөм" дейт. Болсо болор, болбосо жок дедим да, Пашанын энеси менен акыл курдум. Жок дебеди бечара. Ошентип тажик устанын аркасы менен дунган, өзбек байлардын эшигинде ишин кылып жүрө бердим.

Акыны түзүк төлөшөт. Жеген оокатыбыз бекер. Чөнтөк курук эмес. Апта сайын устамдын уруксаты менен үйгө барып келем. Булардын апасы кош бойлуу. – Кары бошогон пиаласын бербей, алаканында тегеретип, маркум аялынын элесин көз алдына келтире албай турган-сыйт. Кыйлага чейин сөз үзүлдү.

– Дейди иштен ылай иши төөчөлүк өйдө экен, балам. Паксага колум көнүп, чөнтөккө кичине дүйнө топтолгондо устама кеп салдым. "Аялым ай-күнүнө жетип турат. Сиз менен айлап жүрүп, кемтигим бүтөлдү, оозум ашка жетти. Ыраазымын. Эми үйгө кайтайын" десем, мээнеттен башканы билбеген тажик устам бөгөт болбоду. Кайтарымда "колуң жумшарды, пакса басканга көндү. Бул ишти асти таштаба" деп безилдеп калды. Үйгө баса бердим. Иш чыга берди. Шерик албай жалгыз иштейм. Уста атыгып кеттим. Ага чейин бу Пашам туулуп калды. "Өлбөгөн адам алтын аяктан суу ичет" деген ырас экен...

Мадимар сыртка чыкты. Муздак сыдырым денесин чыйрыктырып, сүттөй жарык түндүн керемети азгырып турду. Жапыс тамдын үстүнө толгон ай илинип, байтеректердин учуна тийип-тийбейт. "Паша чыгып калбасын" деп Мадимар эшик тарапка кылчактайт. "Кокус чыгып калса, шок кыялым кармап, жолун тоссом, үндөбөй өтүп кетсе абийирим ошондо төгүлөт го..." Бир кыйладан кийин ичкери кирди. Төр жакка жууркан төшөлүп, башына карынын чепкени жаздалып калыптыр. Паша очок боюнда жаткан инилеринин четине кырк жамак чапанга оронуп, бүк түшүптүр. Уктаганы же ойгоо жатканы билинбейт. Пашанын көзүндөгү отту элестетип, очокто чок жылтылдайт.

Мадимар түш көрдү. Коюу түн экен. Тоонун чокусунда жалгыз отурат. Айдын чыгышын зарыгып күтөт. Үркөр жылдыздардын шоласында аркы боордон кимдир-бирөө эле кол булгайт. Элес-булас... Өңү таанылбайт. "Сен кимсиң?!" дейт Мадимар. "Мени чакырган сен кимсиң?!" деп кыйкыргансыйт. Доошу чыкпай жатканын билгенде, жүрөгү ого бетер тыбырап, талпынат. Баскысы келет. Аягы шилтенбейт. Айды күтсө, ай чыкпайт же... Аркы боордо кимдир-бирөө элес-булас кол булгайт...

* * *

Ошондон кийин Мадимар иши болсо, болбосо да карыныкына көп келчү болду. Балдар да көнүп калды ага. Жол карашат. Эки-үч күн көрүнбөй калса, "акам качан келет?" дешип, Пашанын жанын койбойт, а кечинде Сарык карынын шаштысын алат. "Зарыл иши чыгып калгандыр, бүгүн келбесе, эртең келет" деп балдарынын сүйүүсүнө

арзыган ылайкешине жетине албайт. Мадимар куру кол келбейт. Миталменен Өсөргө деп жанына шире, алма, өрүк сала келет. Таппай турган балдар талап кетишет. "Мениki көп, сениki аз" деп чукчуңдашкан инилерин тынчыта албай Паша: "жөн эле койбойсузбу. Саартан-кечке ооздору тынбайт. Жегендери эле ошо" деп коёт бирдей.

Бир жолу Мадимар кары жокто келиптир. Атайлап келгендей уялды.

– Абам үйдө жокпу? – деп карынын эшеги байланчу казык бош турганын көрсө да жортеки сурады.

– Келип калар, кирип отура туруңуз. – Пашанын төбөсүндө көркүнө-көрк кошкон майда көчөт гүлү бар ак жоолук. Кашы-көзү капкара. Мадимар саамга кадалып калганын туя койгон кыз очок боюнда тегеренди.

– Паша, чайга убара болбо. Ичтик. Кантип жатасыңар? – Мадимар босого аттады.

– Бизде имне кеп болот, өзүңүз сүйлөп отуруңуз. Байдын аткана-сы жакындадыбы?

– Үстүн жапсак, кутулат элек. Жыгачы даяр болбой, колду кармап турат. Иштин оору кетип, жеңили калды.

– Атамдын уйкусу бөлүнүп жүрөт. Сизге айтпаганда кимге айтам. Сыркоолоп жүргөнүн бизден жашырат. Оокатка да ичтейи жок. Чыракгыынан эле билгизбейт...

– Жакшы айттың аны. Өзүм да сезип жүргөм, Паша. Силерди ойлонбосун дегени да жарыктык...

Экөө тең жер чукуп, кыйлага тунжурашты. Паша кош өрүм чачын ийин ылдый таштап, дасторкон жайды да, сырттан кумган менен жыгач кесе кармай кирди.

– Колуңузду чайкап алыңыз. – Паша эңкейе бергенде билектей кош өрүмүнүн бири табак кармаган колунан артыла келип Мадимардын билегине тийди. Сууну сызылтып куйду. Кареги билектерине кадалганын сезген Мадимар кумгандагы суу түгөнбөй ага беришин самап турду.

– Ко-ош, ыкыбалдуу бол, Паша! – Мадимар колдорун колтугуна кысты.

* * *

Байдын атканасына бир айдан бери кол тийбей, дубалы урулганы менен, үстү жабылбай турат. Кыйылган теректер какшып кургаганча, кокустан эле Сарык кары ооруп, жатып калды. Кирип-чыгып, бүткөн атканасын көргөн сайын Атабектин куйкасы курушат. Мади-

марды көргөн жерде жакадан алчудай демитип кирет. Өткөндө оропара чыгып, аты менен өмгөктөтө камчы кезейт.

– Жайлоодон мал түшсө, каякка батырам. Колунан иш келбеген, ашкебилер. "Көрөсүз, бир айга жеткирбей дубалын тикелеп, үстүн жабабыз" деп касам ичпединер беле! Алынар жетпегенден кийин бок жегени алдынарбы? Бириң келсең, бириң жок. Мындай "өнөрүңөрдү" мурда билсем, иш эмес тамаркамдын тушуна жакын жолотпойт элем, куу этектер, – деп оозунан ак ит кирип, көк ит чыгат. Байдын заар тилине чыдабай Мадимар каяша кылган.

– Алкына бербеңиз, бай. Кудайдын күнү көп. Абам аягына турса, ишиңиз бир күндүк. Ынабайт экенсиз, башка мандикер таап алыңыз. Ишиңизди атайлап кетенчиктеткен адам жок.

– Шашпагыла арамзалар, мурдуңардан чүчө куртуңарды түшүрбөсөм элеби... Менин ким экенимди биле элексиңер...

– Аркы дүйнөгө өтүп кетпейбиз, бай. Арчылган жыгачтар как жесин, керекпи, атканаңыздын төбөсүн өзүм эле көтөрүп коём. Кекене бербеңиз... – дегенде бай алынып кетип моюн толгогон ылайкештин төбөсүнө камчы басты. Мадимардын малакайы чаңга тоголонду. Баш кийимине эңкейгенде аттын башын кайрыган бай эңиле калып камчысын экинчи жолу шилтеди. Мадимар шамдагай секирип, жолдун четине чыга качты. Дагы бир качырса эле Атабекти "колун кайрып, жерге сүйрөп түшүп, өлөрчө токмоктоюн да, колунан келгенин көрөйүн" деп калган. Жамандыкты сезген кексе неме ызырынып, басты-рып кеткен. Ошондон бери байдын эшигине басып барганды токтоттү Мадимар.

Иш чатагына айланды. Сарык кары оңолмок турсун, күндөн-күнгө каруу-күчүнөн тайып, чырактай эле көздөрү жылтырайт. Баш көтөргөнгө шайы жок. Бирок акылы тунук, тили буудай кууруйт. Үйдөгүлөр ошонусуна да шүгүр дешет. Эки бала менен Пашанын ишенген, арка-бел туткан аскар тоосу кары эмеспи...

* * *

Мадимар токол тамында ойгонгондо күндүн көзү көрүнүп калат. Аңгыраган тамы муз менен таш. Жайдын күнү да ушу. Пахтасы сүзүлгөн жука төшөгүнөн туруп, үстүнө ным тиштеген кийим-кечесин илип-илбей эшикке чыкканча шашат. Тамга кулпу илбей (колго илинчи буюм-суюму болсо экен) аңырайтып таштап, өйүзгө, Сарык карыныкына жөнөйт же майда-чүйдө иш чыгып калабы деген үмүткө жетеленип, саар-кеч байлардын эшигин күзөтөт. Кетип баратып,

токол тамына кылчактап, жыртык ободону жамынып түн өткөргөнүн ойлойт дагы көздөрү каканактайт.

Мадимар келгенде Сарык кары башын бийик койдуруп төрдө жаткан. Паша да, балдар да көрүнбөйт. Босого аттаган Мадимарды көрүп кары баш ийкей, "убагында келдиң" дегендей жылмайымыш болуп, жанынан орун көрсөттү. Терезе өңдөнтүп оюлган тамдын боорундагы кетмендин пешиндей тешиктен төгүлгөн күндүн нуру чалдын жаздыгынан чокчойгон сакалын көздөй билинбей жылып келатты.

– Табыңыз кандай? – деди Мадумар чалдын жанына малдаш куруп, – өйдө-ылдый басыш да керек, жата бербей...

– Ээ балам, бу биринчи жыгылышым эмес. Мурда да башымды кесел чырмап, оңолгонума жарым жылча болгон. Минтип дагы тоорду... Ылайдан башым чыкпай жүрүп, тапкан пайдам ушу. Нечен табыптарга түштүм. Аларың да колду карайт экен. Куру кол барсаң, "бээ десең төө деп" көңүлү жок, ооз учун эптеп кыбыратышат..

– Түзүк элесиз, жаман ойго алагды болбоңуз, аба, – деп карынын билегинен алып, тамырын кармады.

– Суугуң ашкан, ылык жүр дешет. Антип кол учунан иш кылсам, балдарымды ким багат. Саргайып дагы кимдин оозун карашат. Буягына да башым маң.

– "Сабырдын түбү сары алтын" дептир го, аба. Күндүн жаманы кетет... Уштапта каржалган бир силерсиңерби? Биздин колубузга да карга чычаар... – Мадимар өйдө туруп, эшикти ачып койду. Тоо тараптан жорткон жел үйгө удургуду.

– Пашалар бир жакка чыгыштыбы? – Мадимар сурарын-сурап алып, өзүн коёрго жер таппай, жүзү дуулдап чыкты.

– Саарлап отунга барабыз деп, Котчандын капчыгайын өрдөп кетишкен. Тандырга да, очокко да тамызгыга тараша жок калыптыр, – дегенде Мадимар отура албады. "Канча марта келдим, бир ирет отун сууңар кантип атат дегенге жарабаптырмын" деп өзүн-өзү жекирди.

– Мен ошо тарапка барайынчы, – деп шашкалактаган ылайкеш кайра карыны жалгыз таштаганды ыраа көрбөй босогодо буйдалды.

– Жалгыз болуп имне... Өзүмдүн үйүмдө да жалгыз боло белем. Чөөгүнгө суу толтуруп, жакыныраак коюп кет. Жата турармын. Тырбаландап, караган-тикенге аймаланып, отун чогулткан балдарын шыптан көрүп жаткандай кары созултуп үшкүрдү.

– Жетээрим менен Пашаны быякка жөнөтүп ийем! – Ал босогодон карынын карегиндеги жылтылдаган жашты көрүп калды. Жүрөгү мыкчылды. "Бу кембагалдын кимге залалы тийди, куу турмуш, мынча неге тооруйсуң, жамандарынын ырыскысын үзө көрбө..."

* * *

Мадимар капчыгай менен көп жүрбөй жылаңач боордо арчанын куураган бутактарын чаап-чогултуп жүргөн Пашаларга учурады. Үч-төрт өпөйгөн отун үймөктү айланып, тике маңдайдан чыкканда Митал менен Өсөр так секирди.

– Мадимар ака, Мадимар ака, бизди кантип таап келдиңиз? – Балдар эки жагынан чыгып кучактап калды. Паша жүзүн көтөрө албай четте. Бала болгондо берки экөөнөн калышпай Мадимарга биринчи жетип, бой таштайт беле... Эки баланын бешенесинен сылаган Мадимар:

– Паша, сен үйгө кайта бер. Абам жалгыз экен. Калган ишти өзүбүз бүтүрөбүз, кандай дейсиңер баатырлар?! – Митал менен Өсөр жарыша баш ийкешти.

– Отун чогултам деп убара болбоңуз. Ушуягын эки-үч ай тандырга жаксам болот. – Паша колундагы кызыл табылгыны жанындагы үймөккө ыргытты.

– Пашажан, – Мадимар "жан" деп аны биринчи аташы. Боюн алоо каптап чымырады. – Мени бөлөк-бөтөн дебе. Бир төө таман сагырмын, абамды атамдай көрөм... Колунда бар адамдан артык жардам берди... Доошу каргылданып, үндөбөй калды. Капчыгай ичи ала көлөкө. Анда-санда сагызган шакылыктайт. Балдар шагылдан "уюм туудуга" сакадай тоголок таштарды издеп кириштти.

– Мадимар ака, – Паша да "Мадимар" деп бүгүн биринчи аташы, – чынын айтсам, сизге көнүп калдык. Атам күндөн-күнгө ылдыйлап... Имне болот, имне жок... – деп өңү өчкөн кемселине жүзүн катып жашыды. Майда өрүм чачтары солкулдайт. Мадимар алапайын таппай, кыздын ар жак, бер жагына чыгып, жубата албайт.

– Паша дейм, Паша, кой көзүңдү жаштаба! Этекке жетсе, жеңге жетпеген бу турмуш ушинтип эле турбас... – Кыз токтоно албай өпкө кагат.

– Жарык-жаанда кайткыла үйгө! – деп Паша энтигип, керкисин үймөккө сайды да, кичине отун колтуктап ылдый жүгүрдү. Мадимар токтоно албай кыздын соңунан кыйлага чейин ээрчий басты.

Өйдөдөн Миталга жолугуп, колунан орогун алды.

– Дам ал. Мен булардын чоң атасын үч коргондон көрсөтөйүн, – деп орок мизине бармагын жанып көрдү. Мурду учун тердетип, жашыл чым баскан ташка көчүк баскан Митал:

– Отундун кени ушул жерде экен, Мадимар ака! – деди.

Чачын үрпөйтүп, бир кучак отун көтөргөн Өсөр чоң таштын далдаасынан чыкты. Чарчаңкы. Агасына бурулду:

– Табылгыга орогум өтпөй койду. Мокоп бүтүптүр, өгөөнү берчи.

Митал өтүк кончунан өгөө сууруду. Өсөрдүн көзү Пашаныкы. Капкара. Мурду кайкалап, ошол эле айырмасы болбосо, аны "Миталды тартыптыр, жоош экен" деп айтканга ооз барбайт. Кыялы чорт. Болор-болбоско түсүн үйрүп, жинине тийсең колуңдагысы менен атып урат. Бала да. Ага караганда Митал киши болуп калды. Балакатка жетти, токтолот деп коюшат турбайбы...

– Кыркылбаган отунду көрөлүчү, – Мадимар кош табылгыны бир шилтеп, үзө чапты да үймөккө ыргытты.

– Өзүңүзчө чогултуңуз, биздикине кошпоң! – деп Өсөр тура калды тызтаңдап. Мадимар үндөбөй топ караганды чаап, үймөккө дагы кошту.

– Өсөртай, – деди кыйладан кийин ал ороктун сабына оролгон курмушунун самсаалаган учтарын үзүп жатып. – Меники менен сеникинин айырмасы кайсы. Бүгүн силерге чапсак, эртең мага чогултабыз.

Балдар бири-бирин карап күлүп коюшту. Бирөөнүн чапкан отуну өздөрүнүн үймөгүнө кошулса, иштин кызыгы кайтып, мурдагыдай болбой каларын өзүмчүл бала сезбей коёбу... Таштын коңулундагы айран куюлган чанач менен оромолго түйүлгөн катырманы балдар ортого коюшту.

– Мадимар ака, келиң, шам-шум этебиз, – деди Митал.

– Жаңы келбедимби, кардым ток. Мага карабай иче бергиле.

Мадимар келгенден кийин иш арбыды. Капчыгайды көлөкө басып, аба муздап, доош жаңырыктай баштаганда ишти токтотушту.

– Кеч кирди. Үймөктөрдү таңалы, эшекти каякка аркандагансыңар? – деди Мадимар.

– Отунду таңып, боор ылдый кулатабыз. Жолунан чыкканын күмжам кылып, этекке барып түшөт. – Өсөр азыр кызык көрө тургансып көздөрү жайнап, кайкы мурдун кагадык жеңи менен сүртүп коёт.

– Эшек этекте, тушап койгонбуз, – деди Митал.

Аргамжыга чирене таңылган адам көтөрө алгыс эки таңгакты биринен кийин экинчисин боор ылдый кулатышты. Бири дайранын жээгине барып түштү. А Өсөр менен Митал түрткөн таңгак капталдап кулап, аз жерден боз эшекти жалпайта коюп кете жаздады. Бечара жамандыкты сезгендей таңгак бута атым калганда секиренделп, четке чыга качты.

Таңгактарды эшекке артып, калган-катканын Мадимар жонуна көтөрүп, бешим кеч жолго чыгышты. Балдардын бири эшекти жете-

леп, бири айдап алган. Капчыгай менен муздак сыдырым жүрүп турат. Аркы чокунун кылда учуна кызыл эт илип койгонсуп күндүн акыркы нуруна боёлуп, үстүндө бүркүт каалгыйт. Сулкуйган таштарга таңгак тийсе, жоргологон эшек очорулуп оңолот. Акырегин жип кыйып Мадимар эңкее калып жонундагы таңгакты жогору серпет. Жылгадан чыга бериште эшек жетелеп кетпарткан Өсөр бакырып жиберди.

– Шорубуз куруду. Абдыкаардын жигиттери!

Эшек тык токтоду. "Кы!", "кы!" деп келаткан Митал да үндөбөй калды. Мадимар алдыга өттү.

– Отунду дагы алдырат турбайбызбы, – деп Митал чыркырап жиберди. – Булардан кутулбас болдук. Пайлап турушкандай!..

Зилзила болгон Өсөр эшектин жибин таштап кетенчиктеди.

– Баса бергиле, баса бергиле, коркконго кош көрүнөт. – Мадимар балдардын эси чыкпасын деп жубатымыш болгону менен, жүрөгү жамандыкты сезди. Байыштык Абдыкаар байдын эрке талтаң баласынын зөөкүрдүгүн билчү. Бирок, азыр көпкүлөң жигиттери менен минтип ээн капчыгайда беймаал жүргөнүнө акылы жетпеди. Жыт алыштыбы?..

– Камчы менен чапса, оо күнкүдөй бирөө-жарымын сөгүп жүрбө! Бу жоон билектер жакшылык кылган эмес бирөөгө. – Митал инисине эс үйрөтөт. Мадимар жонундагы отунду таштап, ага жөлөнүп олтурду. "Улактан келаткан тоолуктар бейм, көп кайгайга түшпөгүлөчү" деп айткыча болбой, эки-үчөө ээрден оолжуй бери чаап жөнөдү. Өсөр агасын быкынга түрттү.

– Качтык! Баягыда "биздин кыштоодон дагы отун алганынарды көрсөм, шыйрагынарды чагам!" деп ат менен кууганы эсиңден чыгып кеттиби? Кеттик! – деп запкыдан жүрөгү өлгөн бала тыбырчылап ордунда туралбайт.

– Коркпогула, айланайындар! Жер-суудан бери коруй берсе, кантип күн көрөбүз! – Мадимар өзүн сабырдуу тутайын десе болбой жүлүнүндө кан дүүлүгөт. Ордунан тура калып, чаап келаткандардын алдына мынабу сулкуйган таштарды туура тартып койгусу келет. Кайдан...

– Мага камчы көтөрсө, туш-тушка качкыла! – деп балдарга эскертти. Алар Мадимарга корголошту. Чекесинде жаңгактай томугу бар, кундуз тебетейин чекесине койгон жигит камчы менен боз эшекти башка чаап өткөндө, бели ийилип, алы куруп зорго турган жаныбар айланбаш болуп, ордуна тегеренип-тегеренип кетти. Денеси үркköн балдар бири-бирине ыктайт. Камчы сабы менен кашкар өтүгүн чапкылап, патек бой, челек курсак Абдыкаар байдын уулу Сатимбай же-

тип келди. Саландаган эки бети бозого тамылжыйт. Ыржаңдап, Мадимарды тегерене бастырып, бөжүрөгөн балдарга эңиле ызырынды.

– Сарык этексиздин жетимдери, кысталак. Колу туткактыгын калтыра албай койдум. "Кулдун жаны, иттин жаны". Ийлегиле, бирөөнүн дүйнөсүнө көз арткан кандай болот экен!

– Чекесине чертип көргүлөчү! – Мадимар балдарга ынтылган эки жигитке оро-пара тура калды.

– Мынаны кара, ылайкеш, жонуң кычышкан экен. Ылай иштен уурулукка өткөн турбайсыңбы! – Азуусун айга жанган неме камчы жазгап, бирок чапкан жок.

– Ууру болуп кимдин жыйган-тергенине кол салыппыз? Сарык карыны кесел чырмап, төшөгүнөн тура албайт. Өлбөгөн жанга отун-суу керек.

– Мендей куу этекке болсо, онун чырайлуу кызы керек де. Биз жыландын кепшегенинен өйдө билебиз. – Сатимбайдын сөзүнө тегереги кыраан-каткы түштү.

– Отунду түшүргүлө! – дегенде жигиттери шапа-шуп эшектин жүгүн оодара тартышты. Бири Мадимар көтөргөн таңгакты тоголото берээрде анын колуна жармашты.

– Мында акыңар жок! Мээнетибизге ич күйдүлүк кылбагыла!

– О сенин мээнет-акыбетиңдин!.. Өмүрү жалчыган эмессиң, баскан-турганың уурулук! Дагы каяша кылып коёт.

Өгүздөй жигиттер Мадимарды жарга такап, бирөөсү байкатпай камчынын сабы менен төбөгө чапканда, чагылган жарк-журк эткендей көздөрү алачакмактап кетти.

– Качкыла, айланайындар! – дегенге жарады Мадимар. О туштагы балдардын изи сууп калган. Торпок тартышкан алибеттүү немелер кол кайрытпай Мадимарды башка келеби, ичке келеби тепкилеп, отунду болсо жардын кырынан дайрага тоголотуп кете беришти.

...Жүгүнөн жеңилдеген боз эшек тааныш жолго салып, үйдү көздөй жортот. Ээри бир капталына шыпырылган, чубалжыган жибин тепсеп мүдүрүлөт...

* * *

Мадимар Сатимбайдын жигиттери менен кагылыша түшкөндө Митал капчыгай өрдөп, иниси дайранын жээги ылдый бой урган. Жардын түбүндө жаткан Мадимарга биринчи Митал жетти.

– Ака, катуу уруштубу?! – деп тишин кычыратып Мадимардын башын жөлөдү. Анын жүзү кан, көк-ала. Кийими дал-дал айрылган.

Таштын далдаасынан үрпөйүп, баш баккан инисине кол булгады Митал. Келээри менен сууга жумшады. Өсөр калдастап, эмнеге суу сузуп келээрин билбесе да дайрага жүгүрдү. Акылыңдан айланайын десе, үстүндөгү кырк жамак, таар көйнөгүн чечип, сууга матырды. Бутуна кирген чөңөргө, ташка карабай көйнөгүнүн суусун чуурутуп, өйдөгө тызылдады.

Бети-башын жуугандан кийин Мадимар кичине эсин жыйды. Иреңине кан жүгүрүп, оозанганы балдар.

– Силерге катылган жокпу? – деп сурады. Сатимбайдын жигиттери тамагын кыл жип менен бууп кетишкендей үнү кышылдап зорго эле чыгат.

– Сизге ынтылышканда эле качканбыз, – деди Митал жер тиктеп.

– Эшегиңер кана? – деп Мадимар турам деп жер таянып тура албады. Ээрдин тиштеди.

– А дагы качыптыр... – деди Өсөр.

– Бизден мурда качыптыр, – деп койду жер тиктеген агасы.

– Отунду дайрага тоголотуп ийишти. Биз карап турдук. – Өсөрдүн көздөрү каканактайт. Таштан-ташка ала салып агып бараткан отундар көзүнө элестеп, Мадимардын ичи туз куйгандай ачышты.

– Эсен кулга мал бүтөр... – деп тиштенди Мадимар. – Кана, жөлөп койгулачы, турайын.

Мадимар балдардын ийинине таянып өйдө турду. Сөөктөрү какшайт. Чечекейи карегинен агып түшчүдөй лукулдатат. Иңир коюланып, бута атымды көрсөтпөй чүмкөдү. Жөлөшүп-таяшкан караандар басып калчудай саландаган таштардын алдындагы жол менен кыбырашат. Асман жылдыздарга толуп чыкты...

* * *

Ээр-токуму шыпырылып, бирөө-жарым куугандай текирең-таскак менен кирген эшек Пашанын жүрөгүн түшүрдү. Капсаландын эпкини отургузбады. Бардык ишин жыйыштырды да, тоону этектеп жүрүп берди. Күйүгүп, оромолу желкесине шыпырылган. "Мына-ана" көрөм деп жүрөгү алып учат, көздөрү алачакмак. "Абдыкаардын журт куруткан жигиттерине учурап калыштыбы?.."

Бозого тойгон Сатимбайдын жигиттери эки инисин желкеден алып, бири-бирине сүзүштүрүп, ар жакта киленгеген үчөө-төртөө Мадимарды келтектеп жаткансып кетти көзүнө. "Тийбегиле, колуңарга шал тийсин!" деп кыйкырып жиберди да, караңгыда өзүнүн үнүнөн өзү чоочуду. Ошо маалда өйдөдөгү кыядан: "Паша эже, биз

быяктабыз!" деп Митал доош кылып калды. Аларды утурлап, Паша өпкөлөп коё берди.

– Аман-эсенсиңерби?.. Жүрөгүм түшүп калды, – Паша эки инисин кучактап өпкүлөйт.

– Абдыкаардын баласына тутулуп, отунду баягындай дайрага агызып ийди, – деди Митал.

– Мадимар акамды ортого алып, көптөп кетишти, – Өсөрдүн сөзүнө Мадимар күлдү.

– Отун башы-көзүңөргө садага, аман-эсен болсоңор табылат.

– Мындай болот деп кимдин оюна келет. Айдай болуп келаткандыз, балдардын жүрөгү түшпөсө болду... – Мадимар боюн түзөдү.

– Сиздин кол кайрыбаганыңыз жакшы болуптур, көпкөн немелер... – деп үшкүрдү Паша.

– Урушарга жоо таппаган кычаштардын алдынан чыгыппыз. Отун көтөргөнүбүздү көргөндө ичине тарууайланбаган неменин колу кычыштыго... Бу ишти абам билсе, сыркоосуна сыркоо кошобуз... – Мадимар Миталдын ийинин таянып, оң буту сылтыйт. Пашанын аягаңы, боор тарткан камтамалуу кеби боюндагы ооруксунган жерлерине дарыдай жагып, чыйралды. Өзү баскысы келди. Эки-үч кадам шилтебей башы айланып, жыгылып баратканда Паша жөлөп калды...

Мадимар тегерегинен бир боорлорунун демин туюп, бу дүйнөдө өзүнөн артык бактылуу пенде жоктой, махабаттын кубаттуу толкуну жүрөгүн булкуп өткөнүн колтугунда бараткан Паша билди бекен...

– Карагыла, ай чыкты! – Өсөрдүн үнүн ээрчий, тоо тарапты тиктеп калышты. Бийик асканын сол жамбашынан суурулган топудай ай сүттөй жарыгын дайра шоокумуна үргүлөгөн капчыгай үстүнө төгүп жиберди...

* * *

...Капсаландын күүсүн карынын кулагы чалган жок...

Бирине жетсе, бирине жетпеген термелеме тириликтин аркасынан кетишти. Мадимар эки күндүн биринде карыныкында. Дарт чалдын канат-бутагын кайрып, шайын оодарганда Мадимар көзүн жумуп, Атабек байдын босогосун аттады. Акы доолаштын өзү тобокелчилик эле. Арга калбагандагы үмүт да... "Көңүлү жибип кетсе, ажеп эмес... Ыйыгыбыз чыккыча ылай шапшып, мүрүбүзгө чейин баткак шыбалган күндөрүбүз эсиндедир. Бекер акы сурап атканым жок..."

Бай жүзүм шактары чүргөгөн сөрүдө пар жаздыкка өбөктөп, кичи токолуна чай сундуруп жаткан. Сөрү алдынан билектей көк кашка суу

шылдыр агып, короо четиндеги балдар баскан үй ордундай көлмөгө куят. Байдын кичи токолу намангандык мартабалуу соодагердин кызы эле. Кебездей аппак жүзү карек азгырат. Мадимарды киши орду-дуна көрбөй “ит келдиби”, “куш келдиби” деп койбойт. Байдын бошогон пиаласына сары набаттан салып, кыпкызыл кылып чай куят. Ак жибек жоолугунун бир учу кемзелин чытырата тепкен төшүндө жатат, пиаланын агындай жумуру билегинде кат-кат билерик. Мадимар амандык сурап, сөрүнүн этек жагына, жерден бели чыккан ташка барып көчүк басты. Бай Мадимарды кемсинтип сүйлөдү.

– Коош таксыр, босогомду аттапсың? Иш бер дейсиңби? Жо-ок, силерди иштетип, болдум. Кылганыңар анабы, чаркарбы? Үстүн алаң-ачык таштап, басып кеттиңер!

– Сизге бөлөк иш менен келдим, бай. Бүтүргөн ишибиздин болушунча акысын бериңиз.

– Анандайсыңар да!.. Силер салган чаркар, ана! Төбөсү өзүнөнөзү эле жабылып калат дединер беле? Силерге мурдум бүткөнсүп, мен чала бүттү чаркарымды кайтарып отура беремби! Бөлөктөргө баалап бердим эле бир күндө бүтүрүп, акысын алды да кете берди. Анандай. Пул деген жыланды ийинден чыгарат... – Бай токолуна бурулуп, семиз богокторун бүлкүлдөтүп күлдү.

– Өзүбүз эле жабат элек. Сарык абам кеселдеп, кептин ырасы, чолообуз түзүк тийбеди.

– Ошондой болот, тумшугуңар ташка тийгенде, чөнтөгүңөр калбыр болгондо, көлөкөмө окшоп босогомду аңдыйсыңар!

– Оозуңузга карап сүйлөңүз, – Мадимар тура калды. – Келсек, мандай терибиздин акысын доолап келдик!

Бай кусаматтыгына салбагай эле деп кабатырланып турса да, дене-боюна тикенек болуп чабылган какшыкка Мадимар жарылып берди. Айтып салды ичиндегисин. Атабек кимге жакшылык кылат. Ылайкеш анын бутуна чыккан жараны байкоостон басып алгандай айкырса болобу.

– Эй, эшектин мээсин жеген, “акы доолап келдик” деп түшүмө окшоп сүйлөйсүң да. Берген ишти түзүктөп бүтүрө албагандан кийин айланганы келдиңби алдыма. Акыдан айланып кеткиле!

Мадимардын жаны мындай күйгөн эмес. Мынабы шайы төшөктө оонаган көркоону баса калып, оозунан канын келтире муунткусу келди. Ага кудурети жетет. Бирок эртеңкисин ойлоду. Бул зулум Сарык карыны жөн коёбу. Мадимар го изин суутуп, оокатын өзү таап кетет. Мунун жугундукор жигиттери Паша менен балдарды тозутуп, күн көрсөтпөйт... “Сабырдын түбү сары алтын” деди ичинен.

– Дубалды урган биз эмей ким?! Көргөн эл бар. Колубуз тийбесе бекерден бекер акы сурап, жаныбыздан тоюппузбу?!.

Атабектин токолу үлбүрөгөн жоолугунун бир учун тиштеп, байы менен тирешип турган эркекке астыртан карады да, узун кирпиктерин ирмегилеп, көздөрүн байдын колундагы пиалага буруп кетти.

– Айттым го, билгенинди кылып ал, кембагал! Күбөгө өтөр адамың болсо, эргештирип кел! Жанынан тойгон эле неме келбесе! – Атабек жибип болуптур. Жаздыктан сыйгаланган күпчөк денесин копшоп, көзүндө огу болсо атып ийчүдөй Мадимарга кадалат.

– Эшегиң ылайдан өткөн да! Менин акымды бербесең, ажал тооруп жаткан карынын мээнет-акыбетине аксымдык кылба, Атабек! – деп кыйкырды Мадимар.

– Көзүмө көрүнбөй чыгып кет. – Бай жаткан жеринен тура калды. – Жонуңдан кайыш тилдирем, куу этек. Эсептешкиң барбы, мени менен. Оо, каяктасыңар? – деп жигиттерине доош кылганда үмүтү бытчыт болгон Мадимар турабы: “ Ошо көрбөгөн көзүңө көр топурак толсун, кимдин кыраалыгын Кудай көрүп тургандыр. Акыбыз көмөкөйүңдөн тешип чыксын, ылайым!” деди да шарт бурулуп, артынан топурап жүгүргөн байдын эшигинде жүргөндөргө жеткизбей жапыс авлиден ыргыды да, бийик өскөн жүгөрүнү аралап кетти.

* * *

Мадимардын колуна түзүк иш илинбей, колунда барлардын эшигин күзөтүп калды. Майда-барат иш чыгат, чыккан менен чеке жылытсачы. Бир-эки кочуш талкан түшөт. Чарчысына түйөт да Пашанын колуна жеткирет. А каягына жетет. Ошого да топук кылышат.

Бир жолу карыныкына намаздигер эрте келди. Сарык карыда жылыш жок. Ылайкешин көрүп, денесин копшоду. Өңү керсары. Көздөрүнүн алды, эриндери көгүш тартып жаны жоктой. Көк жөтөлү арык денесин силкилдетип жатты. Карынын тунарып бараткан көздөрүнө түтпөй кетти.

– Оокатка ичтейи кандай? – деп сурады таш кесеге ысык суу көтөрүп кирген Пашадан.

– Жүрөгүнө оокат барбайт, жегенин окшуйт. Түнү уйкусу жок. Ой келди сүйлөйт. Имне кыларды билбей калдык...

Кары шыбырады. Аркасында аңдыган жөтөлгө угузбоонун алакатын кылып, доошун аста чыгаргандай туюлду Мадимарга. “Эшке чыгаргылачы, дыкат болдум. Демим кыстыгат...”

Кезинде бел кайкалатып, ыргыткан бир күрөк ылайды бир колдоп тутуп, пакса баскан бакыбат устанын кесел мүлжүгөн камгактай денесин Мадимар туура көтөрүп чыгып, сөрүгө чалкасынан жаткызды. Өзү маңдайына чыгып отурду. Күндүн кечки кызылы конгон Сарык карынын бешенеси тордомо коон.

– Кайриет, күн бата элек экен...

Эки жагына оролгон көрпө-төшөк чалды билгизбей соруп баратканда, учурунда уста атыктырган шадылуу билектери жээкте жаткан эки балык...

– Тагдырым тайкы экен. Өмүр бою топурак уучтап, ылай кечтим. Кара баткактан башым чыкпады. Ылай жеди мени...

– Күндөгүдөн түзүксүз, аба. Кейибең. Сырт шамалдай баштады, ичкери кирели. – Ордунан туруп келаткан Мадимарга кары кол жаңсады.

– Демим оңолуп келатат. Шамалкөй жерде бирпас... Күн батып баратат... ээ балам, таңга чейин ким бар да, ким жок...

– Сарык аба, айтымда дайранын боюнда жашагандардын өмүрү узун болот имиш. Узак жашайсыз, – деди Мадимар карынын көңүлүн улап. Чал укпагандай түр кылып, эңкейген калыбында сакал учуна конгон күндүн нуру качан качар экен деп аңдыган тейде несейди.

– Насипти айтып болбойт, – угуп кой. – Чын эле таза аба карынын көңүлүн ачты, үнү оңолду. – Анын сыңары ажал да айтып келбейт. Бир арманым, кыска өмүрдө көңүл кушубак тартып, жок дегенде бир-ар жыл кененчилик турмушту көрө албадым, жокчулукка жоор болуп кете бердик...

Мадимар Сарык карыны көтөрүп үйгө киргенде үлпүлдөп күйгөн майпиликтин тегерегинде шайтан көпөлөктөр учуп жүргөн. Паша казан асып, очок менен алек. Кез-кез Мадимарлар тарапты кыйгач тиктеп коёт.

– Ош тараптан Өзгөнбай деген паксачы ар кимдин дубалын баалап, уруп жүрүптүр. Өгүнү мага оро-пара чыгып калды. "Мага ылайкеш бол" дейт. Көңүлүндө кири жок, өйдө-ылдыйды куп көргөн неме, чагымда. "Сени өзүмдөн кем көрбөйм" дейт. Ойлонуп туруп, "көрөйүнчү" деп койдум эле. – Мадимардын кебин Паша да укту. Очок боюнда кыймылдабай ойлонуп калды.

– Курагы канчаларда бар?

– Чагымда, кыркка барып калган. Чачы агала. Нооча адам экен. Балбанга түшүп жүргөнбү деп ойлойм, – Мадимардын көз алдына Өзгөнбайдын көмүрдөй мойлоосу, тунук көздөрү тартылды.

– Пастан келгендердин көбү убадакөй, баракасы жок эле... Этият бол, күйүп кетип жүрбө. Ширин сүйлөп туруп эле аягында ачуу данек жедиргендерди да көрдүк го.

– Андай неме көрүнбөйт. "Ушу жума ылай жаткызабыз" деген. Айтмакчы, Алибай бийдин коргонун баалап алышыптыр. Мага баары бир да...

– Кимдин дейсиң?.. – Карынын уюп, талыган кежигеси түздөлө түштү, көздөрүнүн агы чоңойду.

– Алибай бийдин. Күзгө чейин бүтүрөсүңөр дептир.

– Устаң адашыптыр анда. Алибайдын зулумдугун билген эмес бекен?! Онун пейилин бу тегеректин эли беш колундай билчү эле, бирөө-жарымы айтып койгонго жарабаптыр да...

– Жоок, аба, чоң коргонду баалап берип аткан бий айныбас. Бакандай болгон төрт кишиге тил эмизсе...

– Элди зыгырдай кууруп, кактабай канын алган зулумга силер имне болуп калыпсыңар.

– Ким билет, үстү-башына, кеби-сөзүнө караганда, уста оңойлук менен алданып кетчүлөрдөн эмес, – деп Мадимар үшкүрдү.

– Этият иш, коргон баасын сурап, билип кой. Баа башын ачып алганыңар түзүк. Атабекке окшоп тетири оонаса, куру жалак каласыңар.

Көп сүйлөгөнгө күч келдиби, кары ыкшыды. Жөтөл демин коё бербей көгөрүп калганда ылайкеши башын жөлөп, жөтөлү кайткыча ичи эзилип, Паша апкелген сууну ууртатты.

* * *

"Түндүн бир оокумунда келгенимди имне деп ойлошот?" Мадимар Пашалардын эшигине жетпей токтоду. Жепирейген жалпак тамда кымбат адамдары уктап жатканын ойлогондо жүрөгү кабынан чыгып кетчүдөй согот. "Түн оодарып келгендей кандай зарыл иш? Тынчылыкпы?" десе карыга эмне жооп айтарын ойлоп, башы шылкыйды. Бетим кызарбай, "Паша, сен тууралуу кеп угуп, түн жарымында келип калдым" дегенге кантип оозум барат. Үндөбөйүн десем бүткөн тулкум күйүп-жанып баратпайбы. Мүмкүн, укkан кулакта жазык жок дегендей, сөз чын болуп чыксачы... Дүйнөсүнө чиренген бийге сөз кайрый турган ушу мичедей карыбы же кызыл шыйрак балдарбы?.. Шорго туулган пенде экенбиз. Мынча келдим, кетенчиктебей болгонду-болгондой угуп кетейин".

Балдарды чоочутпайын дедиби, тамдын жепирейген каалгасын аста түрттү. Тирөөч коюлуптур. "Жатаарда Паша бирдей бакан менен

тиреп койчу эле" деп, эшикти билинээр-билинбес чертти да тыңшап калды. Добуш жок. Жымжырт. Кайра какты. Кутууракак. "Ким бу?" Пашанын доошу. Ойгоо жаткандай үнү сергек. Ылайкеш калтыраган үнү менен "Мадимармын" деди. Үй ичинен кийим-кеченин шуудуру чыгып, тирөөч алынды да, каалга кыйч ачылды. Мадимарга жагымдуу жыттын жылуу илеби урунду.

– Арыба, Паша. Тынчсыңарбы? Сарык абам түзүкпү? Уйкуңарды буздум окшойт...

– Жо-ок, жаңы эле жатканбыз, – Паша ичиркенип алды, – жатарда абам сизди эстеген. "Имне келбей калды экен. Коргонго катуу киришип калышкан го" деп отурган. Оозуна сала берген экен. Оокат ичип калды. Тузу жок атала чайсам, кичине ичет. Кириңиз ичкери. – Кыз босогодо турбай кетенчиктеп, эшикти чоң ачты.

– Ушерден эле кайтам. Абам жаңы уктаса... Өзүң бери чыкчы, азмаз сөзүм бар, – деп жалындуу шыбырап ылайкеш кыздын жумуру, ысык билегинен сүйөдү.

– Кечкурун оокат кылдым эле. Ысык бойдон, жейсизби? Сөз болсо айтылар. – Паша төр жакка өтүп, түйшөлдү.

– Убара болбо, Паша. Кардым ток, – деп коюп Мадимар алыс барбай сөрүнүн кырына сүйөндү. Кары жаштардын шыбышын эшитип, тамагын тырмаган жөтөлүн жутуп турганбы, эшкелик тынчый түшкөндө ыкшып жөтөлдү. Мадимар турган жеринде катты. "Келгенимди билсе, эмнеге жоруйт кары..." Паша караңгыда кесе кагыштырып, карыга суу жуткузуп, о бир топтон кийин кычыратып эшик ачып, босогодон көрүндү. Тамды айланып, өрүкзарга кире бергенде аяк алдынан кара мышык мант берип, бут учунда келаткан Паша "эне!" деп Мадимардын кучагына бүрүштү. Кыздын толукшуган мүчөсүнөн келген жыт жигитти мас кылып ээликтирди. "Айланайын, багыма жаралган жылдызым! Көзүмдүн тирүүсүндө сага эч кимди катылтпайм!" Өзүнө-өзү ээ боло албай кыздын үлбүрөгөн айжамалынан өпкөн сайын бою балкыган Паша: "Имне келбей кеттиңиз! Жол карап, эки көзүбүз төрт болду! Сагындык, карааныңызга зар болдук!" деп ичине шыкалган эңсөөсү сыртка оргуйт.

– Пашажан, мендиксиң! Эч кимге ыраа көрбөйм сени. Колума азмаз дүйнө кирсе, абамдын ак батасын сурайм.

– Тилегиңиз кандай ак! – Мадимардын төшүнө жөлөнгөн кыз бактысына жетине албайт.

– Жаштын тилегин берет! – Мадимар ээлигип жүрөк сүйүнүчүн сыйдыра турган кеп таба албаганда Пашанын ээк алдынан утуру жыттайт.

– Паша, коргонду баштаганбыз, уккандырсың. Бир тыным жок. Устабыз ар бир күндү эсепке алып, карыш жылдырбайт. Силерди ойлоп, силер жак учат көзүмөн! Ошентип жүрүп күтпөгөн кеп уктум. Алибай бийдин көзү сага түшкөн имиш... Угуп ишенген жокмун!

– Кимден уктуңуз?! – Паша баягы кара мышыкты экинчи жолу көргөндөй чоочуду.

– Өзгөнбай устадан. А болсо бийдин жакын адамынан эшитип-тир. О тойбостун колунан баары жок келет, – Мадимардын тиши кычырап, азыр келип калчудай Пашаны кучагына кысты.

– "Багы жокко, дагы жок". Туруп-туруп бу дүңүядан кечип кетким келет! Бийге токол болуп барганча өлгөнүм артык! – Паша ыйлады.

– Сен жалгыз эмессиң, Паша. Мен бармын! Сенин да сурап алаарың бар!..

– Аке, сизге ишенем!..

– Менин Пашам, асманымдагы жылдызым!

– Кайталы, Мадимар ака! Атам ойгонсо кыжыл болот.

– Кайтабыз! Паша, сени бир кылым көрбөгөнсүп сагыныпмын... – Мадимар Пашанын ичке белинен имерди. Кыз толгонбой, Мадимардын кучагына боюн кошту...

Таштан-ташка чабылып, көбүк аткан дайра шоокуму теребелди, дүпүйгөн өрүкзарды, ага артыла суналган бөксө тоо, жиги билинбеген сүрдүү капчыгайды күүсүнө термейт...

* * *

...Мадимар күндүн көзү көрүнө электе келди. Өзгөнбай жеңин чыканагына түрүп, арык боюнда даарат алып отурган. Маасынын тумшугун суу салаасы менен бир сыдырып, мурду учунда күбүрөндү да, Мадимарга бурулуп кол берди.

– Ишиңди бүтүрдүңбү? – Шакирти үндөбөй баш ийкеди. Уста бир карап эле анын шишимектенген көздөрү уйкудан калганын туйду. Үстүндөгү Сарык карынын жегдеси экенин эстей коюп, Мадимар кызарды. Өзгөнбай чарчысы менен бети-колун ааарчып, ободосу чыккан боз үйдүн түндүгүн тартты.

– Кутпидин тургуча абдесте асып чайга урунайын, – Мадимар очокко чаткал калап, суу сузуп келмекке арык жакка басты. Эки бети дагы эле дуулдайт. Ою да бир жерде эмес. Көкүрөгү түпөйүл. Кыялы чабыттайт. Кыялында Пашаны ала качат. Көз алдына жарым-жан кары, очок боюнда казан пайлаган балдардын азгын ыраңы тартылса, кең дүйнөсү бир жактан тарып...

Кечээ кеч жаткызган ылайдын суусу тартылып, бетинде саманда-ры сербейет. Күн чыкканга билинээр-билинбес буу көтөрүлгөнсүйт. Таңкы аба жылып, арык боюндагы жалбыздар жылтылдайт.

Мадимар Кутпидин экөө ылай тебелеп, Өзгөнбай дубал кырын чеп, кайтып иш кызыды. А ылай бышырыш чекене ишпи. Мындайга амалкөйлүк кетпейт. Жеңилге качырсаң, өзүңдү-өзүң алдаганың. "Ар ким кылса, өзү үчүн" деп коёт Өзгөнбай. Кол учун тийгизип, ылай жаткызса деле болот. Бирок, андай ылай менен эки пакса, ашып барса үч пакса урасың, анан кылганыңдын артыгы чыкты дей бер. Тактай пакса чарт-чарт жарылып, үстүңкү кабаттарын көтөрө албай бой таштайт. Эптемей иштин ойрону чыкканда мандикерлердин биринин кеби бирине жакпай, кер-мур айтышмак мындай турсун, кызылчеке жакалашканга чейин баргандарга Өзгөнбай өзү күбө. Көрбөгөнү калбады. Агала болгон башынан канча калба өттү... "Аз кылсаң да, саз кыл" деп безилдегенинче бар. Бийдин жүзүн көргөндө эле анын колунан жакшылык келбей турганын, коргонунан саалчалык кемтик тапты, ортодогу түйүндүү кепти аттап кеткенден кайра тартпаганын билген үчүн, жанындагыларды "кылганыбыз саз болсун" деп жатпайбы.

Мадимар менен Кутпидин камырдай ийленип, ыраңына чыккан ылайды алмак-салмак Өзгөнбайга ыргытып, пакса учу узарат. Күн төбөдө куйкалап, устанын жегдесинен өйдө чечтирип, көлөкөдө турган ылайкештердин чекесинен салаа-салаа тер кетти. Кол талып, бел уюганда көлөкө качырып, муздак чай жутушат да, "тер катыса муун бошойт" дешип кайра ишти токтотушпайт. Пакса жарымынан оогондо ат ойнотуп, эки-үч жигити менен Алибай бий келди. Алыстан эле заңкылдап, устаны жактырбаган түрү бар.

– Өзгөнбай, сен жөнүндө түзүк кеп угуп, убадага катуу дегенден ишенсем, ныксырагандай иш кыласың! Тогуз паксалуу коргонду бир айга жеткирбей колдон чыгарат дегенди да эшиткемин. Таш баканын кыбырына салып, дубал урганың кандай?! Айтып коёюн, коргон канча тез бүтсө, акыңарга үстөк кошом...

– Биздин оюбузга койсо, коргонуңузду бир аптадан чыгарбайбыз, бий. Дубалды урса, усулду урсун деген кеп бар. Мынабы мен минип отурган пакса какшып кургамайын, үстүнө ылай койгон тобокелчилик. Дубал эртеси боюн таштайт. Сиздики мындай турсун, көргөнүккан элдин наалатынан коркобуз.

Бий өкүмдүгүнө салып, кыр көрсөтө албады. Устанын айтканынча бар да. Өз ишин билген немеден сөзгө жыгылып, сынып каларын ойлоп, бий кеп жаңыртпады. Өзгөнбай да мандайында ит турабы,

куш турабы, иши болбой бир калыбында төмөндөн ыргыган ылайды барбайган манжалары көз ачып-жумганча паксага умачтайт. Мадимар ылай сайган күрөгүн күүлөбөй, кез-кез көзүнүн төбөсү менен бий тарапты карап коёт. Санаасы уйгу-туйгу. Нускалуу кебине муюткан Сарык карынын сырдана, үмүттүү элеси Паша менен өрүкзарда айкалышып турган учуру менен алмашат. "Сизди күтүп, эки көзүбүз төрт болду" деген сагынычтуу доош угулат кулагына. "Тилегиңиз ак!" деген Пашанын арман сөзү, жан сыры жүрөгүн эзип турбайбы!

Маңдайындагы күпчөктөй дүйнө делөөрткөн көк ала сакалга кадалып тура бериптир.

– Ыы! – Бул Өзгөнбайдын "келе" дегени. Мадимар күттүрүп койгон. Бел күрөк менен ылай кесип, устага ыргытты. "Ыы!" устанын "ылай" дегени. Ничке күрөк ылай кесет. Устанын тери паксага кулайт, ылайкештики чуңкурга тып, тып... Пакса билинбей узарып келет.

Устанын шамдагай колуна сугу түшкөн бий ээрге кыйшая сөз эрмектейт.

– Бу, акжолтой коргон болот. Той өткөрөм мында, Өзгөнбай! Элдин көзүнчө үстүнө тон жаап, алдыңа ат тартам. Ондой сыйды эч кимге көрсөтө элекмин.

– "Ыы!" Өзгөнбай тиштенип, ылай сурайт. Чеңгелиндеги чоң үзүм ылай менен бийди атып ургусу келгендей күүлөнүп, болгон күчү менен алдына чаап, мыжыгып жиберет.

– Имне үндөбөйсүң, кебим жакпадыбы?.. Катыныңды куп сагынган бейимсиң?! – Тегереги үзөңгү тээп каткырды. Бий наша тартчу. Ошонун кумарыбы, өзүнө-өзү ээ боло албай, атынан оop, көкүрөгү токтобойт. Өзгөнбай чыдабады. Ылайлуу колу менен чекесиндеги мончоктогон терди шыпырып:

– Ылай иши бекерчиликти сүйбөйт, бий. Бизди алаксытпаңыз! Коргонду айткан мөөнөтүндө тургузсак болобу, – деди жини менен.

– А бу кандай, колунан бир иш келгидейби? – Бий бөлөк сөзгө көчүп, керилип өйдөгө ылай ыргыткан Мадимарга камчысын сайды.

– Мадимарда өнөр бар экен. Бу ийлеген ылайды ура бер! Накта уста экен бу бочойлук.

– Көп мактаба, "мактаган кыз тойдо осурат". Бочойлук болгондо, кимдин уулу экен?

– Жангара деген шыбакчы өткөн имиш. Дайранын өйүз-бүйүзүнө таанымал киши экен.

– А эстедим, бу баягы келгин Жангаранын жетими турбайбы. "Өлбөгөн кулга мал бүтөт" болуп, минтип, өзү нанын таап жеп калган турбайбы. Атасы силер тараптан оop келген тентиме эле. Оозуна

чөп албаган Кудайдын бир момуну эле. Ылай шыбактын имне экенин биле элек чагы болсо керек. Отун терчү. Канар кабын колтугуна кысып, адырма-адыр малдын жалпайган тезегин чогултуп, ар кимдин эшигине келип таштайт. Колунда барлар ун-талкан, кээси дан, нанын карматышчу бечарага. Ошого кайыл жүрдү. Бир сапар базар аралап жүрсөм, ошо кургур бир өзбек соодагердин мушун жеп, сөгүшүн эшитип, көзүн жалдыратып турат. "Имне иш кылганына казаптап атышат экен?" деп бирөөнү жиберсем, "уурулук кылыптыр, бир бышык тукумду көрсөтпөй кымырып алган имиш" деп келди. Ошондо бастырып келип, соодагердин алдына бир теңге таштадым да "аларыңды алдың, бу мусапырды коё бер" дедим. Кийин дагы бир жолу канар кабын көтөрүп, адыр этегинде жолукту. Башын жерден көтөрө албайт. "Үйлөнсөмбү дедим эле" дейт. – Бий чалкалай калып катырганда тегереги сүрөп кетти. – "Оо кимге, жетимчем, кимге, айт!" десем, "Ким болсо ошо болсун, мага катын болсо болду" дейт. Көзү бозоруп, бойдок кумар бечаранын бүржөлү шайын оодарган экен. – Мадимардын алдынан жер көчүп, ылай эмес, коко тикен тебелеп алгандай, бийдин сөзү мээсин зыркыратты. Тиштенет. Үндөбөйт. Бий шилекейин чачыратып, тантык кептин кулагын чоёт.

– Тегеректе чарекер-кембагалдар көп эле. Биринин бойго жеткен кызын бир токту, бир кап унга баалаштым да, жетимдин койнуна салдым. Этегинен жалгаганга даба жок экен. Жыл айланбай мынабы ылайкешти тууп салды...

Элеси эсинде калбаган менен, көкүрөк сүтүн берип, итче тиштеп чоңойтуп, анысынын убайын көрбөй көзү өткөн ата-энесине айтылган акаарат Мадимарды шибегедей сайып, бийге кеп кайрыды.

– Ата-энемдин арбагын тынч коюңуз. Айтпасаңыз да билебиз. Атам босогоңузда ит көрбөгөн күндү көрүп өлгөнүн неге айтпайсыз. Аяздын кырк жамак алачыгында эки өпкөсүнөн кагынып, кеселинен оңоло албай көз жумганынан да кабарыбыз бар. Ошо "жакшылыгыңызды" имне айтпайсыз! – Ызага муунган Мадимар айтчусун айтып салды. "Кара булуттай түнөргөн Алибайдын жини кайнамактан кайнасын" – деди ичинен.

– Ошондой де, койнумда котур ташым, сүйрү башымда сасыткы ойлорум бар дебейсиңби, келгиндин тукуму. Муну кайсыл көңүлдөшүңдөн эшитип жүрөсүң?

– Кудай берген кулак бар, эшиттик эшитчү адамдан. Эл бар экен...

Бий кутурган букадай, атынан өбөктөй чуңкур ичинде ылай сайган Мадимарга ынтылат.

– Эл болгондо ким?! Көргөн көзүн оюп, укkан кулагын шылыйм! Ким экенин азыр айткын же арам оюңдан чыгардыңбы?

Мадимар чакчаңдаган неменин каарына кулак салбай күрөктү Кутпидин менен алмашты да, өзү кетмен алып, топурак уратып киргди. Анын ордуна Өзгөнбай унчукту.

– Бий, "баланын иши чала". Кебинин баш-аягын билбеген бирөө жарым калп-чынды койгулаштырып, айтса айтып койгондур, өксүк жүргөн неме көкүрөгүнө жакын алган турбайбы. Бий устанын сөзүнө такаат кылгысы жок. Көк-ала сакалы бириндеп, түктүйөт.

– Жалчыбаган келгин, унчукпайт экенсиң, жонуңан кайыш тилдирем, ошондо сагызгандай сайрайсың!

Өзгөнбай Мадимардын минтип айтарын билген эмес. Сагалап турган жигиттер ал десе эле ылайкешти басып жыгылганга даяр турушат. Ала топусун кежигесине түртүп тыным алган уста ылайкеширушат. Ала топусун кежигесине түртүп тыным алган уста ылайкеш не көз ымдады. Бирок, кексе неменин жаңсоосун ылайкеш байкабай "жылан куйругун тепсесе, жамандык кесири бизге тийип жүрбөсүн" деген кыжыл ой устаны тыбырчылатып жиберди. Мадимар болсо, айтканын бербейт. Тайманбайт.

– Мени аркы дүйнөгө өткөрүп жиберсеңиз да, айтканым айткан, – деп турбайбы. Өчүгүп алыптыр. Таноосу кыпчылган бийдин аты ооздугун кемирип, тегеренет.

– Жигиттер! – деп кыйкырды. Үзөнгүдөн бут саздап, баятан даяр турган лөкүйгөн жигиттер шапа-шуп жерге ыргышты. Өзгөнбай карап турбады, минип отурган дубалдан секирип, үчөөнө аралаша түштү.

– Бейбаштарыңды токтот бий! – Өзгөнбайдын үнү өкүм, – муну өлөрчө сабатканың менен, мага ылайкеш керек. Паксага күч берген ушу Мадимар. Коргон тез бүтсүн десеңиз, камчы көтөрбөңүз.

Бий Өзгөнбайды болушат деп күткөн эмес. Камчысын түшүрдү. Кан-сөөлү качкан жүзүн мылжыйтып устага буруп, камчы кезеди.

– Өзүңдү, өнөрүңдү сыйладым, болбособу!.. Бу шиши толгонду кийин көрөм, тилин кайрап турсун!..

Алибай бий жигиттери менен кыйла жерге чейин желдирип, анан ылдый түзгө кирип, көрүнбөй калышты.

Уста паксага минди. "Ыы!" – бул ылай дегени. Көкөлөй ылай ыргыйт. "Ыы!" дейт уста. Ылайга тер тамат...

* * *

Күн-күнгө тогошту, ай-айга оошту. Мезгил күзгө таяды. Коргондун эки паксасы калды. Дубал бою бийиктеген сайын бир кулач пакса уруу тозокко айланды. Белден кубат качып, уста өзү баш болуп, ылайкештер да мурдагыдай эмес. Ылайдын "леп", "леп" ыргытылышы кыйындап, беш күрөк утуру колдон-колго өтөт. Топурагы алына берип, коргон түбүндөгү чуңкур адам боюн көмөт. Кутпидин Мадимар экөө саар-кеч замбил колдошуп, аңга толуп, аң болсо тереңге кетип, ылайкеш менен паксачынын ортосу алыстайт. Дубал минген, аптапка күйгөн Өзгөнбай саргайган топусун желкесине түртүп, "ыы" дейт. Ылайкештерин шаштырат. Устаны убакыт шаштырат. Үйүнө кемдекем каттап калган. Бир ай болду чыгынып барганга, ай-күнүнө жетип турган аялынан, жол караган бала-чакасынан кабар алганга чолоосу тийбейт.

Күн ысык, үлп эткен жел жок. Алы куруган Кутпидиндин ыргыткан ылайы устасына жетпей төбөсүнө кулайт. Кээсин Өзгөнбай абадан эңет. Эмне кылат анан. Көрүп турат, ылай бакыбат жигиттердин кубатын соруп атканын. Же оокат-аштын маниси жок. Эки-үч апта аттатып, бийдин жигиттери бир кап кара катырма, куржун көзү күрүч, койдун жарты этин таштап кетет. Кээде, чалапка сүзмө жеткиришет. Күндө бир маал күрүч шүлдө да палоо басышат, болбосо катырма туурап, ичишкени кайнатма шорпо.

– Ыйыгыңар чыкты. Бир пас дам алгыла! – деп Өзгөнбай курун чечип, жүзүн аарчыды. "Коргону башынан калсын!" деп Кутпидин турган жерине чөктү.

– Бүтөр... Бешимге чейин мынабы муунга жеткирип койсок, чалаптан жутуп алгыла. Жаныбар күн дагы саратан маалындай куйкалайт да...

Сыз жерден келген салкындык талыкшыган денелерди чыйралтты.

– Муздакка жөлөнбөгүлө, алдыңар сыз. – Өзгөнбай бийик шаты менен ылдый түштү. Муздак дубал минип отурганга бүткөн бою уюп, тарамышы тырышкан буттарын жазып, ары-бери басат. "Бирөө келаткан жокпу?" дегендей, колун чекесине алып, те закым көтөрүлгөн адыр этегине кадалат. Жол караган устасынын көңүлүн улап, Кутпидин:

– Ишке жаңы түшкөнүбүздө ат тезегин кургатпай кабар алчу бий коргону бүтөөрдө караанын көрсөтпөй, көздөн далдаа жүрүп калды. Бу имнеси, уста аке?.. – деди.

– Жигиттерин болсо да жиберет эле. Бу имнеси?... – Мадимар да аң-таң.

– Бир адиса болгон го, – деп Өзгөнбай да өзүнчө күмөндөр.

– Мээнетибиз күйүп кетпегей эле, акыбызды өндүрө албай бий тарап менен жылоолошор бекенбиз, – деп Кутпидин да камтама. Уста баягысындай эле сабырдуу. Шатыга бут койду.

– Онтип оозуңарды куу чөп менен аарчыбагыла. Али эч нерседен даярек жок. Тургула, күн эңкейди. А-бу дегенче кол суутуп, бүтүп калган ишти кетенчиктетип алабыз.

– Акыбыз күймөктөн, ачкарын талаада калсак да сасыган бий үчүн чымын чакканчалык болбос.

– Кызыксыңар, бешенеге имне жазганын билесиңер! Анчалык асан кайгы болбогулачы, коргон бүтүп баратканда бошошконуңарга айраңмын, – деп дубалга минип, эки аягын саландаткан уста күлдү. – Кана, ылайыңар катый электе, ыы!

Мадимардын көңүлү чөктү, күндөн-күнгө ишке илең-салаң. Эсидарты коргон бүтсө, көздөн учкан Пашасына жетүү. Күн эсептеп, сагыныч ээликтирет. Устанын сөзүнө бир ишенсе, бир туруп ишенбей кетет. Бир ою "чарпыгын сүйрөгөн кембагалдын кызына бийдин мурду бүтүппү? Жок жерден чыккан ушак-айың" десе, бир ою ага каршы – "сулууга кимдер арбалбайт. Алибай Пашанын ыраң-сымбатына азгырылбайт, көзүн кызартпайт деп ким айта алат..."

Такымына түшкөн кош өрүмүнүн бирин кармалап, кирпик кайкалатып жоодураган Паша элестеп, Мадимар кетменди жерге матыра чаап, болгон жинин ошого чыгарат.

* * *

Алибай бий ошол тапта эки кат шайы балышка жамбаштап, колун чекесине сөйөп ойго термелет. "Атаңдын көрү, бу жарыкчылыктын ырааты – чүйгүн оокатка ооз майлап, дүйнө тиреп, шапар тээп-куунаганда деп жүрүппүз да. Жашчылыкты кара. Бешенесин сылар туягың болбосо, жыйып-терип кураганың кимге? Кайран өмүр көз ирмемге чак келбей, замырадың го. Насип экен алтымыштын ырыскысын таттык. Ушинтип эле турар белек, өмүргө күүгүм кирип, камчыбыз төргө илинсе, Кудай көрсөтпөсүн, мал-мүлкүм жамбашымдагы токолдордун таламайына түшөөрүн ойлосом, ичимден кан өтөт. Камчымды сүйрөп, артымда мураскер калса, бу дүйнөдөн өзүм өтсөм да көзүм өтпөй байлыгымды күүжүм басат эле, "башта бир арман болот" деген ушул турбайбы..."

Ылайкештин кызын эстеди. Козголду. Бирөө-жарым оюн билип койчудай жан-жагына алактап, көк ала сакалын уучтайт. “Ыраң деп ошонукун айт, бел деп буралган ошонун белин айт, тооба. Кем ырыс чаракердин төрүндө туулган айперинин чырайына, теңирдин жоомарттыгына жакаңды кармайсың”.

Бий Пашаны көрүшүн көргөн. Кумардуу тиктеши, коңгуроодой доошу көкүрөгүнө чок ыргытып, көрпөң денесин чымыратканы, нур жүзүнө, тал чыбыктай келбетине сугу түшкөнү ырас. Ууга чыгуу кумары сууп, жарым жолдон тизгин тартканын кошо бастырышкандар билбей койду дейсиңби.

Жол боюндагы бакандап суу көтөргөн кыздын кара тору жамалы жанын тынч алдырбай баратканда алаканын чапты. Босогодон жигит көрүндү.

– Кимсанды баш кылып, жеңеңдерди быякка чакырчы, чогуу киришсин, – деди. Жигит жыландай сойлоп, бут учунда чыкты. Бир аздан соң, куру жөтөлүп, улуу байбичеси Кимсан эки токолду ээрчитип, боз үйгө кирди.

– Арбаңыз, – деди байбичеси. Көлөчүн улага тушка чечип төргө, бийдин жанына чыгып олтурду. Токолдору андан ылдый жай алды. Бий бир тиктеген жерин теше тиктеп, козголбоду. Экинчи зайыбы – Толгонай. Ээк алдын бырыш басып, жаагы шылынган менен, үнүндөгү жалын өчө элек. Алибайдын босогосуна он сегизинде келип, тоо келеби, чөл келеби бийди ээрчип, жыйырма жылын кошо өткөрдү. Акылы өткүр, өнөрдөн да айткан экен. Ооз комуз какчу болсо, боз үйдү бойлоп Толгонайдын курмардуу көзүн бир көргөнгө зар болгон бозойлор мынан көп. Эшик алдындагы жалчыларга каралашып, зарыкта колунда болгонун кармата берет. Бийдин токолу дегени эле болбосо, айкөлдүгү, тил билгилиги жанда жок. Анын марттыгын байбичесинен угуп, бий ооз ачкан эмес. Ооз ачканда эмне дейт. Толгонайы көзүнүн агы менен тең айланып, айткан сөзүн кулагына сөйкө кылып, нускалуу жүрсө, бий анын мышыгын “пыш” дейби.

Этек жакта майда өрүм чачын эрмектеп, болор кеп менен иши жок тыпыйган жаш токолу Айбаладан коркот бий. Көп ишенбейт. Төрт гүлүнүн бир гүлү жаңы ачылган токолдун кирпиктери кайкалап, карагаттай көздөрү жалжылдай тиктесе, ичине тануу айланбаган бийдин кызганычтан күйбөгөн жери күл болот. Чокусун тиктесе калпагы кулаган чынардын жанында өзүн тамырына суу жетпей, куураган теректей сезип, “аттиң карылык, бадан табын сууттуң, сулуу көрсө, шумкардай шаңшыган жанымдын эми бел түзөөргө дарманы жок, өзүмдү-өзүм ташка ургум келет” деп күйүгөт. Күйүкпөгөндөчү...

Көзү көр бекен, билип-сезип турат. Айбаланын мөлтүрөгөн эриндери сууланып, мүчөсү жайылып, кумардуу карашынан селкилик эңсөө төгүлүп, тегерегине кылактай караганын кантип көрмөксөн болот. Азыр да Айбаланын кара кемзелин чытырата тиреген көкүрөгүнөн, жумуру билегинен көзү өтүп, кызганычтан айтар кеби оозунан түшүп олтурат.

– Силерди чакыртканым, масилеттешчү иш чыкты, байбиче. – Бий тамагын түзөп, сабырдуу боло калды. – Тил учунда жүргөн кебимди көкүрөккө беките алмбы? Көздү көрүп, тил билги туюп жүрсө. Бу дүйнөдө жайдакмын, жалгызмын... Силерден туяк айтпаптыр... Бий көз кычыгын сүртүп, сакал түбүн кашынган болду. – “Төшөк жаңыртсаңыз кандай болот” – дешет кээ бир көңүл жакындар. Буга кандай дейсиң, байбиче? – Ой термеп отурган Кимсан байбиче оозун таптап келатканда бий аны сүйлөтпөдү.

– Ынансаңар, эмкиси жалчы-кедейдин, бечералуу нерсенин кызы болсо... Бешенеме жазып, бой-союна бүтүп каган болсо, ушу жыйып-тергеним түгөл силердики. Не дейсиңер буга?.. – Алибай бий кытмыр көзүн кыбындата кийиз бетин чукуп, дардисаар отурган эки токолун чолуй карайт.

– А өз ишиңиз, бийим. Шуга чейин сөзүңүзгө туура чыктык беле? Оюңузда болсо, ону жасай бериңиз. Этегинен жалгаса, жардыдан мураскер тапсаңыз, ырыскы тапканыбыз ошо. Ыктыяр өзүңүздө, оюңузда болсо... – Байбиче баарына кайыл. Эмне кылат анан. Кезинде андан сурабай-этпей эле Толгонай менен Айбаланы үстүнө кийиргенде туйлап, тетирленип бийди жыландай көрүп, ичинен кан өткөн, бечара жаш токолдорду кайра-кайра өгөйлөтүп көргөн. Эмне тапты? “Пейил-куюнду оңо, о кем ырыстыгыңды калтыр, кесириң тиет” деп ак өргөөсүндө бийдин колунан камчы жеген. Ошондо ал койнундагы бий жан шерик эр болуп жарытпасына көзү жеткен. Муздаган денеснин айтканы ошо да: “ыктыяр өзүңүздө...”

Ал эми эки токолдун оюн ким билсин, тиштерин-тишке басып, “пыңк” эткенге жарабай тизелерин кууштура ээк жөлөп, мүргүшөт. Айла канча, Айбала түшүнөт. Мукурап жүрүп, акыры көндү го. Бий аны менен анда-санда түнөгөнү болбосо, байбичесиникинен чыкпайт. Келсе да, эркелетиш мындай турсун, кебинин жылуусу жок, копол карууга салып, кумарын кандырат да, делебеси жаңы козголгон, денеси от болуп жанган келинди келекелегенсип, чалкасынан кетип, коңурук атканга зор. Жаздыкты аткый кучактаган жаш токолдун боюндагы кумары суубай журкандан суурулуп, дардайган күйөө сөрөйдү аттап, кулак-мээни көзөгөн коңуруктан безип, ти короо чеп

тинде түн күзөткөн бозойлорго карап жүгүргүсү келип, намысынын күчүнөн гана карманып жатып көзү илинет.

Ошондойбу, Айбалага кеп төркүнү бейтаасир. “Өз арбагын өзү согуп отура бербейби, ары жок” деп ичинен күндөшүнүн макул кебин ичтен жактырбай көздөрүн ага жебе кылып кадап коёт.

– Кепти уккан жерге, сууну сиңген жерге сеп дептир. Сөзүм сага жетти окшойт, байбичем. Эсен болсоң, сен мага ашык атасың. Тилегиң ак. Кыз кезиңде өңөрө качып, кыз абийириң менен алдыма келгенсиң. “Эски дос эстен кетпейт...” Калыс кебиң түйшөлгөн көңүлдү жазды, ыраазымын. – Бий жамбашын жерден алып, малдаш курду. Көөнү ачылды. Кимсан элечегин түзөп, Толгонай соорусуна түшкөн чачмончогун кармалап үндөбөйт. Айбала сумсайыңкы.

– Айтмакчы, – бий топусун желкесине түртө, сакалын тутумдады. Жүзүндө болору-болду кепти ачыкка таштайын, оюмду туура түшүнүшсө экен деген сабыркоо бар. – Кыздын төркүнү эзели этеги бүтөлбөгөн чор тамандар. Бийдин токолу болуп, төрүмө чыкпайт, босогомдо отунум менен кирип, күлүм менен чыгат. Менменсинсе, чокусунан таяк кетпейт. Такымы канап, перзент көрсөткөн күндө да көргүлүгү ошо. Үйүмдүн куту мына, силерсиңер!

Нечен кептин ажаатын ачкан, нечен жердин кыйырын баскан, нечен көкүрөктүн сырын ачкан митаам бий зайыптардын үчөөнүн тең көңүлүн алдым деген үмүткө жетеленип, чекеси нымшыды. Айбала терең улутунду. Жаш жүрөктүн толгоосун картаң жүрөк кайдан туйсун.

* * *

Түн ооп кеткен. Коргон ат чабым ыраактан калдайып, сары топурак дубалы боз кементей желбегейленген баатырдын төшүндөй кайкалайт. Өзөн боюнда тигилген боз үй дымып, түнкү сыдырым очок түбүн желпий, жылт-жулт учкун кыпындайт. Төө чепкенин айкаругу коштой, көзү умачталат. Чечинбей төшөгүнө бүкүлү кыйшайтепчилет. Кийинки күндөрү Кутпидинден да уйку качты. Аргөйгөлүү жандын уйкусу болобу. Зааркана ой чегет. “Эртең-бүрсүгүнү коргондун акыркы паксасын койсок, үч айдын акыбети напма-нак колго тийсе, бу ээн талааны желкемдин чуңкуру көрсүн”.

– Акыбызды күүжүм бербейт экен, мынабы колум менен энегин жулуп алам, – кыжынган Кутпидин ылайдан сууктап, шишик алган

колдору менен жер муштады. Мадимар курдашынын кекенгенине үшкүрүп койду да, пахтасы чубалган эски ободону үстүнө тартты. Ага үзүл-кесил жетип жаткан дайранын буркан-шарканы сыйкырлап, ти өйүзгө азгырып, Пашасына шарт туруп жөнөп бергиси келет. Ал күн каякта... Убакыт зыктап, минтип шаштыны алган маалда ким аны коё берет.

Устага кыйын болду. Аягын эптеп эле шилтеп калды. Кечкурун алдындагы оокатын түгөтө ичпей, аяк серппей жыгылат. Таң ата элек ылайкештеринин төшөгүн сыйрыйт. “Уйкудан атаңар өлдү беле?! Баласыңар... Таң атар-атканча балдарым тегеректеп “аталап” этегиме жармашып чыгат. “Бизди кошо ала кетиңиз, жок дегенде суу кайнатып же колуңузга суу куюп бергенге жарарбыз” дешип бура бастырышпайт. Ойгонсом экен деп жандалбастайм... Ушу коргонду колдон чыгарсам дегенде эки көзүм төрт” деп какшап-какшап алат.

* * *

Бийдин “бөрк ал десе, баш алган” жигиттери кылгылыкты кылды. Түн катып келип уйкуда жаткан Пашаны пырпыратып басышты. Кой дээр кожосу жок ээнбаштар өнбөй жүргөн аласасы бардай кызды төшөгү менен бурдай көтөрүп, томолонуп жол тоскон жарым-жан чалды аттап, чырылдаган балдарга карабай эжесин атка өңөргөн бойдон түндү жарып, дүбүрөп жүрүп берди.

Көзү шишип, өң-алеттен кеткен Пашаны ак кымкап көшөгө ичине бурдай сүйрөп киргизишти. Өңгөчүн созуп, солкулдаган Пашанын тегерегинде келин-кесек карышкан манжаларын жаза албайт. Соолуп, төрдө тоголонуп калган атасын, уясы бузулган балапандардай чырылдап, дооштору сөөгүнөн өтүп, чучугуна жеткен инилерин эстеп: “Өзүмдүн багымдан көрөйүн, бакандап ошол кеч сууга барбай өлөйүн, шайтан азгырган мени ошондо, сууга барбай өлөйүн...” деп заманасы куурулат.

Жан адамга билгизбей нике кыйдырып, эл көзүнө токолу эмес, үй кызматында жүргөн адамындай кармап жүрөрүн күн мурунтан чечкен бий арыдан-бери башына эки карыш дура орогон молдону алдырды.

Пашанын көктүгүн көрүп ал: “Бээ десе, төө” деп, молдонун эсин эки кылды. Никеге бой салбады. Бу кордуктун капасынан кутулган күндө да, жакын адамдарынын жүзүн көрөбү, жокпу ким билет. Теспеси менен көшөгө этегин чаап, нике ыраазычылыгын сураган молдо менен алым-сабак айтышканда не пайда... Паша молдонун кезектеги

суроосуна болгонун-болгондой айтып салды. “Эртеби-кечпи белгилүү боло турган иш, мен кимдики экеними билип алышсын”.

– Курсагында никесиз бүткөн бала бар имиш, бу канакка?! – Молдо өңгөчүн тартты.

Баятан бугу ичине толуп-ташып, молдонун этегин басып отурган бий жылан чаккандай чоочуду...

– Имне дейт, бу бетпак! Имне дейт, бу оозу-мурдунан каны келгир! – Бий көшөгөнү бир серпип, жылаңачтады. Паша тилин тартпайт. Бийди көзгө чапты.

– Көңүл каалаган адамым бар. Менин пайым сен эмес! Бошот. Таң атса, элге-журтка шермендең чыгат. – Кыздын каны качкан иреңинен, оттуу көздөрүнөн түңүлгөн бий:

– Эс үйрөтпө мага, каапыр! Төрүмө чыгарып, туурума кондурам деп тилек кылган мен акмакмын! – деди. Безгек баскандай калчылдап, колдору Пашаны муунтчудай арбаңдап жатты.

– Астапыралла, башыма жүн чыгып, жыландай ышкырган мындай ургаачыны эми көрүшүм. Сабыр кылыңыз, Кудайдан жөө качкан мындай немеге кол көтөрүп, мартабаңызга шек жугузганыңыз болбойт. Мындайлардын жазасын Кудай табат. – Селдесине чок түшкөн молдо бийдин алдын тосту.

Алибайдын чакчырылганын көргөн адам “муну жин уруп кетти го” демек. Кундуз ичигин өйдө серпип, Пашанын тал-тал өрүлгөн кундуздай чачынан, кызгылт-мала бөйтөйгөн эрининен көзү өтүп, көөнүн арам ой көзөп бир отура албайт. Ата көрү, алдырарда жаздырар деген ушубу, төшөк жаңыртам деп өпкөм көөп, аягы суюк шермендеге туш болдумбу? Алтын уучтайм деп, күлдөбөнү чапчып калдымбы? Эл укса, имне дейт. Достон көп душман бар. Кепке кемтик, сөзгө сөлтүк болот деген ушубу. “Бөрү баласы ит болбойт” деген ырас экен деп түтөгөн бий Пашаны баш көтөртпөй тебелеп жибергиси келет.

– Ошо көңүлүңө куп жарашкан адамың ким? Мынча болду, ачык айт. Жаныңды жесең, бу дүйнөдөн эр албай, кара далы болуп өтөсүң, жүзү кара!

– Көңүлүм каалаган адамым – Мадимар! Ортобузда иш болгон...

– Тооба, имне дейт, бу оозуна кан толгур! Жытташканың ошо томаякпы?!

Молдо жакасын кармады. “Астапыраллаа!”

Алибай бий калашин унутуп, сыртка маасычан атып чыкты. Локуйган сөөк-саактуу, долу жүз жигити көлөкөдөй жылып жанында.

– Бу кара бетти атка өңөрүп, жаңы түшкөн коргонго алып жөнөй бергиле. Элден мурун, молдону аттанткыла, караанын өчүрсүн. Бул

жерде болгонун көргөн-укkан жан болбосун. Өзүнөн кеп чыгарбайм дедирип, касам ичирип, акыреттик сөзүн алгыла. Шашылгыла, таңга жакын калды... – Колун бооруна алып кетенчиктеген жигит жер жуткандай жок болду. Бий басар жагын билбей калды. Көзүнө кара чаар жылан чабылгандай селейген боюнча койнуна котур ташын катып турду. Мындан бир аз мурда эле дүйнөсү түгөл, шайы көрпөчөдө дене-баданин чымыратып, көңүл кушун өрөпкүткөн учурду күтүнгөн бий азыр шыргаланга жылаңач түшкөндөй ык тутат. “Карап тур, ошо кучагында оонаган куу этегиң казган орго тирүүлөй көмдүрбөсөм, чыйрыктырган кегим эки дүйнөдө тең канбас. Карегиңе топурак толтуруп, үстүңдү тебелеттирбесем, Алибай атым өчсүн...”

* * *

Үзөңгү кагыштырган үч атчандын жүрүшү шагдам. Туяк алдынан, уясынан чоочуган торгойлор пыр-пыр учат. Ээрге арта салынган Пашанын анда-санда кыңкысы угулат. Чачы жазылып, түнкү сыдырымга кара желек. Дармансыз колдору аттын буттарына чабылып, сүйрөлөт. Жугундукорлор ага карайбы, кызды көмкөрөсүнөн жаткызып, эси оогончо тепкиге алышат да, жарым-жан немени куржун кылып атка артышкан.

Кашка күлүгүн желдирген бий коргонго бута атым калганда жигиттерине жете келди. Пашаны өңөргөн аттуучанды жандай бир нерсе дегендей болду эле, калгандары тизгин тартты.

Коргонго өзү баштап кирди. Аттар ооздуругун кемирип, жээлигип кошкурунса, коргон ичи жаңырат. Алибай күлүгүнөн түшүп, коргондун түпкүрүнө басты. Терең аңга жакындап, бут учуна урунган ташты тээп жиберди. Адам бою ылдый түпкүргө көз курчу жетпей бий далысын сүзүп токтогондорго кайрылды.

– Ушундай түшүргүлө! – Намерикан өтүгү баскан сайын кырчылдап, кулак-мээни көзөйт. Келтекке уугуп, кыймылдаарга алы келбеген Пашаны бийдин алдына сүйрөштү. Бий камчы менен Пашанын ээгин көтөрдү.

– Бетпак, калган жаның мынабу чуңкурдан чыксын. Сенин көрүңдү ошо “ашыгың”, этегинин пеши жок, бармак басым эси жок томаягың казганын, буерден коргонума ылай алганын билээрсиң. Билбесең билип кой! Абийирин сактай албай курсагына никесиз бала байлаган шерменденин өлүмү ушундай болот!

Сөздү элдир-селдир эшиткен Пашанын кулагы чыңырды. Көзүнө бозоруп эч нерсе көрүнбөйт. “Мадимар салган коргондо турабызбы...

Өздөрү каякта? Мадимарды көзүмө бир сүртүп, эки ооз сөзүмдү угуп калгандачы, атаганат...” Бою сыйгаланып, жумшак топуракка тийди. Бетине муздак тамчылар чачырады. Ичиркенди. Дагы чачырады... Кыздар менен сууга барганда, шыйрактары какшаганча дайра кечип, топташка сакадай ак таштарды теришчү. Таш издеген кыздар азилдешип, ара-чолодо суу чачыша кетишчү. Муздак суу денеге чачыраганда бел кайкалай, качарга жер таппай каткырышчу. Паша эс-учунан танып баратып, дайра жээгинде жүргөнсүдү. Дайранын шоокуму угулбады. Өзүн селде калып ала салып, тумчугуп жаткандай жандалбаска түшүп боюн көтөрүүгө ынтылып жатты.

...Алибай бий колго турбай теңселген Пашаны аңга түртүп жиберген да, берки үчөөнө күркүрөгөн.

– Шалдаакы этексиздин топурагын үйүп салгыла!

Жанкечти бийдин карамүртөздүгү жигиттердин муунун калтыратып, Пашанын кыңкысы мээлерине сүмбө сайылат. Кайсалактап шашкандардын колдоруна таш, кесек урунат...

* * *

Ылайга деп үйгөн топуракта кара чаар жылан токоч болуп жыйрылып жатат. Баш көтөрүп, тилинен заар чачып, адамга тап бергеничи. Мадимар кетменин төбөсүнө көтөрүп, бөлө чапмакчы болгондо жылан ышкырып, куйругуна тура калып айбат кылды. Кызык иш болду, курч миздүү кетмен төбөдөн түшпөй, соймоңдогон кара чаар жыландын тостойгон көзү чоңойгондон-чоңоюп, Мудимардын алы куруп барат. Жыландын муштумдай башы бут учуна жетип калганда чоочуп ойгонду. Көрсө, эки колун башына жаздап жаткангабы, колдорунун жаны кетип, өзүнүкү эмес. Жерге муштагылап жатып жазды. Жыланды эстесе, бүткөн бою ичиркенет. Жүрөгү лакылдап, кийинип сыртка чыкты. Таң сүрүлүп, жер жээктери агыштанып, түндү узаткан торгойлор төбөдө чулдурайт. Саалдан кийин күндүн өрмөк жиби жер бетине созулуп, табын төгөт, тиричилик уланат... Ак кардуу тоо чокуларын боорлоп жылган үлбүрөңкү булуттар жатагынан козголгон. Мадимар көктү карады. Эки бүркүт канаттарын болор-болбос кагып, жаай калгыйт.

Сууга жүзүн чайып, уйкусун качырган менен, көкүрөк тушу өйүп туруп алды. Жез абдестеге суу толтуруп, очокко асып, от тамызганда ылдыйдан улуп-уңшуган бирөө мандикерлердин турагын көздөй салды. Таңкы абада ый аралаш мурдун шор-шор тартканы угулат. Жүрөгү “шуу” дей түшкөн ылайкеш очок, отту аттап утурлай жүгүрдү. Жете электе тааныды. Митал. Кучактап калды.

– Кагылайын, имне мынча боздойсуң?!.

Миталдын мууну кетип, өпкөсү көөп сүйлөй албайт. Үстү-башы баткак. Көздөрү жылтырайт.

– Сүйлөчү, абам начарбы? Паша бир нерсе болдубу? Кудай жалгагыр, ыйыңды коюп үндөсөң? – Миталдын муз менен таш денесин бекем кучактап кыйкырат. Жүрөк тушу уюп баратты.

– Мадимар ака, шорубуз кайнады. Түндө бирөөлөр Паша эжемди зордук менен атка өңөрүп, уурдап кетишти. – Мадимар селт этти. Бет булчуңу диртилдеди. Жүрөгү жамандыкты сезген экен.

– Кимдер экен? Көзүм кашайыптыр го! Силер каякта элеңер?! Тааный алдыңарбы?!

– Түнү бою жүрүп, эжемди Алибай бийдин жигиттери алып кетишкенин билдим...

– Алибайдынбы?! Оо жакшылык бетин көрбөгүр, ниети кара экенин билгемин, – өң-алеттен кеткен Мадимар баланы жетеледи. - Пашам–меники, чекесине черттирбейм!

Митал ордунан жылбады.

– Азимбай атбагардан эшитип, ишенгеним жок, бейкүнөө эжемди кантип эле... – деп бала сүйлөй албай солкулдап коё берди.

– Имне дейт, атбагар?! Имнени угуптур?

– “Өлсөм дагы сага токолдукка барбайм” деп чыгыптыр эжем. “Көңүлүм жактырган адамым бар” десе, шиши толгон бай “айт эле, айт” деп, эжеми оттон алып, көргө салат. Кыйналганда сизди айтыптыр. Кек түйгөн бий эжемди өлөрчө токмоктоп, мынабы силер курган коргонго түндөсү апкелип, көмдүрүп таштаптыр. Оо, шордуу эжем ой, шордуу эжем ой! – Митал жер тепкилеп буркурады. Мадимар нес болуп катып калды. Жашын жутуп, талааны башына кийип бакырган Миталды көкүрөгүнө кысты. Көз алдында дүйнө астын-үстүн...

– Шоруң каткан Пашам ий! Жок, жалган бу, ишенбейм, атбагарың жалган айтыптыр, ишенбейм!

Мадимар коргонду көздөй жүгүрдү. Буту үзүлгүчө, элик болуп түйүлүп, коргон оозуна жетти. “Кантип эле коргондо Пашам жатсын. Кантип эле, бир түндө көз көрүп, кулак укпаган иш болуп кетсин. Жалган, бул түшүм болгой эле ылайым...” Топурагы алынган жарчаны бойлой басып баратып чети көчүп, жер менен жер болуп тегизделген үч-төрт кулач жерди көргөндө жыгылды...

Жегдесин мүрүсүнө илип-илбей, дамбалчан жетип келген Өзгөнбай жырткычтай ооналактап, жер тытмалаган Мадимарды көрдү...

Көктө эки бүркүт каалгый учуп жүргөн...

* * *

– Эсиң менен бол, Мадимар. Бу түрүң менен бийдин эшигинен көрүнсөң, камандай жигиттерине талатып, майып кылат. – Өзгөнбай күйүтүнөн түтөп, башы маң болгон Мадимарга эс үйрөтүп жүрдү. – Ушу жашка келип, өлгөндүн аркасынан кошо кеткенди көрө элекмин. Сабыр кыл, тишиңди тишке басып, мезгилин күт, кегиңди аласың...

– Ата-бабабыздан бери өчтү кууп алышкан, – деп Кутпидин очок боюнда көсөө менен жер чабат. – Көксөө канбай, кек тарабайт. Бийдин көк желкесин шылкыйта чабыш колдон жуда келет, жолду тоспоңуз! Башын алма үзгөндөй үзөм.

– Аппанди болбо! – Уста ылайкешин жилкип берди, – Мадимарды тукургуң барбы. Ажыдаардын куйругун баскың келет. Ал Мадимардын Паша менен болгон ымаласын билет. Тишин кайрап, шылтоо таппай жүрөт. Орто жолдо бала майып болот. Кези келет, келбей койбойт...

– Уста аке, кызык адам экенсиз. Бийдин тепкисинде жонубуз жоор, уу сөздөрүнө кумкулак болуп ушерге келдик. Кулакты жапырып жүрсөк, жүрө бергидейбиз. Сиздин оюңузга койсо, чекеден өлтүрүп кирсе да сизге баары-бир окшойт, – Кутпидиндин каңырыгы түтөдү. Ал Мадимардын эки кулач ийини саландап, мойну коржоюп бир аптанын ичинде арыктаганын көрүп турат...

– Сени түзүк деп жүрсөм, муун бошоткондон башкага жарабайт окшойсуң. Мадимарды чыйралтыштын, арка-бел болуштун ордуна кайра башка-баш деп ону кайрап отурганың болбойт.

Өзгөнбай уста тажик топусун тизесине кийгизип, таарынган таризде:

– Шашпай тургула дегенимдин жөнү бар. Өткөндө паска түшпөдүм беле. Ии деп тургула, катын-балага көрүнүп, сагынычты жазганалмакка базарга түшсөм, тааныш-туунуш адамдар учурап, жакшы кабар эшиттим. Оозум ачылып калды. "Ак падыша тагынан түшүптүр. Аны түшүргөндөр биздей ашка-нанга жетпеген кедей-кембагалдар имиш. Бай-бийдин ооматы кетип, айла-аргасын таппай турган чагы" дешет. Ошто уу-дуу кеп. Эсен болсок, теңчилик заманды да көрөт окшойбуз, мусапырларым.

Кутпидиндин кабагы жарк этти.

– Оозуңузга май, ошол күндү көрсөк гана. Урсаң ур деп үндөбөй башыбызды келтекке тосуп берип жүрө берсек, ого ыраазы болбогон

Алибай көркоо бир күнү балтасын көтөрөт. Сурар-коёру жок деп, айдай кыздын өмүрүн кыйды, убалы кимге?!

Өзгөнбай айтарын айтып алып, өз сөзүнөн өзү чоочуп калды. Ким билет, сөз дегениң жерде жатабы... камгактай ала салып, чөп-чар, шилендиси менен бийге жетсе, азуусун айга бүлөгөн неме эки чайнап бир жутпайбы.

– О иштин башы каяктан башталыптыр? Көтөрүлгөн колду башташаган баатырын билдиңизби, ака? – Мадимар киртейген көздөрүн ирмегилеп, кепке аралашты.

– Өзүм чала-чарпыт угуп калдым. Бул иш Орусиядан чыгыптыр. Жалчы жүргөн жумушчулардын башын бириктирип, пашаны тактан шыпырган адамдын атын айтышты эле, тилимдин эле учунда турат. Ким деди эле, иш кылып башында тоодой акылы бар, жанда жок акылман адам имиш. Оштун базарында кашык сатып, оокат кылган соодагер ашынам бар. Ошонун шериктери алыс жактарга соода кылып барат дагы ошояктан угуп келишет. Уштапта Ошто бири-бирин эле аңдыган адам. Кимдин оозунан ушундай кеп чыкты, турмага сүйрөйт. Элдин эси чыгып калыптыр. Түзүк сүйлөшкөнгө болбоду...

– "Жел болбосо, чөптүн башы кыймылдайбы". Жамы журт оозданып калыптыр, зарыгып күткөн жакшылык жакын экен, Кудай берет экен! – Кутпидиндин жүзү ажарланып, кыялы чабыттайт.

Мадимар кепке кулак төшөп, нестейет. Устасы айтып отурган жалчы-кембагалдарды курап, эркиндикке баштап чыккан дааныман Ленин экендигин билди дейсиңби... Тек гана шорго бүткөндөрдүн танабын талашкан күйүмчүл адамга ичинен өмүр тилеп, "кем болбосун, колунда жок кедейдин пешенесин сыласа, бу дүйнөдө кем болбой турган адам турбайбы" деп ой термейт. Бу кабар эртеңки күнгө ишенимин жандырды.

* * *

Өңүнөн азган Мадимар көп чечилбей жалгыздады. Үндөбөй ишин кылат, үндөбөй ашын ичет. Адеп дайранын аркы өйүзүнө каттайт. Тапкан-ташканын төшөктө жаткан карынын оозуна тутуп, кемирчээк балдарга каран-көз болобу, кээ күнү олордукуна жатып, таң ата элек, Өзгөнбайлар козголо электе жетип келет.

Төбөдө күн сызгырат. Мадимар менен Кутпидин ылайга саман бүлөп, кубалак тоголоктоп туш-тарап тарып, басарга жер жок. Коргонду бүтүшкөн. Дагы эле илээшип жүрүшөт. Алибай бий коргон бүтөрү менен, Өзгөнбайды кыштоосуна чакырат. Айткан бааны айткандай чы-

гарган менен, устанын мойнуна жаңы иш илди. “Мынча болду, коргондун дарбазасын коюп, баш пааналай турган мейманкана, идарасын да салып берип кеткиле. Үч айга чыдаган жаныңар дагы үч күнгө чыдар, Өзгөнбай. А иш акысын өзүмө койгула” дегенде дүйнө колуна кирип, бошошкон устадан “жок” деген сөз чыкпады. Ылайкештери минтип миндеп кубалак тоголоктогон себеби ошол. Кубалак кургаса, бийдин идара, сүкөн, атканасын көтөрүү чындап келсе, үч адамга кыйын ишпи. Көп болсо бир апта кетээр. Кармалып калышты...

Мадимар эки бүктөлүп, ылай чеңгелдеген менен, көңүлү бир жерде эмес. “Өлгөн өлдү, кеткен-кетти, өлгөндүн өзүнүн шору...” деген Өзгөнбайдын күйүт сууткан сөзүн эстесе, жүрөгү мыкчылат. Ардемени ойлоп, ою чаташат. Пашанын айжамалы, жаадай ийилген кара кашы, жоодур көзү элестесе, алтымыш тамыры зыркырайт. “Тагдыр, мага өчөшкөнүңбү?! Мынча кастарыңды тиктиң? Бир тиштем наныңды токсон тоголонуп таап жеген айыбымбы... Бешенеме бүткөн таалайымдын тамырын жулдуруп, тим калбайм. Бейкүнөө мерттенген периштемдин кунун кууп, көркоо бийдин түбүнө жетпей жалынсыз күйө берет окшойм...”

Иш ана-мына бүтөт деп калганда Мадимар бир кеткен боюнча келбей калды. Келип калар деп эки күн күтүшүп, уста чыдай албай Кутпидинди өйүзгө жиберди. “Ызаа-күйүткө чыланган неме бир кыртүбүнө жетем деп, ошо тегеректе жүрүп, пашарттан торго чалындыбы... Анын бетин ары кылсын, кесири тийип жүрбөгөй эле...” деп быякта уста бушайман.

Кутпидин таап келген кабар устаны чындап селейтти. Шеригин издеген ылайкеш түз Сарык карыныкына келет. Мадимар жеткирген талкан-ун, май-сай, этке келишип, кары да ысык сорпо ууртаганга кыйла түзөлгөндөй. Мадимарды сураса, буларды айтыптыр. “Мурдагы күнү күүгүм талаш келген. Көп отурбады. Пашага куран окутуп, аркы-теркиден кеп салып, оокатты күткөн жок. Баягы Мадимар жок. “Иш көбөйдү, чоолом тийсе келем. Болбосо, көп жол карай бербегиле. Бий тараптан келип бирөө-жарым сурап калса, каякта жүргөнүн билбейбиз, башпакпай калганына көп болду дегиле” деп коюп кеткен. Аркасынан балдар дүрбүп кошо чыккан. Бир маалда Митал кирди, көздөрүн алайтып: “Ата, Мадимар аканын мылтыгы бар экен. Авлидан чыгып, чаркардын аркы башынан сууруп, чапанына бекитип алды”, десе эсим ооп калды. “Мылтык эмес, жанына бычак алып жүрчү эмес. Ким берди, кандай ой менен берди?” деп ону жаман ойго кыя албай арасатмын. Алды-аркасы жакшы болгой эле. Кабар укса-ңар, биз дагы эшиткендей бололу” деп кары кан-какшап калыптыр.

Өзгөнбайдын ойлогону чындыкка жакын чыкты. “Өзү баш бала бийдин изин аңдып калыптыр. Бир кооганы баштаганы жүрөт. Шой кому тийбесе эле. Аз-маз иш кылганда, жакшылыкча тарап кеткени бизде, атта...” деп сакалын уучтаганда Кутпидин күүлөндү. “Баатыр зап[1] кылат. Эсен болсок угаарбыз. Мадимар бийдин башын канжыга сына байлап, кеги канбаса... Айтчы эмес белем, ишке көңүлү келбей калган. Бирөөнүн кайгысын бирөө билеби, уста ака. Сиз айткандай болсо, зап гана кылат Мадимар!”

Кызык, Өзгөнбай Мадимардын ыраң-өңүн эстей албады. Табышмактуу сыр каткан оттуу көздөрү гана эсинде калыптыр. Ыргыткан ылайын тосо берип, анын нык күч-кубатын, чарчоону билбеген өжөрлүгүн туюп, өзү кылдап жүрүп тапкан ылайкешине курсант болчу. Колуна өнөр жукту. Өнөрүң өлтүрбөйт сени...” деди өзүнчө. Мадимар ыргыткан ылайдын салмагын сезгендей, сом билектери уюп чыкты...

* * *

Мадимар кетээринде уста менен Кутпидинге чечилүүнү туура көрбөдү. Өзгөнбай дагы алдына алып, насаатын айтып, мезгил созуга берээрин билген. Коргондон кеткен күнү эле Шаңхолдогу досунукуна түштү. Бала кезден чогуу ашык атып, эшекчен улак тартышта атаандаш, ары ынак жүрүшкөн Жээналы ашынасы үйүндө ок куюп отуруптур. Шаңхол дарасына мерген атыгып, Кыргыз-Атанын буту баспаган жылга-жыбыты, өрдөбөгөн кокту-колоту калган эмес. Бала-чакалуу. Барбаландап, бир боорун көргөндөй, ылайкешти көңүлү ачык тосту.

– Куш кепсиң, досум. Эшик-төрүмөн алыстап кеттиң эле, кайсы шамал айдап келди. Төбөңө чырпык сындырып койсокпу...

– А айтканың ырас, ырас... Катташпасаң, тууган жат болот. Ар кимге мандикермин, оокаттын аркасынан жүгүрмөй, дос. Дагы минтип, аман-эсенчилик сурашканга шүгүрчүлүк келтирели.

Жээналынын аялы чуурутуп биринин аркасынан экинчисин туup, сегиз баланын түйшүгү бир жактан, жокчулук экинчи жактан чеңгелдесе да пейили кең, тил билги бечара. Мадимардын алдына колунда болгонун төктү. Көбүрүп ачыган арпа бозодон кесеге куюп сунду. Эки дос бири-бирине кууланбай, амалкөйлөнбөй, акылдуусунбай сүйлөшүп отурду.

[1] *З а п – ырас.*

– Коош, бу мүйүз шыйрак бараңды сураганыңа таңмын. Ууга кызыксаң, ээрчитип алайын, кошо жүр. Бир кумардан чык, – деди Жээналы.

– Иши бар, досум. Өзүңдүкүн бере албайсың, бу тегеректе дагы кимден чыгар эле мылтык?.. – Мадимар үмүтү өчкөндөй, аргасы түгөнгөндөй сурады.

– Мадимар, ушундай зарылда бербесем, качан берем. Тиричилик өтүп турар. Мындан дагы жаман күндөрдө жүргөнбүз, өлбөйбүз. – Менмин деген мергендер менен алака түзүп, жаман-жакшылыгын тең бөлүшүп жүргөн аңчы мылтык эмес, андан кыйынын деле таап бермек. Бирок, билсем болот эле, эмнеге керек? Мергенчилер кызыкка шундай кумар келишет эмеспи.

– Өзүң жактан аюу көрдүңбү? Ошо тарапта көп деп угам. Дарылыкка майы табылбайт. Каякка барсаң эле аюунун майын сураган адам...

Мадимар досуна ак деген да, көк деген да жок. Айтарга сөзү жоксунуп: "керек эле", "зарыл эле", "иши бар эле" дейт. Жээналы бирдеги де жок сурап келбеген досуна ак шыйрак бараңын бир ууч коргошун огу менен карматты.

"Баш эсен, боор бүтүн турса, досуң мындай түтөтмөнүн дагы неченин жасайт".

Ак бараңы адамга сунулаарын билсе, Жээналы берет беле, ким билет...

Мадимар карыныкына кирип-чыкканда ошо Шаңхол тараптан келаткан...

Ошол чыккан бойдон Котчан капчыгайын өрдөп, Уу-Төргө жүрүп берди. Ар кайсыл коктудан булак боюн этектеп конгон экиден, үчтөн боз үй учурайт. Капчыгай ылдый жел согуп, Мадимарды ээрчип, арчадан-арчага учуп-конуп сагызган шакылыктайт. Кара-Булактын башын чытырман арча, жапайы талдар чүмкөп, Уу-Төрдүн мунарыктаган чокусу кол сунса жетчүдөй шаңкаят. Көпкө жүрдү. Булактардан куралган, көк кашка суу жутуп, жапыс арчанын көлөкөсүнө бурулду. Малга жайлуу бетеге, тулаңы аралаш шиберге оонап, бел курун чечип, загра нандан өзөк жалгады. Таманы ысып, бою талыкшып, көзү сүзүлдү. Ойгонсо, каш карайып, көбүктөнгөн суу супурадай агарат. Жол улады.

Ай тоо кырларынан шыкаалаганда Уу-Төрдүн белине жетти. Ай бийиктеген сайын жарыгын төгөт. Үргүлөгөн капчыгай, көшөгөлүү жайык ойгонду. Журттун өчкөн коломтосу, уйдун калдайган тезектери, кой кыктаган короолор... Мадимар кулунчак кезинде койдун

кыгы каланган таптуу очок боюнда, талпакта үргүлөчү. Очок боюнда комуз чертип, обон созолонтчу. Мына эми балалыктын үзүмү калган тоо боорунда туруп, ышкын, караган терип, кымыздык сындырып, көк бетте эдиреңдей оюн салган учурун эстеп, бошошуп турду.

Уу-Төрдө эки апта ашык жүрдү. Кашкулак, суур атты. Колун мылтыкка көндүрдү. Ичеги кылдан тузак тартып, эки-үчтөн кекилик алды. Керээли-кечке кырма-кыр басып кылганы уучулук. Шамаралаш тапканын көтөрүп, суу боюна конгон койчулардын алачыктарына түшөт. Тааныганы Бегалы. Байдын койчусу. Мадимардын айылдашы. Келип жармасын ичет. Жармасы жок болсо, айраны турат. Чоочун көзгө чалдыкпайын деп, сыртка түндөсү чыгат, чыкпаса Бегалынын балдарына эрмек болуп, жатар-жаткыча алачыктын төрүндө. Мадимардын айылдан безип, тоо арасында далдаа жүргөн себебин бир ушул Бегалы билет.

Кечээ күүгүм талаш кыя жол менен түшүп келаткан Мадимарды "биз тааутурлап чыккан. Жанында шыйпаңдаган көк дөбөтү бар. "Биз тааныпшыз" дегенчилик Мадимарды көргөндө куйругун булгалай, алды-аркасынан тегеренет. Бегалы саар менен укkан, кечке чейин жанын жай алдырбаган сырын айтты.

– Саарлап, сууну бойлоп, жогору адамдар өттү. Чоочулаба, өзүбүздүкүлөр. Айтымдарына караганда, ак пашанын "куюшканы" бош имиш. Аскерге көп адам алыныптыр, көбүбүздүн атыбызды каттап кетишиптир. Аскерге жөнөтүүнүн төбөсүндө Алибай бий бар имиш. Онун күнү тууптур. Тишин кайрап жүргөндөрдү биринчи каттатып жөнөткөнү жатыптыр. Кимде-ким мийзамдын буйругун эки кылса, абакка айдалат деп коркутуп атышыптыр. Заман имне болор экен.

– Мунуң аныk-бышыгына жеткен сөзбү же?.. – деди Мадимар.

– Өзүбүздүн жатакчылар жалган сүйлөбөйт, Мадимар. Олор дагы "каякка барсаң мамайдын көрү" деген пешенеси кууш пенделер. – Бегалы сокудай ташка көчүк басып, малакайын алып, желкесин кашыды.

– Айтканың ырас болсо, түнү менен жакага түшөйүн. Бу кабардын чын-төгүнүн билем. Агарда оңкелип калса, журт атасы болумуш болгон бийдин пешенесине коргошун окту кадайм да жүрө берем. Адинен ашты, элдин калысы эмес, кызыл түлкүсү миң кубулган!..

– Дагы бир кеп бар, Мадимар.

– Ии, суратпай эле айта бербейсиңби.

– Жанына эки жигит алып, бий Ошко кетиптир. Аскерге алынуучулардын каттоо кагазын өткөргөнү кетти десе, бирөөлөр ошояк өзү чакырткан имиш дешет. Иши кылып бий азыр Ошто...

Мадимардын көзү жалындап кетти. Ак баранды кундагын колтугуна кысып ордунда тыбырчылап, тура албайт. “Күйүп күл болсом да, тагдырыма таш артсаң да, “Кудай бирөө, кезек экөө” деген ушул болот. Эсептешчү күн жакын экен, бийим”.

Мадимардын биринчи жолу көздөрү күлүңдөдү. Карааны кичирейип ойлуу жүргөн Мадимардын савлатин[1] Бегалы бүгүн көргөндөй аңкайды. Ал азыр куду коноргосунда канатын күүлөп, томогосун шыпырды дегиче жемин көздөй качырып салчу бүркүттөй шаңшып турган.

А Бегалынын билбегени жок. Өткөндө Мадимар экөөнүн ортосундагы кызык ишти аялы менен балдарына айтып, боорун эзген. Күн бешим кеч эле. Жандык короого эңкейип калган. Бегалы табылгы таягын белине туура такап, кыялай басып кырга чыкты да, ылдый жакты карап селейип калды. Жайыкта көмкөрөсүнөн түшүп Мадимар жаткан. Кырга жуп чыга берген дүмбөсү бир кучак, күрөң кочкорду көздөй баранды мээлеп алыптыр. Кочкор жаныбар кез-кез баш көтөрүп, мекиренгенсийт. Кочкор жылса, Мадимар да оңдонгонсуйт.

Бегалы кыйкырбаса, дүрмөттөлүү баран атылса, байдын өгүзгө алмаштыргыс кочкору аяк серппей жондон ылдый кулай турган болуп калыптыр. Эптеп бала-чакасын баккан, тамандан чору, маңдайынан шору арылбаган неменин көргөн күнү не болот? Доого жыгылат. Кочкор шугдуңдаган бойдон ажалы жеткенин билбей кырдын туу белине чыкты. Мадимар мылтыктын үңүрөйгөн оозун өйдөрөөк кармай берген де Бегалы кыйкырды.

– О Мадимар! О имне кылганың. Кочкорду ыргыта атып, менин шорумду кайнатайын деп калдыңбы? Мылтыгыңды түшүр дейм! О падариңе наалат, мен сени жана-жан ашынам десем, койнуңда котур ташың жаткан турбайбы. Сага имне жамандык кылдым?!

Бегалы шагыл таштарды кулатып, боор ылдый жүгүрүп келатат, сүйлөп келатат. Мадимар баранды коомай жыгып, өйдө турган да жок. Бегалыга кылчайган да жок.

– Аюу ата тургансып, шыкаалайсың, тооба. Жүрөктөн жүрөк калсачы, бу үчүн бай мени эки чайнап, бир жутпайбы. Сага жамандык кыган босом, мына мени менен сүйлөш. Бейкүнөө макулукка мылтык көтөрбөй... – Койчунун башынан тебетейи ыргып, тегеренген бойдон өзүнөн озуп, этекке кетти. Чакчандайт. А-бу десе эле, Мадимарга таяк көтөргөнү турат.

[1] *Савлатин – бой-келбетин.*

– Кичине ойлонуп кейичи, Бегалы. Тузуңду татып, төрүндө жатып, сага карасанаттык иш жасаймынбы? Муну кармап көрбөгөндөн кийин, ага-буга көз өлчөп, көнүш керек экен. Кочкорду мелжегеним ошо. Мал да кароолго туруп берет. А берки көркоо бу макулуктай кайкайып турса, күн тетири жагынан чыгат го...

– О ким? Ким сенин мылтыгыңа төшүп тосуп берчү? – Бегалы бечара ордунда делдейип калыптыр. ошол неме артынан чыгып баса калчудай таягын оңдуу кармап, Мадимар этек-жеңин кагынып өйдө турду. Жүзү кубарат. Мадимардын көзүнөн шойкомдуу кабарды, бул төрдө эмнеге кезээрип жүргөнүн азыр эшитээрин сезип сестейет.

– Алибай бийдин ажалы жетээр күндү ушу жерде күтүп жүрөм. Ит аткандай атып, маңдайына коргошун кадаганда көкүрөктө түтөгөн көксөөм өчөт. Канбаган өчүм бар, Бегалы!.. – Ошентип тишин кычыраткан Мадимар ашынасына болгон ишти айтат...

* * *

Мадимардын көктөн издегени жерден табылды. “Ажал айдаган экен, бийди Кара-Ташта тосом. Жүрөктөгү аласаны алчу маал келди”... деген Мадимар кечке жанын коёрго жер таппады. Эки пакыр сууну бакандап көтөргөн Пашасы көз алдына тартылып, этек-жеңи желбиреп, көздөрү сырдуу жалжылдайт. “Жалгыз тирегибиз өзүңсүң, Мадимар. Өзүңдөн ынтымаз[1], балдарды бой жеткиз, катарга кош. Ошолор жер карабасын, абамдын акиреттик батасын ал!” “Айтканың айткандай болот, Пашажан. Ал мойнумдагы карыз. Көңүлүң жай болсун, бу байлык өтөр, кедейлик кетээр. “Атты аркан байлайт, эрди ант байлайт”. Сизден ажыраган күнү өзүмө-өзүм ант бергемин. Бий колу менен кылганын мойну менен тартат...”

Бегалынын “кой, күн кечтеп кетти, жатып ал. Үрүл-баранда тургың да канча жол арбытасың. Караңгыда, не бар, не жок... Көп делгирген болбойт дечү эле...” дегенине ынабады досу. Бир айтып, эки айтып койдура албагандан кийин, Бегалынын аялы жолго деп эки катырманын ортосуна сары майдын чөбөгөсүн шыбап оромолго түйүп, колуна сүзмө чалап куюлган чаначты берди. Күйөөсү Мадимарды Кара-Булакка чейин узатты.

– Пашарттан ишиң орундалбай калса, тобокелчиликке барба, Мадимар. Эсен турсаң, дагы бир учуру келээр. Кайра кел, сага калганда алачыгымдын оозу ачык, досум, – деп койчу ашынасы калды.

[1] *Ынтымаз – өтүнүч.*

Күн кечтеп, асман бетинде саргыч шоолага бөлөнгөн булут түрмөктөрү көзгө сулуу көрүнөт. Чубалып аягы мөңгүлүү тоонун далаасында. Жол эңкейиштеп, арсак-терсек таштардын арасында ичегидей чубалат. Күүгүм коюуланып, төбөдөн жылдыз көрүндү. Жалгыз жылдыз. Ээн жолдо, жөө келаткан Мадимардай ал да асманда жапжалгыз. Өзүн дүйнөсү түгөл, жолдуу адамдай сезди. Басыгына канаат албай, эңкейиштен күйүгүп түшөт. Капчыгайдын эки өңүрү жиксиз биригип, жылдыздуу асман дайранын мелмилдеген ириминдей агынжыл тартып жатат. Ак баранды кундагы териден шырылган шымын жанып, ничке боосу үстүндөгү чолок, төө чепкенден өтүп, мүрүсү ачышат.

Ай кеч чыкты. Буулуктуруп жиберген түн тоону ашып кеткендей кокту-колот ай нуруна жуурулуп, көз жоосун алган арчалуу бет үркүп келип токтоп калган жылкылардын үйүрүндөй карарат. Ак-Чабууга таңда жетсе, ар жагы аш бышым жол. Анан далдайып, тогуз жолдун тоомунда аскадан үзүлгөн кара таш көрүнөт. Наржагында ат чабымдык кең түздүк. Оштон чыккан жөө-жалаң, атын алчандаткан мансаптуулар, эшек, качырларга көр-жерин арткан соодагерлер ушул Кара-Таштын түбүнөн өтчү жолго салат. Ыштап койгондой таш Мадимардын көз алдынан кетпей, жол арбытып алайын дегениби, ээндетип келаткан ылайкеш токтоп, чалап жутуп, өзөк жалгаганга кыңырылат. Көзүнөн учкан Кара-Ташка жетсе, анын бодур-ала бооруна жармашып эптеп төбөсүнө чыкса, а жерден түздүк алаканга салгандай томук ташынан өйдө көрүнөт эле. Ошондо барып, белиндеги курун чечип, чаначын чайкап кара курсактын камын жеши керек. Таштын тектирине токтогон жамгырдын чөөтүнөн кочуштап, суусун кандырмак.

Ноокаттын даванын ашканда таң агарды. Жолдо бурулуп, адырма-адыр кесип салды. Шыбакка конгон шүүдүрүм шыйрактарын какшатып, пайчасын чылкылдатып жиберди.

Күн көтөрүлдү. Табы Мадимардын жонун жылытып, теребел бут серппей көөлгүйт. Таңдайы кургады. Таманы кызыды. Таштын тулкусу көрүнгөндө жакынын көргөндөй делдектеп жүгүрдү. Бар үмүтү ошого байлангандай кararган сом тулкусуна жетип эле жармашты. Эки-үч курдай бутуна таканч урунбай сүрдүгүп, көөдөнү муздап, музгөн-талганда таштын үй ордундай төбөсүнө чыгып барды. Таштын чоңдугун эми сезди. Оттуу көздөрүн закымга кадап, бир кыйлага несейди да, ак баранды ташка жөлөп, жонунан чаначын чечти.

Мадимар шам-шум этип, сүзмө чалаптан жутуп, артындагы ташка далысын сөйөп кыйлага жатты. Кара-Ташты бир кезде ичкиликтен чыккан Маматемин деген ууру паналап, жол тосуп, өйдө-төмөн каттаган соодагерлердин мал-мүлкүн талап, өздөрүн жөө-жалаң Ошту көздөй кубалоочу экен. Бул кечээги эле иш. Эми ошо элдин сесин алган таштын төбөсүндө минтип курал кезеп, Мадимар өзү отурат. Ошону ойлосо, жонунан жөргөмүш жүгүргөндөй болот. “Бүгүн өтпөсөң, эртең өтөсүң...” деп бийге кекенет.

Жолдон анда-санда куюн көтөрүлөт да, шамалдын багытына салып жоголот. Кебээрсиген эриндери чарт-чарт жарылып жана жеген тутуздуу катырма таңдайын какшытты. Чаначта бир жутум чалап турат. Ал жумуруна жук болобу. Көп күндөн бери жамгыр жаабаптыр бу жерге. Таш күндүн ысык табына какталып, ого бетер үп. Төмөн түшпөсө боло турган эмес. Бирок, түшсө эле бийдин карааны ти тумшуктан көрүнүп кала тургансып, өзүнчө кооптоно берди.

Баранды шыйрактарын жаракага сайып, дүрмөттөдү да, сыңар тизелей тумшукчаны шашпай кароолго алды. Баранды кундагы эски. Көп кармалганга жешилип, сыпсыйда. Билинээр-билинбес жаракасы бар. Ээси жаза басып, аска башынан учуп кетээрде жандалбаска салып, таянгандабы же өзүнө асылган жырткычты тумшукка чаап жыккандабы айтор, жараканын сырын башкага жооруй албайсың. Боосунун ийинге туш келген жери сүрүлүп ип-ичке. Короздун таажысындай чаптырмасын артка кайрыды. Ал ти сыйданын учундагы сөөлдөй белгиге далма-дал келгенде ок чыңырат да, ажал издеп учат...

Күн коноргосуна ылдыйлап калганда жолдон чаң көтөрүлдү.

– О, жолумдан адаштырган эмес экен! Көргөн азап, төгүлгөн көз жаш жеткен экен акыры! Бегалы көз ачыктан өткөрө айтыптыр... – Тумшуктан ийрелендеп түшкөн жолдогу үч атчанды имерген Мадимар койнунан ок түйгөн түйүнчөктү сууруду. “Ошолорбу же бөлөкпү? Олор болсо кимиси Алибай? Көз курчум жетпей... Келип-келип, өзүмдүн көзүм өзүмдү алдайбы? “Шашкан шайтандын иши”, жакын келтирейин. Жаза-тайып, ок кайып өмүр бою калтыраган бармагымды тиштеп өтпөйүн...”

Үчөө ат күүсүн токтотпой шыр бастырат. Бийди тааныды Мадимар. Мингени камчы салдырбаган боз жорго. Зыл таштай нык денеси чайпалып, чепкен этегин жел кайрыйт. Мүргүп кетип, оңолот да камчы көтөрүмүш болсо, ылдамдаган жаныбар жанындагы тору аттан өтө чыгат.

Мадимар бийди кароолго алды. Караан дааналанбай күтүүгө туура келди. Жүрөгү аптыгат. “Сабырдын түбү сары алтын”. Мына, эми Алибай бий маа демектен адамдын куусу, элдин туусу болсун, бели омкорулат, чымындай жаны чыркырайт. Жакыныраак келе түш, ии, каякка шашат экенсиң шугдуңдап... Дүңкүйгөн кебетеңе караганда журтка жетсең, мени баш кылып нечендердин муң-зары менен эсептешпей аскерге айдасаң, ошондо табаң көк чай ичкендей канат го. Жо-ок, а мудааңа жеткизбейм, ажалың жетти...”

Сагызгандай сак бий бул жолу бейкапар. Оң жагында тебетейин көзүнө түшүрө кийген, чунак куйрук, чаар ат минген нардай жигит тынбай теминет. Үч жаныбар кандай күнгө туш болорун билгендей бири коюп, бири бышкырып, баш чулгайт. Ар биринде артылган күржун. Жогжойгон узун моюн, жоон жигит маал-маалы менен атын “чу” деп коюп, кеп-сөзгө тартылбаган берки экөөнөн тажагандай оозун чоң ачып, эстеп коёт. Болбосо, камчы салдырбай төрт аягы тыбыраган торусуна курсант. Эриккенде тунук көктө үн безеген торгойду издейт.

Үзөңгү кагышкан аттар бута атымдай келгенде Мадимар түйүнчөктөгү курмушудан дүрмөт алып, “ак жолтой боло көр!” деп сайга урду. Сол мүрүдөн ылдый имерген бараңдын оозунан түтүн булап, тегерек кыйсыпыр түштү. Мылтык үнүнөн чоочуган парандалар таштын коңулунан көккө атып, жаңырыктан кулак тунду. Алибай бий атынан ооп, төбөсү менен сайылды. Үркөн аттарынын тизгинин жыя албай абдыраган жигиттер андан өтө чабышты да, бийдин туяк алдында калганын көрүп кайра тартты. Мадимар өз көзүнө ишенип-ишенбейт. Ат чоочуп, жалт бергенде бий ээрден ооп түштүбү? Ок жаза тийдиби? Көңдөйгө жана кайтып коргошун окту шыкай таштын далдаасынан баш көтөрдү. Бут серппей жаткан бийдин башын жөлөгөн жогжойгон узун ай-талааны башына кийип, өкүрдү. “Түбүнө жетиптир!..”

Мадимар ошондо жүгү жеңилдей, бадан-боюнун түйүлгөн тарамышы жазылгандай колунан бараңы жылмышып, чалкасынан жатты. Тунарган карегине түбү жок көк чагылып, анын бетинде кайкып учкан парандалар үн салат. Ал өзүн эркин каалгыган куштардын бирине окшотуп, өрөпкүдү, ээликти. Бир аз күн мурда эле башына конгон бактысын учурганын, ал экинчи кармалбасын, тууруна кайтып конбосун жана бир ирет туйдубу же санаадан толгонгон, кусалык өйүгөн жүрөгүнүн көксөөсү кандыбы, Мадимардын карегинен бир тоголок, туптунук жаш кулады...

...Ошо жылдын күзү бочойлуктар бийлик бүржөлү элдин колуна өтүптүр деген сүйүнүч кабарды эшитти.

* * *

Мадимар чал кыбырап жүрүп, бир күнү жаңылык укту. Угарын угуп алып, анан эки-үч күнгө чейин ишенип-ишенбей арсар жүрдү. “Шу күнгө жеткен коргон эми бузулуп кетеби, урандыга айланабы? Коргондун менден бөлөк сурап-көрөрү калбадыбы?..” Санаа жөө тумандай баскан-турган жагына кошо ээрчип алды.

Эшекчен совхоздун кеңсесине түштү. Директору өзүндө экен, тура калып учурашып, төрдөн орундук жылдырды. Карынын отургусу келбеди. Аны көрүп директор да тикесинен-тик турат. Ал-жай сурашкандан кийин:

– Келбейт элеңиз, бу жакка?.. – деп калды директор.

– Келген жөнүм бар, балам. Төштөгү ак коргонду түбү менен сүрдүрүп, ордуна тамеки эктирем деген имишсиз, жыйналышта. Ошонун жалган-бышыгына жетсемби деп түшүп келдим эле, – деди чал.

– Ээ-ээ, таза убара болупсуз да. Өткөн чогулушта сөздөн-сөз чыгып, звено башчыларынын бири, “болгон бир эски коргон экен, бир гектар жерди ээлеп жатат. Айдоого кошпойлубу?” дегенинен, кепти узартпай “көрөлү” деп койгом. Кийин ойлосом, коргондун үстүндө мектеп, спорт аянтчасы турса, андай жерге тамеки эгип болобу. “Топ кууган балдарды дагы тамекиге ууланталыбы” деп, атказ кылдым, – деди. Эңкейип календарына бир нерсе чиймеледи да, “бейгам болуңуз, коргонуңузга тийбейбиз” деди көздөрүн күлүңдөтүп.

– Оозуңа сары май! – Мадимар чал чакан бөлмөнү башына кийип кыйкырып жиберди. Сүйүнчү сууруп чыкчудай жан-жагын сыйпалап, маңдайында бала эмес, бакандай жетекчи отурганын биле коюп тим болду.

– Өзүңүз ойлосоңуз, эски коргон болсо, бирөө-жарымга залалы тийбесе...

– Туура айтас, туура айтас, таза убара болупсуз да. – Директор чалды ээрчий чыгып, эшегин чечип колтуктап миңгизди.

– Бирдекиде алдыңызга келбедим эле. Кебиме кулак салып, “алипали” деп койдуңуз, кем болбоңуз, – деп Мадимар кары этек-жеңин кымтыланып, белинен камчысын сууруду. Эмнегедир чалды атказып жатып, директордун көкүрөгү туз куйгандай ачышты. “Пусурман ий, атам замандагы бир чалдыбары чыккан эски коргонго камтама боолуп, атайы түшүп келгенин...”

– Камчыңыз өрүктөн бейм?.. – Кары адамдын көңүлү деп эле болжоп сүйлөп койду.

– Ээ балам, өрүктүкү болгондо эмдигиче тарашасы да калбайт эле. Буга көп болду. Кошо жүрүп, мен көргөндүн көбүн көрдү... Табылгы. Жоон, кып-кызыл болгон табылгылар өсөт эле илгери. Көрбөй калдыңар. Азыр ондой табылгы жок, болсо да ничке-ничке. Чатырап чыкканы менен, берекеси жок. Тоо-түзүң деле пендесинен боюн ала качып калды...

– Кем-карчыңыз болсо, түшүп келип, тартынбай бизге эле айтып-деп...

– Бали, кем болбо! Журт кашында турган киши шу сиздей болот. Элди угуңуз, көпчүлүккө салып иш кылыңыз, ошондо узарасыз. Уштапта адамдардын күчү жетпей турган иш калган жок. Ишиңиз дурус...

– Кылганыбызды көргөн эл болсо, таразалашаар...

– Ошо таразага түшүп турганыңыз оң. Андан өтөр сынчы жок. Атаңызды билем. Эл деп жүрүп, карып кетти. Токсондо, дагы эле кыргыйдай...

– Бир отрядда жүрүп, басмачылардын уюгун талкалаганбыз деп, сизди кошуп айтып калат...

– Бечара, ошону эстейби?.. Акылы дагы эле тунук экен эмесе. Айылга келди дегенде бешиктеги бала соорончу, бөлөк-бөтөндү кой, жатындашына кылыч көтөргөн Кудайназар паңсаттын сары изине түшүп, тегерегинде баңги баш болуп жүргөн жугундукорлорду чилдей таратып, өзүн тутуп, колун кайрып, ГПУга тапшырганбыз. Ону эшиттиң беле? Ошо атаңызды бир марта эле көрсөңүз го, атаганат! Жүда чырайлуу, бакыбат жигит эле. Найза берсең, жоосун найза менен жапыра турган жан эле.

– Басмачыдан кеп салсаң эле азыркылар күлчү болуптур...

– Мунусу да бар. Эмкилер өзүн асмандан түшкөндөй сезет турбайбы. "Койсоңуз, ошо бирин-серин басмачыларыңызды..." деп келишет, тоотушпайт. Тозогун тарткан ошол жылдардын бу бала-чакаларга бир тыйынчалык кереги жок болуп калганбы?!. Мектептерге чакырганда, а-бу жыйналыштарга Ата Мекендик согуштун ветерандарын төргө өткөзүп, басмачылар менен кармашып, Совет бийлигинин байрагын илген, бели эңкейген чалдарды унуткан болбойт го. О кезде дагы душмандын көзүнө тике карап, башын ийбей канча азаматтардын чырактай жандары өчпөдү...

Алтымыш деген кызыл аскер паңсатты жигити болумуш болуп, үйүрүнө кошулат дагы, басмачыларды элге каршы курал көтөрбөөгө үгүт жүргүзгөнүн билип калган Кудайназар анын кулагын кестирет, анан мурдун, колун кыя чаптырат. Бир ооз кеп угам деп ошону кылдырат. Берки "пыңк" этип ооз ачпайт. Тирүү жанды да ушундай кый-

найбы, тообо! Алтымыштан үн чыкпагандан кийин желдет алкымына бычак тартат. Ушуга чейин эч ким аны эрдик жасады деп айта элек. Баягы элдик жазуучубуз китебинде Мусулманкулду кантип кыйнаганын жазат го, онуку Алтымыштыкынан ашып кетиппи?..

– Айтканыңыз ырас. Нак сөз, нак сөз экен, – деди директор. Баятан бери сыртта эшекчен чал менен жылаңбаш сүйлөшүп турганын биле коюп, өзүн ыңгайсыз сезип кетти. Анан бу чал келгенде күндөгүдөй талаа-түзгө чыгып кетпегендигине, кеңсесинде отуруп калганына бир эсе өзүнө ыраазы да болуп турду.

– Эми каякка барасыз? – деп жортеки эле сурап койду.

– Ак коргонго? Анан каякка!?. – деди чал. Жетекчинин ишине шашып турганын сезип, эшегин теминди. Табылгы камчысын эшектин басар жагын көрсөткөндөй, соройтуп көтөрүмүш болуп койду.

– Кайыр эмесе, – деп калды жылаңбаш директор. Табылгы камчыага көрүнгөн жок. "Койнуна салып алды окшойт, жарыктык" деп ойлоп кала берди. Эшек чоң жолду кесип өтүп, чекесине чыгып алды.

Жылаңбаш директор дагы эле чалдын аркасынан карап турду. Ал баары бир ушул митчедей чал менен ак коргондун тагдыры тереңден байланышканына паамы жетпеди. Балким, кийин угаар, ошондо да азыркыдай аёо сезим жүрөгүн сыдырып, "зырп" эттирээр, кусалыкка малынаар, митчедей чалды көргүсү, кош колдоп учурашкысы, төргө өткөргүсү келээр...

...А көңүлү ачылган Мадимар чал жоргологон эшек башын эч каякка бурбастан, түз ак коргонго өттү...



МАЗМУНУ

УЛУУЛУКТУН ЖӨНӨКӨЙЛҮГҮ ЖАНА ЖӨНӨКӨЙЛҮКТҮН УЛУУЛУГУ 3

1-БӨЛҮМ. ЭССЕЛЕР, ПУБЛИЦИСТИКАЛЫК ОЧЕРКТЕР ЖАНА АДАБИЙ ПОРТРЕТТЕР 9

"КЫРГЫЗ ӨҢҮ ЧОКМОРОВДУН ӨҢҮНДӨЙ" 11
"АК ЖУРТЧУ АМАН – ЖУРТ АМАН" 37
ТЫҢШАЧЫ, ДАРЫЯ ШООКУМУ УГУЛБАЙБЫ? 49
ЖАКШЫ ЖАЗГАН – ЖАКШЫЛЫК 55
БАТКАН КҮНДҮ АЯЙМЫН.., же турмуштан тамган тамчылар 63
ЭСЕКЕМДЕЙ АДАМ ДАГЫ КЕЛЭЭР БЕКЕН!?. 91
МАҢДАЙЫ ЖАРЫК МУФТИЙ 101
ФАРАОН 105
"ТҮШҮМӨ НООКАТ КИРЕТ..." 117
АПАМ МЕНЕН ТҮМӨНБАЙДЫ ТААНЫГАМ 125
БОЛУШ АКА 131
"ТАПАНЧА" ПАЛВАН 139
КҮЗГҮ 153
АВГУСТ 163
МОМУН ЧАЛ 175
ЧЫМЧЫКТАР СЫРЫ 183
ЖӨӨ ТУМАН 191
УСТАТТАН ШАКИРТ ӨТҮПТҮР 203
ТЕМИР ЧАЙНЕК 207
"НАЙМАНДАН" НАСЫЙКАТ 215
ПЕРИШТЕЛҮҮ ПРОЗА 219
КАЛЕМДЕШ АГАМ ЖӨНҮНДӨ 223
«АТАМ БИР КӨРҮШ МЕНЕН АДАМДЫН КИМ ЭКЕНИН БИЛЧҮ...» 227
БАЛТАШ КАЙЫПОВ МАГА АЙТМАТОВДУН ДҮЙШӨНҮНДӨЙ СЕЗИЛЧҮ 237
"КЫРГЫЗ ТУУСУ" ЭЛИБИЗДИН ЭНЦИКЛОПЕДИЯСЫ 243
ЖАКШЫ ЖАЗУУЧУ ЖАШООБУЗДУН РЕДАКТОРУ 247

2-БӨЛҮМ. ЗАМАНДАШ КАЛЕМДЕШТЕРДИН ПИКИРЛЕРИ 257

КЕРЕМЕТ ТАЛАНТТЫ КЕРЕМЕТ ЖАЗГАНСЫҢ 258
КҮЛҮКТҮН КҮЛҮКТҮГҮН ЖОЛ СЫНАЙТ 265

АЙТМАТОВДУН БААСЫ 267
СӨЗГӨ ЖАН КИРГИЗГЕН ЖАЗУУЧУ 272
ЭЛЕТ ЭПОПЕЯСЫ 278
"ЗАМАНАНЫН" ӨМҮРҮ УЗУН 291
КУРСТАШЫМДЫН КИТЕБИ 294
"КЫРГЫЗ ТУУСУН" ЭКИ ЖОЛУ ЖЕТЕКТЕДИ 300
РЕДАКТОР РЕФОРМАТОР 306
МАТИСАКОВДУН "ЖАШЫЛ ТОЛКУНУ" 313
АЙТМАТОВ АЙТКАН КҮЛҮК 318
МАЙРАМЫҢ МЕНЕН, МАТИСАКОВДУН МЕКТЕБИ! 324
АБДЫКЕНИН ЖЕТИ КАСИЕТИ 330
МАТИСАКОВДУН МЕКТЕБИНЕ ТУШ БОЛГОНУМ ЧОҢ БАКТЫМ 339
ЫР БОЛУҢУЗ ТҮБӨЛҮККӨ ОКУЛГАН 344
СӨЗ ДЫЙКАНЫ 345
ПРОЗАНЫН ПАКСАЧЫСЫ 347
ЖЕТИ ЖЫЛ БИРГЕ ИШТЕДИМ... 349
АБДИЛАМИТ АҢГЕМЕНИН ПАЛВАНЫ 352
КУТ БОЛСУН, АСТАНАЛУУ АЛТЫМЫШ! 355
АК-БУУРАДАЙ ТАШКЫНДАГАН 359
УЙКАШТЫКТЫ УЯЛАГАН СЫЙ 370
ТАЛАНТТЫ ТАПТАГАН АГАЙ 372
"ТУРМУШТАН ТАМГАН ТАМЧЫЛАР" УЛУТТУК АДАБИЯТТАГЫ ӨЗГӨЧӨ КӨРҮНҮШ, ӨЗҮНЧӨ ЖАҢЫЛЫК 377
АГАЙЫМ АЛГАН ТҮРКСОЙ СЫЙЛЫГЫ 381
АК КЫЗМАТЫМ ӨТӨЙМ ДЕП... 382
ЖАКШЫЛЫКТЫН ФЛАГМАНЫ 384
ТААЛИМГЕРСИҢ, ДООР ЖҮГҮН КӨТӨРГӨН 386
СӨЗ 388

3-БӨЛҮМ. ПОВЕСТЬ ЖАНА АҢГЕМЕЛЕР 393

ТАНДЫР 395
"АТАМДЫ КӨРГӨН ӨЛБӨСҮН..." 409
ФЕРГАНА 417
ДАЛДАЛЧЫНЫН УУЛУ 429
БИЗДИН МАЙРАМ ЭСИҢИЗДЕБИ?!. 443
ЭКЗАМЕН 447
ТАРАЗАЧЫ 461

ТАКТЕКТИК КЫЗ 467
АТАСЫНА ОКШОШ КЫЗДАР 481
БАГЫМДАТ 489
КЕМБАГАЛ 501
ҮРКӨР 513
БОТОГӨЗ 523
ЖАННАТ ЭНЕ, БЕШИК ЖАНА ЖАРТЫ НАН 537
АК КОРГОН 543

Абдиламит Матисаков

БАТКАН КҮНДҮ АЯЙМЫН...

Повесть, аңгемелер жана публицистикалар

Редактору Бактыгүл Чотурова
Корректору Назгүл Осмонова
Сүрөтчүсү Кыял Аккүчүкова
Компьютерде терген Жыпара Бексултанова
Калыпка салган Мырзабек Кадыров

Офсет кагазы. Форматы 70x100 1/16
Көлөмү 38 басма табак. Заказ № 2188.
Нускасы 1000 даана.

«Турар» басмасынын басмаканасында басылды.
Бишкек ш., Горький көч., 1.



Таланттуу жазуучу, мамлекеттик жана коомдук ишмер **Абдиламит Мурзаевич Матисаков** Ноокат районундагы Көк-Бел айылында 1956-жылы 15-мартта туулган. 1979-жылы КМУнун филология факультетинин журналистика бөлүмүн бүтүргөн. 1979–1986-жж. «Ленинчил жаш» гезитинде бөлүм башчысы, жооптуу катчы, 1987-жылдан «Советтик Кыргызстан» гезитинде бөлүм башчы, 1991-жылдан Кыргыз Республикасынын Журналисттер союзунун башкармасынын биринчи орунбасары, 1992-жылдан Кыргыз Республикасынын Президентинин аппаратында басма-сөз кызматынын бөлүм башчысы, 1993-жылдан республикалык «Советтик Кыргызстан» гезитинин башкы редактору, 1994-жылдан Мамлекеттик улуттук телерадиокорпорациясынын президенти, 1996-жылдан Кыргыз Республикасынын Президенттик Администрациясынын мамлекеттик кызматынын бөлүм башчысы, 1996-«Кыргыз Туусу» гезитине экинчи жолу башкы редактору болуп 2005-жылга чейин иштеген. Учурда Жусуп Баласагын атындагы Улуттук университетинин журналистика факультетинин ардактуу профессору жана И.Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик университетинин ардактуу профессору.

КР Жазуучулар союзунун жана КР Журналисттер союзунун мүчөсү. СССР Журналисттер союзунун сыйлыгынын (1988), Кыргыз Республикасынын Жаштар сыйлыгынын (1991-ж.) Кыргызстан Журналисттер союзунун сыйлыгынын жана Эл аралык «Руханият» сыйлыгынын (2001) лауреаты, Мамлекеттик «Даңк» медалынын (2002), Кыргыз Республикасынын Жазуучулар союзунун "Алтын калем" сыйлыгынын (2014)жана Алтын медалынын, Эл аралык ТҮРКСОЙ сыйлыгынын (2018) ээси, "Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер".

ЖАРЫК КӨРГӨН КИТЕПТЕРИ

Кыргыз тилинде

«Тандыр»: Аңгемелер. – Ф.: Мектеп, 1983.

«Ак коргон»: Повесть жана аңгемелер. – Ф.: Адабият. 1989.

«Кыргыз өңү Чокморовдун өңүндөй...»: Очерк. – Ф.: Кыргызстан, 1989.

«Атамды көргөн өлбөсүн»: – Б.: Бийиктик, 2004.

Орус тилинде

«Сказание о Суйменкуле» – Б.: Кыргызстан.